Кырг
С1(03)
М22

М. С. МАМБЕТОВ

КЛИНИКАЛЫК МЕДИЦИНА ТЕРМИНДЕРИНИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

◆

РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ ТЕРМИНОВ КЛИНИЧЕСКОЙ МЕДИЦИНЫ

ФРУНЗЕ 1987

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫ
АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ТЕРМИНОЛОГИЧЕСКАЯ КОМИССИЯ

М. С. МАМБЕТОВ

КЛИНИКАЛЫК МЕДИЦИНА ТЕРМИНДЕРИНИН ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮГҮ

РУССКО-КИРГИЗСКИЙ СЛОВАРЬ ТЕРМИНОВ КЛИНИЧЕСКОЙ МЕДИЦИНЫ

ИЗДАТЕЛЬСТВО «ИЛИМ»
ФРУНЗЕ 1987

61(03)
М22

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
ТЕРМИНОЛОГИЯ КОМИССИЯСЫНЫН ЧЕЧИМИ БОЮНЧА БАСЫЛДЫ

Редакторлор: Кыргыз ССР илимдер академиясынын академиги,
медицина илимдеринин доктору, профессор
К.Р.Рыскулова,

филология илимдеринин кандидаты А.Б.Исабекова

597727

© Издательство "Илим", 1987

Центральная научная
библиотека
Академии наук Кирг ССР

КИРИШ СӨЗ

Азыркы учурдагы илимий-техникалык прогресс илимдин ар түрдүү тармактарынын өнүгүшүнө түздөн-түз белгилүү өлчөмдө өз таасирин тийгизип жатат.

Кыргыз ССР илимдер академиясынын академиги И.К.Ахунбаев тарабынан түзүлгөн "Анатомиялык-физиологиялык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгү" жана М.А.Алиев, М.С.Мамбетов, Т.Тыналиевалар тарабынан түзүлгөн "Медициналык терминдердин орусча-кыргызча сөздүгүндө" жалпы эле клиникалык терминдерге кеңири орун берилген эмес.

Бүгүнкү күнү толук деп айтылган терминдердин сөздүгү 10-15 жылдан кийин илим менен техниканын тез темп менен өнүгүшүнө байланыштуу, ал сан жагынан да, сапат жагынан да, дагы толуктоону жана жөнгө салууну талап кылары табигый нерсе. Ошондуктан автор, муну эске алып, көп жылдар бою иштеп жаңы атоолорду, түшүнүктөрдү, терминдерди камтыган "Клиникалык медицина боюнча терминдердин орусча-кыргызча сөздүгүн" ишке ашырып, коомчулукка сунуш кылып отурат.

Бул "Сөздүктү" түзүү учурунда, негизинен, оорукананын практикасында кеңири колдонулуп жүргөн терминдер тандалып, аларга тиешелүү эквиваленттер берилип, мүмкүн болушунча, кыскача түшүндүрмөлөр менен жабдылды. Медицинага тиешелүү элүүдөн ашуун илимий-медициналык тармактар боюнча иш жүргүзүлүүдө.

"Сөздүктү" түзүүдө 33 томдуу "Медициналык Чоң Энциклопедиянын" жана 3 томдуу "Медицина терминдеринин энциклопедиялык сөздүгү" жетекчиликке алынды. Булардан алынган терминдердин басымдуу көпчүлүгү латын, грек тилдеринен алынгандыктан алар үчүн кыргызча эквиваленттерди тандоо башка терминологиялык сөздүктөрдөгү принциптер (сөзмө-сөз которуу, түздөн-түз котормосуз алуу ж.б.) колдонулду. Белгиленген "Сөздүккө" жалпысынан 9 миңге жакын термин камтылды.

"Сөздүктү" даярдоодо редактордук иш аткарып жана маанилүү кеңештерин бергендиги үчүн академик К.Р.Рыскуловага милдеттүүмүн.

"Сөздүктүн" сапатын жакшыртууга көп жардам берип, өз ойлорун, сунуштарын айтышкан Терминкомдун мүчөлөрүнө, терминология секторуна, автор өзүнүн ыраазычылыгын билдирет жана алкышын айтат.

"Сөздүктү" түзүү өндүү татаал иштерде ар түрдүү мүчүлүштөрдөн куру болбосу табигый нерсе. Ошондуктан белгиленген "Сөздүккө" байланыштуу ой-пикирлериңиздерди, сунуштарыңыздарды, каалоолорунуздарды, адилет сындарды окурмандардан күтөмүн жана төмөнкү адрес боюнча жиберүүңүздөрдү сураймын. Фрунзе шаары, Ленин проспектиси 265а, Терминология комиссиясы.

Автор

АБАЗИЯ абазия (адамдын булчуң этинин тырышуусунан же тескерисинче шаланқы болушунан анын басууга жөндөмсүздүгү).

АББИ ПЛАСТИКА ГУБЫ Аббинин эрин пластикасы (эриндеги кемтикти экинчи эриндин үч бурчтуу эт кыйып, жамап толуктоочу операция. Автордун наамында аталган).

АБДЕРГАЛДЕНО РЕАКЦИЯ Абдергалден реакциясы (швейцариялык физиолог тарабынан иштелип чыккан,аялдын боюнда бар экендигин алдын алал билүү үчүн колдонулуучу реакция).

АБДОМИНАЛИЗАЦИЯ СЕРДЦЕ жүрөктү ичке бүрүү (жүрөктүн кан тамырынын жетишсиздигиндеги жүрөк каптын көндөйүн ич көндөйү менен кошкон операция).

АБДОМИН абдомин (курсак; ичеги-карын аймагы).

АБДОМИНОСКОПИЯ абдоминоскопия (ич көндөйүндөгү органдардагы ооруну аныктоо жана аларды карап, текшерип көрүү).

АБДОМИНАЛЬНАЯ АОРТА абдоминалдык аорта (ич туштагы аорта; толто тамырдын курсак аймагындагы бөлүгү).

АБДОМИНАЛЬНЫЙ СИНДРОМ абдоминалдык синдром (ич оорунун синдрому; жаш балдардагы кан тамырлардын дартынан келип чыккан ич оорусу. Чондордо сейрек учурайт).

АБДУКТОР абдуктор (колду же бутту сырт жакка кайрылтып, денеден оолактатуучу, алыстануучу булчун).

АБДУКЦИЯ абдукция (колдун же буттун сырт жакка кайрылып, денеден оолактоо кыймылынын учуру).

АБЕЛЛЯ МЕТОД Абелль методу(кандын сүйктугундагы холестерин затын аның түсүнө карама эсептеп чыгуу жолу. Ушул автордун наамында аталып калган).

АБЕРРАЦИЯ аберрация (дене түзүлүштүн нормадан жогору, төмөн же узун туурасынын бир аз гана өзгөрүлүшү).

АБЕТАЛИПОПРОТЕИНЕМИЯ абеталипопротеинемия (май сиңирүү жана аның түтүкүндагы заттары денеге таралуу функциясынын бузулушу менен чектелген тукум куучу ооруу оору).

АБИОЗ абиоз (мүчөнүн же денедеги системалардын кызматынын начарлоосунун негизинде, алардын аткарган ишинин да начарлап калышы).

АБИОТРОФИЯ абиотрофия (денедеги мүчөнүн же организмдеги

системанын айлана чейрөгө көнүү функциясынын билинер билинбес начарлашы).

АБЛАКТАЦИЯ аблактация (баланы убагынан өткөрүп эмчектен чыгаруу).

АБЛАСТИКА аблastика (коркунучтуу шишикти андан ары таратбас үчүн болгон операциялык аракеттер).

АБЛЕПСИЯ аблепсия (эч нерсени көрбөй калуу; сокур, азиз).

АБЛЕФАРИЯ Аблефария (көздүн өсүүсүнүн токтолушунан, көздүн сурмасы өзгөчө өсүп жылчык көздүн пайда болушу).

АБЛЕФАТИЯ аблефатия (көз жапкычынын оң жагынын асты, үсту, же экөөнүн тең жоктугу. Ал тубаса же кийинчерээк байкалышы мүмкүн).

АБЛЮТОМАНИЯ аблютомания (дамамат эле колун жууй бере турган адам. Бул жин оорусунда учурайт).

АБЛЯЦИЯ абляция (дененин же мүчөнүн бөлүгүн операциялык жол менен кесип таштоо, м.: эмчекти).

АБОРТ аборт (бойдон түшүү; жатындагы баланын үч айга чейинки мезгилинде бойдон түшүшү. Бойдон түшүү себебине, убакытына, денеге тийгизген таасирине жараша бир топ түрлөргө бөлүнөт: АБОРТ ИСКУССТВЕННЫЙ жасалма аборт - оорукчан аялдардын жалпы абалына байланыштуу боюнан түшүрүү; АБОРТ КРИМИНАЛЬНЫЙ кылмыштуу аборт - карасанатайлык менен бойдон түшүрүү. Бул аракетти кош бойлуу аял өзүнө өзү же ага бирөө соруканасыз жерде жасайт; АБОРТ МЕДИЦИНСКИЙ медициналык аборт - врач тарабынан төрөт үйүндө же атайын чектелген медициналык мекемеде бойдон түшүрүү; АБОРТ НЕПОЛНЫЙ толук эмес аборт - бойдон түштү дегенден кийин деле болочок баланын же анын тонунун бөлүгү жатындын ичинен чыга элек учуру; АБОРТ ПОЗДНИЙ кечиккен аборт (боюна бүткөндөн он алтыдан жыйырма сегиз жумага чейинки мөөнөттөн кийин башталган боюнан түшүү; АБОРТ ПОЛНЫЙ толук аборт - бойдон түшүрүү операциясынан кийин жатындын ичиндеги түйүлдүктүн сыртқы катмарынын тону менен кошо алынып, тышка чыккан учуру; АБОРТ ПРИВЫЧНЫЙ өнөкөт аборт - аялдын боюна бүткөндөн кийинки белгилүү бир мезгилде, дайыма боюнан түшүп калышы; АБОРТ РАННИЙ эрте аборт - боюна бүткөнүнө он алты жумага чейинки боюнан түшүү; АБОРТ ТРУБНЫЙ түтүктөгү аборт - түйүлдүк жатындын түтүгүнө бүтүп, ал жарылуу менен ич көндөйүнө түшүшү; АБОРТ СПОНТАННЫЙ өзүнөн өзү аборт - белгисиз себептерден эле өзүнөн өзү бойдон түшүү).

АБОРТАРИЙ абортарий (медициналык көрсөтмө боюнча, көш бойлуу аялдардын боюнан түшүрүү иштерин жасоочу медициналык жай).

АБРАЖАНОВА ПЛАСТИКА Абражановдун пластикасы (көп бронхдордун жыртыктарынын үстүнө арка булчуң этин капшырта тигип, жыртыктарды бүтөө операциясы. Бул азыркы учурда аз жасалат).

АБРАЗИЯ абразия (жатындын ичиндеги түйүлдүктү тоңу менен кошо тышка чыгаруу үчүн атайын жасалган кырдуу кашык менен жатындын ичин кыруу, ошондой эле тиштин көндөйүн дагы кыруу аракеттери).

АБРАХИЯ абрахия (туулгандан колсуз төрөлүш).

АБСАНС абсанс (талма оорулуу адамдарын көпчүлүгүнүн көз ачып-жумганча эсинен тана түшүп,эч нерсени эстеп, түшүнө албаган учуру).

АБСОРБЦИЯ абсорбция (тегерегиндеги заттарды же газдарды дарылар өзүнө сиңирип алуусу. Организмдеги газ алмашуу процесси).

АБСОРБЦИОННАЯ МИКРОСКОПИЯ абсорбциялык микроскопия (клетканын түзүлүшүн, анын шоола сиңирүү жолун эсептөө менен катар микроскопто карап көрүү).

АБСТИНЕНЦИЯ абстиненция (бир нерсе жасоодон убактылуу баш тартуу, м.: ичимдикти сүйгөн адамдардын бир топко чейин ичпей калышы).

АБСЦЕСС абсцесс (ириндетүүчү бактериялардын кесепетинен пайда болгон дененин бир бөлүгүнө чогулган ирик. Дененин кайсы жеринен орун алышына жараша абсцесс ар төрдүүчө аталат: АБСЦЕСС ДУГЛАСА Дуглас абсцесси - аялдардын жатыны менен көтөн чучугунун ортосундагы кобулга ириндин жыйналып калышы. Ушул автордун наамында; АБСЦЕСС ГОЛОВНОГО МОЗГА мээнин абсцесси - мээнин ичине пайда болгон ирик. Ириндөөгө баш жарааануу, кулак оору жана башка бир мүчөдөн ирик келип келген учурлар себепкер болот. Абсцессти операциялык жол менен гана айыктырууга болот; АБСЦЕСС ЛЕГКОГО өпкөнүн абсцесси - өпкөнүн ирик оорусу, Ооруга ириндетүүчү гана микробдор себепкер. Бул өпкөнүн көнөкөй сезгенүүсүнүн кабыздоосунан кийин, бронхдордун кеңейүүсүнөн же өпкөгө ирик башка жактан ооп келгенден кийин гана байкалышы мүмкүн; АБСЦЕСС ПЕЧЕНИ боордун абсцесси - боордун ирик оорусу. Ириндөө боордогу эхинококтун ыйлаакчасы чиригенде, амеба оорусунда жана мүчөнүн бир жеринен ирик ооп келгенде байкалат. Адамдын температурасы дайыма жогорулоо, тамак сиңире албоо ооруга мүнөздүү көрүнүш).

АБУЛИЯ абулия (эркн начар, жалакай көнүлдөнбөгөн адам).

АВИАЦИОННЫЙ САНИТАРНЫЙ ТРАНСПОРТ авиациялык санитар транспорту (аба катнашы аркылуу медициналык кызмат аткарууга зарыл транспорт).

АВИРУЛЕНТНЫЕ МИКРОБЫ алсыз микробдор (микробдор организмде болгону менен адамга залал келтирип оорутууга жөндөмсүздүү).

АВИТАМИНОЗ авитаминоз (организмде витаминдин жетишсиздиги; витамин жетишсиздиктен пайда болгон оорулуу абал).

АВТОЖЕКТОР автожектор (канды жасалма жол менен айландыруучу аппарат. Бул жүрөккө операция жасоодо кеңири колдонулат).

АВТОИНТОКСИКАЦИЯ автоинтоксикация (адамдагы зат алмашуу иши бузулган учурда, өз денесинен пайда болгон уу заттарга кайра өзүнүн уулануусу).

АВТОИНФЕКЦИЯ автоинфекция (мурун ооруга чалдыктырбай, организмде тим жүргөн микробдордон адамдын ооруп калышы).

АВТОКЛАВ автоклав (операцияга керектелүүчү аспаптарды, дакилерди микробдордон арылтуу үчүн жогорку басымдагы буу менен атайын жоготууга ылайыкталып жасалган шкаф).

АВТОЛИЗ автолиз (клетка менен тканларга фермент таасир кылуудан алар өзүнөн өзү жумшап эзрүү, эзилүү жолу).

АВТООПЕРАЦИОННАЯ автооперациялык (операция жасоого ылайыктуу автомобильге орнотулган бөлмө. Бул көбүнчө согуш убагында колдонулат).

АВТОПЕРЕВЯЗОЧНАЯ автомобилде тануу (бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүп жарадарлардын жаралуу жерин тануугa ылайыкталып, автомобилге орнотулган бөлмө).

АВТОПЛАСТИКА автопластика (адамдын өз ткнын өзүнө бир жерден экинчи жерге кесип алып жамоо, жабыштыруу операциясы).

АВТОРЕНТГЕН авторентген (бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүп элдерди рентген менен кароо үчүн,автомобилге орнотулган рентген аппараты).

АВТОСУГГЕСТИЯ автосуггестия (адамдын өзүн-өзү бир нерсеге ишендирүүсү).

АВТОФАГИЯ автофагия (адам арыктай баштаганда, денедеги майын өз керегине ысырап кылуу).

АДАМАНТИНОМА адамантинома (тишке окшогон эпителий клеткасынан чыккан өзктеги коркунучсуз шишик).

АДАМСА БОРОЗДА Адамс бороздосу (кол ийинден көнүмүш чыгып кетүүчү ооруларды рентгенде караганда көрүнгөн күң жиликтин башын бойлото кеткен шоолалуу жылга жери).

АДАПТАЦИЯ адаптация, (көнүгүү; айлана-чөйрөнүн ар кандай шартына организмдин көнүшү).

АДВЕНТИЦИАЛЬНАЯ ОБОЛОЧКА сырткы катмар (кээ бир түтүкчөлүү органдардын, кан жана лимфа тамырлардын сырткы катмарындагы кошуучу ткандардан турган курчоосу).

АДВЕНТИЦИЯ адвентиция (кан тамырлардын тышкы катмары).

АДДИСОНИЗМ аддисонизм (оорунун көрүнүшү жагынан аддиссон оорусуна окшош денедеги бардык өзгөрүүлөр. Тери жана былжырлуу бездердин темгил ала болушу жана кандын басымы жогорулашы).

АДДИСОНОВА БОЛЕЗНЬ Аддисон оорусу (бул Бронза оорусу деп да аталат. Айрыкча бөйрөктүн үстүндөгү бездин иштеши начарлаганда бул оору байкалат. Анда кыймылдоо начарлап, арыктап, кээ бир жердеги былжырлуу бездер жана теринин түсү күңүрт тартып, кандын басымы төмөндөө менен мүнөздөлөт. Ал без көбүнчө туберкулез оорусуна чалдыккандa көгоркудай көрүнүштө болот).

АДДУКЦИЯ аддукция (бутту, колду бүгүү абалына алып келүү).

АДЕКВАТНО адекваттуу (шайкеш, туура келүү деген мааниде; окшош).

АДЕНОМИОМА аденомиома (без жана булчуң ткандарынан аралашып өсүп чыккан коркунучсуз шишик).

АДЕНИТ аденит (жалпы эле бездердин, өзгөчө лимфа безинин түйүндөрүнүн ар түрдүү сезгениши).

АДЕНОВИРУС аденовирус (адам суук тийип ооруганда дем алуу жолдорунун жогорку бөлүгүн, өпкөнүн, көздүн кабын сезгентип, оорутуучу жугуштуу вирустардын бир тобу).

АДЕНОИДЫ аденоиддер (лимфа бездеринин ткандарына окшош жана түспөлдөш ткандар).

АДЕНОМАаденсма (бездин эпителий клеткасынан өсүп чыккан коркунучсуз шишик, м.; эркектин кыныстык безинин чоноюшу менен аның шейшебинин бүтөлүшү).

АДЕНОМИОЗИС аденомиозис (дененин бир жеринен жатындын ички бетиндеги ткандарынын клеткаларынын учурап калышы. Бул көрүнүш түйүлдүктүн туура эмес өсүшүндө байкалат).

АГАЛАКТИЯ агалактия (төрөгөн аялда сүт чыкпоо. Аның себеби ар түрдүү).

АГАММАГЛОБУЛИНЕМИЯ агаммаглобулинемия (балдардын организмде гаммаглобулин затынын жоктугу. Мындай баддар ар түрлүү жугуштуу ооруларга каршы күрөшүүгө туруштугу начар келет).

АГГЛЮТИНАЦИЯ агглютинация (клеткалардын же бактериялардын жана эритроциттердин чапташып, чокмороктоп чогулуп калышы).

АГГЛЮТИНИНЫ агглютининдер (кандын суюктугундагы эритроциттердин чапталып калышына себепкер болуучу атайын бөтөн денечелер)

АГГРАВАЦИЯ аггравация (денесиндеги ооруну күчөтүп, жалган айтуу).

АГЕВЗИЯ агевзия (даам татый албоо. Бул мээнин оорусунда байкалуучу сезим).

АГЕНЕЗИЯ агенезия (туулгандан эле мүчөнүн бир бөлүгүнүн өсүп жетилбей туулушу).

АГИПНОГНОЗИЯ агипногнозия (толук уктаса деле уктабагандай сезимде болуу).

АГНОЗИЯ агнозия (сезүү органдары аркылуу адамдын буюмдарды аныктап биле албоосу. Мээнин оорусунда байкалат).

АГОНАДИЗМ агонадизм (жыныстык бездердин жоктугу).

АГОНИЯ агония (адамдын жаны чыгаар жана өлөөр алдындагы абалы).

АГРАММАТИЗМ аграмматизм (оорунун залдарынан адамдын бир нече сөздү бири-бирине байланыштыра албай же жаза албай калган учуру. Көбүнчө баш жарадар болгон учурда байкалат).

АГРАНУЛОЦИТОЗ агранулоцитоз (кандагы ак кан денечелеринин ичиндеги майда чекитсиз түрү).

АГРАФИЯ аграфия (адамдын эс-учу өз оордунда туруп эле жаза албай калышы. Бул нерв системасынын борборунун кыйматы бузулганда байкалат).

АГРЕССИНЫ агрессиндер (ооруга чалдыктыруучу микробдорду пайда кылып жана адамдын организмине микробдорду көбөйтүү жөндөмдүүлүгүн күч алдыруучу заттар).

АГРЕССИВНОЕ СОСТОЯНИЕ агрессивдүү абал (адамдын оорунун таасиринен башкаларга күч көрсөтүүгө, ызалоого, сабоого, урушууга умтулуусу. Айрыкча жин оорусунда байкалат).

АГРОМАНИЯ агромания (адамдын жалгыз өзү өзү жерде жашоого умтулган учуру).

АДАКТИЛИЯ адактилия (баланын төрөлгөндөн эле бармактары жок төрөлүшү).

АДАМОВО ЯБЛОКО коко, мууздоо (эркектерде гана көздешүүчү, көкүртөктөн сыртка чыгып турууч дем алуу жолунун чоң чемирчеги. Анатомиялык аты калкан чемирчеги).

АДЕНОЛОГИЯ аденология (бездин абалын изилдөө жөнүндөгү биология илимнин бөлүгү).

АДЕНОПАТИЯ аденопатия (без түйүндөрүнүн жалпы оорусу).

АДЕНОСИНУСОПНЕВМОПАТИЯ аденосинусопневмопатия (жаш балдарда байкалуучу, кулкундун ооз жана мурун жак бөлүгүндөгү лимфоид ткандарынын бат-бат кайталоочу, көнүмүш сезгенч оорусу).

АДЕНОТОМИЯ аденотомия (хирургиялык жол менен аденоид бездерин алып таштоо же бездерди жаруу).

АДЕНОФЛЕГМОНА аденофлегмона (лимфа түйүнүнүн тегерегиндеги чарымдарынан жыйылган ирик оорусу).

АДЕНТИЯ адентия (тиштин тубаса жоктугу. Тиш өсүп жетилбей жок болгон учуру).

АДЕНЭКТОМИЯ аденэктомия (безди кесип алып салуу операциясы).

АДИАДОХОКИНЕЗ адиадохокинез (колду же бутту бат-бат кыймылдатып, манчаларды жума албоо. жумса ача албоо, сыртка кайырса ичине кайрый албоо).

АДИАСТОЛИЯ адиастолия (жүрөктү сыртынан кысуудан анын карынчасынын булчундарынын ето шалбырай албастыгы. Ошонун себебинен кан айлануу процессинин жетишпестиги келип чыгат).

АДИНАМИЯ адинамия (түрлүү себептерден келип пайда болгон кыймылсыздык, алсыздык, күчсүздүк).

АДИПОЗА адипоза (семирүү; анын себеби оорудан же тамакты нормадан ашык жештен келип чыгат).

АДИПОСИР адипосир (аба кирбеген, суулуу жерде жаткан өлүктүн денесине май аралашкан чайыр пайда болуу),

АДЛЕРА-РЕЙМОНА СПОСОБ Адлер-Реймон ыкмасы (ретикулоэндотелиалдык системанын канчалык кызмат аткарып жаткандыгын белгилөө үчүн колдонулган ыкма. Ал үчүн канга I проценттүү конгорот куюп, боектун күчүн коллориметриялык ченөө).

АДНЕКСИТ аднекоит (аялдардын жатынынын урчугу түтүгү менен кошо сезгениши).

АДОПТАЦИЯ адоптация (башка бирөөнүн ткандын алып, экинчи бир нишинин жаңаган жерине аны калетоиз өсүп кетиши).

АДРЕНАЛИН адреналин (бөйрөк безинин ички катмарынан жаралган гормон; кан тамырды кичирейтип жыйылтат дагы кандын басымын күчөтөт, жүрөктүн кагышын тездетет, симпатикалык нерв системасынын медиатору болот).

АДРЕНАЛИНЕМИЯ адреналинемия (канда адреналиндин көбөйүп кетиши. Ар түрдүү толкундануу учурлары ага себепкер болот. Адам өтө кайгырганда , сүйүнгөндө байкалат).

АДРЕНАЛИНОВАЯ ПРОБА адреналин менен баамдоо (денедеги болгон бардык өзгөрүүлөрдүн мүнөзүн билүү үчүн адреналин берип туруп байкоо, баамдоо).

АДРЕНАЛОЛИТИЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА адреналиндин күчүн кетирүүчү заттар (адреналиндин таасирин организмге тийгизбөөчү көптөгөн заттардын кошундусу, адреналолитикалык заттар деп аталат).

АДРЕНАЛЭКТОМИЯ адреналэктомия (бөйрөктүн үстүндөгү безди операциялык жол менен алып таштоо. Сперация шишик оорусунда ишке ашырылат).

АДРЕНОГЛОМЕРУЛОТРОПИН адреногломерулотропин (ортолук мээден бөлүнүп алынган биологиялык күчтүү зат. Алдесторон гормонун бөлүп чыгарууга көмөктөшөт).

АДРЕНОКОРТИКОТРОПНЫЙ ГОРМОН адренокоптикотроптук гормон (мээ безинин - гипофиздин алдынкы бөлүгү иштеп чыгарган гормон. Бөйрөктүн үстүндөгү без чыгаруучу гормонго жараша анын таасири ар кыл).

АДРЕНОТРОПНЫЙ ГОРМОН адренотроптуу (адреналин сыяктуу) гормон

АДСОРБЦИЯ ВИРУСА вирустун адсорбциясы (вирус оорусунун жугушунун башталышында вирустун клеткага жабышкан учуру).

АДУЛТУС адултус (баланын балалыгы калып, эс тарткан учуру).

АЖИТАЦИЯ ажитация (оорулуунун кыймылы күчөп, алып учуп турган абалы. Байлатма жын оорусунда байкалат).

АЗАСЕРИН азасерин (стрептомицес группасындагы грибоктон бөлүнүп алынган антибиотик. Бул шишик ооруларын дарылоодо бир аз таасирин тийгизет).

АЗАФИЯ азафия (сөздү тууралап аныктап айта албоо).

АЗИГОГРАФИЯ азигография (сыңар вена тамырдын, ичине рентген нуру өтпеген зат куюп рентгендик сүрөткө түшүрүү).

АЗОТЕМИЯ азотемия (организмдеги белок алмашууда, кандагы азоттуу заттын көптүгү).

АЗОТИСТОЕ РАВНОВЕСИЕ азоттук тендик (азоттук зат алмашууда денеге келген зат менен кеткен заттын тендиги).

АЗОТИСТЫЙ БАЛАНС азот балансысы (тамак аркылуу организмге кирген азот менен сийдик, заң, тер аркылуу чыккан азот затынын айырмасы. Бул организмдеги зат алмашуу деңгээлинин көрсөткүчү).

АЗОТИСТЫЙ ДЕФИЦИТ азоттун кемдиги (тамак аркылуу организмге кирген азот заты, организмден чыккан азот затынан көптүгү. Азоттун мындай алмашуусу айрыкча ачарчылыкта жана белок заты тканда өзгөчө күчтүү майдаланган учурларда байкалат).

АЗОТИСТЫЙ МИНИМУМ азоттук минимум (азоттук тендикти камсыз кылуу үчүн организмге зарыл болгон эң аз сандагы белок).

АЗОТНЫЕ ВАННЫ азот ванналары (ооруган жерге басканда оорууну басандатуучу касиетке ээ жаратылыштагы газ түрүндөгү азот заты бар суу).

АЗООСПЕРМИЯ азооспермия (эрендикте кыймылдаган сперматозоиддердин жоктугу).

АЗОТОГРАФ азотограф (дем чыгаруудагы абадан азоттун жыштыгын дайыма жазып тура турган курал).

АЗОТОРЕЯ азоторея (бок-сийдик менен азот заттарынын өтө көп бөлүнүп чыгышы. Азот заты организмге сиңуу бузулган учурда байкалат).

АЗУ азу (Ассирияда жана Вавилонияда байыркы замандагы төмөнкү категориядагы хирургдарды аташы).

АИК (АППАРАТ ИСКУССТВЕННОГО КРОВООБРАЩЕНИЯ) АИК жасалма жол менен кан айландыруу (негизинен жүрөккө ар түрлүү операцияларды жасоодо кан айландыруу үчүн колдонулуучу аппарат).

АЙДОЙОМАНИЯ айдойомания (жыныстык катнашууга өзгөчө күчтүү кызыгуу).

АЙЛУРОФИЛИЯ айлурофилия (мышыкты өтө барктоо, сүйүү).

АЙХМОФОБИЯ айхмофобия (денеге жука курч нерселер же бармактар курч тиет деп өтө коркуу. Өзгөчө психикасы бузулган оорулууларда байкалат).

АКАЙРИЯ акайрия (бир эле суроону кепке чейин кайталап, адамды кадатып жабышкан абалга чейин барып психиканын бузулушу).

АКАЛЬКУЛИЯ акалькулия (мээнин артыкы жана каптал жак бөлүгү дартка чалдыкканда байкалуучу эсеп чыгара албай калган учур).

АКАНТОЗ акантоз (теринин тышкы катмарынын жана шилекей катмарларынын катуу тартып өзгөрүлгөн ооруусу).

АКАНТОЛИЗ акантолиз (теринин ортонку катмары эзилүү менен катар, ошонун тушунда ылдамкча пайда болгон оорусу).

АКАНТОЦИТ акантоцит (организмдеги май алмашуу процесси бузулганда, эритроциттердин тегерегинде ийнедердей талчалардын пайда болушу).

АКАРДИЯ акардия (тубаса жүрөгү жок төрөлүшү).

АКАПНИЯ акапния (кандын тутумунда көмүр кычкыл газынын жоктугу).

АКАРАФОБИЯ акарафобия (котур болуп айыккандан кийинки кээ бир адамдардын бир жери кычышса, терисинде котурдун митеси бар деп жок жерден коркуусу).

АКАТАЛИЗИЯ акатализия (тканда каталазанын жоктугу. Ошондой эле тиш кыналган ээктеги сөөктөрдүн чөнөктөрү кичирейиши менен канга ириң аралашып жана тиштер түшүү менен мүнөздөлгөн тукум куучу оору).

АКАНТИЗИЯ акантизия (невроз оорусунун түрү. Оорулуу ынгайсыздыкты сезип бир жерге көп убакытка отура албай турган учуру).

АКВЕДУК акведук (түтүкчө суу өткөөлү. Кулактын ички бөлүгүндөгү түтүкчөнүн анатомиялык аты).

АКЕСТОМА акестома (адамдын денесинин бир бөлүгү жаралгандан кийинки жакын арадагы пайда болгон тырыгы).

АКИЕЗ акиез(тукум бербей турган, тукумсуз адам).

АКИНЕЗИЯ акинезия (кыймылдай албоо, шал болуу).

АКИНОСПЕРМИЯ акиноспермия (эрендик-сперманын ичиндеги сперматозоиддердин кыймылсыздыгы).

АККЛИМАТИЗАЦИЯ акклиматизация (организмдин мурунку шарттан башка жаңы шарттагы климатка көнүгүшү).

АККОМОДАЦИЯ аккомодация (көздүн алыскы же жакынкы нерселерди көрүү жөндөмдүүлүгүнө ынгайланышы).

АККУМУЛЯЦИЯ аккумуляция (дарынын же суюктуктун бир жерге жыйналуусу, чогулуусу).

АККОМОМЕТР аккомометр (көздүн көрүү жөндөмдүүлүгүн, курчтугун ченөөчү аспап).

АКМЕ акме (оорунун күчөп жеткен чеги; денеңин температурасы жогору көтөрүлүп жеткен жери).

АКНЕ акне (чачтын түбү сезгенип, аны менен кошо май чыгып туруучу түтүкчөлөрү да сезгенүүдөн, бетке пайда болгон бүдүрлөр - безеткилер).

АКНЕМИЯ акнемия (буттун тубаса жоктугу).

АКНЕФОБИЯ акнефобия (териге безетки чыгабы деп дайыма чочуп туруу).

АКОАЗМА акоазмалар (кулакка ызы-чуу, калдыр-шалдыр жана мылтыктын үнү өндөнгөн дабыш чыкпаса деле ага угулгандай сезүүсү. Бул жин ооруларда байкалат).

АКОНИТИН аконитин (алколоиддердин эң уулуусу. Кыргызча оул уу коргошун цеп аталат. Анын тамырындагы чокморлорунан бир нече дары жасалат).

АКОПДЖАНЯНА СИНДРОМ Акопджанян синдрому (кома абалында жаткан адамдын алдыңкы эзгин акырындап алдына жылдырганда, чыканактан бүгүлүп турган колдун жазылып кетиши).

АКОРИЯ акория I (адам тамак жегенден кийин деле тоигондугун сезбеген абалы).

АКОРИЯ акория II (адамдын төрөлгөндө эле көзүнүн ичиндеги көк жаа сымал кабыгынын жоктугу).

АКОРТИЦИЗМ акортицизм (төрөлгөндө эле жаңы төрөлгөн балада байкалуучу бөйрөк үстү безинин сырткы катмарынын жоктугу. Аны менен бирге жүрөк бат согуп, температура жогору болуп, дем алуу бузулуу менен чектелген көрүнүш).

АКРЕМОНИОЗ КОЖИ теринин акремониоз оорусу (теринин терең-не залал келтирип, акремонион грибогу себепкер болгон оору. Көпчүлүк учурда бул оору тропикалык өлкөлөрдө кездешет).

АКРИБОФИЯ акрибофия (адам окуп чыккандарын туура түшүнгөндүгүнүн аныктыгына күнөм саноо).

АКРИЛАТЫ акрилаттар (акрил кислотасынын алынган зат. Анын полумери тунук илээшкен зат. Өзгөчө медициналык практикада хирургияда кесилген жерди тикпей эле ушул желим менен жабыштыруу-га колдонулат).

АКРИХИН акрихин (безгек оорусун дарылоочу дары).

АКРОАЛГИЯ акроалгия (вегитативдик нерв системасы бузулган-да сезилүүчү колдун, буттун учундагы капысынан пайда болгон сыздап ооруу).

АКРОАНЕСТЕЗИЯ акроанестезия (кан тамырлардын невроз оорусунда кезигүүчү колу-буттун учу эч нерсени сезбей калган учуру).

АКРОАСФИКСИЯ акроасфиксия (кан тамырлардын невроз оорусун-да байкалуучу колу-буттун учундагы көгүш тарткан жана муздаган бөлүгү).

АКРОГЕРИЯ акрогерия (буттун кетмен тушундагы жана колдун манчаларынын бөлүгүндө туулгандан эле теринин жукалыгы менен мүнөздөлгөн тукум куучу оору).

АКРОГИДРОЗ акрогидроз (буттун таманы, колдун алакан жагынын өтө көп тердеши).

АКРОДЕРМАТИТ акродерматит (көпчүлүк учурда колу-буттун уч жагындагы терисинин оорулары).

АКРОДЕРМИТ акродермит (адамдын бутунун терисин гана дартка чалдыктыруучу тери оорусунун тобу).

АКРОДИНИЯ акродиния (беш жашка чейинки балдарда байкалуучу кулк мүнөзү психикалык бузулуу абалга чейин барган жана терисинин оорулары кычышканга жетип, булчуңдары алсызданган, кээде диртилдей баштаган оору).

АКРОКЕРАТОЗ БОРОДАВЧАТЫЙ сөөлдүү акрокератоз (колдун сыртында көбүрөөк, буттун жонунда азыраак боло турган көптөгөн майда бүдүрчөлөр чогулуп, чоңоюп сөөлгө окшогон тери оорусу).

АКРОМЕГАЛИЯ акромегалия (гипофиз безинин чыгарган сыйктугу күчөгөндө колдун, буттун, алдыңкы ээктин жана дагы ичтеги органдардын көлөмүнөн чоңоюшу. Аны менен бирге зат алмашуу процесси да бузулат).

АКРОМЕГАЛИЯ ЧАСТИЧНАЯ карым-картылай акромегалия (кадимки акромегалиядагыдай болбой, органдардын (тилдин, манчалардын, буттун) кээ бир бөлүгү гана чоңоюп кеткен түрү).

АКРОМЕЛАНОЗ акромеланоз к. АКРОПИГМЕНТАЦИЯ

АКРОМЕЛАНОЗ С БЕЛЫМИ ПЯТНАМИ ак тактуу акромеланоз (бармактар чыбырчык ак тактуу болуу менен чектелген укумдан тукумга өтүүчү колдун аласы. Аны менен бирге чачтын түшүшү да байкалат).

АКРОМЕЛАНОЗ ПРОГРЕССИРУЮЩИЙ күчөтүү акромеланоз (жаш балдарда байкалган, теринин кара темгилдүү оорусу. Мындай оорулуу балдардын ичинен кээде талмалуулар да кезигет).

АКРОМИАЛЬНЫЙ ОТРОСТОК ЛОПАТКИ далынын куш тумшук урчугу (далы сөөгүнүн жогорку бөлүгүндө орун алган төкөөрдөй урчук бөлүгү).

АКРОМИКРИЯ акромикрия (ооруп айыкан ириң оорусунан кийин манчалардын кыскарып калышы).

АКРОМИОН акромион (далы сөөгүнүн төкөөрдөй урчугу).

АКРООСТЕОЛИЗ акроостеолиз (колу-буттун сөөктөрүнүн уч жактары жумшап кетиши менен, анын ордунун өсүп жетилбестиги. Бул сөөктөрдүн жалпы оорусунда жана муундун кызыл күгүрүктүн сезгенүчүнде байкалат).

АКРОПАРЕСТЕЗИЯ акропарестезия (ангиотрофия жана полиневрит

оорусунда байкалуучу колу-буттун уч жагында өзүнөн-өзү эч нерсе-ни сезбей калган жана ошол жерлер сайгылашкан учуру).

АКРОПИГМЕНТАЦИЯ акропигментация (колу-буттун уч жактарын-дагы терисинин өңү бузулуп, карарыңкы тартып кеткен жерлери).

АКРОПОДИОН акроподион, к.ДИСКЕРАТОМА БОРОДАВЧАТАЯ

АКРОСОМА акросома (түйүлдүк пайда болуш үчүн аялдын жумурт-калык клеткасынын сырткы катмарын көзөй турган сперматозоиддин алдыңкы бөлүгүндөгү үшүкчө).

АКРОСФЕНОСИНДАКТИЛИЯ акросфеносиндактилия, к. АПЕРА СИНДРОМ

АКРОТИЗМ акротизм (тамырды кармап көргөндө аны биле албоо, жибек тамырдын такыр какпай калышы).

АКРОТРОФОНЕВРОЗЫ акротрофоневроздор (кан менен камсыз кылуу-чу тамырлардын дартынан келип чыккан, колдун жана буттун манча-ларынын ооруларынын тобу).

АКРОФОБИЯ акрофобия (адамдын жерден көтөрүлүүдөн өтө кор-куучу жана башы айлануусу).

АКРОЦЕФАЛИЯ акроцефалия (баш сөөгү узун уштугуй, б.а. соку баш адам. Мындай баштын эмгеги бат жабылат).

АКРОЦИАНОЗ акроцианоз (кан айлануу процесси бузулганда, кис-лороддун жетишсиздигинде байкалуучу мурундун, эриндин жана буту-колдун учунун кара көк тартып кетиши).

АКРОЭРИТРОЗ акроэритроз (балдардын боз улан кезиндеги бай-калуучу кулагындагы, бетиндеги, алаканындагы терисинин дайыма кыпкызыл болуп жүрө турган тери оорусу. Бул оорунун тукум куу-чулук адаты болот).

АКСЕЛЕРОГРАФ акселерограф (авиациялык жана космикалык меди-цинада адамдын ченден жогорку мүмкүнчүлүктөрүн жазуучу прибор).

АКСЕНФЕЛЬДА БЛЕФОРОСТАТ аксенфельд блефоростаты (көзгө опе-рация жасаш үчүн көз жапкычтарды эки жакка кере турган аспап).

АКСИФОИДИЯ аксифоидия (төш сөөктүн чемирчек жак бөлүгүнүн жоктугу менен айырмаланган сөөк өсүүнүн кемтиги).

АКСОН аксон (нервдик козголууну өткөрө турган нерв жипче-ринин ичиндеги эң узун бутагы).

АКСОНОТМЕЗИС аксонотмезис (нерв ткани катуу урунганда нерв жипчелеринин ичиндеги сөңгөгүнүн (өзөгү) өзү гана жабыркап анын тегерегинде коштуучу ткандары аман калган учуру).

АКСОПЛАЗМА аксоплазма (аксондун тутумуна кирген нейрондун клеткалык суюктугу).

АКСОПЛАЗМАТИЧЕСКИЙ ТОК аксоплазманын жылышы (нейрондон ак-

сон боюнча аксоплазма суюктугу ичиндеги заттары менен кошо дайыма жылып турушу).

АКТ САНИТАРНОГО ОБСЛЕДОВАНИЯ санитардык текшерүүнүн актысы (санитардык врач бир жерди текшерип чыккандан кийин, санитардык норма сакталып жаткандыгын баяндай турган жазуусу).

АКТГ адренокортикотропдук гормон (гипофиз безинин алдыңкы бөлүгү чыгарган гормон организмге көп түрлүү таасир тийгизет).

АКТИВАТОР РОСТА өсүүнү күчөтүүчү (кандайдыр бир ткандын же мүчөнүн өстүрүүгө түртку берүүчү зат. Адамдын өсүшүнө түртку бере турган зат - гормон).

АКТИВАТОР ФИБРИНОЛИЗА фибринолизди күчөтүүчү (кан уюу про-цессин жокчу белоктон зат).

АКТИВНОЕ ПОСЕЩЕНИЕ оорулууга кайталап баруу (врачтын көнүл-дөнүүсү менен үйүндө жаткан оорулууга кайталап барып көрүү жолу).

АКТИВНОСТИ ЛЕКАРСТВЕННОГО ВЕЩЕСТВА дары заттын активдүү-лүгү (дарынын фармакологиялык жана дарылык таасиринин күчү).

АКТИДИОН актидион (стрептомицес грибогунан бөлүнүп алынган антибиотик. Көө бир ооруну пайда кылуучу мите грибокко күчтүү таасирин тийгизет).

АКТИНОБАЦИЛЛЕЗ актинобациллез (актинобацилл бактериясы жа-ныбарлардын бири-бирине таралып адамга жуккан жугуш. Лимфа без-деринде, моюнда жана тилде ириң пайда болуп жугуштун таралуусу).

АКТИНОГРАФИЯ актинография (атайын курал менен күндүн ну-рунун чачырашын жазып алуу. Көбүнчө медицинада климаттык изилдөө-дө жүргүзүлөт).

АКТИНОМЕТР актинометр (күндүн нурунун же жасалма жылуулук-тун жайылуу күчүн өлчөй турган аспап. Бул гигиеналык медицинада жана климаттык изилдөөдө колдонулат).

АКТИНОМЕТРИЯ актинометрия (жылуулуктун жайылуу күчүн өлчөө методдорунун жыйынтыгы).

АКТИНОМИКОЗ актиномикоз (актиномицет грибогу пайда кылган адамды жана жаныбарларды өнөкөт дартка чалдыктыруучу жугуштуу оору. Грибок орун алган көрдү ириң тешип тырык болот).

АКТИНОМИЦЕТ актиномицет (адамдын ден соолугуна залал кел-тирүүчү грибок. Кээси жаныбарларды да оорутат. Алардын көптөгөн түрлөрү бар).

АКТИНОМИЦИНЫ актиномициндер (актиномицеттер бөлүп чыгарган физика-химиялык жактан окшош антибиотик. Бул бактерияларга мик-робактерияларга жана шишиктерге таасир тийгизет).

597727

АКИНОТЕРАПИЯ акинотералия (оорулууну күндүн ультрафиолет нуру, рентген, радий нурларынын күчү менен дарылоо жолу).

АКТОГРАММА актограмма (адамдын жана жаныбарлардын кыймыл-доо жөндөмдүүлүгүн чийип, жазып алуу).

АКТОМИОЗИН актомиозин (булчуң эттин талдарындагы татаал белок. Ал булчуңдун жыйрылуусуна көмөктөшөт).

АКТИНОФАГ актинофаг (актиномицеттерди өлтүрүүчү вирус. Аларды өлтүрүү менен актиномицеттен алынган антибиотиктин жөндөмдүүлүгүн төмөндөтөт).

АКУЗАЛГИЯ акузалгия(кулакка көнүмүш күчтөгү дабыштан төмөн дабыш угулса да кулактын ооруй бериши).

АКУМЕТР акуметр (кулактын угуу күчүн өлчөй турган аспап).

АКУПУНКТУРА акупунктура (кээ бир оорулууларды атайын жасалган ийне менен сайып дарылоо. Бул Кытай Эл Республикасында кеңири жайылган).

АКУТНО бачым (өтө тез кармаган оорунун учурун белгилөөчү чек).

АКУСТИКОФОБИЯ акустикофобия (катуураак айтылган сөзгө диртилдеп жыгылып калуу. Кутурма оорусунун белгиси).

АКУШЕР акушер (төрөт боюнча адис, медициналык кызматчы).

АКУШЕРКА акушерка (төрөткө жардамдашуучу адис аял).

АКУШЕРСКАЯ ПОМОЩЬ акушердик жардам (боюнда бар аялдардын жана жаңы төрөлгөн балдардын ден соолугун байкоо үчүн жүргүзүлгөн медициналык жардамдардын, чаралардын тобу).

АКУШЕРСКИЙ ПУНКТ акушердик пункт (айылдагы врачтык участкадагы боюнда бар аялдарды төрөттөн мурун жана кийин профилактикалык байкоо жүргүзүп, керек учурларда дарылоочу медициналык бөлүк).

АКУШЕРСКОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ акушердик изилдөө (аялдардын боюнда бар мезгилинде жана төрөттөн кийинки мезгилиндеги төрөт жолдорун жана баласын атайын шайкалган метод менен текшерип изилдөө жолу).

АКУШЕРСКИЕ РУЧНЫЕ ПРИЕМЫ акушердин колу менен аткарылуучу ыкмалар (аялдардын боюнда бар мезгилинде, баланын туура эмес жатышын ондоп жана аял төрөп жаткан учурда да дарылоо менен оорукуну атын табуу үчүн кол менен жасалган бардык аракеттер).

АКУШЕРСКИЕ ОПЕРАЦИИ акушердик операциялар (аялдардын жыныстык мүчөлөрүнө жана төрөлүп жаткан балага жасалуучу бардык операциялар).

АКУШЕРСКИЕ ЩИПЦЫ акушердик кычкачтар (төрөлүүчү баланы төрөтүш үчүн кыпчып алып тарта турган кычкач. Ал аракет акушердик операция деп аталат).

АКУШЕРСКИЙ ПОВОРОТ акушердик буруу (төрөт убагында, жатындын ичинде туура эмес келген баланы кол менен оңуна келтирип ондоп коюу жолу).

АКУШЕРСТВО акушердик (аялдардын боюнда болушу, төрөшү, төрөттөн кийинки мезгилдеги ооруларынын маалыматы жөнүндөгү медицина илиминин тармагы).

АКУШЕРСТВО ОПЕРАТИВНОЕ оперативдүү акушердик (аялдын боюнда бар мезгилинде жана төрөт убагында операция жасоонун техникасын, кайсы убакта жасоого болот же болбойт деген маселелерди чечүүнү иштеп чыгуу).

АКЦЕЛЕРАЦИЯ акцелерация (балдардын боз улан, кыздардын да ошондой мезгилдеги боюнун жана жалпы өсүшүнүн тездетилген учуру. Ошондой эле жыныстык өсүштүн ошого шайкештиги).

АКЦЕССОРНО кошумча (кээ бир адамдардагы негизги боорунан башка кошумча боорнун болушу).

АКЦИДЕНС акциденс (кокусунан пайда болгон кырсыктан кийинки дененин бир белүгүнүн жараланууга дуушар болуусу).

АЛАКТИМИЯ алактимия (адамдын төрөлгөндөн эле көзүнөн жаш чыкпастыгы. Акыры ал көздүн кургашына алып келип, көздүн тунук катмарын тунартат).

АЛАЛИЯ алалия (мээси дартка чалдыккан балдардын кадимкидей угуп туруп эле сүйлөй албай калышы).

АЛАСТРИМ аластрим (чечектин адамга жукпаган, жукса да алардын ичинен жеңил өткөн формасы).

АЛГЕЗИЯ алгезия (ткандардын жабышып, чатаалып өсүшү).

АЛГИД МАЛЯРИЙНЫЙ безгек алгиди (канда тропикалык безгектин митеси көбөйүү учурунда байкалуучу оорулуунун абалы кыйындашы).

АЛЕЙНИЯ алейния (кан иштеп чыгаруучу органдардын оорусу. Мында лейкоциттер, тромбоциттер өтө азаюу менен мүнөздөлөт).

АЛЕКСАНДЕРА ОПЕРАЦИЯ Александера операциясы (кулак калканы өсүп жетилбей калган учурда, кулактын башка жеридеги чемирчекти эп кыйып жамап коюу операциясы. Немецтик окумуштуунун аамында).

АЛЕКСАНДРОВА СИМПТОМ Александровдун симптому (муундун түшүндагы калындаган терини чымчый кармагандан кийин теринин жай гана

жайылышы. Мындай көрүнүш муун туберкулезго чалдыккан учурунун башында байкалат).

АЛЕКСИЯ алексия (адамдын тамганы таануу жөндөмдүүлүгүнөн айрылуусу. Бул мээнин оорусунда байкалат).

АЛИБУРА ВОДА алибура суусу (тутумунда дезинфекциялоочу заты бар суу. Көбүнчө ириндеген жерди жууш үчүн колдонулат).

АЛИГНИН алигнин (жаратты тануурга колдонулуучу медициналык материал - кагаз).

АЛИЕНИЯ алиения, к. АСПЛЕНИЯ

АЛИКВОРЕЯ аликворея (мээнин жана жүлүндүн суюктугунун аздыгы. Бул мээнин кан тамыр чачыштары дартка чалдыкканда байкалат).

АЛИМЕНТАРНАЯ ИНФЕКЦИЯ алиментардык инфекция (тамак-аштагы кугуш; оору куктуруучу микробдору бар тамактан жуккан жугуш оору).

АЛИМЕНТАЦИЯ алиментация (дарттын кесепетинен алы кетип, өзү тамактанууга дарманы жок калган оорулууларды тамактандыруу, тойгузуу аракети).

АЛИМФИЯ алимфия(адамдын организминдеги ; алпы лимфа суюктугунун сан жагынан жетишсиздиги).

АЛИМФОПЛАЗИЯ алимфоплазия (ача бездин жоктугу. Бардык лимфоид ткандарынын өсүп жетилбестиги менен кошумчаланган туура эмес өсүш).

АЛИМФОЦИТОЗ алимфоцитоз (лимфоциттердин сан жагынан кем, сапат жагынан жетишсиз болгондугунан келип чыккан, клеткалык иммунитеттин реакциясынын жоктугу менен белгиленген тукумга таралуучу оору).

АЛКАЛОЗ алкалоз (организмдеги кислота менен щелочтун тендигинин оошу. Алколоздо кандагы кислоталардын аниондору, негиздин катиондору жакка көбөйүшү).

АЛКАЛОИД алкалоид (тутумунда азот заты бар органикалык зат; бул өсүмдүктөн алынат. Фармакологияда кеңири колдонулат).

АЛКОГОЛЕМЕТР алкоголеметр (этил спиртин сан жагынан өлчөөчү прибор. Атеометрдин бир түрүнө кирет).

АЛКОГОЛИЗАЦИЯ алкоголизация (дененин бир бөлүгү ооруганда аны басып үчүн ага баруучу нервдин бутагына спирт куюп коюу операциясы).

АЛКОГОЛИЗМ алкоголизм (адамга ичимдиктерди ичүү өнөкөт болуп, дайыма мас болуп турган абалы).

АЛКОГОЛЬНЫЕ ПСИХОЗЫ алкоголь психозу (алкоголь ичимдигин

дайыма ичип жүргөн адамдарда байкалуучу жин соруусу).

АЛЛАНА СИНДРОМ Аллана синдрому (баланын чоңое элек кезинен баштап эле акыл-эс жагынан өсүп жетилбестиги).

АЛЛАНТОИС аллантоис (түйүлдүктөгү болочок табарсык капчасы).

АЛЛЕМАННА СИНДРОМ Аллеманн синдром (бөйрөк эки ача болуп бармактын учтары кеңейип өзгөрүү менен мүнөздөлгөн тукум куучу кемтик өсүш).

АЛЛЕРГЕН аллерген (организмге киргенде, адамды өтө кыйын реакцияга дуушар кылуучу зат).

АЛЛЕРГИЧЕСКАЯ РЕАКЦИЯ аллергиялык реакция (организмдин аллергенге каршы жооп кайтаруу аракеттеринин жалпы көрүнүшү).

АЛЛЕРГИЯ аллергия (айлана чөйрөнүн таасирин адам өтө сезгичтик менен кабыл алуусу. Бул абал экинчи жолу кайталаганда өзгөчө күчтүү көрүнүш берет).

АЛЛЕРОЗ аллероз (аллергия оорусундагы абал; кээ бир адамдардын кээ бир тамакты жегенде этине бөрүжатыш чыгып, денеси кызарып же денесинин бир бөлүгүнө шишик пайда болгон учурундагы абалы).

АЛЛЕРГОЛОГИЯ аллергология (аллергиялык оорулардын пайда болуу себебин, организмге кандайча таасир берээрин жана аны кантип дарылоо керек экендигин биле турган иммунология илиминин бир бөлүгү).

АЛЛОКЕРАТОПЛАСТИКА аллокератопластика (башка кишиден алынган көздүн сыртқы катмарын жамап, көздөгү дартты айыктыруу).

АЛЛОКОЖА аллотери (күйүктөн жабыр тарткан жердеги терини өлгөн адамдын терисинен жамап толуктоо).

АЛЛОКОСТЬ аллосөөк (өлгөн адамдын сөөгүн тирүү адамдын сөөгүнүн кемтигине керектөө).

АЛЛОЛАМИЯ аллоламия (сөздү туура сүйлөй албоо; бул көпчүлүк учурда мээ дартка чалдыкканда байкалат).

АЛЛОМЕТРИЯ аллометрия (дененин кээ бир бөлүкчөлөрүнүн бирдей өлчөмдө өсө албастыгы).

АЛЛОМИЕЛОТРАНСПЛАНТАЦИЯ алломиелотрансплантация (бирөөнүн же өлгөн адамдын сөөгүндөгү чучугун оорулуу адамды дарылоо үчүн көчүрүп коюу).

АЛЛОПЛАСТИКА аллопластика (бир дененин кемтигин, ийрисин калыбына келтирүү үчүн өз денесинен албай, башка бирөөнөн алып

келип ийрисин толтуруу, түзөө).

АЛЛОТРАНСПЛАНТАЦИЯ аллотрансплантация (бир адамдын тканын экинчи адамга жамоо, жалгоо).

АЛЛОТРИОФАГИЯ аллотриофагия (адамдын психикасы бузулуудан тамак эмес заттарды жеши. Бул көбүнчө жин оорусунда байкалат).

АЛЛОХОЛ аллохол (тутумунда сарымсак, чалкан, уйдун өтү аралашкан дары. Көбүнчө боордун өнөкөт оорусун дарылоого колдонулат).

АЛЛОХЕЙРИЯ аллохейрия (колду же бутту оң жагын бир нерсе менен дүүлүктүрсө денеинин сол жагында дүүлүктүргүчтү түюнуу менен алмашылган сезгичтиктин бузулушу).

АЛЛОХРЯЩ аллочемирчек (өлгөн адамдын алынып сактылып койгон чемирчекти башка адамга колдонуу. Көпчүлүгү сөөктүн кулгунасындагы кобулду толтурууда колдонулат).

АЛОПЕЦИЯ алопеция (чачтын бир аз жери же баары тең тегиз, убактылуу же такыр чыкпай калуу учуру; такыр баш болушу).

АЛФЕРОВА ОПЕРАЦИЯ Алферовдун операциясы (эркектин жумурткасына суу толгондо, жумуртканын тышкы катмарын жарып калтанын ички катмарына жамап коюучу операция. Бул Алферовдун ааамында).

АЛЬБАРРАНА ДОСТУП Альбарран жетүүсү (бөйрөктүн жана сийдик куюлуучу түтүктүн жогорку бөлүгүнө жетүү үчүн бел кырчоо булчунун кыйгач кесүү менен аларга жетүү).

АЛЬБАРРАНА ОПЕРАЦИЯ Альбарран операциясы (бөйрөккө суу толуп кеткенде бөйрөктүн күлтүгү менен сийдик куюлуучу түтүктүн капталына көбүл жасап тигип коюучу операция).

АЛЬБАРРАНА-ГЮЙОНА МЕТОД Альбарран-Гюйон методу (эркектин сийдик чыгаруучу түтүгүнүн тышкы бөлүгү тешилгенде анын тешилген жерине чыбыктын терисин кесип алып жамоо менен бүтүрүү ыгы. Автордун ааамында).

АЛЬБЕДОМЕТР альбедометр (күндүн жайылып чачыраган нурунун күчүн өлчөөчү аспап. Медициналык климатологияда колдонулат).

АЛЬБЕРТА КИШЕЧНЫЙ ШОВ Альбертин ичеги тигиши (ичегинин эки үчүн кошуп эки кабаттап тигилген тигиш. Биринчи тигиш ички катмарына, экинчиси сырткы катмарына өзүнчө салынат).

АЛЬБИНИЗИ альбинизм (төрөлгөндөн эле теринин жана чачтын кадимкидей түстө болбостон агарып калышы).

АЛЬБУГИНИТ альбугинит (эркектин жумурткасынын белок деп аталган катмарынын сезгениши).

АЛЬБУМИНОХОЛИЯ альбуминохолия (боордун жана өт жолдорунун

сезгенүүсүндө байкалуучу өт сүзүктүгүндө белоктун көптүгү).

АЛЬБУМИНУРИЯ альбуминурия (оорунун себебинен сийдик аркылуу белок затынын бөлүнүп чыгышы. Бул көбүнчө бөйрөк дартка чалдыкканда байкалат).

АЛЬБОМОЗУРИЯ альбомозурия (сийдик аркылуу жарым жартылай бөрчаланган белок затынын бөлүнүп чыгышы).

АЛЬВЕЙН альвейн (альвей бацилласы чыгарган, туберкулездун микробактериясына, кайруучунун бацилласына өлтүрүүчү таасирин тийгизе турган антибиотик).

АЛЬВЕОКОККОЗ альвеококкоз (боорго мите бүдүрчөлөрүн пайда кылып андан башка мүчөлөргө жайылууга жөндөмдүү тендиноз группасындагы гельминт).

АЛЬВЕОЛА ЗУБА тиштин чөнөктөрү (сөктеги тиштердин түбүнүн аштала турган чөнөктөрү).

АЛЬВЕОЛА ЛЕГКОГО өпкөнүн альвеоласы (бронхдор аз-аздан кичирейип отуруп жеткен жериндеги аба толгон өтө жука чөнөк-чөнөк бөлүкчелөрү).

АЛЬВЕОЛИТ Iальвеолит (бронх тармактары сезгенбей альвеола туштун тобу менен сезгенген учуру).

АЛЬВЕОЛИТ II альвеолит (тиштин тобу бекиген чөнөктүн сезгениши. Бул тишти жулгандан кийин анын орду ириндегенде байкалат).

АЛЬВЕОЛОЦИТЫ альвеолоциттер (өпкөнүн альвеола деп аталган бөлүгүндөгү эпителий клеткасы).

АЛЬВЕОЛЯРНО-КАПИЛЛЯРНЫЙ БЛОК альвеол капиллярдык бөгөт (өпкөнүн мембранынан кислороддун өтүшүнүн өтө начарлашы. Көбүнчө Бек саркомасы деген өпкөнүн оорусунда байкалат).

АЛЬВЕОЛЯРНЫЙ ВОЗДУХ альвеолдогу аба (дем алганда кирген өпкөнүн өтө тереңиндеги аба).

АЛЬВЕОЛЯРНЫЙ ОТРОСТОК альвеолардык урчук (үстүңкү сөктин тулкунун төмөнкү уландысы деп эсептелген догодой ийилген сөөк тажысы).

АЛЬГОДИСМЕНОРЕЯ альгодисменорея (чикарттеп, ичинин төмөнкү жагы жанчып дүпейүп ооруп, ал бел кырчоого жана куймулчак тушка тароо менен коштолгон этеккир келүү кезеги бузулган учуру).

АЛЬГОМЕНОРЕЯ альгоменорея, к. АЛЬГОДИСМЕНОРЕЯ

АЛЬГОМИОКЛОНИЯ альгомиоклония (булчундун диртилдеп, ооруп тартылышы. Бул үчүлтүк нерв дартка чалдыкканда, жаак булчуңдарында байкалат).

АЛЬДОСТЕРОМА альдестерома (альдостеронду бөлүп чыгаруучу бөйрөк үстүндөгү бездин сырткы бөлүгүнүн түрмөк зонасындагы шишик).

АЛЬДОСТЕРОН альдостерон (организмде натрий алмашуусуну тактоочу таасирди тийгизген, бөйрөктүн үстүндөгү бездин сырткы бөлүгүнүн түрмөк зонасындагы стероиддик гормон).

АЛЬПЕРСА СИНДРОМ Альперс синдрому (балдардын мээсинин боз заты дартка чалдыгууда байкалуучу сокурлук, диртилдөө, акылы аздык улул синдромго таандык).

АЛЬПОРТА СИНДРОМ Альпорт синдром (балдарда сийдик аркылуу кан, протеин, лейкоциттөр чыгуу, кулагы, чечекейи чеч болуу, көзү бозоруу менен жашы 16-35 чамасында бөйрөгүнүн иштеши начарлоо. Бир үй бүлөнүн бардыгында байкалган улул синдромго таандык).

АЛЬСТРЕМА СИНДРОМ Альстрем синдрому (көздүн тор катмарынын түсү өзгөрүү, өтө семирүү, кант диабети кошул-талыл болгон тукум куучу оору).

АЛЬСТРЕМА ОЛЬСЕНА СИНДРОМ Альстрем Ольсен синдрому (көздүн тор катмарындагы нейроэпителий клеткасынын тескери өсүшүнөн пайда болгон көздүн начар көрүү дарты. Дарт тукум куучу).

АЛЬТГАУЗЕНА МЕТОД Альтгаузен методу (глюкоза менен щелочту кошуп жылытканда өңүнүн өзгөрүшүнө карапа сийдиктеги канттын эсебин чыгаруу методу).

АЛЬТЕРАЦИЯ альтерация (органдардын жана ткандардын клеткаларынын түзүлүшү өзгөрүү менен катар алардын жашоо шартынын да бузулушу).

АЛЬТОМИЦИН альтомицин (микробдорго кенири таасир тийгизген антибиотик. Бул 1949-жылы Советтер Союзунда жасалган).

АЛЬТШУЛЕРА МЕТОД Альтшулер методу (индиканы темирлүү хлор менен кошулганда кычкылдануу менен катар көк түс пайда болгондугуна карапа сийдиктеги индиканды сан жагынан тактоо ыгы).

АЛЬФЕЛЬДА ПРИЗНАК Альфельд белгиси (кесилген киндиктин эне жак учунун өтө жалпайып узарышына карай, баланын тону жатындан толук ажыраган учурун далилдөө белгиси).

АЛЬФЕЛЬДА СПОСОБ Альфельд ыгы (операция жасоодон мурун хирургдун колун тазалоо ыгы).

АЛЬЦГЕЙМЕРА ГЛИЯ Альцгеймер глиясы (жашына жараша акылдан адашкан адамдардын мээсинин цитоплазмасы жокко эсе нерв глия клеткасы).

АЛЮМИНОЗ алюминоз (дайыма алюминий аралашкан чаңды дем алуудан пайда болгон өпкөнүн оорусу).

АМАВРОЗ амавроз (борбордук нерв системасы дартка чалдыкканда байкалуучу көздүн сырткы көрүнүшү өзгөрбөй, карек кичирейип, чоңоюп турса деле көздүн бир жагы же экөөнүн тең көрбөй калышы).

АМАКСОФОБИЯ амаксофобия (адамдын дөңгөлөктүү транспорттон өтө коркушу).

АМАЛЬГАМЫ амальгамдар (металл менен сымаптын кошундусу; мунду тиштин врачтары кариес тиштин чуңкурун толтуруу үчүн колдонушат).

АМАЛЬГАМ ТРЕГЕР амальгам трегер (упа түрүндөгү амальгам затын кариес тиштин көндөйүнө сузуп бара турган курал-сузгуч).

АМАРИЛЛЬНАЯ МАСКА амарилль маскасы (сары калтыратма деген оорудагы байкалуучу беттин териси, эриндин шишиңки тартып кызарышы, көздүн кан тамырларынын кеңейиши жана тилдин анардай кызарып көрүнүшү).

АМАСТИЯ амастия (эмчектин бирөө же экөөнүн тең жоктугу).

АМАТО ТЕЛЬЦА ЛЕЙКОЦИТОВ лейкоциттеги Амато бүдүрү (кызамык оорусунда байкалуучу лейкоциттин ичиндеги көрүнгөн бүдүрчөлөр).

АМАТОФОБИЯ аматофобия (адамдын дайыма эле чаңдан корко бериши).

АМБИДЕКСТРИЯ амбидекстрия (оң жана сол колдун бирдей функция аткарышы, тендиги).

АМБИСЕКСУАЛЬНОСТЬ амбисексуалдуулук к. ГЕРМОФРОДИТИЗМ

АМБЛИОПИЯ амблиопия (көрүү анализаторлорунун функциясы бузулуудан көздүн көрүшүнүн начарлашы).

АМБЛИОПСИЯ амблиопсия (көздүн көрүү кемчилиги жок болгону менен бирок бир буюм эки болуп кош көрүнүшү).

АМБЛИОСКОП амблиоскоп (кыйшык көздүүлөрдү калыбына келтирүүгө көнүктүрүү үчүн колдонулуучу аппарат).

АМЕБУРИЯ амебурия (амебдордун денеден сийдик аркылуу чыгышы).

АМИГДАЛОТОМ амигдалотом (тамак безин кесүүгө ылайыкталып жасалган аспап).

АМБУЛАТОРИЯ амбулатория (өзү келген ооруларга жана ооруулардын үйүнө барып медициналык жардам бере турган медициналык мекеме).

АМБУЛАТОРИЯ ПЕРЕДВИЖНАЯ көчүп жүрүүчү амбулатория (айылдагы же мал баккандарды медициналык тейлөө үчүн аларга дарылоо жана профилактика чараларын өткөрө турган областтык же райондук меди-

цина мекемелеринин тармагы).

АМБУЛАТОРНАЯ КАРТА амбулатордук карта (өзү келип врачка кайрылган дарттууларга медициналык жактан тейлөөнүн бардык жыйынтыгын тукундура турган ар бир адам үчүн дептерче).

АМБЮРЖЕ ИГЛА Амбюрже ийнеси (бөйрөктүн дартын изилдөө үчүн бөйрөктөн клетка алып чыгууга ылайыкталган ички көңдөйү чоңураак ийне. Автордун ааамында).

АМЕБИОЗ амебиоз (жоон ичегини жаратка чалдыктыруучу мите курт пайда кылган өнөкөт ич өткөк оорусу).

АМЕБИОЗ КОЖИ теринин амебиозу (амебиоз оорусунун ичегиден тышкары кеткен формасы. Мында жарат куйрукка жана чаткаяк тушка жайылат).

АМЕБОЦИДЫ амебоциддер (амебиоздорду дарылоо үчүн колдонулуучу дарылар. Аларга эметин, метронидазол, ятрен дегендер кирет).

АМЕГОКАРИОЦИТОЗ амегокариоцитоз (бир жумага чейинки жаңы төрөлгөн баладан кан агып токтобой коюу. Ошондой эле сөөгүндөгү кемтигинич да болуп калышы).

АМЕЛИЯ амелия (колу, буту жок төрөлгөн адам).

АМЕНОРЕЯ аменорея (этеккир келе турган учурунда келбей, алты айга чейин токтолуп калышы).

АМЕНЦИЯ аменция (кыймыл аракети, айткан сөзү, ойлогон ою бири-бирине байланышпай, унутчаактык өкүм сүрүү менен чектелген сезим).

АМИГДАЛИТ амигдалит к. ТОНЗИЛИТ

АМИГДАЛОТОМИЯ амигдалотомия (талма оорусунун бир түрүндө жана кээ бир психикалык ооруда мээдеги миндал сымал бүдүрдү жара кесип коюу операциясы).

АМИДОПРИНОВАЯ ПРОБА амидоприн баамдоосу (көпкө чейин температурасы жогорулаган адамга амидопириндин дозасын жогорулатуу жолу менен бергенде, температурасы өз калыбына келме, ал эми, температура жогору болсо жугуштуу оорунуку экен деп эсептелет).

АМИЕЛИЯ амиелия (мээнин, жүлүндүн жоктугу, омурткалардын ичиндеги жүлүн жаткан кобулдун эки ача болуп калышы менен чектелген кем өсүш).

АМИКСОРЕЯ амиксорея (ичеги карындын ичиндеги бездердин былкырлуу суюктукту чыгара албай калышы).

АМИЛАЗА амилаза (амилазанын көпчүлүгү уйку безинен, азыраагы шилекей безинен иштелип чыгуу менен организмдеги кант алмашууга катышат. Амилазанын санын эсептеп, уйку бези дартка канчалык дуушар болгондугун билишет. Боордун берч оорусунда кандагы амилаза жоголот).

АМИЛОЗ амилоз (дайыма ундун чаңын дем алып жүргөн адамдардагы байкалуучу өзгөчө өпкө оорусу).

АМИЛОИД амилоид (белок заты алмашуу бузулуудан глобулиндер менен полисахариддердин организмдеги ар кайсы органдарда жана тамырлардын капталына чогулганы).

АМИЛОИДОЗ амилоидоз (белок алмашуу бузулганда амилоиддер ткандарга чогулуп, органдардын көлөмүн кичирейтип, функциясын начарлатышы. Бул узакка созулган ирин ооруларында байкалат).

АМИЛОРЕЯ амилорея (заң аркылуу толугу менен сиңириле элек крахмалдын өтө көп өлчөмдө чыгышы. Бул ичеги өтө күчтүү жыйрылганда байкалат).

АМИМИЯ амимия (кээ бир оорулардын кийин кабак-кашты кыймылдатуучу булчундардын кыймылдабай калган учуру).

АМИНАЗИН аминазин (таасири боюнча адамдын жанын жай алдыруучу дары. Муну психиатрлар кеңири колдонулат).

АМИНЕВА МЕТОД Аминевдун ыгы (хирургдун колуна кийген резина мээлейин микробдордон арылтуу үчүн аны спирт сүйкөп жана сулема эритмеси менен жуу).

АМИНОАЦЕТИДЕМИЯ аминоацетидемия (кандын суюктугунда бир же бир нече аминокислоталардын санынын көпчүлүгү. Бул боордун функциясы бузулган учурда байкалат).

АМИНОАЦИДУРИЯ аминоацидурия (сийдик аркылуу бир же бир нече аминокислоталардын көп чыгышы).

АМИНОТРАНСФЕРАЗА аминотрансфераза (организмдеги зат алмашууда, аминокислоталар менен кетокислоталардын реакцияларына катышуучу фермент. Бул бардык ткандарда учурайт. Жүрөк булчундарда инфаркт болгондо ал өтө көбөйөт, фермент сарык оорусунда өзгөчө белгиленет).

АМИНОКИСЛОТЫ аминокислоталар (бир же бир нече аминогруппасы бар органикалык кислота. Белоктун молекуласынын түзүлүшүнүн негизги бирдиги. Аминокислоталардын организмдеги реакциясынын бузулушу түздөн-түз оору пайда болушуна алып келет).

АМИОСТЕНИЯ амиостения (булчундардын шалбырап алсыздаңышы).

АМИОТАКЦИЯ амиотакция (дененин бир жериндеги булчундардын эрксизден кыймылдашы, тартышы).

АМИОТОНИЯ амиотония (булчундун чың болбой шаланкы болушу).

АМИОТРОФИЯ амиотрофия (булчуңга тамак заты жетишпегендиктен анын талчалары ичкерип, жыйрыла албастыгы ага себепкер жүлүндүн ичи же чет жактагы нервдердин функциясынын бузулушу).

АМИТОЗ амитоз (клетканын өзүнөн өзү жөнөкөй бөлүнүшү).

АММОНОВ РОГ аммон мүйүзү (мээнин иймек түспөл бөлүгү).

АМНЕЗИЯ амнезия (болуп өткөн окуяларды адамдын эстей албай калган-учуру).

АМНИОН амнион (жатындагы баланын тонунун ички кабаты).

АМНИОПЛАСТИКА амниопластика (ткандардын кемтигин мурунтан даярдалып сакталган амнионду колдонуп, операциялык жол менен толуктап толтуруу).

АМНИОТОМИЯ амниотомия (акушердик операция - каканак жаруу).

АМНИОЦЕНТЕЗ амниоцентез (медициналык шартка ылайык каканак суюктугун диагноз коюу үчүн же бойдон түшүрүү үчүн ийне сайып алып көрүү).

АМОК амок (талмаданбы же психика жактанбы эстин элдирселдирлигинде ээлигип качып же бирөөлөргө кол салганын эртеси эстей албай калган учуру).

АММОСА СИНДРОМ Аммос синдрому (жаткан адам артын таянбай тура албастыгы. Бул жондун узун булчуңунун алы кеткенде байкалат).

АМПЛЕОТЕРАПИЯ амплеотерапия (кээ бир ооруларды жүзүм менен дарылоо).

АМПУЛА ампула (формасы түтүк сыяктуу органдардын бир жери чоюлуп кеңейген жери, м.: жоон ичегинин бүткөн жери).

АМПУТАЦИЯ ампутация (операциялык жол менен мүчөнүн бир бөлүгүн кесип, алып таштоо, м.: колду же бутту).

АМПУТАЦИЯ ПИРОГОВА Пироговдун ампутациясы (кызыл ашыктын үстүнөн жогору, жотс жиликтин сөөктөрүн таарып алып таштоо. Жото жиликтин учуна согончок сөөкту өп кыйып алтоо менен бутту жер баскыдай кылып ылайыктоо).

АМСЛЕРА ПУНКЦИОННАЯ ИГЛА Амслер ийнеси (көздүн алдыңкы камерасына ийне сайып, андагы суюктукту алып же толтуруш үчүн ылайыкталып жасалган ичи өзгөчө кеңдейлүү ийне).

АМУЗИЯ амузия (музыка үгүү жөндөмдүүлүгүн жоготуу менен мурунку билген музыкалык эстөөсүн да жоготуу).

АМФИАРТРОЗ амфиартроз (эки сөөктүн аштalып муун болушу. Бул муундун такыр дээрлик кыймылсыздыгы, м.: шыйбылчак муундары).

АМФИТРИХ амфитрих (шапалак жипчелери башына жана аягына жайгашкан бактерия).

АМФОТОНИЯ амфотония (вегитативдүү нерв системасынын өзгөчө тез козголуусу).

АМЮССА ПРИЗНАК Амюсс белгиси (муунун өлгөн адамды сойгондо табылган маңдун күрөө кан тамырларынын ичке кан тамырыларында туурасынан же узунунан жаранка кеткендей из калышы).

АНАБИОЗ анабиоз (организмдин бардык функцияларынын убактылуу эң начар иштеш абалы, чала жандуулук).

АНАВАКЦИНА анавакцина (формалин эритмеси менен көпкө таасир берип өлтүрүүчү вакцина).

АНАГОРМОН анагормон (химиялык бирикмеси боюнча гормонго жакын, бирок гормондой таасир бере албай турган зат).

АНАЛИЗ САНИТАРНО-БАКТЕРИОЛОГИЧЕСКИЙ санитардык-бактериологиялык анализ (айлана-чөйрөнүн булганчтык деңгээлин мүнөздөй турган физико-химиялык жана бактериялык талкуулоо аракети).

АНАЛИЗ САНИТАРНОЙ ВОДЫ сууга санитардык анализ (суунун гигиеналык көрүнүштөрүнүн көрсөткүчүн, сапатын мамлекеттик стандартка салыштырып баалоо).

АНАЛИЗ СУДЕБНО-ХИМИЧЕСКИЙ соттук-химиялык анализ (ички органдардын ткандарындагы, биологиялык суюктуктардагы жана күнөм санаган нерселердеги химиялык заттарды сан жана сапат жагынан аныктоо).

АНАЛИЗ ФАРМАЦЕПТИЧЕСКИЙ фармацевдик анализ (дарылык сырьелордогу таасир берүүчү дарылык касиетин сан жана сапат жагынан СССР мамлекеттик фармакология тарабынан жүргүзүлгөн аныктоо).

АНАЛИЗАТОР анализатор (организмдин ичиндеги же айлана чөйрөдөгү болгон нерселердин өзгөрүүлөрүн кабыл ала турган анатомдук жана физиологиялык мүчө, м.: көз, кулак, мээ).

АНАЛГЕЗИЯ аналгезия (дененин ооругандыгын сездирбөө чаралары. Операция жасоо убагында жүргүзүлөт).

АНАЛГЕТИКИ аналгетиктер (дененин бир жериндеги ооругандыкты басуучу, сездирбөөчү дарылар).

АНАЛЕПТИКИ аналептиктер (нерв системасынын ишине түртүү берип анын ичинен аткарган кызматын калыптандыруучу дарылар; аналептиктердин таасиринен кан айлануу, дем алуу процесси жакшырат).

АНАЛЬБУМИНЕМИЯ анальбуминемия (организмде альбуминдерди жетишээрлик өлчөмдө синтездей албагандыктан келип чыккан чарчоо, ал кетүү, көздө бут шишиүү менен мүнөздөлгөн түкүм куучу сору).

АНАЛЬГИН анальгин (денедеги жалпы ооруганлыкты басуучу дары).

АНАЛЬНОЕ ОТВЕРСТИЕ арткы тешик (жоон ичегинин бүткөн жери, б.а. көтөн чучуктун учу).

АНАМАЛИЯ анамалия (кадимки өз нормасынан мүчөнүн бөтөнчө болуп түзүлүшү, м.: беш бармактын ордуна алты бармак; бир баштын ордуна эки баштын жаралашы ж.б.).

АНАМНЕЗ анамнез (ооруларга суроо берүү, оорулууну жана анын жакындарын суроо аркылуу оорунун башталыш маалыматын билүү жана оорунун атын табууга врачтын аракети).

АНАМНЕСТИЧЕСКАЯ РЕАКЦИЯ анамнестик реакция (кайталап берген антигенге организмдин берген жообу. Антител көп болуу менен анын бат пайда болушу. Мындай көрүнүш адамдын мурун бир жугуштуу оору менен ооругандыгын далилдейт).

АНАМНЕСТИЧЕСКИЙ МЕТОД анамнестик метод (текшерип жаткан адамдардын башынан өткөргөндөрүн суроо жолу менен алар жөнүндө медициналык маалымат алуу жолу).

АНАНКАСТ ананкаст (адамга жабышчаак (ач кенедей) болуп калган оорулуу адамдын абалы).

АНАПЛАЗИЯ анаплазия (коркунучтуу шишиктеги зөлалдуу өскөн клеткалардын түзүлүшү жана биологиялык касиети нормадан такыр башкача өзгөрүшү).

АНАРТРИЯ анартрия (добуш чыгаруучу булчундар шаланкы болуп калган учурда сөздү ачык, так сүйлөй албоо. Бул тубаса же кийинки мезгилде байкалат).

АНАСТОМОЗ анастомоз (кан, лимфа тамырлардын жана ичегилердин кобулун бузбай операциялык жол менен жалгаштырып жамап коюу операциясы).

АНАСТОМОЗИТ анастомозит (кан жана лимфа тамырлардын , ичегинин жалгаштырылган жеринин сезгенч оорусу).

АНАСТРОФЕ анастрофе (өзүн өзгөчөмүн деп эсептеген, кулк мүнөз бузулуп, дөөрүгөн психикалык оорулуу).

АНАТОКСИН анатоксин (формалиндин таасири менен ууландыруучу алын кетирген дифтериянын столбняктын ж.б. майда жандыктырдын токсини).

АНАТОМ анатом (адамдын дене түзүлүшүнүн формасын изилдей турган кесипте иштеген адам).

АНАТОМИЧЕСКАЯ ПИЛА анатомиялык араа (анатомиялык изилдөө жүргүзүү үчүн өлүктүн сөөгүн тааруурга ылайыкталган бир же эки кишилүү аспап).

АНАТОМИЯ анатомия (адамдын дене түзүлүшүн окуучу медициналык илимдин бир бөлүгү).

АНАТОМИЯ НОРМАЛЬНАЯ нормалдуу анатомия (адамдын дене түзүлүшү, кеби бузулбай турган учурдагы абалын биле турган окуу).

АНАТОМИЯ ТОПОГРАФИЧЕСКАЯ топографиялык анатомия (адамдын дене түзүлүшүнүн бири-бирине болгон катнашын окуй турган анатомиялык илимдин бир бөлүгү).

АНАФАЗА анафаза (клеткалардын бөлүнүү жолунда хромосомдору эки тарапка кетип, бөлүнүү учурундагы абалы).

АНАФИЛАКСИЯ анафилаксия (аллергенди ийне менен денеге сайып киргизгенде аллергиялык реакциянын бат башталган учуру. Анафилаксия көптөгөн типке бөлүнөт).

АНАФОРИЯ анафория (эки көздүн экөө тең үстү жагына аңтарылып кетүүгө ыңгайлуулугу).

АНАЦИДИТАС анацидитас (ашказандын маңызынын тутумунда бош кычкылдыгынын жоктугу).

АНАЭРОБЫ анаэробдор (кислородсуз шартта жаша" турган көз бир бактериялар).

АНАЭРОБНАЯ ИНФЕКЦИЯ абасыз жугуштар (абасыз шартта жашаган микробдордон пайда болгон жугуштуу оору).

АНАЭРОСТАТ анаэростат (кислородсуз шартта жашоочу микроорганизмдерди багуучу илимий изилдөө үчүн атайын жасалган аппарат).

АНГЕДОНИЯ ангедония (көңүлдөнүүгө, шаттануурга такыр көңүлдөнбөй психиканын бузулушу).

АНГЕЛЕСКУ СИМПТОМ Ангелеску симптому (оорулуу адамдын согончогуна же келкесине таяныч боюн өздө көтөрө албоо учуру. Омурткасынын туберкулөз оорусунда байкалат).

АНГИАЛГИЯ ангиалгия (артерия тамырынын тегереги, тышкы катмары сезгенде сезилүүчү кан тамыр жайылган түштүн сыздап оорушу).

АНГИДРЕМИЯ ангидремия (кандын суюктугу азайып, кан коюлуу. Бул кан тамыр оорусунда жана адамдын денеси күйгөн учурда байкалат).

АНГИДРОЗ ангидроз (тер чыкпоо менен мүнөздөлгөн оорулуу абал).

АНГИЙТ ангийт (артерия жана вена тамырларынын сезгениши).

АНГИНА ангина (ооздун ичиндеги жуткуч мүчөсүнүн лимфа кыр-чоосундагы лимфа безинин чокморунун сезгениши; АНГИНА АБДОМИНАЛЬНАЯ ич ангинасы (ичтин тушу өтө катуу ооруп, адам кусат. Анын себеби, чычыркай артериясы кысылып, ичегиге кан аз баргандыктан кебеп чыгат); АНГИНА ГЕРПЕТИЧЕСКАЯ герпетикалык ангина, к.ГЕРП АНГИНА АНГИНА ГРИБКОВАЯ грибок ангинасы (грибок себепкер болгон алкым бездин тез сезпениши. Тамак кызарып шишип көмөкөйгө ак кебер пайда болуу менен мүнөздөлгөн оору); АНГИНА ГРИППОЗНАЯ грипп ангинасы (алкым кыпкызыл болуу менен чектелген грипп оорусу); АНГИНА ДИФТЕРИЙНАЯ дифтериялык ангина (дифтерия оорусунда алкым бездеринин кадимки ангина сыяктуу ооруусу); АНГИНА ЛЮДВИГА Людвиг ангинасы (алдыңкы ээктин алкымдын кошуучу ткандарынын безинин жугушту, ирин оорусу); АНГИНА ПЕКТОРАЛИС көкүрөк ангинасы (көкүрөктүн сол жагында, жүрөк тушта заматта пайда болгон катуу ооруу. Ал негизинен төштүн арт жагында болгондой сезилет. Көпчүлүк учурда сол кол ийни менен кошо ооруйт. Оорунун себеби жүрөктүн кан тамыры жетишсиздигинен келип чыгат); АНГИНА ПЛАУТА-ВИНЦЕНТА Плаут-Винцент ангинасы (көмөкөйдө байыр алган ар түрдүү микробдордон пайда болуу менен андагы лимфа ткандуу бездердин өңү кыпкызыл болуп, ак кебер менен капталган көмөкөйдөгү бездин капысынан кармаган сезгенч оорусу); АНГИНА СИФИЛИСТИЧЕСКАЯ котон жара ангинасы (котон жаранын маалында алкымдагы бездин ага мүнөздүү сезгенч оорусу).

АНГИОАРХИТЕКТОНИКА ангиоархитектоника (кан тамырлардын жайлуу ыгын алардын өз ара байланышын бир эле мүчөдөгү түзүлүшүн биле турган анатомия илимининн тармагы).

АНГИОГРАФИЯ ангиография (рентгендик нур өтпөс суюктукту кан тамырдын ичине куюп, аны рентген аппараты менен сүрөткө тартып алуу).

АНГИОДЕРМИТ ПУРПУРОЗНЫЙ теринин кызыл көк түстөгү сезгенчи (вена тамыры кеңейгенден келип чыккан, буттун терисиндеги көк ныз-гылт тарткан аймагы 0,5 сантиметрге жеткен теринин сезгенч оорусу).

АНГИОКАРДИОГРАФИЯ ангиокардиография (жалпы кан тамырлар системасына рентген нуру өтпөгөн суюктук куюп, жүрөктүн ичиндеги кобулду кана жалпы кан тамырларды сүрөткө түшүрүү).

АНГИОКЕРАТОМА ангиокератома (дененин бир жеринде бир же бир нече сандаган кан тамырдан катуу болуп өсүп чыккан теринин зыянсыз шишик оорусу).

АНГИОЛЕЙОМИОБЛАСТОМА ангиолейомиобластома к. АНГИОЛЕЙОМИОСАРКОМА

АНГИОЛЕЙОМИОМА ангиолейомиома (майда кан тамырлардан жука булчуң талчаларынан өсүп чыккан зыянсыз шишик).

АНГИОЛЕЙОМИОСАРКОМА ангиолейомиосаркома (кан тамырлардын капталындагы жука булчундун жипчелеринен өсүп чыккан зыяндуу шишик - САРКОМА).

АНГИОЛИЗ ангиолиз (кан тамырдан өсүп чыккан эттеринин тегерегиндеги этинен ажырата турган хирургиялык операция).

АНГИОЛИПОМА ангиолипома (кан тамырга өтө бай майдан өсүп чыккан шишик).

АНГИОЛИПОМАТОЗ ангиолипоматоз (май алмашуу бузулганда байкалуучу теринин алдында, ичте, бөйрөктүн сыртқы кабыгында көп сандагы май шишиктер).

АНГИОЛИТ ангиолит (рентгендик кароодо гана табылган кан тамырлардын ички бетине кан уюп, ал катып, ташка айланган учур).

АНГИОЛОГИЯ ангиология (лимфа жана кан тамыр системаларын окуп үйрөнүүчү медициналык илим).

АНГИОМА ангиома (жаңыдан өсүп келе жаткан лимфа же кан тамырлардан пайда болгон залалсыз шишик).

АНГИОМАЛЯЦИЯ ангиомаляция (артерия тамырынын ортоңку катмарын талчалары жумшарып кеткен оорусу).

АНГИОМАТОЗ ангиоматоз (дененин дартка чалдыккан бөлүгүндөгү кан тамырлардын өтө көп болгон учуру).

АНГИОМАТОЗ СЕТЧАТКИ көз торчосунун ангиоматозу (көздүн тор катмарындагы тамырлардан өсүп чыккан күңүрт кызыл тарткан бүдүрчөлөрү).

АНГИОМИОМА ангиомиома, к.АНГИОЛЕЙОМИОМА

АНГИОПАГИ ангиопагдар (кан айлануу системасы чогуу болуу менен катар, жабышып өсүп калган эгиз бала).

АНГИОПАРЕЗ ангиопарез (артериялык кан тамырдын капталы көпшөк болгондуктан ал кансыз калган чөйрөдөгү ткандардын кызарып шишиңки тартып турушу).

АНГИОПАТИЯ ангиопатия (кан тамырлардын жалпы оорусу).

АНГИОПНЕВМОГРАФИЯ ангиопневмография к.АНГИОПУЛЬМОНОГРАФИЯ

АНГИОПУЛЬМОНОГРАФИЯ ангиопульмонография (кан тамырдын айлана-чөйрөсүндөгү өпкө тамырларына рентген нуру өтпөгөн зат куюп туруп рентгендик изилдөө жолу).

АНГИОРЕТИКУЛЕМА ангиоретикулема (көптөгөн каппиллярлардан жана тамырдын араларындагы ткандардан турган залалсыз шишик. Мыдай шишик каракуш мээде же жүлүндө кезигет).

АНГИОРЕТИКУЛОСАРКОМА ангиоретикулосаркома (ангиоретикулеманын залалдуу өскөн формасы. Ал жаңы пайда болгон тамырдан жана көп сандагы саркоманын клеткаларынан турат. Клеткалар тамырдын сыртқы катмарынан өсүп чыгат).

АНГИОСАРКОМА ангиосаркома (кан жана лимфа тамырларынын капталынан өсүп чыккан залалдуу шишиктердин жалпы аты).

АНГИОСКЛЕРОЗ ангиосклероз (кан тамырдын капталына кошуучу ткандар өтө өсүп, катуулап жана катмарланышынан келип чыккан жалпы оору).

АНГИОСКОПИЯ ангиоскопия (кан тамырдын ички бетин атайын жасалган аспап - эндоскоп менен карап изилдөө методу).

АНГИОПСАТИРОЗ ангиопсатироз (майда кан тамырлардын бат жарылуура ынгайлуулугу).

АНГИОРЕКСИС ангиорексис (лимфа же кан тамырлардын үзүлүшү).

АНГИОРРАФИЯ ангиорафия (кан тамырдын тигиши, тамырды тигүү, кан тамыр ооруларынын операцияларында жүргүзүлөт).

АНГИОСПАЗМ ангиоспазм (капталындагы булчуңдары карышуудан майда артериолдор жана артерия тамырларынын ичи - кобулу кичирейиши. Ошонун себебинен ошол тушка кан аз барып андан келип чыккан өзгөрүүлөр).

АНГИОСТЕНОЗ ангиостеноз (кан тамырдын көлөмүнүн тарышы).

АНГИОТАКСИЧЕСКИЙ МЕТОД ангиотаксикалык метод (кан тамырда пайда болгон дартты дарылоо үчүн атайын жасалган аспап менен түздөн-түз кан тамырдын ичине дары жибериү жолу).

АНГИОТЕНЗИН ангиотензин (ангиотензиногенден алынган биологиялык жактан активдүү белок. Анын таасиринен кан тамыр куушурулуп кандын басымы көтөрүлөт).

АНГИОТЕНЗИНОГЕН ангиотензиноген (боордо пайда болуучу кан суюктугунун белогу ангиотензинден алынат).

АНГИОТОНИН ангиотонин. к. АНГИОТЕНЗИН

АНГИОТРЕПСИЯ ангиотрепсия (аккан канды токтотуу үчүн кан тамырды атайын жасалган кыпчуур менен толгоп, кысып токтотуу жолу).

АНГИОФИБРОМА ангиофиброма (тамырлуу жана талчалуу кошуучу ткандардан турган залалсыз шишик).

АНГИОХОЛЕЦИСТИТ ангиохолецистит (өт баштыкчасы менен катар, боордун ичиндеги өт жолдорунун түтүкчөлөрүнүн сезгениши).

АНГИОХОЛИТ ангиохолит к. ХОЛАНГИТ

АНГИОРЕЦЕПТОРЫ ангиорецепторлор (кан тамырдын кеңейишин жана кандын ичинде химиялык өзгөрүүлөрдү сезе турган кан тамырдын ички капталындагы нерв клеткаларынын тарамдары).

АНГИОЦЕРЕБРОГРАФИЯ ангиоцеребрография (мээнин кан тамырларына рентген нуру өтпөгөн суюктук жиберип, аны рентгендин жардамы менен сүрөтүн кагазга түшүрүү).

АНГИОЭКТАЗИЯ ангиоэктазия (кан тамырлардын кеңейип кетиши).

АНГИОЭНДОТЕЛИОМА ангиоэндотелиома (кан же лимфа тамырларынын ички катмарындагы эндотелиядан өсүп чыккан залалдуу шишик).

АНГИЭКТАЗИЯ ангиэктазия (кан жана лимфа агуу бузулганда же кан жана лимфа тамырлардын капталы чоюлуп, кеңейип калган учуру).

АНГУЛИТ ангулит к. ЗАЕДА

АНДЕРСОНА-ХАЙНСА ОПЕРАЦИЯ Андерсон-Хайнс операциясы(бөйрөктүн күлтүгүн заара куюлуучу түтүгү менен бирге кесип алып, табарсык жак бөлүгүн кайра бөйрөк жакка жамоочу операция).

АНДРОГЕНИЗАЦИЯ андрогенизация к. ВИРИЛИЗАЦИЯ

АНДРОГЕН андроген (эркектин жыныстык безинин гормону. Бул эркектердин экинчи жыныс белгилеринин өсүшүнө көмөктөшөт).

АНДРОЛОГИЯ андрология (эркектин сийдик мүчөлөрү жана жыныстык мүчөлөрүнүн оорусу жөнүндөгү илим).

АНДРОСТЕНДИОН андростендион (бөйрөктүн үстүндөгү бездин кыртышы бөлүп чыгарган химиялык жактан I7 кетостероид, таасири жагынан эркектин жыныстык белгисине таасир берүүчү гормон).

АНДРОСТЕРОМА андростерома (эркектин жыныстык гормонун бөлүп чыгарган бөйрөктүн үстүнкү бөлүгүндөгү шишик).

АНДРОСФИЗИЯ андросфизия (жамбаш сөөктөрүнүн түзүлүшү эркектин жамбаш сөөгүндөй болгон аял).

АНДРОФОБИЯ андрофобия (эркекке жолоодон, жыныс катнашуудан өтө корккон аял).

АНЕВРИЗМ аневризм (туулгандан эле же дарттан кан тамырдын капталы чоюлуп, урчуюп сыртка чыгып калышы).

АНЕВРИЗМА СЕРДЦА жүрөктүн аневризми (жүрөктүн булчуңу жукаруу менен бир жеринен кеңейип, урчуюп сыртка чыгып калышы).

АНЕМИЯ анемия (аз кандуулук; анын себебине жараша көп түргө бөлүнөт: АНЕМИЯ АГАСТРИЧЕСКАЯ карынсыздыктын аз кандуулугу (ан-

казандын бөлүгүн операциялык жол менен кесип таштагандан кийин байкалуучу аз кандуулук); АНЕМИЯ ЖЕЛЕЗОДЕФИЦИТНАЯ темир тартыштагы аз кандуулук организмдеги темир заты жетишсиздиктен келип чыккан. Ага себепкер болуп ашказандын маңызы аздык же ашказанды операциялык жол менен алып таштаган учурунда байкалат); АНЕМИЯ АПЛАСТИЧЕСКАЯ апластикалык аз кандуулук (дарылардын, нурдун жана көз бир уулардын кесепети сөөктөгү чучуктарга тийгенде байкалуучу аз кандуулук); АНЕМИЯ ВТОРИЧНАЯ экинчи аз кандуулук (ачарчылык мезгилде тамактын жоктугунан, дайыма уулануудан же арыктатуучу оорулардан кийин келип чыккан аз кандуулук); АНЕМИЯ КУЛИ Кули аз кандуулугу (Жер Ортолук деңизинин аймагындагы балдарда байкалуучу, төрөлгөндөн эле пайда болгон аз кандуулук. Оорунун аты автордун наамында; АНЕМИЯ ГЕМОЛИТИЧЕСКАЯ гемолитикалык аз кандуулук (кандагы эритроциттердин жарылышынан келип чыккан аз кандуулук. Ал безгек оорусунда же кан куюуда жаңылыш кетирилген учурда байкалат); АНЕМИЯ ПЕРНИЦИОЗНАЯ пернициоз аз кандуулугу (кандын ичиндеги клеткалардын көрүнүшү ар түрлүү өзгөрүп жана тамак сиңирүү аппараттары менен нерв системалары өзгөрүүлөргө учурагандагы аз кандуулук); АНЕМИЯ СИДЕРОПРИВНАЯ сидеропривдүү анемия (организмде керектелүүчү темир заттары жетишсиздиктен келип чыккан аз кандуулук).

АНЕСТЕЗИН анестезин (ооругандыкты сездирбөөчү дары).

АНЕСТЕЗИОЛОГ анестезиолог (хирургиялык операция жүргүзүлүп жаткан учурда ооругандыкты сездирбөө чаралары менен камсыз кылган атайын адис врач).

АНЕСТЕЗИОЛОГИЯ анестезиология (дененин ооругандыгын сездирбөө чараларын билүү жөнүндөгү илим).

АНЕСТЕЗИЯ анестезия (дененин бир бөлүгү тышкы чөйрөнүн жагымсыз шарттарын, ооругандыкты сезбей калуу абалы).

АНЕСТЕЗИЯ МЕСТНАЯ чөйрөлүк анестезия (дененин белгилүү бир бөлүгүнүн жакын дары менен сезимин төмөндөтүп коюуда ал ооругандыкты сезбей калуусу).

АНЕСТЕТИКИ анестетиктер (дененин бир жеринин ооругандыгын борборго - мээге жеткирбей турган дарылар).

АНИДРИЯ анидрия (көздүн жаа сымал катмарынын жоктугу).

АНИЗОАНГИОТОНИЯ анизоангиотония (оң же сол жак колдун кан тамырларынын кан басымы кан тамырлардын чыңдыгына жараша эки жагы эки башка басымда болушу).

АНИЗОКОРИЯ анизокория(көздүн карегинин эки жагында эки түрдүү көлөмдө бирөө чоң, бирөө кичине болушу).

АНИЗОРЕФЛЕКСИЯ анизорефлексия (дененин оң жак бөлүгү менен сол жак бөлүгүгүн рефлексинин бирдей эместиги).

АНИЗОХРОМИЯ анизохромия (клеткалар жана алардын курулушуна катышкан нерселердин бир өңдөш болбостугу).

АНИЗОЦИТОЗ анизоцитоз (кандагы эритроциттердин ар түрдүү көлөмдө болушу).

АНИРИДИЯ аниридия (көздүн көк жаа сымал катмарынын көз жаралганда же анын кийинки тубаса жоктугу).

АНКИЛОБЛЕФАРОН анкилоблефарон (көз жылчыгынын тегерегиндеги терисинин өсүүсүнөн көздүн такыр же жарым жартылай жабылып калышы).

АНКИЛОЗ анкилоз (дарттын себебинен муундун кыймылдабастыгы. Колдун же буттун этинин качып сенек болушу).

АНКИЛОСТОМА анкилостома (адамдын ичегисинде жашаган мите курттун бир түрү).

АНКИЛОТИЯ анкилотия (кулактын тешиги бүтөлүп төрөлүү менен мүнөздүлгөн туура эмес өсүп жетилүү).

АНОВАРИЯ ановария (аялдардын жумурткасынын жоктугу менен чектелген туура эмес өсүш).

АНОДИНЫ анодиндер (ооругандыкты билдирбей, аны басуучу дарылар).

АНОКСЕМИЯ аноксемия (кандагы кислороддун аздыгы).

АНОКСИЯ аноксия (ткандагы кислороддун нормадан аздыгы).

АНОМАЛИЯ аномалия (дене түзүлүшүнүн же организмдин функциясынын нормадагыдай эместиги, башкача айтканда туулгандан эле башкача жаралышы).

АНОМАЛОСКОП аномалоскоп (көздүн түстөрдү көрүү жөндөмдүүлүгүнүн бузулушунун ар түрдүү формасын аныктоочу аппарат).

АНОНИМИЯ анонимия (өз атын менин атым эмес деп эсептеген психикасы бузулган адам).

АНОНИМОГРАФИЯ анонимография (бирөөлөрдүн үстүнөн жалган жалаа жапаа кат жазуу менен алек болгон психикасы бузулган адам).

АНОНИХИЯ анонихия (колдо, бутта тырмактын жоктугу).

АНОПСИЯ анопсия (бир жак көздүн курчунун жоктугу, буюмду көрө албастыгы).

АНОРЕКСИЯ анорексия (тамакка көңүлдөнбөө; тамакка табити тартпоо).

АНОРХИЗМ анорхизм (туулгандан эле бир жумурткасы жок адам).
АНОСКОП аноскоп (көтөн чучукту каровго ылайыкталган аппарат).
АНОСМИЯ аносмия (жытты биле албоо. Бул борбордук нерв системасы дартка чалдыкканда байкалат).
АНОТИЯ анотия (туулгандан эле кулак калканчтарынын жоктугу).
АНОФЕЛЕС анофелес (безгек оорусун таратуучу чиркейдин түрүнүн ургаачысы).
АНОФТАЛЬМИЯ анофтальмия (бир көздүн же эки көздүн тең жоктугу).
АНТАБУС антабус (алкоголдон ооруган адамдарды дарылоого кеңири колдонулуучу дары).
АНТАРТРИТИЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА муун сезгенүүгө каршы колдонуучу заттар (подагра оорусун дарылоого колдонулуучу дары заттар).
АНТАЦИДНЫЕ СРЕДСТВА антацид дарылары (ашказандын маңызындагы кычкылдуулукту төмөндөтүүчү дарылар).
АНТЕВЕРСИЯ антеверсия (органдардын өз огунан алды жакка өңкейүү абалы; жатындын антеверсия абалында турушу).
АНТЕМЕТИКИ антеметиктер (кустурбоого жардамдашуучу дарылар).
АНТЕНАЛЬНАЯ ОХРАНА ПЛОДА ичтеги баланы коргоо (бала бойго бүткөндөн баштап төрөлгөнгө чейинки мезгилде жакшы шартта өстүрүү үчүн колдонулуучу бардык тазалык чаралар).
АНТИАНДРОГЕНЫ антиандрогендер (эркектин жыныстык гормонун иштетип чыгарбоочу жана анын күчүн кетирүүчү заттар).
АНТИАСМАТИКИ антиасматиктер (бронхдордун куушурулушуна, кысылышына (астма оорусуна) каршы дарылар).
АНТИБАКТЕРИАЛЬНЫЕ СРЕДСТВА бактерияга каршы дарылар (бактериянын өсүшүн токтотуп же аны өлтүрүүчү дарылар).
АНТИБИОЗ антибиоз (микробдордун жашашындагы өз ара карама-каршылыктары; жандыктардын бирин-бири өлтүрүшү).
АНТИБИОТИКИ антибиотиктер (өзүнүн түзүлүшү микробдордон, өсүмдүктөрдөн жана тирүү жандыктардан турган, тирүү жандыктардын (микробдордун) жашашына каршы таасир тийгизүүчү зат).
АНТИБЛАСТИКА антибластика (шишикти (ракты) кесип таштагандан кийин анын клеткасын жоготуш үчүн жараттын ордун, тегерегин электрдик коргулящиялап же дары себүү чаралары).
АНТИВОЛИТИВЫ антиволитивдер (кусууга каршылык көрсөтүүчү дарылар).
АНТИГЕН антиген (организм үчүн бөтөн зат. Ооруксунуунун пайда болушуна көмөктөшүүчү зат. Алардын көптөгөн түрү бар).

АНТИГИДРОТИКИ антигидротиктер (тердөөгө каршы таасир тийгизүүчү заттар, дарылар).
АНТОГОНИСТЫ антогонисттер (булчуңдардын жыйрылуусунун бир-бирине карама каршы болушу).
АНТИГОНОРРОЙКИ антигонорройктер (алдынан сезгенүүгө (гоноррея) каршы дарылар).
АНТИПЕРИСТАЛЬТИКА ичеги=карын каршы жыйрылуу (ичеги=карындын жана кызыл өңгечтүн артына кайра жыйрылыштары. Кулгууда, кусууда байкалат).
АНТИДИАБЕТИЧЕСКОЕ ЛЕКАРСТВО диабетке каршы дары (кант оорусу менен ооруган адамдарга дары бергенден кийин, кандагы канттын деңгээлин азайтуучу дарылар).
АНТИДИАРРОЙКИ антидиарройктер (ич өтүүгө каршы таасир тийгизүүчү дары заттар).
АНТИДИУРЕЗ антидиурез (сийдик бөлүп чыгарууга каршы гормондун күчтүү иштешинен, сийдиктин аз бөлүнүп чыгышы).
АНТИДОТЫ антидоттор (денеде пайда болгон уулуу заттардын алын кетирип же ага химиялык жактан таасир тийгизип уулук касиетин жоготуучу дарылар).
АНТИКОАГУЛЯНТЫ антикоагулянттар (кандын уюшуна тоскоолдук көрсөтүүчү дарылар, м.: ГЕПАРИН).
АНТИКОНВУЛЬСИЗНЫЕ ЛЕКАРСТВО тырыштырууга каршы дарылар (талма оорусу башталган адамдарга денеси тырышып калбас үчүн алдын ала берип, таасир тийгизүүчү дарылар).
АНТИКОНЦИПЕНСИЯ антиконципенсия (бойго бүтүрүүсүнө каршы көрсөтүүчү дарылар).
АНТИМИКРОБНЫЕ ВЕЩЕСТВА микробго каршы заттар (микробго каршы, өлтүргүч таасир тийгизүүчү заттар, м.: дезинфекциялоочу заттар жана антибиотиктер).
АНТИПИРЕТИКИ антипиретиктер (температура жогорулаганда аны төмөндөтүүчү дарылардын тобу).
АНТИПИРИН антипирин (дене албай ысыган ооруда температураны төмөндөтүүчү дарынын аты).
АНТИСЕПТИКА антисептика (дене караланганда ага ириңдетүүчү микробдор кирип кетишине каршы чаралар).
АНТИСЕПТИКИ антисептиктер (микробдордун күчүн кетирип же аны өлтүрүүчү дарылардын тобу. Алар физикалык жана химиялык болуп бөлүнөт).

АНТИСКАБИЕС антискабиес (котурга каршы дарылар).

АНТИСПАЗМАТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА спазмага каршы дарылар (булчуңдар жыйрылып, тырышып калышына каршы таасирин тийгизип аны жазуучу дарылар).

АНТИТОКСИН антитоксин (ууларга, токсинге каршы дарылар).

АНТИФЕБРИЛИТИЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА температурага каршы заттар (дене ысыгандагы температураны төмөндөтүүчү заттар).

АНТОДОНТОЛОГИКИ антодонтологиктер (тиштин оорусун басуучу дарылар).

АНТОНА-БРАМАННА ОПЕРАЦИЯ Антон-Браманн операциясы (мээге суу толгондо, мээнин ичиндеги карынча деген кобулдан мээнин суюктугун ийне сайып агызуу операциясы).

АНТРАКОЗ антракоз (таш көмүрдүн чаңын дайыма дем алган адамдардагы байкалуучу өпкөнүн оорусу).

АНТРАКОЗ КОЖИ теринин антракозу (кесиби шахтер, от жаккыч, паравоздун машинисти болуп иштеген адамдарда байкалуучу, теринин терең катмарына кара түстөгү чаңдар шыкалып, кararган теринин оорусу).

АНТРАКОЗ ЛЕГКИХ өпкөнүн антракозу (таш көмүрдүн чаңы өпкөгө жыйылып, андан пайда болгон оору. Өпкөнүн карарып кетиши).

АНТРИТ антрит (упчу сымал сөөктүн ички бетиндеги былжырлуу катмарынын сезгениши).

АНТРОПОМЕТРИЯ антропометрия (адамдын денесин өлчөй турган шаптардын жыйынтыгы).

АНТРОПОНОЗЫ антропоноздор (дайыма адамдын гана организмине мителик кылуучулар пайда кылган жугуштуу оорулардын тобу).

АНТРОПОФОБИЯ антропофобия (элге жакындоодон качуу, элдерден коркуу. Бул көбүнчө жин оорусунда байкалат).

АНТРОПУНКЦИЯ антропункция (баш сөөктүн упчу урчугунун кобулуна дарылоо катары же диагноз коюу үчүн ийне сайу).

АНТРОСКОП антроскоп (каңылжаардын кобулдарындагы дарттын абалын билүүчү атайын аппарат).

АНТРОТОМИЯ антротомия (кулак чыкый сөөгүнүн упчу сымал урчугундагы ириңди чыгаруу максатында аны чегүү).

АНТРУМЭКТОМИЯ антрумэктомия (карындын бүткөн кууш учунун белүгүн операциялык жол менен кесип алып таштоо).

АНУЛОПЛАСТИКА анулопластика (жүрөктүн ичиндеги митралдык жапкычтын оймок тешиги кеңейгенде, аны бүйрө тигүү жолу менен тешикти тарытып, жапкычтын жетишсиздигин калыбына келтирүүчү операция).

АНУРИЯ анурия (сийдиктин чыкпай калышы; бул көбүнчө бөйрөк иштебей калганда, кан тамырлардын функциясынын жетишсиздигинде, сийдик чыгаруучу жолдору бүтөлгөн учурларында байкалат).

АНУС анус (адамдын арткы заңдоочу тешиги).

АНУС ПРЕТЕРНАТУРАЛИС табигый тешиктей жасалган арткы тешик (жоон ичегинин ичи бүтөлүп заң тышка чыкпаган учурда жана ичегиден жел өтпөгөн учурларда, жоон ичегинин учун ич жактан тышка чыгарып коюучу операция).

АНЬЮМ аньюм (буттун чыпалагы белгисиз себептерден дөмпөйүп жана шылынып түшүп ооруган тропикалык аймакта жолугуучу оору).

АНЭНЦЕФАЛИЯ анэнцефалия (мээнин белүгүнүн же бүтүн бойдон жоктугу).

АНЭРГИЯ анэргия (организмдин айлана-чөйрөнүн кубулушуна жана анын тийгизген таасирине жооп кайтара албастыгы, сезүүнүн жоктугу).

АОРТА аорта (толто; артериялык кан тамырдын башталышындагы чоң тамыры).

АОРТАЛЬГИЯ аортальгия (аортанын тушундагы оору. Ал аортанын сифилис (котон жара) же склероз оорусунда пайда болот. Мында сыздап ооруу көкүрөктөн башталып, сол жак күрөө тамырга чейин жетет).

АОРТИТ аортит (аортанын, толтонун сезгениши. Бул өзгөчө сифилис (котон жара) оорусунда байкалат).

АОРТОГРАФИЯ аортография (толто тамырга рентген нуру өтпөгөн суюктук куюп, анын тарам тамырларын рентген аркылуу сүрөткө тартуу).

АОРТОСКЛЕРОЗ толтонун склерозу (толтонун ички бетине кальций тузу жыйылып калганда, толтонун дөмпөйө баштап катуулашы).

АПАТИЯ апатия (адамдын көңүлү өргибөө, айлана-чөйрөдөгү

кубулуштарга кызыкпоочу абалы; маанайы пастык).

АПЕКС апекс (чоку, төбө).

АПЕПСИЯ апепсия (карындын иштеши бузулуудан анын суюктугунда пепсин ферментинин жоктугу).

АПЕРА ГИРСУТИЗМ Апер Гирсутизм (аялдардын жыныстык гормонунун функциясы бузулганда байкалуучу беттеги жана денедеги түктөрдүн күчөп өсүшү).

АПЕРА СИНДРОМ Апер синдрому (баш сөөктүн өзгөрүшү, көздүн тостоктугу; манчалардын биригип өсүшү жана таңдай сөөктүн кууш өсүшү өнөнгөн бир топ туура эмес көрүнүштүү, тукумга берилө турган кемдик өзгөрүү).

АПЕРИЕНТЫ аперкенттер (ичегини күчтүү жыйрылтып, ичти бир аз өткөрүүчү дарылар).

АПЕРИТИВЫ аперитивдер (адамды тамакка көңүлдөндүрүүчү, табитин ачуучу дарылар).

АПИКОЛИЗ апиколиз (өпкөнүн учу жогору жабышып өсүшүн операциялык жол менен төмөндөтүү. Бул өпкөнүн туберкулез оорусун айыктырууда жасалуучу операция).

АПИКОТОМИЯ апикотомия(тиштин түбүнүн учун хирургиялык жол менен анын өнөкөт сезгенч оорусунда кесип таштоо).

АПИРЕКСИЯ апирексия (калтыратуучу жана кээ бир ооруларда денеңин температурасы жогору көтөрүлбөй турган абалы).

АПИРЕТИКУС апиретикус (адамдын денеси ысыбай калтырап, титиребей турган чууда температураны төмөндөтүүгө берилүүчү дарылар).

АПИРОГЕННАЯ ВОДА ысытпоочу суу (адамдын организмине куюлган суюктуктун температураны жогорулатпашы).

АПИТЕРИЯ апитерия (аарынын уусун жана ал кошулуп жасалган дарыларды ооруну дарылоого колдонуу).

АПИТУИТАРИЗМ апитуитаризм (гипофиз безинин өзүнүн же ал ичке чыгарган суюктугунун бөлүнүп чыкпастыгы).

АПИФОБИЯ апифобия (аарылар чагат деп өзгөчө коркуу).

АПИЦИТ апицит (өпкөнүн учунун сезгенип оорушу. Көбүнчө туберкулез оорусунда байкалат).

АПЛАЗИЯ аплазия (ткандардын же органдардын түйүлдүк баштапкандагы бир бөлүгү же бүтүндөй жоктугу; бүтпөшү).

АПНЕВМАТОЗ апневматоз (өпкөнүн кээ бир ооруларынан кийинки

өпкөнүн ичинде абанын болбостугу. Өпкөнүн бөлүгү берчке айланышы).

АПНЕВМИЯ апневмия (түйүлдүктүн туура эмес өсүшүнөн, өпкөсүз төрөлүшү).

АПНОЭ апноэ (дем алуу токтоо: кыска убакытка дем ала албоочулук. Адамдарда кокусунан жагымсыз жыт искегенде да байкалат).

АПОДИЯ аподия (төрөлгөндөн эки буттун жоктугу).

АПОКРИННЫЕ ЖЕЛЕЗЫ апокриндүү бездер (чыгарган суюктугу менен кошо бездин клеткасынын жогорку жагы чоку кошо тышка чыгышы менен айырмаланган бездер).

АПОНЕВРОЗ апоневроз (жука, жайык чарым).

АПОПАТОФОБИЯ апопатофобия (дааратканага баруудан өтө коркуу).

АПОПЛЕКСИЯ апоплексия (дененин бир жерине бат кан куюлуу; көбүнчө кан тамыр үзүлгөндө, өзгөчө мээде байкалат).

АПОФИЗ апофиз (сөөктүн чыгып турган урчугу. Булчуң жалгашчу жер).

АППЕНДИКОПАТИЯ аппендикопатия (курт сымал ичегинин сезгенгендигине окшобогон арсар ооруу).

АППЕНДИКОСТОМИЯ аппендикостомия (жоон ичегинин өнөкөт сезгенч оорусун дарылоо үчүн курт сымал ичегинин ичин тешип, сыртка чыгарып жамап коюучу операция).

АППЕНДИКС аппендикс (жоон ичегинин башталыш бөлүгүнүн капталынан бөлүнгөн, формасы курт сымал ичке ичеги).

АППЕНДИЦИТ аппендицит (курт сымал ичегинин сезгениши).

АППЕНДЭКТОМИЯ аппендэктомия (дартка чалдыккан курт сымал ичегини алып таштагандагы операция).

АППЕТИТ аппетит (тамакка табити тартуу же тартпоо учуру).

АППЛИКАЦИЯ аппликация (дарыны денеге сыйпоо же бир нерсени чаптоо чаралары).

АПРАКСИЯ апраксия (колун кыймылдатып, максатына жетпес учур; м.: кол көтөрүлгөнү менен баш кийимин кие албоо).

АПРЕССИН апрессин (тамырдагы кандын басымын төмөндөтүүчү дары).

АПТЕКА аптека (дарыларды топтоп, тануура керектүү нерселерди жана адамга алгачкы медициналык жардам көрсөтүүгө ылайыкталган буюмдарды сактай турган мекеме).

АПТЕКАРСКАЯ ТАКСА аптекалык нарк (дарынын наркын атайын

белгилөөчү документ).

АПТЕКАРЬ аптекарь (аптекалык атайын окууну бүтүп, дарыларды даярдоочу адис).

АПТЕЧНЫЙ КИОСК аптекалык киоск (элдерге даяр дарыны, тануугга керектелүүчү материалдарды жана башка аптекалык буюмдарды сата турган чакан жай).

АПТЕЧНЫЙ КОНТРОЛЬ аптекалык контроль (аптекада даярдалган дарылардын сапатын текшерүү).

АПТИАЛИЗМ аптиализм (шилекей чыкпай, ооз кургоо).

АРАПОВА ОПЕРАЦИЯ Араповдун операциясы (жумуру сөөктөр кулгуна оорусуна чалдыкканда, иринди чыгаруу үчүн сөөктүн сырткы кыртышын бир нече жерден көзөп коюу. Автордун наамындагы операция).

АРАХНОДАКТИЛИЯ арахнодактилия (колдун манчаларынын туулгандан узундугу, шадылуулугу).

АРАХНОИДИТ арахноидит (мээнин жана жүлүндүн желе катмарларынын сезгениши).

АРАХНОФОБИЯ арахнофобия (бөйөн-чаяндардан өзгөчө коркуу).

АРГИРИЗМ аргиризм (тутумунда күмүш заты бар дарыларды дайыма ичкенде пайда болгон ага мүнөздүү кээ бир белгилер).

АРГИРОЗ аргироз (кээ бир органдардын былжырлуу кабыкчасынын же терисинин күңүрт тартып өзгөрүшү. Ал тутумунда күмүш заты бар дарыларды көпкө ичкенде байкалат).

АРЕОЛА ареола (эмчектин учундагы тегерек үюл).

АРЕОЛИТ ареолит (эмчектин үрпүнүн тегерегиндеги сезгенч оору).

АРЕФЛЕКСИЯ арефлексия (рефлекстин жоголуп кетиши, организмдин ар кандай дүүлүктүрүүчү аракеттерге жооп кайтарбастыгы, нерв системасынын алсыздыгы).

АРИЕВИЧА МЕТОД Ариевич методу (тутумунда ар түрлүү химиялык заты бар май дары менен таринин грибок оорусун дарылоо үчүн теринин тышкы катмарын эзилтүү).

АРИТМИЯ аритмия (жүректүн кагуу калыбынын өзгөрүшү).

АРРОЗИЯ аррозия (жешилип кетүү, сезгенүүнүн натыйжасында кан тамырдын капталы тешилип, андан кан агуу).

АРСЕНОТЕРАПИЯ арсенотерапия (дартты күчала кошулган дары менен дарылоо).

АРТЕЗИАНСКИЕ ВОДЫ Артезиан суусу (суу өткөрбөс тектердин ортосунда топтолгон жердин астындагы суу).

АРТЕРИАЛЬНАЯ КРОВЬ артериялык кан (кислородго каныккан кызыл кан).

АРТЕРИАЛЬНОЕ КРОВОТЕЧЕНИЕ кызыл кан тамырынан кан агуу (кызыл кан тамыры жаралганда андан куюлган кан).

АРТЕРИАЛЬНЫЕ БОРОЗДЫ ЧЕРЕПА баш сөөктүн артериялык жылгасы (баш сөөктүн ички бетинде мээнин кан тамырларынын түшүндагы, кабырылган жылгачалары).

АРТЕРИАЛЬНОЕ ДАВЛЕНИЕ артериалык басым (артерия кан тамырынын ичиндеги кандын тамырдын капталына тийгизген басымы).

АРТЕРИИТ артериит (артериялык тамырдын сезгенч оорусу).

АРТЕРИОГРАФИЯ артериография (артериялык кан тамырларга рентген нуру өтпөгөн зат куюп, анын сөөлөтүн сүрөткө түшүрүү).

АРТЕРИОЛА артериола (артерия кан тамырлары кичирейип отуруп өтө майда болуп бүткөн эң аякы чеги).

АРТЕРИОЛОГИАЛИНОЗ артериологиалиноз (кандын басымы жогору болууда байкалуучу артериола тамырлары чемирчектей катуулашы).

АРТЕРИОНЕКРОЗ артерионекроз (кызыл кан тамырынын капталынын бөлүгү чирип кетиши).

АРТЕРИОСКЛЕРОЗ артериосклероз (адам карыгандагы артерия тамырынын капталы катууланып жоонойшу. Кандын басымы жогорулоочу ооруга шарт түзүлүшү).

АРТЕРИОТОМИЯ артериотомия (артериялык тамырдын капталын дарылоо үчүн кесүү).

АРТЕРИЭКТАЗИЯ артериэктазия (артерия тамырлардын бир топ ченге чейин капталы чоюлуудан кеңейип кетиши).

АРТЕРИЯ артерия (тутумунда кислороду көп, жүректен чет жакага тараган кан тамыр, түтүк).

АРТЕРИЯ ГЛАЗНАЯ көздүн кызыл кан тамыры (негизинен көздү зарыл тамактар менен камсыз кылуучу кан тамыр).

АРТЕРИЯ ЛЕГОЧНАЯ өпкөнүн кызыл кан тамыры (өпкөнүн керектүү заттар менен камсыз кылуучу кан тамыр).

АРТЕРИЯ НУТРИЦИЯ тамактандыруу артериясы (сөөктү керектүү заттар менен камсыз кылуучу кан тамыр. Алар сөөктүн ичине атайын тешиктер аркылуу кирет).

АРТЕРИЯ ПРОМЕЖНОСТИ чаттын кызыл кан тамыры (чаттын ай-

магындагы мүчөлөрдү тамак заттары, кан менен камсыз кылуучу тамырлар).

АРТЕРИЯ СОННАЯ уйку кызыл кан тамыры (моюндагы өтө зор, кызыл кан, күрөө тамыры).

АРТРОПИОЗ артропиоз (муундун иринде сезгенген оорусу).

АРТРАЛГИЯ артралгия (муундун дайыма сыздап оорусу).

АРТРИТ артрит (муундардын ар түрлүү сезгенч оорусу).

АРТРОГРИПОЗ артрогрипоз (көптөгөн муундардын такыр кыймылдабай, сенек болуп калган учуру. Бул колу=буттун булчундары өсүп жетилбей калган убакта байкалат).

АРТРОДЕЗ артродез (муунду операциялык жол менен зарыл абалда кыймылдатпай эки сөөгү бири=бирине аштоо).

АРТРОЗ артроз (муундун чемирчеги жукаланып кеткен өнөкөт оорудан жабыр тартуу).

АРТРОКСЕЗИС артроксезис (муундун ичин жарып, андагы бузук эттерди кесип алып таштоочу хирургиялык аракет).

АРТРОЛИЗ артролиз (муундун ичине эт өсүп, кол = бут башкача кыймылдап калган учурда, операциялык жол менен муундун кыймылына шарт түзүү).

АРТРОПАТИЯ артропатия (муундардын нервдик тейлөөсү жана зат алмашуу процесси бузулуп, шишик пайда болгон залалдардан келип чыккан оору).

АРТРОПЛАСТИКА артропластика (операциялык жол менен жаңы муун жасап, анын кыймылын калыбына келтирүүчү чаралар).

АРТРОРИЗ артрориз (операциялык жол менен муундардын ичине кошуча байламта жасап же сөөктөн урчук чыгарып муундун кыймылын чектөө).

АРТРОСКОП артроскоп (муундун ичинен эт кесип алып изилдеп жана муундун ичин карап,сүрөткө тартууга ылайыкталган медициналык аппарат).

АРТРОСКОПИЯ артроскопия (артроскоп аркылуу муундун ичин карап изилдөө методу.Ал негизинен тизенин муунун изилдегенде күргүзүлөт).

АРТРОТОМИЯ артротомия (оорунун атын табуу же дарылоо максатында муунду кесип, ачуу операциясы).

АСИМБОЛИЯ асимболия (борбордук нерв системасынын функциясы бузулганда байкалуучу шарттуу белгилерди түшүнө албоо учуру).

АСИНКЛИТИЗМ асинклитизм (төрөт убагындагы баланын башы капталына кайрылыбыраак келүү учуру).

АСИСТОЛИЯ асистолия (жүрөк булчуңунун бардык бөлүгүнүн начарлыгынан анын жыйрылуусунун жоктолушу).

АСКАРИДОЗ аскаридоз (аскарид митесинен пайда болгон оорулар. Мите ичеги-карында жашайт дагы башка жерге жайылат).

АСПЕРГИЛЛЕЗ аспергиллез (аспергилл грибогунан пайда болгон теринин, былжырлуу бездин, өпкөнүн оорусу. Дарттын өтүшү грибоктун орун алышына жараша ар түрлүү болот).

АСПЕРГИЛЛЕЗ ЛЕГКИХ өпкөнүн аспергиллезу (дартка грибоктун аспергиллус деген түрү себепкер. Бул сейрек учуроочу оруу. Аны менен көпкө жатып калган чөптүн, дандын чаңынан дем алуучуларда байкалат. Ошондой эле кенаф фабрикасында иштегендерде да көзигет. Мында адам эч кандай ооруксунгандыкты сезбейт).

АСПЕРМАТИЗМ асперматизм (жыныс катышуу мезгилинде, эркектен эрендиктин чыкпастыгы).

АСПЕРМИЯ аспермия (эрендиктин такыр эле жоктугу).

АСПИРАТОР аспиратор (жараттан жана денеңин бир жеринде пайда болгон суюктукту сордуруп ала турган прибор).

АСПИРАЦИЯ аспирация (дем алганда кекиртек аркылуу катуу же суюк заттын өпкөгө өтүп кетишинде жана көндөйлүү органдардан суюктукту сордуруп алуу аракети).

АСПЛЕНИЗМ аспленизм (көк боорду алып таштагандан кийин кан иштеп чыгаруучу чучуктун иши басандап калган абал. Канда лейкоциттер менен тромбоциттердин көп болушу).

АСПЛЕНИЯ аспления (адамдын көк боору жок болуп төрөлгөн кем өсүшү).

АСТАЗИЯ астазия (адамдын борбордук нерв системасынын функциясы бузулганда байкалуучу жана кармап турмайынча өзүнчө тура албоо абалы).

АСТЕАТОЗ астеатоз (теринин майынын аз гана бөлүнүп чыгышы, териден ак күп бөлүнүп, кургак тартышы).

АСТЕНИЯ астения (адамдын дарманы жок, алсыз абалы).

АСТЕНОПИЯ астенопия (карап турган учурда көздүн көрүү курчунун начарлашы. Өзгөчө караган нерсеси жакын болгондой байкалат).

АСТЕНОСПЕРМИЯ астеноспермия (эрендиктеги сперматозоиддердин аран жан кыймылдоосу).

АСТМА астма (таза адамдарда бат жана кезек=кезеги менен тумчугууну сезүүчү абалы. Ал бронхдордун булчундары карышуудан пайда болот).

АСТМА БРОНХИАЛЬНАЯ бронхдук астма (бронхдордон жел өтпөгөндө адам дем чыгаруу абалында калып деми бат-бат кыстыккан аллергиялык оору).

АСТМА СЕРДЕЧНАЯ жүрөк астмасы (жүрөктүн сол тарабынын функциясы жетишсиздигинен келип чыккан астма).

АСТРАПОФОБИЯ астрапофобия (чагылгандан өтө коркуу).

АСФИКСИЯ асфиксия (тумчугуу; дем алуу жолдорунун көндөйүнө бир нерсе кирип бүтөлүп калышы).

АСЦИТ асцит (ич көндөйгө сары суу толуп кеткен учур. Суу толуунун себеби ар кыл).

АТАБЕКОВА ОПЕРАЦИЯ Атабековдун операциясы (аялдар заарасын токтото албай калган учурда, табарсыктын түбүн алдыга жылдырып койгон операция).

АТАВИЗМ атавизм (адамдын кээ бир көрүнүштөрү ата-энесине окшобой, мурунку өткөн жакындарына жана ата-бабаларына окшоштугу).

АТАКСИЯ атаксия (денедеги кыймылдын бир калыпта эместиги: Эби жок кыймылдоо. Анын бузулушунун себебине жараша ар түрлүү болот).

АТАРАКТИЧЕСКИЕ ЛЕКАРСТВА атарактикалык дарылар (психикалык бузулуу учурунда таза абалга алып келүүчү дарылар).

АТЕЛЕКТАЗ ателектаз (оорунун себебинен өпкөнүн бөлүгүнө абанын аз барышы менен өпкө куушурулуп калган учуру).

АТЕЛОМИЕЛИЯ ателомиелия (жүлүндүн бир бөлүгү толук өсүп жетилбей кеи болуп калышы).

АТЕРОМА атерома (май бездеринин сыюктук чыгуучу өткөөлү бүтүп калуудан пайда болгон шишик).

АТЕРОМАТОЗ атероматоз (артерия тамырларынын капталдары жумшап анын өзгөрүүсүнөн катуу боткого окшош зат пайда болуп, жаратка чалдыгуу).

АТЕТОЗ атетоз (денедеги кыймылдоочу органдар дайыма куртун кыймылына окшоп жай кыймылдоо, м.: ичегинин кыймылы).

АТИРЕОЗ атиреоз (терелгенде же андан кийинки мезгилде адамдын калкан безинин жоктугу).

АПРОЗЕКСИЯ апрозексия (ар нерсенин тактай албай оюнун аягына жете албоосу. Бул адам өтө карыганда байкалуучу абалы).

АТЛАНТ атлант (биринчи же ооз омуртка).

АТЕНУАЦИЯ атенуация (жугуш ооруга чалдыктыруучу микробдордун күчүн жасалма жол менен алсыздандыруу).

АТОНИЯ атония (органдын же ткандын алсыздыгы).

АТРЕЗИЯ атрезия (көндөй мүчөлөрдүн тешиктеринин туулгандан бүтөлүп туулушу. Кээ бир оорулардан кийин кээ бир мүчөлөрдүн көлөмү кичирейип жокко эсе болуп калышы).

АТРЕПСИЯ атрепсия (эмчексиз багылган баланын тамактануу эрежесинин оор бузулушу).

АТРИХОЗ атрихоз (чачтын өспөгөндүгү же такыр эле жоктугу).

АТРОФИЯ атрофия (ткандардын же органдардын тамактануусу начарлагандыгынан же кээ бир дарттын салакасынан кийин алардын көлөмүнүн кичирейиши).

АТРОФИЯ ЗРИТЕЛЬНОГО НЕРВА көрдүрүүчү нервдин кургашы (кээ бир оорулардан кийин көздүн көрүү нерв чарымдары өзгөрүп кетип, көздүн көрүшү начарлап же такыр эле көрбөй калуу).

АТРОФИЯ КОСТНАЯ сөөк атрофиясы (сөөктүн физиологиясындагы сөөк ткандары пайда болуу менен жоюлуу процесси тең болбой сөөк көлөм жагынан кичирейиши).

АТРОФИЯ МЫШЕЧНАЯ булчундун атрофиясы (булчуң жипчелери аз аздан кичирейип отуруп, жыйрылуу жөндөмдүүлүгүнүн бошоңдоп кетиши).

АТРОФОДЕРМИЯ атрофодермия (тери жукаланып ооруу менен чектелген бардык тери ооруларынын тобу).

АУДИОЛОГИЯ аудиология (кулактын угуу сезгичтигин физикалык, физиологиялык жактан анализдеп изилдөөчү медицина илиминин бир бөлүгү).

АУДИОМЕТРИЯ аудиометрия (кулактын угуу жөндөмдүүлүгүн атайын прибор менен текшерип көрүү).

АУДИФОН аудифон (кулагы анча=мынча укkан адамдарга угуу үчүн жасалган аппараттардын бирөө).

АУРА аура (талма оорусунун башталышын билгизе турган мезгил).

АУРАНТИАЗ КОЖИ теринин аурантиазы (коротин заты көп тамак заттары. Сабиз жана апельсин өндөнгөндөрдү өзгөчө жеген адамдарда байкалуучу теридеги сары кызгылт өзгөрүүлөр).

АУРОТЕРАПИЯ ауротерапия (негизинен алтын заты кошулган дарылар менен дарылоо методу. Ал каллегеноз оорусунда колдонулат).

АУСКУЛЬТАЦИЯ аускультация (адамдын денесиндеги дабышты атайын курал менен же кулак менен тыңшап угуу).

АУТОАЛЛЕРГИЧЕСКАЯ РЕАКЦИЯ аутоаллергиялык реакция (өз ткандынын антигенине организмдин жооп катары берген реакциясы).

АУТОГЕМОТЕРАПИЯ аутогемотерапия (өз канын өзүнүн венасына же булчуңуна куюп дарылоо. Операциянын убагында андан чыккан канды өзүнө куюу да аутогемотерапия болуп саналат).

АУТОГЕМОТРАНСФУЗИЯ аутогемотрансфузия (операциядан бир нече күнү мурда алынган канды ошол эле адамдын өзүнө куюу жолу).

АУТОКОСТЬ аутосөөк (дарылоо үчүн өз сөөгүн өзүнө керектөө).

АУТОЛИЗ аутолиз (ферменттердин таасиринен клеткалардын, органдардын эзилиши, чириши).

АУТОМИЗОФОБИЯ аутомизофобия (оорулуу адамдар жагымсыз жыттарды чыгарат деп коркуу, м.: ичтен чыккан жел, тер, заң сыяктуулар).

АУТОНЕФРЭКТОМИЯ аутонефрэктомия (сийдик куюлуучу түтүктүн көзөнөгү бүтүп калуудан кийин, бөйрөктүн иштебей калган учуру).

АУТОПЛАСТИКА аутопластика (денеенин бир кемтигин толуктоо үчүн ошол эле адамдын өзүнөн алынган тканды жана органды сарп кылуу операциясы).

АУТОПСИЯ аутопсия (өлүктү изилдөө, байкоо максатында союу).

АУТОРЕИНВАЗИЯ аутореинвазия (денеге биринчи жуккан мителинин жумурткасы денеден бөлүнүп чыгып, экинчи жолу кайталап өзүнө кайра жугуу).

АУТОСЕРОТЕРАПИЯ аутосеротерапия (өзүнүн канынын суюктугун кайра өзүнө куюп дарылоо чаралары).

АУТОСИННОЙЯ аутосиннойя (оорулуу дартка санаркап, чөмүлүп түшүп айлана-чейрөдөн четте калган учуру).

АУТОСПУТОТЕРАПИЯ аутоспутотерапия (бронхдун астма оорусунда оорулуунун өз какырыгын тазартып туруп өзүнө куюу жолу менен иммундук алын жогорулатып дарылоо).

АУТОТОМИЯ аутотомия (өзүн=өзү кесүү, жаруу).

АУТОТРАНСПЛАНТАЦИЯ аутотрансплантация (адамдын тканын же органын өзүнө гана жамоо операциясы).

АУТОФОБИЯ аутофобия (жалгыз калгандан өтө коркуу).

АУТОФОНИЯ аутофония (бир жак кулагына өз үнү көтөрүңкү катуу чыккандай угулуу).

АУТОЭХОЛАГИЯ аутоэхолагия (кээ бир сөздөрдү же сүйлөмдөрдү бир түрдүүчө көп жолу кайталай берүү).

АФАГИЯ афагия (жута албоо, кулкун булчуңдарынын шал болуп иштебегендигинде байкөлуучу учур. Бул мээге кан уюганда да жута албай калуу мүмкүн).

АФАЗИЯ афазия (мээ жабыркагандагы адамдын сүйлөөсүнүн бузулушу).

АФАЗИЯ ДВИГАТЕЛЬНАЯ кыймылдуу афазия (оорулуунун сүйлөөчү аппараттары жана акыл эси оордунда туруп эле сүйлөй албоосу. Айткан сөзгө түшүнүп, бирок сүйлөй албаган учуру).

АФАЗИЯ СЕНСОРНАЯ сенсордуу афазия (угуу органдары бузулбай эле бирөөлөр сүйлөгөндү түшүнбөгөн учур. Бул мээге доо кеткенде байкалат).

АФАКИЯ афакия (чечекейдин жоктугунан көздүн жарыкты чагылдыруучу күчүнүн жоктугу).

АФАЛАНГИЯ афалангия (колдун бармактарынын бир экөөнүн же бейбелчектердин бир экөөнүн жок болуп төрөлүшү).

АФЕБРИЛЬНО афебрилдүү (кээ бир оорулуунун оорусуна жараша температурасы жогору болуш керек болсо, анын тескерисинче жогору көтөрүлбөстүгү).

АФИБРИНОГЕНЕМИЯ афибриногенемия (канда фибриноген затынын тубаса жоктугунан келип чыккан тукум куучу ооруган кан агуу оорусу).

АФОНИЯ афония (үнсүздүк, үнү басыңкы чыгуу, шыбырап сүйлөө).

АФТЫ афты (ооздун былжырлуу, кабыкчасындагы ыйлаакча бат эле жарылып, анын оордуна сары так калышы. Көбүнчө ымыркай балдарда байкалуучу оору).

АФРОДИТЫ афродиттер (жыныстык делебе козголууну басаңдатуучу дарылар).

АФРОДИЗИАКИ афродизиакалар (жыныстык козголууга көмөктөшүүчү дарылар).

АФФИНИСТЕТ аффинистет (организмдин ар түрдүү ткандары жана клеткалары денедеги химиялык заттарды өзүнө тандап тартып алуусу).

АФФЕКТ ПЕРВИЧНЫЙ дартка биринчи чалдыккан жер (денеге микроб биринчи кирген жерде же жарадар болгон жердеги сезгенч башталган аймагы).

АХЕЙЛИЯ ахейлия (адам төрөлгөндөн эле ээрди жок төрөлүшү).

АХЕЙРИЯ ахейрия (колдун бармактарынын өсүп жетилбестиги же такыр жоктугу).

АХИЛИЯ ахилия (жалпы эле карындын суюктугунун жоктугу. Ал суюктукта туз кислотасынын же пепсин ферментинин жоктугу).

АХИЛЛОТОМИЯ ахиллотомия (буттун кетменин кыйшайбас кылыш үчүн эшек тарамышты кесүүчү операция).

АХЛОРГИДРИЯ ахлоргидрия (карындын чыгарган суюктугунун маңызында туз кислотасынын жоктугу).

АХОЛИЯ ахолия (боордун оорусунун себебинен пайда болгон сарык оорусундагы өттүн бөлүнүп чыкпай калышы).

АХРОМАТОЗ ахроматоз (теринин кадимки түстө болбой, бир жери агарып же башка түстө болушу).

АХРОМАТОПСИЯ ахроматопсия (кээ бир түстөрдү көрүп, аны башка түстөрдөн ажырата албоо).

АХРОМАЦИТ ахромацит (кызыл кан денечелеринин боелбой турган бир түрү).

АЦЕТАБУЛУМ ацетабулум (жамбаш сөөгүнүн башка жиликтин башы айталуучу чуңкуру).

АЦЕРВУЛОМА ацервулома (мээге кальций заттары чогулуп, кум чогулгандай болуп калуу абалы).

АЦЕТОНУРИЯ ацетонурия (кант оорусунда, көпкө чейин кускан адамдарда, ачка болгон мезгилдерде, сийдикте ацетон затынын пайда болушу).

АЦЕФАЛИЯ ацефалия (чанда учуроочу, башы жок төрөлгөн бала. Кээде андан башка да бир мүчөлөрүнүн кем экендиги да байкалып калган учурлары кезигет).

АЦЕФАЛОБРАХИЯ ацефалобрахия (төрөлгөндөн эле башсыз жана колсуз болуп, үстөкө босток кемтик төрөлүшү).

АЦЕФАЛОПОДИЯ ацефалоподия (төрөлгөндөн эле башсыз жана бутсуз болуп үстөкө босток кемтик төрөлүшү).

АЦИДОЗ ацидоз (канда жана ткандарда кычкыл заттардын көбөйүшү же щелочь запастарынын азайышы. Мындай көрүнүштөр өтө ачка болгондо же диабет оорусунда байкалат).

АЦИДОТЕСТ ацидотест (карындын маңызындагы кислотаны аныктоонун кыйыр методу).

АЦИТ ацит (ичке суу толуу. Бул карындын жана боордун рак оорусунда байкалат).

АЭРАЦИЯ аэрация (аба толтуруу, комнатаны желдетүү өндүү чаралар).

АЭРОБЫ аэробдор (өзүнүн жашоосуна абадагы кычкылтекти сөзсүз керектөөчү жандыктар - микробдор).

АЭРОЗОЛЬ аэрозоль (өтө майда, катуу же газ түрүндөгү заттарды өпкө жолдорунун оорусун дарылоо үчүн абанын жогорку басымынын жардамы менен өпкөгө үйлөтүү).

АЭРОИОНОТЕРАПИЯ аэроионотерапия (дем алуу жолдорунун жогорку бөлүгүндөгү ооруларды атайын оң жана терс заряддалган иондордун жардамы менен дем алдырып дарылоо).

АЭРОН аэрон (самолетто учканда, деңизде сүзгөндө кускусу келген адамдарды кустурбоочу дары).

АЭРООТИТ аэроотит (атмосфералык басым төмөндөшүнөн ортоңку кулактын сезгениши. Ал өзгөчө учкучтарда жана самолетто учкан кээ бир жүргүнчүлөрдө, чанда суукта жана шамалда калган адамдарда кезигет).

АЭРОТЕРАПИЯ аэротерапия (оорулууну абада алып жүрүп дарылоо).

АЭРОФАГИЯ аэрофагия (жел жутуунун себебинен ич кеөп, аны кайра кекирүү. Бул ымыркай балдарда көп учурайт).

АЭРОФОБИЯ аэрофобия (карама-каршы терезени же эшикти ачканда, бөлмөнүн ичинен шыдыр өткөн желден өтө коркуу).

Б

БАБЕША СИМПТОМ Бабеш симптому (аортанын ич аймак тушу чоюлуп кетсе, ичти басып көргөндө кек боор чендеги артериянын соруп жана тон тартып турушу).

БАБИНСКОГО РЕФЛЕКС Бабинскийдин рефлекси (буттун таманынын чоң бармак тушун катуу нерсе менен этин айрылбагыдай кылып сүртсө, баш бармак акырындык менен төмөн кайрылат да аны менен кошо калган бармактар кайрылат. Кээде чоң бармак анын тескерисинче артына кайкалап, ал эми калган бармактар чаркайып туш=тушка жайылат. Эгерде жүлүн дартка чалдыкканда экинчи шарттагыдай учур байкалат).

БАБИНСКОГО ФЕНОМЕН Бабинский феномени (эки колдун алаканын жогору кылып сунуп турганда, каракуш мээнин кайсы бөлүгү дартка чалдыккан жактагы колдун сөөмөйүнүн жогорураак болушу).

БАБКИНА ПРОБА Бабкин баамдоосу (ашказандын маңызын изилдөө үчүн биринчи жолу инсулин менен, экинчи жолу гистамин менен дүүлүктүрүп алып туруп, маңызын изилдөө жүргүзүү).

БАБКОКА ОПЕРАЦИЯ Бабкок операциясы (балтырдын вена тамыры, кеңейип кеткен ооруда венанын өзөк тамырын байлап антарып алып таштоочу операция).

БАГАССОЗ Багассоз (кант тростниги күйгүзгөндөгү түтүнүн кайталап дем алуудан келип чыккан өпкөнүн оорусунун бир түрү).

БАЗАЛИОМА базалиома (теринин негизги катмарынан өсүп чыккан рак оорусу).

БАЗАЛЬНАЯ МЕМБРАНА негиз мембрана (кошуучу ткандардан пайда болуп, ар түрлүү ткандарды бөлүп турган жука чел катмар).

БАЗЕДОВИЗМ базедовизм (калкан без оорусунун ууландыруучу формасы жеңил гана өтүп адамды анчейин кыйнабастыгы).

БАЗЕДОВИФИКАЦИЯ базедовификация (калкан безинин дарты тышкы түрү боюнча, базедова оорусуна жакын, бирок богоктон кийин функциясынын жогорулашы).

БЕЗЕЛЬСКАЯ АНАТОМИЧЕСКАЯ НОМЕНКЛАТУРА базелдик анатомиялык аттар (1895-жылы анатомиялык коомдун Базелде болуп өткөн с"ездинде кабыл алынган анатомиялык терминдердин бир системадагы аттары).

БАЗЕН ЭРИТЕМА Базен эритемасы (теринин туберкулез оорусунда байкалуучу, ага өзгөчө мүнөздүү кызарган жери).

БАЗИС НАРКОЗ негизги, алгачкы наркоз (жалпы наркозду берерден мурун баштап берген негизги наркоз).

БАЗОФИЛЫ базофилдер (кандын тутумундагы клеткалардын ичинде базофилдердин саны көбөйүшү өнөкөткө айланган кан оорусу. Бул миэлолейкоз оорусун айгинелейт).

БАЗОФИЛИЯ базофилия (ткандардын жана клеткалардын негизги боек деп аталган боекко чыкый боёлушу).

БАЗОФИЛЬНАЯ АДЕНОМА базофилдик аденома (гипофиздин сейрек учурай турган шишиги. Ал гипофиздин алдыңкы бөлүгүндөгү негизги боек менен каныга боелгон клеткадан өсүп чыгат).

БАЗОФОБИЯ базофобия (басуудан өтө коркуу).

БАЙЕРА СИМПТОМ Байер симптому (көзүн жумган оорулуунун бутунун же ичинин терисин кымтый кармап ары-бери жылдыргандын сезе албаса, сифилис котон жара оорусу жүлүндө экендиги далилденет).

БАКТЕРИАЛЬНОЕ ЗАГРЯЗНЕНИЕ РАНЫ жараттын бактериялык булганусу (кесилген жерде микроорганизмдин - микробдордун болушу менен дартка чалдыктырбай же чалдыктыра элек учуру).

БАКТЕРИАЛЬНЫЕ КАМНИ бактерия таштары (бактериялардын өтө көп чогулуп, таштай катып калышы, бактериялык таш сийдик жолдоруна таш пайда болгондо да билинет. Ал сейрек учурайт).

БАКТЕРИЕМИЯ бактериемия (бактериянын, микробдун канга аралашып кошулушу. Бул ич келте оорусунда көбүрөөк кезигет).

БАКТЕРИОЛИЗ бактериолиз (бактериянын тышкы кабыгы жарылуудан анын ичиндеги заттарынын айлана-чөйрөгө жайылышы).

БАКТЕРИОЛИЗИНЫ бактериолизиндер (бактерияларды эритүүчү зат. Ал зат денеге жугуштуу оорулар менен ооруп айыккандан кийин пайда болот).

БАКТЕРИОЛОГИЧЕСКОЕ ОРУЖИЕ бактериялык курал (адамдарды, жан-жаныбарларды, өсүмдүктөрдү жоготууга багытталып бактерия менен толтурулган, атылууга колдонулуучу курал-жабдыктар. Бактерияны, элди кыруу үчүн колдонот).

БАКТЕРИОЛОГИЯ бактериология (биология илиминин бактерияларды изилдөөчү тармагы).

БАКТЕРИОСКОПИЯ бактериоскопия (бактерияларды изилдөө методу, аны микроскоп аркылуу карап көрүү).

БАКТЕРИОСТАЗ бактериостаз (айлана-чөйрөнүн физикалык жана химиялык таасиринен бактериялардын өсүшү убактылуу токтолуп калышы).

БАКТЕРИОСТАТИКИ бактериостатиктер (бактериялардын көбөйүү жөндөмдүүлүгүн убактылуу токтотуучу заттар).

БАКТЕРИОФАГ бактериофаг (бактериянын клеткасына жугуп ал жерден клетканы эритип же эрүүгө түрткү бергенге чейин алып барган вирус).

БАКТЕРИОФОБИЯ бактериофобия (микробдор жугат деп коркуу).

БАКТЕРИОХОЛИЯ бактериохолия (өт жолдорунда же өттүн баштыкчасында дартка чалдыктыруучу микроорганизмдердин болушу).

БАКТЕРИОЦИНЫ бактериоциндер (кээ бир бактериялардын түр-

лөрү бөлүп чыгарган, башка түрдөгү бактериялардын өмүрүнө зыян келтирүүчү белок заты).

БАКТЕРИУРИЯ бактериурия (сийдик жолдору сезгенбей эле, сийдикте бактерияның пайда болушу).

БАКТЕРИЦИДНАЯ БУМАГА бактерияны өлтүрүүчү кагаз (анчейин чоң эмес жараларды дарылоого ылайыкталып, майда тешиктерин күмүштүн туздарына ширетип койгон кагаз).

БАКТЕРИЦИДНАЯ ЛАМПА бактерияны жоюучу чырак (кыска толкундагы ультрафиалет нурлары өтүп кетүүчү айнектин ичиндеги сымапка электр тогу кошулганда, буулануудан айлана-чөйрөдөгү жарыгы тийген жерлердеги микробдорду өлтүрүүчү чырак).

БАКТЕРИЦИДНЫЕ ВЕЩЕСТВА бактерициддүү заттар (тийгизген таасири боюнча бактерияларды өлтүрүүчү заттар).

БАКТЕРИЯ бактерия (тыпы жука чел менен курчалган бир клеткалуу майда жандык, микробдордун бир түрү).

БАКТЕРИЯ ДИЗЕНТЕРИИ ШИГА Шига дизентерия бактериясы (Япониялык бактериолог Шиганын нзамындагы, дизентерия оорусун пайда кылуучу бактериянын бир түрү).

БАКТЕРИОСТАЗ бактериостаз (бактериялар айлана-чөйрөнүн физикалык жана химиялык таасиринен убактылуу көбөйбөй, өспөй калган учуру).

БАКУЛЕВА ИГЛА Бакулевдин ийнеси (жүрөк каптын көбүлүна новокаин жана башка суюктуктарды жиберүүгө атайын ылайыкталган ийне).

БАЛАНИТ баланит (эркектин жыныс мүчөсүнүн баш терисинин сезгенип оорушу).

БАЛАНОПОСТИТ баланопостит (эркектин жыныс мүчөсүнүн баш жагы териси менен кошо сезгенип оорушу).

БАЛАНОПОСТОМИКОЗ баланопостомикоз (дрожж өңдөнгөн грибок менен эркектин жыныстык мүчөсүнүн териси жана баш жагынын сезгенип оорушу).

БАЛАНОЦЕЛЕ баланоцеле (эркектин жыныстык мүчөсүнүн башы теринин кууш жерине кыпчылып калуудан шишип кетиши).

БАЛАНТИДИАЗ балантидиаз (мите инфузориясы жоон ичегинин капталын жемирүүдөн пайда болгон оору).

БАЛДУЧЧИ СИМПТОМ Балдуччи симптому (буттун таманынын ич жагы балка менен уруп көргөндө, ал ич жагынан кайрылуусу. Мындай көрүнүш жүлүн дартка чалдыкканда байкалат).

БАЛИНТА ДИЕТА Балинт диетасы (талма оорусунда ичкен тамактын тутумундагы туздуу тамактарды тарта берүү).

БАЛЛЕ СИМПТОМ Балле симптому (калкан безинин оорусунун ууландыруучу формасында байкалуучу көздүн тостоктугу жана анын кыймылынын начарлашы).

БАЛЛИЗМ баллизм (колдун күтүлбөгөн жерден эле бат-бат кайталап эрксиз кыймылдоосу. Нерв оорусунда байкалат).

БАЛЛИСТОКАРДИОГРАФИЯ баллистокардиография (жүрөктүн кыймылынын таасиринен пайда болгон бардык жериндеги кыймылды жазып алуу. Ал атайын курал аркылуу жүргүзүлөт).

БАЛЛИСТОФОБИЯ баллистофобия (бомбадан, снаряддан, октон өтө коркуу).

БАЛЛОТИРОВАНИЕ ГОЛОВКИ ПЛОДА баланын башы былкылдоо (төрөй турган аялдын ичин, жатындын түбү(киндик туш) жагын басып көргөндө баланын башынын сермелиши. Мындай белги бала аягы менен келе жаткандыгын туюндурат).

БАЛЬЗАМИРОВАНИЕ ТРУПА өлүктү катыруу (өлгөн адамдын ткандары чирип кетпегендей кылып бир калыпта сактоочу заттарды сиңиртип коюу. Өлүк катыруу бальзамдоону биринчи жолу байыркы Египетте башталган).

БАЛЬЗАМ бальзам (эфир майынан турган коюу, жагымдуу жыттуу суюктук. Медицинада кеңири колдонулат).

БАЛЬЗАМИЧЕСКИЕ ПОВЯЗКИ бальзамдык тануу (денедеги теринин оорусунда же кээ бир хирургиялык ооруларда дене ириндеп кетпегендей кылып, ириндетүүгө мүмкүндүк бербеген затты дакиге атайын сиңдирип таңып коюу).

БАЛЬМА-ТЕВЕНЕ МЕТОД Бальма-Тевене методу (көкүрөк катмарынын төмөнкү бөлүгүн рентгендик изилдөө жүргүзүү үчүн чемирчектин алды аркылуу көкүрөккөаба жиберүү).

БАЛЬНЕОЛОГИЯ бальнеология (минералдык суулардын тутумун окуп, алардын климаттык жана деңиздеги шартында адамга тийгизген таасирин билүү).

БАЛЬНОТЕРАПИЯ бальнотерапия (минералдык сууларды денеге сүртүп, аны ичирип же кээ бир ооруларын алдын ала болтурбоо максатында дарылоо).

БАМПЕР ПЕРЕЛОМ Бампер сынығы (шыйрак жана сан сөөктөрүнө машина жүрүп бара жатканда бампери тийгенде ал сөөктөрдүн үчү бурчтуу болуп сынышы-бампер сынығы делет).

БАНАЙТИСА ПОВЯЗКА Банайтис таңуусу (көкүрөк жарадар болуп, көңдөйү ачылып калган учурда таңылуучу татаал таңуу).

БАНГА БОЛЕЗНЬ Банг оорусу к. БРУЦЕЛЛЕЗ

БАНГА МИКРОМЕТОДЫ Банг микрометоддору (кандагы канттын санын тактоо үчүн жүргүзүлгөн өтө назик методдор. Кандагы калган азотту, аминокислоталарды, мочевинаны аныктоого ылайыкталган методдор).

БАНГА ПРОБА Банг баамдоо (сийдиктеги фруктозаны аныктоо. Баамдоодо фруктоза кыскыл шартта оксиметилфуролго айланып, өт кислотасы менен көк сары түстү түзө тургандыгын эсепке алат).

БАНДАЖ бандаж (ичтеги органдар жаралган тешиктерден чыгып кетпегендей кылып кептеп, матап коюучу буюм, Бандаж чурайдын жана киндиктин тешиктеринин киричи айрылганда (грыжада) колдонулат).

БАНК ТКАНЕЙ ткандар банкы (ткандарды жана органдарды башка бирөөнө жалгоо үчүн даярдап жана атайын шартта сактап бере турган медициналык мекеме).

БАНКИ МЕДИЦИНСКИЕ медициналык банкалар (теринин ичине убактылуу канталоо жасаш үчүн оңко коюуга ылайыкталган айнектен жасалган идиш).

БАНТИ СИНДРОМ Банти синдром (боордун берчке айлануусу менен катар көк боордун чоңоюп ооруган учуру).

БАНЯ ЛАБОРАТОРНАЯ лабораториялык баня (суюктуктагы изилдөөчү нерселерди бир калыптагы жылуулукта кармап тура турган электрдик приборлору бар аппарат).

БАРАБАННАЯ ПЕРЕПОНКА кулактын тарсылдагы (кулактын ички жана тышкы өткөөлүнүн ортосундагы жука жаргак томосу. Ал аба толкунун уктуруу сөөктөрүнө жеткирет).

БАРАБАННАЯ ПОЛОСТЬ барабан кобулу (кулак чыкый сөөгүнүн ортосунун ички бетичен орун алып, угуу түтүгү менен тутушкан көндөй).

БАРБЕРА ПУСТУЛЕЗ Барбер ыйлаакчасы (буттун таманында, колдун алаканында болуп, оорубай ыйлаактап, кызарып түлөгөн белги-

сиз себептен пайда болгон теринин өнөкөт оорусу).

БАРБЕРИО=ЧЕВИДАЛЛИ РЕАКЦИЯ Барберио=Червидалли реакциясы (пикрин кислотасынын эритмеси спермага кошулганда чачырандуу жана эллипске окшош кристалл пайда кылаарын эсептеп кийимдеги тактан сперманы аныктоочу сот медицина методу).

БАРАБАННАЯ СТРУНА кулактын тарсылдак кылы (аба толкунун борборго жеткире турган жипче).

БАРАБАННЫЕ ПАЛЬЦЫ бармактардын учунун жооноюшу (бронхдор кеңейип кеткенде жана өпкөдөгү ириң оорусу узакка созулганда байкалуучу колдун манчаларынын учунун көлөмү жагынан чоңоюп кетиши).

БАРБАМИЛ барбамил (уйкуну келтирип, уктатуучу дары).

БАРБИТУРАТЫ барбитураттар (барбитур кислотасынан жасалган, химиялык түзүлүшүнө, аны канча беришине жараша ар түрдүү таасир бере турган дары, Жанды жай алдырат, уктатат, тырыштыруу-ну жазат жана наркоздук таасир берет).

БАРДЕНГЕЙЕРА ОСТЕОТОМИЯ Барденгейер остеотомия (чыканак сөөгүнүн учун эки ача жарып, ага бейбелчек сөөктөрдүн кептеп эп кыйган сөөк операциясы).

БАРЕЗТЕЗИЯ барезтезия (дененин бир жерин баскандыкты, кыскандыкты сезүү абалы. Бул баскан жердин нервдеринин абалын баамдоодо колдонулат).

БАРИЙ барий (рентген нуру өтпөгөн касиети бар химиялык зат. Медициналык практикада оорунун атын рентгендик изилдөө менен табуу үчүн кеңири колдонулат).

БАРИЙ РАДИОАКТИВНЫЙ радиоактивдүү барий (дартты радиоизотопдук жол менен билүү үчүн жана медицина биологиялык изилдөө үчүн колдонулуучу эн коюлган барий).

БАРИТОЗ баритоз (барийди чыгаруучу жайда, ал аралашкан чаңды дайыма дем алууда байкалуучу өпкөнүн оорусу).

БАРЛОУ БОЛЕЗНЬ Барлоу оорусу к. ЦИНГА

БАРОГНОЗИЯ барогнозия (бир нерсенин салмагын жана салмактык айырмасын болжолдоп сезүү менен аныктоо).

БАРОКАМЕРА барокамера (өтө кысылып бекиген, ичинде өтө төмөнкү же жогорку басымдагы абасы болгон жай, камера. Ушундай шартта адамды дарылоо мүмкүнчүлүгү кеңири изилденип жатат).

БАРООТИТ баротит (атмосферанын басымы тез алмашуудан

пайда болгон кулактын ортоңку бөлүгүнүн оорусу. Бир нерсе жарылганда, атылганда, самолет бат көтөрүлүп же төмөн түшкөндө басым бат өзгөрүлөт).

БАРОРЕЦЕПТОРЫ барорецепторлор (ичи көңдөй органдардын жана кан тамырлардын ичинде басым жогорулагандыгын сезүүчү нервдер).

БАРОТЕРАПИЯ баротерапия (атмосфералык басымдын жогорулашын, төмөндөшүн дарылоо максатына колдонуу).

БАРОТЕРМОКАМЕРА баротермокамера (керектүү температурага, басымга салып жылчыксыз курулган жай. Ал адамдын коргонуу мүмкүнчүлүгүн сыноо үчүн жасалат).

БАРОТРАВМА баротравма (атмосфералык басым жогору же төмөн болгондуктан жарааланууу, м.: катуу дабыштан кийин кулактын тарсылдагынын жарылышы).

БАРОФОБИЯ барофобия (оор нерсе көтөрүүдөн өзгөчө коркуу).

БАРРЕ-МАССОНА БОЛЕЗНЬ Барре-Массон оорусу (теринин терең катмарындагы ткандардан өсүп чыккан шишик. Ал көбүнчө беш манчалардын тырмагынын алдында өтө көп кезигет).

БАРРЕ ПРОБА Барре баамдоо (эки колду алдыга сунуп турганда жүлүндүн ичиндеги тарам кайсы жагында бузулса, ошол жактагы колдун акырындап ылдыйлашы).

БАРТЛЕТТА ОПЕРАЦИЯ Бартлетт операциясы (буттун биринчи баш бармагынын тырмагы алдына кайрылып өскөндө тырмактын тушундагы этин кесип алып таштоочу операция).

БАРТОЛИНИТ бартолинит (аялдын жыныстык органынан бартолин деп аталган безинин сезгенип оорушу).

БАРТОНА ОПЕРАЦИЯ Бартон операциясы (кашка жиликтин урчугунун төмөн жагынан оюп жаңыдан муун жасоо. Ал кашка жиликтин жамбашка апташкан муунун кыймылдатууга далалат).

БАССЛЕРА СИМПТОМ Басслер симптому (киндик менен жамбаш сөөктүн алдынкы, жогорку бөлүгүн кошкон сызыктын ортосун басып көргөндө оорушу. Ал аппендицит оорусуна мүнөздүү).

БАСТЕДО СИМПТОМ Бастедо симптому (арткы тешик аркылуу жиберилген түтүктөн жел үйлөткөндө, ичтин оң жак бөлүгүндөгү чурай жактын оорушу. Бул өнөкөт аппендицит оорусунда байкалат).

БАТАЛЛОВ ПРОТОК Баталлов өткөөлү (бала жатында жатканда, өпкөнүн артерия тамыры аорта тамыры менен жалгашат. Чоңойгондо ал бүтүп калат. Бүтпөй калса анын ордуна өткөөл пайда болот.

Ошол өткөөл автордун наамында).

БАТИКАРДИЯ батикардия (жүрөктүн өз ордунда болбой, төмөн жакта болушу).

БАУЭРА РЕФЛЕКС Бауэр рефлекси (үч=төрт айдагы бала көмкөрөсүнөн жаткан учурда, анын бутун азыраак басып көргөндө баланын эмгектөөгө умтулуучу физиологиялык рефлекси).

БАЦИЛЛА бацилла (формасы узун тартып, микроскоп менен караганда таякчага окшош көрүнгөн микробдор).

БАЦИЛЛА КОХА Кохтун бацилласы (туберкулез оорусунун таякчасы. Дартка чалдыктыруучу бацилла, туберкулездун таякчасы же Кохтун бацилласы деп аталган. Микробактерияны биринчи тапкан окумуштуунун наамында аталат).

БЕВЕНА ОПЕРАЦИЯ Бевен операция (эркектин сийдик чыгаруучу түтүкчөсүнүн тешиги чыбыктын ортосунда болуп калган учурда, жасалма жол менен анын жанындагы териден түтүкчө жасоо).

БЕДНАРА КИСТА Беднар барсылдагы к. ДЮБУА АБСЦЕСС

БЕДРЕННАЯ АРТЕРИЯ сан артериясы (сандын чоң кызыл кан тамыры).

БЕКА МИОКАРДИОФИБРОЗ Бек миокардиофиброзу (саркоидоз оорусунда жүрөктүн булчундары катуулап, жүрөктүн жетишсиздиги менен чектелген абал).

БЕКА ОПЕРАЦИЯ Бек операциясы (жүрөктүн булчундарына кан тамыр аркылуу тамак заттары көп барыш үчүн жүрөктүн чоң венасын байлап туруп, асбесттен жасалган упа сээп коюу. Ушул учурда жүрөк кап менен жүрөк чапталып өсүп калат).

БЕКА СИНДРОМ Бек синдрому (таман менен алакандын териси катуулап чач эрте агарып, тиш, тырмак кетилген тукум куучу оору).

БЕКА САРКОИД Бек саркоиди (беттеги, ооздун төгерегиндеги тери туберкулез оорусуна чалдыкканда, тиш ачылып адамдын ызырынгандагыдай көрүнүшү. Бул ооруну 1899-ж. Бек деген окумуштуу тапкан).

БЕКВИНА АЙГЕРА СИНДРОМ Беквина Айгер синдрому (буттун сөөктөрү мыйрыйып морт болуп, баш чоңоюп жана кыймылдын калыбы бузулуу менен мүнөздөлгөн тукум куучу оору).

БЕКЛАРА ЯДРО Беклар ядросу (кашка жиликтин төменкү башында сөөк өсүү ядросунун пайда болушу. Ал бала төрөлөөрдөн бир жума мурун байкалат).

БЕЛАЯ ГЛИНА ак баткак (дарыларга түспөл бере турган баткак. Салмагы миллиграммдык дарыга ак баткак кошуп бир грамдык кылып жасоо).

БЕЛЕРА АНЕСТЕЗИЯ Белера анестезиясы (сыныктардын оотосуна ооругандыкты сездирбей коюлучу дарыларды ийне сайу аркылуу жиберүү жолу).

БЕЛЕРА ШИНА Белер шакшагы (сыныкты бекемдөө үчүн зымдан жасалган шакшак катары колдонулуучу аспап).

БЕЛИ бели (аялдардын жыныстык мүчөсү сезгенгенде бөлүнүп чыккан илээшкен ак суюктук).

БЕЛКОВАЯ ВОДА белок суусу (ичи өткөн жана дайыма эле көпкө чейин кусуучу балдарга дарылоо катары берилүүчү атайын даярдалган суюктук. Негизинен кайнаган сууга чаңгыт кылып жумуртканын агын аралаштырат).

БЕЛКОВАЯ ДИСТРОФИЯ белоктун алмашуусунун бузулушу (адамдын денесиндеги ар түрдүү оорулардын кесепетинен пайда болуп, организмдеги белоктун ткандагы жалпы саны азайгандыктан келип чыккан дарт).

БЕЛКОВОЕ МОЛОКО белок сүтү (дары катары колдонулуучу сүт. Анын тутумунда сүт канты жана туз азыраак болот. Эмчектеги балдардын тамак сиңирүүсү бузулганда кеңири колдонулат).

БЕЛКОВАЯ НЕДОСТАТОЧНОСТЬ белок жетишсиздиги (тамак-ашта белок заты жетишсиздиктен келип чыккан организмдеги ооруксунуу абалы).

БЕЛЛА СИМПТОМ Белл симптому к. Белла феномен

БЕЛЛА ФЕНОМЕН Белл феномени (беттин нерви дартка чалдыкканда ошол жактагы көздү жумууга аракет жасаса, көздүн өөдөкү жалкычы ылдыйлабай көз өөдө, сырт жагына айлануусу).

БЕЛЛЯРМИНОВО ОПЕРАЦИЯ Беллярминов операциясы (көз жалкыч ылдый түшүп калган учурда аны көтөрүүчү булчундун тарамышын мандай булчунга тигип коюучу операция).

БЕЛОВАТОЕ ТЕЛО агыш дене (аялдардын картаюу башталыш мезгилинде жумурткасында байкалуучу сары денеинин ордуна катуу берчтин пайда болушу).

БЕЛОГЛАЗОВА ПРИЗНАК Белоглазов белгиси (адам өлгөндөн 10-15 минуттан кийинки байкалуучу көздүн кареги тегерек болбой,

узунунан же туурасынан жайылып карек формасынын өзгөрүшү).

БЕЛОЕ КРОВЯНОЕ ТЕЛЬЦА ак кан денечелери к. ЛЕЙКОЦИТ

БЕЛОЕ ТЕЛО агыш дене к. БЕЛОВАТОЕ ТЕЛО

БЕЛОК В МОЧЕ сийдиктеги белок (нормада сийдикте белок болбойт. Эгерде белок сийдикте пайда болсо бөйрөктүн бул же тигил оорусуна күнөм саналат).

БЕЛОКРОВИЕ аккандуулук к. ЛЕЙКОЗ

БЕЛОНОФОБИЯ белонофобия (денеме ийне кирет деп корко берүү).

БЕЛО-ПЕТЕНИЛА СИМПТОМ Бело-Петенил симптому (көкүрөктү рентген менен караганда өпкөдөгү эхинокко күнөм саналган тактын тегерегинде жарыгыраак шоола көрүнүшү).

БЕЛОЧНАЯ ОБОЛОЧКА белок катмары (эркектин жумурткасын каптап турган агыш түстөгү чарым катмар).

БЕЛЬМО бельмо (көздүн тунук катмары өзгөрүүдөн, көздүн сыртынын тунарык тартышы).

БЕЛЬСКОГО-ФИЛАТОВА КОПЛИКА ПЯТНА Бельский-Филатов-Коплик темгили (кызамык оорусу башталаарда уурттa байкалуучу ак түстөгү майда чыбырчыктар).

БЕЛЫЕ ПЛАСТИНКИ ак пластинкалар (каракуш мээнин жылгаларынын ак заты).

БЕНЕДИКТА ПРОБА Бенедикт баамдоосу (сийдиктеги глюкозанын жездин окиси менен щелочтук шартта кычкылдандыруу касиетине байланыштырып табуу методу).

БЕНЗИДИНОВАЯ ПРОБА бензидиндик баамдоо (карындын маңызында, сийдикте, заңда пайда болгон канды бензиндин заты аркылуу баамдоо, тактоо).

БЕНЗПИРЕН бензпирен (лабораториянын шартында ракты, шишикти жасалма түрдө пайда кылуучу химиялык зат. Ал мотордон чыккан түтүндө жана папиростун түтүнүндө ысталган тамактарда болот).

БЕННХОЛТДА ПРОБА Беннхолтд баамдоосу (конгорот боегун венага куйгандан кийин амилоддун саны өтө төмөндөсө ал кандын эсинде амилиодоз оорусу башталгандыгын айгинелейт).

БЕНЬЯМИНА СИНДРОМ Беньямин синдрому (аз кандуулук, башына суу толуу, булчундар көбүү жана баланын өсүшү начарлоо менен мүнөздөлгөн туулганда эле байкалган себеби белгисиз оору).

БЕРГА МЕТОДУ Берг методу (сүт кислотасы, хлорлуу темир

менен кут кислотасына көпүлсө, чымкый сары түскө айлангандыгын эске алып, ашказандын маңызындагы сүт кислотасын аныктоо ыгы. Автордун ааламында).

БЕРГМАННА ОПЕРАЦИЯ Бергманн операциясы (эркектин жумурткасына суу толгондо анын өзүмдүк деп аталган катмарынын баарын кесип алып таштоочу операция. Бул автордун ааламында).

БЕРЕЗНЕГОВСКОГО ШИПАЧЕВА ОПЕРАЦИЯ Березнеговск Шипачев операциясы (ичке ичегиден сийдик куюлуучу түтүк жасоо операциясы. Ошондой эле жоон ичегинин аяккы бөлүгүнөн табарсык жасоо операциясы. Ушул автордун ааламында).

БЕРЕЗОВСКОГО-ШТЕРНБЕРГА КЛЕТКИ Березовск-Штернберг клеткалары (лимфа түйүндөрү зыянга чалдыккан учурундагы лимфогранулематов оорусунда байкалуучу бир же бир нече ядролуу өтө зор клетка).

БЕРЕМЕННОСТЬ бойго бүтүү (сперматозоид менен жалгашкан аялдын жыныс клеткасын өсүүгө ыңгайланган учурунда аялдардын организминде өтүүчү физиологиялык процесси); БЕРЕМЕННОСТЬ БРЮШНАЯ ичтеги болочок күнөм (түйүлдүктүн ич көңдөйүндө эркин гана жылып жүрүү менен аялдын боюна болуусу); БЕРЕМЕННОСТЬ ВНЕМАТОЧНАЯ жатындын сыртында бойго бүтүү (жатындын кобулунан сырткары боюна бүтүү); БЕРЕМЕННОСТЬ ДВОЙНОЙ кош бала боюна бүтүш (эгиз бала боюна бүтүү); БЕРЕМЕННОСТЬ ЛОЖНАЯ жалган боюна бүтүү (этек кири токтоп, ичи чоңоюп, ал түгүл, бала кыймылдагандай сезип турса деле чындыгында боюнда болбой калган учурдагы аллдардын абалы); БЕРЕМЕННОСТЬ МНИМАЯ боюна бүткөнү белгисиздик к. БЕРЕМЕННОСТЬ ЛОЖНАЯ; БЕРЕМЕННОСТЬ ТРУБНАЯ жатындын түтүкчөсүндө боюна болуу (болочок күнөм өз жайынан орун албай, жатындын түтүгүнө бүтүп боюна болуу); БЕРЕМЕННОСТЬ ЯИЧНИКОВАЯ жатындын жумурткасында боюна болуу (аялдын уруктук безиндеги графов ыйлаакча деген жеринен түйүлдүк өсүп боюна болуу ж.б.).

БЕРНШТЕЙНА СПОСОБ Бернштейн ыгы (ичегидеги тешикти жоюу үчүн тешиктен жогорку төмөн бөлүгүн туурасынан кесип ичегинин эки жагын жалгаштырып коюучу операция).

БЕРЖЕРОНА ГЛОССИТ тилдин Бержерон сезгенчи (кээ бир эндокриндик жана "В" группасындагы витамин жетишпеген ооруда жаштардын тилинде байкалуучу тегереги ак боз курчоо менен курчалган,

ортосунда чымкый кызыл тактуу болгон тилдин сезгенчи).

БЕРИ-БЕРИ бери-бери (организмде B_1 витамини жоктугунан пайда болгон оору. Дарыланбаса оору адамдын колу=бутун шал кылуу менен аяктайт).

БЕРИЛЛИОЗ КОЖИ терининин бериллиозу (тери жараланган учурда бериллий заты териге өтүп кеткен учурда байкалуучу теридеги профессиялык өзгөчө оору).

БЕРКИТТА ЛИМФОМА Беркитт лимфомасы (лимфа түйүндөрүнүн тышкары катмарында үстүнкү ээкте, бейректе аялдардын жумурткалыгында болуп көпчүлүгү Африка жана Азия аймагынын ар кайсы жериндеги балдарда байкалуучу коркунучтуу шишик, лимфома).

БЕРКИТТА ЛИМФОСАРКОМА Беркитт лимфосаркомасы к. БЕРКИТТА ЛИМФОМА

БЕРНАЦКОГО СИМПТОМ Бернацкий симптому (жүлүндүн котон жара оорусунда чыканак нервинин сезгенгени начарлашы).

БЕРНУТА СИНДРОМ Бернут синдрому (белгилери боюнча гемофилияга окшош бирок тукум куубоочу себеби белгисиз оору).

БЕРТЕЛЛИ МЕМБРАНА Бертелли мембрана (кызыл өңгөчтүн төмөн жагында боор этке жабыша турган ийилгич, тарамдуу жайык чарым).

БАРЬЕСОНА СИНДРОМ Барьесон синдрому (бала чакта жолугуучу, өтө семирип, бою өспөй, акылы аз болгон тукум куучу эндокриндик бузулуу оорусу).

БЕРЬЕСОНА-ФОРССМАНА-ЛЕМАННА СИНДРОМ Берьесон-Форссман-Леманн синдрому к. БЕРЬЕСОН СИНДРОМ

БЕСАЛОЛ бесалол (белладон менен салолдун кошулмасы, жалпак булчундуу органдардын булчуңун бошондотууга көмөктөшөт. Ич оорганда керектелүүчү дарылардын бири).

БЕСКА СИНДРОМ Беск синдрому (чачы эрте агарып, тырмагы калындап, таман менен алакандын териси калындап, тиштери өсүп жетилбеген тукум куучу оору).

БЕСПЛОДИЕ тукумсуздук (өсүп жетилген организм өз тукумун уланта албоо. Анын себеби ар түрдүү болот).

БЕССОННИЦА уйкусуздук (уктай албоо, уктагандан кийин бир заматта ойгонуу. Анчейин терең уктай албоонун бардыгы уйкусуздукка кирет).

БЕСТА БОЛЕЗНЬ Бест оорусу (туулаар замат же бала чакта көзү жакшы көрбөй турган бир үй-бүлөнүн бардыгында байкалуучу тукум куучу көз оору).

БЕТА ТЕРАПИЯ Бета терапия (дартка чалдыккан тканга радиоактивдүү изотоптордун бета нуру менен таасир берип дарылоо методу).

БЕТТИГЕРА РЕФЛЕКС Беттигер рефлекси (жүлүндүн ичиндеги пирамид деген жолу бузулганда, кызыл ашыктын тушун дүүлүктүрсө буттун баш бармагы сыртына кайкалашы. Автордун наамындагы рефлекс).

БЕХИА бехиа (жетөлгө каршы дарынын аты).

БЕХТЕРЕВА БОЛЕЗНЬ Бехтеров оорусу (негизинен омурткалардын муундары менен аны байланыштыруучу чарымдарын дартка чалдыктыруучу коллагеноз ооруларынын тобу. Ал ички органдарда да кезигет).

БЕХТЕРЕВА ПЯТОЧНЫЙ РЕФЛЕКС Бехтерев согончок рефлекси (жүлүндүн пирамид деген жолу дартка чалдыкканда, согончоктун алдын балка менен уруп көрсө, буттун манчалары ич жагына кайтарылышы. Бехтерев рефлексине мүнөздүү).

БИБЛИОТЕРАПИЯ библиотерапия (оорулуу адамга алар жакшы көргөн китептерин берип дарылоо чаралары).

БИВОРА СИМПТОМ Бивор симптому (чалкасынан жаткан адамдын кинди си өдө көтөрүнкү турса, ичтин түз булчундары паралич болгондугун айгинелейт).

БИГЕЛОУ ЛИТОЛАПАКСИЯ Бигелоу литолапаксия (атайын аспап менен табарсыктын ичиндеги ташты талкалап, андан кийин аны атайын түтүк аркылуу сордуруп таштоо операциясы).

БИГУАНИДЫ бигуаниддер (гуамиддерден жасалган диабет оорусуна каршы дарылар).

БИГУМАЛЬ бигумаль (безгек оорусун айыктырууда колдонулуучу негизги дарылардын бири).

БИДАКТИЛИЯ бидактилия (колдо же бутта эки гана бармактын болушу).

БИДЕРМАННА СИМПТОМ Бидерманн синдрому (кулкундун чокусунун алдынкы бети дайыма кыпкызыл болуп турушу).

БИДЕРТА СПОСОБ Бидерт ыгы (туберкулездун микробактериясын какырыктан табуу үчүн ага жегич щелочь кошуп кайнатып, анан центрофуг менен топтоо).

БИЗАЛСКОГО АХИЛЛОТЕНОПЛАСТИКА Бизалск ахиллотенопластикасы (балтыр эттин булчундары паралич болгон учурда, балтырдын узун булчуңунун тарамышын согончок сөөктүн эшек тарамыш бекиген тушуна тигип коюу операциясы).

БИЛИГНОСТ билигност (өт жолдорун рентгенден кароодон өткөрүү үчүн венага куя турган рентген нуру өтпөгөн зат).

БИЛИОТОРАКС билиоторакс (жарадар болгондо, өт жолдорунун капталы тешилгенде, боордун шишик оорусунда көкүрөктүн көңдөйүндө өттүн куюлушу).

БИЛИРУБИН билирубин (өттү сары кызыл түскө боечу зат).

БИЛИРУБИНУРИЯ билирубинурия (билирубин сийдик аркылуу бөлүнүп чыгышы. Бул боордун оорусунда байкалат).

БИЛИТРАСТ билитраст (өт жолдорун рентгендик кароодон өткөрүш үчүн колдонуучу рентген нурун өткөрбөгөн зат. Элден мурун бул зат ичирилет дагы анан изилдөө жүргүзүлөт).

БИЛОБЭКТОМИЯ билобэктомия (өпкөнүн эки бөлүгүн кесип алып таштаган операция).

БИЛЬРОТА ОПЕРАЦИЯ Бильрот операциясы (ашказандын бөлүгүн кесип алып таштагандан кийин кесилген жерге ичегини жалгап коюучу операция. Анын эки түрү бар).

БИЛЬШОВСКОГО ОПЕРАЦИЯ Бильшовский операциясы (чалыр көз адамды, көзү бурулган жагына жараша көздүн ички же сырткы булчуңун кесүү менен калыбына келтирүү операциясы).

БИРА АМПУТАЦИЯ Бир ампутациясы (бутту шыйрак туштун орто ченинен алып таштоодо калтырылган сөөктү чоң жото жилик сөөгүнүн чарым кыртышы менен өзүн чулгап, басканда таянгыдай ыңгай түзгөн операция).

БИРА ИГЛА Бир ийнеси (жүлүндүн суюктугун алуу үчүн атайын ылайыкталып жасалган ийне).

БИРА ПЛАСТИКА УРЕТРЫ сийдик чыгаруучу түтүкке Бир пластикасы (эркектин сийдик чыгаруучу түтүгү туура эмес бүткөндө, ошонун тегерегиндеги териден эп кыйып жөнгө келтирүүчү операция).

БИРМЕРА СИМПТОМ Бирмер симптому (оорулуу туруп турганда же жаткан абалында анын көкүрөгүн кагып көргөндөгү, андан чыккан үндүн ар түрдүүлүгү. Ушундай өзгөрүү айрыкча өпкөнүн тегерегине суу толгондо байкалат).

БИРХ-ГИРШФЕЛЬДА ОПЕРАЦИЯ Бирх-Гиршфельд операциясы (көз жапкыч кантарылып калган учурда көздүн тегерегиндеги булчуңдан кыюу жасап, ылдыйлатууга ыңгайлуу абал түзүүчү операция).

БИРХЕРА ЭЗОФАГОПЛАСТИКА Бирхер эзофагопластикасы (көкүрөктүн алдынкы терисинен кызыл өнгөч жасап, төш терисинин алдынан өткөрүп коюу операциясы).

БИСМУТИЗМ бисмутизм (бисмут же анын кошундулары менен дайыма ууланууда байкалуучу ага мүнөздүү көптөгөн ооруксунуу белгиси).

БИСЕКСУАЛЬНЫЙ бисексуалдуу (эркек жана ургаачы жыныс мүчөлөрү өсүп=жетилбей калган адамдар; кыстеке. Алардын ичинен бирөө гана өсүп жетилүүгө жакындап барат).

БИССИНОЗ биссиноз (пахтанын, зыгырдын, кендирдин чаңын дайыма дем алууда байкалуучу бронхдордун өнөкөт сезгенүүсү менен айырмаланган өпкөнүн оорусу).

БИТТНЕРА ВИРУС Биттнер вирусу (лейковирус тукумундагы вирус. Чычкандардын эмчеги рак болушуна себепкерлигин Биттнер аныктаган. Адамга зыяндуулугу аныктала элек).

БИФУРКАЦИЯ бифуркация (түтүк формасындай органдардын эки жакка бирдей ачаланып бөлүнүшү, м.: бронх, аорта).

БИЦЕПС бицепс (эки баштуу булчун. Булчундун башы эки баштуу, эки ача болуп башталышы).

БИЦЦИОЦЕРО БЛЯШКА Бицциоцеро салпынчагы к. ТРОМБОЦИТ

БИША ЖИРОВОЕ ТЕЛО Биша май борчугу к. ЖИРОВОЕ ТЕЛО ЩЕКИ

БИШОФФА ОПЕРАЦИЯ Бишофф операциясы (сийдик куюлуучу түтүктүн төмөнкү бөлүгү кеңейип кеткенде, ошол тушту кесип таштап, өткөөлдүн калыбына келтирип тигип коюучу операция).

БЛАНШЕ СИНДРОМ Бланше синдрому (шыйрактын арткы бөлүгү сан, сегиз көчүккө чейин териси өзгөрүп, сыздап оорушу. Бул куяң оорусунда сезилет).

БЛАСТОМИКОЗ бластомикоз (ички органдардын жана теринин грибок оорусу).

БЛАШКОВИЧА ОПЕРАЦИЯ Блашкович операциясы (өөдөкү көз жапкыч төмөн түшүп кеткенде анын булчуңун кыскартуу менен чемиргегин да кесип алып коюу жолу менен аны калыбына келтирүүчү операция).

БЛЕДНАЯ СПИРОХЕТА куу спирохета (котон жара оорусуна чалдыктыруучу микроб. Куу деген ат анын анилин боекторуна боелбогондугунан аталган. Аны 1905-жылы Шаудин жана Гофман тапкан).

БЛЕЙЛЕРА БОЛЕЗНЬ Блейлер оорусу к. ШИЗОФРЕНИЯ

БЛЕННОРЕЯ бленнорея (курч мүнөздө башталган, көздүн сырткы жылтырак катмарынын ириндеген сезгенч оорусу).

БЛЕННОРЕЯ НОВОРОЖДЕННЫХ жаңы төрөлгөн баланын бленнореясы (төрөттөн кийинки 2 - 3 күндөн кийин байкалып, энесинин жыныс жолунан жуккан ымыркай баладагы көзүнүн ириндеп сезгенген оорусу).

БЛЕФАРИТ блефарит (көз жапкагынын сезгенч оорусу).

БЛЕФАРОБЛЕНОРРЕЯ блефаробленоррея (көз жапкагынын ириңдеп сезгенген оорусу).

БЛЕФАРОПЛАСТИКА блефаропластика (формасы бузулган көз жапкагын операция жасап жамап, калыбына келтирүү).

БЛЕФАРОПЛЕГИЯ блефароплегия (өөдөкү көз жапкычты көтөрүүчү булчуңдар көздүн төгерегиндеги булчуңдары менен кошо шал болгон учурда көз жапкычтын да шал болушу).

БЛЕФАРОРАФИЯ блефарорафия (кээ бир оорудан кийин көздүн жычыгын куушуруу максатында аны тигүү).

БЛЕФАРОСПАЗМ блефароспазм (көздү айланта курчаган булчуңунун көз жапкыч бөлүгүнүн карышып калышы).

БЛЕФАРОТОМИЯ блефаротомия (көз жапкычтын ткандарынын колдоюшун бошондотуш үчүн жана көздүн жычыгын куушуруу үчүн көз жапкыч кечирдин ич жагын жара тилүү).

БЛЕФАРОФИМОЗ блефарофимоз (көздүн өнөкөт сезгенч оорусунда көздүн сырткы жычыгы чоюлгандыктан жычыктын куушурулушу).

БЛЕФАРОХОЛАЗИС блефарохолазис (жогорку кирпиктин жогорку жагындагы териси жукаланып ылдый саландашы).

БЛИЗНЕЦЫ эгиз (боюнда бар аялдан эки баланын төрөлүшү. Эгиз бала, адам).

БЛИЗОРУКОСТЬ жакын жерден көрүү

БЛОКАДА СЕРДЦА жүрөк блокадасы (жүрөктүн бул же тигил бөлүгү козголууну өткөрбөй койгон учуру).

БЛОКАДА ЛИМФОРООТОКА суюктук куюлуу, буулуу (мээ менен жүлүндүн тешиктери бүтөлүүдөн алардагы айланган суюктуктар жылбай, бөгөлүп калышы).

БЛОКАДА СУСТАВА муундун аз кыймылы (муундун ичиндеги чемирчек үзүлгөндө капысынан ооруп, муундун кыймылы анчейин кенири болбой калган учуру).

БЛОКИРОВАНИЕ СУСТАВОВ муундардын ширелиши (бир тон омурткалардын бири бири менен жабышып калышы. Бул Бехтеров оорусунда жана омуртка туберкулез оорусуна чалдыкканда учурайт).

БЛОКОВИДНЫЙ СУСТАВ чыгырык өндүү муун (мындай муун колду бүктөөгө жана жазууда керек болот. Ушундай муундар колдун бейбелчектери кошулган жеринде көп болот).

БЛОКОВОЙ НЕРВ чыгырык нерви (каржиликтин чыканак туштагы

чыгарыкка оңоп сөөгүнүн тегерегиндеги клеткаларды нервдик тейлөөчү нерв жиптелери).

БЛОХИНА ОПЕРАЦИЯ Блохин операциясы (табарсыктын рак оорусунда аны алып таштаардан мурун сийдик куюлуучу түтүктү ордунан сыртка, курсак жакка чыгарылып коюлган жоон ичегиге тигип коюучу операция).

БОАРИ ОПЕРАЦИЯ Боари операциясы (сийдик куюлуучу түтүктүн табарсын жак бөлүгү дартка чалдыкканда аны кесип таштап, табарсыктан түтүк кесап, бир учун калган түтүк менен жалгаштыруучу операция).

БОБРОВА АППАРАТ Бобров аппараты (суюктукту денеге басым менен куюу үчүн атайылап жасалган аппарат).

БОБРОВА-ЛЕКСЕРА ТЕОРИЯ Боброва - Лексер теориясы (сөөктөгү кулгуна соруусунун себеби жиликтин ичиндеги кан тамырлардын түзүлүшүнө жараша болот деп болжоо).

БОГДАНОВА АППАРАТ Богданов аппараты (буттун сыныгын айыктыруу үчүн бутту көрүүгө ылайыктап жасаган аппарат).

БОГОРОЗА ОСТЕОТОМИЯ Богораз сөөк кесүүсү (сынган жиликти айыктыруу менен катар, бут кыскарбас үчүн жиликти туурасынан бир нече таарып, керилген абалында гипске салып айыктыруу жолу. Автордун наамында).

БОГОРОЗА ФАЛЛОПЛАСТИКА Богораз фаллопластика (курсактын терисинен эркектин жыныстык мүчөсүн жасоочу операция. Теринин ичине чемирчек да коюлат).

БОГОРАЗА-КРЕСТОВСКОГО ОПЕРАЦИЯ Богораз-Крестовский операциясы (боордун улага венасынын басымы жогору болгондо, жогорку чычыркай венаны ичтин төмөнкү зор көк кан тамыры менен жалгаштырып коюучу операция).

БОГУША ТОРОКОПЛАСТИКА Богуш торокопластикасы (өпкөнүн чарымдуу коверналуу туберкулезунда жана көкүрөккө ириң толгондо, бир нече этап менен кабыргаларды алып таштап көкүрөктү кысууга ылайыкташтырылган операция).

БОДАМЕРА СИМПТОМ Бодамер симптому (өзүнө тааныш кишилерди же анын сүрөтүн таануй албай, психикалык абалы бузулушу).

БОДЕ МЕТОД Боде методу (жатындын тегерек байламтасын кыскартуу максатында аны кашпырып, бүктөп тигип коюучу операция).

БОЕВЫЕ РАДИОАКТИВНЫЕ ВЕЩЕСТВА залалдуу радиоактивдүү заттар (согуш убагында көп элге зыян келтирүү үчүн колдонулуучу радиоактивдүү зат).

БОЙДА ПАТЕЛЛЭКТОМИЯ Бойд пателлэктомия (тизенин ич жак бетинен узун тилип туруп, томукту кесип алып таштоочу операция. Бул автордун наамында).

БОЙДЕНА ЗАВТРАК Бойден тамагы (өт баштыгынын кыймылын билүү үчүн оорулуурга бир стакан каймакка жумуртканын сарысын аралаштырып берип, рентгендик кароодон өткөрүү).

БОЙСА СИМПТОМ Бойс симптому (моюндун капталын басып көргөндө кулкулдаган үн чыкса, кызыл өңгөчтүн ошол тушу өтө кеңейип кеткендиги (дивертикул) аныкталат).

БОКАЛЬЧУКА ПРОБА Бокальчук баамдоосу к. БОКАЛЧУКА РЕАКЦИЯ

БОКАЛЬЧУКА РЕАКЦИЯ Бокальчук реакциясы (кандын суюктугундагы билирубинди татаал реакциялык таасир берип аны түсү аркылуу аныктоо).

БОКАРИУСА ПРОБА бокариус баамдоосу (муунуп өлгөн адамдын мойнундагы канталоону өлө электе болгондугун же кийин болгондугун аныктоо үчүн жүргүзүлгөн аракет).

БОКОВОЙ МЫЩЕЛОК БЕДРА кашка жиликтин капталындагы дөмпөк (кашка жиликтин жото жилик жагындагы сөөктөн чыгып турган урчугу).

БОКС бокс (дарылоо мекемелериндеги жугуштуу ооруларды бөтөнчө бөлүп жана жугушка күнөм саналган адамдарды да бөтөнчө бөлүп байкай турган медициналык жай).

БОКШТЕЙНА ОПЕРАЦИЯ Бокштейн операциясы (кулак чыкый сөөгүнүн упчу сымал урчугунун кобулуна кулактын сырткы өткөөлүнүн арткы капталы аркылуу тешүү).

БОЛДВИНА ОПЕРАЦИЯ Болдвин операциясы (ичке же жоон ичеги-ден операциялык жол менен аялдын жыныстык кыны жасоо. Бул аялдын жыныстык кыны төрөлгөндө жок болгон учурда жасалат).

БОЛЕЗНЕННОЕ МОЧЕСПУСКАНИЕ ооруксунуп заара кылуу (сийдик жолдорунун курч мүнөздө башталган сезгенч ооруларында сезилген, заара кылган учурда ооруусу сезүү).

БОЛЕЗНИ АЛИМЕНТАРНЫЕ тамак-аштардан болгон оорулар (тамак-аштагы белгилүү бир заттардын көптүгүнөн же аздыгынан келип чыккан оорулар).

БОЛЕЗНИ ВНУТРЕННИЕ ички оорулар (ички органдардын оорусун изилдеп, аларды дарылоо, алдын алуу жолдорун иштеп чыгуучу клиникалык медицинанын бир бөлүгү).

БОЛЕЗНИ ДЕТСКИЕ балдар оорулары (балдарда гана учуроочу оорулар).

БОЛЕЗНИ ПАРАЗИТАРНЫЕ мите оорулары (мителердин жөнөкөйлөрү лейшманиоз, безгек жана котурдун митеси, курттардан гельминт мителеринин адамды ооруга салдыктыруусунан келип чыккан оорулар).

БОЛЕЗНИ ПОЛИОМИЕЛИТОПОДОБНЫЕ полиомиелитке окшогон оорулар (коксаки жана эховирустардан пайда болгон оорунун өтүшү. Полиомиелитке окшогон жалпы оорунун аты).

БОЛЕЗНИ ПОЛИОЛОГИЧЕСКИЕ себеби ар түрдүү оорулар (дарттын ар кыл себептерден пайда болушу).

БОЛЕЗНИ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫЕ кесипке байланыштуу оорулар (дарттын пайда болуусуна анын аткарган кызмат шарты себепкер болгон оорулар).

БОЛЕЗНИ ПСИХИЧЕСКИЕ психикалык оорулар (мээнин функциясы бузулуудан дарт пайда болуп, андан ары оорулуунун психикасына таасир берип башталган оорулар).

БОЛЕЗНИ РАХИТОПОДОБНЫЕ итий окшош оорулар (итий оорусуна окшош сөөктөр өзгөрүлгөн оорулардын тобу).

БОЛЕЗНИ СОПУТСТВУЮЩИЕ жолбун оорулар (адамдын негизги ооруудан башка экинчи дагы бөтөн оорулары).

БОЛЕЗНИ ТРАНСМИССИВНЫЕ көчүүчү оорулар (адамдын организмине дарт кан соргуч жандыктар аркылуу жугуучу жугуштуу оорулар, м.: кене, чиркей).

БОЛЕЗНИ ТРОПИЧЕСКИЕ тропикалык оорулар (көпчүлүк учурларда тропикалык жана субтропикалык аймактарда учуроочу оорулар).

БОЛЕЗНИ ФАКУЛЬТАТИВНО ТРАНСМИССИВНЫЕ факультативдик көчүүчү оорулар (адамдын организмине дарт кан соргуч жандыктар аркылуу жукпастан, башка жол менен да жугуучу оорулар).

БОЛЕЗНИ ЭКЗОТИЧЕСКИЕ чоочун оорулар (мурун бул аймакта болбогон, тыштан ташылып келген, жугуштуу оорулар).

БОЛЕЗНИ ЭНДЕМИЧЕСКИЕ эндемиялык оорулар (табигый шартка

байланыштуу, бир гана аймактагы элдерде боло турган оорулар).

БОЛЕЗНИ ЭНДОКРИННЫЕ эндокриндик оорулар (суюктугун - гормонун канга куюучу бездердин функциясы бузулуудан келип чыккан оорулар).

БОЛЕЗНИ ЭПИЗООТИЧЕСКИЕ эпизоотикалык оорулар (белгилүү бир шартта көпчүлүк адамдарга жайылууга жөндөмдүү болгон жапайы жана үй жаныбарларынын жугуштуу оорулары).

БОЛЕЗНЬ БАЗЕДОВА Базедов оорусу (калкан бези чоңоюу менен катар анын кызматы күчөп иштөөдөн тиреотоксикоздун башталышы. Бул оору негизинен калкан безинин чоңоюшу, көздүн чанагынан чыга баштап тостоюшу, жүрөктүн бат-бат кагышы менен мүнөздөлөт).

БОЛЕЗНЬ БАНГА Банг оорусу (бурцеллез оорусунда байкалуучу дененин температурасынын жогорулашынын кезек-кезеги менен кайталанып турушу).

БОЛЕЗНЬ БАНТИ Банти оорусу (ар түрлүү белгисиз себептерден көк боордун чоңоюшу, аз кандуулук жана боордун берчке айланышы. Оорулууда жогорудагыдай көрүнүштөрдүн бардыгы болсо Банти оорусу деп аталат).

БОЛЕЗНЬ БЕХЧЕТА Бехчета оорусу (көздүн жаа сымал катмары менен алдынкы кобулу ириңдеп, ооздун ичинен ак чел кабыктар чыгып жошулган жана ооздогудай эле көрүнүш жыныстык органдарда да байкалып, кайта-кайта кайталанган оору).

БОЛЕЗНЬ БИЭРМЕРИ Биэрмери оорусу (өтө коркунучтуу аз кандуулук оору. B_{12} витамини жетишсиздиктен пайда болгон аз кандуулук).

БОЛЕЗНЬ БОТКИНА Боткин оорусу (боордун жугуштуу сезгенчи). Сарык оорусу. Бул ооруга вирус көмөктөш).

БОЛЕЗНЬ БУЕНА Буен оорусу (теринин тышкы катмарына жай өскөн жана катуулап дөмпөйүп кеткен теринин оорусу. Ал күчөсө, теринин рак оорусуна айланат).

БОЛЕЗНЬ БРАЙТА Брайт оорусу (бөйрөктүн көптөгөн оорулары. Ага сийдикте белок пайда болуу, шишик, шишик басуу жана бөйрөктүн өзүн микроскоп менен карап көргөндө, бир кыйла өзгөрүүлөр Брайт оорусуна мүнөздүү).

БОЛЕЗНЬ ВАВРА-РАКУШО Бавра-Ракушо оорусу (өтө картайган

адамдардын терисинин өзгөчө өзгөргөн оорусу. Бул француздук окумуштуулардын атына аталган).

БОЛЕЗНЬ ВАСИЛЬЕВА-ВЕЙЛЯ Васильев-Вейль оорусу (курч мүнөздө кармоочу жугуштуу сары оору. Тез эле температура 40–41°ка жетип, балтыр жана бел ооруп, дене саргаруу менен боордун, көк боордун чоңоюп кетиши. Бул ооруга мүнөздүү температура бир жумача жогорулап, анан төмөндөп 5-9 күндөн кийин кайра жогорулайт. Бул оору арыс чычкандардан жугат. Булардын сийдигинен бөлүнүп чыккан лептоспироз суугa түшүп, андан тамак заттарына жугуп адамга таралат. Дартты козгоочу лептоспироз деп аталган микроб).

БОЛЕЗНЬ ВЕСТФАЛЯ ВИЛЬСОНА КОНОВАЛОВА Вестфаль-Вильсон-Коновалов оорусу (жаш адамдарда кезигүүчү боордун бардык жагынан бөрткө айланып оорушу. Бул паркинсонизм оорусуна окшош келип, укумдан-тукумга өтөт).

БОЛЕЗНЬ ВЕРЛЬГОФА Верльгоф оорусу (кандын тутумундагы тромбоциттердин азайышынан пайда болгон оору. Бул оору негизинен тери жана былжырлуу безде канталаган жерлер менен айырмаланат. I $см^3$ канча тромбоцит боло турган болсо, бул ооруда анын саны он эсе төмөндөшү да ыктымал. Денеңин бир жери тытылып калса, андан бир нече саатка же суткага чейин каны басылбаган учурлар да кезигет).

БОЛЕЗНЬ ГЕРТЕРА-ГЕЙНБЕРГА Гертер-Гейнберг оорусу (жаш балдарда кезигүүчү сейрек учураган оору. Бул ичеги-карындын бардыгын сезгентет. Бул өтө сасык жыттуу жана көп өлчөмдөгү заң бөлүп чыгуу мүнөздүү көрүнүш болуп саналат).

БОЛЕЗНЬ ГИРКЕ Гирке оорусу (жаш балдарда углевод алмашуу бузулганда байкалуучу оору. Гликоген заты жүрөккө, боорго, көк боорго топтолот. Баланын өсүшү басаңдап, боору чоңоюп, кандын тутумунда кант заты аз болот).

БОЛЕЗНЬ ГИРШПРУНГА Гиршпрунг оорусу (төрөлгөндөн жоон ичегинин калыңдыгы жана көлөмүнүн өтө чоңдугу. Бул өзгөрүш жаш балдарда кезигет. Дарылоосу операциялык жол менен гана жүргүзүлөт).

БОЛЕЗНЬ ГЕЙНЕ-МЕДИНЕ Гейне-Медин оорусу (көпчүлүгү үч-төн беш жашка чейинки балдарда кезигүүчү жугуштуу оору. Нервге таасир тийгизүүчү вирустардын залалы жүлүндөгү боз затына тиет да денеңин температурасы көтөрүлүп, колу-бутта алсыздык

сезилет. Өзгөчө буттагы булчуңдарга таасирин тийгизип, буту басууга жарабай, шал болот. Зыяндык таасири бешинчи күнгө чейин эле белгилүү болот).

БОЛЕЗНЬ ГРАНЬЕ Гранье оорусу (бул ооруда өпкөнүн көпчүлүк бөлүгү сезгенет. Бронхдордо сезгенүүдөн пайда болгон суюктуктары болот. Ал суюктуктар өпкөнүн сыртына чыкпайт).

БОЛЕЗНЬ ГРЕФЕ Грефе оорусу (көз ылдый жакка кыймылдаганда көздүн жапкычы көз менен кошо ылдыйлабастан ордунда калышы. Ушундай учур базедово (богок), нерв ооруларында байкалат).

БОЛЕЗНЬ ГУЛЬЕЛЬМО Гульельмо оорусу (кандын ак кан оорусуна окшош оорусу. Бат башталып, температура көтөрүлүү менен мүнөздөлөт. Оорунун эмнеден пайда болоору белгисиз).

БОЛЕЗНЬ ДАРЛИНГА Дарлинг оорусу (адамдын жана жаныбарлардын грибок оорусу. Оору температуранын кезек-кезеги менен көтөрүлүшү, аз кандуулук, көк боордун чоңоюп жана лейкоциттердин саны азайышы менен далилденет).

БОЛЕЗНЬ ДЕРКУМА Деркум оорусу (аялдардын ар кайсы жерлерине урчуйган май пайда болуп, өтө семириши. Ал майларды бармак менен басканда ооруңдукты сезүү. Бул оорунун өзгөчөлүгүн далилдейт).

БОЛЕЗНЬ ЖИБЕРА Жибер оорусу (тулку бойго жайылган теринин оорусу. Оору кызыл темгил болуп, темгилдердин ортосунда ак кеберлер пайда болуп, анын бирөөлөрүнүн чоңдугу топчудай тегерек көлөмгө чейин жетет).

БОЛЕЗНЬ КОРОБНИКОВА Коробниковдун оорусу (көк боор чоңоюп, ичеги-карындан кан агуу кайта-кайта кайталанып, канда тромбоцит азаюу менен мүнөздөлгөн оору).

БОЛЕЗНЬ КРОНА Крон оорусу (ичке ичегинин жоон ичегиге өтүүчү чениндеги сезгенч оорусу. Жоон ичегинин башталышынан 20–40 сантиметр алысыраак орун алган илдет).

БОЛЕЗНЬ ЛАНГДОН ДАУНА Лангдон Даун оорусу (адамдын дене түзүлүшү менен кошо акыл-эсинин да өспөй калышы, жетишсиздиги).

БОЛЕЗНЬ ЛЕГГА-КАЛЬВЕ-ПЕРТЕС Легга-Кальве-Пертес оорусу (төрт жаштан он алты жашка чейинки балдардын кашка жилигинин жамбашка апташкан башынын өнөкөт сезгенч оорусу. Сезгенүүнүн себебинен сөөктүн урчуюп калышы менен буттун кыскаруусу байкалат).

БОЛЕЗНЬ ЛИТТЛА Литтл оорусу (бала төрөлгөндө мээсине доо кетип жараланууудан пайда болгон балдардын тырышуу оорусу. Мындай тырышуу бир жак өрөөндөн же эки жак өрөөндөн тең кармайт).

БОЛЕЗНЬ ЛОБШТЕЙНА Лобштейн оорусу (туулгандан сөөктөрдүн өзүнөн-өзүнүн морттугу. Мында көздүн тышкы кабыгы көгүш көрүнүп, кулактын угушу да начарлашы менен мүнөздөлгөн оору).

БОЛЕЗНЬ МЕЛЛЕРА-БАРЛОВА Меллер-Барлов оорусу (эмчек эмилбей багылган бир жарым жашка чейинки балдарда кезигүүчү С витамини тамакта жетишсиз санда болгондугунан пайда болгон ооздун ичиндеги бүйөлөрүнүн сезгенич оорусу. Оорулуу балдардын териси жана булчундары канталап, ар кандай ооруларга чалдыгууга да жөндөмдүү келиши).

БОЛЕЗНЬ МЕНЬЕРА Меньер оорусу (сезгенбей эле ооруган ички кулактын оорусу. Ал оору кулак укпоо, чуулдоо жана өзүнөн-өзү тең салмактуулугун жоготуп, башы айлануу менен мүнөздөлөт. Бул учурда кусуу, жүрөк айлануу байкалат да, ал эми, оорунун себеби эмнеден экени белгисиз).

БОЛЕЗНЬ МИЛКМЕНА Милкмен оорусу (рентгендин нуру менен карагандагы сөөктө байкалуучу өтө жарык жерлер. Оорунун кесепетинен сөөктүн бир жери абага толуп ал жер рентгенде тунук көрүнөт. Мындай дарт көбүнчө орто жашаган аялдарда кезигет. Айрыкча белде жана бутта ооругандык сезилип, чайпалып басып, бою жапыздай баштайт).

БОЛЕЗНЬ МИНЬКОВСКОГО-ШОФАРА Миньковский-Шофар оорусу (бир үй-бүлөнүн өнөкөт сарык оорусу. Сарыктын себеби кандын тутумундагы кээ бир клеткалардын жарылышынан келип чыгат. Дарт адам туулганда эле байкалышы ыктымал. Дарт көк боор чоңоюу, аз кандуулук, сийдикте уробилиноген көп өлчөмдө чыгуусу менен мүнөздөлөт).

БОЛЕЗНЬ МОНДОРА Мондор оорусу (денеңин белгилүү бир чейрөсүндө, өзгөчө эмчек тушта жана ичте вена тамырынын капталы катуулоодон вена жайгашкан чейрөдө узун тарткан катуу берчтердин пайда болушу. Ал берчтер теринин ары алдындагы чарымдарда да кезигет. Венанын капталынын катуулоо себеби ар түрдүү болот).

БОЛЕЗНЬ МУРИСА Муриса оорусу (япон тилинде мурис чоң арыс чычкан дегенди билдирет. Арыс чычкандар тиштөөдөн пайда болгон оору. Оору көбүнчө Кытайда, Японияда жайылган. Бул ооруда кезек-

кезеги менен калтыроо, булчуңдардын оорушу менен кыйналат. Оору өлгөн чычкандарды жеген башка жаныбарлар аркылуу да башкаларга жугуугa мүмкүн).

БОЛЕЗНЬ НЕЙМОННА ПИК Неймонн Пик оорусу (бул оору көк боордун, боордун жана лимфа бездеринин чоңоюшу менен мүнөздөлөт. Мунун эки формасы бар, биринчиси эки айлыктан үч жашка чейинки балдардагысы, оору тез күчөп, жаш балдарды өлүмгө дуушар кылат. Экинчи жай өскөн формасы оору жай башталып, көпкө созулат).

БОЛЕЗНЬ НЕЙССЕРА Нейссер оорусу (алдынан сезгенген оору. Гонококк микробу бир адамдан экинчи адамга жыныстык катнашуу, мезгилинде жугат, жыныстык мүчөнүн былжырлуу кабыгынын сезгенч оорусу).

БОЛЕЗНЬ НИКОЛЯ-ФАВРА Николь-Фавр оорусу (оору такым бездеринин дайыма чоңоюшу, ал тешилип өзгөрүлүшү менен мүнөздөлөт. Ооруга атайын чыпкадан өткөн өтө майда вирус дуушар кылат. Айрыкча тропикалык зонада көп кезигет).

БОЛЕЗНЬ ОБРАЗЦОВА-СТРАЖЕСКОГО Образцов-Стражеско оорусу (жүрөктүн өтө тез башталган инфаркт оорусу. Дарт жүрөк булчуңунун дартка чалдыккан жерине кан келүү жетишсиз болгондуктан келип чыгат. Ошол жер жумшап кетип, өлүк тканга айланат. Эгерде ал андан ары күчөбөсө, адамды өлүмгө алып келбейт).

БОЛЕЗНИ ОСЛЕРА-РАНДЮ-ВЕБЕРА Ослер-Рандю-Вебер оорусу (туулгандан эле теринин жана былжырлуу кабыкчалардын кан тамырлары жооноюп, ошол аймактан кан агуу. Бул аз кандуулукка алып келет. Эгерде ички органдардагы көзгө көрүнбөгөн тамыр жоонойгон болсо, алардан кан агуу өлүм коркунучуна алып келет).

БОЛЕЗНЬ РЕКЛИНГАУЗЕН Реклингаузен оорусу (мүчө кууп ооруган бир үй-бүлөнүн бардыгы ошол оору менен оңой ооруучу оору).

БОЛЕЗНЬ РОТ БЕРНГАРДТА Рот-Бернгардт оорусу (сандын сыртындагы, теринин алдындагы нервинин аймагында кумурска чуркагандай болуп сезилип оорушу).

БОЛЕЗНЬ СИММОНДСА Симмондс оорусу (гипофиздин тийгизген таасиринен кургап, катып арыктоо. Тамакка көңүлсүз болуп, аялдарда этек кир токтолуп, карындын маңызы соолуп чыкпай, тиши, чачы түшүп арыктоо. Оору гипофиз безинин алдынкы бөлүгү начар иштегенден пайда болот. Көпчүлүгү жаш аялдарда төрөгөндөн кийин байкалат).

БОЛЕЗНЬ СПЕНСЕРА Спенсер оорусу (ичеги-карындын бир жерин-де жайылган вирустан пайда болгон ооруу. Көбүнчө ымыркай жашта-гы балдарда байкалат. Өтө катуу кусат: суткасына онго жакын бат-бат заңдайт, башы айланат; температура көтөрүлүп, өтө тердөө менен өтөт).

БОЛЕЗНЬ ТОЛОЧИНОВА-РОЖЕ Толочинов-Роже оорусу (туулгандан эле жүрөктүн карынчасынын ортосундагы тосмосунун кемдиги, же-тишсиздиги).

БОЛЕЗНЬ ФЕЕРА Феер оорусу (өтө жаш, 5 ке чейинки балдар-да байкалуучу вегитоневроз оорусу. Мында кандын басымы жогору болуп, жүрөгү ылдам кагып, кандын түтүмүндөгү канттын саны көп болот).

БОЛЕЗНЬ ФИЛАТОВА-ДЮКСА Филатов-Дюкс оорусу (кызамыкка ок-шош балдардын оорусу; оорулуунун териси кызаруу бир топ саат-тарга гана созулат. Бул ооруда кызамыктагыдай теринин тышкы кат-мары күбүлүп түшпөйт, лимфа түйүндөрү көппөйт).

БОЛЕЗНЬ ФРЕЛИХ Фрелих оорусу (гипофиз безинин кызматы бу-зулушунан, көбүнчө көөдөн жак менен балтыр чөнгө май көп жыйна-лып, жыныстык органдардын кызматы начарлап, семирүү).

БОЛЕЗНЬ ХУВЕ Хуве оорусу (көздүн агы көгөрүп, сөөктөр бат сынып, кулактын угушу начарлаган оору).

БОЛЕЗНЬ ЯФФРЕ Яффре оорусу (сөөктүн кайсы бир жерине өзүн-чө бир тешик, көндөй пайда болуу. Бул оору көбүнчө жаш адам-дарда көп кезигет. Оорунун себеби белгисиз).

БОЛЕЗНЬ ЭКОНОМО Экономо оорусу (вирустун мээге тийгизген залалы. Оору адеп башталганда температура көтөрүлөт. Уйку ба-сат же тескерисинче уйку качат. Көздүн кыймылдабай да калышы байкалат. Кээде бул оорудан айыкканы менен андан кийин колдун, буттун өзүнчө эле кыймылдап, диртилдеп калышы ыктымал).

БОЛЕЗНЬ ШЕНЛЕЙНА-ГЕНОХА Шенлейн-Генох оорусу (капиллярodок-сикоз оорусу. Териде пайда болгон ар түрдүү кызыл темгилдер. Алар кызыл жүгүрүк оорусунда да байкалат. Темгилдер теридеги өтө майда кан тамырлардын капталынан кан сызылып чыгышынан келип чыгат).

БОЛЕЗНЬ ШЕУРМАННА Шеурманн оорусу (көбүнчө 10-16 жаштагы эркек балдарда учурай турган көкүрөк менен белдин түшундагы омурткалардын формасынын бузулушу. Дарттын себебине балдардын

партада туура эмес отурушу же алардын оор жүк көтөрүүсү себеп-кер. Аягында бүкүр бел болуп калышы да ыктымал).

БОЛЕЗНЬ ЭРБА-ГОЛДФЛАМ Эрба-Голдфлам оорусу (туура алалуу булчуңдуу органдарда булчуңдун алсыздыгынан байкалуучу оору. Ал алсыздануудан тамак чайнай албай, жута албай, үн чыгара албай калган учурлары да кезигет).

БОЛТАЮЩИЙСЯ СУСТАВ шалкылдаган муун (эки сөөктүн кошулган жериндеги муунду кармап туруучу булчуңдардын алсыздыгынан, муун-дан төмөнкү жагы эрксиз кыймылда болушу).

БОЛЬНИЦА оорукана (ооруларды жаткырып, дарылоо-профилак-тикалык жардам көрсөтө турган жай).

БОЛЬНИЧНЫЙ ЛИСТ оорулуунун барагы (оорулуунун жумушка жөн-дөмсүз күндөрүн белгилей турган актануу барак кагазы).

БОЛЬШАЯ БЕРЦОВАЯ КОСТЬ шыйрактын чоң жилиги (жото жилик-тин чоңу. Адамда жото жилик экөө болот).

БОЛЬШАЯ ВЕНА СЕРДЦА жүрөктүн чоң көк кан тамыры (жүрөктүн борбор жакка баруучу зор, көк кан тамыр).

БОЛЬШАЯ ВЕНА МОЗГА мээнин чоң көк кан тамыры (мээнин эки бөлүгү кошулган жараңкасын бойлоп кетүүчү кан тамыр).

БОЛЬШИЕ СРАМНЫЕ ГУБЫ аялдын жыныс органынын сыртқы чоң эрин-дери

БОЛЬШОЙ ГРУДНОЙ МУСКУЛ көкүрөк чоң булчуңу (жазы калың кел-ген булчуң, көкүрөктүн алдынын далай жерин жаап турат: башталы-шы жазы келип үч бөлүмдөн турат; акырек бөлүмү, төш кабырга бө-лүмү жана курсак бөлүмү).

БОЛЬШОЙ ЗАТЫЛОЧНЫЙ НЕРВ желкенин чоң нерви (желке тушту нервдик тейлөө менен камсыз кылуучу нервдин зору).

БОЛЬШОЙ КАМЕНИСТЫЙ НЕРВ таштай чоң нерв (баштын кулак чыкый-ындагы таштай сөөгүнүн чоң нерви; кулак чыкый сөөгүн нервдик тейлөөчү нервдеринин зору).

БОЛЬШОЙ КОРЕННОЙ ЗУБ түпкү чоң азуу тиш (чоң жана тиштөр-дүн эң четкиси).

БОЛЬШОЙ ПАЛЕЦ баш бармак (биринчи бармак).

БОЛЬШОЙ РОГ НИЖНЕЙ ЧЕЛЮСТИ алдыңкы ээк сөөгүнүн чоң мүйү-зү (ээк сөөктүн эки ачасынын эң чоң учу).

БОЛЬШОЙ САЛЬНИК чоң карын май (ашказандын чоң кармоосунан башталган май пардасы).

БОЛЬШОЙ СКУЛОВОЙ МУСКУЛ жаак урунчугунун чоң булчуңу (жаак урунчук сөөгүнүн булчуңдарынын чоңу).

БОЛЬШОЙ ТАЗ жамбаштын чоң чарасы, коңулу (эки жамбаш жана куймулчак сөөктөрү биригишкенде ич жагындагы коңул анын үстүнкү жагы "чоң" төмөнкү жагы "кичине коңул" деп аталат).

БОЛЬШОЙ ЯГОДИЧНЫЙ МУСКУЛ куйруктун чоң булчуңу (бул төрт бурчтуу, жайык жана калың булчун, куйрук туштун баарын жаап турат. Жамбаштын чоң канатынын сырткы бетинен башталып, кашка жиликтин башындагы куйрук жаккы дөмбүлүнө жалганат).

БОЛЬШОЙ БУГОРОК чоң дөмпөк (күң жиликтин сырт жагындагы кичине тегерек булчуң бекий турган сөөктөн көтөрүңкү тарткан дөмпөгү).

БОНА-ЕГЕРА ОПЕРАЦИЯ Бона-Егэр операциясы (буттун кетменин кесип таштоодо узун манча сөөктөрдүн муун түшунан сөгүп таштоочу операция).

БОННЕ КОНТРАКТУРА Бонне сенеги (кол-буттагы муундар туберкулез оорусуна чалдыкканда, муундун бирөө кыймылдабай кол, бут сенек болуп алардагы эттин качышы).

БОННЕРА МЕТОД Боннер методу (төрөттү ылдамдатуу үчүн жатындын мойнун салаалар менен керген акушердик ык).

БОННИНА ОПЕРАЦИЯ Боннин операциясы (сийдик куюлуучу түтүктүн жогорку бөлүгү куушурулуп калган учурда, аны жара тилип бөйрөктүн күлтүк бөлүгүнөн алып жамап, анын куушун операциялык жол менен кеңейтүү).

БООФИЛУС Боофилус (жаныбарлардын арасында бурцеллезду тараткан соруучу кенелердин бир түрү).

БОРБОРИГМЫ борборигмалар (ичегинин ичине жел же суу толгондуктан куркуроо абалы).

БОРДЕ-ЖАНГУ БАКТЕРИЯ Борде-Жангу бактериясы (көк жөтөлдүн микробу; ушул автордун аты менен аталат).

БОРМАШИНА бормашина (тиш оорусун дарылоочу врачтардын тишти көзөөчү, кыруучу, оорулуу жерин тазалоочу машинасы).

БОРОДОВКА сөөл (теринин тышкы кыртышынан өсүп чыккан зыянсыз катуу шишик).

БОРОЗДА ЗАПЯСТЬЯ манча жылгасы (кол менен шыйбылчак сөөктөрүнүн кошулган жериндеги сөөктөрүнүн арасындагы жылгасы).

БОРОЗДА ПЯТОЧНОЙ КОСТИ согончок сөөгүнүн жылгасы (согончок сөөктүн кан, нерв тамыр бара турган жылгасы).

БОРОЗДА РЕБРА кабырганын жылгасы (кабырганын төмөн жакы кырынын узунунан кеткен жылгасы. Андан кан жана нерв тамырлары өтөт).

БОРОЗДА ТАРАННОЙ КОСТИ сакай сөөгүнүн жылгасы (сакай сөөгүнүн кан жана нерв тамырлары өтө турган жылгасы).

БОРОЗДЫ ГОЛОВНОГО МОЗГА мээнин кыртыш жагындагы ийри-муйру тарткан жылгалары

БОРОЗДКИ КОЖИ тери жылгалары (теридеги ичке майда жылгачалар. Алар аркылуу кан, нерв лимфа тамырлар өтөт).

БОРХАРДТА ТРИАДА Борхардт үчүлтүгү (ашказан толгондогу үч белги: сүбөнүн түшү көбүш, кускусу келүү жана ашказанга жиберилген зондун өтпестүгү).

БОССИ ОПЕРАЦИЯ Босси операциясы (төрөттү ылдамдатуу үчүн жатындын мойнундагы көзөнөгүнө куушурулган абалындагы төрт салаалуу аспап кийрип андан кийин аны жайып, көзөнөктү керүү операциясы).

БОТАЛЛИТ боталлит (негизги дарт артериялык өткөөл деген кан тамырлардан орун алган жүрөктүн ички катмарынын сезгениш формасы).

БОТТИНИ ОПЕРАЦИЯ Боттини операциясы (эркектин жыныстык безин атайын жасалган термокаутер менен табарсык аркылуу кесип ала турган операция).

БОТРИОМИКОМА ботриомикома (жугуштуу майда маклуктар пайда кылган шишикке окшош теринин оорусу. Өңү кара көк түстө болот).

БОТРИОЦЕФАЛЕЗ ботриоцефалез (жалпы эле мите курт оорусу. Адамга балык жегенден жугат).

БОТРИОЦЕФАЛ ботриоцефал (ичегидеги тасма курт оорусу).

БОТУЛИЗМ ботулизм (ботулин бактериясынын токсининен уулануп курч мүнөздү башталган жугуштуу оору).

БОУМЕНА ТЕОРИЯ Боумен теориясы (сийдиктин пайда болушун бөйрөктүн түрмөк жип сымал кан тамырларындагы кандын суюктугу бөйрөктүн майда жылгачаларынан чыпкалануудан заара бөлүнүп

чыгат деген теория менен баяндайт).

БОУМЕНОВЫ ЖЕЛЕЗЫ Боумен бездери к. ЖЕЛЕЗЫ ОБОНЯТЕЛЬНЫЕ

БОУЭН БОЛЕЗНЬ Боуэн ооруcу (теринин ортоңку катмарынан өсүп чыккан рак шишиги).

БОУЭНА ДИСКЕРАТОЗ Боуэн дискератозу к. БОУЭНА БОЛЕЗНЬ

БОЦЦОЛО СИМПТОМ Боццоло симптому (көкүрөк туштагы аорта тамыры кеңейип кеткен учурда мурундун таноосунун кан тамыры какканынын көзгө ачык көрүнүп турушу).

БРАГАРДА СИМПТОМ Брагард симптому (жаткан оорунун бутун түз өөдө көтөрүп, буттун кызыл ашыгынан кыймылдатканда, сандын артынын оорушу. Бул отургуч нервдин сезгенгендигин айгинелейт).

БРАДИАРТРИЯ брадиартрия (каракуш мээнин оорусунун кесепетинен жай сүйлөп калуу).

БРАДИБАЗИЯ брадибазия (адамдын жай басышы).

БРАДИДИПНОЭ брадидипноэ (анда-санда сейрек дем алуу).

БРАДИКАРДИЯ брадикардия (жүрөктүн кагышы жай, нормадан аз согушу. Жай согуу бир нече себептен болот).

БРАДИКИНЕЗИЯ брадикинезия (жүлүн дартка чалдыкканда жай кыймылдап калган учур).

БРАДИКИНИН брадикинин (кинин тобундагы полипептид, кан тамырларды шаланкы кылып андан суюктуктардын сызылып чыгышы).

БРАДИЛАЛИЯ брадилалия (мээнин жана каракуштун дартынан адамдын жай, таптап сүйлөп калышы).

БРАДИЛЕКСИЯ брадилексия (жай кыймылдоонун таасиринен жазууну жай окуу).

БРАДИПЕПСИЯ брадипепсия (тамак сиңирүүчү суюктуктардын аз чыккандыгынан тамак сиңирүү процессинин басаңдоосу).

БРАДИПНОЕ брадипное (нормадан аз дем алуу. Бир минутада адам 18 жолу дем алса норма, андан төмөн он экиге чейинки дем алуу брадипное делет).

БРАДИСИСТОЛИЯ брадисистолия (жүрөктүн карынчасынын жыйрылыш санынын азайышы).

БРАДИСФИГМИЯ брадисфигмия (тамырдын кагышынын саны азайышы. Брадикардияга жараша болот).

БРАДИФАГИЯ брадифагия (тил, кулкун же тарамдуу нерв дартка чалдыкандан оорулуунун жай жутуп калышы).

БРАДИФАЗИЯ брадифразия (ар түрдүү жай сүйлөөчүлөрдүн группасынын бардыгын бириктирген термин).

БРАДИФРЕНИЯ брадифрения (психика бузулууда ойлоо, сүйлөө жана элеп-желеп болгон абалдардын тымызын өтүшү).

БРАЗДОРА ОПЕРАЦИЯ Браздор операциясы (артерия тамырдын капталы кеңейгенде анын четки чегинен байлап коюучу операция).

БРАЙЕНТА СИМПТОМ Брайент симптому (кол ийинден чыгып кеткен учурда, чыккан жактагы колтуктун бүктөөсү соо жактагыга салыштырганда анын төмөн турушу).

БРАЙТОВА БОЛЕЗНЬ Брайто ооруcу к. ГЛОМЕРУЛОНЕФРИТ

БРАЙЦЕВА ГАСТРОПЕКСИЯ Брайцев гастропексиясы (карын төмөн түшүп кеткен учурларда, туура кеткен жоон ичегинин чычыркайын ичтин алдыңкы капталына матап тигип коюучу операция).

БРАЙЦЕВА ПЛАСТИКА Брайцев пластикасы (кетөн-чучук ылдый түшүп турган ооруда, аны өөдө көтөрүүчү булчуңунун четин кетөн-чучуктун алдыңкы бетине тигип коюучу операция).

БРАМА СИМПТОМ Брам симптому (богок оорулуу адам күлгөн учурда көз жапкычы ылдыйлабай, көз жумулбаган абалда калышынын байкалышы).

БРАНДТА ОПЕРАЦИЯ Брандт операциясы (кашка жилик ийилгенде аны жара тилип сөөктүн чарымынын алдына өз формасына келтирүү. Бул операция автордун наамында).

БРАНСТИНГА СИНДРОМ Бранстинг синдрому (оорулуунун терисинде белгисиз себептерден пайда болгон кычыштыруучу исиркектер. Ал эми ооздун ичинде, көздүн жаш кабыкчаларында болушу ушул синдромго мүнөздүү).

БРАНХИОГЕННАЯ КИСТА Бранхиогендик барсылдак (дененин алкым, бакалоор чегинен ткань туура эмес өсүп чыккандыктан пайда болгон ичи көңдөй барсылдак, шишик).

БРАНХИОГЕННЫЙ РАК бранхиогендик рак (түйүлдүк бала чоңоо баштагандагы бакалоор чемирчегинин убакыт өткөн сайын жоюла башталы. Бирок кээ бир адамдарда алкым тушуна чыккан ракта бала чактагы клеткалар байкалса бранхиогендик рак делет).

БРАХИАЛЬГИЯ брахиальгия (ийиндин өтө оорушу).

БРАХИАЛЬНО брахиалдуу (колдун ийин жак бөлүгү; чыканактан жогору жагы).

БРАХИЦЕФАЛИЯ брахицефалия (баштын шар формасындай тоголок түрү).

БРАУДЕ ДЕБУНДАЦИЯ МАТЬСИ жатындын түбүн Брауседей алуу (жатындагы шишикти алуу үчүн анын түбүн кесип алып таштоо. Калган бөлүгү этеккир келүү функциясын аткара берет).

БРАУДЕ ОПЕРАЦИЯ СТЕРИЛИЗАЦИЯ Брауде бычуу операциясы (аялдар тукум бербегидей кылып, жатын түтүкчөсүн кесип таштоочу операция; аялдарды бычуу).

БРАУДЕ ПОЛОВАЯ СТЕРИЛИЗАЦИЯ Брауде жыныстык бычуу к. БРАУДЕ ОПЕРАЦИЯ СТЕРИЛИЗАЦИЯ

БРАУНА АНЕСТЕЗИЯ Браундун анестезиясы (куймулчактын алдынкы бетине ооруганды сездирбөөчү эритмелерди куюп, ошол жердин жанын өлтүрүү).

БРАУНА АППАРАТ Браундун аппараты (бут сынганда аны жеңге келтирүүгө шайкталып, темирден жасалган аппарат).

БРАУНА ГАСТРОЭНТЕРОСТОМИЯ Браундун гастроэнтростомиясы (карын менен ичегини жалгаштыруу үчүн өзгөчө метод менен жасалган операция).

БРАУНА ДЕКАПИТАЦИОННЫЙ КРЮЧОК Браундун декапитациялык илмеги (төрөт убагында баланын башын бырчалаштан мурун анын омурткаларын чыгарууга шайкталган илмек темир).

БРАУНА КРЮЧОК Браун илмеги к. БРАУНА ДЕКАПИТАЦИОННЫЙ КРЮЧОК

БРАУНА МЕТОД Браундун методу (сийдиктеги эстрогенди сан жагынан аныктоо үчүн негизинен хроматография жана спектрофотометрия жолдорун колдонуу).

БРАУНА ОПЕРАЦИЯ Браундун операциясы (эркектин сийдик чыгаруучу түтүгү туура эмес өскөн учурда, түтүктүн жанындагы териден эп кыйып аны өзгөчө батырып тигип коюучу операция).

БРАУНА СИМПТОМ Браундун симптому (ич келте оорулуу адамды ичинин төмөн жакы капталын фонендоскоп менен тыңдаганда сүрүлгөндөй үндүн пайда болушу ичегинин тешилишин далилдейт).

БРАУНА СПОСОБ Браундун ыгы (беттеги үч ача нерв катуу ооруганда бет сөөгүнүн сүйрү тешигине ийне менен спирт куюп ооруганды сезбирбөө ыгы).

БРАУНА ЭНТЕРОЭНТЕРОАНАСТОМОЗ Браундун ичке ичегилерди жалгоосу (ашказандын бөлүгүн алып таштагандан кийин өт ашказан жакка кетпей, ылдый кетиш үчүн, ичке ичегини ичке-ичеги менен хошоктоп капталынан тешик жасалган операция).

БРАУНА-ПИРС ОПУХОЛЬ Браун-Пирс шишиги (коёндорго берилген штаммдардан 1-3 жумадан кийин эксперименттик жол менен алынган шишик, рак).

БРАУНМЮЛЯ МЕТОД Браунмюлдун методу (микроскоп менен изилдөөгөн ткандардын ичинен ретикулярдык ткандарды жана картайгандык бүдүрлөрдү дааналоо үчүн 20% түү күмүштүн азот кычкылдуу эритмесин колдонуу).

БРАХИБАЗИЯ брахибазия (бут шилтөө, майдалап басуу менен басуунун калыбы бузулуу).

БРАХИГНАТИЯ брахигнатия (туулгандан алдынкы ээктин жокутугу, кем ээктүү адам).

БРАХИДАКТИЛИЯ брахидактилия (туулгандан колу-буттун манчалары кыска, мукур адам).

БРАХИКЕФАЛИЯ брахикефалия к. БРАХИЦЕФАЛИЯ

БРАХИКРАНИЯ жалпак баш (башы узунунан, туурасы узун формалуу жалпак баштуу адамдар).

БРАХИМОРФИЯ брахиморфия (денеси чың тууралжын келип, колубуту кыска адамдардын тобу).

БРАХИПОДИЯ брахиподия к. БРАХИСКЕЛИЯ

БРАХИСКЕЛИЯ брахискелия (туулгандан буттарынын кыскалыгы).

БРАХИСПОНДИЛИЯ брахиспондилия (туулгандан омурткалардын тулкусунун бийиктигинин кыска болушу).

БРАХИФАЛАНГИЯ брахифалангия (туулгандан эле колдун шадысы кыска адамдар).

БРАХИХЕЙЛИЯ брахихейлия (туулгандан өйдөкү эриндин ортосу кыска болуп оозду жаба албоо; коен эриндүү адамдар).

БРАХИЦЕФАЛИЯ брахицефалия (туулгандан баштын формасы узунунан туурасы тууралуу келген, жалпак баш адамдар. Брахикранияга караганда брахицефалияда туурасы чоңураак).

БРАХИЭЗОФАГУС брахиэзофагус (туулгандан кызыл өңгөчтүн кыскалыгы).

БРАШЕ МЕТОД Браше методу (клеткадагы рибонуклеин кислотасын рибонуклеаза аркылуу аныктоо жолу).

БРЕВИПЛАТИСПОНДИЛИЯ бревиплатиспондилия (дарттан омуртка сөөктөр кемирилип, омуртканын бийиктиги кыскарып, туурасы узарган жалпайган учуру).

БРЕВИС бревис (кыска, бүкүр).

БРЕГМА брегма (чыкый сөөктөрүнүн биригишкен жиги).

БРЕД жөөлүү (айткан сөзү чындыкка туура келбөө, жакындабоо. Ал эми айткан сөзүн туураласа ага макул болбоо. Мындай жөөлүнүн көптөгөн түрлөрү бар).

БРЕКСТОНА ГИКСА ОПЕРАЦИЯ Брекстон Гикс операциясы (жатындын оозу ачыла элек учурда өлгөн бала болсо деле, кол менен аяк жагын туштап, аны төрөөгө ылайыктап оодарып коюучу акушердик операциясы).

БРЕКСТОН-ГИКСА ПОВОРОТ Брекстон-Гикса оодарууcу к. БРЕКСТОН ГИКСА ОПЕРАЦИЯ

БРЕМЕРА СИНДРОМ Бремер синдрому (туулгандан байкалуучу көптөгөн жетишпегендиктер. Баштын, көкүрөктүн, омурткалардын, буттун кыйшыктыгы, тиштин ар түрдүү өсүшү, рефлекстердин өзгөрүшү жана бала көгүш тартып турушу).

БРЕННЕРА ОПУХОЛЬ Бреннер шишиги (аялдардын жумурткасынан өсүп чыккан коркунучсуз чанда учуроочу шишиктердин бир түрү. Ал 40^0 тан 60^0 ка чейинки жаштагыларда байкалат).

БРЕННЕРОМА бреннерома к. БРЕННЕРА ОПУХОЛЬ

БРЕФОПЛАСТИКА брефопластика (өлүү төрөлгөн же төрөлөр замат өлгөн балдардын ткандарын жамоо жолу менен адамды дарылоо).

БРЖОЗОВСКИЙ ЗАМОК Бржозовский аштоосу (сөөк сынганда жасалма муун болбос үчүн сынган сөөктүн бир башын учтап, экинчи жагына оюк жасап аштап, кынап коюучу операция).

БРИКЕ СИНДРОМУ Брике синдрому (алеп-желептенген учурларда боор эт өтө жыйрылуудан үн чыкпай жана дем алуу кыстыгуу абалы).

БРИККЕРА ОПЕРАЦИЯ Бриккер операциясы (табарсыкты алып таштап анын ордуна ичке ичегиден табарсык жасап, ага сийдик куюлуучу түтүктү тигип, бир учун ичтин төмөн жагына чыгарып коюучу операция).

БРИЛЛА БОЛЕЗНЬ Брилл оорусу (кара тумоо оорусу айыккандан бир топ жылдан кийин кайталап кармашы. Экинчи жолкусу биринчисине караганда жеңил түрдө өтүшү).

БРИЛЛА-ЦИНССЕРА БОЛЕЗНЬ Брилл-Цинссера оорусу к. Брилла БОЛЕЗНЬ

БРИНСОНА СИНДРОМ Бринсон синдрому (буттун ички шынаа сымал сөөгү өзүнөн-өзү кетилгенде оорулуу аксап жана ошол тушун оорушу).

БРОВКИНА МЕТОД Бровкин методу (боюнда бар аялдардын эстен тана калуучу оорусун сульфат магний эритмесин булчуңга кайталап куюу менен дарылоо).

БРОДИ АБСЦЕСС Броди абсцесси (стафилококктордун алсыздары жумуру сөөктөргө кирүүдөн, сөөктүн ичинде белгилүү ченемдеги аймакта уюган ирин, энекөт кулгуна оорусу).

БРОКА ЗАКРЫТАЯ ВАЛЬВУЛОТОМИЯ Брок жабык вальвулотомиясы (жүрөктүн оң жак карынчасы аркылуу жиберген курал менен өпкөнүн чоң тамырынын куушурулган жериндеги бүктөмөсүн жара тилүү операция).

БРОКА-ДЮБРЕЯ СИНДРОМ Брока-дюбрей синдрому (адамдын тулку боюнун төмөн жагындагы терисинде кызарган катуу бүдүрлүү, кээси сөөлдөй укумдан-тукумга өтүүчү теринин оорусу).

БРОМДРОЗ бромдроз, колонсо (майлуу кислоталар менен аммиактын кошундусу тер аркылуу бөлүнүп чыгуудан, жагымсыз жыт пайда болушу; колонсо).

БРОМИДРОФОБИЯ бромидрофобия (өзүнөн чыккан жытты айланадагылар сезет деп, өтө корко берүү).

БРОМИЗМ бромизм (тутумунда бром заты бар дарыларды көпкө ичүүдөн ууланууу. Ага мүнөздүү болуп мурундун ичи, бронхдун бети сезгенип, уйку качуу, ичеги-карындын функциясы бузулуу).

БРОМОДЕРМА бромодерма (бромдон жасалган дарыларды көпкө чейин ичкенде же аларды көтөрө албаса териде ага мүнөздүү болгон өзгөрүүлөр. Муундун, чекенин, каштын терисине кызарып, ишинки тартып чыгуучу исиркектер).

БРОМУРАЛ бромурал (жанды жай алдырып, уйку келтирүүчү дары).

БРОНТОФОБИЯ бронтофобия (күн күркүрөгөндөн өтө коркуу).

БРОНХ бронх (дем алуу жолдорунун төмөнкү түтүгү. Коконун экиге бөлүнгөн жеринен өпкөнүн сыртына чейинки аралыкка чейин кетет. Бул дем алуу, дем чыгаруучу жол. Ал аркылуу дем алуу жолдорундагы бөтөн нерселер сыртка чыгат).

БРОНХАДЕНИТ бронхаденит (коконуи жана чоң бронхдордун айланасындагы бездердин сезгенип оорушу. Сезгенүүнүн нечен түрлөрү бар).

БРОНХИАЛЬНАЯ АРТЕРИЯ бронхдук кызыл кан тамыр (бронхдуи клеткаларын тамактандыруучу кан тамыр).

БРОНХИАЛЬНАЯ ВЕНА бронх көк кан тамыры (бронхдордун клеткаларынан чыккан кан жөнөөчү түтүк, кан тамыр).

БРОНХИАЛЬНОЕ ДЕРЕВО бронх бутактары (бронхдордун бутактанып бөлүнүүсүнүн түрү).

БРОНХИАЛЬНЫЕ СВИЩИ бронхдун тешиги (өпкө жарадар болгондо же кээ бир оорулардан кийин бронхдордун капталы тешилип, андан дайыма аба же иринге окшош суюктуктардын бөлүнүп чыгышы).

БРОНХИОЛИТ бронхиолит (бронхдордун эң аякы, эң майда бөлүнгөн жердеги былжырлуу бетинин сезгениши. Өзгөчө бир жашка чейинки балдарда кезигет).

БРОНХИОЛОСПАЗМ бронхиолоспазм к. БРОНХОСПАЗМ

БРОНХИТ бронхит (бронхдордун сезгенч оорусу. Анын формасы эмне себептен пайда болушуна жараша ар түрлүү болот).

БРОНХИОЛА бронхиола (өпкөдөгү бронхдордун бутактанып жана кичирейип отуруп бүткөн эң аякы майда бөлүкчөлөрү).

БРОНХИОЛИТ бронхиолит (бронхдордун эң аякы майда бөлүкчөлөрү, бронхиолдордун сезгенч оорусу).

БРОНХИТ бронхит (бронхдун ички бетиндеги былжырлуу кабыкчасынын сезгениши).

БРОНХОГЕННО бронхогендүү (бронхдон чыккан бардык дарт жана ар түрлүү өзгөрүүлөр).

БРОНХОГРАФИЯ бронхография (нур өтпөс заттарды бронхдун көндөйүнө куюп, аны рентген аркылуу сүрөткө тартуу).

БРОНХОБЛЕННОРЕЯ бронхобленнорея (бронхдордун ички катмагынын өнөкөт сезгенч оорусунда ириндүү какырыктын көп чыгышы).

БРОНХОЛОГИЯ бронхология (бронхдун оорусун изилдеп, анын оорусунун атын далилдеп, ооруу болтурбас үчүн чараларды чектей турган өпкөнүн оорусун изилдөөнүн тармагы).

БРОНХОМЕГАЛИЯ бронхомегалия (коко менен чоң бронхдордун өзгөчө чоңоюп, ичи жайык болуп кетиши).

БРОНХОМЕДИАСТИНОСКОПИЯ бронхомедиастиноскопия (көкөндөгү органдарды экиге бөлүп турган чарымды жана бронхду текшерип кароо жолу).

БРОНХОМИКОЗ бронхомикоз (ар түрдүү мите грибоктордун кесепетинен пайда болгон бронхдордун оорусу).

БРОНХОПАТИЯ бронхопатия (бронхдордун ар түрдүү дартынан чогултулган аты).

БРОНХОПНЕВМОНИЯ бронхопневмония (бронхдордун сезгенүү кесепетинен бронхдордун жана өпкөнүн кошулуп сезгенип оорушу).

БРОНХОРАСШИРИТЕЛЬ бронхду кенейтүүчү (бронхдордун булчуңу жыйрылганда аны бошоңдотуучу дарылар).

БРОНХОРЕЯ бронхорея (адамдын көп өлчөмдөгү суюк шилекей чыгарып жөтөлүүсү. Бул өнөкөт бронхитте байкалат).

БРОНХОСКОП бронхоскоп (коко менен бронхдорду карап көрө турган медициналык аппарат).

БРОНХОСКОПИЯ бронхоскопия (атайын аппарат менен бронхдордун ички бетин тиктөө, кароо. Ал бронхго бир нерсе кирип кетсе, жана өпкөнүн оорусу кайсыл бөлүктө экендигин билүү үчүн жүргүзүлөт).

БРОНХОСПАЗМ бронхспазм (бронхдордун булчуңунун карышуусу же тырышуусу. Бул көбүнчө бронхиалдык астма оорусунда байкалат. Бир заматта эле адамдын деми кыстыгып, аба жетпегендей сезим пайда болот).

БРОНХОСПИРОГРАФ бронхоспирограф (өпкөдөгү газ алмашууну оң, сол жагын өзүнчө бөлүп жазып ала турган прибор).

БРОНХОСПИРОГРАФИЯ бронхоспирография (өпкөдөгү газ алмашууну атайын прибор менен оң жагын, сол жагын өзүнчө жазып алуу).

БРОНХОСТЕНОЗ бронхостеноз (бронхдордун көндөйүнүн кичирейиши. Өпкөдөгү оорулар айыккандан кийин пайда болот).

БРОНХОТЕТАНИЯ бронхотетания (балдардын тырышма оорусунда байкалуучу бронхдордун булчуңдары көп убакытка чейинки карышып калуусу).

БРОНХОТОМИЯ бронхотомия (бронхдордун ичин ачып кесүүчү операция).

БРОНХОФОНИЯ бронхофония (өпкөнү тыңшаганда табышынын катуу угулушу. Бул табыш өпкө катуулап берчке айланганда угулуп калат).

БРОНХОЦЕЛЕ бронхоцеле (бронхдун капталы чоюлуп кеткендиктен, өпкөдө жел толгон чөйрөнүн пайда болушу. Ал бронхдун ичине шилекей толуп аба өтпөй калуудан келип чыгат).

БРОНХОЭЗОФАГОСКОП бронхоэзофагоскоп (бронхду жана кызыл өңгөчтү карап көрө турган жана аларды дарылоодо колдонулуучу аппарат).

БРОНХОЭКТАЗИЯ бронхоэктазия (оорунун себебинен же туулгандан эле бронхдордун көлөмүнүн кеңейип кетиши).

БРОША МЕТОД Броштун методу (өлгөн адамды катыруу, бальзамдоо).

БРУГША СИНДРОМ Бругштун синдрому (гипофиз безинин жетишсиздигинде байкалуучу жыныстык бездердин начардыгы, кантсыз диабет, манчаларынын ар түрдүүлүгү, чачтын күбүлүшү жана оорулуунун кара көк тартып турушу).

БРУДЗИНСКОГО СИМПТОМ ВЕРХНИЙ Брудзинскийдин жогорку симптому (жаткан оорулуунун башын азыраак көтөрүп, буту тизесинен жана жанбаштан бүгүлө түшүшү. Бул мээ кабыгынын сезгенчин далилдейт).

БРУДЗИНСКОГО СИМПТОМ НИЖНИЙ Брудзинскийдин төмөнкү симптому (жаткан оорулууну тизе менен жанбаш муунун кыймылдатса башка бутунун ошол муундардан бүгүлүп кетиши. Ушул учур мээнин кабынын сезгенгендигин далилдейт).

БРУКСА-ХАДСОНА-КЕЯ КОСТНАЯ ПЛАСТИКА Брукс-Хадсон-Кея сөөк пластикасы (жото жиликтен өөн алып, аны экинчи бир жерге көчүрүп барыш үчүн аны 3-4 жумага чейин өз оордуна коюп, андан кийин керектүү жерге көчүрүү операциясы).

БРУКСИЗМ бруксизм (өспүрүмдөрдө жана жаш балдарда байкалуучу уктап жаткандагы тишин кычыратуусу).

БРУНЕОМИЦИН брунеомицин (шишик оорусуна каршы таасир берүүчү антибиотик).

БРУННЕРА ГОЛОВНЫЙ СТОЛБНЯК Бруннер жогорку тырышмасы, столбняк (оорулуунун кабырга аралык жана боор эти, алкым булчундарынын өзгөчө тырышуу менен мүнөздөлгөн тырышма оорусу).

БРУННЕРОВЫ ЖЕЛЕЗЫ Бруннерези (он эки эли ичегинин өзгөчө бездери. Автордун наамында).

БРУНСА ОПЕРАЦИЯ Брунс операциясы (каңылжаар менен кулкун шишиктерин алып таштоо үчүн, өйдөкү өөктү кесүү менен ага жетип операция жасоо жолу).

БРУНСА ПЛАСТИКА ГУБЫ Брунс эрин пластикасы (эриндин жогорку бөлүгүнүн жырыгын мурун менен жаактын бүктөлүш түшундагы терисинен терт бурчтуу курак бычып жамоочу операция).

БРУНСА СИНДРОМ Брунс синдрому (мээнин төртүнчү карынча деген кобулунун өткөөлү кезек-кезек бөгөктөлгөн учурда, башты өздө-

ылдый кылса, баш ооруп, айланып, кусууга чейин барышы).

БРУЦЕЛЛЕЗ бруцеллез (бруцелла бактерияларынан пайда болгон адамдардын жана айбандардын жугуштуу оорусу).

БРЫЖЕЕЧНЫЕ ЖЕЛЕЗЫ чычыркай бездери (ичегинин кан тамырлары чачырап бутактануусунун арасындагы майдын ичиндеги бездер, чычыркай бездери).

БРЕЖЕЙКА чычыркай (ичегинин нерв, кан лимфа тамырларынын май менен курчалып чогулган жери).

БРЕЖЕЙКА МАТКИ жатын чычыркайы (жатындын жайык байламта бөлүгүнүн төмөнкү бөлүгүндөгү чычыркайы).

БРЫЖЕЙКА МАТОЧНОЙ ТРУБЫ жатын түтүгүнүн чычыркайы (жатындын түтүгү менен аялдын жумурткасынын чычыркайынын ортосундагы жатындын жайык байламтасынын чычыркайынын бөлүгү).

БРЫЖЕЙКА ЯИЧНИКА аялдын жумурткасынын чычыркайы (жатындын жумуртка бекиген жердеги жайык байламтасынын арткы бөлүгү).

БРЮНИНГА РАЗРЕЗ Брюнинг кесүүсү (сийдик куюлуучу түтүкчөгө жетүү үчүн ичтин ортосунан тешип, андан ары сол жакка бура кесүү менен бөйрөккө жетүүчү кесүү).

БРЮШИНА ич чели (жука жылма, боз жылтырак келген чел. Ич көндөйүн бүт каптап турат; бул кабык сырткы жана ички деп экиге бөлүнөт: сырткы кабык - ичтин капталдык жана алдыңкы беттерин, ички бөлүгү - ичтеги мүчөлөрдү маселен, карынды, ичегилерди каптап турат).

БРЮШНАЯ ЖАБА катуу ич ооруу (ичеги-карындын кан тамырлары аркылуу эч нерсе өтпөй калган учурда, ичегинин жыйрылышы бузулуу-да сезилүүчү ичтин капыстан кармаган катуу оорусу).

БРЮШНАЯ ПОЛОСТЬ ич көндөйү (бул көндөйдө ичеги-карын, боор, көк боор, уйку бези жайгашкан көлөм жагынан денедеги көндөйлөрдүн эң чоңу).

БРЮШНОЙ ПРЕС ичтин булчундары (ичтин басымын тескө келтирүүгө, жөтөлүүгө, заңдоого көмөктөшүүгө катышуучу ичтин булчундарынын тобу).

БУБОН бубон (сезгенчтен пайда болгон, териге жакын жердеги көлөмү чоңойгон без).

БУБОНУЛИ бубонули (котон жара оорусунда байкалуучу эркектин жыныстык жолунун учундагы ириндер же жаралар).

БУВРЕ ПРИЗНАК Бувре белгиси (жоон ичегиден эч нерсе өтпөй калган учурда, ичтин оң жагынын төмөн жагында сыртына чыгып, көөп турган жери).

БУГОР ВЕРХНЕЙ ЧЕЛЮСТИ өйдөкү ээктин дөңсөөсү (өйдөкү ээктин арткы, төмөн түшүндагы сөөктөн чыгып турган булчуң бекий турган дөңсөөсү).

БУГОР ПЯТОЧНОЙ КОСТИ согончок сөөктүн дөңү (согончок сөөктүн арт жагында бүдүрала болуп, сөөктөн чыгып турган дөң жери).

БУГОРОК РЕБРА кабырганын дөңсөөсү (кабырга омурткага бириктүүчү жериндеги муунга аштала турган дөңсөөсү).

БУГОРОК СЕДЛА ээрдин дөңсөөсү (баштагы шынаа сымал сөөктүн өйдөкү бетиндеги дөмпөйүп чыгып турган сөөгү).

БУГОРОК ТРУПНЫЙ өлүк дөңү (туберкулез менен ооруган малдын этин кескен же туберкулез менен ооруган адамды сойгон адамдарга жугуп, колунун терисине дөмпөйүп чыккан шишик туберкулезу).

БУГОРОК ТУБЕРКУЛЕЗНЫЙ туберкулездун бүдүрлөрү (денедеги эпителиалдык, лимфоиддик жана көп ядролуу зор лангханс клеткаларынан турган туберкулез оорусу).

БУГОРОК УШНОЙ РАКОВИНЫ кулак дөмпөгү (кулак калканчынын өйдөкү уюлунун алдынкы бөлүгүнүн упчудай чыгып турган жери, бүдүрү).

БУЖИРОВАНИЕ үшкүлөө (формасы түтүктөй өткөөлү бар органдардын түтүгүнө резиналык же темир түтүктү жиберип анын жолун кеңейтүүчү же анын ичиндеги суюктукту тышка чыгаруучу аракет, м.: бир нерсе ичип жибергенде кызыл өңгөч күйүп, тарыган бөлүгүн кеңейтүү үчүн жүргүзүлүүчү чаралар).

БУЙО СИНДРОМ Буйо синдрому (муундук кызыл жүгүрүк менен катар жүректүн ички катмары жана жүрөк каптын өзү курч мүнөздө сезгениши).

БУКЛЕЯ МЕТОД Буклея методу (ооруган тишти тек толтуруудан мурун тиштин түпкү ачасынын каналын трикрезолформалин менен тазалап, 1-2 күндөн кийин ошонун пастасы менен толуктап коюу).

БУККАЛЬНО буккалдуу (уурт, жаактын аймагын түзүндүрүүчү термин).

БУЛИМИЯ булимия (карын өтө ачканда, тамакка тойбоочудай сезүү, опкок, соргоктук абал).

БУЛЛА булла (бир жерине барсайып чыккан, дөмпөйгөн ичи абага толгон шишик).

БУЛЬБИТ бульбит (он эки эли ичегинин ички жеринин сезгенген оорусу).

БУЛЯ БОЛЕЗНЬ Бул оорусу (жаңы төрөлгөн балдардын саргарып, терисине былжырлуу кабыкчаларына, ички органдарына кан уюу менен коштолгон сепсис оорусунун формасы).

БУРГОНА БОЛЕЗНЬ Бургон оорусу (төмөнкү моюн же жогорку көкүрөк омурткаларынын сөөгү ага бекүүчү булчуңдар өтө чыңалуудан үзүлүп кетиши. Бул оор нерсе көтөргөндө байкалат).

БУРДЕНКО ВАСКУЛЯРИЗАЦИЯ Бурденко васкуляризациясы (боорго канды көбүрөөк бардырып үчүн чоң чыгыркай майды боордун сыртқы катуу катмарына тигип коюучу операция).

БУРДЕНКО МЕТОД Бурденко методу (баштагы жарадардан кийинки тешикти мээнин кабынын сыртқы катмарын колдонуп жабуу жолу).

БУРДЕНКО ОПЕРАЦИЯ Бурденко операциясы (күчтүү анаэроб жукканда колу=бутту жгут салбай туруп, шашылыш кесип таштап, жаратты тикпей ачык калтыруу менен дарылоо операциясы).

БУРЖЕ ПРОБНЫЙ ОБЕД Бурже баамдоо тамагы (ашказандын суюктук чыгаруу, жыйрылуу функциясын билиш үчүн 200 миллилитр сорпо, 80 грамм эт, 100 грамм камыр тамактарын берүү менен баамдоо).

БУРОЕ УПЛОТНЕНИЕ ЛЕГКИХ өпкөнүн буурул катуулашы (өпкөнүн ичинде кан көп убакытка чейин туруудан, тутумунда темири бар боёчу зат өпкөгө чогулуп, ошол жердин катуулап калышы).

БУРСИТ бурсит (сөөктөрдүн кошулган жери, муундардын ичиндеги жылтырак бетинин сезгениши. Ал иринде кеткенде, муундун иринүү сезгениши деп аталат).

БУРСОГРАФИЯ бурсография (муундардын кобулуна рентген нуру өтпөгөн заттарды куюп, аны сүрөткө тартып алуу жолу).

БУРСОЛИТ бурсолит (муундардын кобулуна фибрин затынын катуулап, ташка айланган учуру).

БУРСЭКТОМИЯ бурсэктомия (муундарды дартына жараша кесип, алып таштоо).

БУРХАВЕ СИНДРОМ Бурхаве синдрому (кызыл өңгөч үзүлгөндө жута албай, кыйындык менен дем алып, кусуп жана көкүрөк менен ич туштун катуу оорушунун ийин жакка таралышы).

БУТАДИОН бутадион (кызыл жүгүрүк оорусунун кесепетинен пайда болгон муундардын сезгенүүсүн дарылоодо колдонулуучу дары).

БУТИМИЯ бутимия (тамак жешти өзгөчө эңсөө, сугалак).

БУТИРОМЕТР бутирометр (сүттүн ичиндеги майдын санын өлчөй турган прибор).

БУФТАЛЫМ буфталым (көздүн кадимкидей болбой чоңоюп кетиши, тосток көз. Бул көзгө суу толгон ооруларда байкалат).

БУХМАНА СИМПТОМ Бухман симптому (курт сымал ичегинин өнөкөт оорусунда оң жак карекгин чоңдугу).

БУША ПЕРЕЛОМ Буш сынығы (бармактардын, тырмак бейбелчегинин сөөгү үч бурчтуу формасында сынышы).

БУША БОЛЕЗНЬ Буш оорусу (ашказан кеңейиши).

БУШАРДА РЕЖИМ Бушарда режими (кант диабетинде тамактын каллориясы I килограмм салмакка 20-25 кило каллория азайтылып бериле турган учур).

БЫСТРИЦКОГО СИМПТОМ Быстрицкий симптому (куймулчак сөөктүн тик сынышында куйрук жылгасынын эки жакта, эки башка болушу).

БЫЧЬЕ СЕРДЦЕ бука жүрөк (дарттын себебинен өтө чоңоюп кеткен жүрөк).

БЬЕРКА ИГЛА Бьерк ийнеси (жүрөктүн ичиндеги басымды өлчөө үчүн ага сайып жибере турган ийне).

БЮДИНГЕРА БЛЕФАРОПЛАСТИНКА Бюдингер блефаропластинкасы (көз жапкычтын жетишсиздигинде, кулактын чемирчегинен алып жамаган операция).

БЮДИНГЕРА-ЛУДЛОФФА-ЛЕВЕНА БОЛЕЗНЬ Бюдингер-Лудлофф-Левендин оорусу (жаш балдарда учуроочу томуктун чемирчеги өзүнөн-өзү желип анын чет жактагы бөлүгүнө жаңы сөөк пайда болгон оору).

БЮЛАУ ДРЕНАЖ Бюлау дренажы (көкүрөк көндөйүндөгү желди жана суюктукту тарттырып алуу үчүн көкүрөктү тешип резина түтүгүн коюучу операция).

БЮРГЕРА БОЛЕЗНЬ Бюргер оорусу (буттун кан тамырынын ички бети сезгенип, тамырдын көндөйү кичирейүү менен артерия тамырынан вена тамырынын ичкелерине өтүшү же тескерисинче венанын артерияга өтүшү).

БЭРРЕТА ЯЗВА ПИЩЕВОДА Бэррет кызыл өңгөч жарасы (формасы жана көрүнүшү боюнча ашказандын жана он эки эли ичегинин фермент тик жаратына окшош, кызыл өңгөчтөгү жарат).

БЮРГЕРА СИМПТОМ Бюргер симптому (буттагы кан тамырда кан айлануу бузулганда байкалуучу бармактардын сезүүсү начарлоо,

басканда же муздаганда таман ачышып ооруп, кубарыңкы тартып турушу).

БЮРКЕРА СЧЕТНАЯ КАМЕРА Бюркердин эсептөө камерасы (кандын ичиндеги клеткаларды микроскоп менен карап анын санын эсептөөчү прибор. Калың айнектин ортосунда элгектей тартылган сызыкчалар жылгасына кандын клеткалары канча экендигин эсептеп чыгып клеткалардын жалпы санын билүү).

БЮРНЕ ПРОБА Бюрне баамдоосу (бурцеллез оорусу менен ооруганды аныктоо үчүн, териге бруцеллин вакцинасын сайып, анан аллергиялык реакциясына жараша ооруганын же соо экенин баамдоо).

В

ВААРДА МЕТОД Ваарда методу (кандын суюк бөлүгүндөгү кальций затын аныктоочу ык. Автордун наамында аталат).

ВАГИНА вагина (аялдын жыныстык мүчөсү - кыны, кабы).

ВАГИНАЛИС вагиналдуу (аялдын жыныстык канына байланышкан бардык сөздөр).

ВАГИНАЛЬНЫЙ ЦИКЛ вагиналдык цикл (этеккир келүү циклине жараша аялдын кынындагы эпителий клеткалары катуулап, анан жошулуп кайра өсүү цикли).

ВАГИНИЗМ вагинизм (аялдын кынынын босого жагындагы бөлүгүнүн жана жанбаш чарасынын түп жагындагы булчуңдарынын жыныс катнашууга умтулган учурда же гинекологдор изилдөөдөгү өзгөчө карышышы).

ВАГИНИТ вагинит (аялдын жыныстык кынынын сезгениши).

ВАГИНОГРАФИЯ вагинография к. КОЛЬПОГРАФИЯ

ВАГИНОПЕКСИЯ вагинопексия к. ВАГИНОФИКСАЦИЯ

ВАГИНОСКОПИЯ вагиноскопия к. КОЛЬПОСКОПИЯ

ВАГИНОФИКСАЦИЯ вагинофиксация (жатын ылдый түшүп кеткен учурда анын каптал ич жакка тигип коюучу гинекологиялык операция).

ВАГИНОФИКСАЦИЯ МАТКИ жатынды кынга коюноо (ылдый түшкөн, кээде алды артына өтө кайрылып калуучу жатынды кындын алдынкы бетине тигип бекитүүчү операция).

ВАГИТУС вагитус (жаш баланын ыйлаган үнү).

ВАГНЕР-ЯУРЕГГА СИМПТОМ Вагнер-Яурегг симптому (жин оорусу ашынып, такыр сүйлөбөй калган оорулуунун көзүн азыраак басып

койсо, ал сөзгө кошулса ушул авторлордун симптому делет).

ВАГОН-АПТЕКА-ПЕРЕВЯЗОЧНАЯ аптекалык тануучу вагон(аскердик санитар-поездинде аптекасы болуп, оорулууну тануугa ылайыктап жасалганан вагон).

ВАГОНЕВРОЗ вагоневроз (тармактуу нервдердин жалпы оорусу. Ага мүнөздүү көрүнүштөрү өтө көп).

ВАГОСИМПАТИЧЕСКАЯ БЛОКАДА вагосимпатикалык бөгөө к. НОВОКАИНОВАЯ БЛОКАДА ВАГО СИМПАТИЧЕСКАЯ

ВАГОТОМИЯ ваготомия (ашказандын жарат оорусунда аны айыктыруу үчүн операциялык жол менен бутактуу нервди кызыл өңгөчтүн төменкү тушунан кыркып коюу).

ВАГОТОНИЯ ваготония (вегитативдүү нерв системасындагы парасимпатикалык бөлүгүнүн чындыгы симпатикалык бөлүгүнөн жогору болушу).

ВАГОТРОПНО ваготроптуу (тармактуу нервге таасирин тийгизүүчү заттар, дарылар).

ВАГУС вагус (ичтеги жана көкүрөктөгү мүчөлөрдү тейлөөчү тармактуу нерв).

ВАГУС-ПУЛЬС вагус пульсу (тармактуу нервдин арткы ядросунун чындыгы күчөгөндө пайда болгон жүрөктүн жай кагашы).

ВАЗО вазо (латынча лимфа же кан тамырлар деген сөз).

ВАЗЕЛИНОВОЕ МАСЛО вазелин майы (медицинада, турмуш тиричилигинде колдонулуучу тутумунда ар түрдүү заттары бар май).

ВАЗЕЛИНОДЕРМА вазелинодерма (вазелинге таза эмес химиялык заттар кошулгандан пайда болгон теридеги исиркектүү сезгенүүлөр).

ВАЗОВОЗОСТОМИЯ вазовозостомия (эркектин урук чыгаруучу түтүкчөсү бүтүп калганда, анын көндөйүн калыбына келтирүү үчүн бүтүп калган жерди кесип таштап, таза жерине жалгоочу операция. Кан тамырды жалгоо да кошулат).

ВАЗОГРАФИЯ вазография (кан тамырлардын ичине рентгендик нур өтпөгөн зат куюп туруп, байкоо үчүн рентгендик сүрөткө тартуу).

ВАЗОДИЛАТАТОР вазодилататор (нервди дүүлүктүргөндө кан тамырдын көлөмүн кеңейтүүчү нерв).

ВАЗОДИЛАТАТОРНЫЕ вазодилататордуулар (кан тамырды кеңейтүүчү дары заттары).

ВАЗОДИЛАТАЦИЯ вазодилатация (нерв дүүлүккөндө кан тамырдын кеңейиши).

ВАЗОДИЛАТИН вазодилатин (ички ичегинин былжырлуу катмарынан алынган, кан тамырларды кеңейтүү таасирине ээ дары).

ВАЗОКОНСТРИКТИН вазоконстриктин (кандын суюк бөлүгүнөн бөлүнүп алынган, тийгизген таасири боюнча кан тамырды куушуруучу таасирге ээ дары).

ВАЗОКОНСТРИКТОР вазоконстриктор (нервдин дүүлүгүшүнүн натыйжасында кан тамырды куушуруучу нерв).

ВАЗОКОНСТРИКТОРЫ вазоконстриктордуулар (таасири боюнча кан тамырды куушуруучу дары заттары).

ВАЗОКОНСТРИКЦИЯ вазоконстрикция (нерв дүүлүгүүдөн кан тамырлардын куушурулушу).

ВАЗОЛИГАТУРА вазолигатура (лимфа же кан тамырды байлоо).

ВАЙНШТЕЙНА ОПЕРАЦИЯ Вайнштейн операциясы (кол ийин муундан өнөкөткө айланып чыгып турган учурда операция жасап, муундун алдынкы бөлүгүн бекемдетүү жолу менен колду чыкпас кылуу).

ВАЙНШТЕЙНА-УРМАХЕРА МЕТОД Вайнштейн-Урмахер методу (көздөгү жана анын тегерегиндеги көптөгөн катуу нерселер кайсы тушта экендигин катарлап рентген аркылуу тартылган сүрөттү ченөө менен аныктоо).

ВАКУУМ ПЕРФОРМАЦИЯ Вакуум тешүү (төрөт убагында, баланын абалына жараша анын башын бырчалап, ичиндегилерди сордуруп ала турган акушердик операция).

ВАКУУМ СТИМУЛЯЦИЯ вакуум стимуляция (аялдын төрөтү кыйын болуп жаткан учурда, баланын башына чөнгөлдөтө капталган резина кийгизип, ал аркылуу желди тарттыруу күчү менен баланы сыртка чыгаруу жолу).

ВАКУУМ ЭКСКОХЛЕАЦИЯ вакуум экскохлеация (жатындын ичиндеги баланы, анын тонун же уюган канды вакуум аркылуу коштуп, сордуруп алуучу операция).

ВАКЦИНА вакцина(тирүү же чалажан микробдордон жана анын уу затынан чогултуп, ооруну кабыл албоого ылайыктап даярдалган суюктук).

ВАКЦИНА БЦЖ БЦЖ вакцинасы (туберкулез оорусуна каршы эмдөөгө колдонула турган, француз окумуштуулары Кальметт жана Герен тарабынан табылган, ооруга чалдыктыруу жөндөмдүүлүгүн жоготуп, күчү кеткен туберкулездун микробу. Аны менен эмдеген-

ден кийин организмдин туберкулез оорусуна каршылык көрсөтүү жөндөмдүүлүгү күчөйт да оору жукпоого көмөктөшөт).

ВАКЦИНАЛЬНАЯ БОЛЕЗНЬ вакцина оорусу (оору жукпоо үчүн териге вакцинди жибергенден кийин ооруксунганды сезүү. Вакцинанын түрүнө жараша ага мүнөздүү жеңил гана түрдөгү оору).

ВАКЦИНА СОЛКА Солктун вакцинасы(шал оорусу менен оорубас үчүн эмделүүчү вакцина. Аны менен көбүнчө жаш балдар эмделет).

ВАКЦИНАЦИЯ вакцинация (жугуштуу ооруларга жуктурбай, организмди чыңдоо үчүн вакцина куюу, эмдөө. Кээ бир ооруларды айыктыруу үчүн вакцина менен дарылоо).

ВАКЦИНОПРОФИЛАКТИКА вакцинопрофилактика (ооруну болтурбай, алдын алуу үчүн вакцина куюу).

ВАКЦИНОТЕРАПИЯ вакцинотерапия (вакцина менен дарылоо, жугуштуу ооруларды дарылоо методу. Иммунитетти күчөтүш үчүн вакцинди же алсыз токсинди денеге жиберүү).

ВАЛЛЬГРЕНА БОЛЕЗНЬ Валльгрен оорусу (сөөк менен ретикулоэндотелий ткандар жабыркап, сөөктө кандай пайда болуп, ага күрөң сары зат толуп, ооруган балдарда учуроочу оору).

ВАЛЛЬГРЕНА ПАРАКАВЕРНОЗНЫЕ ХРИПЫ Каверналын жанындагы Валльгрендин кырылдагы (өпкөнүн туберкулездук каверна формалуу оорусунда анын жанында тыңшап көргөндө угулуучу майда бырпылдаган кырылдактар).

ВАЛЬВУЛ вальвул (бүктөмө).

ВАЛЬВУЛИТ вальвулит (жүрөктүн ичиндеги бүктөмөлөрүнүн(клапан)сезгенип оорушу).

ВАЛЬВУЛОГРАФИЯ вальвулография (ультра үндүн жардамы менен жүрөктүн бүктөмөлөрүнүн кыймылын жазып изилдөө методу).

ВАЛГУС валгус (буту-колдогу сөөктүн муундарынын аштоосунан жылып кетүүдөн, колдун же буттун сыртына кайрылып калган учуру).

ВАЛИДОЛ валидол (изовалериан кислотасынын ментол эфиринде отуз процент түү ментол эритмеси. Стенокардия жүрөктүн невроз оорусунда, жүрөк айланып куску келе баштаганда колдонулуучу дары).

ВАЛЬВУЛОПЛАСТИКА вальвулопластика (операциялык жол менен жүрөктүн ичиндеги жапкычынын кызматын жөнгө келтирүү максатында жасалуучу операция).

ВАЛЬВУЛОТОМИЯ вальвулотомия (жүрөктүн жапкычындагы тарыган тешигин кеңейтүүгө максат кылып жасалган операция).

ВАЛЬВУЛЯРИС вальвулярис (жапкычтуу, бүктөмөлүү деген терминге тете).

ВАЛЬДЕЙЕРА СЛОЙ Вальдейер катмары (аялдын жумурткасынын чычыркайында топтошкон вена кан тамырлар катмары).

ВАЛЬДЕНСТРЕМА БОЛЕЗНЬ Вальденстрем оорусу (лимфоинд ткандары өтө өсүү менен мүнөздөлгөн кан иштеп чыгаруучу органдардын оорусу. Алы кетүү менен бирге жылтырак катмарлардан кан агуу).

ВАЛТДМАНА ПРОБА Валтдман баамдоосу (кан тамырлардын эндотелий клеткаларынын көбүшүн, борпоңдошун, кубулуп турушун билиш үчүн бир жерге оңко коюп, ошол жерден кан алып, анын тутумун изилдеп баалоо).

ВАЛЬСАЛЬВЫ ДИСФАГИЯ Вальсалва дисфагиясы (тилдин алдындагы сөөк сынгандыктан бир нерсени жута албай калган учур).

ВАЛЬСАЛЬВЫ ОПЫТ Вальсалва тажрийбасы (ооз, мурунду кыпчып туруп дем чыгаруу жолу менен жогорку дем чыгаруу жолдоруна басымды көбөйтүп үн түтүгүнүн өткөөлүн текшерүү методу).

ВАЛЬТЕРА=БОМАННА СИНДРОМ Вальтер-Боманн синдрому (боордун тышкы кабына кан же өт толуп кетип, төмөнкү зор кан тамырды кысууда байкалуучу, өлүмгө алып барчудай кан айлануунун жана дем алуунун бузулушу).

ВАЛЬХЕРА ПОЛОЖЕНИЕ Вальхер абалы (төрөт убагында баланын башы төрөт жолунан көлөмдүү болгон учурда, аялдын буттарын кроватка саландатып жаткырып коюу жолу менен төрөтүү).

ВАЛЯ СИМПТОМ Валь симптому (ичеги түйүлгөн учурда, ичтин бир жагы дайыма көөп чертип көргөндө дүңкүлдөп турушу).

ВАЛЬТХАРДА МЕТОД Вальтхард методу (аялдар вагинизм болгон учурда, ич жактагы булчуңдарды мажбурлап чыңалтуу менен кындын тегерегиндеги булчуңдарды шаланкы тарттырып, кындын ичине колду салуу жолу).

ВАН-БОГАРТА-ОЗЕ СИНДРОМ Ван-Богарт-Озе синдрому(бет сөөгү туура эмес, буту-колу өсүп, тери тарбыл ала болуп, мээ өсүп жетилбей, акылы тайкы тукум куучу оору).

ВАН-БЮХЕМА СИНДРОМ Ван-Бюхем синдрому (сөөктүн бардыгы өтө зор, акромегалияга чейин өсүп, убакыт өткөн сайын кулак

укпай, беттин нерви шал болуп, көз чанагынан чыгып өзгөрген тукум куучу оору).

ВАНГА-ХАРРИСА МЕТОД Ванг-Харрис методу (сийдиктеги тиалинди сан жагынан аныктоо методу. Татаал химиялык жол менен аныкталат).

ВАН-ГИЗОНА МЕТОД Ван-Гизон методу (гистологиялык препараттарды гемотоксилин жана пикрин кислотасы менен фуксиндин аралашмасын үстөкө-бостоk куюу жолу менен боё).

ВАН-ГУКА ОПЕРАЦИЯ Ван Гук операциясы (сийдик куюлуучу түтүктүн бир аз аралыгы бүтөлүп калган учурда анын капталын тешип капшыра тигүүчү операция).

ВАН-ГУКА-БОАРИ ОПЕРАЦИЯ Ван-Гук-Боари операциясы к. БОАРИ ОПЕРАЦИЯ

ВАН-ДЕ-ВЕЛЬДА ПОЛОВАЯ СТЕРИЛИЗАЦИЯ Ван-Де-Вельда тукумсуздандыруу (убактылуу тукум чыгарбас үчүн аялдардын жумурткасын ичтин жылтырак кабыгына батырып тигип коюучу операция).

ВАН-ДЕН-БЕРГА РЕАКЦИЯ Ван-ден-Берг реакциясы (кандын суюктугундагы билирубин затын сан жана сапат жагынан аныктоо үчүн колдонулуучу реакциялардын бири).

ВАН-ДЕР-ХУВЕ СИНДРОМ Ван-Дер-Хуве синдрому (укумдан-тукумга өтүүчү көздүн чымкый көктүгү. Бул кулагы начар угуу менен катар сөөктөрдүн оной сынышы менен мүнөздөлгөн оору).

ВАНКОМИЦИН ванкомицин (көптөгөн микробдордун өсүп, көбөйүү иезгилинде өзгөчө таасирин тийгизүүчү антибиотиктердин бири).

ВАН-НЕККА БОЛЕЗНЬ Ван-Некка оорусу (жанбаш сөөктөрдүн ашташкан жериндеги сөөк менен чемирчектин экөөнүн тең сезгенип оорушу).

ВАН-СЛАЙКА МЕТОД Ван-Слайка методу (кандын тутумундагы амин азотту, газ түрүндөгү кислородду жана көмүр кычкыл газын сан жагынан эсептеп чыгуу ыгы. Ал автордун наамындагы аппарат аркылуу жүргүзүлөт).

ВАНЦЕТТИ СИМПТОМ Ванцетти симптому (куяң оорусунда байкалуучу туруп турган адамдын алды жагына аргасыздан эңкейиши).

ВАПОРИЗАТОР вапоризатор (жатындан кан акканда аны суунун буусу менен кайрып, канын токтотууга ылайыкталган аппарат).

ВАРЕЛЬ-ФУЭНТЕСА МЕТОД Варель-Фуэнтес методу (кандын суюк бөлүгүндөгү туз жана кыйыр билирубинди бөлүп аныктоо. Туз билирубин хлороформ суюктугунда эрип, кыйыры эрибегендигин эсепке алып аныктоо методу).

ВАРИАЦИЯ вариация (мүчөнүн түзүлүшү же функциясы алардын нормасынын тегерегинен өөдө-төмөн жылышы).

ВАРИКОЗНОЕ РАСШИРЕНИЕ ВЕН венанын чоңоюшу (негизинен буттун веналарынын капталы чоюлуудан урчуюп, териден көтөрүлүп турган кан тамыр оорусу).

ВАРИКОЗНЫЕ ЯЗВЫ варикоздук жара (вена тамыры кеңейүүдөн келип чыккан жара. Ал көбүнчө бутта байкалат).

ВАРИКОЦЕЛЕ варикоцеле (эркектин уруктук түтүгүндөгү вена тамырынын кеңейиши. Бул өзгөчө өспүрүм балдарда учурашы мүмкүн).

ВАРИКС варикс (вена тамырынын көп эмес аз гана кеңейиши).

ВАРИКОЗИС варикозис (вена тамырынын көлөмү кеңейген оорусу).

ВАРИОЛИФОРМНО вариолиформдуу (кээ бир дарттын чечекке окшош түрү).

ВАЗОМОТОРНЫЕ вазомотордуулар (тийген таасири жагынан кан тамырды кеңейтип жана куушуруучу заттар, дарылар).

ВАЗОМОТОРЫ вазомоторлор (кан тамырды кеңейтип, куушуруучу нервдердин бутактары).

ВАЗОМОТОРНЫЙ НЕВР кан тамырды кыймылдатуучу нерв (тийгизген таасири кан тамырдын капталындагы булчуңдарды чыйралтуучу же бошоңдотуучу нерв).

ВАЗОПРЕССИН вазопрессин (гипофиздин арткы бөлүгү болуп, кан тамырларга куушуруучу таасир тийгизүүчү гормон).

ВАЗОПУНКТУРА вазопунктура (оорунун атын аныктоо үчүн, же дарылоо үчүн эркектин урук түтүгүнүн көңдөйүнө ийне түтүк жиберүү. Түтүк аркылуу дарыны же башка заттарды көңдөйгө жиберүүгө мүмкүн болот).

ВАЗОГРАФИЯ вазография (эркектин урук чыгуучу түтүгүнүн дартына операция жасоодо, туурасынан кесилген түтүктү кайра калыбына келтирүү үчүн тигүү).

ВАЗОРЕЗЕКЦИЯ вазорезекция (эркектин урук чыгуучу түтүгүн кесип таштоочу операция. Аны менен эркек биттелген болуп, кээде эркектик безди сезгенчтен айыктыруу үчүн да колдонулган).

ВАЗОСТОМИЯ вазостомия (айбандарга эксперимент жүргүзүп жаткан учурда, алардын кан тамырын кесип туруп, түтүк орноштуу-

руу операциясы. Түтүк аркылуу кан алынат же дары жиберилет).

ВАЗОТОМИЯ вазотомия (эркектин урук чыгуучу түтүгүн узунунан тилүү. Урук ыйлаакчалары сезгенген учурда да ушул операция жасалат).

ВАЗОФИКСАТОР вазофиксатор (өпкөнү алып таштоочу операциянын убагындагы анын чоң тамырын кыпчыта турган курал).

ВАЗЭКТОМИЯ вазэктомия (эркектин жараксыз болуп калган уруктук түтүгүнүн бөлүгүн кесип алып таштоочу хирургиялык операция).

ВАЙНБЕРГА ОПЕРАЦИЯ Вайнбергдин операциясы (жүрөктүн кан тамыры жетишсиз болгон учурда, ага көкүрөктүн тамырын жалгап тигип коюучу хирургиялык операция).

ВАЙНШТЕЙНА МЕТОД Вайнштейндин методу (бир жагына балты кыйшайтып туруп көздүн көрүү каналдарын рентгендик сүрөткө тартуу ыгы).

ВАРИОЛА вариола (чечек мурунку мезгилде кеңири жайылып, кийинки учурда жоюлуп кеткен оорулардан).

ВАРИОЛОНД вариолонд (чечекке каршы эмделген адамга чечек жукканда, ал кадимкидей болбой жеңил гана формада ооруп өтүп кетиши).

ВАРИОЛЯЦИЯ вариоляция (чечекке каршы эмдөөдө мурун оорулуу адамдардын чечек ыйлаакчасынын ичиндеги суюктукту таза адамдарга куюу жолу менен иммунитет пайда кылган чаралар).

ВАРИЦЕЛЛА варицелла (суу чечек).

ВАРИЦЕС варицес (вена тамырынын жалпы кеңейиши).

ВАРУС варус (буту-колдогу сөөктүн муундарынын аштоосунан жылып кетүүдөн же буттун ичине кайрылып калган учуру ошондо майпак бут аталат).

ВАСИЛЕНКО ГАСТРОИНТЕСТИНАЛЬНЫЙ СИНДРОМ Василенко гастроинтестинал синдрому (жүрөктүн инфарктында ичтин бузулушу, ашказанда жарат пайда болуп, андан кан агуу).

ВАСИЛЬЕВА МЕТОД ПЛАСТИКИ Васильева пластика методу (кулактүп бездин өткөөлү тешилгенде, алынып таштапалуучу четки бөлүгүнүн оордуна анын жанындагы уурттун жылтырак катмарынын операциялык жол менен өткөөл жасоо).

ВАСИЛЬКОВОЙ МЕТОД Василькова методу (белгилүү өлчөмдөгү суюну Гольдман аппараты аркылуу чыпкалап алып, андан гельминттин жумурткасын издөө жолу).

ВАСИЛЬКОВОЙ-ГЕФТЕР МЕТОД Василькова-Гефтер методу (топурактын кыртышынан алдын ала өзгөчө даярдоо жолу менен гельминттин жумурткасын изилдөө жолу).

ВАСКУЛИТ васкулит (кан жана лимфа тамырларынын капталынын сезгениши).

ВАСКУЛИТ ГЕМОРРОГИЧЕСКИЙ Геморрогиялык васкулит (кан тамырдан кан чыгып сезгенүү. Денеге кызыл ала тактар пайда болуп, ич ооруп, муундар шишиген аллергиялык оору).

ВАШКЕВИЧА ТАМПОНАДА УРЕТРЫ сийдик чыгуучу түтүктү Вашкевичче шыкоосу (эркектердин сийдик чыгаруучу түтүгүнүн өнөкөт сезгенч оорусунда, түтүктүн учуна 2% түү проторгол-глицерин суюктугуна чыланган даки шыкап коюу жолу менен дарылоо).

ВДОХ дем алуу (кабырганын арасындагы сырткы булчундар жана боор эт тырышып көөдөн керилүүдөн аба өпкөгө кирүү).

ВЕБЕРА-ВАН-ДЕЕНА ПРОБА Вебера-Ван-Деен баамдоосу (ичегикарындын ичинде аз да болсо кандын сапаты бар экендигин талдоочу аракет).

ВЕБЕРА НОЖ Вебер бычагы (жаш чыгуучу каналды жара тилүү үчүн атайын ылайыкталып жасалган бычак).

ВЕБЕРА ОПЕРАЦИЯ Вебер операциясы (бронхдун тешигин жабуу үчүн тешиктин тегерегиндеги ткандарды сыйрып, анын оордуна булчуң эттин бөлүгүн тигип, тешикти жабуучу операция).

ВЕБЕРА ОПЫТ Вебер тажрыйбасы (кулактын дабыш кабыл алуучу жана аны өткөрүүчү жөндөмдүүлүгүн ажыратуу үчүн атайын жасалган камертон менен изилдөө жолу).

ВЕБЕРА ОСЯЗАТЕЛЬНЫЕ КРУГИ Вебер сезүү чөйрөлөрү (терини басып көргөндө, басылган эки сөөмөйдүн учу бир гана жерди басылгандай сезилген теринин аймагы).

ВЕБЕРА ПЕТЛЯ Вебера кылтагы (көздүн чечекөйи тунарганда, аны алып ташташ үчүн ылайыкталып жасалган учу туюк зым).

ВЕБЕРА-КОХЕРА РАЗРЕЗ Вебер-Кохер тилүүсү (өйдөкү ээктин бөлүгүн алып таштоо үчүн ууртган баштап, таноону жандата, андан ары көздүн алдына чейин тилүү).

ВЕВЕ-САФАРА МЕТОД Веве-Сафар методу (диатермиялык жол менен көздүн сырткы катмарын кайрып, көздүн тор катмарынын сыйрылышын дарылоо).

ВЕГЕТАТИВНАЯ НЕРВНАЯ СИСТЕМА вегетативдүү нерв системасы (ички мүчөлөрдүн, бездердин, кан жана лимфа тамырлардын жана

көпчүлүгү жалпак булчундардын кызматын тезге салуучу нерв система негизги нерв системасынын бөлүгү).

ВЕГЕТАЦИЯ вегетация (теринин урчуйган жери, тышкы кыртыш катмарларынан өсүп чыккан эт).

ВЕГНЕРА ЛЕЧЕНИЕ Вегнер дарылоосу (кол же бут сынганда желимдүү сызма чүпөрөк жабыштырып тартуу менен катар, эртелеп массаж жасап жана кыймылдатуу жолу менен дарылоо).

ВЕГНЕРА ОСТЕОХОНДРИТ Вегнер остеохондрит (котонжара менен оорулуу төрөлгөн балдардагы ымыркай кезинде байкалуучу сөөктөрү менен чемирчектеринин сезгениң оорусу).

ВЕЗИКУЛА везикула (денедеги чыбырчык, ичи суюга толгон исиркек).

ВЕЗИКУЛИТ везикулит (эркектин уруктук безинин сезгениши; сезгенүүнүн себеби ар түрдүү болот).

ВЕЗИКУЛОГРАФИЯ везикулография (эркектик уруктук безинин формасын, дартын аныктоо үчүн рентгендик жардам менен аны сүрөткө тартып алуу).

ВЕЗИКУЛОТОМИЯ везикулотомия (эркектин уруктук безинин дартына жараша аны тилүү же андагы топтолгон ириңди кесип чыгаруу).

ВЕЗИКУЛОЭКТОМИЯ везикулоэктомия (эркектин уруктук безин кесип алып таштоо).

ВЕЗИКУЛЯРНЫЙ СТОМАТИТ ыйлаактуу оозул (ооздун тегерегине, эринге, ооздун ичине ыйлаакча чыбырчыктар пайда болуп, алар жарылып, кызарган дарт. Оорунун себепкери вирустар болгондуктан, ал жугуштуу).

ВЕЙГЕРТА МЕТОД Вейгерт методу (темирдүү гемотоксилинди колдонуп, клеткалардын ядросун жана нерв клеткаларын боо методу).

ВЕЙНБЕРГА СРЕДЫ Вейнберг тамагы (дартка чалдыктыруучу, абасыз шартта жашаган микробдорду өстүрүп изилдөө үчүн аны баккан учурда колдонулуучу микробдорго атайын даярдалган тамак заты).

ВЕЙСМАНА СИМПТОМ Вейсман симптому (каракуш мээси ооруган адам көзүн жуумп турган учурда, врач оорулуунун бир бутун бүксө же көтөрсө, ал башка бутун көтөрүп же бүгө албастыгы).

ВЕКИПОДЪЕМНИК көз жапкыч көтөргүч (көзгө операция жасаганда жана аны текшергенде кабакты көтөрө турган аспап).

ВЕКТОР вектор (жугуштуу оорулуулардан таза адамга ташып келүүчү жандыктар. Аларга чымын, кене жана чиркейлер кирет).

ВЕКТОР КАРДИОГРАФИЯ вектор кардиографиясы (жүрөктүн иштешинен келип чыккан күчүн жана ал денеңин кайсы жерине канчалык

тарагандыгын электрондук нур түтүгү аркылуу жазып алуу).

ВЕЛЛУЗА МЕТОД Веллуз методу (кандын суюк бөлүгүндөгү магнитти аныктоо жолу).

ВЕЛЛЬ СПОСОБ Велла ыгы (ичегинин тешигин жоюуда тешиктин жогорку жана төмөнкү тушунан туура кесип, аны жалгап туруп, тешик жак үчүн ич жакка тышка чыгарып тигип коюучу операция).

ВЕЛОЭРГОМЕТР велоэргометр (эриген күчүн калыбын өткөрө турган прибор. Ал үчүн велосипедди жерге тийгизбей асып орнотуп, аны тебүү жолу менен күчүн өлчөмү баамдалат).

ВЕЛЮМ велум (көшөгө, парда, жапкыч).

ВЕЛЬПО ПОВЯЗКА вельпо таңуу (жаралуу колду чыканактан бүгүп, алаканын таза жак акырек сөөгүнүн үстүнө матап таңып коюу).

ВЕЛЬПО СИМПТОМ вельпо симптому (каржилик сөөгү аяк жак бөлүгүнөн сынганда, колдун сыртына кайкалап калган абалы).

ВЕЛЬТМАННА КОАГУЛЯЦИОННАЯ ПРОБА Вельтманн ысытып баамдоосу (кандын суюк бөлүгүн ысыткан учурда чаңгыт булуттануу пайда болсо, анда хлорид кальций бар экендигин туюндурат. Ошого жараша жеңилдегендиги же оордогондугу баамдалат).

ВЕЛЬФЛЕРА ГАСТРО ЭНТЕРО СТОМИЯ Вельфлер гастро энтеро стомия (ашказандын алдыңкы бетине ичке ичегини, туура жоон ичегинин алды жагынан арта салдырып барып жалгаштырып, өткөөл жасалган операциясы).

ВЕНА вена (көк кан тамыр. Бул кан тамыр менен денеде, мүчөлөрдө ишгелип (CO_2) - көмүр кычкыл газына байыган кэра кочкул түстөгү кан чет жактагы мүчөлөрдөн жүрөктү көздөй агат).

ВЕНА БЕЗЫМЯННАЯ наамсыз вена (моюн тушгагы жоон көк кан тамыр четтен борборго баруучу көмүр кычкыл газга толгон кан тамыр).

ВЕНА ВЫПУСНИКИ чыгаруучу вена (сөөктүн ичинен канды сыртка чыгаруучу көк кан тамырлар).

ВЕНА МОЛОЧНАЯ эмчек венасы (эмчектен борборго кетүүчү кан тамыр).

ВЕНА НЕПАРНАЯ сыңар вена (көкүрөк көндөйүндөгү кан тамырдын зору. Ал кабырга веналарынын топтолгон жеринен башталат).

ВЕНАПИОЛИН венапиолин (аарынын уусунан жасалган дары. Кандын клеткаларынын кабыгын эритип жиберүүчү касиетке ээ болуп, түздөн-түз канга кошулса адамды бат өстүрөт. Медицинада

белгилүү өлчөмдө невритти, кызыл жүгүрүктү айыктырууда колдонулат).

ВЕНА ЯРЕМНАЯ мойн венасы (мойн туштагы өтө чоң көк кан тамыр четтен борборго умтулуп, ичинде көмүр кычкыл газына байыган кандуу тамырлар).

ВЕНГЛОВСКОГО ОПЕРАЦИЯ Венгловский операциясы (мээнин каптал карынчасын жарып, мээнин кабыгынан өткөөл жасап, карынчанын ичиндеги суюктукту сыртка чыгарууга жасалуучу операциясы).

ВЕНДЕРОВИЧА СИМПТОМ Вендерович симптому (жүлүндүн ичиндеги пирамид жолу бузулганда байкалуучу, чыпалак менен төртүнчү бармакты ичине кайруучу булчундарынын чыңалуусунун алсыздыгы).

ВЕНДТА- ВРЕДЕНА УШНАЯ ПРОБА Вендт- Вренден кулак баамдоосу (өлгөн баланын төрөлгөндөн кийин жаны бар беле деген суроо баамдоосу. Кулак менен ооздун ортосун кошкондо өткөөлдө аба болсо суд- медицина экспертизасында бала дем алгандыгын туюндурат).

ВЕНЕЛЯ САПОГИ Венел өтүгү (туулгандан эле майпак бутту калыбына келтирүү үчүн жасалган тануучу венел өтүгү дешет).

ВЕНЕНА венена (уу).

ВЕНЕНОЗУС венозус (уулуу, ууландыруучу заты бар нерселер).

ВЕНЕНУМ венум (жаныбарлардын уусу).

ВЕНЕПУНКЦИЯ венепункция к.ВЕНОПУНКЦИЯ

ВЕНЕРИЧЕСКИЕ БОЛЕЗНИ венерический оорулар(алдынан сезгенүү; айрыкча жыныстык катнаштардан болгон оору. Дарттын себеби да жугуштуу оорулар).

ВЕНЕРОЛОГ венеролог (венерический ооруларды байкап, дарылоочу адис - врач).

ВЕНЕРОЛОГИЯ венерология (венерический оорулар жөнүндөгү өзгөрүүлөрдү изилдей турган медицина илиминин бир бөлүгү).

ВЕНЕРОФОБИЯ венерофобия (венерический оорулар жугабы деп өтө эле корко берүү).

ВЕНЕЦ ГОЛОВКИ кертмек баш (эркектин жыныстык мүчөсүнүн учунун кертмек башы).

ВЕНЕЧНАЯ БОРОЗДА таажы кылгасы (жүрөктүн карынчасы менен жогорку бөлүгүндөгү таажы кызыл кан, көк кан тамырлары жана лимфа тамырлары өтө турган жылгалуу бороздоо).

ВЕНЕЧНЫЙ ОТРОСТОК таажылуу урчук (алдыңкы ээк сөөгүнүн жогорку анасы, каржиликтин укурук башындагы урчук. Бул таажылуу урчуктар тобуна кирет).

ВЕНЕЧНЫЙ СИНУС таажылуу кобул (жүрөктүн арт жак кобулундагы кан тамыр. Ал канды жүрөктүн жогорку бөлүгүнүн оң жагына куят).

ВЕНЕФИЦИУМ венефициум (уу менен уулантып өлтүрүү).

ВЕНКЕБАХА СИМПТОМ Венкебах симптому (жүрөккан сезгенгенде байкалуучу, дем алган учурда көкүрөк көндөйүнүн алды жактагы төмөнкү бөлүгүнүн кууш урулушу).

ВЕННЫЕ КАМНИ вена таштары (кээде вена кан тамырларынын ичине акиташтан пайда болгон катуу, тоголок бүдүрлөр).

ВЕНОГРАФИЯ венография (ичине рентген нуру өтпөгөн суюктукту атайылап даярдап, венанын ичине куюу жолу менен аны сүрөткө тартуу).

ВЕНОЗНАЯ КРОВЬ веналык кан (тутумунда кычкылтек аз, көмүр кычкыл газы көп кан).

ВЕНОЗНАЯ СЕТЬ вена тармактары (эң майда вена тамырларынын бири бирине кошулушкан, чачышкан жери).

ВЕНОЗНОЕ ДАВЛЕНИЕ веналык басым (айланып жүргөн вена каныныи тамырындагы басымы. Ал кан тамырдын капталына тоскоолдуктун канчалык басышына жараша болот).

ВЕНОЗНОЕ СПЛЕТЕНИЕ веналык чачыш (вена тамырларынын ар түрдүү келөмдөгүлөрү өз ара кошулушкан жеринин чордону).

ВЕНОЗНЫЕ БОРОЗДЫ ЧЕРЕПА баш сөөгүнүн жылгасы (баш сөөгүндөгү көккан тамырлары өткөн жылгалар жолу).

ВЕНОЗНЫЙ ПУЛЬС веналык кагыш (көк кан тамырларынын согуусу).

ВЕНОЗНЫЙ УГОЛ веналык бурч (моюнтурук венасы менен мойн күрөө венасынын кошулган жериндеги бурчтук).

ВЕНОПУНКЦИЯ венопункция(кан алуу үчүн же дары куюу үчүн вена тамырына ийне сайуу).

ВЕНОСЕКЦИЯ веносекция (операциялык жол менен ийне же түтүк киргизүү үчүн вена тамырынын ичин ачуу).

ВЕНОСПОНДИЛОГРАФИЯ веноспондилография (омуртканын канатына рентген нуру өтпөгөн зат куюп, омуртканын веналык тармактарын сүрөткө тартуу).

ВЕНОТОНЗИОМЕТРИЯ венотонзиометрия к.ФЛЕБОТЕНЗИОМЕТРИЯ

ВЕНОТОМИЯ венотомия (вена тамырынын ичиндеги уюган канды алып салуу үчүн кеңири тилүү операциясы).

ВЕНОЭКСТРАКТОР веноэкстрактор (теринин алдындагы капталы чоюлуп, түйүнгө окшош болгон венаны операциялык жол менен алып

таштоого ылайыкталган хирургиялык курал).

ВЕНСАНА СИМПТОМ Венсан симптому (төмөнкү тиш кобулунун нерви сезгенчке учураганда ээктин жана төмөнкү эриндин сезгенчтигинин жоголушу).

ВЕНСАНА СПИРОХЕТА Венсан спирохетасы (оролгондой түспөлдөш, узундугу 12 миллимикронго жетип, ооздун ичинде байыр алган майда жандык, спирохета курту).

ВЕНСКОЕ ПИТЬЕ венский ичимдиги (тутумунда 75 грамм кайнак суугa 95 процентту 10 грамм спирт, тазартылган 10 грамм бал, 10 грамм сегнет тузу жана сенна жалбырагынын маңызы болгон, ичти кумшартуу үчүн колдонулган ичимдик).

ВЕНТИЛЯЦИЯ вентиляция (эл жашаган үйлөрдү, коомдук мекемелерди жана өнөр жайлык имараттарды гигиенанын талабына ылайыктап желдетүү. Буга адамдын дем алуусу да кирет).

ВЕНТИЛЯЦИЯ ЛЕГКИХ өпкөнүн абаны дем алып,дем чыгарышы (организмди кислород менен камсыз кылуу үчүн газ алмашууга ылайыкталган өпкөнүн физиологиялык функциясы).

ВЕНТИЛЯЦИЯ ЛЕГКИХ МАКСИМАЛЬНАЯ өпкөнүн дем алып, дем чыгаруусунун жогорку чеги (адам бир минутада терең жана бат дем алып, дем чыгарган учурдагы абанын эң жогорку көлөмү).

ВЕНТРАЛЬНО вентралдуу (дененин алдыңкы бе и, бет мандай жак деген сөзгө тете).

ВЕНТРИКУЛИТ вентрикулит (мээнин ичиндеги карынча деп аталган кобулдун капталынын сезгенип оорушу).

ВЕНТРИКУЛОАТРИОСТОМИЯ вентрикулоатриостомия(өткөөлү бөгөлүүдөн мээге суу толууда мээнин карынчасын тешип суюктукту жүрөктүн оң жак бөлүгүнүн жогорку жагына түтүк аркылуу оолаштыруу операциясы).

ВЕНТРИКУЛОАУРИКУЛОСТОМИЯ вентрикулоаурикулостомия (өткөөлү бөгөлүүдөн мээге суу толууда мээнин карынчасын тешип,суюктукту жүрөктүн оң жак бөлүгүнүн дүлөйүнө түтүк аркылуу оолаштыруу операциясы).

ВЕНТРИКУЛОГРАФИЯ вентрикулография (мээнин кобулуна, карынчасына аба жиберип, аны сүрөткө тартуу).

ВЕНТРИКУЛОКАВОСТОМИЯ вентрикулокавостомия (өткөөлү бөгөлүүдөн мээге суу толууда, мээнин карынчасын тешип суюктукту көкүрөктүн жогорку зор көк кан тамырына түтүк аркылуу оолаштыруу операциясы).

ВЕНТРИКУЛОПЕРИТОНЕОСТОМИЯ вентрикулоперитонеостомия (өткөөлү бөгөлүүдөн мээге суу толууда мээнин карынчасын тешип,суюктукту ич көндөйүнө түтүк аркылуу оолаштыруу операциясы).

ВЕНТРИКУЛОПУНКЦИЯ вентрикулопункция (мээнин ичиндеги карынчасы дартка чалдыкканда дартты билиш үчүн жана аны дарылоо максатында ага ийне сайу).

ВЕНТРИКУЛОСЕПТОПЕКСИЯ вентрикулосептопексия (жүрөктүн карынчаларынын ортосундагы тосмонун тешигин бүтөп коюучу операция).

ВЕНТРИКУЛОСКОП вентрикулоскоп (мээнин ичиндеги карынча деп аталган кобулун карап көрүп, мүмкүн болсо дарылоо жүргүзүү үчүн жасалган аспап).

ВЕНТРИКУЛОСКОПИЯ вентрикулоскопия (мээнин ичиндеги карынча деп аталган кобулун атайын жасалган аспап аркылуу карап көрүү).

ВЕНТРИКУЛОСЦИНТИГРАФИЯ вентрикулосцинтиграфия (мээнин карынчасын радиактивдүү изотоп жиберип мээдеги жана жүлүндөгү суюктуктун жылышын текшерип жазып алуу).

ВЕНТРИКУЛОТОМИЯ вентрикулотомия (мээнин ичиндеги кобулу, карынчасы дартка чалдыкканда андагы дартты алып таштоо үчүн аны кесүү).

ВЕНТРОСКОПИЯ вентроскопия (ичти кароого ыңгайлантып жасалган аспап менен карындын ичин кароо, текшерип чыгуу).

ВЕНТРОСУСПЕНЗИЯ МАТКИ жатынды капшыруу (ийкемдүү жатынды аз кыймылдап үчүн ичтин алдыңкы бетине капшыра көтөрө тигип коюу операциясы).

ВЕНТРОФИКСАЦИЯ вентрофиксация (ичтеги жылып кеткен органдарды ичтин алдыңкы бетине тигип коюу операциясы).

ВЕНТРОФИКСАЦИЯ МАТКИ жатынды ичке капшыруу (жатын өтө эле кыймылдап жылып кеткен учурда, аны ичтин алдыңкы бетине тигип коюучу операция).

ВЕНУЛА венула (көлөмү жагынан эң кичине вена тамыры).

ВЕНЦЕЛЯ ОПЕРАЦИЯ Венцел операциясы (чечекей тунарганда аны алып таштоого ылайыкталган,автордун наамындагы операция).

ВЕРБИГЕРАЦИЯ вербигерация (кээ бир маанисиз сөздү бирдей эле кайталай берип же кыйкырып сөз чыгарып, психикалык жактан түзүлүш).

ВЕРБОВА БИНТ Вербов таңгычы (толгоосу начар болгон учур-

да кош бойлууну батыраак төрөтүш үчүн аялдын ичин тана турган, дакиден атайлап жасалган кур).

ВЕРБОВА СИМПТОМ Вербов симптому (отуруучу нерв дартка чалдыкканда ошол нерв бузулган жактагы бутту сунуп артына кайрыса, куйрук булчуңунун жыйрылышы).

ВЕРБРАЙКА СИНДРОМ Вербрайк синдрому (өт жанындагы жоон ичегиге жабышып өскөн учурларда сүбөнүн алды ачышып, тартылгандай ооруу сезим сезүү).

ВЕРГЕФФА МЕТОД Вергефф методу (алынып ташталган көздүн формасын жана көрүнүшүн көп убакытка чейин сактап үчүн атайылап ар түрдүү эритмелер менен иштетип чыгып.сактоо жолу).

ВЕРГИ КИСТА Верги кобулу (мээнин өсүп жетилиши бузулганда байкалуучу мээнин тунук тосмолорунун ортосуна суу толуп калуу).

ВЕРДАНА СИНДРОМ Вердан синдрому (чыпалакты кесип таштаганда же тарамыштардын сыртқы катмары сезгенген де, өзгөчө бармактар өзгөчө бармактар бүтүлгөндө байкалган кыймылдын акырындоосу).

ВЕРДЕНИЗАЦИЯ верденизация (ичкен сууну хлордоо жолу. Ал Франциянын Верден шаарынын жанында биринчи жолу жүргүзүлгөндүктөн,ушундай аталып калган).

ВЕРДОГЕМОГЛОБИН вердогемоглобин (гемоглобиндин белоксуз бөлүгүн ферменттик кычкылдануудан бөлүнгөн заты).

ВЕРДОГЛОБИН вердоглобин к. ВЕРДОГЕМОГЛОБИН

ВЕРЕТЕНО ДЕЛЕНИЕ Веретено бөлүнүш (клетканын жөнөкөй бөлүнүү убагында хромосом экиге бирдей ажыраашуусуну камсыз кылуучу клеткадагы көрүнүш).

ВЕРЕТЕНООБРАЗНЫЙ МУСКУЛ аргамжы сымал булчуң

ВЕРЛЬГОФА ВТОРИЧНЫЙ СИНДРОМ Верльгофт экинчи синдрому (ууланганда, жугушта, коллагеноздо нур менен жабыр тарткан учурда байкалуучу териде пайда болгон кызыл тактар).

ВЕРМЕЛЯ-МАРКЕЛОВА СИМПТОМ Вермель-Маркелов симптому (мээнин кан тамырлары склерозго айланганда, кулактын алды жагындагы кан тамырларынын ийри-муйру, жооноюп турушу).

ВЕРМИКУЛИТ вермикулит к. АППЕНДИЦИТ

ВЕРМИКУЛАРИС вермикуларис (куртка байланыштуу өзгөрүүлөр, сөздөр).

ВЕРМИФОРМИС вермиформис (формасы курт сымал органдар деген сөз).

ВЕРМИФУГА вермифуга (гельминт курттарын кетирүүгө көмөктөшүүчү дарылар).

ВЕРМИЦИДЫ вермициддер (денедеги мите курттарды өлтүрүүчү дарылар).

ВЕРМУС вермус (курт).

ВЕРНЕРА СИНДРОМ Вернер синдрому (укумдан=тукумга эрте карыунун белгилери көрүнгөн адам. Анда тери, көз эндокриндик жана сөөк системалары өзгөчө өзгөрүү байкалат).

ВЕРНЕЯ МЕТОД Верней методу (бутту кескенде анын зор нервин кесүүчү туштан ылдый чойп туруп, экинчи жолу кесүү жолу).

ВЕРНЕЯ СИМПТОМ Верней симптому (сегизкөчүк сөөктөрү сынган учурда, жамбаш сөөгүнүн алдынан ашташкан тушун басса, ооруган тушуна жараша ошого жакын сөөктүн кайсы жери сынгандыгын аныктоо).

ВЕРСИКОЛОР версиколор (ар түрдүү түстөгү эттер, ткандар).

ВЕРСИЯ версия (жатында жаткан баланын бир абалдан экинчи абалга козголушунда колдонулуучу термин).

ВЕРТГЕЙМА ОПЕРАЦИЯ Вертгейм операциясы (жатындын рак оорусун кадиксиз айыктыруу максатында, жатындын тегерегиндеги ткандарды жана жанбаш чарасынын ичиндеги лимфа тамырлары менен кошо алып таштоо).

ВЕРТЕБРА вертебра (омуртка).

ВЕРТЕБРАЛЬНАЯ АНГИОГРАФИЯ омурткалардагы кан тамырды тартуу (омуртканын артериясы аркылуу мээнин ичиндеги кан тамырларын атайын хирургиялык жана рентгендик ык менен сүрөткө тартып алуу).

ВЕРТЕБРАЛЬНО вертебралдык (омурткага тиешелүү өзгөрүүлөр, сөздөр).

ВЕРТЕЛ вертел (урчук).

ВЕРТЕЛ БОЛЬШОЙ чоң урчук (кашка жиликтин жанбашка ашташкан башындагы чыгып турган урчуктарынын чоңу).

ВЕРТЕЛ МАЛЫЙ кичине урчук (кашкажиликтин жанбашка ашташкан башындагы кичине урчугу).

ВЕРТИГО вертиго (баш айлануу оорусу).

ВЕРТИГОФОБИЯ вертигофобия (баш айланып, тең салмактуулукту жоготомбу деп коркуу).

ВЕРТЛУЖНАЯ ВПАДИНА жанбаш чуңкуру (кашка жиликтин башы аштала турган жанбаш сөөгүнүн чуңкуру).

ВЕРХНЕЕ ГРУДНОЕ ОТВЕРСТИЕ көөдөндүн үстүңкү тешиги (көкүрөк көндейүнүн жогорку тешиги, моюндун башталган чеги).

ВЕРХНЕЧЕЛЮСТНАЯ АРТЕРИЯ үстүңкү жаактын кызыл кан тамыры (өйдөкү ээкти тамак заты менен камсыз кылуучу кан тамыр).

ВЕРХНИЕ АРТЕРИИ ДИАФРАГМЫ боор этинин өйдөкү кызыл кан тамырлары (булар көөдөн толтосунан бөлүнүп чыгат).

ВЕРХНИЕ ЯГОДИЧНЫЕ ВЕНЫ соордун өйдөкү көк кан тамырлары (соор туштагы аңдан чыгып, борбор жакка багытталган көк кан тамырлар).

ВЕРХНИЙ ПРОХОД НОСА мурундун өйдөкү тешиги (каңылжаардын үстүңкү өткөөлү).

ВЕРХНИЙ УШНОЙ МУСКУЛ кулактын үстүңкү булчуңу (бул булчун жыйрылганда кулак жогору жылат).

ВЕРХНИЙ ХРЯЩ ГЛАЗА көздүн үстүңкү чемирчеги (көздү калкалоого катышат).

ВЕРХНЯЯ БРЫЖЕЕЧНАЯ АРТЕРИЯ чычыркайдын өйдөкү кызыл кан тамыры (ичке ичегинин жогорку бөлүгүн тамак менен камсыз кылуучу кызыл кан тамыр).

ВЕРХНЯЯ БРЫЖЕЕЧНАЯ ВЕНА чычыркайдын өйдөкү көк кан тамыры (ичке ичегинин жогорку бөлүгүнө кеткен кан тамыр).

ВЕРХНЯЯ ГЛАЗНИЧНАЯ ЩЕЛЬ көздүн үстүңкү жылчыгы

ВЕРХНЯЯ ГОРТАННАЯ ВЕНА бакалоордун үстүңкү венасы (бакалоордун жогорку бөлүгүнөн кеткен кан тамыр).

ВЕРХНЯЯ ГУБНАЯ АРТЕРИЯ үстүңкү эриндин кызыл кан тамыры (үстүнкү ээкти тамактандырууга жаралган кан тамыр).

ВЕРХНЯЯ КАМЕНИСТАЯ ПАЗУХА ТВЕРДОЙ МОЗГОВОЙ ОБОЛОЧКИ мээнин катуу кабыгынын таштай катуу сөөгүндөгү өйдөкү (үстүнкү) конулу.

ВЕРХНЯЯ ПОЗВОНОЧНАЯ ВЫРЕЗКА омуртканын үстүнкү оюгу (кан, лимфа тамырлары, нерв өтө турган оюк).

ВЕРХНЯЯ ПОЛАЯ ВЕНА жогорку көндөй вена (дененин жогорку бөлүмүнөн келген көк кандын баары чогулуп, жогорку көндөй көк кан тамыр аркылуу жүрөктүн оң бөлүмүнө куюлат).

ВЕРХНЯЯ ЩИТОВИДНАЯ ВЕНА калкан безинин үстүнкү венасы (калкан безинин жогорку бөлүгүнөн келген чогулган кан кеткен кан тамыр).

ВЕРХНЯЯ ЯГОДИЧНАЯ АРТЕРИЯ соордун үстүнкү кызыл кан тамыры (соордун жогорку бөлүгүнүн тамак заттары менен камсыз кылуучу кызыл кан тамыр).

ВЕРХНЕЧЕЛЮСТНАЯ АРТЕРИЯ үстүнкү жаактын кызыл кан тамыры (үстүнкү жаак туштагы сөөктөрдү тамактандыруучу кан тамыр).

ВЕРХНЕЧЕЛЮСТНАЯ ПАЗУХА жогорку ээктин кобулу (жогорку ээктеги, ортоңку каңылжаар менен туташкан кобул).

ВЕРХОВСКОГО-ТИЙО СИМПТОМ Берховский-Тийо симптому (кулак склероз оорусуна чалдыкканда байкалуучу кулактын өткөөлүнүн кеңейип кетиши).

ВЕРХУШЕЧНАЯ ТОЧКА чоку деңгээли (баштын каптал жак сөөгүнүн эң жогорку деген бөлүгүнүн чеги).

ВЕРХУШЕЧНЫЙ ТОЛЧОК жогорку УРУУ (жүрөктүн булчуңу жыйрылып кан жиберүү убагында сол жак эмчектин тушунда байкалуучу жүрөктүн согушу).

ВЕРХУШКА ГОЛОВКИ МАЛОБЕРЦОВЫЙ КОСТИ кичи жотожиликтин башкы чеги (жотожиликтин башынын куушурулуп бүткөн жериндеги жогорку чеги).

ВЕРХУШКА КОРНЯ ЗУБА тиштин түбүнүн чокусу (тиштин түбү бүткөн жериндеги кууш жери. Анын учунда тамыр жана нерв өтө турган тешиги бар).

ВЕРХУШКА КРЕСТЦА куймулчактын чокусу (куймулчак сөөк куушурулуп отурып бүткөн жери).

ВЕРХУШКА ЛЕГКОГО өпкөнүн чокусу (өпкөнүн куушурулуп отурып бүткөн, жогорку бөлүгү. Анын чеги акырек сөөгүнөн 3-4 см жогору же моюн омурткаларынын жетинчисине тушташ).

ВЕРХУШКА НАДКОЛЕННИКА томуктун чокусу (томук сөөгү куушурулуп бүткөн аяк жак жери).

ВЕРХУШКА СЕРДЦА жүрөктүн учу (жүрөктүн төмөн жагындагы кууш бөлүгү. Ал жүрөктүн карынча капталынан турат).)

ВЕСЕННИЙ КАТАР жазгы катар (көздүн тегерегиндеги чели өзгөчө жаз мезгилинде же жыл бою кызарып ооруп турушу).

ВЕСНУШКИ сепкил (териден көтөрүлүп чыкпаган, күрөң сары түстөгү темгилдер. Ал убактылуу байкалса, кээде туулгандан эле билингендер кезигет. Айрыкча жазында жана жайында даана көрүнө башталат).

ВЕСТЕРГРЕНА МЕТОД Вестерґрен методу (эритроциттердин тунуу ылдамдыгын өлчөө жолу).

ВЕСТЕРМАРКА СИМПТОМ Вестермарк симптому (куушурулган өпкөнүн рентгендик кароодо дем алуу учурунда көкүрөк пардасы өпкө куушурулган жагына жылышы).

ВЕСТИБУЛИТ вестибулит (аялдын кынынын босого тушундагы былжырдуу катмарынын сезгениши).

ВЕСТИБУЛОМЕТРИЯ вестибулометрия (адамдын мейкиндикте өз денесин өйдө=ылдый, узун-туура жана айлануу абалын жөнгө келтирүү күчүн жазып алуу. Бул космонавтарды, учкучтарды жана башка кесиптеги адамдарды байкоого керек болот).

ВЕСТИБУЛОРЕЦЕПТОРЫ вестибулорецепторлор (мейкиндикте денənин жылышы жана багытын сезе тургандыгы. Ал ички кулактын уюлчасы, кылдуу клеткалары орун алган тери аркылуу аткарылат).

ВЕСТИБУЛОСКОПИЯ НОСА мурун босогосун кароо (диаметри өтө кичине күзгүлүү аспап менен мурун кобулунун кире берген жерин кароо).

ВЕСТИБУЛЯРНАЯ ТРЕНИРОВКА вестибулярдык көнүгүү (денени мейкиндикте ар түрдүү абалда кыймылдатуу жолу менен вестибулярдык анализаторлорду туруктуулукка көндүрүү).

ВЕСТИБУЛЯРНЫЙ АНАЛИЗ вестибулярдык анализ (денənин кыймылын жана өзү мейкиндикте кандай абалда тургандыгын сезүүсү).

ВЕСТФАЛЯ ПСЕВДОСТУПОР Вестфал псевдоступору (психика өтө күчтүү бузулганда шалдайып, кыймылсыз калган абал).

ВЕСТФАЛЯ СИМПТОМ Вестфал симптому (жоон сандын тартуучу булчундарынын рефлекси сакталуу менен тизенин рефлексинин жоктугу, нервдердин сезгенүүсүнүн себеби алкоголдон болгон учурда байкалышы).

ВЕТРОГЕННЫЕ СРЕДСТВА жел чыгаруучу дарылар (ич көпкөндө берилип, ичтеги газ чыгаруучу микробдордун алын кетирип, ичеги-карынды күчтүү иштетип, андагы желди чыгаруучу дарылар).

ВЕТРЯНАЯ ОСПА суу чечек (оорулунун денеси ысып, териге жана ичтеги былжырлуу кабыкчаларга темгилдер пайда болуу менен мүнөздөлгөн бат кармоочу жугуштуу ору. Көбүнчө IO жашка чейинки балдар жабыр тартат).

ВЗАИМОПОМОЩЬ жардам берүү (жабыр тарткан адамга медициналык кызматкерлер болбосо деле жардам көрсөтүүгө колу эптүү адам-

дар аркылуу жардам көрсөтүшү).

ВЗОРА ПАРАЛИЧ көз сенеги (бир мезгилдин ичинде көздүн өөдө-ылдый, оң солго кыймылдай албастыгы. Ушундай учур эмненин себебинен экендиги белгисиз).

ВИБЕКС вибекс (жол-жол тартып канталаган жерлер).

ВИБЕРДИНГА ОПЕРАЦИЯ Вибердинг операциясы (өпкөнүн артериялык кан тамырына кан уюганда, аны жоон ийне менен же атайын жасалган аспап-трокар менен сордуруп алуу операциясы).

ВИБРИОН вибрион (формасы үтүрдөй ийик, куйруктуу таякча микроб).

ВИБРИССЕ Вибриссе (мурундун таноосунун ичиндеги кыл).

ВИБРОТРАВМА вибротравма (ткандагы жана органдагы узакка силкинүүдөн кийин байкалуучу урунуп=жарылуу, жоюлуу жана башка өзгөрүү).

ВИБРИЦИНЫ вибрициндер (белоктон пайда болгон бактерияларга каршы зат. Холер анын кээ бир штаммдарын бөлүп чыгарып, холераның штаммдарынын башка түрлөрүнүн өсүшүн токтотот).

ВИВАРИЙ виварий (илимий изилдөө үчүн ар түрдүү тажрийба коюлуучу жаныбарларды баккан жай. Тажрийбанын жыйынтыгын медицинаның практикасына сунуш кылышат).

ВИВИСЕКЦИЯ вивисекция (илимий изилдөө үчүн жаныбарларды союп көрүү операциясы).

ВИВИФИКАЦИЯ жандандыруу (чети өлүк, чирик жаратты кесип таштап, анын бүтүшү үчүн шарт түзүү, жандандыруу).

ВИВУС вивус (жандуу, жаныбар).

ВИГАНДА АКУШЕРСКИЙ ПОВОРОТ Виганд акушердик айландыруусу (төрөөрдүн алдында же төрөт убагында туура эмес келген баланын башын курсактын сыртынан ылдый карай оодарып түздөп коюу).

ВИГУРУ-ШАРКО СИМПТОМ Вигуру-Шарко симптому (ууландыруучу богок оорусунда теринин электр өткөргүчтүгүнүн күчөшү).

ВИДАЛЯ РЕАКЦИЯ Видал реакциясы (ич келте жана башка сальмонеллоз ооруларын аныктоого колдонулуучу реакция).

ВИДМАННА-НЕЙМАННА ОПЕРАЦИЯ Видманн-Нейманн операциясы парадонтоз оорусунда жогорку жаактын тиштер орношкон уюкчаларынын капталын бузулган тиштер менен кошо кесип таштоо операциясы).

ВИДМАРКА МЕТОД Видмарк методу (өлгөн адамдан алынган нерселерге химиялык анализ жүргүзүп, анын ичиндеги спирттин көлөмүн аныктоо методу)

ВИДМЕРА СИМПТОМ Видмер симптому (кээде бат башталган аппендицитте оң колтуктун температурасы сол колтуктун температурасынан жогору болушу).

ВИДРОВИТЦ СИМПТОМ Видровитц симптому (дифтериялык полиневритте байкалуучу көз тостоюп чыгып, көздү бат=бат ирмөө менен бир нерсени бүдөмүк көрүү).

ВИЗУАЛЬНЫЙ визуальдуу (бир нерсени көз менен көрүп билүү).

ВИЗУСКОП визускоп (көздүн ичин текшерүүгө ылайыкталып жасалган, бир жерден экинчи жерге көчүрүп жүрүүчү прибор).

ВИЙЯРА ТРИАДА Вийяр үчүлтүгү (эткө таш пайда болуп күчөгөн ооруда байкалуучу, боордун катуу оорушу, дене өтө ысуу жана дене сары тартып кетүү).

ВИКАЛИН викалин (висмут заты менен кошо көптөгөн заттар аралашкан, негизинен ашказан менен ичегиси жарат оорусунан жабыр тарткан ооруларга берилүүчү дары).

ВИКАРНО викардуу (мүчөнүн ооругандан кийинки кемтигин калыптандыруучу, ордун басуучу абалын туюндуруучу термин).

ВИКАСОЛ викасол (тийгизген таасири боюнча аккан канды токтотуучу дары каражаты; К витамининин синтезделип алынганы).

ВИКХАРИТА викхарита (чурайлоо).

ВИЛДЕРВАНКА СИНДРОМ Вилдерванк синдрому (төрөлгөндөн кулагы укпай, көздүн тышкы түз булчуну шаланқы, тиштердин кээ бирөөнүн өспөшү, кулактын кемдиги менен айырмаланган тукум куучу оору).

ВИЛЕНКИНА СИМПТОМ Виленкин симптому (куйрук булчуңун чертип көргөндө отургуч нервинин боюн улап ооругандыкты сезүү. Ал бөлдөги нервдердин бутакчалары менен кошо сезгенгенде байкалат).

ВИЛЛИКИНИН вилликинин (ички ичегинин ички бетиндеги майда кирпикчелердин кыймылын тезге келтирүүчү гормон).

ВИЛОЧКОВАЯ ЖЕЛЕЗА ача бези (көкүрөк көңдөйүнүн алдыңкы бетинин жогору жагынан орун алган жуп без. Денеде иммунитет пайда болууда керек бездерден).

ВИЛЬБУШЕВИЧА МЕТОД Вильбушевич методу (ысыкка күйгөн жерди самындын көбүгүн коюп, щетка менен жууп, андан кийин стерилденген тануу салуу операциясы).

ВИЛЬКИНСОНА МАЗЬ Вилькинсон майы (тийгизген таасири боюнча

дезинфекциялоочу, грибокторду жоюучу, тийген жерин дүүлүктүрүчү, бир топ химиялык заттардан турган май дары. Денеңин сыртына сыйпалат).

ВИЛЬМСА ОПУХОЛЬ Вильмс шишиги (жаш балдардын бөйрөгүнө пайда болгон коркунучтуу шишик).

ВИЛЬМСА ТОРОКОПЛАСТИКА Вильмс торокопластикасы (көкүрөктүн челинин өнөкөт ирин оорусунда жогору жактан баштап сезгеничи кабыргаларды омурткалардын жанынан кесип туруп, ириң толгон көбулду кысып коюучу операция менен аны айыктыруу).

ВИЛЬМСА ОПЕРАЦИЯ Вильмс операция (сокур ичеги бир жерден экинчи жерге жылып жүргөндө аны ичтин оң жагындагы капталына капшыра тигип коюу операциясы).

ВИЛЬСОНА-МИКИТИ СИНДРОМ Вильсон-Микити синдрому (өсүп жетилбей ара төрөлгөн балада байкалуучу өпкөнүн дарты. Ал жөтөлүү, деми кыстыгуу жана рентгенде өпкө тордой көрүнүшү менен коштунчаланат).

ВИЛЯВИНА КАРТА Вилявин картасы (адамдын денесин болжолдоп сүрөткө түшүрүп, анын үстүнө төрт бурчтуу чөнтөктөрдү жабыштырган кагаз барак. Аны менен деңеңин бөлүгүнүн канчалык аянты күйгөндүгүн эсептеп чыгарат).

ВИММЕРА КОСТНЫЙ ШОВ Виммер сөөк тигиши (сынган сөөктүн эки жагын жумшартылган уйдун сөөгү менен тигип, кошуу).

ВИНБЛАСТИН винбластин (тийгизген таасири боюнча өсүп бара жаткан шишикти токтотуучу өсүмдүктөн алынган дары. Сөөктүн ичиндеги кан жетилип чыгуу азайгандыгы менен мүнөздөлүп, кандын кээ бир рак сорусун айыктыруута жардамдашат).

ВИНДШЕЙДА ТРИАДА Виндшед үчүлтүгү (мээнин кан тамырлары склероз оорусунда байкалуучу, баш ооруу, баш айлануу жана эске тутуу жөндөмдүүлүгү бузулуу).

ВИНИЛИН винилин (Шестаковскийдин бальзамы деп аталат. Турумунда көптөгөн химиялык зат кошулган илээшкен дары, негизинен сыртқы жараттарды айыктыруу үчүн кеңири колдонууда).

ВИНКАМЕТРИН винкаметрин (тийгизген таасири боюнча жатындын булчундарын кыстыруучу дары).

ВИНКЕЛЬМАННА ОПЕРАЦИЯ Винкельманн операциясы (эркектин жумурткасынын тегерегине суу толуп кеткен ооруда жумурткаңы каптап турган чел кабыгын ажарып айкарасынан тигип коюу).

ВИНКЛЕРА МЕТОД Винклер методу (өйдөкү ээктин таноо түштагы кобулу өнөкөт иринделген ооруда аны чегип туруп, иринин тышка чыгаруучу операция).

ВИНОГРАДОВА ПРИЗНАК Виноградов белгиси (жатып турган оорулуунун күрөө тамыры бүлкүлдөөгө кошулуп, анын башы да арт жагына кылтылдашы. Мындай абал жүрөктүн бүктөмөлөрү кең болгон учурда байкалат).

ВИНОГРАДОЛЕЧЕНИЕ жүзүм дарылоосу (суу менен туздардын зат алмашуусунун оошун теңдеш үчүн кээ бир учурда жүзүмдү көп берип дарылоо жолу).

ВИНТЕРА ПРИЗНАК Винтер белгиси (плевранын суу чыгарган сезгенчинен боор эттин жылышы начарлап, сүбөнүн алдындагы булчуңдар дем алуу процессинде солгун катышпы).

ВИНЬЯЛЯ-ВЕЙОНА МЕТОД Винял-Вейон методу (микроорганизмдердин абасыз шартта жашагандарын атайын жасалган жашоо шартын түзүп өстүрүп, анан бөлүп алуу жолу).

ВИПРАКСИН випраксин (гадюка жыланынын уусунан жасалган дары. Бул керектүү өлчөмдө неврит, артрит ооруларында жана рак дартынын оорусунда кеңири колдонулат).

ВИРАГИНИТАС вирагинитас (жалпы эле эркекке окшогон аял).

ВИРАПИН вирапин (аарынын уусунан жасалган дарынын суюк түрү).

ВИРГО вирго (эркекке жолой элек аял).

ВИРГХАТА виргхата (чурайлоонун бир түрү).

ВИРЗУНГОВ ПРОТОК Вирзунг өткөөлү к.ПРОТОК ПОДЖЕЛУДОЧНОЙ ЖЕЛЕЗЫ

ВИРЗУНГОГРАФИЯ вирзунгография (уйку бездин өткөөлүн жана анын бутактарын рентгендик нур өткөрбөгөн зат куюп, рентген аркылуу сүрөткө тартуу).

ВИРЗУНГОДУОДЕНОСТОМИЯ вирзунгодуоденостомия (уйку бездин өткөөлүн ичке ичегинин башталышына жалгап тигип коюучу операция).

ВИРИЛИЗАЦИЯ эр жетүү (жатындагы түйүлдүктүн эркек белгисине ээгон мезгилинен баштап өсүп отуруп, кадимки эркек кишинин маалына жеткен учуру).

ВИРИЛИС вирилис (эркектик, эркекке мүнөздүү деген маанидеги термин).

ВИРИЛИСМУС вирилисмус (тулку бою жана үнү эркек сымал аял).

ВИРИНА ШИНА Вирин шакшагы (колдун сөөктөрү сынганда колдонулуучу тегерек жаадай, катмарланган шакшак).

ВИРОПЕКСИС виропексис (вирустардын клеткага тешип өтүү жолу. Вирус кире турган клетканын капталы ичине капшырылып баруудан кийин тешилет).

ВИРУЛЕНТНО вируленттуу (майда жандыктардын, микробдордун адамга жугуу жөндөмдүүлүгүнө жараша баамдалуусу).

ВИРУЛЕНТНОСТЬ вируленттүүлүк (дененин бир жерине пайда болгон микроб, организмдин каршылык көрсөтүүсүнө карабастан ооруга чалдыктыруу жөндөмдүүлүгүнүн чени).

ВИРУЛИЦИДНОСТЬ вирилициддүүлүк (кээ бир физикалык, химиялык заттардын вирустарды жоюу жолу. Вирустар алардын таасиринен тышкы кабыгы айрылуудан өлүшөт).

ВИРУЛИЦИДЫ вирулициддер (вирустарды жансыздандыруучу заттар).

ВИРУС вирус (көпчүлүгү жугуштуу ооруларды пайда кылуучу жандыктардын эң майдасы).

ВИРУС ПОМОЩНИК жардамчы вирус (вирус чыгарган белок клеткадагы дефектүү вирустардын өсүшүнө көмөктөшүшү).

ВИРУСЕМИЯ вирусемия (вирустардын кан менен кошо айланып жүрүшү).

ВИРУСНЫЕ ЗАБОЛЕВАНИЯ ГЛАЗ көздүн вирус оорулары (вирус көздүн тышкы катмарына жугуп, анын түсүн өзгөртөт да, көлөмү чекиттердей жарага айланат).

ВИРУСОЛОГИЧЕСКАЯ ЛАБОРАТОРИЯ вирусологиялык лаборатория (вирустарды изилдеп, андан пайда болгон ооруларды таап, аларды айыктыруу үчүн керектүү вакцин, сывороткаларды даярдоочу мекеме).

ВИРУСОЛОГИЧЕСКОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ вирусологиялык изилдөө (вирус жугуштарын аныктоо, алардын айлана чөйрөдөгү катышын, андан жасалган дарылардын күчүн изидөө жолу).

ВИРУСОЛОГИЯ вирусология (жугуштуу ооруларга чалдыктыруучу майда жандыктарды билүү жөнүндөгү илим).

ВИРУСОНОСИТЕЛЬСТВО вирус алып жүрүүчүлүк (денесинде кайсы бир оорунун вирустары болгон адам).

ВИРУСОСКОПИЯ вирусоскопия (микроскоп аркылуу вирустардын формасын изилдеп көрүү).

ВИРУСУРИЯ вирусурия (сийдиктин ичинде вирус пайда болушу).

ВИРУСЫ КОК САКИ Кок Саки вирусу (Нью-Йорк штатындагы Кок Саки селосунан таралган вирус. Полиомиэлит вирусуна окшогон вирустардын бир тобу).

ВИРХОВА ВАСКУЛЕЗНЫЙ ПАХИМЕНИНГИТ Вирхов кан тамыр пахименингити (мээ желе катмары менен бирге өнөкөт кайталанып сезгенүүдө мээнин кабыгына кан куюлуп, ал жер калыңдап бал ооруу).

ВИРХОВА КЛЕТКА Вирхов клсткасы (көбүк сүюктуктуу чоң клетка).

ВИРХОВА ПРИЗНАК Вирхов белгиси (ашказандын рак оорусунда кээ бир учурда сол жак акыректин төш сөөгү жалгалкан тушундагы чарымдардыгы басып көргөндө оорубаган без, бирок чоң келемү рак таралып кеткендигин аныктайт).

ВИРХОВА-РОБЕНА ПРОСТРАНСТВО Вирхов-Робен кобулу (мээ менен жүлүндүн кан тамырларынын тегерегиндеги, авторлордун аамында аталган кууш кобулдар).

ВИРХОВА ТЕОРИЯ РАЗДРАЖЕНИЯ Вирхов дүүлүктүргүч теориясы (шишиктин өсүп чыгышына себепкер болгон ткань, узак убакытка дүүлүксө жана кайталап жарылса, сезгенип кайра өз калыбына келгенден деп болжойт).

ВИРХОВСКИЙ МЕТАСТАЗ Вирхов метастазы (ашказандын рак оорусунда сол акыректин үстүндө төштүн акырек менен жалгашкан жериндеги бездин чоңоюп кетиши. Ашказан рагынын таралышы).

ВИСКОТТА-ОЛДРИЧА СИНДРОМ Вискотт-Олдрич синдрому (иммуноглобулиндер; тромбоциттер азайып, тез эле өпкө сезгенип, кулак булак болуп жана башка жерлерде да ириндер пайда болуу менен чектелген тукум кууган оору).

ВИСМУТ НИТРАТ ОСНОВНОЙ негизги висмут нитраты (ашказандын кычкелтеги көбөйүү менен коштолгон ашказандын сезгенчинде же ичеги карындын жарат ооруларында колдонудуучу дары).

ВИСМУТОВАЯ КАЙМА Висмут кырчоосу (Висмут тутумунда болгон дарыларды узак убакытка чейин ичкенде бүйлөлөрдүн жээгинде көгүш түстөгү сызыкча-кырчоонун пайда болушу).

ВИСОЧНАЯ КОСТЬ чыкый сөөгү (беттин аркы, желкенин алдынкы жанындагы кулак туштагы сөөк, кулак чыкый сөөгү).

ВИСОЧНАЯ ОБЛАСТЬ жаак туш (баштын көз чуңкурунун сыртынан тартып чыкчыт сөөгүнүн үстүнө чейинки жана үстү жагынын чокуга жакын аймагы).

ВИССЛЕРА-ФАНКОНИ БОЛЕЗНЬ Висслера-Фанкони оорусу (денеси бат ысып, териде кызыл темгилдер болуп, муундар ооруп, ар кайсы жерге без чочуу менен мүнөздөлгөн, себеби белгисиз балдардын оорусу).

ВИСЦЕРАЛЬНО висцералдык (ички органдарга тиешелүү сөздөр).

ВИСЦЕРАЛЬНЫЙ РЕФЛЕКС ич рефлекси (адамдын ички органдарынан чыккан жана ага барган рефлекстер).

ВИСЯЧАЯ КАПЛЯ саландаган тамчы (микробдорду жандуу мезгилин микроскоп аркылуу кароо үчүн даярдалган бир тамчы кан).

ВИТА вита (өмүр).

ВИТАЛЬНО виталдуу (өмүрүндө болгон, өмүрү үчүн деген маанидеги сөздөрдү түшүндүргөндө колдонулуучу термин).

ВИТАЛЬНАЯ ТОСКА сабыры суздук (көкүрөк өйүп, себепсиз эле эч нерсеге көңүлү келбеген абал).

ВИТАМИНЫ витаминдер (адамдын жана жаныбарлардын жашашына зарыл органикалык зат латынча "вита" - өмүр, "амин" органикалык заттын группасы. Витаминдер алфавиттер менен аталат. Алардын организмдеги жетишсиздиги ар түрдүү дартка чалдыктырат).

ВИТАМИНИЗАЦИЯ витаминизация (кээ бир элдердин тобуна витаминди керектөө чараларын өзгөлөө, м.: балдарга, кесибине жараша кээ бир жумушчуларга витамин берүү).

ВИТАМИННАЯ НЕДОСТАТОЧНОСТЬ витаминдин жетишсиздиги (денеде витамин жетишпегендиктен келип чыккан дарттуу абал).

ВИТАМИННЫЕ ПРЕПАРАТЫ витаминдүү дарылар (тийгизген таасири кеңири тутумунда ар түрдүү витаминдер жана алардын группалары болуп, ар кыл өлчөмдө жасалган дарылар).

ВИТАМИНОЛОГИЯ витаминология (витаминдер деп аталып келе жаткан заттардын түзүлүшүн, организмге тийгизген таасирinин маанисин окуп үйрөнө турган медико-биологиялык илимдин бир тармагы).

ВИТАМИНОТЕРАПИЯ витаминдик дарылоо (дарылоону негизинен витамин заттары менен жүргүзүү жолу).

ВИТЕКА СИМПТОМ Витек симптому (бал буттун тизе бүгүлүшүндөгү кыймылдарынын аздыгы).

ВИТИЛИГО витилиго (дененин ар кайсы жеринде ар кыл көлөмүндө өңү агарып кеткен теридеги темгилдер, ала).

ВИТИОЗУС витиозус (туура эмес, натура, ката).

ВИТОКСИЦИКЛИН витоксициклин (окситетрациклин антибиотигинин жагымсыз таасирин оолактатуучу өтө татаал химиялык заттуу дары).

ВИТЦЕЛЯ ГАСТРОТОМИЯ Витцел карын чегүүсү (адамды тамактандыруу үчүн карынды ичтин алдыңкы бетине капшыра тигип, чегип туруп, тешигин тышка чыгаруу операциясы, тешик аркылуу тамак өткөрүү).

ВИТЦЕЛЯ ИЛЕОСТОМИЯ Витцел ичеги тешүүсү (кыпчыт туштагы ичке ичегини ичтин сыртына чыгарып тешип, жамап койгон операция. Тешик аркылуу газ жана анын ичиндегилер сыртка чыгат).

ВИШНЕВСКОГО АНЕСТЕЗИЯ Вишневский анестезиясы (кесиле турган жерди ооругандыгын сездирбөө үчүн новокаиндин жупуну эритмесин ийне менен көлкүлдөтө куюу жолу менен ошол чейрөнүн ооруу сезимин жоюу).

ВИШНЕВСКОГО БЛОКАДА Вишневский бөгөттөөсү к. НОВОКАИНОВАЯ БЛОКАДА

ВИШНЕВСКОГО ПЯТНА Вишневский тагы (ашказандын былжырлуу кабыгында каракочкул же кара тактар. Мында адамдын үшүп өлгөндүгүн далилдейт).

ВИШНЕВСКОГО ТАМПОНАДА Вишневский тыгындоосу (көкүрөктүн көндөйүнө ириң пайда болуп, анын тегереги кобулга айланганда, ага Вишневскийдин майы сордурулган даки тыгындап аны айыктыруу жолу).

ВИШНЕВСКОГО-ДОНЕЦКОГО АНАСТОМОЗ Вишневский-Донецкий жалгоосу (төрөлгөндөн эле пайда болгон жүрөктүн бүктөмөлөрүнүн жетишсиз ооруларында акырек артериясын өпкө артериясы менен бириктирүү өз учу менен, бирөөнү анын капталына жалгаштыруу операциясы).

ВКЛЮЧЕНИЯ ВИРУСНЫЕ вирус элементтери (клетканы микроскоп менен карап көргөндө ага вирус киргендигин билдирген клетканын ичиндеги ар формадагы нерселер).

ВКУС даам (ооздун ичиндеги жана тилдин аппараттарындагы сезим кабыл алуучу нервдерге (рецепторлорго) заттардын тийгизген таасирин талдап сезүү. Даам ачуу, таттуу, кычкыл, туздуу ж.б. болуп бүлүнөт).

ВКУСОВАЯ ПОЧКА даам тармагы (аяқы бутагы менен нервдик

жипчеге кошулган эпителиалдык даам сезүүчү клетка. Алар тилдин үрпөрүндө, тандайда, кулкундун боорунда кезигет).

ВКУСОВАЯ ЧАШКА даам чөйчөгү к. ВКУСОВАЯ ПОЧКА

ВКУСОВОЙ НЕРВ даам нерви (тилден орун алган даам татый турган нерв).

ВКУСОВЫЕ ВЕЩЕСТВА даам заттары (тамакты даамына келтирүүгө көмөктөшүүчү жана жытын буркуратуучу заттар . Алардын көпчүлүгү өсүмдүктөрдүн жалбырагынан, тамырынан, гүлүнөн, уругунан алынат).

ВКУСОВЫЕ СОСОЧКИ даам үрпөрү (тилдин сыртындагы быдырала көрүнгөн үрпөктөрүндөгү даам сезүүчү жери).

ВЛАГАЛИЩЕ аялдын жыныстык кыны (жогору жагы жатындын мойнуна жетип, сыртка ачылган жумшак түтүк).

ВЛАГАЛИЩЕ ЗРИТЕЛЬНОГО НЕРВА көрүү нервинин жайгы (көрүү нервинин сыртында жумшак жана желе кабыктын ортосундагы мээ суюктугуна толгон кууш жери).

ВЛАГАЛИЩЕ МОЧЕТОЧНИКОВОЕ сийдик куюлуу өткөөлүнүн кобулу (сийдик куюлуучу түтүктүн сыртындагы, түтүккү чейинки катмардагы чарымынын кобулу).

ВЛАГАЛИЩЕ ПРЯМОЙ МЫШЦЫ ЖИВОТА ичтин түз булчуңунун кобулу (ичтеги сыртқы жана ички, кыйшык жана туура булчуңдардын чарымы аркылуу түз булчунду курчап турган катмарлардын кобулу).

ВЛАГАЛИЩЕ СОСУДОВ кан тамырлардын кындары

ВЛАГАЛИЩЕ ТРИХОМОНАДА аялдын кынынын трихомонадасы (дартка трихомонада митеси себепкер. Аялдардын кынынын ички былжырлуу кабыгы жана сийдик чыгаруучу түтүктүн ички бети сезгенет да, андан илээшкен суюк нерсе куюлат. Ал 20–45 жаштардагы аялдарда учурайт).

ВЛАГАЛИЩНОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ кын аркылуу изилдөө (жанбаш чарасындагы органдарды баамдап үчүн, кындын кобулу аркылуу сыйпалап кароо).

ВЛАГАЛИЩНОЕ ОТДЕЛЯЕМОЕ кындан чыккандар (кын аркылуу жыныс жолдорунан бөлүнүп чыккан тунук суюктук. Бул дарттуулук белги эмес).

ВЛАГАЛИЩНЫЙ ОТРОСТОК БРЮШИНЫ ич кабыгынын бутагы (эркек баланын ич кабыгы чурай каналы аркылуу калтасына чейин барып анын мүкүр бүтүү жолу ич каптын бутагы болуп эсептелет).

ВЛАДИМИРОВА-МИКУЛИЧА ОПЕРАЦИЯ Владимиров-Микулич операциясы (кызыл ашык муунунун туберкулез оорусунда же согончоктун шишик оорусунда буттун сөөктөрүн таарып туруп алып салып, калган сөөктөрүн өйдө кайрып жото жиликтин учуна тигип коюу).

ВЛАЖНОСТЬ ВОЗДУХА аба нымдуулугу (абадагы суунун буусу денедеги жылуулук алмашуудагы зарыл нерсе).

ВЛАЖНОСТЬ ГРЯЗИ баткак нымдуулугу (дарылоого керектелүүчү баткактагы суунун процент менен өлчөмү).

ВЛЕЧЕНИЕ ПОЛОВОЕ жыныс катнашуу жөнү (жыныс катнашуугa жакындоо жөндөмдүүлүгү).

ВЛИВАНИЕ суюктук куюу (дарылоо катары денеге кан, канга окшош суюктуктарды жана башка суюк дары заттарын куюу).

ВНЕБОЛЬНИЧНАЯ ПОМОЩЬ ооруканадан сырткары жардам (жабыркаган адамда ооруканадан сырткары көрсөтүлгөн жардамдардын бардыгы).

ВНЕЗАПНАЯ СМЕРТЬ мүрт өлүм (дарттын кесепетинен кийин адамдын бир нече секундда же бир нече минутта өлүп кетиши. Себеби ар түрлүү болот).

ВНЕШНЯЯ СЕКРЕЦИЯ суюктукту сыртка чыгаруу (организмдеги бездердин иштеп чыгарган маңызын, суюктуктарын түздөн-түз же лимфа тамырларга же сыртка териге чыгарышы).

ВНУТРЕННЕЕ УХО ички кулак (кулак чыкый сөөгүнүн ичинде болуп, дабыш жана дененин кыймыл абалын талдоого катышкан ийри-кыйру жылгачалардын системасы).

ВНУТРЕННИЕ БОЛЕЗНИ ички оорулар (ички органдардын дарты эмнеден болоорун, кантип билинээрин, кандай белгилери бар экендигин, аягы эмне менен бүтөөрүн, кайсы дары менен дарылоо керек экендигин, алдын ала эмнелерди жасоо керек экендигин аныктоочу клиникалык медицина бөлүгү).

ВНУТРЕННЯЯ ГРУДНАЯ АРТЕРИЯ ИЛИ ВНУТРЕННЯЯ АРТЕРИЯ МОЛОЧНОЙ ЖЕЛЕЗЫ көөдөндүн ички кызыл кан тамыры же эмчектин ички кызыл кан тамыры

ВНУТРЕННЯЯ СЕКРЕЦИЯ маңызын ичке чыгаруу (клеткалар чыгарган гормонун клеткаларды жарбай эле, эки клетканын ортосундагы

затка кошуп, андан ары канга кошулган клеткалар маңызын ичке чыгаруулар катарына кирет).

ВНУТРЕННЯЯ ЯРЕМНАЯ ВЕНА ички төш оюгунун венасы

ВНУТРЕННЕЕ УХО ички кулак (анатомиялык илим боюнча кулакты ички, ортонку, сырткы деп үчкө бөлүшөт).

ВНУТРИБОЛЬНИЧНЫЕ ИНФЕКЦИИ ооруканадагы жугуш (ооруканада дарыланып жаткан адамдарга негизги оорусуна, экинчи жугуш оорусу кошулуу. Ал жугуш оору экендигин билбестиктен же болбосо оорунун багып жаткан адамдардан же тазалыктын талабынын эрежесин бузуудан келип чыгат).

ВНУТРИГЛАЗНОЕ ДАВЛЕНИЕ көздүн ичиндеги басым (көздүн ичиндеги көрүүгө көмөктөшкөн аппараттардын тышкы кабыгын ичинен көрсөткөн басым).

ВНУТРИБРЮШНОЕ ДАВЛЕНИЕ ичтеги басым (ич көңдөйүндөгү органдардын, суюктуктардын ичтин капталына тийгизген басымы).

ВНУТРИКЛЕТОЧНАЯ ВОДА клетканын ичиндеги суу (организмдин ткандарындагы органдын клеткаларындагы суюктук, суу).

ВНУТРИКОЖНАЯ ПРОБА тери ичинен баамдоо (аллергия пайда кылуучу зат. Аллергенди теринин ичине ийне менен сайып, киргизип, аллергиялык абалды текшерүү).

ВНУТРИМАТОЧНОЕ ДАВЛЕНИЕ жатындын ичиндеги басым (боюнда бар аялдын жатынын булчуну чыйралуу, бошоңдоо учурунда жана андагы каканак суусуна жараша жатындын ичиндеги басымы).

ВНУТРИПЛЕВРАЛЬНОЕ ДАВЛЕНИЕ көкүрөк көндөй басымы (көкүрөк төгү өпкө менен кабыргалардын ортосундагы кобулдун басымы. Ал дем алуу булчундарынын абалына жана өпкөнүн жумшактыгына жараша атмосфералык басымдан төмөн болот).

ВНУТРИСЕРДЕЧНАЯ НЕРВНАЯ СИСТЕМА жүрөктүн ичиндеги нерв системасы (жүрөктүн ичиндеги нерв жипчелер тобунун бардыгынын жыйынтыгы).

ВНУТРИСЕРДЕЧНОЕ ДАВЛЕНИЕ жүрөктүн ичиндеги басым (жүрөктүн бир калыпта куушурулушунан келип чыккан басымы. Аның куушурулушунун, жазылышынын учурунда басым өзгөрүп турат).

ВНУТРИУТРОБНАЯ ИНФЕКЦИЯ ичтен жуккан илдет (жатындагы жетилген балага же бала төрөлөөр замат энесинен баласына өткөн жугуш оору. Жатындагы балага көпчүлүгү вирустук, бактериялык, протозойдук жугуш бат өтөт).

ВНУТРИУТРОБНАЯ СМЕРТЬ ичтеги баланын өлүмү (боюнда бар аял-

дардын ичтеги баласы төрөөргө жакын мезгилинде өлүшү).

ВНУТРИЧЕРЕПНОЕ ДАВЛЕНИЕ баштын ичиндеги басым (баштын ичиндеги басымдын өзгөрүшүнө мээнин кабыгы, жүлүндүн тегерегиндеги суюктук, мээнин ткани жана анын ичиндеги кан тамырлар себепкер болушат. Булардын өзгөрүшү баштын ичиндеги басымын өзгөртөт).

ВО ОПЕРАЦИЯ Во операциясы (таңдайдын жылмак бөлүгү ажырап калган учурда, мурундун былжырлуу кабыгын тигип, таңдайдын булчундарына зым жип менен тигиш салуу).

ВО ЛАМИ ОПЕРАЦИЯ Во Лами операциясы (кашка жиликтин башындагы урчугун булчундары менен кото кесип алып, анын төмөн жагына тигип коюучу операция).

ВОДНАЯ ПРОБА суу баамдоосу (бөйрөктүн иштешин билиш үчүн белгилүү өлчемдегү сууну оорулуугa ичирип, ар кайсы саатта заарасын жыйнап, анын көлөмүн жана салыштырма салмагын өлчөө менен бөйрөктүн функциясына баа берүү).

ВОДНО ПИТЬЕВОЙ ТЕСТ суу ичирген тест (көздүн басымын жогорулоону эрте билүү үчүн оорулуугa 250 грамм суу жуткуруп туруп, суу ичкенден мурунку жана кийинки басымын салыштырып, оорулуулугун аныктоо).

ВОДНО СОЛЕВОЙ БАЛАНС туз суу балансы (организмге кирип жана кайра чыккан туз менен суунун катышы).

ВОДНО-СОЛЕВОЙ ОБМЕН суу-туздун алмашышы (организмге түшкөн суунун, туздун таралышы жана алардын сыртка бөлүнүп чыгуу тартиби).

ВОДНО СОЛЕВОЙ РЕЖИМ суу-туз режими (физикалык жүккө, климаттык шартка байланыштуу минералдык туздарды жана сууну калыбына келтирүүгө жараша тамактануу шарты).

ВОДНЫЙ БАЛАНС суу балансы (организмге кирген суу менен чыккан суунун катышы).

ВОДНЫЙ САНИТАРНЫЙ ТРАНСПОРТ суу санитардык транспорту (жабыр тарткандарды жана ооруларды ташуу үчүн жана аларга жолдо медицинaлык жардам көрсөтүү үчүн атайын жасалган же ошого ыңгайлаштырган кеме).

ВОДОГРЯЗЕЛЕЧЕБНИЦА суу=баткак менен дарылоо жайы (ооруларды дарылоо суу жана баткак менен өткөрүүчү дарылоочу медициналык мекеме).

ВОДОЛЕЧЕБНИЦА суу менен дарылоочу жай (дартка таасири үчүн

сууну негизги дары катары колдонуучу медициналык жай. Таза суудан башка минералдык суулар менен дарылоо да жүргүзүлөт. Бул жайда чым көң, балчык менен дарылоо да болот).

ВОДОЛЕЧЕНИЕ суу менен дарылоо (дартты дарылоо үчүн негизги суу деп эсептөө. Таза сууну жана минералдык сууларды ченеп ичирүү. Алар менен манипуляция жасоо жолдору илгертеден белгилүү).

ВОДООЧИСТНАЯ СТАНЦИЯ суу тазалоочу станция (ичүүчү сууну тазартып, жана микробдордон арылта турган комплекстүү жай. Станция суу менен камсыз кылуу системасына кирет).

ВОДОСНАБЖЕНИЕ суу менен камсыз кылуу (эл жайгашкан айылды, өндүрүш жайларын суу менен камсыз кылуу үчүн салынган жайлар жана бардык аракеттердин жыйынтыгы).

ВОДЯНКА күпчөк (денедеги кобулдарга суюктук өтө толуп кетүү; ВОДЯНКА БЕРЕМЕННЫХ кош бойлуу аялдын шишиги - боюнда бар аялдын төрөөргө жакын мезгилинде денесин суу шишик баскан учуру; ВОДЯНКА БРЮШНАЯ ичке суу толуу к. АСЦИТ; ВОДЯНКА ГЛАЗА көзгө суу толуу к. ГИДРОФТАЛЬМ; ВОДЯНКА ГОЛОВНОГО МОЗГА мээге суу толуу к. ГИДРОЦЕФАЛИЯ; ВОДЯНКА ГРУДНАЯ көкүрөккө суу толуу к. ГИДРОТОРАКС; ВОДЯНКА ЖИВОТА ичке суу толуу к. АСЦИТ; ВОДЯНКА ЛОЖНАЯ жалган күпчөк - организмдин табигый кээ бир кобулдарына суу толуу, м.: өт баштыкчасына; ВОДЯНКА МОШОНКИ куулук күпчөгү - куулукка суу өтө көп өлчөмдө чогулушу. Өспүрүм балдарда көп учурайт; ВОДЯНКА СЕМЕННОГО КАНАТИКА урук түтүгүнүн күпчөгү - эркектин урук түтүгүнө суу толуп кетип, көлөмү жагынан көбөйүп, көөп калышы. Дарылоо операциялык жол менен жүргүзүлөт; ВОДЯНКА СЛЕЗНОГО МЕШКА жаш баштыечасынын күпчөгү - жаш бездеринин өнөкөт оорусунан улам, жаш чыгуучу каналдардын өткөөлү бүтөлүп калып, жаш баштыгына шилекейдей илээшкен суюктуктун толуп кетиши; ВОДЯНКА СУСТАВА муундун күпчөгү - муундун ичине суу толуп кетиши).

ВОЕННО-ВРАЧЕБНАЯ КОМИССИЯ аскер-врачтык комиссиясы (аскер-врач экспертизасынын органы. Милдетти илдеттүү адамдардын аскер кызматын өтө ала турган даражасын аныктайт).

ВОЕННО-МЕДИЦИНСКАЯ АКАДЕМИЯ согуш-медициналык академиясы (куралдуу күчтөргө аскер врачтарын согуш медицинасынын маселелерин чечип берүүгө кадрларды даярдап берүүчү жогорку аскер медициналык окуу жайы).

ВОЕННО-МЕДИЦИНСКАЯ ГЕОГРАФИЯ согуш-медициналык география

(белгилүү бир аймактын табигый жана социалдык абалын байкап жаңыдан келген жоокерлерге медициналык жактан тийгизген зыяндуулугун эсептөөчү согуш медицина илиминин бир бөлүгү).

ВОЕННО-МЕДИЦИНСКАЯ ИГРА согуш медицина оюну (топография картасында же талаада согуш мезгилинде медициналык кызматкерлердин кайсы жерде кандай, кантип иштей тургандыгына медициналык кызматкерлерди ойнотуп үйрөтүү).

ВОЕННО-МЕДИЦИНСКАЯ ПОДГОТОВКА ВОЙСК аскерди согуш-медициналык жактан даярдоо (аскер кызматкерлерин өзүн-өзү жана бирөөлөргө согуш убагында кандай жардам берүүнү, өздүк жана коллективдик гигиенаны кантип сактоо, жугуштуу оорулардан кантип сактануу жолдорун үйрөтө турган жалпы эле күзүрмен даярдоонун бөлүгү).

ВОЕННО-МЕДИЦИНСКОЕ ОБРАЗОВАНИЕ согуш медицина билими (куралдуу күчтөрдүн медициналык кызматкерлерин медициналык окуу жайларда окутуп жана тарбиялоо).

ВОЕННО-МЕДИЦИНСКОЕ СНАБЖЕНИЕ согуш медицина жабдуусу (куралдуу күчтөрдү медициналык керектүү мүлктөр менен тейлөө. Согуш убагында жана бейкутчулукта аскерлерди жабдуу жагынан теориялык жана практикалык жагын иштеп чыга турган аскер медицинанын бөлүгүнүн иши).

ВОЕННО-МЕДИЦИНСКИЙ ФАКУЛЬТЕТ аскер-медициналык факультети (медициналык жана врачтардын илимин өркүндөтүүчү институттардын алдындагы согуш врачтарын даярдоону жана алардын билимин өркүндөтүүчү жогорку аскердик медициналык окуу жайы).

ВОЕННО-САНИТАРНЫЙ ПОЕЗД согуш санитардык поезд (согуш убагында жарадарларды алыска ташуу үчүн жана жолдо дарылоого ыңгайланып жабдылган нечен вагондордон куралган состав).

ВОЗВЫШЕНИЕ БОЛЬШОГО ПАЛЬЦА баш бармактын дөңсөөсү (алакандын баш бармак тушундагы булчуңунун дөмпөйгөн жери).

ВОЗВРАТНЫЙ ТИФ кайталама келте (адамга тийгизген таасири кайталоо менен бит жана кене аркылуу адамга жуккан жугуштуу оору. Дартка спирохетоздор себепкер болот).

ВОЗВЫШЕНИЕ МИЗИНЦА чыпалактын дөңсөөсү (алакандын чыпалак тушундагы булчуңунун дөмпөйгөн жери).

ВОЗДУХ ПРИЗЕМНЫЙ жерге жакын аба (атмосфералык абанын жерге жакын катмары. Элдердин тиричилигине байланыштуу абанын ал катмары өзгөрүп тургандыгы менен абанын башка катмарынан айырмаланат).

ВОЗДУХООБМЕН аба алмашуу (жабык жайдагы абаны чыгарып, жаңы аба киргизүү).

ВОЗРАСТ КОСТНЫЙ сөөк жашы (сөөктүн абалына жараша ошол сөөктүн ээсинин жашын аныктоо. Бул сотко, медицина практикасына керектелет).

ВОЗРАСТНАЯ ФИЗИОЛОГИЯ курак физиологиясы (туулгандан баштап, өлгөнгө чейинки жашына жараша бул же тигил өзгөрүүлөрүнүн өзгөчөлүгүн биле турган физиология илиминин бир бөлүгү).

ВОЗРАСТ ПРИЗЫВНОЙ чакырылуучу курак (аскер милдетин аткаруу үчүн закон ченеми менен белгиленген өмүрдүн чеги).

ВОЗРАСТ ПЛОДА күмөндүн жашы (түйүлдүк пайда болуп ал күнүмдүк стадияга жеткен учур. Ал сутка, жума жана ай менен эсептелет).

ВОЗРОСТНО-ПОЛОВАЯ СТРУКТУРА НАСЕЛЕНИЕ элдөрдүн курактык жыныстык түзүлүшү (элдердин санынын жашы боюнча группасынын аял эркек болуп бөлүнүшү).

ВОЙНИЧ-ЯСНОЖЕНЦКОГО ПРОКОЛ ПЕРИКАРДА жүрөк кабын Войнич-Ясноженцкийче кесөө (жүрөктүн кабы сууга толуп кеткенде көкүрөктүн оң жагынан, бешинчи менен алтынчы кабырганын ортосуна ийне салып, андагы суюктукту сордуруп алуучу операция).

ВОЙНО-ЯСЕНЕЦКОГО ОПЕРАЦИЯ Войно-Ясенецкий операциясы (колтуктагы бездердин бир нечеси сезгенип ооруганда, аларды териден ары анын алдындагы чарымдарына чейин кесип алып таштоо).

ВОЙНО-ЯСЕНЕЦКОГО РЕЗЕКЦИЯ ТАЗА Войно-Ясенецкий жамбаш чарасын кесүү (жамбаш чарасынын сөөктөрү ириңдегенде куймулчак менен жамбаш муунунун жарымын жана жамбаш сөөктүн канаттуу кыры менен кошо кесип алып таштоо операциясы).

ВОЛАВШЕКА СИНДРОМ Волавшек синдрому (теринин калындап катуулашы, тырмактын бүдүрөкөй болушу жана бармактын учтары жоонокоп, кошул-талыл болгон өзгөрүү. Алар кээде жүлүндүн оорусунда байкалат).

ВОЛАТИЛИС волатилис (жеңил-желпи, оной бууланып кетүүчү дарылар).

ВОЛВУЛУС волвулус (ичеги түйүлүү, ичегинин чычыркайы өз огунан токсон градуска чейин толгонуусу).

ВОЛДЫРЬ исиркек (бөрүжатыш оорусунда байкалуучу, ар түрдүү көлөмдөгү териден бир аз көтөрүлүп, бөлүнүп турган жана тез тарай турган майда темгилдер).

ВОЛКОВА БОЛЕЗНЬ Волков оорусу (муундун чемирчеги чексиз өсүп,

муундун кебетесинин бузулушу. Колу-буттун бирөөнүн өзгөчө чоң өсүшү бул ооруга мүнөздүү).

ВОЛКОВА ШИНА Волков шакшагы (үч жашка чейинки балдардын төрөлгөндөн эле кашка жилик жамбаштын аптоосунан чыгып кеткенде оордуна келтире турган, кийгизип коюучу шакшак).

ВОЛКОВИЧА РАЗРЕЗ Волкович кесүү к. МАК-БЕРНЕЯ РАЗРЕЗ

ВОЛКОВИЧА СИМПТОМ Волкович симптому (жамбаш чарасынын алдынкы бөлүгүндөгү сөөктөр сынганда, оорулуу аргасыздан чалкасынан жатып эки бутун эки жакка жайып, тизеси бүгүлүү абалында болушу).

ВОЛКОВИЧА ШИНА Волкович шакшагы (бут сынганда, сыныктар кыймылдабас үчүн картондон атайын жасалган шакшактын үстүнө гипстеп тануу).

ВОЛОКНО волокно (органдын, ткандын, клетканын составына кирип, ар кыл функция аткарып, формасы жипке окшош нерселер).

ВОЛОКОРДИН волокордин (тутумунда көптөгөн заттар бар жүрөктүн дарысы. Негизинен жанды жай алдыруу менен бирге кан тамырды кеңейтип, булчундардын карышышын жандырат. Бул жүрөк мыкчып ооруганда тез таасирин тийгизет).

ВОЛОСАТЫЙ ЧЕРНЫЙ ЯЗЫК түктүү кара тил (тилдин бир бөлүгүнө чач чыгып жана ал жердин карарып кеткен оорусу).

ВОЛОШИНОВА ШИНА Волошинов шакшагы (колду кыймылдатпас үчүн чыканактан бүгүү абалына келтирүүчү шакшакты колдонуп, таңып коюу).

ВОЛЧАНКА КРАСНАЯ кызыл темиретку (жалпы эле коллагеноз ооруларынын ичиндеги оору. Теринин сыртында жон тартып шишиген, кызыл ала түстөгү кургак жери).

ВОЛЬГЕМУТА МЕТОД Вольгемут методу (амилаза ферментинин таасирдүүлүгүн кандан жана сийдиктен аныктоо. Боордун, бөйрөктүн көө бир ооруларын жана уйку бездин дартын билүүгө колдонулат).

ВОЛЬМАНА БОЛЕЗНЬ Вольман оорусу (холестериндердин эфири жана триглицериддер клеткалын ичине толуп кетиши менен мүнөздөлгөн тукум куучу оору).

ВОЛЬСКОГО КОСОЙ УДАР Вольскийче кыйшык уруу (өт баштыкчасынын оорусун аныктоо жолу. Күнөм санаган оң жак сүбөнүн тушун колдун кыры менен төмөндөн өйдө жакка кайыта акырын урганда ошол туш ооруса өт баштыкчасынын оорусу экендигин билдирет).

ВОЛЬТМАНА СИМПТОМ Вольтман симптому (калкан безинин начарлашынан, өлөк тарамыштын рефлексинин созулуп болушу).

ВОЛЬФФА ОПЕРАЦИЯ Вольфф операциясы к. АРТРОЛИЗ

ВОЛЮМИНОМЕТР волюминометр (суу толгон ваннага адамды түшүрүп, суунун денгээли жогорулашына жараша анын көлөмүн эсептеп чыгуу).

ВОЛЮМОСПИРОГРАФ волюмоспирограф к. СПИРОГРАФ

ВОМИТОФОБИЯ вомитофобия (кусамбы деп өтө коркуу).

ВОМУТУРИЦИЯ вомутурция (адамдын кускусу келип, куса албай окшуй берүүсү).

ВОМУЦИЯ вомуция (кусуу; көптөгөн себептерден ичкен тамакты, ашказандын ичиндегилерди кайра чыгаруу процеcси, кулгуу).

ВОРОВЬЕВ СПОСОБ Воровьев ыгы (өлүктү катыруудан (вальзамирование) мурун анын терисин көптөгөн химиялык заттар менен таасир берип даярдоо).

ВОРОНКА УШНАЯ кулактын воронкасы (кулактын тешиги аркылуу, тарсылдакты жана кулактын орто бөлүгүндөгү өзгөрүүлөрдү көрүүгө ылайыкталып темирден жана пластмассадан жасалган куйгуч).

ВОРОТА ИНФЕКЦИИ жугуш дарбазасы (жугуштуу ооруну козгоочу микробдор денеге адеп кирген жери).

ВОРОТА ЛЕГКОГО өпкө дарбазасы (өпкөнүн ич жагындагы кайкы чоң бронх, чоң тамырлар жана нервдер кире турган жери).

ВОРОТА МЫШЦЫ булчун дарбазасы (булчунга артерия тамыры, нервдер кирип, вена жана лимфа тамырлар чыга турган жери).

ВОРОТА ПЕЧЕНИ боор дарбазасы (боордун төмөнкү бетиндеги туура кеткен жылгасына боор артериясы, көк кан тамыр, нервдер кирип, боор өткөөлдөрү жана лимфа тамырлары чыга турган жери).

ВОРОТА ПОЧКИ бөйрөк дарбазасы (бөйрөк артериясы, нервдери, венасы, лимфа тамырлары кирип жана бөйрөк күлтүгү чыга турган бөйрөктүн ич жагындагы оюк жери).

ВОРОТНАЯ ВЕНА иреге венасы (ичтеги органдардын бир тамырга чогулуп, боорго кире берген жердеги жоон көк кан тамыры).

ВОРСИНКА ворсинка (хорион эпителиясынан пайда болгон жатындын былжырак кабатынын чачыгы).

ВОРСИНЧАТАЯ ОПУХОЛЬ исиркек шишик (көтөн чучуктун жана көө бир ичегинин ички бетиндеги бездик эпителий клеткаларынан өсүп чыккан коркунучсуз майда шишиктер).

ВОСК ЗУБОТЕХНИЧЕСКИЙ тиш техникасынын мому (тиш жасоодо анын кебин алып үчүн колдонулуучу чайырдын, парафиндин жана

боектун кошундусу).

ВОСКРЕСЕНСКОГО СИМПТОМ Воскресенский симптому (уйку безднн сезгеничинде байкалуучу, сүбөнүн түшундагы аортанын кагышынын билинбей калышы).

ВОСПАЛЕНИЕ сезгенүү (организмге дарт чалдыктыруучу таасир тийгенде ага коргонуу катары таасир тийген жердин тканды менен кан тамырларынын татаал реакциясы).

ВОССТАНОВИТЕЛЬНАЯ ХИРУРГИЯ калыбына келтирүүчү хирургия (мүчөнүн формасы жана функциясы бузулганда аны калыбына келтирүү үчүн жасалган операциялар).

ВОСХОДЯЩАЯ АОРТА өйдө кетчү толто, аорта (толто тамыры жүрөктүн толтосунан башталып, төмөн бурулган бөлүгүнө чейинки аралыгы).

ВОСХОЖЯЩАЯ ОБОДОЧНАЯ КИШКА өйдө кеткен жоон ичеги (ичке ичегиден башталып, ичтин оң жаккы көндөйү менен боорду кездей көтөрүлгөн жоон ичегинин аралыгы).

ВОТЧАЛА-ТИФФНО ПРОБА Вотчал -Тиффно баамдоо (коко менен бронхдордун өткөөлү аркылуу канчалык көлөмдөгү аба өтө тургандыгын байкап билүү).

ВОФАВЕРДИНОВАЯ ПРОБА Вофавердин баамдоосу (боордун өзүнө сиңирүүчү жана кайра чыгаруучу жөндөмдүүлүгүн Вофавердин боегун венага куюу менен баамдоо).

ВОЯЧЕКА ОПЕРАЦИЯ Воячек операциясы (атайылап кулакка жасалган операция. Кескен жердин тегерегиндеги ткандарды өтө аяп олдоксон кыймылдарга этият кылуу менен өзгөчөленген операция).

ВРАЧ врач (медициналык жогорку окуу жайын бүткөн, дарылоо-профилактикалык санитар-эпидемиялык иштерди жүргүзүүгө укуктуу адам).

ВРАЧ БАЛЬНЕОЛОГ врач бальнеолог (дарылоо керектөөчү баткактар, минералдык сууларды колдонуп, оорулууну дарылай турган врач, адис).

ВРАЧ ЛАБОРАНТ врач лаборант (клиникалык лабораторияда иштөөгө маш, оорунун атын, жүрүшүн лабораториялык ык менен билүү кызматын аткаруучу адис врач).

ВРАЧЕВНАЯ ТАЙНА врачтык сыр (медициналык кызматкерлер милдетин аткарып жаткан учурда, оорулуунун оорусу жөнүндө жакын-

дашкандык жана үй-бүлөлүк турмушунун бардык жагдайларын башкаларга жайбай, өз ичинде сакташы).

ВРАЧЕБНО-КОНСУЛЬТАТИВНАЯ КОМИССИЯ врачтык консультативдик комиссия (оорулууну дарылоочу жана алдын ала кароочу мекемеде дарылоонун сапатын жана оорулуунун жумушка жарамдуулугун талдоочу комиссия).

ВРАЧЕБНО-ЛЕТНАЯ КОМИССИЯ врач-учкучтар комиссиясы (СССРдин куралдуу күчтөрүндө жана ДОСААФта учкучтардын жана учуучулардын кызмат өтөй ала тургандыгын медициналык жактан текшерүүчү орган).

ВРАЧЕБНО-ТРУДОВАЯ ЭКСПЕРТНАЯ КОМИССИЯ врачтык эмгек эксперт комиссиясы (оорулуу адамдардын жумушка жарамдуулугу убактылуу же түбөлүк экендигин аныктай турган медициналык орган).

ВРАЧЕБНЫЕ ОШИБКИ врачтын каталары (адистик милдетти аткарууда атайын эмес, шалаакылыктан, кетирген врачтардын жаңылыштыктары).

ВРАЧЕБНЫЙ УЧАСТОК врачтык участок (шаардын бөлүгүндө же кыштактарда, белгилүү сандагы элдерди медициналык жактан ооруканага чейинки жардам көрсөтүүгө чектелген аймак).

ВРЕДЕНА АРТРОТОМИЯСЫ Вреден артротомиясы (кашка жилиптин чон урчугун кесип туруп, жамбаш муунуна жетүүчү операция).

ВРЕДЕНА ОПЕРАЦИЯ Вреден операциясы (далысы өзгөчө бүкүр адамдардын далы түштагы кабыргаларынан төрт-бешти омурткага чейин кесип алып таштап аны түзөтүүгө умтулган операция).

ВРЕДЕНА СИМПТОМ Вреден симптому (оорулуунун буту сунулуп турган учуода, тизе муунунун жылчыгынын түшүн кармап көргөндө ооруп, сүйрү тарткан бүдүр. Тизени бүксө бүдүр оорубаса, тизенин ичиндеги кепил берчинин сезгенчин байкоого болот).

ВРЕДНОЕ ВЕЩЕСТВО зыяндуу зат (заттын белгилүү бир өлчөмдө жана шартта адамга таасир тийгизүүдөн, организмге терс таасирин тийгизип, мертинен тайтышы).

ВРЕЗЫВАНИЕ ГОЛОВКИ ПЛОДА баланын башынын кылтыйышы (төрөт учурунда байкалуучу аял ыйыган убакта гана баланын башы төрөт жолунан көрүнө калышы).

ВРЕМЯ КРОВОТЕЧЕНИЯ кан агуу убагы (бир жерден кан аккандан баштап кан тамчылабай үюп калган учурга чейинки убакыттын аралыгы).

ВРЕМЯ РЕКАЛЬЦИФИКАЦИИ рекальцификация убакыты (кан уюу системасынын жалпы абалынын көрсөткүчү. Ал үчүн текшерилүүчү канды кальцийдин ионуна каныккан кандын уюшу менен салыштырып тактайт).

ВРОЖДЕННАЯ СЛАБОСТЬ тубаса алсыздык (баланын төрөлгөндөн өтө алсыз, начар абалы).

ВРОСШИЙ НОГОТЬ баткан тырмак (көбүнчө буттун тырмактары бармактын этине, терисинин ичине кирип өсүшү).

ВСАСЫВАНИЕ соруулуу (ар түрдүү заттар клетканын менбраны аркылуу клетканын ичине өтүшү. Клеткадан канга жана лимфага өткөн физиологиялык активдүү процесс).

ВСЕМИРНАЯ ОРГАНИЗАЦИЯ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ дүйнөлүк саламаттык сактоо мекемеси (бардык элдердин ден соолугунун деңгээли жогоруласын деген максат коюп иштөөчү Бириккен Улуттар Уюмунун атайын уюштурган Эл аралык медицина мекемеси). Бул 1945-жылы февраль айында жарыяланган).

ВСКАРМЛИВАНИЕ ГРУДНОЕ эмчек эмизүү (баланы энесинин эмчек сүтү менен тамактандыруу).

ВСКАРМЛИВАНИЕ ИСКУССТВЕННОЕ жасалма тамактандыруу (эмчектеги баланы энесинин сүтү менен эмес, жаныбарлардын сүтү тамак катары колдонуп тамактандыруу).

ВСКАРМЛИВАНИЕ СМЕШАННОЕ аралаш тамактандыруу (эмчектеги баланы тамактандырууда энесинин сүтүнө башка малдардын сүтүн аралаштырып тамактандыруу).

ВСКРЫТИЕ жаруу, ачуу (маселен, текшерүү үчүн курсакты союп көрүү, же болбосо өлгөн адамдын денесин бүт союп көрүү).

ВСКРЫТИЕ ТРУПА өлүктү союу (өлүктү эмнеден өлгөн себебин аныктоо үчүн, же анатомия сабагын өткөрүү үчүн союп көрүү).

ВТОРИЧНОЕ КРОВОТЕЧЕНИЕ экинчи кан агуу (аккан канды токтоткондон кийин, бир нече убакыттан кийин кайра кайталап кандын агышы).

ВТОРИЧНЫЕ ПОЛОВЫЕ ПРИЗНАКИ экинчи жыныстык белгилер (балдар чоңойгондо байкалуучу экинчи жыныстык белгилер: балдарга мурут чыгуу, үнү корулдоо, кекиртек чемирчеги чоңоюу, Кыздарда болсо сүт бездери чоңоюп, бою бат өсүү менен белгиленет).

ВТОРИЧНЫЙ ШОВ экинчи тигүү (кээ бир себептерден операция болгон жерди тикпей, башка күндөрдө тигүү).

ВТЭК втэк к. ВРАЧЕБНО-ТРУДОВАЯ ЭКСПЕРТНАЯ КОМИССИЯ

ВУАЙЭРИЗМ вуайэризм (бирөөлөрдүн жыныстык катнашуу убагында алардын жыныстык мүчөлөрүн карап көрүүнү эңсеген адам).

ВУЛГАРИЗМ вулгаризм (илдеттин, жугуштун кадимкидей, кеңири жайылган учуру).

ВУЛНЕРАЦИЯ вулнерация (денедеги чегилүү жараалануу).

ВУЛНУС вулнус (ар кандай тышкы күчтүн таасири менен ткандын жараланышы).

ВУЛЬВА вульва (аялдардын жыныстык мүчөсүнүн сырткы бөлүгү).

ВУЛЬВИТ вульвит (аялдардын жыныстык мүчөсүнүн сырткы бөлүгүнүн сезгениши, ал кээде кындын сезгениши менен да коштолот).

ВУЛЬВОВАГИНИТ вульвовагинит (аялдардын сырткы жыныстык мүчөсү менен бирге кыны кошо сезгенип оорушу).

ВШИ биттер (адамдын каны менен тамактануучу мите. Бул бир нече жугуштарды адамга ташып келет. Каратумоо оорусун жуктуруугa түздөн-түз көмөкчү болот).

ВЫВИХИ сөөктөрдүн муундан чыгып кетиши (сөөктүн жалгашкан муунунан башка жакка жылып кетип, өз функциясын аткара албай калган учуру).

ВЫВИХ ГЛАЗА көздүн чыгышы (көз өз огунан алдыга жылып, кирпик туштан өтүп кетиши).

ВЫВИХ ЗУБА тиштин чыгышы (тиш өз оордунан жаак жакка же тил жакка жылып, өзү орногон жаактын сөөгүнө матырылып калышы).

ВЫВИХ НЕРВА нервдин чыгышы (нервдин тегерегиндеги аны курчаган чарымы жарылган убакта, буту-кол кыймылдаганда өз огунан жылып кетиши).

ВЫВОДЦЕВА АППАРАТ Выводцев аппараты (өлгөн адамды катыруу үчүн анын кан тамырына катыруугa керектүү суюктукту кюючу аппарат).

ВЫВОДЦЕВА ЖИДКОСТЬ Выводцев суюктугу (өлгөн адамдын денесин катырыш үчүн же анын мүчөлөрүн көпкө сакташ үчүн колдонулуучу суулуу спирт, глицерин жана тимол эритмеси).

ВЫВОДЦЕВА МЕТОД Выводцев методу (Выводцев суюктугун, Выводцев аппараты аркылуу жиберип өлгөн адамдын денесин катыруу

үчүн өлүккө суюктукту өлүктүн салмагынын жарымындай куюу).

ВЫВОРОТ МАТКИ жатындын түйрүлүшү (жатындын ичи сыртына антарылуу менен ылдый түшүп, кынга кептелип калган учуру).

ВЫДЕЛЕНИЕ ИЗ СОСКА эмчектен чыккан суюктук (эмчектен суюктук чыгуу эмчектин көптөгөн дартында байкалат. Ириң ооруларында саргыч түстөгү, рак оорусунда кызгылт түстөгү суюктук куюлат. Эркектердин эмчегинен алар гинекомастия деген ооруга дуушар келген учурда суюктук чыгышы ыктымал).

ВЫДОХ дем чыгаруу (дем алган учурда, өпкөдөгү желди сыртка чыгаруу).

ВЫЗДОРОВЛЕНИЕ сакаюу (адам ооруп калган учурдан баштап, ага жараша организмдеги өзгөрүүлөрүнүн бардыгы мурунку өз калыбына келген учуру).

ВЫНОС И ВЫВОЗ ПОРАЖЕННЫХ жарадарларды алып чыгып ташуу (жарадарларды майдандан алып чыгып, андан ары узатуу үчүн чектелген транспортторго чейин уюштурулган түрдө жеткирүү).

ВЫПАДЕНИЕ МАТКИ, ВЛАГАЛИЩА жатындын, кындын ылдый түшүшү (аялдын кыны жана жатыны өз огунан ылдый жылып кетиши. Жылган абалга жараша алар ар түрдүү болот).

ВЫПАДЕНИЕ НОЖКИ буттун чыгышы (каканак жарылгандан кийин жатын толук ачыла электе баланын бутунун көрүнүшү. Бул баланын тескери, аягы менен келе жаткандыгынын далили).

ВЫПАДЕНИЕ ПРЯМОЙ КИШКИ кетөн-чучуктун жылышы (кетөн-чучуктун сырт жагына түйрүлүп, ылдый түшүп калышы).

ВЫПАДЕНИЕ ПУПОВИНЫ киндиктин чыгышы (каканак суюктугу куюлуудан оболу баланын киндигинин чыгышы. Ушул учур баланын өмүрүнө коркунуч туудурат).

ВЫСКАБЛИВАНИЕ кыруу (ичи көндөй органдарды, экинчи пайда болгон тешиктерди дарылоо жана дарттын атын атоо максатында атайын жасалган аспап менен кыруу операциясы).

ВЫСЛУШИВАНИЕ тыңшоо к. АУСКУЛЬТАЦИЯ

ВЫСОТНАЯ БОЛЕЗНЬ бийиктиктин оорусу (деңиз деңгээлинен жогору жерде жашаган адамдарда, кислород жетишсиздиктен келип чыккан түтөгүү оорусу).

ВЫТЯЖЕНИЕ керүү (кыймыл жана таяныч аппараттарынын жарадарын (сыныгын) айыктыруу максатында атайын аппараттар аркылуу керип, тарттыруу жолдору).

ВЫТЯЖНОЙ ШКАФ соруучу шкаф (дем алуучу абаны тазартуу мак-

сатында, чаңдарды сорууруга ылайыкталып жасалган үйгө, мекемелерге коюлуучу шкафтар).

ВЫХЛОПНЫЕ ГАЗЫ бүркөн газдар (кыймылдаткычтардын ички күйүүсүнөн келип чыккан газ окшош аралашма. Анын ичинде көмүрдүн окиси окшогон адамга зыян келтирүүчү заттар бар).

ВЮЛЬПИАНА СИМПТОМ Вюльпиан симптому (жүлүндүн оорусунда байкалуучу ысыкты сезбей, суукту өтө сергек сезүү).

Г

ГААЗА СХЕМА Гаазе схемасы (ичтеги баланын узундугуна жараша жашын аныктоо. Схема боюнча 20 жумага чейинки баланын узундугу боюнда бар айдын квадратына барабар. 20 жумадан кийин боюнда бар ай 5 ке көбөйтүлөт).

ГАБИТУС дидаар(адамдын жүзүнүн, бетинин түзүлүшүнүн сыртқы көрүнүшү).

ГАБЕРЕРА ОПЕРАЦИЯ Габерер операциясы (карындын белүгүн кесип таштоодогу Бильрот-I деген операцияга кошумча. Кесилген карындын жылчыгын ичке ичегиге улоочу жерине бүйрүп тигиш салып кынап, жалгоочу операция).

ГАВРИЛОВОЙ-ФОЯ-ПРОБА Гаврилова-Фой баамдоосу (жатындын тегегине көк боекту индигокоармин куюп, жатындын ичине даки шыкап коюу. Жатындын түтүгүндөгү өткөөл бүтүп калса, даки таза болот да өткөөл бүтпөсө ал боекко боелот).

ГАБРИЭЛЯ ОПЕРАЦИЯ Габриэл операциясы (арткы тешиктин кесилип кеткен жерин айланасындагы кесик менен кошо үч бурчтук формада кесип алып таштоо).

ГАВЕРГИЛЬСКАЯ ЛИХОЛРАДКА Гавергиль калтыратмасы (Гавергиль АКШдагы шаардын аты. Денеинн температурасы жогору көтөрүлүп оорутуучу өтө тез башталган жугуштуу оору. Температура көтөрүлгөндө муундар ооруп, териде кызыл темгилдер байкалат. Оорунун себеби изилденген эмес).

ГАЗОВАЯ ЛОВУШКА газ капкоо (жасалма кан айландырууда, канды тамырга жибергүдөн мурун анын ичиндеги кислороддун көбүкчөлөрүн тозуп кала турган аппараттын белүгү).

ГАГЕН-ТОРНА МЕЗОСИГМОПЛИКАЦИЯ Гаген-Торн мезосигмопликациясы (өт жылуучу сигмосымал жоон ичегинин чычыркайын чогул-

туп капшыра тигип, анын жылышына чек коюучу операция).

ГАГЕН-ТОРНА РАЗРЕЗ Гаген-Торн кесүүсү (ичти операциялык жол менен ачыш үчүн, ичтин түз булчуңуна жанаша тилип, ичти ачуу).

ГАЕКА СПОСОБ Гаек ыгы (маңка оорусун айыктыруу үчүн мурун сөөгүнүн ортоңку чөйчөгүн кесип алып таштап, калбыр үлүлчөсүнүн артын тешип жана шынаа сымал кобулдун капталын кесип, анын ичиндегилерди тазалай турган операциялык ык).

ГАЗОАНАЛИЗАТОРЫ наз анализдөөчүлөр (газдардын тутумундагы жекече затын аныктөөчү прибор. Организмдеги кислородду аныктоо үчүн да колдонулат).

ГАЗОВЫЕ ЧАСЫ газ сааттары (клиникада адамдардын негизги зат алмашуусун билүүдө, бир минутада канча газ дем ала тургандыгын өлчөй турган саат. Андан башка учурда абанын химиялык бөлүктөрүн аныктоодо да колдонулат).

ГАЗООБМЕН газ алмашуу (адамдардын жана жаныбарлардын организми айлана чөйрө менен газ алмашуу процесси, м.: адам өзүнө кислород алып, көмүр кычкыл газын чыгаруу).

ГАЗОУБЕЖИЩЕ газдан коргонуу жайы (айлана чөйрөнү, абаны ууландыруу учурунда элдер ууланбагыдай шарт түзүлүп, ичин желдетүүгө шайыктап, жылчыксыз кылып курулган имарат).

ГАЗЫ КРОВИ кандын газдары (негизинен кандын тутумундагы кислороддун, азоттун, көмүр кислоталарынын газ түрүндөгү абалы).

ГАЙЕМА РАСТВОР Гайема эритмеси (эритроциттерди эсептөө үчүн колдонулуучу суюктук. Анын ичинде бир нече химиялык заттар болот).

ГАЙЕМА-ФАБЕРА БОЛЕЗНЬ Гайем-Фабер оорусу (туулгандан себеби белгисиз, темир жетишсиздик аз кандуулук. Сөөктөрдүн өсүшү акырындап, уурдта жана манчаларда кесик болуп, тамак жутуу кыйындоо менен мүнөздөлгөн оору).

ГАЙМОРИТ гайморит (өйдөкү эрк менен көздүн ортосундагы кобулдун ичиндеги былжырлуу кабыкчанын жана анын алдынкы катмарынын сезгенип оорушу. Бул оору окумуштуу Гаймордун наамында аталып келе жатат).

ГАЙМОРОВАЯ ПАЗУХА Гайморов коңулу (өйдөкү эрк менен көздүн ортосундагы коңул. Окумуштуу Гаймордун наамында).

ГАЙМОРОГРАФИЯ гайморография (өйдөкү эрктин кобулуна рентген нуру өтпөгөн зат куюп, аны рентгендик сүрөткө тартуу).

ГАЙМОРОТОМИЯ гайморотомия (өйдөкү эрктин коңулун тешип, анын ичиндегилерди атайын жасалган кашык менен сүзүп чыгуу операциясы).

ГАЙСБЕКА БОЛЕЗНЬ Гайсбек оорусу (артериялык кан тамырдын басымы жогору болуу менен кандын клеткалары ар түрдүү көлөмдүүлүгү коштолгон, себеби белгисиз оору).

ГАЙСБЕКА СИНДРОМ Гайсбек синдрому к. ГАЙСБЕКА БОЛЕЗНЬ

ГАЙЯРА ПРИЗНАК Гайяр белгиси (оң жактагы өпкөнүн сыртқы кабыгы чапташып сезгенип ооруда, жүрөктүн ошол жакка жылып, оң тараптан орун алышы).

ГАЛАКТОГОГИЯ галактогогдор (эмчек эмизген аялдын эмчегинен сүт чыгышына жардамдашуучу дарылар).

ГАЛАКТОЗЕМИЯ галактоземия (галактоза ферменти жоголгон учурда углевод алмашуу процесси бузулуп ооруган, тукум куучу оору. Мында акыл өспөй, бир калыпта калышы менен мүнөздөлөт).

ГАЛАКТОЗУРИЯ галактозурия (кант оорусунда байкалуучу, сийдиктеги кант затынын кээ бир бөлүктөрүнүн пайда болуусу).

ГАЛАКТОРЕЯ галакторея (эмчектен сүт агуу).

ГАЛАКТОСТАЗ галактостаз (бала эмизген аялдын эмчегине сүт көп келүүдөн же сүттү сыртка чыгаруу процесси бузулгандыктан эмчекти сүт тээп кетүү).

ГАЛАКТОТЕРАПИЯ галактотерапия (кээ бир ооруну сүт менен дарылоо).

ГАЛАКТУРИЯ галактурия (сийдиктин сүткө окшош болуп чыгышы).

ГАЛАКТОФОРИТ галактофорит (эмчектин сүт чыгуучу өткөөлү сезгенип ооруда байкалуучу, эмчектик сезгенүүлөрүнүн бир түрү).

ГАЛАКТОФОРОГРАФИЯ галактофорография (эмчек өткөөлүнө рентген нуру өтпөгөн суюктук толтуруп туруп аны рентгендик сүрөткө тартып изилдөө).

ГАЛАКТОЦЕЛЕ галактоцеле (сүт жолдорунун тешиги бүтүп калуудан ал жолдордо пайда болгон барсылдак, ичи кендей кобул, ыйлаакча).

ГАЛАКТУРИЯ галактурия к. ХИЛУРИЯ

ГАЛАНТА КИСТОВОЙ СИМПТОМ Галант манча симптому (колдун баш бармагынын алакан жактары булчуңунун ургулап көргөндө, бармак бүгүлүп же бир жакка кайрылышы. Бул жүлүндүн дартка чалдыккандыгынын далили).

ГАЛЕНОВЫЕ ПРЕПАРАТЫ гален дарылары (дары өсүмдүктөрдү, башка нерселерди чылап, кайнатып, андан бөлүнүп алынган дарылар).

ГАЛЕРЕЯ ПИТЬЕВАЯ ичирүүчү галерея (минералдык булактардын үчүна салынган, минералдык суу менен дарылаган учурда оорулууларга иче турган сууну өлчөп тарата турган жай).

ГАЛИСТЕРЕЗ галистерез (сөөктө кальций туздары жоктугунан анын жумшашы. Бул өтө оор итий оорусунда жана ачарчылыкта байкалат).

ГАЛЛА БОЛЕЗНЬ Галл оорусу к. ГИПОТИРЕОЗ

ГАЛЛЕ ОПЕРАЦИЯ Галле операциясы (гайморит оорусунда төмөнкү мурун жолун жогору ээк кобулуна кошкон операция).

ГАЛЛИ МАЙНИНИ РЕАКЦИЯ Галли Майнини реакциясы (аялдын боюнда бар экендигин аныктоочу реакция. Күнөм саналган аялдын сийдигин эркек баканын жонуна ийне сайып куйганда, баканын жыныс баштыкчасына сперматозоид чогулса, сийдиктин ээси боюнда бар деп эсептелет).

ГАЛЛЮЦИНАЦИЯ галлюцинация (айлана=чейрөдөгү кубулуштарды сезүү органдары аркылуу өзүндөй эмес буруп кабыл алуу; көрүнбөгөндөр көрүнүп, угулбагандар угулуу. Бул көбүнчө жин оорусуна чалдыккан адамдарда байкалат).

ГАЛОХИН галохин (безгек оорусунун өсүшүнүн бардык стадиясында жана анын калтырагын басуу үчүн колдонулуучу дары).

ГАЛЬБАНА-ТАНДЛЕРА ТЕОРИЯ Гальбан-Тандлер теориясы (жатындын ылдый түшүшүнүн себеби жамбаш чарасынын түбүндөгү булчуңдары начарлыктан кабыроодон кана ичтин басымына жараша болот деп түшүндүргөн ой).

ГАЛЬВАНИЗАЦИЯ гальванизация (төмөнкү чыналуудагы электрдин туруктуу тогун оорулуу дарылоого колдонуу).

ГАЛЬВАНОГРЯЗЕЛЕЧЕНИЕ гальвано баткак дарылоо (гальваноток менен батканы чабыттырып таасир берүү жолу менен дартты дарылоо методу).

ГАЛЬВАНОДИАТЕРМИЯ гальвонодиатермия (гальванизация жана диатермия тогу менен электрдик дарылоо методу).

ГАЛЬВАНОКАУСТИКА гальванокаустика (дарылоо катарында гальванокаутер менен тканды күйгүзүү. Операциянын убагында кан тамырлардын кан аккан учурда да колдонулат).

ГАЛЬВАНОТЕРМИЯ гальванотермия к. ГАЛЬВАНОКАУСТИКА

ГАМАЗОРИККЕТСИОЗ гамазориккетсиоз (гамаз кенелери жугуздуруучу жалпы риккетсия ооруларынын аты).

ГАМАКСОФОБИЯ гамаксофобия к. АМАКСОФОБИЯ

ГАМАРТИЯ гамартия (ткандардын түзүлүш катышы туура болбой, кээде өсүп жетилген адамдарда өсө турган түйүлдүк ткандар учурап, туура эмес өсүш).

ГАМАРТОМА гамартома (өсүү башталганда эле тескери өсүп чыккан, шишикке окшош берчтер. Өз жайына жайгашпай, теги башка ткандардан өсүп чыгуучу зыянсыз шишик).

ГАМАРТОФОБИЯ гамартофобия (күнөө кылам деп өтө эле корко берүү, жосунсуз жорук жасабайын деп чочулоо).

ГАМБРИНИЗМ гамбринизм (дайыма, көпкө чейин пивону ичүүдөн пайда болгон алкоголизм).

ГАМБУЗИЯ гамбузия (безгек оорусун таратуучу чиркейлердин жумурткасы менен тамактануучу балыктын түрү).

ГАМБУРГЕРА ТУБЕРКУЛОИД гамбургер туберкулоиди (терининн үстү дөмпөйүп ортосу оюлган түрдөгү туберкулез оорусу).

ГАМЕТА гамета (өсүп жетилген жыныстык эки клетка кошулуудан кийин жаңы күмөн өсүп чыгуу. Аялдыкы тукум клеткасы, эркектики сперматозоид деп аталат).

ГАМЕТИЧЕСКИЙ ПОРОК жыныстык клетканын кемтиги (тышкы таасирден клетканын түзүлүшү же функциялык касиети бузулуп калып, терс өсүшү).

ГАМЕТОГЕНЕЗ гамето өсүш (жыныстык клетка-гаметанын пайда болушу жана өсүшү).

ГАМЕТОНОСИТЕЛЬСТВО гаметалуу (безгектин тропикалык формасы менен ооруган адамдарда, кийин оорунун белгиси болбосо дале, канында гамециттердин учурап калышы).

ГАМЕТОЦИТ гаметоцит (өсүп жетиле элек жыныстык клетка. Ал өсүп отуруп гаметага жетет).

ГАММА АППАРАТ гамма аппараты (гамма нур чачыратуу менен

дарылоого ылайыкталып жасалган аппарат. Рак ооруларынын айыктырууда кеңири колдонулат).

ГАММА-КАРДИОГРАММА гамма-кардиограмма (гамма-кардиография убагында жүрөктү сүрөткө тартуу).

ГАММА-КАРДИОГРАФИЯ гамма-кардиография (жүрөктүн булчуңуна эн салынган изотоп жиберип, анын аткарган кызматын жазып алуу).

ГАММЕСФАРА ГАСТРОПЕКСИЯ Гаммесфар гастропексия (өзгөчө жылуучу ашказанды ичтин түз булчуңунун арткы жылтырак кабыгынан бүктөмө жасап, ага бекемдеп тигип коюучу операция).

ГАМОНТОЦИДНЫЕ СРЕДСТВА гамонтоцид дарылары (безгек митесине өлтүрүүчү таасир тийгизүүчү даарылар).

ГАМОНТОЦИДЫ гамонтоциддер к. ГАМОНТОЦИДНЫЕ СРЕДСТВА

ГАМПЕРЛЯ МЕТОД Гамперл методу (ашказандын былжырлуу кабыгындагы негизги клеткаларынын ичиндеги бүдүрчөлөрдү өзгөчө боектор аркылуу табуу жолу).

ГАМПСОДАКТИЛИЯ гампсодактилия (бармактарды ача албастык).

ГАНА КОСТНАЯ ПЛАСТИКА Гана сөөк пластикасы (чоң жото жиликтин кемирилген жерине, кичине жото жиликтен эп кыйып кесип, ошол тушун толтуруп, эки сөөктү кошоктоп бышырып коюучу операция).

ГАНГЛИОМА ганглиома (нерв клеткаларынын, өзгөчө ганглийден өсө турган шишик).

ГАНГЛИОН ганглион (нерв клеткаларынын чогулган жери. Бул борбордук нерв системасынан алыста, нерв жипчелери таралган жерде учурайт).

ГАНГЛИОНЕВРОМА ганглионеврома (симпатикалык нерв ганглийинен өсүп чыккан шишик).

ГАНГЛИОНЕЙРОБЛАСТОМА ганглионейробластома (ганглионевромanын коркунучтуу рак түрү).

ГАНГЛИОНИТ ганглионит (нервдик ганглийдин сезгенч оорусу).

ГАНГЛИОРАДИКУЛИТ ганглиорадикулит (жүлүндүн арткы бутактарынын ганглийинин сезгенип оорушу).

ГАНГЛИТ ганглит (нерв түйүнүнүн сезгениши).

ГАНГРЕНА гангрена (териден ары сөөккө чейинки ткандар же жалпы эле ткандар жараланып, иринденүүчү микробдордун пайда болушу менен бирге ал жердин чириши жана өзү эле органдан ажырап калышы).

ГАРЛОКА ОПЕРАЦИЯ Гарлок операциясы (ашказандын кызыл өңгөч жагындагы рак оорусунда ичти жана көкүрөктүн көңдөйүн боор этти, кесип, ракка жетүү. Көкүрөктөн ашказанды кескенден кийин кызыл өңгөчкө жалгоо).

ГАРМСЕНА ТОРОКОПЛАСТИКА Гармсен торокопластикасы (кабырганы экинчи кабыргадан баштап, сегизинчиге чейин кесип алып таштап, өпкөнүн үчүн булчуңга матап тигип коюучу операция).

ГАРРЕ ОСТЕОМИЕЛИТ Гарре кулгунасы (адеп жумуру сөөктөрдүн учунан баштап, сөөк көңдөйүнүн ириң оорусу. Ооруга мүнөздүүлүгү ошол жерде сөөктүн склероз болушу).

ГАРРИСА-БЕНЕДИКТА ТАБЛИЦЫ Гаррис-Бенедикт таблицасы (изилделген адамдын жашына, боюна, салмагына ылайыктап организмдеги негизги зат алмашуунун көлөмүн табуучу таблица).

ГАРРИСОНА ПРОБА Гаррисон баамдоосу (заарадагы билирубинди аныктоо методу. Ал үчүн татаал химиялык реакция жүргүзүлөт).

ГАРРИСОНА-ФУШЕ ПРОБА Гаррисон-Фуше баамдоо к. ГАРРИСОНА ПРОБА

ГАРРИСОНОВА БОРОЗДА Гаррисон жылгасы (баланын итий оорусунда анын көөдөн пардасы, кабыргага бекиген тушунда, көкүрөк ичине туура тартылгандай болуп ийилген жери, жолу).

ГАРСЕНА СИНДРОМ Гарсен синдрому (баш сөөктүн негизинде шишик пайда болгондо, баштын басымы өйдөлөбөй мээнин нервдеринин бир жак өрөөнү дартка чалдыгышы).

ГАРСИИ СОДЖЕРСА СИМПТОМ Гарси Соджерс симптому (өпкөнүн эхинококк ыйдаагы жарылып, ооздон чыккандан кийин рентген менен карап көргөндө, ыйлаак орношкон жердеги суюктуктун үстүнүн түз эмес ийри-муйру көрүнүшү).

ГАРТМАНЕЛЛИДЫ Гартманеллиддер (топуракта жашоочу амеба. Анын түрлөрү мурундан, бронхдордон жана көздүн сыртынан табылышы. Адамды дартка чалдыктырабы же жокпу белгисиз).

ГАСКА-РОССА СИМПАТЭКТОМИЯ Гаск-Росс симпатэктомия (моюндагы көкүрөк менен моюндун чачыранды нервинин топтолгон ганглийин өбөлү алдынкы тепкич булчуңга катышын кыркып туруп, алып салуу операциясы).

ГАССА БОЛЕЗНЬ Гасс оорусу к. ГАССА СИНДРОМ

ГАССА СИНДРОМ Гасс синдрому (күң жиликтин башы өзүнөн-

өзү эле желип, ийин кыймылдабай, ооруп жүрүп кийинчереек муундан чыгып да кетиши).

ГАССЕЛЬВАНДЕРА СПОСОБ Гассельвандер ыгы (организмге кирип калган бөтөн нерселерди ылайыктап рентгенге тартуу жолу менен анын орун алган жерин аныктоо).

ГАССЕРА БОЛЕЗНЬ Гассер оорусу (тромбоциттер азайып, кан денечелери жарылып аз кандуулукка учурап, бөйрөк курч мүнөздөгү алсыздануу менен чектелген бөйрөк оорусу).

ГАССЕРА СИНДРОМ Гассер синдрому к. ГАССЕРА БОЛЕЗНЬ

ГАССЕРА-КАРРЕРА БОЛЕЗНЬ Гассер Каррер оорусу к. ГАССЕРА БОЛЕЗНЬ

ГАСТЕР гастер (карын, ашказан).

ГАСТРАЛГИЯ гастралгия (ашказандын катуу сыздап оорушу. Бул ашказандын нерви дартка чалдыкканда байкалат).

ГАСТРАСТЕНИЯ гастрастения (карындын иштешинин жалпы начарданышы).

ГАСТРАТАКСИЯ гастратаксия (карындын иретсиз ар түрдүү чаржайыт жыйрылышы).

ГАСТРИКСИН гастриксин (белокко таасир бере турган ашказан маңызы).

ГАСТРИН гастрин (ашказандын аякы бөлүгүндөгү былжырлуу катмар чыгарган суюктук. Ашказандан маңыз жана үйку бездерден суюктук болуп чыгарууга көмөктөшөт).

ГАСТРИТ гастрит (ашказандын былжырлуу катмарынын сезгениши. Сезгенч ар түрдүү себептерден келип чыгат).

ГАСТРОБИОПСИЯ гастробиопсия (атайын жасалган аспап (зонд) же гастроскоп прибору менен ашказандын былжырлуу катмарынан чымчып алып изилдөө операциясы).

ГАСТРОГАСТРИН гастрогастрин к. ГАСТРИН

ГАСТРОГАСТРОСТОМИЯ гастрогастростомия (бүрүшүп калган ашказандын бүгүштөрүнүн бир жеринен тешик жасап, бири-бири менен кошуп кокуучу операция).

ГАСТРОГРАФ гастрограф (ашказандын ар түрдүү функциясын жасып ала турган прибор).

ГАСТРОГРАФИЯ гастрография (ашказанды кыймылдатуучу, сүюктук бөлүп чыгаруучу, ичиндегилерди ары жылдыруу функциясын жазып алуу).

ГАСТРОДУОДЕНИТ гастродуоденит (ашказандын былжырлуу катмары өнөкөт сезгенч оорусуна жеке эле өзү эмес, анын уландысы он эки эли ичегинин да былжырлуу катмары кошо сезгенип оорушу).

ГАСТРОДУОДЕНО ПЛАСТИКА гастродуодено пластика (ашказандын аякы бөлүгү жана он эки эли ичеги ооруларында аларды кесип алып таштап, анын оордуна ичке ичегинин бөлүгү менэн толуктоо).

ГАСТРОДУОДЕНОСКОП гастродуоденоскоп (ашказандын жана он эки эли ичегинин былжырлуу катмарын кароо үчүн ылайыкталган медициналык прибор).

ГАСТРОДУОДЕНОСКОПИЯ гастродуоденоскопия (ашказандын жана он эки эли ичегинин былжырлуу катмарын түздөн=түз карап көрүү).

ГАСТРОДУОДЕНОСТОМИЯ гастродуоденостомия (карын менен он эки эли ичегинин тешигин операциялык жол менен кошуу. Көбүнчө ичке ичегини жарат оорусунда, кээ бир себептерден ичеги тарыганда жасалат).

ГАСТРОЕЮНОДУОДЕНОПЛАСТИКА гастроеюнодуоденопластика (ашказанды жана он эки эли ичегини кесип алып таштоодон кийин алардын ордун ичке ичеги менен алмаштырып, от жана үйку без өткөөлүн кошо көчүрүү).

ГАСТРОИНТЕСТИНАЛЬНО гастроинтестиналдуу (бардык ичеги карынга тиешелүү сөздөр, өзгөрүүлөр).

ГАСТРОЕЮНОПЛАСТИКА гастроеюнопластика (ашказанды алып таштаган операциядан кийин анын ордун ичке ичеги менен алмаштыруу).

ГАСТРОЛОГИЯ гастрология (ашказандын оорусун дарылап, оорусунун атын таап, дарылоо методдорун ылгап чыга турган гастроэнтрология илиминин бөлүгү).

ГАСТРОМАЛЯЦИЯ гастромаляция (ашказан сезгенгенде, ага кан аз барган учурларда анын капталы жумшап, эзилгенге чейин баруусу).

ГАСТРОМИКСОРЕЯ гастромиксорея (ашказандан көп сандагы былжырлуу суюктуктун бөлүнүп чыгышы, агышы).

ГАСТРОМУКОПРОТЕИД гастромукопротеид (ашказандын аякы бөлүгүндө орношкон бездердин кошумча клеткасы болуп чыгарган биологиялык жактан активдүү зат. Ал аз кандуулук пайда болуш үчүн түздөн-түз таасир берет).

ГАСТРОН гастрон (ашказандынтөн аякы бөлүгүндөгү былжырлуу кабыкча бөлүп чыгарган, биологиялык жактан активдүү зат. Тааси-

ри боюнча гастринге карама-каршы).

ГАСТРОПАТИЯ гастропатия (ашказандын жалпы оорусу).

ГАСТРОПЕЛЬ гастропель (түйүлдүк өсүүдө, келечектеги боло турган карындын көндөйү).

ГАСТРОПЕКСИЯ гастропексия (ашказан ылдый түшүп кеткен учурда аны ич көндөйүнүн алдынкы бетине капшыра тигип коюучу операциялык метод).

ГАСТРОПЛАСТИКА гастропластика (ашказанды кесип алып таштаган бөлүгүн, ичегинин бөлүгү менен толуктоо операциясы).

ГАСТРОПЛЕГИЯ гастроплегия (ашказанга операция болгондон кийин кээде байкалуучу нерв жана булчуң аппараттарынын шаланкы болушу. Ал ашказан чоюлуп кеңейип, кетүүгө көмөктөш).

ГАСТРОПЛИКАЦИЯ гастропликация (ашказан кеңейип кеткен учурда анын көлөмүн кичирейтүү максатында капталын бүгө тигип коюучу операциялык метод).

ГАСТРОПТОЗ гастроптоз (карындын төмөн түшүшү. Анын тегерегиндеги байламталардын бошондоп кетишинде байкалат).

ГАСТРОРАФИОТОМ гастрорафиотом (ашказан менен ичегини улаштырууда алардын ичин ачпай туруп, аларды жалгап, тигүүчү хирургиялык курал).

ГАСТРОРЕКСИС гастрорексис (карындын жарылышы).

ГАСТРОРРАГИЯ гастроррагия (карындан кан агуу, кан кусуу. Кан агуунун себеби ар түрдүү болот).

ГАСТРОРРАФИЯ гастроррафия (карынга тигиш салуу, карынды тигүү).

ГАСТРОСКОП гастроскоп (ашказанды изилдөө үчүн ичин карап көрүп, эт чымчып алууга ылайыкталган медициналык аппарат).

ГАСТРОСКОПИЯ гастроскопия (атайын жасалган аппарат менен ашказандын дартын көрүп жана былжырлуу катмарын изилдөө).

ГАСТРОСПАЗМ гастроспазм (ашказандын булчуңу көпкө тырышып, анын ыйрылуу функциясынын бузулушу).

ГАСТРОСТЕНОЗ гастростеноз (карындын аякы, чыгыш бөлүгүнүн тарып калышы).

ГАСТРОСТОМИЯ гастростомия (кызыл өңгөчтөн тамак өтпөй калган учурларда, оорулуу ачкадан өлбөс үчүн тамактандыруугa ылайыктап, операциялык жол менен карынга атайын тешик жасоо).

ГАСТРОСУККОРЕЯ гастросуккорея (карындын маңызынын өтө көп бөлүнүп чыгышы).

ГАСТРОТОМИЯ гастротомия (карындын ичинде эмне дарт бар экендигин билиш үчүн же анда эрибеген же ары кетпеген катуу нерселерди алып ташташ үчүн карынды кесип көрүү).

ГАСТРОЦЕЛЕ гастроцеле (ашказандын капталындагы булчуң шалбыраңкы болгон жеринен ал сыртка урчуюп, чоюлуп кетиши).

ГАСТРОЭЗОФАГОСТОМИЯ гастроэзофагостомия (карындын кызыл өңгөч кирген жери куушурулганда же кызыл өңгөч куушурулганда ал жерлерди кесип таштап калган таза жерлерин улаштырып коюучу операция).

ГАСТРОЭНТЕРИТ гастроэнтерит (карын менен ичке ичегинин былжырлуу кабыкчасынын сезгениши).

ГАСТРОЭНТЕРОКОЛИТ гастроэнтероколит (карын менен бирге жоон жана ичке ичегилердин былжырлуу катмарынын сезгенип оорушу. Алардын бирөө катуу, бирөө анчейин эмес сезгениши).

ГАСТРОЭНТЕРОЛОГ гастроэнтеролог (ичеги=карын ооруларын изилдеп, дарылап жана алар үчүн бөлүнгөн медициналык жайда иштеген адис, врач).

ГАСТРОЭНТЕРОЛОГИЯ гастроэнтерология (ичеги-карындын аткарган кызматын жана оорусун изилдөөчү медициналык илимдин тармагы).

ГАСТРОЭНТЕРОРРАГИЯ гастроэнтероррагия (ичеги карындан кан агуу).

ГАСТРОЭНТЕРОСТОМИЯ гастроэнтеростомия (ашказан менен ичке ичегини туташтыруучу операция. Жумурдун башы тарыганда жасалат).

ГАСТРУЛА гаструла (түйүлдүктүн өсүшүнүн үчүнчү бурулушу, стадиясы).

ГАСТРОЭКТАЗИЯ гастроэктазия (ашказандын кеңейип кетиши. Ал тамак чыгаруучу, аякы жагы куушурулуп кеткенде байкалат).

ГАСТРОЭКТОМИЯ гастроэктомия (ашказанды бүтүн бойдон алып таштоо. Көбүнчө рак оорусунда алынат).

ГАТОФИЛИЯ гатофилия к. АЙЛУРОФИЛИЯ

ГАУДЕКА СИМПТОМ Гаудек симптому (он эки эли ичегини рентгендик изилдөөдөн анын жайык бөлүгүнөн рентген нуру өтпөгөн зат бат же кеч жылып кетиши. Ушундай учурда анда жарат бар экендигин далилдейт).

ГАУФФЕ ВАННЫ Гауффе ваннасы (одеял менен оролгон колду же бутту ваннадагы суугa салып он беш минутанын ичинде 37 менен 42 градуска чейин ысытып дарылоо жолу).

ГАШИШ гашиш (кендир гүлдөп турган мезгилде, анын жогорку бөлүгүнөн алынуучу зат аналга. ал анаша, ганжа, банг, харас, хурус, марихуан деп аталат).

ГВАТМЕЯ МЕТОД Гватмей метод (майга эфир алкоголь-хинин аралаштырып кетон-чучукка куюп, ичке морфин, магнезий куюп терет убагында ооруган сезимди жоюу).

ГВОЯКОВАЯ ПРОБА Гвояков баамдоосу (ашказандын маңызында кусундуда, бок-сийдикте кан бар экендигин аныктоо методу).

ГВИСТА СИМПТОМ Гвист симптому (көздүн тор катмарындагы сары тактын тегерегиндеги майда кан тамырлар кеңейип жана ал толкун формасындай болуп көрүнүшү. Бул гипертония оорусунда байкалат).

ГВИСТА-ЛИНДНЕРА ОПЕРАЦИЯ Гвист-Линднер операциясы (көздүн тор катмары сыйрылганда көздү тешип, урчуйган кан тамырларды күйгүзүүчү операция).

ГЕБЕРДЕНА БОЛЕЗНЬ Геберден оорусу (мурунку убакта стенокардияны ушундай аташуучу), к. СТЕНОКАРДИЯ

ГЕБЕФРЕНИЯ гебефрения (жыныстык жетилүү мезгилинде байкалуучу жин, шизофрения оорусунун түрү).

ГЕБРЫ ПРУРИГО Гебра пруриго (жаш балдардын этиндеги байкалуучу көптеген сандагы кычышкан бүдүрчөлөр. Алардын ичи ыйлаак суугa толуп, көпчүлүгү колу-бутка жайылган теринин оорусу).

ГЕДА ЗОНА Гед чейреси (ички органдардын оорусунда ошол тустагы теринин кызарышы, кармап көргөндө ысыктыгы. Ички органдардын оорусун аныктоодо болжол болуп саналат).

ГЕДОНОФОБИЯ геденофобия (моокумуш канат деп коркуу).

ГЕЙБНЕРОВСКИЙ ЭНДАРТЕРИИТ Гейбнер эндартериити (нерв кочтон жарасында байкалуучу мээнин кан тамырларынын сезгенч оорусу).

ГЕЙДЕНГАЙНА СПОСОБ Гейденгайн ыгы (баш териден кан көп акпасын деп операция жасала турган жердин тегерегиндеги терини тегерете тепчий тигип туруп, анан терини кесүү).

ГЕЙЛЕ ОПЕРАЦИЯ Гейле операциясы (жүлүндүн ичиндеги кобулун кесип алып таштап, бейректүн күлтүгүнүн бөлүгү менен тушташтырып, жүлүндүн суюктугун табарсыкка чыгаруу. Операция мээге суу толгон учурда жасалат).

ГЕЙЛЬБРОННЕРА СИМПТОМ Гейльброннер симптому (чалкасынан жаткан адамда балтырынын булчундары жайык болсо, ошол булчундардын шал болгондугун айгинелейт).

ГЕЙНЕКЕ-МИКУЛИЧА ПИЛЕРОПЛАСТИКА Гейнеке-Микулич пилеропластикасы (карындын аягы ичке бөлүгү куушурулуп калган учурда, карындын ошол тушун ичине жеткирбей сыртынан шара тилип кайра бүйрө тигип коюучу операция).

ГЕЙНСИУСА ОПЕРАЦИЯ Гейнсиус операциясы (төрөлүүчү баланы жатындан кесип чыгаруу үчүн аны табарсыктан ажыраткандан кийин, жатындын алдыңкы бүктөөсүнөн өйдөрөөк кесүү менен бүтүүчү Кесерова операциясы).

ГЕЙНЦА ОКРАСКА Гейнц боеш (жетилген эритроциттердин метгемоглобиндердин даана көрүш үчүн метилфиолер туздун 0,6 процентүү суулуу эритмесин колдонуп, канды боё).

ГЕЙРОВСКОГО ОПЕРАЦИЯСЫ Гейровский операциясы (ашказандын карышкан оорусунда, тамак өткөрүш үчүн кызыл өңгөч менен карындын каптalын жанаштыра тигүү жолу менен туташтыруу).

ГЕЙРОВСКОГО ЭЗОФАГОГАСТРОСТОМИЯ Гейровский эзофагогастростомия к. ГЕЙРОВСКОГО ОПЕРАЦИЯ

ГЕКСАДАКТИЛИЯ гексадактилия (колдогу же буттагы ашык бармак, алтынчы бармак).

ГЕКСОКИНАЗА гексокиназа (трансфераз классындагы фермент, организмдеги углевод алмашууга катышат).

ГЕКТИЧЕСКИЙ гектикалык (кээ бир ооруларда оорулуунун абалы жакшырбай, температурасы төмөндөбөй бир калыпта туруу учуру).

ГЕЛИКОТРЕМА геликотрема (кулактын ички бөлүгүндөгү үлүлчөсүнүн эки бөлүгүн кошкон тешик).

ГЕЛИН гелин (тиштин кебетесин түзүш үчүн тиш врачтары колдонуучу өзгөчө баткак).

ГЕЛИОГРАФ гелиограф (күндүн жарык берүү убакытын өлчөө үчүн колдонулуучу прибор).

ГЕЛИОЗ гелиоз (күндүн ысыгынын урушу. Бул дененин ачык бөлүгүнө күндүн нуру түздөн-түз тийгенде байкалат).

ГЕЛИОКСАНТОЗ гелиоксантоз (теринин күнгө күйгөндөгү көрүнүшү, түсү. Теринин түсүнө жараша анын күнгө күйүү күчү да эсептелет).

ГЕЛИОТЕРАПИЯ гелиотерапия (күндүн нурларын дары катары колдонуу).

ГЕЛИОФОБИЯ гелиофобия (күн нурунан коркуу).

ГЕЛЛЕРА ПРОБА Геллер баамдоосу (сийдиктеги белокту азот кислотасы менен кошуп аныктоо. Эки суюктуктун кошулган жеринде чөгүт ак түстөгү сызык пайда болот).

ГЕЛЬБЕРА СРЕДА Гельбер килкилдеги (негизинен жумуртка, тарткан сүт, эзиле бышырылган картошка, пептон, глицерин, туз малахит жашылы аралаштырылып туберкулездун микробактериясын өстүрө турган уйдун бай этинин тоңгон сорпосундай килкилдеги).

ГЕЛЬМАНА ПРОБА Гельман баамдоо (адамдын катуу нерсени чайноо жөндөмдүүлүгүн аныктоо. Ал үчүн 5 грамм миндалды сыналуучу адамга 50 секунддун ичинде чайнатат д. ы, ал көзөнөгү 2,4 миллиметрдүү элгектен өтсө норма экен деп баамдалат).

ГЕЛЬМГОЛЬЦАТЕРАПИЯ ЦВЕТООЩУЩЕНИЯ Гельмгольц түс билүү теориясы (кызыл, жашыл, фиолет түстөрү көздөгү өзгөчө элементтер аркылуу кабыл алынат, калган түстөр болсо, булардын өз ара аракетине жараша кабыл алат деген ой).

ГЕЛЬМИНТОЗ гельминтоз (мите курттардан пайда болгон оору).

ГЕЛЬМИНТОЛОГИЯ гельминтология (мите курттар жөнүндө жана аларды адамдарга жугузген оорулар жөнүндөгү илим).

ГЕЛЬМИНТОМА гельминтома (мителердин таасиринен алар турган ткандардын түшү шишикке окшош демпейүп өсүшү).

ГЕЛЬМИНТООВОМЕТРИЯ гельминтоовометрия (мителердин жумурткасын микроскоп менен карап, ал кайсы түргө таандык экенин анын көлөмүнө жараша белүү).

ГЕЛЬМИНТООВОСКОПИЯ гельминтоовскопия (мите курттардын жумурткасын табыш үчүн органдарды, ткандарды, заңды, сийдикти, кайрыкты жана башка организмден бөлүнүп чыккандарды микроскоп менен карап изилдөө).

ГЕЛЬМИНТЫ гельминттер (адамды жана жаныбарларды дартка чалдыктыруучу мите курттар).

ГЕМАГГЛЮТИНАЦИЯ гемагглютинация (суюктуктун ичиндеги эритроциттердин бири бирине чаптанып, жабышып калуусу).

ГЕМАДСОРБЦИЯ гемадсорбция (кээ бир вируска чалдыккан клеткалардын кабыгынын сыртына эритроциттерди чапташтырып алышы).

ГЕМАНГИОБЛАСТ гемангиобласт (түйүлдүктүн мезанхимадагы болочок кан клеткасы жана кан тамыр өсүп чыга турган чордону).

ГЕМАНГИОМА гемагиома (көпчүлүгү жаңыдан жаралган кан тамырлардан өсүп чыккан зыянсыз шишик).

ГЕМАНГИОСАРКОМА гемангиосаркома (кан тамырлардын капталындагы элементтерден өсүп чыккан коркунучтуу шишик, саркома).

ГЕМАРТРОЗ гемартроз (муундарга кан толуп калуу. Бул сөөк муундан чыгып кеткенде, муундун тушу жарадар болгон учурларда байкалат).

ГЕМАТЕМЕЗИС гематемезис (өпкөнүн, карындын жарат оорусунда, кызыл өңгөчтүн кан тамыры жооноюп кеткенде байкалуучу кан кусуу).

ГЕМАТИДРОЗ гематидроз (кан аралаш тердөө, теринин сыртына кан чыгуу).

ГЕМАТОГЕН гематоген (уйдун канынан атайы жасап, сироп кошуу менен даярдалган дары. Бул аз кандуулукка колдонууга кеңеш берилет).

ГЕМАТОГЕННО гематогендүү (кандан чыккан, кандан пайда болгон канга байланыштуу маанидеги сөздөр).

ГЕМАТОДЕРМИН гематодермин (организмде жалпы кан чыгаруучу органдардын кызматы начарлаган учурда, териде кызарган бүдүрчөлөр пайда болуу).

ГЕМАТОИДИН гематоидин (гемаглобиндин бөлүгү, билирубинге окшош, тутумунда темир жок зат).

ГЕМАТОКОЛЬПОС гематокольпос (этеккирдин каны тышка чыкпай кынга толуп кетиши).

ГЕМАТОКРИТ гематокрит (кандагы ар түрдүү денечөлөр менен суюк бөлүгүнүн катнашы).

ГЕМАТОЛОГ гематолог (кандын оорусу жөнүндөгү маалыматтар менен таанып адис врач, терапевт).

ГЕМАТОЛОГИЯ гематология (кандын пайда болушун, аткарган функциясын жана анын оорусун талдай турган медицина илиминин бир бөлүгү).

ГЕМАТОМА гематома (тканга кан чогулуудан пайда болгон шишик. Дене бир нерсеге урунганда теринин кек ала болушу).

ГЕМАТОМЕТРА гематометра (айыз жаны жатындын кобулунун ичине топтолуп калышы).

ГЕМАТОМИЭЛИЯ гематомиэлия (жүлүнгө кан уюп калуу).

ГЕМАТОМФАЛУС гематомфалус (киндиктин тегерегине кан уюп калуу).

ГЕМАТОНЕФРОЗ гематонефроз (бөйрөккө суу толгондо, анын күлтүгүнө жана андан жогору, бөйрөк оюгунан кан толуп калуу).

ГЕМАТОПИОМЕТРА гематопиометра (жатындын рак оорусунда анын кобулунан сыртка эч нерсе чыкпай калган учурда, кобулдун ичине иринди, кандын толуп кетиши).

ГЕМАТОПОЕЗ гематопоез (кандагы клеткалардын иреттүү өсүп чыгуу жолу).

ГЕМАТОПОРФИРИНОВАЯ ПРОБА гематопорфириндик баамдоо (сийдикте гематопорфирин заты бар болсо, ал адамдын сульфанол, трионал менен уукандыгын аныктайт. Коргошун менен өнөкөт ууланган-дыгын баамдайт).

ГЕМАТОПОРФИРИЯ гематопорфирия (туулгандан кийин эле өнөкөт катары уро жана капропорфин затын көбүрөөк ...гаруу менен алардын сөөккө жана териге көбүрөөк жыйналышы).

ГЕМАТОРАХИС гематорахис (жүлүндүн тегерегине, омуртканын кобулуна кан агуу).

ГЕМАТОРЕЯ гематорея (кан өтө көп агуу. Бул өзгөчө өпкөнүн туберкулез оорусунда байкалат).

ГЕМАТОСАЛЬПИНКС гематосальпинкс (жатындан тышкары бойго бүткөндө, жатындын түтүкчөсүнө кандын чогулуусу).

ГЕМАТОСАРКОМА гематосаркома (лимфоиддик, ретикулярдык ткандардан өсүп чыккан зыяндуу шишик).

ГЕМАТОТИМПАНОН гематотимпанон (кулактын барабан кобулуна кан окшош кызгылт суюктуктун чогулуп калышы).

ГЕМАТОФОБИЯ гематофобия (канды көргөндө өтө коркуу).

ГЕМАТОЦЕЛЕ гематоцеле (денеенин бир жерине кандын жыйналып, топтолуп, калышы).

ГЕМАТОЦЕЛИЯ гематоцелия (ичке кандын толуп калышы).

ГЕМАТУРИЯ гематурия (сийдикте кандын же эритроциттердин пайда болушу).

ГЕМАТУРИЯ ЛОЖНАЯ жалган кан сийүү (сийдиктин ичинде кан-

ды боечу заттар көп болгондуктан кыпкызыл көрүнүшү).

ГЕМЕЛЛОЛОГИЯ гемеллология (эгиздерди генетикалык, морфологиялык, физиологиялык, психологиялык жана патологиялык (оорулук) жактан окуй турган биология менен медицина илиминин бөлүгү).

ГЕМЕЛЛУС гемеллус (кош, түгөйлош, эгиз).

ГЕМЕРАЛОПИЯ гемералопия (оорулуунун күүгүмдө көрө албастыгы).

ГЕМИАГЕВЗИЯ гемиагевзия (мээнин ядросу дартка чалдыкканда, ошол жактагы тилдин бир бөлүгүнүн даам билүү сезимин жоготушу).

ГЕМИАЛГИЯ гемиалгия (ооруганды бир жактан гана сезүү . Денеенин бир жагы, капталы ооруу).

ГЕМИАНЕСТЕЗИЯ гемианестезия (денеенин бир гана бөлүгүнүн сезгичтигин жоготуу).

ГЕМИАНОПСИЯ гемианопсия (эки көздүн оң же сол жак бөлүгүнүн көрө албастыгы. Көбүнчө көрүү нервинин кайчылашкан жери сезгенгенде байкалат).

ГЕМИАТАКСИЯ гемиатаксия (денеенин бир жак бөлүгүнүн кыймылдоо тартибинин бузулушу).

ГЕМИАТРОФИЯ гемиатрофия (денеенин бир жак бөлүгү же бир жак бөлүктүн бир гана жеринин кичирейип калышы).

ГЕМИБАЛЛИЗМ гемибаллизм (мээ дартка чалдыкканда бир жак өрөөндүн, өзгөчө крлдун эрксиз эле өздө-ылдый толгонуп кыймылдап турушу).

ГЕМИГЕПАТЭКТОМИЯ гемигепатэктомия (операциялык жол менен боордун жарымын кесип алып таштоо).

ГЕМИГИДРОЗ гемигидроз (бир жак өрөөндүн өзгөчө күчтүү тердеши).

ГЕМИГИПЕРТРОФИЯ гемигипертрофия (бир жак өрөөндүн же бир колу-буттун, беттин өтө чоңоюп кетиши).

ГЕМИГЛОССОПЛЕГИЯ гемиглоссоплегия (тилдин бир бөлүгүнүн булчундарынын шад болушу. Тилдин алдындагы нёрв дартка чалыккан-да байкалат).

ГЕМИКЛОНИЯ гемиклония (денедеги бир же бир топ булчундун бат жыйрылышы. Ушундай абал балдардын нерв оорусунда байкалат).

ГЕМИКОЛЭКТОМИЯ гемиколэктомия (операциялык жол менен жоон ичегинин оң же сол бөлүгүн кесип алып таштоо).

ГЕМИКОРПОРЭКТОМИЯ гемикорпоректомия (жамбаш туштун рак оорусунда бутту, жамбашты кошо кесип ала турган операция).

ГЕМИКРАНИЯ гемикрания (баштын бир жак бөлүгүнүн оорушу).

ГЕМИЛАРИНГЭКТОМИЯ гемиларингэктомия (хирургиялык жол менен кекиртектин бир жак бөлүгүн кесип алып таштоо).

ГЕМИМЕЛИЯ гемимелия (колдун же буттун же анын бир бөлүгүнүн жок болуп төрөлүшү).

ГЕМИНЕФРЭКТОМИЯ геминефрэктомия (эки бөйрөктүү адамдын бөйрөгүнүн бирөөнү алып таштай турган операция).

НЕЛИОПАТОЛОГИЯ гелиопатология (күндүн нуру жетишсиздик же алык болгондуктан келип чыккан организмдеги ооруксунгандык).

ГЕМИОПИЯ гемиопия (адамдын бир нерсенин жарымын гана көрүүсү. Көздүн көрүү жөндөмдүүлүгүнүн жартылай сакталышы).

ГЕМИПАРЕЗ гемипарез (дененин булчуңдарынын бир өрөөндөгүсү шаланкы болушу. Кыймылдабай калышы, көбүнчө мээге кан уюганда байкалат).

ГЕМИПАРЭСТЕЗИЯ гемипарэстезия (дененин бир жак өрөөнү ооругандыкты сезбөөсү менен териде кумурска жүргөндөй сезүүсү).

ГЕМИПЛЕГИЯ гемиплегия (мээге кан уюганда бир жак өрөөндүн булчуңдары шал болуп калышы).

ГЕМИСПАЗМ гемиспазм (бир жак өрөөндүн булчуңдарынын баары же бир бөлүгүнүн карышуусу).

ГЕМИСФЕРЭКТОМИЯ гемисферэктомия (мээге рак жайылып кеткенде же талма ооруларда мээнин бир жак бөлүгүн кесип алып таштоо).

ГЕМИТИРЕОИДЭКТОМИЯ гемитиреоидэктомия (калкан безинин бир бөлүгүн богок оорусунда кесип алып таштоочу операция).

ГЕМИЦЕФАЛИЯ гемицефалия (баш сөөк менен кошо мээнин кем өсүшү. Мындай өсүштө мээнин көлөмү баш сөөктүн көлөмүнө шайкеш келбей же анын тескерисинче даяы болгон учурлар кезигет).

ГЕМНАТРОФИЯ гемнатрофия (дененин же бир мүчөнүн бир жагынан соолушу, кичирейиши).

ГЕМОБИЛИЯ гемобилия (өт чыгаруучу жолдордон ичегинин ичине кандын агышы).

ГЕМОБЛАСТОЗ гемобластоз (кан чыгаруучу клеткалардан өсүп

чыккан шишиктердин жалпы аты).

ГЕМОГЛОБИН гемоглобин (эки сөздөн турат. Грекче "гемо" - кан, латынча "глобус" - тоголок. Гемоглобин кандагы түс бергич жана өпкөдөн кислородду тканга ташып баруучу кызмат аткарат).

ГЕМОГЛОБИНЕМИЯ гемоглобинемия (кандын суюктугундагы бош гемоглобиндин санынын жогорулашы).

ГЕМОГЛОБУЛИНОМЕТРИЯ гемоглобинометрия (кандагы гемоглобиндин санын өлчөөнүн жалпы методу).

ГЕМОГЛОБИНУРИЯ гемоглобинурия (канда кызыл кан денечелери (эритроциттер) жарылганда, сийдикте гемоглобиндин пайда болушу. Бул көбүнчө кан куйгандан кийин, оор ууланганда жана адам күйгөндөн кийин да байкалат).

ГЕМОГРАММА гемограмма (кандын клеткаларынын көрүнүшүн белгилүү бир схемада жазуу. Алардын аз, көптүгүнүн эсеп кысабы).

ГЕМОДЕРМИЯ гемодермия (кан пайда кылуучу клеткалардын чыналып өсүүсүндө байкалуучу теридеги жалпы жараланыуулар).

ГЕМОДИАЛИЗ гемодиализ (катуу ууланганда бөйрөк иштебей калган учурларда, кандын ичиндеги өтө топтолгон керексиз заттарды организмден тышка чыгаруу үчүн "жасалма бөйрөк" аппараты менен канды чыпкалоо жолу).

ГЕМОДИАЛИЗАТОР гемодиализатор к. ПОЧКА ИСКУССТВЕННАЯ.

ГЕМОДИНАМИКА гемодинамика (кан тамырлар аркылуу кан жүгүрүүнүн закону).

ГЕМОКОНЦЕНТРАЦИЯ гемоконцентрация (кандын ичиндеги суюк бөлүгү, калган бөлүгүнө салыштырганда азайып калган учуру).

ГЕМОКУЛЬТУРА гемокультура (кандан бөлүп, өстүрүлүп алган микробдор. Анын аз, көбү кан тамырдын капталынын тешигине жараша болот).

ГЕМОКУПРЕЙН гемокупрейн (кандагы эритроциттин ичинде жез кошумчасы бар белок заты. Физиологиялык функциясы чечиле элек).

ГЕМОЛИЗ гемолиз (кызыл кан денечелеринин сыртқы кабыкчасынын айрылышы, жарылышы).

ГЕМОЛИЗИНЫ гемолизиндер (кызыл кан денечелеринин кабыкчаларын жарып, андан гемоглобинди бөлүп чыгаруучу заттар).

ГЕМОЛИМФАНГИЭКТАЗИИ КОЖИ теринин гемолимфангиэктазиялары (кээ бир оорулардын себебинен теридеги кан тамырлар менен лимфа тамырлардын кеңейип кеткен учуру. Алар туберкулез, котон жара

жана теринин тилме оорусунан кийин пайда болот).

ГЕМОЛИТИЧЕСКИЕ ЯДЫ гемолитикалык уулар (организмге ки[illegible]энде кандагы эритроциттерди эритүүчү уулар).

ГЕМОМЕТР гемометр (кандагы гемоглобиндин санын түс салыштыруу жолу менен эсептеп чыгаруучу прибор).

ГЕМОПЕРИКАРД гемоперикард (жүрөктүн кабына кандын жыйналышы).

ГЕМОПЕРИТОНЕУМ гемоперитонеум (ич көңдөйүнө кандын толуп кетиши).

ГЕМОПНЕВМОТОРАКС гемопневмоторакс (көкүрөк көңдөйдүн кан аралаш жел толуу. Ал көбүнчө көкүрөк жарадар болгон учурларда байкалат).

ГЕМОПТИЗИС гемоптизис (өпкөдөн чыккан канды түкүрүү. Өпкөнүн туберкулез, рак ооруларында байкалат).

ГЕМОПТОЕ гемоптое (кан түкүрүү. Көбүнчө өпкө туберкулезго чалдыкканда байкалат).

ГЕМОРРАГИЧЕСКИЙ ДИАТЕЗ геморрагиялык диатез (кан тамырлардын ичинен кандын сыртка чыгууга ийкемдүүлүгү. Мындай абал көз бир оорулардын натыйжасынан келип чыгат).

ГЕМОРРОИДАЛЬНЫЙ УЗЕЛ геморройдук түйүн (көтөн-чучуктун вена кан тамырларынын чокмороктошкон жериндеги сыртына чыгып, көөп турган көк кашыл тамыры).

ГЕМОРРОЙ геморрой (көтөн-чучуктун төмөнкү бөлүгүндөгү вена тамырларынын кеңейип кетиши жана андан кан агуу, көк баш оорусу).

ГЕМОСИДЕРОЗ гемосидероз (боорго жана башка органдарга, ткандарга тутумунда гемоглобиндин темирдүү бөлүгү бар заттардын чогулушу).

ГЕМОСПЕРМИЯ гемоспермия (эркектин уруктук ыйлаакчалары сезгенгенде, анын сперма суюктугунун тутумунда кандын пайда болушу).

ГЕМОСТАЗ гемостаз (кан агууну токтотуу чаралары, Кан токтоуу ар түрдүү жолдор менен ишке ашырылат; мис.: тамырды байлоо, күйгүзүү ж.б.).

ГЕМОТЕРАПИЯ гемотерапия (кээ бир дартта оорулуунун кан менен же болбосо кандан жасалган дарылар менен дарылоо жолу).

ГЕМОТОКСИНЫ гемотоксиндер (айланып жүргөн кандын ичиндеги эритроциттерди эритип жиберүүчү микробдор, өсүмдүктөр жана башка жандыктар бөлүп чыгарган уу заттар).

ГЕМОТОРАКС гемоторакс (көкүрөктүн көңдөйүнө кан толуу. Бул көбүнчө көкүрөк жаралангында байкалат).

ГЕМОХОЛЕЦИСТИТ гемохолецистит (өт баштыкчасынын ичине кан агуу менен мүнөздөлгөн өттүн сезгенч оорусу).

ГЕМОХРОМАТОЗ гемохроматоз (териге боек жыйылуудан теринин кара кочкул түстө болушу. Ал карындын алдындагы бездин жана боордун ортосунда да байкалат).

ГЕМПЕЛЬ ПРОБА Гемпел баамдоосу (кандын ичиндеги денечелер жарылгандыгын аныктоо менен аныктоо ыгы).

ГЕНДЛИ ПОЛОВАЯ СТЕРИЛИЗАЦИЯ бойго бүтүрбөөнүн Гендли жолу (операциялык жол менен аялдын кынынан кош ооздуу кын жасап, бойго бүтүрбөө аракети. Бирөөнүн айгы түлк учтуу болуп, жыныстык катнаштын ошондо өтүшү).

ГЕНЕАЛОГИЯ генеалогия (бир адамдын ата-энесине окшош белгилерин аныктоо жолдорун тактоо).

ГЕНЕЗИС генезис (оорунун башталышы, күчөшү).

ГЕНЕЛЯ СИМПТОМ Генел симптому (көздү басып көргөндө, анын сезгенүүсүнүн басаңдоосу. Ал көбүнчө жүлүн, котон жара оорусуна чалдыкканда байкалат).

ГЕНЕРАЛИЗАЦИЯ генерализация (дарттын бир жерден денеңин бардыгына кайылган учуру).

ГЕНЕТИКА генетика (организмдин тукум куучулук жана жашоо өзгөчөлүгүнүн закондорун изилдөй турган илим).

ГЕНИТАЛЬНЫЕ ТЕЛЬЦА гениталдык бүдүрчө (жыныс органдардын кошуучу ткандарындагы кабыктуу тегерек, миэлин нерв жипчелериинин сезгич жери).

ГЕНИТОУРЕТРОГРАФИЯ генитоуретрография (урук жылуучу жана чачуучу өткөөлдөрүн урук дөмпөгүн, табарсыкты жана сийдик чыгуучу каналы менен кошо рентгендик сүрөткө тартып алуу жолу).

ГЕНИТОЦИСТОГРАФИЯ генитоцистография (урук жылуучу жана чыгаруучу өткөөлдөрдү, урук дөмпөгүн, табарсыкты бир мезгилде рентгендик сүрөткө тартып алуу жолу).

ГЕНКЕЛЯ-ТИКАНАДЗЕ МЕТОД Генкел-Тиканадзе методу (төөттөн кийин катын балыроо учурундагы кан агууну токтотуу үчүн кындын эки капталынан эки кычкач өткөрүп, жатындын артерия кан тамырларын убактылуу кыпчыта туруу).

ГЕНЛЕ ЖЕЛЕЗЫ Генле бези (көз капкын чемирчеги бүткөн чеңдеги көздүн сыртқы кабыгы деп эсептелген катмар тушундагы аймакта орношкон эпителий клеткасы. Ал көздүн нымдуулугун тейлейт).

ГЕНОДЕРМАТОЗ генодерматоз (тукум куулп ооруучу тери оорулары-ның жалпы аты).

ГЕНОТИП генотип (бир адамдын өзүндөгү укумдан-тукумга бери-лүүчү шарттарынын бардык жыйнагы).

ДЕФОРМИРОВАННЫЙ турпаты бузулган (жаман көрүнүүчү денеанын белүгү айрыкча оорунун кесепетинен мүчөнүн өз кебетесинен кетүүсү).

ДЕФЛЮБУМ дефлюбум (дененин бир жеринде болгон чачтын, туктун убактылуу түшүп калышы).

ДЕЦИДУИТ децидуит (жатындын ички катмары сезгенгенде анын ичиндеги шыпырылуучу катмарынын кошо сезгениши).

ДЕЦЕРЕБРАЦИЯ мээ кесүү (жаныбарларга тажрийба жүргүзүүдө мээнин белүгүн кесип таштоо операциясы).

ДЕШАНА ЛИГАТУРНАЯ ИГЛА байлоочу Дешан ийнеси (кан тамырды байлоо үчүн анын алдынан жип өткөрө турган көзөнөктүү ийнек, мокок шибеге).

ДЖАКОМИНИ СИНДРОМ Джакомини синдрому (калтырап-титиреп тырышуу менен катар, мээси кичине болуп психикалык жактан өспөй калган учур).

ДЖАНАЛИДЗЕ АРТРОДЕЗ Джаналидзе артродези (кызыл ашык муунун бекитүү үчүн бакай сөөктү талкалап туруп, анын ордундагы кобулду толтыруучу операция).

ДЖАНАЛИДЗЕ СПОСОБ Джаналидзе ыгы (кол ийинден чыгып кеткен учурда, аны өз ордуна келтирүү үчүн оорулууну капталына жаткырып, чыккан колду саландатуу жолу менен жиликтин башын өз ордуна келтирүү).

ДЖЕЙНУЕЯ СИМПТОМ Джейнуей симптому (жүректүн кабынын ичи ирин-дүү сезгенүүсү узакка созулганда кээде алаканда жана таманда байкалуучу кызыл темгилдер).

ДЖЕКСОНА ЛАРИНГЭКТОМИЯ Джексончо коко алуусу (коко ракка учураганда анын тегерегиндеги эттерин үстүнөн ылдый бошотуп отуруп эң аягында коконун өзүн кесип алуучу операция. Анын максаты кокого кан толуп кетпөө үчүн жасалат).

ДЖОВАНЕТТИ ДИЕТА Джованетти диетасы (бөйрөк начар иштеген учурда тамактын жалпы каллориясы жетиштүү болуу менен бирге биологиялык баалуулугу жогоруласа да белок азыраак, чектелген өлчөмдө туз кошулган тамак).

ДИАБЕТ I жизин (организмден сийдикти өтө арбын чыгаруу менен мүнөздөлгөн оорулардын тобунун жалпы аты).

ДИАБЕТ II -диабет (сийдик көп болуп, андагы канттын саны жогору болгон оору. Айрыкча үйкү безинин функциясы бузулганда байкалат).

ДИАБЕТ ПОЧЕЧНЫЙ бөйрөк диабети (бөйрөктүн каналчаларынын глюкозаны кайра соруу жөндөмдүүлүгү бузулганда байкалуучу диабет. Бул учурда кандын түтүмүндө канттын саны кадимкидей болот).

ДИАБЕТ САХАРНЫЙ кант диабети (инсулиндин аз гана же көбүрөөк жетишсиздигинен углевод алмашуу бузулууда байкалуучу кант оорусу, диабет).

ДИАБЕТ СКРЫТЫЙ билинбеген диабет (кант оорусу башталаарда текшерилүүчү адамдардын канында кантынын саны өтө жай төмөндөшү. Ал үчүн текшерилүүчү адамга кант берип анын төмөндөө убакытын эсептешет).

ДИАБЕТ СТАРЧЕСКИЙ карылар диабети (65 жаштан жогорку курактабайкалып анчейин жан кыйнабаган чоңдордун диабети).

ДИАБЕТ ТИРЕОГЕННЫЙ калкан диабети (уйку безсиз эле канда калкан безинин гормону көп болгон учурда байкалуучу диабет. Бул айрыкча богок оорусу ууландырганда байкалат).

ДИАБЕТИД диабетид (кант оорусунан териде, былжырлуу кабыкчаларда пайда болгон ар кандай өзгөрүүлөрдүн жалпы аты).

ДИАБРОЗ диаброз (оору бузгандыктан дарттуу жер жарылып кетүү себебинен кандын агышы).

ДИАГНОЗ диагноз (оорунун атын табуу).

ДИАГНОСТИКА диагностика (ооруну билип, атын туура таап анын белгилерин эске алуучу чаралар).

ДИАГНОСТИЧЕСКАЯ ПАЛАТА диагноздук палата (оорусунун аты белгисиз адамдарды оорусун аныктагыча белүп кокуучу атайын даярдалган жай).

ДИАДОХОКИНЕЗ диадохокинез (колу-буттун тез арада эки жагы бирдей жыйрылып же жазылуу менен алмашуу кыймылына жөндөмдүүлүгү).

ДИАЗОРЕАКЦИЯ ЭРЛИХА Эрлихтин диазореакциясы (мурун даярдалган бул реактивди сийдикке кошкондо, ал кызыл түскө айланса, сийдиктин өзү ич келте, туберкулез, кызамык менен ооруйт деп эсептелинет).

ДИАЛИЗ диализ (жогорку молекулалуу заттардын аралашмасынан төмөнкү молекулярдуу заттарын жана колоиддик эритмелерин тазалоо методу. Бөйрөк бөлүп чыгаруу кызматын аткара албаганда колдонулат).

ДИАЛИЗАТОР диализатор (диализ жасай турган приборлордун, аппараттардын тобунун жалпы аты).

ДИАЛИЗАЦИОННЫЙ ЦЕНТР диализдөөчү борбор к. ПОЧЕЧНЫЙ ЦЕНТР

ДИАПАУЗА диапауза (кээ бир жаныбарлардын чөөнге кирип уктаган абалы).

ДИАПЕДЕЗ диапедез (өтө майда капиллярлар же вена тамырлардын капталы бүтүн туруп, анын ичинен кандын элементтеринин сыртка

чыгышы. Өзгөчө адам уулуу зат менен уулангында байкалат).

ДИАРЕЯ ич өтүү (ич өтүү, сукк жана бат-бат заңдоо. Бул көбүнчө холера, дизентерия оорусунда жана ичегинин туберкулез оорусуна мүнөздүү белгиниан бирл болот).

ДИАРТРОЗ диартроз (эки сөөктүн бири-бирине муундар аркылуу бириглши. Алар бири-биринен кичине гана жука коңул менен ажырап турат).

ДИАСА БОЛЕЗНЬ Диас оорусу к. ДИАСА СИНДРОМ

ДИАСА СИНДРОМ Диас синдрому (кызыл ашык мууну ооруп, кээде төкөрөндөп калуу менен чектелген бакай сөөгүнүн баш жагынын өзүнөн-өзү эле кемирилиши).

ДИАСТАЗ диастаз (сөөктөрдүн жана булчуңдардын бири-биринен ажырап алыстап кетиши).

ДИАСТАЗУРИЯ диастазурия (сийдик аркылуу амилаза ферментинин көп чыгышы. Бул уйку бези сезгенгенде байкалат).

ДИАСТЕМА диастема (үстүңкү ээктеги кашка тиштердин аралыгынын өтө алыстыгы).

ДИАСТЕМАТОМИЕЛИЯ диастематомиелия (жүлүндүн башынан аягына чейин же бир аз аралыкта эки ача болуп бөлүнүшү)

ДИАСТОЛА диастола (жүрөктүн булчуңу бошоңдоп, анын ичине кан толуучу учур. Жүрөктүн көлөмүнүн чоңоюшу).

ДИАТЕЗ диатез (тигил же бул ооруга чалдыгууга өзгөчө сезгич организм. Бул аллергиялык оорулардын негизги белгиси).

ДИАТЕЗ ГЕМОРРАГИЧЕСКИЙ кан агуучу диатез (денесинен кан агуу токтобоо менен мүнөздөлгөн абалдагы ооруксунуу).

ДИАТЕЗ НЕВРОПАТИЧЕСКИЙ невропатиялык диатез (балдарда байкалуучу бат жиндениү, уйкусу, аппетити бузулуу менен катар, кекечтөнүүгө чейин барган ооруксунуу абалы).

ДИАТЕЗ ТРОМБОФИЛИЧЕСКИЙ кан уюучу диатез (бир жерден аккан кан тез эле уюп калуу менен мүнөздөлгөн ооруксунуу абалы).

ДИАТЕЗ ЯЗВЕННЫЙ карала:у диатези (ашказанда же он эки эли ичегиге жарат бүтүшүнө түркү болуучу диатез).

ДИАТЕРМИЯ диатермия (электрдин төменкү чыңалуусу, жогорку жыштыктагы тогун денеиин бир жерин же терең жаткан ткандарды жылытуу менен дарылоо. Бул физиотерапияда кеңири колдонулат).

ДИАТЕРМОКОАГУЛЯТОР диатермокоагулятор (диатермокоагуляция жолу менен операция жасоого ыңгайланган аппарат).

ДИАТЕРМОКОАГУЛЯЦИЯ диатермокоагуляция (электрдин жогорку жыштыктагы тогу менен ткандарды күйгүзүү. Операциянын убагында ушундай күйгүзүүдөн аккан кан токтойт).

ДИАТОМОВЫЙ АНАЛИЗ диатом анализи (өлүүнүн себеби сууга чөгүүдөн экендигин өлүктүн ички органдарында, канында диатомдук планктондун эсебинен аныктоо).

ДИАФАНОЛ диафанол (микроскопко көрүү үчүн катуу ткандарды жумшартуучу, саргыч түстөгү суюктук. Бул ткандардын түзүлүшүн байкоодо керектелет).

ДИАФАНОСКОПИЯ I - диафаноскопия (органдардан жана ткандардан кууш жарык шоола өткөрүп туруп карап изилдөө).

ДИАФАНОСКОПИЯ II - диафаноскопия (мурундун жана таңдайдын коңулдарын оозго кирген электрдин жарыгы аркылуу карап көрүү).

ДИАФИЗ диафиз (жумуру сөөктөрдүн ортоңку, чучук үчүн көңдөйү бар бөлүгү).

ДИАФИЗИТ диафизит (жумуру сөөктөрдүн ортоңку бөлүгүнүн сырты калыңдап сезгенген оорусу).

ДИАФРАГМАЛЬНАЯ ВЕНА боор этинин кек кан тамыры (боор эттен борбор жакка бара турган көк кан тамыр).

ДИАФРАГМАЛЬНЫЙ НЕРВ боор этинин нерви (боор этти нервдик жактан тейлей турган нерв тармагы).

ДИАФРАГМИТ боор эттин сезгениши (боор эттин жөнөкөй сезгениши. Ал көбүнчө көкүрөк көңдөйдүн ич чел кабыгы, өпкө боордун ирин ооруларынын кабылдоосунан боор эт сезгениши маалим).

ДИАФОРЕТИЧНЫЕ СРЕДСТВА терлетүүчү дарылар (тийгизген таасири боюнча тер бездеринин суюктук чыгаруу мүмкүнчүлүгүн күчөтүүчү дары каражаттары).

ДИАФОРЕЗ диафорез (тердин көп чыгуусу, терчил адам).

ДИАФРАГМА диафрагма (боор эт, көкүрөктүн көңдөйү менен ичти экиге бөлүп турган ич жана көкүрөк көңдөйүнүн пардасы).

ДИАФРАГМОКАРДИОПЕКСИЯ диафрагмокардиопексия к. ПЕТРОВСКОГО ОПЕРАЦИЯ.

ДИАФРАГМОТОМИЯ диафрагмотомия (көкүрөктүн көңдөйүнөн ич көңдөйүнө, же ичтен көкүрөк көңдөйүнө өтүш үчүн боор этти жара тилүү операциясы).

ДИАЦЕТУРИЯ диацетурия (эт өтө ысыган убакта же диабет оорусунда, ацетоуксус кислотасынын сийдикте пайда болушу).

ДИБЕНЗАМИНОВА ПРОБА дибензамин баамдоосу (артериялык басымдын көтөрүлүшүн дибензин амин менен басаңдатуу. Басым төмендесе бейрек үстү безинде шишик оору бар экендигин айгинелейт).

ДИВАКЦИНА дивакцина (эки жугушту жугузбоо үчүн эки микроорганизмден даярдалган вакцина).

ДИВЕРГЕНЦИЯ дивергенция (шоланын негизги түз жолдон бурулуусу. Көздүн көрүүсү түз болбой, оң же сол жагы менен көрүү).

ДИВЕРГЕНЦИЯ ГЛАЗ көздүн дивергенциясы (оң же сол көздүн көрүү огунун чачырашы).

ДИВЕРТИКУЛ дивертикул (ичи көңдөй органдардын капталынын сыртка урчуюп чыгышы. М.: кызыл өңгөч, ичеги, табарсык).

ДИВЕРТИКУЛА МЕККЕЛЯ Меккелдин түюк учугу (кээде ичке ичегинин жамбаш оогунун түшундагы бөлүгүндө кезигүүчү, узундугу укумдай келген ичегинин эки ача бөлүнүп кеткен жеринин түюк үч жак бөлүгү).

ДИВУЛЬСИЯ дивульсия (денеде болгон каналдарды, кобулдарды күч менен аспап аркылуу кеңейтүү).

ДИГЕСТИЯ дигестия (тамак сиңирүү, жеген тамакты сиңирүү үчүн бардык физиологиялык процесс).

ДИГИТАЛЬНО дигиталдуу (колдун манчаларына байланыштуу. Кээ бир дарттардын манчалардан гана орун алышында колдонулуучу термин).

ДИГУЛЬЕЛЬМО МЕТОД Дигульельмо методу (бруцеллез оорулууну дарылоо үчүн вакцинаны кичине дозадан баштап күн сайын көбөйтүп дарылоо).

ДИДАКТИЛИЗМ дидактилизм (көп манчалуулук).

ДИДЕ ПРОМЫВАНИЯ Диде жуусу (эркектин сийдик чыгаруучу түтүгүнө жумшак ийилгич түтүк салып жуусу улул автордун наамында).

ДИДО ОПЕРАЦИЯ Дидо операциясы (кошулуп өскөн салааны ажыратып өз алдынча бармак жасоо операциясы).

ДИЕТА диета (оорулууну жана таза адамдардын мүнөздөп тамактануу эрежеси).

ДИЕТИКА диетика к. ДИЕТОЛОГИЯ

ДИЕТОЛОГ диетолог (ооруканада, санаторий-курорттордо иштеп, тамактануу эрежелерин билүүгө атайын даярдалган врач-адис).

ДИЕТОЛОГИЯ диетология (оорулуу жана таза мезгилде тамактануунун эрежелерин изилдей турган илим).

ДИЕТОТЕРАПИЯ диетотерапия (дарттын мүнөзүнө жараша оорулууларды ар түрдүү тамактын түрлөрү менен дарылоо).

ДИЗАДАПТАЦИЯ дизадаптация (айлана чөйрөнүн шартына көнүү жөндөмдүүлүгүнүн бузулушу. Анын жагымсыз же ар кандай шартына көнө албастыгы).

ДИЗАКУЗИЯ дизакузия (адамдын угуу жөндөмдүүлүгүнүн бузулушу).

ДИЗАРТРИЯ дизартрия (адам тилчил тыбыштарды айта албай сүйлөөсүнүн бузулуусу. Өзгөчө үнсүз тыбыштарды кыйындык менен көп убакыттан кийин тынып айтуу).

ДИЗАРТРОЗ дизартроз (тескери жаралган, жалган муун).

ДИЗЕНТЕРИЯ дизентерия (шигела тукумундагы бактериялардын кесепетинен пайда болгон, өзгөчө жоон ичегини дартка чалдыктыруучу жугуштуу оору).

ДИЗЕРГИЯ дизергия (организмдин айлана чөйрөдөгү таасирине жооп кайтаруу жөндөмдүүлүгүнүн бузулушу).

ДИЗЕСТЕЗИЯ дизестезия (нерв ооруларында байкалуучу кээ бир сезүүлөрдү талдай албоо. М.: жумшакты катуу деп жана жылуулукту ооруу деп сезүү).

ДИЗЛЕКСИЯ дизлексия (үн чыгарып окуунун кыйындашы. Көтөрүңкү үн менен окуй албоо).

ДИЗОНТОГЕНЕЗ дизонтогенез (ткандардын өсүшүндө учуроочу туура эмес кемтик өсүүсү. Дизонтогенез термини көпчүлүк учурда бала курсакта өсүп бара жаткан учурда же алар ымыркай мезгилде колдонулат).

ДИЗОСМИЯ дизосмия (адамдын жытты арандан зорго билүүсү, жыт анкоосунун бузулушу. Нерв ооруларында байкалуучу учур).

ДИЗОСТОЗ дизостоз (сөөк системасынын өсүшүнүн бузулушу. Үй-бүлөнүн бардыгында байкалуучу укумдан=тукумга өтүшү).

ДИЗУРИЯ дизурия (борбордук нерв системасынын жана табарсыктын оорусунун натыйжасында, күч менен же ич ооруп заара кылуу).

ДИКА РЕАКЦИЯ Дик реакциясы (адам кызамык оорусу менен ооруганын, оорубастыгын билиш үчүн териге куюлган тазартылган стрептококктун уусуна жараша, организмдин аны көтөрүмдүүлүгүнүн деңгээлин баалоо).

ДИКОЕ МЯСО ачык эт (денесин сырты жараланган, тилинген жерлердеги өзгөчө дөмпөйүп өскөн ачык эттин пайда болушу).

ДИКРОЦЕЛИОЗ дикроцелиоз (боордо жана өттө кездешкен мите. Бул оору кээ бир өлкөдө анда-санда учурап калышы ыктымал. Буга жугуш мите жуккан кумурскалардан жугат).

ДИКТИОМА диктиома (көздүн тор катмарынын өсүп кетиле элек клеткаснан өсүп чыккан зыяндуу шишик оорусу).

ДИКТОРИЯ диктория (жүрөк бир эле каккан убакта тамырдын экл колу кагылышын билүү. бирөө катуу. экинчиси солгун, күчсүз. Бул жүрөк оорусунун кээ бирөөндө байкалат).

ДИЛАТАТОР I дилататор (булчунду бири-биринен ажыратуучу, кеңейтүүчү зат).

ДИЛАТАТОР П дилататор (эки жактуу кычкач менен же жумшак баллонду кобулдуу органдарга киберип үйлетүү жолу менен кеңейтүүчү аспап. Карек анын тегерегиндеги булчуңдар шалбыраган учурда чоңоёт).

ДИЛАТАЦИЯ дилатация (денедеги коңулдардын, жылчыктардын кеңейиши. М.: жүректүн оорусунда анын булчуңдары бошоңдоп, чоюлуп кетишинен көлөмүнүн чоңоюп кетиши).

ДИЛАТАЦИЯ СЕРДЦА жүректүн кеңейиши (жүректүн капталы кериlүүдөн жүректүн кобулунун көлөм жагынан чоңоюшу, кеңиши).

ДИЛЛОНА ПРОБА Диллон баамдоосу (жаңы өлүп төрөлгөн бала өлөрдөн мурун тирүүлүгүн рентгендик кароодон өткөрүп, өпкөсүндө же карынында аба бардыгына жараша аныктоо. Муну сот медицинасында кеңири колдонулат).

ДИЛЛОНА РАЦИОН Диллон рациону (оорулуунун кызыл өңгөчүнөн тамак жарым-жартылай өтүп калган учурдагы берилүүчү тамак. Ал үчүн суюк же анчейин коюу эмес тамак берилет. Суткасына 150 грамм өсүмдүк, 200 грамм каймак май, 50 грамм жууган май, 4 жумуртка, 400 грамм ун себеленген сорпо берилет).

ДИЛЛОНА ФЕНОМЕН Диллон феномени (боор эттин жыйрылышы азыраак сакталышын катуу дем чыгарууда өөдө жылган боор эт бат эле төмөн түшүшүн баамдап рентгендик кароо аркылуу маалымат алуу).

ДИНАМОГРАФ динамограф (булчуңдун күчүн жана анын жыйрылуу ылдамдыгын кагазга жазып алуучу прибор).

ДИНАМОГРАФИЯ динамография (булчуңдун кызматы анын жыйрылуу ылдамдыгын кагазга жазып алуу жолу менен изилдөө методу).

ДИНАМОМЕТР динамометр (кээ бир булчуңдардын тобунан чыккан күчүн өлчөөчү прибор).

ДИНАМОМЕТРИЯ динамометрия (бир булчуңдан же топ булчуңдардан чыккан күчүн динамометр менен жазып алуу жолу).

ДИНИТРОБЕНЗОЛ динитробензол (сийдиктеги 17 кетостероиддердин санын аныктоого керек болуучу химиялык зат. Химиялык өндүрүштө иштеген жумушчуларды динитробензол менен уулангандыгын сийдигин текшерип билүүдө колдонулат).

ДИОДИД диодид (линзанын нурду кабаттандыруу күчүнүн бирдиги. Бул бирдик көздүн көрүү кубатын өлчөө бирдигинен алынган).

ДИОКСИФЕНИЛАЛАНИН диоксифенилаланин (дофаминдин биологиялык синтезинин ортосундагы зат. Бул адамдын колу буту диртилдеген – паркинсонизм оорусунда колдонулат).

ДИОКТОФИМОЗ диоктофимоз (диоктофима митесинен пайда болгон адамда өтө сейрек учуроочу оору. Бөйрөк сыздап ооруп, табарсык сезгенет жана сийдик жолдорунда ириңдүү сезгенүү коштойт).

ДИОПТОГРАФ диоптограф (адамдын мүчөсүнүн бөлүгүн же денесинин бүтүндөй сөөлетүн кагазга түшүрө турган прибор).

ДИОПТРИКА ГЛАЗА көздүн диоптрикасы (көздүн нур сындыруусунун натийжасында көрүүнүн жалпылыгы).

ДИОПТРИМЕТР диоптриметр (көз айнек линзаларынын жалпы көрүү мүнөздөрүн өлчөй турган прибор).

ДИОПТРИЯ диоптрия (көрүү системасындагы нур сындыруучу күчүн өлчөөнүн бирдиги. Ал аралыгы бир метр аралыктагы линзанын нур сындыруу күчүнө туура келет).

ДИПИЛИДИОЗ дипилидиоз (цестодоз тобундагы митени адам кокусунан цестодоз кукан бүргөнүн жумурткасын жутканда жугат. Бул ичеги карындын иши бузулуп, кээде аз кандуулукка алып келет).

ДИПИРАЗИН дипиразин (организмге тийгизген таасири көп түрдүү дары. Ал бирде денени жалпы эле тынчтандырса, бирде ичтеги мите куртту тышка чыгарууга көмөктешет).

ДИПЛАКУЗИЯ диплакузия (бир эле добуш оң жак кулакка бир башка, сол жак кулакка бир башка угулуп, добуш кабыл алуу сезиминин бузулушу).

ДИПЛЕГИЯ диплегия (дененин эки жагынын тең шал болушу. Бул көбүнчө мээ илдетке учураганда байкалат. М.: эки кол, эки жаак).

ДИПЛОБАКТЕРИИ диплобактериялар (таяк сымал бактериялардын жубу менен кыналып көрүнүшү).

ДИПЛОБАЦИЛЛЫ диплобациллдер қ. ДИПЛОБАКТЕРИИ

ДИПЛОПИЯ диплопия (бир нерсенин экидей болуп көрүнүшү. Бул көздү кыймылдатуучу булчуңдарынын шал болуп калган учурунда байкалат).

ДИПЛОПЛОДИЯ диплоплодия (буттун бармактары ар бири экиден болуп, туура эмес өсүшү).

ДИПЛОСКОП диплоскоп (көздүн көрүүсүн изилдеп, кыйшык көздү түзөш үчүн колдонулуучу тешик экрандуу прибор).

ДИПЛОФОНИЯ диплофония (үн байламтасынын алдыңкы артқы бөлүгү бирдей дириллдөөдө байкалуучу, бир калыпта чыгарылган үндүн күчүнүн эки башка чыгышы).

ДИПЛОХЕЙРИЯ диплохейрия (колдун бармактарынын ар биринин экиден болуп, туура эмес өсүшү).

ДИПЛОЭ диплоэ (баш сөөктүн чоку жагындагы ортоңку катмары, кемиктүү бөлүгү).

ДИПЛОЭГРАФИЯ диплоэграфия (баш сөөктүн чоку жак бөлүгүндөгү кемиктүү жерине рентген нуру өтпөгөн зат куюп, анын вена тамырларын изилдөө).

ДИПЛОЭСИНУСОГРАФИЯ диплоэсинусография (чоку сөөктүн вена тамырларына рентген нуру өтпеген зат жиберип, мээнин кабынын кобулдарын изилдөө).

ДИПСОМАНИЯ дипсомания (аракечтин бир ичкенде жумадан=жумага чейинки ичкен учуру, же бир нече жумалап такыр эле ичпей коюшу).

ДИРЕКТОСКОП директоскоп (кэмөкөйдөн баштап, коконун жогорку бөлүгүнө чейин карап көрө турган аспап. Азыркы мезгилде бул аспап чнгарылбай калды).

ДИРЕКЦИОНАЛЬНЫЙ ЭФФЕКТ СЕТЧАТКИ көз торчосунун дирекционалдык эффекти (көздүн карегинин ортосунан кирген куюш шоола каректин четинен кирген шооладан өтө жарык керүнүшү).

ДИРОФИЛЯРИОЗ дирофиляриоз (дирофилария түрүндөгү терининн алдында,көздүн сыртқы кабыгында, чечекейде мителикти өткөрө турган мите курт).

ДИСА ПЛАСТИКА Дис пластикасы (эркектин сийдик чыгаруучу түтүгү чыбыктын жонуна бүтүп калган учурда табарсык жак бөлүгүн кесип салып, калган бөлүгүнө улаштырып жана түтүккө тышкы бүйрөмө жасай турган хирургиялык операция).

ДИСБАЗИЯ дисбазия (күч менен төкерөндөп басып калуу).

ДИСБАКТЕРИОЗ дисбактериоз (денеде болгон микрофлорлордун бир түрлерү сан жагынан азайып, экинчисинин көбөйүшү. мурунку флоралар жоголуп, анын ордуна башкача мүнөздегү жаңысы пайда болушу же мурун учурабаган флоранын табылышы).

ДИСБИОТРОФИЯ дисбиотрофия к. ДИСТРОФИЯ

ДУСБУЛИЯ дисбулия к. АБУЛИЯ

ДИСГАММАГЛОБУЛИНЕМИЯ дисгаммаглобулинемия (организмдин коргонуу абалы төмөндөгөндө кандын тутумунда глобулин затынын бардыгы түгөл туруп, бир гана гаммаглобулиндин жетишсиздиги).

ДИСГЕВЗИЯ дисгевзия (чыныгы даамды биле албоо. Даам татуу такыр эле болбой же берилген даам башкача даам деп баалоо. Бул көбүнчө жин оорусунда байкалат).

ДИСГЕНЕЗИЯ дисгенезия к. ДИСПЛАЗИЯ

ДИСГЕНИТАЛИЗМ дисгенитализм (жыныстык мүчөлөрдүн өсүшүнүн бузулушу. Мүчөнүн өтө чоң же аның тескерисинче өтө кичине болушу).

ДИСГЕРМИНОМА дисгерминома (көпчүлүгү аллардын жыныстык безинен өсүп чыккан зыяндуу шишик. Мындай шишик кыздарда пайда болсо, операциялык жол менен алып таштаганда айыгат).

ДИСГИДРОЗ дисгидроз (нормадагыдай эмес тердөө. Иснк мезгилдеги буттун салаалардынын өзгөчө күчтүү тердеши).

ДИСГРАФИЯ дисграфия (бир нерсе жаза албай калуу оорусунун жалпы аты).

ДИСКАЛГИЯ дискалгия (омурткалардын арасындагы кечирлер дартка чалдыккында ошол туштагы аны төйлеген нерв жипчелеринин катуу оорушу).

ДИСКАЛЬЦИНАЦИЯ ЭМАЛИ тиштин сырты саргарышы (тиштин сырткы катмарындагы тутумунда органикалык жана органикалык эмес заттардын тендиги ооганда байкалуучу тиштин ак же башка түстөгү тактары).

ДИСКАРТРОЗ дискартроз (омурткалардын катуулоо учурунда алардын муундары менен бирге чемирчектери да кошулуп сезгенген оорусу).

ДИСКЕРАТОЗ дискератоз (төрөлгөндө эле териде байкалуучу,кармап көргөндө катуу болгон бөлүгү).

ДИСКЕРАТОМА ВОРОДАВЧАТАЯ сөөлдүү дискератоз (тер безинин, терининн ичиндеги деп аталган бөлүгүнөн өсүп чыккан зыянсыз шишик).

ДИСКИНЕЗИЯ дискинезия (организмдеги мүчөлердүн ичиндеги кыймылынын ылдамдыгынын бузулушу. М.: өт баштыкчасында таш пайда болгондо, анын жыйрылып кыймылдоо калыбынын бузулушу).

ДИСКОРИЯ дискория (көздүн карегинин көлөмүнүн өзгөрүшү, каректин туурасынын өзгөчө узун болушу. Сүйрү карек).

ДИСКРИНИЯ дискриния (жалпы эле былжырлуу бездердин сыртка болуп чыгаруу функциясынын бузулушу. М.: коконун, өт баштыкчасынын).

ДИСКЭКТОМИЯ дискэктомия (хирургиялык жол менен омурткалардын ортолорундагы олпогун, чемирчегин алып таштоо).

ДИСЛАЛИЯ дислалия (кээ бир тамгаларды адамдын тили келип айта албоосу, сөз сүйлөө тартибинин бузулушу).

ДИСМЕНОРЕЯ дисменорея (этектирдин (айыздын) дене ооруусу менен коштоп келүүсү).

ДИСЛОКАЦИЯ дислокация (бир жерден экинчи жерге жылуу, орун алмашуу аракети. М.: сынык сөөктөрдүн өз ордунан жылып кетиши).

ДИСМИМИЯ дисмимия (имдоо, жандоо өнөнгөн кыймылдарды аткара албай кыймылдоо бузулуу).

ДИСМНЕЗИЯ дисмнезия (бир нерсени эстей албай, эстөөгө мүмкүнчүлүгү болбой жана ээ индегилерди айта албай эстөөнүн бузулушу).

ДИСПАНКРЕАТИЗМ диспанкреатизм (уйку бездин сукктугун сыртка чыгаруу функциясы бузулууда байкалуучу бузук көрүнүштөрдүн жалпы аты).

ДИСПАНСЕР диспансер (поликлиника жана оруканасы болуп, оорулууну алгачкы мезгилде дарылап, аны алдын ала болтурбоо чараларын жүргүзүүчү медициналык атайын мекеме).

ДИСПАНСЕРИЗАЦИЯ диспансерлэация (ооруну алдын ала аныктап, оорулуулардын абалын текшерүүчү чаралар. Ал таза адамдарга да жүргүзүлөт).

ДИСПАНСЕРНОЕ НАБЛЮДЕНИЕ диспансердик байкоо (эсепке алынган оорулууларды оорусунун мүнөзүнө, жашына, аткарган кызматына жана айлана-чөйрөсүнүн абасына жараша назар салуучу медициналык мекеме).

ДИСПАРЕУНИЯ диспареуния (жыныс катнашуу мезгилиндеги аялдын сүздүгү).

ДИСПЕПСИЯ диспепсия (адамдын тамак ичүүгө көнүлдөнбөй, аны менен катар тамак сиңирүү процессинин жалпы бузулуусу).

ДИСПЕРГИРОВАНИЕ диспергирлоо (катуу же сукк нерселерди өтө майда бөлүктөргө бөлүү жолу. Аптекада дарыларды жасоодо кеңири колдонулуучу аракеттер).

ДИСПЛАЗИЯ дисплазия (түйүлдүк өсө баштаган учурда же ымыркай кезде клеткалардын туура эмес өсүүсүнүн аталышы).

ДИСПНОЭ диспноэ (мээдеги дем алуу борборунун кызматы бузулгандыктан, дем алуунун кыйындашы, демининн кыстыгуусу).

ДИСПОЗИЦИЯ МАТКИ жатындын жылышы (камбаш чарасындагы жатындын өз ордунда болбой ар кайсы тушта болушу).

ДИСПРОТЕИНЕМИЯ диспротеинемия (организмде сезгенч болгон учурда, коллегеноз оорусунда жана тамактануу бузулган кезде байкалуучу кандагы белоктун фракциясынын катнашынын (бузулушу).

ДИССЕКТОР диссектор (операция жасап жаткан учурда мүчөнүн бөлүктөрүн, кан тамырды, сөөктү жана башка ткандарды эки тарапка бөлүш үчүн колдонулуучу хирургиялык аспап).

ДИССЕМИНАЦИЯ диссеминация (бир жерде эле тура бербестен, анын жайылуусу, м.: туберкулез, рак өндөнгөн оорулардын адеп башталган жеринен экинчи жерге көчүшү).

ДИССИМУЛЯЦИЯ диссимуляция (өзүн тазамын деп эсептөө, ооругандыгын жашыруу. Айрыкча бул жин оорулууларда байкалат).

ДИССОМНИЯ диссомния к. БЕССОННИЦА

ДИСТАЛЬНО дисталдуу (борбордон алыс, денеинн ортосунан оолак орун алган организмдеги мүчөлөрдүн өзгөрүүлөрүн түшундуруучу термин).

ДИСТАЛЬНЫЙ КОНЕЦ дисталдык уч (борбордон алыскы учу; жумуру, узун сөөктөрдүн денеден чет жакадагы бөлүгү).

ДИСТЕНЗИЯ дистензия (чоюлуу, көлөмү көбөйүү, м.: муунга суу толуп кеткенде, муундун көлөмү көөп, чоңойгондой болуп көрүнүшү. Тамакты арбын жегенде карындын керилүүсү).

ДИСТИЛЛЯЦИЯ дистилляция (сууну буурга, бууну сууга айландыруу. Мындай сууга дары кошуп оорулуунун венасына куюуга мүмкүн болот).

ДИСТИРЕОЗ дистиреоз (калкан безинин функциясынын бузулушунда байкалуучу абал).

ДИСТРИХИАЗ дистрихиаз (эки каттуу кирпик).

ДИСТОНИЯ дистония (булчуңдардын жана кан тамырлардын чымыр абалынын өзгөрүшү. Алар чымыр же шалаңкы болуу).

ДИСТОПИЯ дистопия (ткандардын жана органдардын өз ордунан эмес, башка жерден өсүп чыгышы жана орун алышы).

ДИСТОРСИЯ дисторсия (муундун байланыштыруучу чарнмдарынын мертиниши).

ДИСТРАКЦИЯ дистракция (сөөк сынганда, муундан чыкканда аны толгоп ордуна жайгаштыруу чаралары).

ДИСТРОФИЯ дистрофия (ткандардын, органдардын жана организмдин тамактануусунун бузулушу. Мындай абал эмчектеги балдардын тамак сиңирүүсү бузулганда да байкалат).

ДИСФАГИЯ дисфагия (тамактын булчуңу тырышуудан, оорудан жана кызыл өңгечтүн кээ бир оорусунан адамдын тамак жута албоосу).

ДИСФАЗИЯ дисфазия (мээнин негизги деп аталган жердеги дарттын натыйжасында сөз сүйлөөнүн жалпы бузулушу).

ДИСФОНИЯ дисфония (тамак оорудагы үн жасап чыгыяның бузулушу. Үндүн кырылдап, шыбырап, карыып жана арандан зорго чыгышы).

ДИСФОРИЯ дисфория (кулк мүнөздүн бузулушу. Адам санаркаганда эч нерсеге ыраазы болбоо менен катар эч нерсени көтөрө албоо абалы. Андан башка дагы адамга кол салууга ниеттенүү менен мүнөздөлгөн учур).

ДИСФРЕНИЯ дисфрения (психикалык оорулардын жалпы аты).

ДИСФУНКЦИЯ дисфункция (айлана-чөйрөнүн таасирине кадимкидей нормадай жооп кайтарбай организмдин, мүчөнүн, ткандардын функциясынын бузулушу).

ДИСХЕЗИЯ дисхезия (заң катып калуудан, геморройдон күч менен жана ооругандыкты сезип заңдоо).

ДИСХОЛИЯ дисхолия (өттүн ичиндеги заттардын тутумунун өзгө же төмөн болушу).

ДИСХРОМАТОПСИЯ дисхроматопсия (адамдын кээ бир түстөрдү көрө албаган учуру. Түстөрдү ылгай албоо тубаса же кийинчерээк байкалыш ыктымал).

ДИСХРОМИЯ КОЖИ теринин дисхромиясы (кээ бир оорулардын кесепетинен теринин өңү-түсүнүн өзгөрүүсү).

ДИСЦИЗИЯ дисцизия (мүчөнү экиге бөлүү, кесүү).

ДИСЦИТ дисцит (омурткалардын, муундардын арасындагы жалпак чемирчектердин сезгенип оорусу).

ДИТЕРИХСА ТРАНСПОРТНАЯ ШИНА Дитерихстин ташуучу шакшагы (бутунун сөөктөрү сынган адамды бир жерден экинчи жерге жеткирүү үчүн эки узун балдактан же фанерден жасалып, бутту керүүгө ыңгайлуу шакшак).

ДИТЕРИХСА ШИНА Дитерихс шакшагы (кашка жилик жамбашка аштаткан муунунан же андан ылдыйраак жеринен сынганда жаралууну алып жүрүү үчүн ылайыкталып, зымдан атайын тордолгон шакшак).

ДИТТРИХА ПРОБКА Диттрих пробка(өпкөсү ирин жана чирик оорулуу адамдардын какырыгын микроскоп менен карап көргөндө көрүнүүчү: чириктен, май кислотасынан, бактериялардан, лейкоциттерден турган кумалак окшош нерсе).

ДИУРЕЗ диурез (сийдик пайда болуу жана аны бөлүп чыгаруу процесси. Бөлүнүп чыккан сийдиктин өлчөмү).

ДИУРЕТИКИ диуретиктер (сийдик бөлүп чыгарууга көмөктөшүүчү дарылар).

ДИУРЕТИЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА сийдик чыгарууга кардамдашуучу дарылар (бөйрөктүн функциясы начарлаганда колдонулуучу, ар түрдүү дары заттары).

ДИФАЛЛИЯ дифаллия (жыныстык мүчөнүн эки ача болуп, туура эмес өсүшү).

ДИФЕНИЛАМИН дифениламин (битти жоготуучу, биткө каршы дары).

ДИФОНИЯ дифония к. ДИПЛОФОНИЯ

ДИФТЕРИЯ дифтерия (тамактын, кулкунду көбөр басып ооруткан кургуштуу оору. Аны менен кан балдар көбүрөөк сыркоо. Ооруга дифтерия бактериясы себепкер).

ДИФТОНГИЯ дифтонгия к. ДИПЛОФОНИЯ

ДИФФЕНБАХА ОПЕРАЦИЯ Диффенбах операциясы (алдыңкы эриш кемтик болгон учурда, жаак эттен эт кийип, кесип алып анын кемтигин түзөй турган операция).

ДИФФЕНБАХА РИНОПЛАСТИКА Диффенбах ринопластикасы (кемтик

мурунду калыбына келтирүүдө кесилген жердеги бодурлуу тырыкты көрүнбөгүндөй кылып, жасалган болочок мурундун ички бетине териден эп кыйып жасалуучу операция).

ДИФФЕНБАХА ТЕНОТОМ Диффенбах тенотому (тарамышты кесүү үчүн ылайыкталып жасалган бычак - аспап).

ДИФФУЗИЯ диффузия (бири-бирине тийишип турган эки заттын бирөө, жанындагысы экинчи затка өтүп кетүүсү. Ага майда бөлүкчөлөрдүн жылуулук кыймылы таасир берет. М.: газдардын эритмеге өтүшү).

ДИХИРИЯ дихирия (колдун манчаларынын экиден болуп туура эмес өсүшү).

ДИХЛОРАМИН дихлорамин (жалпы эле дезинфекциялоочу кеңири колдонулуучу зат. Дихлораминден турат).

ДИХЛОРЭТАН дихлорэтан (наркоз катары колдонулуучу дары, жердеги химиялык эки хлорэтандан турат).

ДИХОТОМИЯ дихотомия (мүчөнүн туура эмес бөлүккө же нерв менен кан тамырлардын эки ача болуп бөлүнүүсү).

ДИХРОМАТ дихромат (аламдын жарык сезүүчү үч аппаратынын бирөөнүн туулгандан эле бузук болушу).

ДИЦЕФАЛИЯ эки баштуу (ичте кезинде жатындагы баланын денесинин жогорку бөлүгүнөн эки баштын өсүп чыгышы).

ДИЭЗОФАГИЙ эки кызыл өңгөчтүү (туура эмес өсүштө байкалуучу, эки кызыл өңгөчтүү адам).

ДИЭНЦЕФАЛИТ диэнцефалит (ортоңку мээнин сезгениши).

ДИЭНЦЕФАЛОН диэнцефалон (мээнин ортоңку бөлүгү).

ДИЭТА ПЕВЗНЕРА Певзнердин диетасы (дененин ичиндеги органдардын дартына жараша көптөгөн ооруларды ар түрдүү өлчөмдө бир калыпта мүнөздүү тамактар берип дарылоо жолу. Бул автордун аамында).

ДЛИННЕЙШИЙ МУСКУЛ ГРУДИ төштүн эң узун булчуну

ДЛИННИК СЕРДЦА жүректин узундугу (жүрөктү рентгенден карап турганда, оң жак жүрөк кан тамыр бурчунан учтуу чокусуна чейинки аралыгы).

ДЛИННЫЙ ГРУДНОЙ НЕРВ көкүрөктүн узун нерви (көкүрөктүн алдынкы бетиндеги мүчөлөрүн тейлөөчү нерв).

ДНО МОЧЕВОГО ПУЗЫРЯ табарсыктын түбү (табарсыктын төмөн жагында сийдик кууп чыккан, сийдик чыгаруучу түтүктөр бекитилген тушу).

ДОБАРНА СИМПТОМ Добарна симптому (колду ылдый түшүрүп турган абалда далынын куш тумшук урчугун басып көрсө ал жер ооруп, колду бир тарапка сунса оорубаса, далынын куш тумшук урчугунун муну сезгенчин аныктайт).

ДОБРОМЫСЛОВА ДОСТУП Добромыслов жолу (кызыл өңгөчкө жетиш үчүн кекүрөк челин тилүү жолу менен жетип, операция жасоо).

ДОБРОМЫСЛОВА-ТОРЕКА ОПЕРАЦИЯ Добромыслов-Торек операциясы (кызыл өңгөчтүн жогорку бөлүгүнө жетиш үчүн оң жак көкүрөк челди тилүү жолу менен жетүү).

ДОБРОТВОРСКОГО ПЛАСТИКА Добротворскийдин пластикасы (баш сөөктүн кемтигин, тешигин оорулуунун өзүнүн кабыргасы менен жабуучу операция).

ДОБРОТВОРСКОГО СИМПТОМ Добротворскийдин симптому (жүрөк каптын суулуу сезгеничинен колго баруучу кан тамырлар сыртынан кысылып оң жана сол жак билектеги кан тамырдын кагышы эки башка болгон учуру).

ДОВЖЕНКО ПРИЗНАК Довженко белгиси (баланын тонунун бөлүгү менен ажырап кете элек учурда аял дем алганда киндигинин ичин карай тартылып турушу).

ДОГЕЛЯ УЗЕЛ Догель түйүнү (жүрөк каптын алдына жайгашкан вегитативдик нерв түйүнү. Ушул автордун наамында аталып калган).

ДОЗА доза (бир жолу ичүүчү же ийне менен сайып оорулуугa берилүүчү дарынын ченеми. Ал жашка жана адамдын дары кетерүү алына жараша ченелет).

ДОЗАТОР дозатор (суюк жана укаланган заттардын керектүү өлчөмгө өлчөш үчүн керектелүүчү аппарат).

ДОЗИМЕТР дозиметр (ион чачыратуучу шооланын көлөмүн жана күчүн өлчөй турган аспап. Ал радиациялык гигиенада жана жарык менен дарылоодо кеңири колдонулат).

ДОЗИМЕТР СОЛНЕЧНОЙ РАДИАЦИИ күндүн радиациясын өлчөө (бир нерсенин үстүнө күндүн чачыраган шоола берүү күчүн өлчөй турган прибор. Шоола күчү чыңалып жетишкенде үн чыгат. Курортто жана санаторияда колдонулат).

ДОЗИМЕТРИЧЕСКАЯ СЛУЖБА дозиметрлөө кызматы (иондук шоола колдонуп иштеген мекемелерде, укмдарда анын терс таасири тиеби деп өлчөөнү уюштуруу системасы).

ДОЗИМЕТРИЧЕСКИЙ КОНТРОЛЬ дозиметриялык контроль (атомдук өндүрүштө жана атомдук электростанциясында, сөгуш убагында гидролук куралдардын ион чачыратуу күчүн дайыма өлчөп, аларды залалсыздандырып ар бир жоокерди сактап калыш үчүн жүргүзүлгөн көзөмөлдөө аракеттердин комплекси).

ДОЗИРОВАНИЕ дозалоо (кээ бир нерселердин организмге тийгиз-

ген таасиринин ченин аныктоо, м.: нур чачыроо күчүн, дары заттарынын санын, физикалык көнүгүүлөрдүн көлөмүн).

ДОЛАБРА долабра (жарадар болгон учурда, колду=бутту бурама, кырчоо формасында тануу).

ДОЛИХОЦЕФАЛ долихоцефал (баш сүйрү, соку баш адам).

ДОЛОР долор (оору, дене сезгендиктин негизги белгиси).

ДОЙНИКОВА ПАЛЬЦЕВОЙ ФЕНОМЕН Дойниковдун бармак феномени (отурган оору колун тизесине алаканын жогору каратып бармактарын жайып койсо бир аздан кийин өзүнөн өзү эле колу сыртка, жогору карап жана бүгүлүп калышы. Бул көрүнүш каракуш мээ дартка чалдыкканын айгинелейт).

ДОЙНИКОВА СИМПТОМ Дойников симптому к. ДОЙНИКОВА ПАЛЬЦЕВОЙ ФЕНОМЕН

ДОКОРМ кошумча тамактандыруу (5-6 айга чейин эмчек сүтү жетишпеген аялдардын балдарына тамактандыруу аралашмасын же башка аялдын сүтүн берип багуу).

ДОЛГОЖИТЕЛЬ узак жашаган адам (токсон жаш же андан көп жашаган адамдар узак жашаган адамдардын эсебине кирет).

ДОЛГОЛЕТИЕ узак өмүрлүү (адамдардын жашоосу жогорку чекке (90 дан жогору) жетүү менен мүнөздөлгөн социалдык жана биологиялык көрүнүш).

ДОЛЕЦКОГО-ПУГАЧЕВА СУХОЖИЛЬНЫЙ ШОВ Долецки-Пугачев тарамыш тигиши (тармактарды жумуучу тарамыштары мертинген учурда тигиш салыш үчүн тарамыштын борбор жак бөлүгүн убактылуу алакандын терисине капрон жип менен тигип коюу).

ДОЛИХОКЕФАЛИЯ долихокефалия к. ДОЛИХОЦЕФАЛИЯ

ДОЛИХОКОЛОН долихоколон (жоон ичегинин өзгөчө узун болуп, өсүү процессинин бузулушу).

ДОЛИХОКРАНИЯ сүйрү баш (адамдын баш сөөгүнүн чени туурасына караганда узуну узун өлчөмдө болушу).

ДОЛИХОМЕГАСИГМА долихомега сигма (жоон ичегинин узуну узун, кендейүү кеңири болуу менен катар, анын капталы жоон болуп туура эмес өсүш).

ДОЛИХОМОРФИЯ долихоморфия (адам өзү ичке жана жапыз бойлуу болуу менен колу буту көкүрөккө салыштырганда узунураак болуп жаралышы).

ДОЛИХОЦЕФАЛИЯ долихоцефалия (адамдын башынын узундук чени, тууралык ченинен узун болуп жаралган туура эмес өсүш менен мүнөздөлгөн баштын формаларынын варианты).

ДОЛОТО долото (сөөк тканларын кемтиктей турган ар түрдүү фордагы аспап).

ДОЛОТЧАТОЕ ГЛАЗНОЕ көз долоточосу (көздүн сыртқы катмарына бир нерсе түшүп кетсе, аны алууга ыңгайланып жасалган кичинекей долото, аспап).

ДОЛЬОТТИ МЕТОД Дольотти методу (жүректүн митралдык буктөмөсүн калыбына келтирүү үчүн жүрөк каптан кыюу кесип алуу менен бүтүрүүчү хирургиялык операция).

ДОНЬЕРГА ПИНЦЕТ Донберг кычкачы (кезду операция жасоодо колдонулуучу өзгөчө формадагы назик кычкач).

ДОНДЕРСА МОДЕЛЬ Дондерс модели (көкүрөк көңдөйүнүн кабыгынын дем алууга көрсөткөн таасирин көрсөтүш үчүн жасалган, жасалма өпкө. Анын басымы төмөндөсө дем алуу, көтөрүлсө дем чыгарууга мүмкүн болот).

ДОНЕЦКОГО КОЛЬЦО Донецкий шакеги (кан тамырды улаштыруу операциясынын убагында колдонулуучу илмектүү шакек).

ДОННЕЛЛИ СИМПТОМ Доннелли симптому (курт сымал ичегинин өнекөт сезгенч оорусунда, ичтен оң жак бөлүгүнүн төмөн жагын кол менен басып туруп, оң жак бутту өөдө көтөрсө баскан жердин оорушу).

ДОНОР донор (өз тканын, мүчөсүн башка адамдын тканынын, мүчөсүнүн кемтигин толукташ үчүн жана канынан башка бирөөгө кайрылышкан адамдар, м.: бирөөнүн бөйрөгүн экинчи адамга жалгаса, бөйрөк берген адам донор деп эсептелет).

ДОНОШЕННОСТЬ өсүп жетилүү (жатындагы бала 39-40 жумага чейинки өсүшү жетилген бала деп эсептелет).

ДООЗЕ-АЛИМОВОЙ МЕТОД Доозе-Алимова методу (кандын сүюк бөлүгүндөгү сийдиктеги органикалык эмес фосфорду аныктоо).

ДОПИНГ допинг (организмдин күбаттуулугун, психикалык демин убактылуу күчөтө турган зат).

ДОРЕНДОРФА СИМПТОМ Дорендорф симптому (толто (аорта) тамырдын капталы чоюлуп кеткен учурда акырек окуугунун бирөө толуп, оюктун билинбей калышы).

ДОРМИА ПЕТЛЯ Дормиа илмеги (сийдик куюлуучу түтүкчөгө таш пайда болгон учурда аны алып чыгуу үчүн атайылап жасалган аспап).

ДОРОМАНИЯ доромания (мүмкүнчүлүгүн эсепке албай,бөлөк бөрүнү сүйгөн адам).

ДОРОНИНА ГАСТРОСТОМИЯ Доронин карын кесүүсү (карынга жасалма жол менен тешик жасаш үчүн жасалган операция. Ал үчүн карынды конус түрүндө ичтин түз булчуңуна жана териге матай тигип коёт).

ДОРОФОБИЯ дорофобия (белек бергенден же белек алгандан өтө корккон адам).

ДОРСАЛЬНЫЙ сырткы (адамдын арт жагы же жон жагы деген маанидеги термин. Латын тилинде - дорсалис).

ДОРСОВЕНТРАЛЬНО дорсовентралдуу (организмдеги бардык өзгөрүүлөрүнүн жон жактан курсак жагына оошунда айтылуучу сөз).

ДОССОНА ЭНЦЕФАЛИТ Доссон энцефалити (мээнин жана жулундун ак заты деп аталган бөлүгү эрүү менен чектелген нерв системасын оорусу. Мында психика бузулуп, адамдын кыймыл аракети дагы өзгөрөт).

ДОСТУП жол ачуу (бир мүчөгө хирургдар операция жасоодо анын тегерегиндеги тканлардан ажыратып, так өзүнө жетиш үчүн жасалган далалаты).

ДРАГСТЕДТА ВАГОТОМИЯ Драгстедта ваготомиясы (тармактуу нервдин көкүрөктөгү бөлүгүн боор эттин үсту түшүнан кесип салып, боордук жагын көкүрөк челге тигип көчүчү операция. Ал ашказан жана он эки эли ичеги жаратка айланганда колдонулат).

ДРАГСТЕДТА-УИЛСОН СПОСОБ КОЖНОЙ ПЛАСТИКИ Драгстедт-Уйлсон тери пластикасы (терини бир жерден экинчи жерге жамаш үчүн кесилип алынган кыйык бир нече жеринен чегилип, анын көлөмү кеңейтилип андан кийин жамоо).

ДРАКУНКУЛЕЗ дракункулез (терини алдынан орун алган мите. Бул кебүнчө меридианга жакын турган өлкөлөрдүн элдеринде байкалуучу илдет болуп саналат).

ДРАММОНДА СИМПТОМ Драммонда симптому (толто тамырдын капталы кеңейген оорулуунун жүрөгү жыйрылган учурунда анын таноолорунан күч менен абанын чыгуусунун байкалышы).

ДРАСТИКА драстика (таасири күчтүү жана ичти бат өткөрүүчү дарылар).

ДРАХТЕРА ОПЕРАЦИЯ Драхтер операциясы (сийдик куюлуучу түтүктүн учу буткөн жак бөлүгүнүн өткөөлү тарыган учурда, ал түшүн кесип таштап эки учунун бирөөнү башкасынын капталына жалгоо жолу менен өткөөлдү түзүү).

ДРЕКТЕРА-МИЛОСЛАВСКОГО МЕТОД Дректер-Милославский методу (сийдиктеги 17 кетостероидди татаал реакция жасагандан кийин пайда болгон түсү өзгөрүүнү эсептеп аны аныктоо жолу).

ДРЕНАЖ-дренаж(денедеги кобулдардан же жараттан кийин пайда болгон жылчыктардан сүюктукту сыртка чыгарыш үчүн коюлган жасалга. Алардын көптөгөн түрлөрү бар).

ДРЕНАЖ АКТИВНЫЙ сордуруучу дренаж к. ДРЕНАЖ АСПИРАЦИОННЫЙ

ДРЕНАЖ АСПИРАЦИОННЫЙ сордуруучу дренаж (кобулдан суюктук сордуруп алуу учун сыртка вакуум түзүп суюктук сордуруп алуу).

ДРЕНАЖ ПО БЮЛАУ Бюлау дренажы к. БЮЛАУ ДРЕНАЖ

ДРЕНАЖ ПОСТУРАЛЬНЫЙ Постраль дренажы (оорулуу жатканда же отурганда денесиндеги суюктук өзүнөн-өзү сыртка чыккыдай абалга коюп суюктукту куюлтуу. Керек болсо башын ылдый, аягын өйдө көтөруу).

ДРЕССЛЕРА ПОСТИНФАРКТНЫЙ СИНДРОМ инфарктан кийин Дресслер синдрому к. ДРЕССЛЕРА СИНДРОМ

ДРЕССЛЕРА СИНДРОМ Дресслер синдрому (бат кармаган журектун инфарктында үч-төрт жумадан кийин башталуучу жүрөк каптын плевра менен кошо сезгенчи. Кээде эозинофилдик пневмония да байкалышы мүмкүн).

ДРИЛЬБОР дрильбор (тиштин каналын кеңитө турган аспап. Бор машина чимирилтүү жолу менен айланган үшкү).

ДРОМОТРОПНО дромотроптуу (нерв аркылуу козголуу, импульсу өтүүнүн ылдамдыгына таасир берүүчү дарылар).

ДРЯХЛОСТЬ балдыроо (адамдын жашоо мөөнөтү узакка созулганда көпчүлүк адамдарда байкалуучу абал).

ДУАЙЕНА АНГИОТРИБ Дуайен ангиотриби (кан аккан тамырды анын тегерегиндеги ткандары менен кошо жанча кармоо жолу менен аккан канын токтотуу. Ал үчүн үчү жалпак узун саптуу кычкач колдонулат).

ДУАЙЕНА ЗЕРКАЛО Дуайен кергичи (ичтеги органдарга операция жасаш үчүн кесилген жерди кере турган аспап. Ичти киндиктен төмөн жагынан кесүү өзгөчө ыңгайлуу).

ДУАЙЕНА ОПЕРАЦИЯ Дуайена операциясы (жатынды алып таштоодо жасалуучу операция. Жатын өтө чоңоюп кеткен учурда кеңири колдонулат).

ДУАЙЕНА РАСПАТОР Дуайен распатору (кабыргаларды кесип алып таштоодо колдонулуучу уч жагы кайрылган, сөөктүн тышындагы чарым эт кируурга ылайыкталган кыргыч-мулжугуч).

ДУБЛЕНИЕ ТОРФЯНОЕ чым көндүк катыруу (узак убакытка чейин чым көндүн топурагында калган өлүккө гимус кислотасы таасир тийгизүүдөн анын жумшак этинин жана мүчөлөрүнүн катып, кургап калышы. Ошол себептен өлүктүн көпкө сакталышы).

ДУБРОВА ГВОЗДЬ Дубров мыгы (кашка жилик сынганда, анын сыныктарын түздөш үчүн колдонулуучу дат баспас металлдан үч кырдуу жасалган мык. Бир жак учу учтуу келип, бир жак учунда убакыт өткөндөн кийин, кайра чыгарып алууга ыңгайланган жылгасы болот).

ДУБРОВИНА МЕТОД Дубровин методу (тиштин кыртышы сезгенгенде аны дарылаш үчүн тиштин көбүлүн тазалап, ага дайыма падыша арагы деген аралашма жиберип туруу. Аралашма азот жана туз кислотасы, ошону менен катар бертолет тузунан турат).

ДУГАСА СИМПТОМ Дугас симптому (колу мертинген адам ошол колунун алаканы менен таза жак ийнине кое албай калган учуру. Ушундай учур ошол колунун ийин муунунан мертингендигин айгинелейт).

ДУГЛАСА ГАСТРОПЕКСИЯ Дуглас карын матоосу (карын төмөн түшүп кеткен учурда кичине чычыркайды жоон ичеги туура кеткен түшүнүн байламтасына капшыра матап тигип коюлуучу операция).

ДУГЛАСА КРИК Дуглас кийкырык (түйүлдүк жатындын түтүгүнө бүтүп, ал жарылган мезгилде аялдын кынынын артқы бөлүгүнө салаалардын салып кергенде өтө ооругандыктын сезип катуу кийкырыш).

ДУГЛАСА МЕШОК Дуглас кабы (дем чыгарган абанын түтүмүндагы газ алмашууну жана өпкөнүн желпуу көлөмүн изилдөө үчүн аба жыйноого ылайыкталган, аба чыгып кетпегендей резиналык кап. Капка жел атайын жасалган түтүк аркылуу жиберилет).

ДУГЛАСА-ХОЛДЕЙНА СПОСОБ Дуглас-Холдейна ыгы (өпкөнүн желпуусун өлчөп дем алган жана чыгарган абалда кислород менен көмүр кычкыл газын организмдин кубатына зарп кылышын кийир жол менен аныктоо).

ДУГЛАСОВА ПРОСТРАНСТВО Дугласов көбүлү (аялдардын көтөн чучугу менен жатынынын ортосуна жайгашкан көбүл. Бул автордун наамында аталып калган).

ДУГЛАСОВА ПРОСТРАНСТВО Дуглас мейкиндиги к. ПРЯМОКИШЕЧНО-МАТОЧНОЕ УГЛУБЛЕНИЕ

ДУГООБРАЗНАЯ МАТКА дого сымал жатын (формасы ийилип калган жатын).

ДУКТОГРАФИЯ дуктография (организмдеги болгон өткөөлдөрдү рентген нуру өтпөгөн зат жиберип туруп изилдөө, сүрөткө тартуу. Көпчүлүк убакта бездердин өткөөлдөрү изилденет).

ДУКТУС дуктус (бир орган менен экинчи органдын ортосундагы байланыш түтүкчө, өткөөл, м.: өттүн ичегиге куюлуучу түтүгү).

ДУМБАДЗЕ ОПЕРАЦИЯ Думбадзе операциясы (буттун артериялык жоон кан тамырынын ичи тарып кеткен ооруда чурай туштагы кан тамыр таажысын жартылай кесип таштоо операциясы).

ДУОДЕНАЛЬНО дуоденалдуу (карындын уландысы, ичегинин башталышындагы 25 сантиметрге жакын келген чычыркайсыз, ичегинин аралыгы. Ошол чөйрөдөгү ичегидеги болгон бардык өзгөрүүлөр).

ДУОДЕНАЛЬНОЕ СОДЕРЖИМОЕ он эки эли ичегинин ичиндегилери (он эки эли ичегинин ичиндеги былжырлуу бези менен уйку бездин бөлүп чыгарган тамак сиңирүүчү заттары жана дагы өт суюктугу, карын чыгарган шилекей жана сиңириле элек тамак заттары).

ДУОДЕНИТ дуоденит (он эки эли ичегинин сезгенч оорусу).

ДУОДЕНОБИОПСИЯ дуоденобиопсия (он эки эли ичегинин былжырлуу катмарынан изилдөө үчүн өт кесип алуу).

ДУОДЕНОЕЮНОСТОМИЯ дуоденоеюностомия (он эки эли ичеги менен жука ичеги деп аталган ичке ичегинин тушунан бири-бирине жалгаштыра турган операция).

ДУОДЕНОКИНЕЗИОГРАФИЯ дуоденокинезиография (он эки эли ичегинин кыймылын чиймелеп каттоо жолу менен изилдөө жолу).

ДУОДЕНОСКОПИЯ дуоденоскопия (гастродуоденоскоп аспабы аркылуу он эки эли ичегинин былжырлуу катмарын карап, изилдөө методу).

ДУОДЕНОСТАЗ дуоденостаз (он эки эли ичегинин ичиндегилери узак убакытка чейин ары кетпей анын кыймылдоосунун бузулушу. Ал чемирчектин алды тартылып оору өзгөчө тамак жегенден кийин байкалат да көңүл айнып, кусат).

ДУОДЕНОСТОМИЯ дуоденостомия (он эки эли ичегини тешип, курсактын сыртына чыгарып, тигип коюучу операция).

ДУОДЕНОТОМИЯ дуоденотомия (он эки эли ичегинин былжырлуу катмарына, жалпы өт өткөөлүнүн артык бөлүгүнө жетиш үчүн он эки эли ичегинин ичин ачуучу операция).

ДУОДЕНОФИБРОСКОПИЯ дуоденофиброскопия к. ДУОДЕНОСКОПИЯ

ДУОДЕНОЭНТЕРОСТОМИЯ дуоденоэнтеростомия (он эки эли ичегини ичке ичегинин бир бөлүгүнө жалгаштыруу операциясы).

ДУОДЕНОЭКТОМИЯ дуоденоэктомия (он эки эли ичегини толугу менен алып таштоочу операция).

ДУОКРИНИН дуокринин (он эки эли ичегинин былжырлуу катмарындагы бездерди дүүлүктүрүүдөн алынган суюктук).

ДУПЛИКАТУРА дупликатура (анатомиялык жалпак дука түзүлүштүн эки каттуулугу, ж.:чычыркай майы).

ДУПЛИКАЦИЯ дупликация (кирич жарылып кеткен учурда, киричтин капталын бекемдетип учун анын сыртына эки кабаттап, булчун же чарымды дубайнадай кылып коюу).

ДУРАНДА-ДЗУНИНА СИНДРОМ Дуранд-Дзунин синдрому (туура эмес өсүштүн бир нече түрү: баш сөөктөрүнүн өсүп жетилбестиги, тунук мээ пардасынын жоктугу, мээге суу толуу, жүлүндүн эки ачалуулугу, майпак буттуулук, ушул синдромго тиешелүү).

ДУРМАН мендубана (уругу менен жалбырагында гиосциамин жана скополамин деген алколоид заты бар чөп. Бул медицинада кеңири колдонулат).

ДУРМАШКИНА КАТЕТЕР Дурмашкин катетери (сийдик куюлуучу түтүктөгү ташты илдый жылдыруурга илайыкталып, уч жагында үйлөтсө көбө турган резина баллондуу түтүк).

ДУШ душ (организмге суунун угун ар түрдүү басымда, температурада жиберип таасир берүү менен дарылоочу жана гигиеналык максатты көздөгөн аракет).

ДУШ ВОЗДУШНЫЙ аба душу (дененин бир жеринин температурасын төмөндетүш үчүн белгилүү ылдамдыкта, температурада жел үйлөтүү).

ДУШЕВАЯ КАФЕДРА душ кафедрасы (медициналык душка керектүү температурадагы басымдагы сууну бере турган атайын жасалга).

ДУШ МАССАЖ душ укалоо (кол менен укалоо жана чачыратып берген душтун таасирин шайкештирүүчү дарылоо аракети).

ДУШ МАССАЖ ПОДВОДНЫЙ суу астындагы душ укалоо (оорулууну ваннага салып же бассейнде суунун күчтүү басымдуу угу менен душ берип укалоо жолу менен дарылоо).

ДУШ ШАРКО Шарко душу (жогорку басымдуу сууну ар түрдүү көлөмдөгү түтүкчөлөр аркылуу өткөрүп аны дененин бөлүкчөлөрүнө чачыратып кээ бир ооруну дарылоо).

ДЫХАНИЕ дем алуу (ар түрдүү органдар жана башка системалар организмге айлана-чөйрөдөн кислород келтирип, аны керектеп, көмүр кычкыл газын сыртка чыгарууну аткаруучу аракеттердин тобу).

ДЫХАНИЕ БИОТА Биота дем алуусу (кезек-кезеги менен жарым минутага чейин дем албай, андан кийин бат-бат дем алуунун башталуусу. Мындай дем алуу көбүнчө мээге шишик пайда болгондо, ага кан уюганда, канга тышка бөлүнүп чыгуучу керексиз заттар толуп кеткенде байкалат).

ДЫХАНИЕ КУССМАУЛЯ Куссмауль дем алуусу (акырын жай, өтө терең, шуулдата үн чыгара дем алуу. Диабет оорусу өтүшүп кеткенде, оорулуу ушундай дем алууга дуушар келет).

ДЫХАНИЕ УПРАВЛЯЕМОЕ жөнгө салынуучу дем алуу (дем алуу жетишсиз болуп же дем алуу токтогон учурда газ алмашууну керек деңгээлде камсыз кылууга ылайыктап автоматтык түрдө өпкөгө жел үйлөтүү).

ДЫХАТЕЛЬНЫЕ ПУТИ дем алуу жолдору (аба өпкөнүн эң терең жеринде альвеолаларга жете турган ички көңдөй органдар. Ал өздөкү: мурун мурундун көңдейү, кулкун; төменкүсү: коко, бронх болуп экиге бөлүнөт).

ДЫХАТЕЛЬНЫЙ ОБЪЕМ дем алуу көлөмү (дем алуунун бир цикли деп аталган дем алганда же дем чыгаргандагы абанын көлөмү).

ДЪЕРДЬЯН СПОСОБ Дъердьян ыгы (мурундун артқы бөлүгүн фарингоскоп аркылуу карап изилдее методу).

ДЬЯКОНОВ АППЕНДЭКТОМИЯ Дьяконов аппендэктомия (курт сымал ичегини алып таштоо ыгы. Ал үчүн курт сымал ичегини жоон ичегиден чыккан жер. Тушуна кычкач менен катуу кыпчып, кесип таштап, анын тегерегине бүйрүлмө тигин салып, матырып байлап коюш).

ДЮАМЕЛЯ ОПЕРАЦИЯ Дюамель операциясы (жоон ичеги өтө чоюлуп кеткен - Гиршспрунг оорусунда ичегинин чоюлган бөлүгүн кесип таштап, жоон ичегинин жогорку бөлүгүн көтөн чучуктун арты менен алып келип ага улаштырып коюучу операция).

ДЮБО ДИЛАТАТОР Дюбо дилататору (толто бүктөмөсү кууш болуп калган учурда, аны кеңейтиш үчүн атайлап жасалган хирургиялык аспап).

ДЮБРЕЯ ПРЕДРАКОВЫЙ МЕЛАНОЗ Дюбрей рак алдындагы меланоз (көпчүлүк учурда бетке чыгып, ракка айланып кетүүгө ыктымал. Теридеги кээрде же кара түстөгү жай өскөн мең, шишик).

ДЮБУА АБСЦЕСС Дюбуа абсцесси (туулгандан эле котон жаралуу төрөлгөндөрдө байкалуучу сенек, бездин ирик оорусу. Ириндин ичинде лимфоциттер нейтрофилдүү гранулоциттер, эпителиалдык клеткалар жана спирохеталар болот).

ДЮБУА СИМПТОМ Дюбуа симптому (туулгандан эле котон жаралуу, Дюаун соруусунда байкалуучу чыпалактын кыскалыгы ошону менен катар бешинчи бармактын бейбелчек сөөктөрү өзгөрүү менен мүнөздөлгөн көрүнүш).

ДЮВАЛЯ ПИНСЕТ Дювал кычкачы (өпкөнү кыпчыш үчүн формасы уч бурчтуу ортосу бурчтуу тешик, баш жагы быдырлуу хирургиялык аспап, кыпчуур).

ДЮВЕРНЕЯ ПЕРЕЛОМ Дюверней сынығы (жамбаш сөөктүн чоң канатынын туурасынан сынышы. Сынык жамбаш оюгунун жогору жагынан туурасынан өтүп, канат жогорулап жана каптал жакка жылышы).

ДЮГЕ АНГИНА Дюге ангинасы (таңдай жана кичине тил кырчоосунда түбү ак боз түстөгү, майда жаралган чекиттер пайда болуп көбүнкү тартып турушу. Мындай көрүнүш ич келте оорусунда да чанда байкалышы ыктымал).

ДЮКЕНА СИМПТОМ Дюкен симптому (буттун булчуңдарын бир аз шаланкы кылып туруп, кызыл ашык туштан буттун кетменин туурасынан кыймылдатканда оорушу. Ушундай көрүнүш шыйрак вена тамырынын сезгенгендигине күбө).

ДЮПЛЕЯ СИНДРОМ Дюплей синдрому (колду өзүн көздөй буруп алаканды ич жакка бир аз толгосо, ийин ооруп кыймылдоого мүмкүн болбостугу. Ийин мүүнүнүн тегерегиндеги булчуңдун тарамыштарына туз жыйналып калууда байкалат.

ДЮПЮЙ-ДЮТАНА СИМПТОМ Дюпюй-Дютан синдрому (беттин нервинин чет жакы бутагы шал болгондо, оорулуу ылдый карап көзүн жумса, нерв жабыркаган жактагы көздүн жылчыгы жакындабай көздүн ачык калышы).

ДЮПИТРЕНА АБСЦЕСС Дюпитрен абсцесси (кичине жамбаш чарасынын каптал жак бөлүгүндө болуп, жатындын жайык байламтасы менен бирге чурай байламтасы кошо ирин чалган оорусу. Жатындын тегерегиндеги чарым ириңге айлангандагы кабылдоосу).

ДЮПИТРЕНА КОНТРАКТУРА Дюпитрен сенеги (колдун бир же бир нече, өзгөчө төртүнчү же бешинчи бармактарынын алакан чарымы катуулануусунан алар аз-аздап бүгүлүп сенек болуп калышы. Бул автордун аамында аталып калган).

ДЮПИТРЕНА МЕТОД КОЛЬПОПОЭЗА Дюпитрен кольпопоэза методу (аялдын жыныстык кыны такыр эле жок болгон учурда этекжик аркылуу чыккан канды сыртка чыгарыш үчүн өзүнчө жол жасалган операция).

ИГЛОДЕРЖАТЕЛЬ ийне кыпчуур (жаратты тигиш үчүн ийнени кыпчуурга ылайыкталган кыпчуур-кычкач).

ИГЛОТЕРАПИЯ ийне менен дарылоо (дарттын мүнөзүнө жараша белгилүү бир жерлерге атайын жасалган ийне менен сайып дарылоо жолу).

ИГЛЫ МЕДИЦИНСКИЕ медициналык ийнелер (дарыны денеңин терең

жеткирүү же суюктуктарды тарттыруу максатында колдонулуучу ичи көндөй, агайылап жасалган ийнелер).

ИДЕИ НАВЯЗЧИВЫЕ тануулланган идея (ойлогон ою негизсиз экенин ойлоп туруп, андан баш тарта албаган идеялуу оорулуулар).

ИДЕНТИФИКАЦИЯ МИКРОБОВ микробдорду көндөө (микробдорду тукумуна жараша жана башка түрлөрүнө караша ылгап, талдоо жолу).

ИДИОПАТИЧЕСКИЙ идиопатикалык (денеге өзүнчө өсүп чыккан, себепсиз пайда болгон бардык оорулар, өзгөрүүлөр).

ИДИОТ идиот (акылы кем адам).

ИДИОСИНКРАЗИЯ идиосинкразия (туулганда эле же кийин кээ бир заттар организмге тамак аркылуу же ийне аркылуу сайганда киришине караша организмдин жалпы реакциясынын аты. Ага тигилер жакпастык, м.: кеген тамактын түтүмүндагы кээ бир зат, кээ бир кишиге берүү катыша пайда кылышы).

ИДИОТИЗМ идиотизм (адам туулгандан же кийинчерээк акылынын жок болушу. Алардын кыймыл аракети, кыял-коругу коомго терс болушу).

ИЕРОФОБИЯ иерофобия (диндик буюмдардан өтө коркуу).

ИЕРСИНИОЗ иерсиниоз (иерсиниа бактериясынын бир түрүнөн кугуп, ар түрдүү формада өткөн кугуштуу оору. Дартка мүнөздүү: температура жогору болуп денени жалпы уулантып, ичеги-карынды сезгентип, чычыркай бездер да мандем болуу менен чектелген оору).

ИЗАДРИН изадрин (тигизген таасири боюнча адреналинге окшош, бронхдордун булчуңдарына бошоңдотуучу таасирдүү, бронхдук астма ооруусунда кеңири колдонулуучу дары).

ИЗАФЕНИН изафенин (адамдын заңы катканда ич өткөрүш үчүн ичеги шалаңкы болгон учурда кубаттандыруу үчүн колдонулуучу дары).

ИЗВИЛИНА кылга (мээнин сыртындагы ийри-буйру тарткан, ойдун, кылгалары).

ИЗВРАЩЕНИЕ СНА уйку бузулуш (уктоо түнкүсүн такыр эле болбой, күндүзү үргүлөп кетүү менен мүнөздөлгөн уйку качкан учур. Улгайган адамдардан байкоого болот).

ИЗЖОГА зарна (кызыл өңгечтүн түшу ысгандыкты сезип, күрөгү айланып туруу абалы. Зарна көбүнчө, ашказандын маңызында кычкылдуулугу көп болгон учурда сезилет).

ИЗМЕНЧИВОСТЬ МИКРООРГАНИЗМОВ микробдордун өзгөрүлүшү (бардык жандыктардай эле микробдордун белгилүү бир себептерден кийин түрүнүн өзгөрүлүшү).

ИЗНАСИЛОВАНИЕ зордуктоо (аялды күчкө салып, зордук менен жыныстык катнашуу).

ИЗОГОРМОН изогормон (химиялык түзүлүшү боюнча гормондорго окшоп, таасири боюнча башка гормондордой биологиялык таасир бере албаган заттар).

ИЗОДАКТИЛИЙ изодактилия (чемирчек толугу менен өсүп жетилбеген себептен колдун тең диги. Бармактар мүкүр, жоон жана учу бирдей кырка болушу).

ИЗОДИНАМИЯ изодинамия (ар түрдүү тамак заттарынын күчтүүлүгү жагынан бирдейлиги. Бир тамак жок болсо аны башка тамак заты менен алмаштырганда организмге кубаттуулугу бирдей таасири изодинамия деп аталат).

ИЗОКОРИЯ изокория (оң жана сол, эки каректин узун туурасынын бирдей өлчөмдө болушу).

ИЗОЛОФОБИЯ изолофобия (турмушумда жалгыз калам деп өтө коркуу).

ИЗОЛЯТОР изолятор (жугуштуу оору менен оорулууларды жана ага күнөм санаган адамдарды башкалардан бөлүп коюучу жай).

ИЗОЛЯЦИЯ изоляция (жугуштуу ооруларды жана жинди ооруларды башкалардан бөлүү, жалгыздатуу).

ИЗОЛЯЦИЯ ИНФЕКЦИОННЫХ БОЛЬНЫХ жугуштуу оорулууларды бөлүү (жугуштуу оорулууларды таза адамдарга оорусун жуктурбоо үчүн жана оору мындан ары тарап, көбейүп кетпес үчүн аларды бөлүп коюу чаралары).

ИЗОЛЯЦИОННЫЙ ДОМ өзүнчө үй (жугуштуу ооруларга катнашкан таза адамдарды өзгөчө болуп, алардан оолактаткан, күгүш жугууга каршылык көрсөтүүчү мекеме).

ИЗОМЕРАЗЫ изомераздар (углеводдорду үстү кандоочу, майдалоочу ферменттер).

ИЗОМЕТРОПИЯ изометропия (эки көздүн жарыкты бирдей чагылдырышы).

ИЗОПНОЭ изопноэ (адам үреп дем алганда өпкөнүн желүүсү өтө төмөн болгон абал. Мындай абал кан айлануунун жетишсиздинен өпкөгө кан толуп кеткен учурда байкалат).

ИЗОСТЕНУРИЯ изостенурия (салыштырма салмагы нормадан төмөн сийдик бөлүп чыгаруу. Бул бөйрөктүн оорусунда байкалат).

ИЗОТОНИЧЕСКИЕ РАСТВОРЫ изотониялык эритмелер (осмостук басымы боюнча бирдей эритмелер. Денени шишик басымы осмостук басымдын өзгөрүшүнөн келип чыгат).

ИЗОТОПНОЕ РАЗВЕДЕНИЕ изотоптук жайылуу (ар түрдүү органдардын изотопту сиңирүү ылдамдыгын аныктоо методу. Ал үчүн изотопту дене-

ге жибергенден кийин ал канга кошулгандыгын бир нече ирет өлчөө жолу менен аныкталат).

ИЗОТОПЫ изотоптор (бир эле химиялык заттын ар түрдүүлүгү. Ядросу бирдей зарядду, бирок атомдук салмагы ар башка. Алардын көпчүлүгү радиоактивдүү келип, медицинада кеңири колдонулууда).

ИКВА ЛИХОРАДКА икка калтыратмасы К. ЛИХОРАДКАОКОПНАЯ

ИКОТА ыктыуу (боор эттин кезек-кезеги менен жыйрылуусунан пайда болгон көрүнүш).

ИКРАНОЖНЫЙ НЕРВ балтыр нерви (буттун балтырындагы балык сымал булчуңун тейлей турган нерв).

ИКТЕРУС иктерус (дененин саргарып кетиши. Бул көбүнчө сарык оорусунда, боор дартка чалдыкканда байкалат).

ИЛЕИТ илеит (ичке ичегинин эң аякы бөлүгүнүн сезгениши).

ИЛЕИТ ТЕРМИНАЛЬНЫЙ соңку илеит (ичке ичегинин эң аяккы бөлүгүн дарт чалган крона оорусунун формасы).

ИЛЕОКОЛОПЛАСТИКА илеоколопластика (жоон ичегинин бөлүгүн алып таштоо операциясында анын ордун ичке ичеги менен толуктоо, улоо).

ИЛЕОПОРТОГРАФИЯ илеопортография (боордун улага вене кан тамырын сүретке тартып алыш үчүн ичти жарып, ичке ичегилердин чычыркайлар венасына рентген нуру өтпөгөн зат куюу операциясы).

ИЛЕОПРОКТОСТОМИЯ илеопроктостомия (көтөн-чучукка ичке ичегини жалгаштыруучу операция).

ИЛЕОРЕКТОСТОМИЯ илеоректостомия К. ИЛЕОПРОКТОСТОМИЯ

ИЛЕОСИГМОАНАСТОМОЗ илеосигмоанастомоз (жоон ичегинин сигма сымал бөлүгүн ичке ичеги менен жалгаштырып коюучу операция).

ИЛЕОСТАЗ илеостаз (ичке ичегинин төмөнкү бөлүгүнүн ичине заңдын толуп калышы).

ИЛЕОСТОМИЯ илеостомия (операциялык жол менен ичке ичегини тешип коюу. Бул көпчүлүгү ичегиден жел чыгаруу максатында жасалуучу операция).

ИЛЕОТИФЛИТ илеотифлит (сокур ичеги менен кошо ичке ичегинин аяккы бөлүгүндөгү ичегинин да сезгенүүсү).

ИЛЕО-ТРАНСВЕРЗОСТОМИЯ илео-трансверзостомия (ичке ичеги менен туура жоон ичегини катнаш кылып жалгоо операциясы).

ИЛЕО-СИГМОИДОСТОМИЯ илео-сигмоидостомия (ичке ичегинин аяккы бөлүгүн сымал жоон ичегиге катнаш кылып, тигип коюу менен жол жасоо).

ИЛЕОЦЕКАЛЬНОЕ ОТВЕРСТИЕ илеоцекалдык тешик (сокур ичеги менен

ичке ичегинин чегиндеги экөөнү туташтыруучу көзөнөк. Ал экөөнүн чегинде өзгөчө бүктөмөсү, капкычы болот).

ИЛЕОЦИСТОПЛАСТИКА илеоцистопластика (табарсыктын сыйымдуулугун арттыруу үчүн ичке ичегиден курак алып, табарсыктын капталына жамап, кеңейтүүчү хирургиялык операция).

ИЛИЗАРОВА КОМПРЕССИОННО-ДИСТРАКЦИОННЫЙ АППАРАТ Илизаровдун матап-толгоочу аппараты (сөөк сынганда аны матап, зарыл болсо толгоп, сынган буту-колду узартуучу аппарат. Жасалгасы өтө татаал, керектик жагы өтө зарыл аппараттардан).

ИЛИОСПОНДИЛЕЗ илиоспондилез (бел курчоо түштагы омурткалардын бир нечесин жамбаш сөөктүн кырына кынап бекитип коюучу операция. Ал куймулчак омуртка бел омурткаларына жабышып өсүп калган учурда жасалат).

ИЛЛЮЗИЯ иллюзия (айлана чөйрөнүн кубулушун бурун кабыл алуу. Кулакка угулган добуштан башка дагы кубулган добуш угулуу, көзгө болбогон сүрөттөр көрүнүү. Бул жин оорусунда байкалат).

ИЛЬКИ МЕТОД Ильки методу (кандын суюк бөлүгүндөгү холестериндин түтүмүнүн түсүн салыштыруу жолу менен сан жагынан аныктоо).

ИМБЕЦИЛЬНОСТЬ имбецилдүү (баланын төрөлгөндөн кийинки кем акылдуу болуп калышы. Кирди-чыкты эси бар бала).

ИМБИБИЦИЯ имбибиция (суюктукта эриген заттардын кан тамыр аркылуу канга же тканга сиңип топтолушу).

ИММОБИЛИЗАЦИЯ иммобилизация (муунду же сынган сөөктөрдү дарылоо катарында кыймылдатпай таңып коюу, шакшактоо).

ИММУНИЗАЦИЯ иммунизация (организмдин күчүн күчөтүп жугуштуу ооруну кабыл албагыдай кылып эмдөө чаралары).

ИММУНИТЕТ иммунитет (оорутуучу микробдорду организмдин кабыл албоочулугу. Жуккан жугуштуу микроодорго каршы күрөшүүнүн күчтүүлүгү).

ИММУННЫЙ ОТВЕТ иммундук жооп (организмде антигендик дүүлүгүүлөргө жараша иммунитеттин пайда болушу).

ИММУНОГЕМАТОЛОГИЯ иммуногематология (кандын составынын бөлүгүндөгү антиген менен антителанын организмдеги ролун жана кандын ооруларынын иммунологиялык реакция менен катышын окуй турган иммунология менен гематологиянын бөлүгү. Ошону менен катар алардын оорусун болтурбоо, дарылоо чараларын изилдөө).

ИММУНОГЕН иммуноген (каралуу менен иммундук жооп түзүүгө жөндөмдүү антиген).

ИММУНОГЕНЕЗ иммуногенез (иммунитет жаралуу процесси).

ИММУНОГЛОБУЛИНЫ иммуноглобулиндер (адамда жана жаныбарларда антигендик кызмат аткаруучу глобулиндер).

ИММУНОЛОГИЯ иммунология (организмдин оорууну кабыл албоого мүмкүндүк сырын изилдөөчү медико-биологиялык илим. Илим организм антигенге кандайча реакция берүүдөгү бардык өзгөрүүлөрүн изилдейт).

ИММУНОТЕРАПИЯ иммунотерапия (иммунитеттин бардык системасына таасир берүүгө негизделип, дартты дарылоо методу).

ИММУНОТРАНСФУЗИЯ иммунотрансфузия (ооруп айыккан оорулуунун канын күлп туруп же мурунтан атайын даярдалган канды куюп иммунитеттин күчүн күчөтүү).

ИМПЕРАТОРА РЕФЛЕКС императора рефлекси (таңдайды дүүлүктүргөн учурда көз жумуу рефлекси. Дарттын белгиси эмес физиологиялык көрүнүш. Бул автордун аамындагы рефлекс).

ИМПЕТИГО импетиго (адегенде мелтүрөп, анын ордуна карт пайда болгон төрөнин жугуштуу оорусу).

ИМПИНДЖЕР импинджер (абанын чаңдуулугун өлчөй турган аспап).

ИМПЛАНТАЦИЯ имплантация (тканды бир жерге көчүрүп, жабыштырып тигип коюу. Оорулуу органдын ордуна таза органды алмаштыруу. Ички көңдөй органдарда бири-бирине жалгаштыруу).

ИМПОТЕНЦИЯ импотенция (эркектин жыныстык катнашууга дарманынын аздыгы же такыр эле катыша албаган абалы).

ИМПРЕССИЯ импрессия (бир мүчөнүн жанындагы башка мүчөнүн кысуудан калган тагы).

ИМПУБЕРТАС импубертас (жыныстык өсүүгө өсүп жетилбөө).

ИМПУЛЬС импульс (жүректүн согушу менен бир мезгилде болуучу тамырдын калышы, согушу. Жүректүн кыймыл илебинин таралышы).

ИМРЕ ОПЕРАЦИЯ Имре операциясы (көздүн алдыңкы катмарынын түшүндагы терисинен өөн бычып, көздүн төменкү капкычынын жылчыгын жасоочу операция).

ИНАНИЦИЯ инаниция (тамактын узак убакытка чейин жетишсиздигинен жана ачарчылыктан арыктоо).

ИНВАЗИЯ инвазия (жаныбарлардын ооруга чалдыктыруучу митеси адамдын организмине кириши, жугуштуу оорунун башталышы).

ИНВЕРСИЯ инверсия (органдар өз калыбында болбой, оң эмес толгонуп калышы, м.: катын).

ИН ВИВО ин вивО (медициналык илимий байкоо пробиркада эмес, адамдын денесинде жүргүзүлүшү).

ИНВИТРО инвитро (медициналык илимий байкоо адамда эмес, пробиркада кўрўшў).

ИНВОЛЮЦИЯ инволюция (келемў чоңойгон ткандардын, органдардын кайра калыбына келиши. М.: жатындын бала төрөлгөндөн кийинки абалынын кайра өз калыбына келиши).

ИНГАЛЯТОР ингалятор (дартты болтурбоо же дарылоо үчүн газга, буугa айланган заттарды адамдын дем алуу жолдоруна жибере турган аппарат).

ИНГАЛЯТОР КИСЛОРОДНЫЙ кислород ингалятору (адам таза кислородду же ага арбын кошундуулуу газдарды дем алдырып дарылай турган аппарат).

ИНГАЛЯТОРИЙ ингаляторий (адамдын дем алуу жолдоруна дары заттарын өтө эле майдаланган түрүндө таптай берүү үчүн ылайыкталган аппараттар менен жабдылган жай).

ИНГАЛЯЦИЯ ингаляция (дарыны, газды, буунy басымдын жардамы аркылуу чачыратып, бүрктүрүп дем алдыруу).

ИНГЕСТИО ингестио (тамакты ичип, жеш, жутуу процесси).

ИНГИБИТОР ингибитор (химиялык реакцияны, физиологиялык аракетти токтотуучу же кечтетүүчү зат).

ИНГРЕДИЕНТ ингредиент (тутуму өтө татаал дарынын ичиндеги заттарынын бир бөлүгү).

ИНГРЕХЕМА ОПЕРАЦИЯ ингрехем операциясы (туулгандан эле баш сөөгүнүн өсүп жетилбеген тешигинен мээ сыртка урчуюп чыгып калган жериндеги тешикти, мээнин сыртқы катмарынын чарымы менен калканч жасап бегөөчү операция).

ИНДИВИДУАЛЬНАЯ КАРТА АМБУЛАТОРНОГО БОЛЬНОГО оорулуунун амбулаториялык өздүк картасы (поликлиникага биринчи жолу кайрылган оорулууга толтурулуп, анын оорусун анализдөө, дарылоо профилактикалык чараларды жаза турган медициналык документ).

ИНДИВИДУАЛЬНЫЙ ПЕРЕВЯЗОЧНЫЙ ПАКЕТ өздүк таңуучу куту (коргоочу катмарга оролуп, стерилизацияланган таңуучу материал. Ал согуш убагында жаратты таңууга жана кан токтотуу максатында колдонулуп, белгиленген форматта жасалат).

ИНДИВИДУАЛЬНЫЙ ПРОТИВОХИМИЧЕСКИЙ ПАКЕТ химияга каршы өздүк куту (душман уулантуучу зат колдонсо ага каршы колдонулууга ылайыкталып жасалган кутудагы зат. Уулантуучу заттын күчүн жоготот).

ИНДИГЕСТИЯ индигестия (тамак сиңирүүнүн жалпы бузулушу. Ашказандын кызматынын бир аз гана бузулушу).

ИНДИГОКАРМИН индигокармин (индиго күкүрт кислотасынын калий же натрий тузу. Бөйрөктүн жана боордун кызматын текшерүү үчүн колдонулуучу көк түстөгү зат. Урологдор көңири колдонушат).

ИНДИГОКАРМИНОВАЯ ПРОБА индигокарминдик баамдоо (бөйрөктүн ишин текшерүү үчүн колдонулуучу баамдоо. Ал үчүн венага индигокармин эритмесин куят (түсү көк болот). Табарсыкка салынган цистоскоп менен бөйрөктүн канча убакыттан кийин бөлүнүп чыгарын көзөмөлдөп туруп бөйрөктүн функциясына баа берилет).

ИНДИЙСКИЙ СПОСОБ ПЛАСТИКИ индиялык пластика ыгы (формасы бузулган мурунду бүтөш үчүн чеке тушун терисинен анын алдындагы чарымдары менен кошо тутка түспөлүндөй кармооч жасап көчүчү операция. Тутканын жогорку бөлүгүн кесип алып ылдый жакка аттатып тигип коюп, бир топ убакыт өткөндөн кийин дагы аттатып, формасы бузулган тушка жеткенде керектүү эп кыйып алып тешикти бүтөө).

ИНДИКАН индикан (индоксилглюкурон кислотасы. Ал боордун, ичеги-карындын, бөйрөктүн ооруларында канда көп болот).

ИНДИКАНЕМИЯ индиканемия (канда индикан затынын пайда болушу. Бул бөйрөк оорусунда байкалат).

ИНДИКАНУРИЯ индиканурия (ичегиде белок заттарынын чиришинен индикан затынын сийдикте көп болушу. Ичегиден эч нерсе өтпөй калганда, сарык оорусунда жана ич келте оорусунда ичегидеги белок заттары көп чирийт).

ИНДИКАЦИЯ индикация (дарылоонун жөнү, дартка караша дарылоону чектөө).

ИНДИКАЦИЯ СРЕДСТВ ПОРАЖЕНИЯ уулантуучу заттарды аныктоо (душман уу зат чачканда адамдардын организми жана жаныбарлар уу заттар менен канчалык уулангандыгын аныктоочу аракет. Уу заттарды аныктоо негизинен согуш убагында күргүзүлөт да ага каршы чаралардын көлөмү ушунун күчүнө жараша болот).

ИНДИФФЕРЕНТНО индифференттуу (дарынын зыянсыз, эч нерсеге татыксыз, маанисиздиги).

ИНДОЛ индол (ичегидеги трифтофандан пайда болгон уландыруучу кошунду).

ИНДОЛЕНТНО индоленттуу (денесинин бир жеринин кызаргандыгын, шишигендигин кармап көргөндө анын оорубастыгы).

ИНДУКТОПИРЕКСИЯ индуктопирексия (организмдин температурасын көтөрүлатуучу, туруксуз жогорку жыштыктагы магниттик чөйрө менен таасир берип электрдик дарылоо методу).

ИНДУКТОТЕРАПИЯ индуктотерапия (жогорку жыштыктагы кана чыка-

луудагы электр магниттүү кеңдик менен дарылоо жолу. Кандын басымы когорку жана неврозду ооруларды дарылашат).

ИНДУКТОТЕРМИЯ индуктотермия (когорку жыштыктагы магниттик кеңдик менен организмге таасир берип, электрдик дарылоо методу. Организмге тийгизген таасири жылуулук берүү менен мүнөздөлөт).

ИНДУРАЦИЯ индурация (дарттан кийин мүчөнүн бириктиргич ткандарынын өсүшүнүн натыйжасында бир жерди карман кергенде катуулап калышы).

ИНЕРТНОСТЬ инерттүүлүк (ткандарга тыштан тийгизген таасирлерине кайдыгер жообу).

ИНКАПСУЛЯЦИЯ инкапсуляция (сезгенчтен, же бир бөтөн нерсе денеге киргенден кийин аның тышын кабыкча же чел каптоо).

ИНКАРЦЕРАЦИЯ инкарцерация (ич кеңдөөнүн кобулуна ичегинин капталып кирип калышы).

ИНКОМПЕНСАЦИЯ инкомпенсация (калыбына келтире албоо: оорунун учурунда органдын функциясынын бузулуңунун кадимкидей ордунда болбостугу).

ИНКРЕТ инкрет (орган же ткань чыгарган заттарын канга же лимфага куюшу).

ИНКРЕТОРНО инкретордуу (кээ бир бездердин сүйктугун, гормонун денеңин сыртына чыгарбай, канга кошушу).

ИНКРУСТАЦИЯ инкрустация (денеде ткандар чиригенде же дене каралганда денеге кирип калган нерселердин сыртына кальций туздары чогулуп, катуу таш болуп калышы).

ИНКУБАТОР МЕДИЦИНСКИЙ медициналык инкубатор (ара төрелгөн балдарды бага турган кай. Ал өзүнчө жасалган камера аның ичинде температура, нымдуулук, абанын газ составы белгиленген өлчөмдө болушу зарыл).

ИНКУБАЦИЯ инкубация (жугуштуу оорунун микробдору организмге киргенден баштап, оорунун биринчи белгилери байкалганга чейинки мезгили).

ИНКУРАБИЛИС инкурабилис (дартты дарылоого мүмкүн болбой калган учур. Оору өтүшүп кеткенде байкалат. Анда өмүр сактап калууга, ден соолукту калыбына келтирүүгө мүмкүнчүлүктүн жоктугу).

ИННЕРВАЦИЯ иннервация (ткандарды жана органдарды нервдик төйлөө. Чоң нерв бутактанып, органдарга барууcу).

ИНОКУЛЯЦИЯ инокуляция (лабораториялык шартта жаныбарларга дарт жуктуруу максатында ийне сайу же жеңекей жуктуруу аракети).

ИНОПЕРАБИЛЬНО иноперабилдуу (илдетти операциялык жол менен айыктырууга мүмкүн болбогон, өтүшүп кеткен учуру).

ИНОРОДНЫЕ ТЕЛА денеге бөтөн нерсе (организм үчүн бөтөн деп эсептелүүчү буюм же аның бөлүгү денедеги тешиктери аркылуу же мүчөнүн кебин бузуп, денеңин бир керинен орун алышы, м.: денеге атылган ок, тикенек кирүү).

ИНСКРИПЦИО инскрипцио (рецептин баш жагы. Анда оорулуунун аалы, жашы, датасы жана врачтын аалы бар бөлүгү).

ИНСЕКТИЦИДЫ инсектициддер (курт-кумурскаларды кыруучу химиялык уу заттар).

ИНСОЛЯЦИЯ инсоляция (күндүн нурун оорулууларга дарылык максатта колдонуу).

ИНСОМНИЯ инсомния (уйкусу келбей, уктай албоо).

ИНСПЕКЦИЯ инспекция (оорулууну текшерип, дартын табуу үчүн карап чыгуу).

ИНСПИРАТОРНАЯ МОЩНОСТЬ ЛЕГКИХ өпкөнүн дем алуу дарманы (дем алган убакта кокодон өткөн абанын көлөмдүк ылдамдыгына жараша дем алдыруучу булчуңдардын кыймылдоо кызматынын көрсөткүчү. Ал пневмотихометр аппараты аркылуу өлчөнөт).

ИНСПИРАЦИЯ инспирация (дем алуу, өпкөгө жел толуу, өпкөнүн көлөм жагынан чоңоюп, көбүшү).

ИНСТИЛЛЯЦИЯ инстилляция (табарсыкка же слийдик чыгаруучу жолго өтө күчтүү дарыны атайын жасалган аспап менен тамчылатуу жолу).

ИНСТИТУТ УСОВЕРШЕНСТВОВАНИЯ ВРАЧЕЙ врачтардын билимин өркүндөтүүчү институт (медициналык кызматкерлердин адистик кесибин өркүндөтүү үчүн уюштурулган жогорку окуу жайы).

ИНСУЛИН инсулин (карындын алдындагы бездин чыгарган сүйктугу-гормону. Бул кант оорусун дарылоодогу негизги дары. Организмдеги канттын деңгээлин калыптандырат).

ИНСУЛОМА инсулома (уйку бездэн өсүп чыккан шишик).

ИНСУЛЬТ инсульт (мээнин кан тамырларында, кан айлануусунун капсынан бузулушу. Алар ар түрдүүчө болот).

ИНСУФФЛЯЦИЯ инсуффляция (көкүрөктүн көңдөңүнө аба киргизүү, дарыны обо мурунга үйлөө, ичеги-карынга оорунун атын аныктоо максатында жел толтуруу).

ИНТАКТНО интактуу (эч нерсе болбогон, жарылып бүлүнбөгөн, өзгөрүлбөгөн ткань).

ИНТЕРАРТИКУЛЯРНО муун аркылуу (эки муундун ортосундагы бардык өзгөрүүлөр).

ИНТЕРВЕРТЕБРАЛЬНОЙ омуртка аркылуу (омурткалардын арасынан орун алган бардык өзгөрүүлөр).

ИНТЕРКОСТАЛЬНО кабырга аркылуу (кабыргалардын арасынан орун алган бардык өзгөрүүлөр).

ИНТЕРЛОБАРНО интерлобардуу (эки бөлүктүү органдардын ортосундагы бардык өзгөрүүлөр).

ИНТЕРЛОБУЛЯРНО интерлобулярдуу (эки бөлүкчөлүү органдардын ортосундагы бардык өзгөрүүлөр).

ИНТЕРМЕДИУС интермедиус (бардык өзгөрүүнүн эки органдын ортосунда болуу абалы).

ИНТЕРМЕНСТРУАЛЬНО интерменструалдуу (мурдунку этеккири менен кийинки этеккиринин ортосундагы мезгил).

ИНТЕРМИССИЯ интермиссия (оорунун, температура жогорулоонун, алсыроонун убактылуу токтогон учуру).

ИНТЕРНИСТЫ интернисттер(ички ооруларды изилдөөчү, дарылоочу врач, терапевтер).

ИНТЕРОРЕЦЕПТОР интерорецептор (организмдин ички чөйрөсүнөн чыккан сезүүлөрдү, ички органдардын ишинин бузулушун борбордук нерв системага жеткирүүчү нервдер).

ИНТЕРПОЗИЦИЯ интерпозиция (сынган сөөктөрдүн арасына жумшак ткандардын кирип калышы).

ИНТЕРСЕКСУАЛЬНОСТЬ интерсексуалдуулук (эркектик жана аялдык жыныс мүчөсү бар адам, кыстеке).

ИНТЕРСКАПУЛЯРНО интерскапулярдуу (эки далынын ортосундагы бардык өзгөрүүлөр).

ИНТЕРРЕНАЛИЗМ интерренализм (экинчи мезгилде пайда болушу. Ал кыздардын бөйрөгүнүн үстүндөгү бөзинин оррусунда байкалат).

ИНТЕРСТИЦИЙ интерстиций (ткандардын арасындагы клеткалары болгон бош жер, көбүл).

ИНТЕРТРИГО интертриго (терининн бүктөлүшүндөгү дайыма тердөөчү жерлер).

ИНТЕРФЕРЕНЦИЯ ВИРУСОВ вирустардын интерференциясы (бир вирустун таасирин экинчи вирус жоготушу. Биринчи вирус багынган, экинчи багынткан деп эсептелет. Микробиологияда алардын таасири өзгөчө белгиленет).

ИНТЕРЦЕЛЛЮЛЯРНО интерцеллюлярдуу (клеткалардын арасынан орун алган бардык өзгөрүүлөр).

ИНТЕСТИНАЛЬНО интестиналдуу (ичеги, ичеги менен байланыштуу, ичегиге тиешелүү деген маанидеги термин).

ИНТЕСТИНОПЛАСТИКА интестинопластика (ичеги-карындын бөлүгүн же сийдик жолдорунун бөлүгүн ичеги менен улаштыруучу хирургиялык операция).

ИНТЕСТИНОПЛИКАЦИЯ интестинопликация(ичегилерди тигүүчү операция. Ичегилерге мурун операция жасалган болсо экинчи жолу операциядан кийин алар бири-бирине жабышып өсүп калбасын деп жасалган операция).

ИНТЕСТИНОСКОПИЯ интестиноскопия (атайын шайыктелип жасалган аспап менен ичке ичегинин ички былжырлуу катмарын изилдеп кароо методу).

ИНТИМА интима (лимфа жана кан тамырлардын ички катмары).

ИНТОКСИКАЦИЯ интоксикация (тигил же бул оорунун кесепетинен организмдин уулануусу).

ИНТОКСИКАЦИОННЫЕ ПСИХОЗЫ интоксикациялык психоздор (психиканын бузулушуна тыштан түшкөн уу себептер болгон учурлары).

ИНТРААБДОМИНАЛЬНО интраабдоминально (карын чучунун ичинде, ичеги-карындын арасындагы мүчөлөрдөн пайда болуусу).

ИНТРААРТИКУЛЯРНЫЙ интраартикулярдуу (эки муундун ортосундагы бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАВАСКУЛЯРНО интраваскулярдуу (лимфа жана кан тамырдын ички катмарындагы бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАВЕНОЗНО интравеноздуу (венанын ичине дары киберүүгө жана анын ичинин ооруларына байланыштуу өзгөрүүлөр).

ИНТРАВИТАЛЬНО интравиталдуу (адамдын тирүү жаны бар кездеги болгон бардык аракети).

ИНТРАКАРДИАЛЬНО интракардиалдуу (жүрөктүн ичинен орун алган жана ал аркылуу өтүүчү бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАКРАНИАЛЬНО интракраниалдуу (баш сөөктүн ичиндегилерге байланыштуу бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАКУТАННО интракутандуу (терининн ичинде болгон бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАЛЮМБАЛЬНО интралюмбалдуу (бел омурткаларынын ичинде болгон бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАМУРАЛЬНО интрамуралдуу (ичи көндөй органдардын ички кап - талындагы бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАМУСКУЛЯРНО интрамускулярдуу (булчундун ичиндеги ар түрдүү бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАОКУЛЯРНО интраокулярдуу (көздүн ичиндеги ар түрдүү бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАПЕРИТОНЕАЛЬНО интраперитонеалдуу (ичтин чел кабыгынын бардык өзгөрүүлөрү).

ИНТРАПЛЕВРАЛЬНО интраплевралдуу (дарт көкүрөк көңдөйүндөгү кука чели капталган көңдөйүнүн ичинде болушу).

ИНТРАСПИНАЛЬНО интраспиналдуу (омуртканын жүлүн төшигинин ичиндеги бардык өзгөрүүлөрү).

ИНТРАТЕКАЛЬНО интратекалдуу (жүлүндүн кабыгынын ичиндеги бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАТОРОКАЛЬНО интраторокалдуу (көкүрөктүн көңдөйүнүн ичиндеги бардык өзгөрүүлөр. дарт көкүрөктүн көңдөйүнөн орун алышы).

ИНТРАУТЕРИННО интраутериндуу (жатындын ичиндеги бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАЦЕЛЛЮЛЯРНО интрацеллюлярдуу (клетканын ичиндеги бардык өзгөрүүлөр).

ИНТРАЦЕРЕБРАЛЬНО интрацереброалдуу (дарт мээнин терецинен, ичинде орун алышы).

ИНТУБАЦИЯ интубация (наркоз берүү үчүн же бронхдорду карап, аны үйлөтүү, көрүү үчүн көкиртекке атайын түтүк киргизүү).

ИНТУЙЦИЯ интуйция (боло турган нерсени көргөндөй, билгендей, алдын ала сезүү).

ИНФАНКТИЦИДИУМ инфанктицидиум (бала өлтүрүү, жаңы төрөлгөн баланы өлтүрүү).

ИНФАНТИЛИЗМ инфантилизм (адамдын тулку боюнан мүчөлөрү менен бирге психикалык жактан да өсүп кетиле албай калган учуру. Бардык жактан балдарга окшоштугу - кодо).

ИНФАНТИЛЬНО инфантилдуу (баладай, балдардыкы, кичинелиги балдардыкындай деген маанидеги термин).

ИНФАНТИЛЬНАЯ МАТКА өсүп кетилбеген жатын (аялдын денеси бардык жактан өсүп, жатыны гана өспөй калышы. Мындай аялдардын боюна бүтпейт, түкүй бере албайт).

ИНФАНЦИЯ инфанция (эки жашка чейинки жаш бала).

ИНФАРКТ инфаркт (кан тамыр бүтөлүп, бөгөлүп калышынан алар тейлеген аймагы кумшап эзилип кетиши. Кан тамыр бүтөлүү улгайган адамдардын күрөгүндө болсо өмүргө өтө коркунучтуу).

ИНФАРКТ ЛЕГКИХ өпкөнүн инфаркты (өпкөнүн ичиндеги кан тамырлардын ичине кан уюп, бөгөлүп калышынан алар тейлеген аймакта өпкөнүн кумшап, чирип кетиши).

ИНФАРКТ МИОКАРДА күрөктүн инфаркты (жүрөк кан тамыры бөгөлүп калышынан, ошол тамырдын түшундагы булчун эзилип, өлүк тканга айланышы).

ИНФЕКТАРТРИТ инфектартрит (жугуштуу оорулардын микробдорунан пайда болгон муундардын сезгениши).

ИНФЕКТИЛИС инфектилис (тукумсуздук, уруксуздук).

ИНФЕКЦИОННЫЕ ПСИХОЗЫ инфекциялык психоздор (психиканын бузулушуна жугуштуу оору себепкер болгон учур).

ИНФЕКЦИЯ инфекция (ооруга чалдыктыруучу жугуштуу микробдор денеге кирип, алар көбөйүү менен катар ар түрдүү өзгөрүлүү пайда болушунан оору баштала турган биологиялык кубулуш).

ИНФЕКЦИЯ ВНУТРИУТРОБНАЯ ичтеги баладагы жугуш (ичтеги балага жугуш энесинен жугушу).

ИНФЕКЦИЯ ГНИЛОСТНАЯ чиритүүчү жугуш (адам алсызданганда ооруга чалдыктыруучу бактериялар организмге кирип калса, алардын таасиринен эт ырбап, чирип акырындык менен жайылып кетиши. Ал жарат оорулардын кабылдоосунан кийин пайда болушуна шарт түзүлөт).

ИНФЕКЦИЯ ГНОЙНАЯ ириндетүүчү жугуш (ириндетүүчү бактериялардан пайда болгон сезгенч процесси. Аларды стафилакокк, стрептококк көгөрте ириндетүүчү таякча өңдүү жандыктар пайда кылат. дарт көпчүлүк учурда операция жасалган жаратта байкалат).

ИНФЕКЦИЯ ПЕРИОДОНТАЛЬНАЯ тиштин тегерегиндеги жугуш (тиштин түбүнүн учундагы ириндетүүчү жугуш өнөкөткө айланганда денеанын башка бир жерине тарашы).

ИНФЕКЦИЯ ПОСЛЕРОДОВАЯ төрөттөн кийинки жугуш (төрөт жолдору жараланышында ага ириндетүүчү бактериялар кирип, төрөттүн ар түрдүү кабылдоосунун жалпы аталышы).

ИНФЕКЦИЯ ПУЭРПЕРАЛЬНАЯ пуэрпералдык жугуш к. ИНФЕКЦИЯ ПОСЛЕРОДОВАЯ

ИНФЕКЦИЯ РАНЕВАЯ жаратын жугушу (жаратка ириндетүүчү микроорганизмдер кирүү менен мүнөздөлгөн оорулардын жалпы аты).

ИНФЕКЦИЯ ХИРУРГИЧЕСКАЯ хирургиялык жугуш (дарылоо хирургиялык жол менен гана ишке ашырыла турган учурда жугуштан пайда болгон оорулардын түрү. Ага денедеги ирин тээп кеткен жерлер, сөөк муундун туберкулездору кирет).

ИНФЕРТИЛЬНОСТЬ инфертилдуу (боюнда бар аял төрөт убагына жетпей, боюнан түшүп калуусунан келип чыккан тукумсуздук).

ИНФЕСТАЦИЯ инфестация (митенин организмге жаныбарлардан кириши, жугушу).

ИНФИЛЬТРАЦИЯ инфильтрация (денеге ар түрдүү заттардын кириши-нен көөп калышы, сезгенчтин негизги белгиси. Ал жерди кармап көргөндө катуу тартып калган учуру).

ИНФРАПАТЕЛЛЯРНО инфрапателлярдуу (томуктун алдында орун алган бардык өзгөрүүлөр).

ИНФУЗ инфуз (дары болуучу нерселердин дарысын суюга кайнатып чыгарып алуу колу).

ИНФУЗИЯ инфузия (дарыларды көп өлчөмдө узак убакытка тамчылатып териниң алдына, көтөн-чучукка куюу аракеттери).

ИНФУНДИБУЛОМА инфундибулома (чаңда учуроочу, мээнин терениндеги оюктун клеткасынан өсүп чыккан шишик. Түзүлүшү боюнча нерв клеткаларынан өсүп чыккан астроцитомага же апендиомага окшош).

ИНЦЕСТ инцест (өтө жакын туугандар менен жыныстык катнашуу. Ата-эне балдары, эркектер ургачы туугандары менен жыныс катнашуу-инцест делет).

ИНЦИЗИЯ инцизия (дененин бир жерин бычак менен тилүү хирургиялык операциянын башталышы).

ИН"ЕКТОР БЕЗИГОЛЬНЫЙ ийнесиз ин"ектер (сыворотканы териге, териниң алдына, андан ары булчуңга, дарыны, вакцинди көзөп өткүдөй басым менен өтө ичке жана сызылтып киберүүчү аппарат).

ИН"ЕКТОР КИСЛОРОДНЫЙ кислород ин"ектору (дененин кобулдарына, тканга ныдуу кислородду керектүү өлчөмдө жиберүүчү аппарат. Ал каратын өтине таасир бериш үчүн, канды көпкө сакташ үчүн жана канды ордуна колдонулуучу субктуктарды кислород менен байланыш үчүн колдонулат).

ИН"ЕКЦИОННАЯ МАССА куюучу масса (анатомиялык көп даярдаш үчүн керектелүүчү субктуктар. Аларды кан, лимфа тамырлардын жана көз бир мүчөлөрдүн кобулдарына толтура куюп, мүчөнүн көбин даярдайт).

ИН"ЕКЦИЯ ин"екция (дарыны ийне сайу аркылуу организмге киберүү, берүү жолу).

ИОГАНСОНА ПЛАСТИКА УРЕТРЫ сийдик чыгаруучу түтүкте иогансон пластикасы (сийдик чыгуучу түтүктүн уч жагындагы тешиги тарып, бүтөлүп калган учурда тар жердин сордуна калганын терисинен курак кыйып алып, анын көмтигин толтуруучу хирургиялык операция, Ушул автордун наамында аталып калган).

ИРИДЕРЕМИЯ иридеремия (туулгандан эле көздүн көк жаа сымал кабыгынын жоктугу же каралануудан кийин пайда болгон көмтик).

ИРИДОДИАЛИЗ иридодиализ (көздүн көк жаа сымал кабыгы, бекиген жеринин бир аз бөлүгү кирпиктин этине карай сыйрылышы. Көз жарадуу болгон учурда байкалат).

ИРИДОДОНЕЗ иридодонез (көз бат кыймылдаганда жаа сымал катмардын диртилдеп калышы. Мындай абал чечекей такыр жок болуп же ал ордунан жылып кеткен учурда байкалат).

ИРИДОКАПСУЛОТОМИЯ иридокапсулотомия (катаракт оорусунда чечекейди алып таштаган операциядан кийин, анын кабы жаа сымал катмарга жабышып калган учурда аны ажыратуучу хирургиялык операция. Операциянын максаты, жабышкан карекке жылчык катары тешик жасоо).

ИРИДОКАПСУЛЭКТОМИЯ иридокапсулэктомия (Катаракт оорусунда чечекейди алып таштаган операциядан кийин аны кабы жаа сымал катмарга жабышкан анын бөлүгүн алып таштоочу хирургиялык операция. Операциянын максаты касалма жол менен карек жасоо).

ИРИДОКОЛОБОМА иридоколобома (туулгандан эле же кийинчерээк көздүн кек жаа сымал кабыгының эки ача болушу).

ИРИДОПЛЕГИЯ иридоплегия (көздүн кареги дайыма чоңоюп курушунен каректи жабуучу булчуңдун шал болуп калган учуру).

ИРИДОСКЛЕРОТОМИЯ иридосклеротомия (көздүн жаа сымал катмары менен кошо тунук катмарының түп жагынан тешип таштоочу операция, Көздүн басымы жогорулаган учурда жасалуучу операциялардын бири).

ИРИДОСКЛЕРЭКТОМИЯ иридосклерэктомия (көздүн тунук катмары менен жаа сымал катмарын түп жагынан кесип алып таштоочу операция).

ИРИДОТОМИЯ иридотомия (жасалма карек жасаш үчүн көк жаа сымал кабыкчаны бир чекиттен тегерете тилүү. Бул операция көздүн катаракт оорусунда чечекейди алууда жасалат).

ИРИДОХОРИОДИТ иридохориодит (көздүн көк жаа сымал катмары менен кошо кан тамырдуу кабыгының бир жагилде сезгенүүсү).

ИРИДОЦЕЛЕ иридоцеле (көздүн сыртқы тунук катмарының тешигинен жаа сымал катмардын бөлүгүнүн сыртка урчуп чыгып турушу. Тунук катмар дарттан тешилген учурда байкалат).

ИРИДОЦИКЛИТ иридоциклит (көздүн көк жаа сымал кабыгы менен кирпик денесинин экеөнүн тең сезгениши).

ИРИДОЦИКЛОСКЛЕРЭКТОМИЯ иридоциклосклерэктомия (көз залалдуу шишик оорусуна чалдыкканда көк жаа сымал тунук катмарлардын жана кирпик денесинин бөлүктөрүн алып таштоочу хирургиялык операция).

ИРИДОШИЗИС иридошизис (дарттын себебинен көздүн көк жаа сымал ткапы бекиген жеринен ажырап калышы).

ИРИДОЭКТОМИЯ иридоэктомия (көз тунарганда көздүн көк жаа сымал кабыгының бөлүгүн кесип алып таштоо).

ИРИС ирис (көздөгү көк жаа сымал кабык).

ИРИТ ирит (көздүн көк жаа сымал кабыгының сезгениши. Ал дайыма кирпик дене менен бирге сезгениши ыктымал).

ИРРАДАЦИЯ иррадация (оорунун коңшу органдарга жайылып кетиши).

ИРРИГАЦИЯ ирригация (атайын аспап менен жарага суюк дарыны дайыма куюп, жуун туруу).

ИРРИГОСКОПИЯ ирригоскопия (оорунун атын табуу үчүн жоон ичегиге нур өтпөс суюктук куюп, рентгендик кароодон өткөрүү).

ИСКРИВЛЕНИЕ НОСОВОЙ ПЕРЕГОРОДКИ мурун кыры кыйшаюу (туулгандан же кийинчерээк пайда болгон, мурунду эки бөлүккө бөлүп турган тоскогу бир жагына кыйшайса башка таноодон дем алынат, ал эми кыйшаюу S формасында болсо, дем алуу такыр эле кыйындашы ыктымал).

ИСКУССТВЕННЫЕ БОЛЕЗНИ өзү жасап алган оорулар (дененин бир жерин өзү айрып коюп, андан ары жара болуп ырбап кетиши. Бул жасалма оору катары эсептелет).

ИСКУССТВЕННОЕ ДЫХАНИЕ жасалма дем алдыруу (оорулуунун абалына караша, жасалма жол менен кокого жел жиберүү далалаты. Алардын бир топ методдору бар).

ИСКУССТВЕННОЕ ПИТАНИЕ жасалма тамактандыруу (өзү тамактана албай калган абалдагы оорулууну атайын ылайыкталып жасалган тешик аркылуу же кетөн чучук аркылуу тамак заттарын түтүк менен берүү жолдору).

ИССЕЧЕНИЕ кесип алып таштоо (дарттын кесепетинен пайда болгон өлүк тканды, анын таза чегине чейин кесүүчү аспап менен алып таштоочу хирургиялык операция).

ИССЛЕДОВАНИЕ АСЦИТИЧЕСКОЙ ЖИДКОСТИ ичтеги сары сууну изилдөө (сезгенүүнүн себебинен пайда болгон ичтеги суюктукту анализдөө. Түтүмүндө химиялык эмнелер бар экендигин, микробдун кайсынысы байыр алгандыгын, кандай клеткалар бар экендигин талдоо жолу менен изилдөө аракеттери).

ИССЛЕДОВАНИЕ МОЧИ сийдикти изилдөө (бөйрөк жолдорундагы мүчөлөрдүн дартын аныктоо катары сийдикти химиялык ыктар менен изилдөө аракеттери).

ИССЛЕДОВАНИЕ ПРОМЫВНЫХ ВОД ЖЕЛУДКА карындын жуундусун изилдөө (көпчүлүк учурда ашказандын рак оорусуна күнөм саналганда, ага көп өлчөмдөгү суюктук куюп кайра тарттырып алат дагы рак клеткасына окшош клеткаларды издөө күргүзүлөт).

ИССЛЕДОВАНИЕ ФЕКАЛИЙ заңды изилдөө (ичеги-карын ооруларынын мүнөзүн байкоо катары заңдын химиялык түтүмүн лабораториялык жолдор менен изилдөө).

ИССЛЕДОВАНИЕ ЭКССУДАТОВ экссудат суюктугун изилдөө (сезгенүүнүн

себебинен кан тамырлардын капталынан сызылып чыккан суюктукту күнөм саналган оорунун мүнөзүнө жараша ар кыл изилдөө жолдору).

ИСТЕРИЯ истерия (көптөгөн түрдөгү жана формадагы психикалык, нервдик өзгөрүүлөрү менен белгиленип, өзүнүн оорулуулугуна башкаларды ишендирип жана ишенип, айлана-чөйрөдөгүлөрдү өзүнө көңүл бургудай кылган оорулуунун абалы, невроз оорусу).

ИСТЕРИОД истериод (мээнин оорусунда же кээ психикалык ооруларда байкалуучу истерияга окшош абал. кулк-мүнөз).

ИСТЕРОНЕВРАСТЕНИЯ истероневрастения (истерия менен неврастениянын симптомдору, көрүнүштөрү аралашкан невроз оорусу).

ИСТЕРОЭПИЛЕПСИЯ истероэпилепсия (талма кармагандай истериялык абал: калтырап титирөө, эстен танууга чейин барган учур).

ИСТЕЧЕНИЕ МОЗГА мээ агуу (баш жарадар болгон учурда, чегилген баш сөөктөн, мээнин бөлүктөрүнүн чыгып турушу).

ИСТЕЧЕНИЕ СЕМЕНИ <u>түкүмдүн күюлушу</u> к. СПЕРМАТОРЕЯ

ИСТИННЫЕ РЕБРА анык, чын кабыргалар (адамдын он эки кабыргасынын ичинен эң аягы эки кабыргасынан башкасы чын кабыргалар деп аталат).

ИСТМОРАФИЯ истморафия (жатындын мойнчасынын ичке тушуна тигиш салуу).

ИСТМОТОМИЯ истмотомия (формасы така сымал бөйрөктү ичке тушунан кесип ковуучу хирургиялык операция).

ИСТМУС истмус (борчук бөлүктүү органдардын эки бөлүгүн кошкон жердеги ичке жери).

ИСТОРИЯ БОЛЕЗНИ оорулуунун тарыхы (ооруканада дарыланып жаткан оорулуулардын оорусунун жүрүшүн байкап, анын абалын баалоочу документ).

ИСТОРИЯ РАЗВИТИЯ НОВОРОЖДЕННОГО жаңы төрөлгөн баланын өсүү тарыхы (төрөт үйүндө ар бир балага толтуруп, баланын өсүшүн, денсоолугун ага өткөрүлгөн дарылоо профилактикалык чараларын белгилей турган документ).

ИСТОРИЯ РАЗВИТИЯ РЕБЕНКА баланын өсүш тарыхы (балдардын поликлиникасында ар бир балага толтурулуп, баланы медициналык жактан байкоосун, ага жасалган дарылоо профилактикалык чараларын жаттай турган документ).

ИСТОРИЯ РОДОВ төрөт тарыхы (ар бир төрөөчү аялга төрөттүн өтүшүн, бүтүшүн, жабылдоосун, жасалган акушердик операциясын жана башка дарылоочу мекемелерде күргүзүлгөн чараларын төрөт үйүндө жаттай турган документ).

ИТАЛЬЯНСКИЙ СПОСОБ ПЛАСТИКИ италиялык пластика ыгы (мурун менен эрин кемтик болгон учурда, ийинден тери менен кошо аның алдындагы челдерден тутка жасап, аны кечируу жолу менен кем жерге кеткируу, кемтикти камоого далалат операция. Биринчи жолу италияда ХУ кылымда колдонулган).

ИТО СПОСОБ Ито ыгы (артерия тамырынын ичи тарыган сезгенч оорусунда венага көп өлчемдегү туздун изотопиялык эритмесин куюп дарылоо).

ИХОР ихор (жарадан бөлүнүп чыккан кан аралаш жаман кыттуу ирик).

ИХТИЗМ ихтизм (балыктын этин жегендеги уулануу).

ИХТИОЗ ихтиоз (балыктын терисине окшош, териси чоң какачтуу адам, терини какач басуу. Бул төрөлгөндө эле же бир жашка чейин пайда болуп, өмүр бою кала берет. Бул өмүргө зыянсыз).

ИШЕМИЯ ишемия (кан тамыр аркылуу дененин бир бөлүгүнө артериялык кандын аз барышы).

ИШИАЛГИЯ ишиалгия (отургуч нервиңин тушу ооруу. Кенчулук учурда омуртканын бел-куймулчак бөлүгүндөгү сөөгү. чемирчектери сезгенгенде байкалат).

ИШИАС ишиас (бел кечүктүн оорусу, куяң, отургуч нервдин сезгениши).

ИШИОПАГ ишиопаг (чат тушунан бириги эскен эгиз бала).

ИШУРИЯ ишурия (өзүнчө заара кыла албай калган учурда табарсыкка сийдиктин толуп кетиши).

Й

ЙЕЮНОСТОМИЯ йеюностомия (ичке ичегини операциялык жол менен тешип коюу. Ичегини тешүүгө көнгөн дарттар түртку болот).

ЙОВЧЕВА ОПЕРАЦИЯ Йовчев операциясы (эки эзктин муюну катып, эзк ыймылдабай калган учурда жасалуучу операция. Ал үчүн төменку эзктин баш сөөкке анталуучу тушундагы эки ачасынын түбүнөн кесип, алдынкы эзкти алды жакка матап коюу).

ЙОД йод (галегин тобунун элементи. дезинфекциялоочу касиетке ээ химиялык зат. Андан башка ал организмде жетишсиз болсо калкан безинин функциясы бузулушуна алып келет).

ЙОД РАДИОАКТИВНЫЙ радиоактивдүү йод (йоддун радиоактивдүү изотопторунун жалпы аты. Алардын кээ бирее дары катары же оорунун атын табууда колдонулат).

ЙОД БАЗЕДОВ Базедов йоду (калкан безинин күчтүү иштеши. Ал профилактика катары йод затын көп алган адамдарда байкалат).

ЙОДИЗМ йодизм (кокустан иод дарысынын дозасын көп алган же аны кетөрө албаган адамдарда байкалуучу, дем алуу жолдорунун шилекей бездеринин, мурун коңулунун былжырдуу кабыгы сезгенчи. Анда жаш жана шилекей мурундан жана дем алуу жолдоруна агат да алар шишийт).

ЙОДНАЯ ПРОБА йод баамдоосу (гликогенге иод таасир берүүдөн кызыл кочкул боелушун эсептеп, гликогенди табуу жолунун жалпы аты).

ЙОДОДЕРМА йододерма (йоддон пайда болгон теринин оорусу. Йодду кабыл алооочу адамдарда байкалуучу оору).

ЙОДОЛИПОЛ йодолипол (рентген нурун өткөрбөгөн зат. Оорулууларды рентген менен изилдөөгө кеңири колдонулат).

ЙОДОПСИН йодопсин (көздүн тор катмарындагы түстөрдү ажырата билүүгө катышуучу колбанын, көрүү боегунун жалпы аты).

ЙОЗА-СТЕРЛИНГ СИМПТОМ йоза-Стерлинг симптом (көздү жумганда көз жапкычтын дирилдеши, аны катуу жумса дирилдөө дагы күчөшү мүмкүн. Андайлар нерви алеп-желеп болуп турган адамдарда байкалат).

ЙОЗЕФА ОТОПЛАСТИКА Йозефа отопластика (кулакты калыбына келтирүү үчүн жасалуучу операция. Ал үчүн пилдин жука сөөгүнөн кулактын формасы жасалып, кулактын жанындагы теринин алдына тигип коет дагы, кийин аны кулак катары тигет).

ЙОЗЕФА РИНОПЛАСТИКА Йозефа ринопластикасы (аэр, бел, мурундун баскагын жоюш үчүн мурундун ич жагынан сөөктөн көпил жасап ошол туштагы жумшак ткандарга шыкап коюучу операция).

ЙОЛЛЕСА-ХААСА РЕАКЦИЯ йоллес-Хаас операциясы (ткандын суюк бөлүгүнөн индикан затын түсүн чөнөө жолу менен аны сан жагынан эсептеп чыгаруу. Индикан үчхлоруксус кислотасы, тимол жана хлордуу темир менен туз кислотасына кошулуп кызыл, көк түскө боелот).

ЙОРЕСА РАСТВОРЫ Йорес эритмелери (анатомиялык көпти көпкө сактоого колдонулуучу эритмелер. Анда жасалма карловар тузунун суу эритмеси, формалин, хлоралгидрат, ацетат калий менен глицериндин суу эритмесинин кошундусу болот. Ушундай эритме менен жасалган көп өз түсүн сактап турат).

ЙОРЕСА СПОСОБ Йореса ыгы (йореса эритмесине негизделп анатомиялык көптерди көпкө сактоо - консервация жасоо ыгы).

КАБАНА БОЛЕЗНЬ Кабан оорусу (бет нервинин ядросу болбой, беттин булчундары кыймылсыз калып, туура эмес есүшү).

КАБАТА МЕТОД Кабат методу (чет жакы нервдер шал болгон учурда, кээ бир кыймылды талдап алып, колу-бутту аракетке келтирүү үчүн дарылоо жолу).

КАВЕРНА каверна (мүчөнүн ичиндеги көңдөйү. Өпкөнүн туберкулез же абсцесс деп аталган ириң ооруларында пайда болгон кобул, көңдөй).

КАВЕРНИТ кавернит (эркектин жыныс мүчөсүндөгү чыбыгынын кобулдарынын сезгениши).

КАВЕРНОГРАФИЯ кавернография (мүчедеги кобулдун ичине рентген нуру өтпөгөн зат толтуруп анын көлөмүн рентгендик сүрөткө түшүрүү).

КАВЕРНОТОМИЯ кавернотомия (денедеги кобулду жаруучу хирургиялык операция).

КАГАЛОВСКОГО ФИКСАТОР ЩИПЦЫ Кагаловскийдин кармооч кычкачтары (плевраны алып таштоодо колдонулуучу Т тамгасы түспөлдөш, кыпчуучу кычкач).

КАДЫК мууздоо (көбүнчө эркектерде байкалуучу, моюн туштун кокосунан алды жагына чыгып турган чемирчек).

КАЗАБАХА-МЕРРИТТ СИНДРОМ Казабах-Мерритт синдрому (бала төрөлгөндө эле же эмчек жаштагы мезгилдеги байкалуучу кан тамырдан пайда болгон денедеги шишик. Башка жерлерде (териде) кантаалаган тактар. Дарттын себеби белгисиз).

КАЗЕМ-БЕКА СИМПТОМ Казем-Бек симптому (жүректүн тушундагы тамырдын кагышы күчтүү, чет жакадагы тамыр солгун кагышы менен мүнөздөлгөн учур. Ал жүректүн иштешинин жетишсиздигинин өтүшкөн учурунда байкалат).

КАЗЬМИНА ОПЕРАЦИЯ Казьмин операциясы (омурткалар кыйшайып калган учурда, сыртына чыгып калган жерден кырдуу оюк жасап кесип таштап, оюктун ордун таза сөөк менен толтуруп коюучу операция).

КАЙЗЕРЛИНГА ЖИДКОСТЬ Кайзерлинг суюктугу (кесилип алынган адамдын мүчесүн көпкө сактоого колдонулуучу, тутумунда нитраткалий, ацетат калий жана формалин заттары бар суюктук).

КАЛЕРА БОЛЕЗНЬ Калера оорусу к. БОЛЕЗНЬ МИЕЛОМНАЯ

КАЛИКОТОМИЯ каликотомия (операциялык жол менен бөйрөктүн чөйчөкчөсүн ачуу).

КАЛКАНЕОДИНИЯ калканеодиния (согончоктун сыздап оорушу. Бул согончок сөөгү сезгенгенде сезилет).

КАЛЛЕНА СИМПТОМ Каллен симптому (уйку безинин бат кармаган сезгенчинде жана дагы ичке кан куюлганда байкалуучу киндиктин тегерегинде канталоо).

КАЛОПРИЕМНИК зак жыйноч (жаткан адамдын заңын жыйноого ылайыкталып темирден, айнектен жана пласстмассадан жасалган идиш).

КАЛОРИМЕТР калориметр (адамдын физикалык, химиялык, биологиялык процессинин жүрүшүнөн бөлүнүп чыккан жылуулуктун санын өлчөй турган прибор).

КАЛОРИМЕТРИЯ калориметрия (организмдеги өтүп турган бардык процесстин натыйжасында, дене бөлүп чыгарган жана өзүнө сиңирип алган жылуулукту өлчөө).

КАЛПА-ДЕ ВЕРДА ОПЕРАЦИЯ Калпа-Де Верда операциясы (сийдик куюлуучу түтүктүн баш жак учунун көзөнөгү тарыган учурда, күлтүктүн алдыңкы бетинен эп кыйып жамоо жолу менен аны кеңейтүү).

КАЛЬБА ОПЕРАЦИЯ Кальба операциясы (ичке сары суу толгон учурда, ал андан ары көбөйбөсү үчүн ичтин бел кырчоо туштагы жылтырак кабыгынын сыртқы бөлүгүн ошол туштун булчуңу менен кошо кесип коюучу хирургиялык операция).

КАЛЬБАУМА НЕОФРЕНИЯ кальбаума неофрения (жаш балдардын психоздорунун жалпы аты).

КАЛЬВЕ БОЛЕЗНЬ Кальве оорусу (белгисиз себептерден көкүрөк омурткаларынын төмөнкү, бел омурткалардын жогорку бөлүгүндөгү бирөөндө өзүнөн=өзү эле кемирилүү байкалышы).

КАЛЬКАНОДИНИЯ кальканодиния (согончок туштун өтө сыздап оорушу. Ал согончок сөөктө, сөөк текөөр окшош өсүп чыкканда байкалат).

КАЛЬКАРИУРИЯ калькариурия (сийдик аркылуу кальций туздарынын бөлүнүп чыгышынын көбөйүшү. Бул организмде кальций затынын алмашуу процесси бузулганда байкалат).

КАЛЬМЕТТА-ГЕРЕНА БАЦИЛЛА Кальметта-Герен бацилла (туберкулез микобактериясынын жугуу күчү алсыздандырылган түрү, туберкулезду жуктурбоо үчүн таза адамдар эмделет).

КАЛЬМЕТТИЗАЦИЯ кальметтизация (балдарга туберкулез оорусун жуктурбас үчүн аларга вакцинди ичирүү аракеттери).

КАЛЬЦЕРГЕНЫ кальцергендер (организмге куйганда кээ бир мүчөгө же тканга кальций туздары жыйнала турган зат).

КАЛЬЦЕКС кальцекс (суук тийгенде пайда болгон ар түрдүү ооруларды дарылоочу татаал кошмолуу дары).

КАЛЬЦИКОЗ кальцикоз (узак убакытка чейин мрамор чаңын дем алуудан пайда болгон өпкө оорусу).

КАЛЬЦИНОЗ кальциноз (организмге кальций туздарынын топтолуш процесси).

КАЛЬЦИТОНИН кальцитонин (калкан безинин белок пептиддик гармону тийгизген таасири кандагы кальций затын азайтат. Сөөктүн бир жери жумшарып бара жаткан учурда аны токтотуш үчүн колдонулат).

КАЛЬЦИУРИЯ кальциурия (кальций туздарынын заарада көп болгон учуру).

КАЛЬЦИФЕРОЛЫ кальциферолдор (организмдеги кальций жана фосфор заттарын теске келтире турган витаминдер. Анын жетишсиздигинен итий оорусу башталышы мүмкүн).

КАЛЬЦИФИКАЦИЯ кальцификация (эрибеген кальций туздары ткандерга жыйналып, ткандардын катуулашы).

КАМБИЙ камбий (ткандын ичинде өсүп жетиле элек клеткалардын тобу. Алардын өсүшүнөн кийинки жаш клеткалар пайда болуп турат).

КАМЕРА СЧЕТНЫЕ эсептөө камералары (кандын тутумундагы, жүлүндүн суюктугундагы клеткалары белгилүү өлчөмдегү суюктукта канча экендигин саноочу аспап).

КАМПАЛОН кампалон (уйдун боорунан жасалган,адамдын боору ооруганда дарылоочу дары).

КАМПИЛО БАКТЕРИОЗ Кампило бактериозу (кампилобактер эалал келтире турган, ал жөнүндө аз маалыматтуу ору. Анда ар кайсы жерде сезгенч башталып, ошол туш ириңдөөгө дуушар болуп, андан ары ириң канга жайылуусу менен бүтөт. Температуранын өсүшө, ылдый болушу дартка мүнөздүү болот).

КАМПИМЕТРИЯ кампиметрия (көздүн көрүү аймагын изилдөө методу. Айлана-тегеректи тегиз көрө албай калган учурда бул метод менен анын канчалык өлчөмдө бузулгандыгын өлчөөгө болот).

КАМПОСА МЕТОД Кампос методу (нерв ткандарынын куралышынын ар түрдүүлүгүн ажырата турган метод).

КАНАЛИЗАЦИЯ канализация (керектелүүчү сууну жыйнап, колдонулган сууну эл жашаган жерден алыска чыгара турган санитар-техникалык имараттын комплекси).

КАНАЛИКУЛИТ каналикулит (аялдык кындын улагасындагы бартолин деп аталган бездин өткөөлүнүн сезгенчи).

КАНАЛИКУЛОРИНОСТОМИЯ каналикулориностомия (жаш чыгаруучу безди алып ташталгандан кийинки анын өткөөлү бүтөлүп калса, кайылжаар кобулуна кошуп кое турган хирургиялык операция).

КАНКРОИД канкроид (бездерден жана катмардуу жалпак эпителий клеткалардан турган рак оорусунун бир түрү).

КАНТИЕС кантиес (чачка ак түшкөн учур, курак).

КАНТОТОМИЯ кантотомия (көздүн жылчыгы кичирейип калган учурда анын кыпчыгындагы сырткы тырыкты кесүүчү хирургиялык операция).

КАНЦЕР канцер(зыяндуу шишик, рак).

КАОЛИНОЗ каолиноз (каолин затын дайыма дем алгандарда байкалуучу өпкөнүн оорусу).

КАПЕЛЬНИЦА тамчылаткыч (денеге жибере турган суюктуктарды өтө аздан тамчылатып өлчөмү менен берүүчү аспап).

КАПИЛЛИЦИЙ капиллиций (баштын чач каптаган жери).

КАПИЛЛЯР капилляр (кан тамырлар бутактанып бөлүнүп бүткөн чегиндеги, эндотелиалдык клеткалардан турган жука тамыр).

КАПИЛЛЯРНОЕ ДАВЛЕНИЕ капиллярдык басым (ичке кан тамырлардын капталына таасир берген басым).

КАПИЛЛЯРОГРАММА капиллярограмма (өтө ичке тамырларды сүрөткө тартып алгандан кийинки алардын өтө майда сөлөкөтү).

КАПИЛЛЯРОГРАФИЯ капиллярография (тырмактын алдын атайылап тунуктаган зат сыйпап, ичке назик кан тамырлардын сүрөтүн түшүрүп алып изилдөө ыгы).

КАПИЛЛЯРОСКОПИЯ капилляроскопия (атайын даярдалган аспап менен теридеги эң майда кан тамырларды карап көрүү).

КАПИЛЛЯРОТОКСИКОЗ капилляротоксикоз (капиялар кан тамырларынын капталынан кан сызылып чыга бере турган ору. Денеңин бир жерине өзүнөн=өзү эле көгөрүү пайда болуу).

КАПИЛЛЯРЭКТАЗИЯ капиллярэктазия (өтө майда кан тамырлардын кеңейип кеткен жери).

КАПИСТРУМ капиструм (башты алдыңкы өзги менен кошо тануу. Бул жарадар болгон учурда колдонулат).

КАПЛЕМЕР тамчы өлчөөч (аптекада тамчыны өлчөө үчүн диаметри 3 миллиметр келген пипетка).

КАПОЗИ СИНДРОМ Капози синдрому (көбүнчө балдарда байкалуучу

кулактын кырына, моюнга, ийин тушка чыккан, ортосу төмөн тартылган ыйлаакча. Аны вирус пайда кылат дагы, жугуштуу оорулардын катарына кирет).

КАПОЦДИ ПРИЗНАК Капоцци белгиси (жүрөк тушту басып көргөндө жүрөктүн ичиндеги Гиса бутагы деген нервинен козголуу өтө албай турган учурда, жүрөк бир жыйрылганда эки же үч жолу жыйрылгандай бүлкүлдөө).

КАППЕЛЕРА ГАСТРОЭНТЕРОСТОМИЯ Каппелер гастроэнтеростомиясы (ашказан менен ичке ичегини жалгаштырып тигүү. Ошону менен катар ичке ичегини экөө жалгашкан туштун жанына экинчи ирет тигүүчү хирургиялык операция).

КАПСУЛА капсула (органдын же бактериянын тышынан калталган кабыгы. Ичүүдө өтө ачуу дарынын сыртынан атайы калталган кабык).

КАПСУЛА КОЛЕННОГО СУСТАВА тизе муунунун кабыгы (тизе муунун каптап турган кошуучу ткань, чарымы)

КАПСУЛИТ капсулит (көз кабыктарынын ичинен бирөөнүн гана оорусу).

КАПСУЛОТОМ капсулотом (чечекейдин сырткы катмарын тилүүгө ылайыкталып жасалган, үч кырдуу учу жука, курч аспап).

КАПСУЛОТОМИЯ капсулотомия к.АРТРОТОМИЯ

КАПСУЛОФАКОПУНКТУРА ЛАЗЕРНАЯ лазерная капсулофакопунктура (улгайган адамдардагы карек агарганда аны дарылаш үчүн чечекейдин кабынын алдынкы бөлүгүн лазер нуру менен жок кылуу).

КАРАБЕЛЛИ БУГОРОК Карабелли урчугу (өөдөкү азуу тиштин тил жак капталындагы сыртка урчуюп чыгып турган жери).

КАРАВЕНА ОПЕРАЦИЯ Каравен операциясы (акырек сөөктүн ийин жак башынан чыгып кеткенде, далынын урчугу жакка жибек жиптен байланыштыруучу чарым жасоо операциясы).

КАРАНТИН карантин (жугуштуу ооруну жайылтпоо максатында медицина=санитардык жана администрациялык чаралар).

КАРБОГЕН карбоген (бештен жети процентке чейинки көмүр кислотасы менен токсон бештен, токсон үч процентке чейинки кислороддун кошумчасы. Бул мээдеги дем алуу борборуна таасир берүү үчүн колдонулат).

КАРБОКСИГЕМОГЛОБИН карбоксигемоглобин (гемоглобин менен углероддун окисинин кошундусу. Аны менен ууланганда кислород бир жерден экинчи жерге жылбай калат).

КАРБОКСИЛАЗЫ карбоксилазалар (организмдеги зат алмашууга

катыша турган фермент).

КАРБУНКУЛ карбункул (көбүнчө моюнга жана далы тушка тогуздап чыккан чыйкандар. Ал майды тышка чыгаруучу бездер ириң оорусуна чалдыкканда байкалат).

КАРБУНКУЛ ЗЛОКАЧЕСТВЕННЫЙ зыяндуу карбункул к.ЯЗВА СИБИРСКАЯ

КАРБУНКУЛ ПОЧКИ бөйрөк карбункулу (бөйрөктүн кан тамыры бүтөлүп калган учурда бир нече жерде сезгенч башталып, андан ары чирип, эрип ириңге айланган оору).

КАРДИАЛГИЯ кардиалгия (көкүрөктүн алдыңкы сол жак бети, жүрөк тушта сезилген оору).

КАРДИАЛЬНОЕ ОТВЕРСТИЕ кардиалдык тешик (кызыл өңгеч менен ашказандын кобулу кошулган жердеги тешик).

КАРДИОВОЛЮМОМЕТРИЯ кардиоволюмометрия (белгилүү бир абалда жүрөктүн ичине рентген өтпөгөн зат куюп, анын ичиндеги кобулунун көлөмүн өлчөө).

КАРДИОГРАФ кардиограф (жүрөктүн жыйрылышын каттап, кагазга түшүрүп ала турган татаал прибор).

КАРДИОГРАММА кардиограмма (жүрөктүн жыйрылышынан келип чыккан өзгөрүүлөрдүн көрсөткүчү).

КАРДИОГРАФИЯ кардиография (жүрөктүн жыйрылыш кызматын каттоочу ык, метод).

КАРДИОДИЛАТАТОР кардиодилататор (карындын боор эт тушгагы көзөнөгүн кеңите турган, аяк жагына атайылап резиналык баллон коюлган аспап).

КАРДИОДИЛАТАЦИЯ кардиодилатация (карындын боор эт тушгагы тешиги анын тегерегиндеги булчуңдары карышканда тарыса, аны жасалма жол менен кеңейтүү).

КАРДИОЛИЗ кардиолиз (жүрөктү тегерегиндеги жабышкан челдерден бошотуучу операция. Жүрөк кабынын кээ бир оорусунан кийин жасалуучу операциялардын бир түрү).

КАРДИОЛОГ кардиолог (жүрөк, кан тамырлар ооруларын дарылоочу адис, врач).

КАРДИОЛОГИЯ кардиология (жүрөк жана кан тамыр ооруларын дарылоодогу ички ооруларды илимий изилдөөдөгү бөлүгү).

КАРДИОМАНОМЕТРИЯ кардиоманометрия (жүрөктүн ичиндеги басымды өлчөө).

КАРДИОМЕГАЛИЯ кардиомегалия (жүрөктүн көлөмү жана салмагынын

көбөйүшү. Ал үчүн көптөгөн себептер таасир берет).

КАРДИОМИОПАТИЯ кардиомиопатия (жүрөк булчуңунун оорусунун себеби белгилүү же талаш ооруларынын жалпы тобу).

КАРДИОМОНИТОР кардиомонитор (оорулуунун жүрөгү иштешин узак убакытка чейин абайлап байкап, функциясы бузулган учурларда белги бере турган бир нече электрдик аспаптардан турган прибор. Анын маалымат бере турган учу оорулуунун денесине байланат).

КАРДИОМАНИТОРНОЕ НАБЛЮДЕНИЕ кардиоманитордук байкоо (оорулуунун жүрөгү иштешин бир нече саатка же бир нече күндөргө чейин кардиомонитордун жардамы менен байкоо).

КАРДИОНЕВРОЗ кардионевроз (жүректүн тушун ооругандай сезип, жүрөк дүкүлдөп бат кагып жана башка жагымсыз сезимдер сезилип ооруксунган жүректүн оорусу).

КАРДИОПАТИЯ кардиопатия к.КАРДИОМИОПАТИЯ

КАРДИОПЕРИКАРДИОПЕКСИЯ кардиоперикардиопексия (жүрөк булчуңуна кан көп келтириш үчүн жүректүн сыртқы кабынан кан тамыры менен кошо курак кесип алып жүректүн булчуңуна тигип коюучу операция).

КАРДИОПЛАСТИКА кардиопластика (карындын боор эт тушундагы көзөнөгүнө ошондой эле ошол туштагы кызыл өңгөчтүн кемдерин толуктоо үчүн эп кыйып жасалган операциялар).

КАРДИОПЛЕГИЯ кардиоплегия (жасалма жол менен жүректүн согушун токтотуп же бир аз гана соктуруп коюу. Бул жүрөккө операция жасаган учурларда жасалат).

КАРДИОПНЕВМОГРАММА кардиопневмограмма (жүректүн ичине, кобулуна газ жиберүү менен аны сүрөткө түшүрүү).

КАРДИОПНЕВМОГРАФИЯ кардиопневмография (жүректүн кобулуна атайын жасалган зонд аркылуу рентген нуру өтпөгөн газ жиберүү менен аны сүрөткө түшүрүп алуу).

КАРДИОПУЛЬМОНАЛЬНАЯ НЕДОСТАТОЧНОСТЬ өпкө, жүректөгү жетишсиздик к. СЕРДЕЧНО-ЛЕГОЧНАЯ НЕДОСТАТОЧНОСТЬ

КАРДИОРЕКСИС кардиорексис (жүрөк жарылуу. Ал жүрөк булчуңунун өтө бат жумшашынан келип чыгат).

КАРДИОСКЛЕРОЗ кардиосклероз (жүректүн булчуңундагы кошуучу ткандардын опсуз өсүшү. Алардын өсүү себебине жараша бир нече түрлөргө бөлүнөт).

КАРДИОСПАЗМ кардиоспазм (ашказандын кызыл өңгөч менен кошулган тушундагы булчундары өтө жыйрылуудан кызыл өңгөчтөн тамак өтпөй калуу. Ошону менен бирге өтпөгөн жерден жогорку кызыл өңгөчтүн кеңейип кетиши).

КАРДИОСТЕНОЗ кардиостеноз (боор эт тешигин шишик басканда же эт өсүп чыкканда анын тарышы).

КАРДИОТАХОГРАММА кардиотахограмма (жүректүн белгилүү бир убакта канчалык жыйрыла турган өлчөмүн жазып алган учур).

КАРДИОТАХОГРАФ кардиотахограф (жүректүн канча жыйрыла тургандыгын жазып ала турган прибор).

КАРДИОТАХОГРАФИЯ кардиотахография (жүректүн жыйрылышын автоматтык жол менен жазып алуу).

КАРДИОТОМИЯ кардиотомия (жүрөктү тилүү. Андан башка ашказандын кызыл өңгеч менен кошулган тушунан тилүү да кардиотомия операциясы деп аталат).

КАРДИОТОНИЧЕСКИЕ ЛЕКАРСТВА кардиотониялык дарылар (жүрөк булчуңдарын карууга келтирүүчү дарылар).

КАРДИОФОБИЯ кардиофобия (адамдын жүрөк оорудан өлөм деп өтө корко берүүсү).

КАРДИОЦЕНТЕЗ кардиоцентез (жүрөккө ийне сайу. Ийне - жүректүн ичине жетиши).

КАРДИОЦИКЛОГРАФ кардиоциклограф (жүректүн кагуу калыбынын өзгөрүшүн жазып ала турган прибор).

КАРДИТ кардит (жалпы эле жүректүн сезгениши. Ал кайсы бөлүгүндө болушуна жараша бир нече түрлөргө бөлүнөт).

КАРДИЯ кардия к.КАРДИАЛЬНОЕ ОТВЕРСТИЕ

КАРДУЧЧИ-ОЛТМЕРА БОЛЕЗНЬ Кардуччи-Олтмера оорусу к.ЛИХОРАДКА МАРСЕЛЬСКАЯ

КАРЕЛЛЯ МЕТОД Карелль методу (жүрөк менен бөйрөктүн ооруларын жалгыз гана тартылып алынган көк сүт менен дарылоо. Аны суткасына жарым литрден жогору үч литрге чейин жеткирүү).

КАРИЕС кариес (сөөктүн белгилүү бир бөлүгүндө чириген жери).

КАРИЕС ЗУБА кариес тиш (тиштин тышкы катуу катмары оролуп тиштин ичине кобулдун пайда болушу).

КАРИОКИНЕЗ кариокинез (клеткадагы ядронун түз эмес, кыйыр бөлүнүшү).

КАРИОЛЕММА кариолемма (клетканын цитоплазмасын ядросунан ажыратып турган тоскок. Ал эки кабаттуу болот).

КАРИОЛИЗИС кариолизис (клетканын ядросу тамак заты жетишсиздигинен толугу менен эрип кетүү процесси).

КАУФМАННА СИМПТОМ Кауфманн симптому (каңылжаардын төменкү тешигинин ачасынын былжырдуу катмарынын калың, шишиңки тартып турушу. Бул көбүнче өнөкөт гайморит оорусунда билинет).

КАУША ОПЕРАЦИЯ Кауш операциясы (мээге суу толуп кеткен учурда, мээнин каптал кобулчасынан суюктукту резинка түтүк аркылуу ич көңдөйүнө оодаруучу операция. Бул автордун наамында аталып калган).

КАУША РАЗРЕЗ Кауш тилиги (боордун ички бөлүгүнө жетиш үчүн оң жак капшытты ойку=кайкы тилүү жолу менен жетүү).

КАФКИ БЕЛКОВЫЙ КОЭФФИЦЕНТ Кафка белок коэффициенти (мээнин тегерегиндеги суюктуктагы глобулиндин альбуминге тыгыздык катнашы).

КАХЕКСИЯ кахексия (арыктоонун жеткен чеги).

КАХЕКТИЧЕСКИЙ кахектикалык (оорунун залдарынан, тамаксыздыктан адам азып, ырбыйган арык абалы).

КАЦЦОНИ ПРОБА Каццони баамдоо к.КАСОНИ ПРОБА

КАШИНА-БЕКА БОЛЕЗНЬ Кашин-Бек оорусу (сууда жана топуракта кальций заттары жетишсиз болуп, тамактагы микроэлементтерден катышы бузулуудан пайда болгон, колу=буттун муундарынын кебетеси кетип, бир аймакта гана кезиге турган оору).

КВАДРАТНЫЙ МУСКУЛ тамандын төрт чарчы булчуңу (согончок сөөгүнүн төменкү жана ички бетинен эки баштуу болуп башталып, төмөндөн барып биригишет да, бармактардын ийилткич узун булчуңунун тарамышынын сырткы бетине байланат. Бул бармактарды ийилтиш үчүн жардам берет).

КВАДРАТНЫЙ МУСКУЛ БЕДРА сандын төрт чарчы булчуңу (бул жалпак булчуң, куйруктун чоң булчуңу менен сырткы жапкыч булчуңунун ортосунда турат. Отургуч сөөгүнүн дөмбүлчөсүнөн башталып, кашка жиликтин башындагы дөмбүлчөлөргө барып айланат. Бул санды сыртына тегеретет).

КВАДРАТНЫЙ ПОЯСНИЧНЫЙ МУСКУЛ белдин төрт чарчы булчуңу (көөдөндүн артында, бел омурткаларынын туура жагында узунураак келген төрт бурчтуу булчуң. 12 кабырга менен жамбаштын кырынын ортосунда турат).

КВАДРИПАРЕЗ квадрипарез к.ТЕТРАПАРЕЗ

КВАДРИПЛЕГИЯ квадриплегия (эки буттун жана эки колдун - төртөөнүн тең шал болушу).

КВАДРИПЛЕГИЯ квадриплегия к.ТЕТРАПЛЕГИЯ

КВАДРИСЕПС квадрисепс (башталышы төрт жерден башталган төрт ачалуу булчуң эт).

КВАНТИЛИАНИ МЕТОД Квантилиани методу (төреттөн кийинки жатындан кан аккан учурда жатындын моюнчасын бир нече кычкач менен карматып аны жамбаш сөөктүн алдыңкы кырына матоо жолу).

КВАРТАНА квартана (дарттын башталышынын, температура жогорулашынын төртүнчү күнү).

КВАШИОРКОР квашиоркор (тамак жетишсиздиктен өтө азып арыктаган бала. Мында өспөө, шишик басуу, териси ала болуу, тамак сиңире албоо б.а. психикалык жактан бузулуу байкалат).

КВЕРУЛЯНТ кверулянт (эч нерсе жактырбаган адам).

КВИКА ВРЕМЯ Квик убакыты к.ПРОТРОМБИНОВОЕ ВРЕМЯ; КВИКА-ПЫТЕЛЯ ПРОБА Квик Пытель баамдоосу (организмге бензойнокислый натрий жиберип анын заарадан чыгыш санына жараша боордун ууга каршылык көрсөтүү күчүн баамдоо. Ушул авторлордун наамында аталып калган; КВИНКЕ БОЛЕЗНЬ Квинке оорусу к.КВИНКЕ ОТЕК; КВИНКЕ ОТЕК Квинке купчөгү - былжырдуу катмарларда, териде жана анын алдында бат пайда болуп, кээде кайталап башталган, тарап кете турган шишик басуу. Бул дартты аллергиялык, тукум куучулар катарына коршат; КВИНКЕ ПОЛОЖЕНИЕ Квинкче жаткырыш - оорулууну дарылоо катары кроватка аягын өйдө көтөрүп жаткыруу. Өпкөнүн кобулундагылар ооздон чыксын деп да аягын өйдө көтөрүп жаткырылат . Бул ушул автордун наамында аталып калган).

КЕБОТА КОЛЬЦА Кебот шакеги (кээ бир аз кандуулукта байкалуучу эритроциттердин ичинде шакектей, же кош шакектей же бурама түрүндөгү нерселер).

КЕЙВА РАЗРЕЗ Кейва кесүүсү (тизе муундун ичиндеги жалпак чемирчектин артына жетиш үчүн тизенин муунунун ич жагын дуга формасындай тилип жетүү).

КЕЙФ кейф (адамдын наша тарткан убактагы анын таасиринин биринчи башталышындагы дүнүйөсү түгөлдүктү, күч кошулгандыкты сезүү менен жагымдуу фантазия таасир берип жаткандагыдай абалы).

КЕЛЕРА БОЛЕЗНЬ Келер оорусу (тамандын шыйбылчак сөөктөрүнүн кайык сымал сөөгүнүн ортосу өзүнөн=өзү белгисиз себептерден чирип кетиши. Ошол тушун шишиңки тартып турушу).

КЕЛЕРА БОЛЕЗНЬ П Келер оорусу (тамандын I-3-жана 4-бөйөлчек сөөктөрүнүн баш жагы өзүнөн=өзү белгисиз себептерден чирип кетиши. Дарт чалган сөөктөрдүн түшүнүн оорушу).

КАРЦИНОМАТОЗ карциноматоз (бир мүчөдөн жылып келген рак шишиги, экинчи мүчөнүн бардыгына тараган учуру).

КАРЦИНОСАРКОМА карциносаркома (эпителий жана кошуучу ткандардан турган зыяндуу шишик).

КАРЦИНОФОБИЯ карцинофобия к.КАНЦЕРОФОБИЯ

КАСАЛЯ ВОРОТНИК Касал жакасы (пеллагра оорусунда байкалуучу, оорулуунун мойнундагы терисинин көк кызыл түстөгү чүрүшүп, моюнга оролгон алкагы).

КАСКЕЛО МЕТОД Каскело методу (заарадагы капропорфирин затынын санын спектрофото жолу менен өлчөө жолу).

КАСЛА ВНЕШНЫЙ ФАКТОР Касла сырткы таасири к.ЦИАНОКОБАЛАМИН

КАСОНИ ПРОБА Касони баамдоосу (эхинококк суюктугун өзгөчө даярдап туруп, оорулууга экинококкоз жана альвоекоккоз бар бекен деп аны териге укол саюу жолу менен баамдоо).

КАССИРСКОГО ИГЛА Кассирский ийнеси (төш сөөгүнө ийне сайып анын чучугун изилдөөгө ылайыкталып жасалган жана кирген ийненин терендигин да өлчөөчү быдырлуу ийне).

КАСТЕЛЛАНИ МЕТОД Кастеллани методу (ооруп айыккан адамдын канынын суюктугунан бактерияга каршы бөтөн денени өлгөн бактериянын бир түрү менен сордуруп алуу жолу. Ушундай жол менен сыворотка даярдоого да болот).

КАСТЕЛЛАНИ РЕАКЦИЯ Кастеллани реакциясы к.КАСТЕЛЛАНИ МЕТОДУ

КАСТРАЦИЯ кастрация (бычуу, биттөө; операциялык жол менен жыныстык безди алып таштоо жана анын иштешин токтотуу. Муну рентгендик нур менен кактап да кастрация жасоого болот).

КАТАБОЛИЗМ катаболизм (организмдеги татаал органикалык заттардын бөлүнүшүнүн химиялык реакциясынын жыйынтыгы).

КАТАЛЕПСИЯ каталепсия (колду же бутту ыңгайсыз бир абалга койгондо, өз абалына келе албай, кыймылдабай калуу учуру. Ал истерияда, паркинсонизмде, шизофренияда байкалат).

КАТАМНЕЗ катамнез (оору жөнүндөгү маалыматтын жыйынтыгы. Бул процесс оору айыккандан кийин оорулуудан суроо аркылуу жыйналат).

КАТАПЛАЗМА катаплазма (дарылоо үчүн ооруган жерге жылуу нерсени коюу).

КАТАПЛЕКСИЯ каталексия (өтө корккондо же кепке чейин сүйүнгөндө булчундардын алы кетип, шылк жыгылып кетүү. Бул учурда адам өс=үчүн жоготпойт).

КАТАР катар (былжырдуу кабыкчалардын суюктук чыгарып, сезгенип ооруусу. Ал көбүнчө дем алуу жолдорунун башталышында жана ашказанда кезигет).

КАТАРАКТА катаракта (чечекейдин өзү же аны каптап турган кабыгы тунарып көздүн начар көрүшү же такыр эле көрө албай калышы. Бул айрыкча улгайган адамдарда көп кездешет).

КАТАТЕРМОМЕТР кататермометр (үйдөгү абанын сууп кете турган абалын чектөөчү прибор. Айрыкча гигиенада комнатанын ичиндеги абанын жылышын өлчөө үчүн колдонулат).

КАТАФАЗИЯ катафазия (берилген бир суроого кайталап ар түрдүү, бир нече жолу жооп берүү менен речтин бузулушу).

КАТЕТЕР катетер (резинадан, металлдан, каучуктан, поливинилден жасалган ичи көңдөй түтүк. Бул денеден суюктук же жел чыгаруу үчүн керектелет).

КАТЕТЕРИЗАЦИЯ катетеризация (дарылоо, же оорунун атын табуу максатында лимфа, же кан тамырдын ичине же табигый кобулдарга катетер (түтүк) жиберүү).

КАТЛЕНА БЛОКАДА Катлен бөгөктөөсү (куймулчак сөөктүн төмөнкү тешигинен жүлүндүн сырткы кобулуна нервдин өткөргүч функциясын бөгөөчү суюктук куюп, куймулчак жана бел омурткаларынын нерв талчаларынын жанын өлтүрүү).

КАНЦЕНШТЕЙНА СИМПТОМ Катценштейн симптому (жүрөк булчуңунун алы кеткен учурда, сандын кызыл кан тамырын басып туруп кое бергенден кийинки артериялык басымдын төмөндөшү).

КАУДАЛЬНО каудалдуу (дененин төмөнкү бөлүгүнөн, куйрук жагынан орун алган өзгөрүүлөр. Жалпы эле куйрук деген сезгө тетө).

КАУЗАЛГИЯ каузалгия (өтө катуу сыздап ооруу. Бул көбүнчө жарадар болгондо сезилет. Айрыкча нервдин симпатикалык талчалары дүүлүгүүдөн пайда болот).

КАУСТИЧЕСКОЕ СРЕДСТВО каустикалык заттар (күйгүзүүчү же шылып түшүүчү дары заттары).

КАУТЕРИЗАЦИЯ каутеризация (дарылоо максатында ткандарды күйгүзүүчү дарылар же электр тогунун бөлүктөрү менен дененин бир жерин кайруу).

КАУФМАННА МЕТОД Кауфманн методу(шал болгон колу-бутту ооруткудай кылып төмөнкү жыштыктагы электрдин туруксуз тогу менен таасир берип жана оорулууну "колу-бутуң кыймылдайт" деп ынандыруу жолу менен дарылоо ыгы).

КАРИОЛОГИЯ кариология (клеткалардын өсүү жолун, түзүлүшүн, аткарган кызматын изилдей турган илимий багыт).

КАРИОМЕТРИЯ кариометрия (клеткалардын ядросунун көлөмүн өлчөй турган методдордун бирикмеси).

КАРИОПИКНОЗ кариопикноз (ядродо тамак заттарынын алмашуу процесси бузулгандыктан анын курушуп калуу процесси).

КАРИОПЛАЗМА кариоплазма (клетканын ядросунун ичиндеги суюктук).

КАРДИОРЕКСИС кардиорексис (клетканын ядросунун тамак заттары жетишсиздигинен майдаланып, бырчаланып кетиши).

КАРЛИКОВЫЙ РОСТ кодо,жапалдаш бойлуу (боюнун узундугу 130 сантиметр эркек, 120 сантиметр аял жапалдаш бойлуулар болуп саналат).

КАРМИНАТОВЫ карминатовдор (адамдын ичегисине жел толгондо, ич көпкөндө аны чыгаруучу, айдоочу дарылар).

КАРНЕТТА МЕТОД Карнетт методу (дарт кайсы жерде экендигин аныктай турган метод. Ал үчүн изилденген адамды ыйындырганда ооруу ичте пайда болсо, анда оору ичте экендиги далилденет).

КАРНИФИКАЦИЯ карнификация (кээ бир дарттан кийин өпкөдөгү ткандын жаңы соолган малдын этине окшоп калышы. Ал өпкөнүн бардык жерине жайылбастан, өпкөнүн бир аз жерине гана жайылуу менен мүнөздөлөт).

КАРОТИДНАЯ НЕДОСТАТОЧНОСТЬ каротиддеги жетишсиздик (моюндун күрөө тамыры мээни кан менен камсыз кылуучу аймагы бузулганда байкалган мээдеги өзгөрүү. Ал айрыкча кан тамырдын ичи тарыган учурда байкалат).

КАРОТИН каротин (өсүмдүктүн тутумундагы, боечу зат. Адамдын организмине тамак менен киргенде чогулуп туруп, А витаминине - ретинге айланат).

КАРОТИНЕМИЯ каротинемия (канда каротинед заты көптүгүнөн кандын суюк бөлүгүнүн сары түрдө болуп калышы. Бул айрыкча зат алмашуу процесси бузулганда учурайт).

КАРРА-ЗИЛЬБЕРА ШТАММ ВИРУСА Карр-Зильбер вирус түрү (жеке эле канаттууларда эмес, сүт эмүүчүлөрдүн бардыгында аны куйганда раус шишигин пайда кыла турган вирустун түрү).

КАРРЕЛЯ СОСУДИСТЫЙ ШОВ Каррель кан тамыр тигиши (кан тамырдын төгөрөгүнө учук жип менен тигилген тигиш. Бул кан тамырды үзгүлтүксүз улаштырганда колдонулат).

КАРРЕЛЯ-ДЕЙКИНА МЕТОД Каррел-Дейкин методу (ириндеген жаратты дарылоо үчүн тутумунда натрийдин карбонатын, кальцийдин хлоратын бор кислотасына аралаштырып дарылоо ыгы).

КАРРИОНА БОЛЕЗНЬ Каррион оорусу (өзүн бартонеллез менен ууландыруудан өлгөн перуандык медик студенттин наамында аталып келе жаткан жалпы эле бартонеллез оорусу).

КАРТАВОСТЬ каргылдануу (тил титирөөдөн жана көмөкөй салпынчагынын чети дирилдөөдөн "Р" тыбышын айта албай, үндүн каргылданып чыгышы).

КАРТАГЕНЕРА СИНДРОМ Картагенер синдрому к. КАРТАГЕНЕРА ТРИАДА

КАРТАГЕНЕРА ТРИАДА Картагенер триадасы (оң жактан орун алган мүчөлөр сол жактан орун алып, бронхдор кеңейип, мурундун былжырлуу катмарына эт өсүп чыккан бир үй бүлөнүн тукум кууган оорусу).

КАРТИЛАГИНОЗНО картидагиноздуу (кечир, чемирчектүү).

КАРТОФЕЛЬНАЯ БОЛЕЗНЬ картошка оорусу (нандын бузулган учуру. Ага картошка таякчасы деген микроб себепкер болот. Бышкан токочтун ичи эки=үч күндөн кийин бузулат да жыты жагымсыз жыттанат. Аны менен ууланган оору картошка оорусу деп атайыт).

КАРПАЛЬНО карпалдуу (колдогу, алакандагы, манчадагы бардык өзгөрүүлөр).

КАРУНКУЛЫ карункулдар (аялдардын сийдик чыгаруучу түтүгүнүн арткы каптальнан орун алган, басса ооруган, майда кан тамырдуу, өсүп чыккан эт).

КАРФОЛОГИЯ карфология (төшөктө жаткан оорулуунун көңүлү караңгылаган учурда байкалуучу бир нерселерди чымчылап жыйнагандай кыймыл=аракети).

КАРЦИНЕМИЯ карцинемия (рак оорусу бардык мүчөлөргө жайылган учурда, оорулуунун канына рактын клеткаларынын топтолушу).

КАРЦИНОЗ карциноз (рак шишигинин бардык мүчөгө таралып, жайылып кетиши).

КАРЦИНОИД карциноид (түзүлүшү жагынан бирдей, бирок орун алган жагынан рак клеткасынын ар түрдүү болушу, м.: өпкөгө ө гана чыккан рактын кээде ичегиге да чыгышы).

КАРЦИНОМА карцинома (рак, без жана жалпак эпителий клеткалардан пайда болгон шишик. Өзүнүн өтө бат өсүшү менен бирге калган клеткалардан айырмаланат жана зыяндуу).

КЕЛИОСКОПИЯ Келиоскопия к.ПЕРИТОНЕОСКОПИЯ

КЕЛЛИ НЕФРОПЕКСИЯ Келли бөйрөк бекитүүсү (өтө төмөн түшүп кеткен бөйрөктү он экинчи кабыргага жана белдин булчуңуна матап тигип коюучу операция).

КЕЛОИД келоид (теринин кошуучу тканынын өтө тыгыз өсүшүнөн келип чыккан катуу дөмпөк берч).

КЕМПА ПРОБНЫЙ ОБЕД Кемп баамдоо тамагы (ашказандын ичиндегилерди жылдыруу жана маңыз чыгаруу мүмкүнчүлүгүн изилдөө үчүн чоң көлөмдөгү бир нече тамактардын түрү).

КЕМПА СИМПТОМ Кемп симптому (омурткалардын ортосундагы чемирчек дартка чалдыкканда оорулууну өөдө=ылдый, оң=сол жакка кыймылдатканда, бел кырчоосундагы ооругандыкты сезүү. Айрыкча ушул симптомго мүнөздүү).

КЕМПБЕЛЛА ОПЕРАЦИЯ Кемпбелл операциясы (тизе муундун алдыңкы кайчы чарымын сандын төрт баштуу булчуңунун чарымы менен ордун толтуруучу операция).

КЕНЕНА ОНИХИЯ Кенен онихиясы к.КЕНЕНА ОПУХОЛЬ

КЕНЕНА ОПУХОЛЬ Кенен шишиги (тырмактын кычыгында тырмак алдындагы эттен өсүп чыккан кызыл түстөгү исиркек эт. Бул теринин туберкулез оорусунда байкалат).

КЕНИГА БОЛЕЗНЬ Кениг оорусу (сөөк бир нерсеге урунганда, анын муунга кошулган башы чирип, ал муундун ичине толушу менен мүнөздөлгөн оору. Бул көпчүлүгү тизе муунунун сөөктөрүндө байкалат).

КЕНИГА ОПЕРАЦИЯ Кениг операциясы (буту шал оорулуу бала төрөлүп жаткан учурда, кээде жамбаштын аштоосунан кашка жилик чыгып кетиши байкалат. Жамбаштын аштоосундагы сөөктү шылып, кашка жилик жогору жылбагыдай кылып тиреөч жасалган операция).

КЕНИГА РИНОПЛАСТИКА Кенигче мурун жамоо (мурду тешик оорулуунун кемдигин толтуруш үчүн, чекедеги териден кыйык кесип алып, ылдый жакка, кем жерине жамоочу операция).

КЕНИГА СИМПТОМ Кениг симптому (аялдардын эмчегин көкүрөк жакка алакан менен басса, андагы шишиктин даана билиниши, Айрыкча эмчектин рак оорусунда ушундай ык колдонулат).

КЕНИГА СИНДРОМ Кениг синдрому (ичтин катуу оорушу, көбүшү, ич өтүү эң катуу менен кезектешиши, ичтин оң жак бөлүгүнүн төмөн жагын басып көргөндө ичтин чуркурашы. Ушундай учур ичке ичегинин сокур ичегиге өткөн түшундагы бөлүгүндө өткөөлү өнөкөт бөгөлүүдө байкалат).

КЕНКО СИМПТОМ Кенко симптому (өнөкөт алкоголизм оорулуунун колун сундуруп, салааларын жайып жибергендеги калтылдап турушу).

КЕННЕДИ СИНДРОМ Кеннеди синдрому (баштын ичиндеги дарттын залдарынан көрүүчү нервдин бир жагы соолуп, экинчи жагы шишик тартып турушу).

КЕННЕДИ УОРТИСА СИМПТОМ Кеннеди Уортис симптому (баштын мээ чел кабыгына кан уюган учурда, ошол жак каректин чоң болуп калышы).

КЕНОФОБИЯ Кенофобия (адамдын ээн жерден, мейкиндиктен өтө коркушу).

КЕНЮ ОПЕРАЦИЯ Кеню операциясы (ич жакка жасалма арткы тешик жасап, чаткаяк аркылуу көтөн-чучукту кесип алып таштоочу операция).

КЕНЮ-МЮРЕ СИМПТОМ Кеню Мюре симптому (тамырдын капталы чоюлган ооруда теринин алдындагы венага ийне сайып, анын жогору жагындагы артерия тамырын басып турганда ийнеден кан чыкса, кан тамырлардын катнашы өөрчүгөндүгүн билгизет).

КЕПЛЕРА-ПАУЭРА-РОБИНСОНА ПРОБА Кеплер-Пауэр-Робинсон баамдоосу (оорулууга суу ичирип туруп, аны бөлүп чыгаруу жагын эсептеп, бөйрөк үстү безинин ишин баамдоо. Берилген суу азыраак бөлүнүп чыкса, без дартка чалдыккан деп эсептелет).

КЕРА СИМПТОМ Кер симптому (оң жак капшытты басып туруп дем алган учурдагы оорушу, өт баштыкчасынын сезгенгендигинин далили).

КЕРАТИНИЗАЦИЯ кератинизация (кээ бир оорулардан кийин теринин тканларынын өзгөрүлүп катуулашы).

КЕРАТИТ кератит (көздүн тышкы тунук кабыгынын сезгениши).

КЕРАТОАКАНТОМА кератоакантома (чачтын түбүндөгү бир же бир нече бүдүрлүү эпидермалык зыянсыз шишик).

КЕРАТОГИАЛИН кератогиалин (теринин быдырлуу катмарындагы клеткаларына топтолуп калган белок заты).

КЕРАТОГЛОБУС кератоглобус (көзгө суу толуп кеткен учурларда байкалуучу көздүн сырткы кабы тышына урчуюп чыгып калган учуру).

КЕРАТОДЕРМИЯ кератодермия (алакан менен таман териси катуулап кеткен кератоз оорусунун бир түрү).

КЕРАТОЗ кератоз (тери сезгенбей эле, тышкы катмарынын калыңдап оорушу. Өзгөчө улгайган адамдарда учурап калат).

КЕРАТОКОНУС кератоконус (көздүн тышкы катмарындагы урчуюп калган жери, м.: чел эт өсүп чыгуу).

КЕРАТОКОН"ЮНКТИВИТ кератокон"юнктивит (көздүн каптаган катмар менен бирге көздүн сырткы тунук катмарынын кошо сезгениши).

КЕРАТОЛИЗ кератолиз (теринин мүйүз сымал кабатынын эриши).

КЕРАТОЛИТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА кератолитикалык дарылар (теринин тышкы бөлүгүндөгү катуулаган катмарын укалантып, күкүмдөтүп түшүрүүгө жардамдашуучу дарылар).

КЕРАТОМА кератома (теринин тышкы катмарынын калыңдаган зыянсыз шишиши. Бул улгайган адамдарда учурап калышы мүмкүн. Кээ бир учурда теринин рак оорусунун башталгыч стадиясы деп да аталат).

КЕРАТОМАЛЯЦИЯ кератомаляция (жаш балдар тамакка мүчүлүш болуп чоңойгондо, аларда байкалуучу көздүн тышкы катмарынын жумшап кетүүчү оорусу).

КЕРАТОМИКОЗ кератомикоз (теринин мүйүз катмарынын сыртын же чачтын түбүн зыянга учуратуучу грибок оорусу).

КЕРАТОПАТИЯ кератопатия (көздүн сырткы катмарынын тунаруу менен чектелүүчү жалпы оорусу).

КЕРАТОПЛАСТИКА кератопластика (көздүн сырткы тунук катмарына тийген залалдардан өзгөрген жерине башка бир нерсени алып келип жамоо).

КЕРАТОПЛАСТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА кератопластикалык дарылар (теринин мүйүз катмары төшилип калгандан кийин өсүп жетилбей калган учурда, ал өсүү үчүн көмөктөшүүчү дарылар. Аларга дегть, ихтиол кирет).

КЕРАТОПРОТЕЗ кератопротез (көздүн көрүшүн жакшыртып үчүн көздүн кычыгындагы этине ткань көчүрүлүп келип жамоо).

КЕРАТОСКЛЕРИТ кератосклерит (көпчүлүгү туберкулез оорусуна чалдыкканда байкалчу көздүн сырткы тунук кабыгы менен кошо анын жылтырак катмарынын кошо сезгениши).

КЕРАТОСКЛЕРОУВЕЙТ кератосклероувейт (көздүн сырткы тунук жана жалтырак катмарлары менен бирге анын тамырлуу деп аталган катмарларынын чогуу сезгениши).

КЕРАТОСКОП кератоскоп (көздүн формасын жана анын тунук катмарынын алдыңкы дөмпөктүгүн изилдөөчү аспап).

КЕРАТОСКОПИЯ Кератоскопия (көздүн формасын жана анын тунук катмарынын алдыңкы дөмпөгүн карап көрүү).

КЕРАТОТОМИЯ кератотомия (көз оорусун текшерүү максатында анын тышкы тунук катмарын тилүү, кесүү).

КЕРАТОУВЕЙТ кератоувейт (көздүн тышкы тунук катмары менен анын тамыр катмары кошо сезгенген учур).

КЕРАТЭКТАЗИЯ кератэктазия (көздүн сырткы тунук катмарынын жука тушу тышына урчуюп чыгып калган учур).

КЕРЕРА СИМПТОМ Керер симптому (моюндун арты, ооз омуртка менен экинчи омурткanын бириккен тушун катуу басып көргөн учурда баш оорунун күчөшү. Мындай оору кээде шишик пайда болгон учурда байкалат).

КЕРЕРА ТОЧКИ Керер чекити (моюндун арты ооз омуртка менен экинчи омуртка кошулган жерден желкенин чоң нерви чыккан тушунун аталышы).

КЕРЛИ ЛИНИИ Керли сызыгы (өпкөнү рентгендик сүрөткө түшүргөн учурда анын төменкү бөлүгүндөгү туурасынан кеткен сызык. Бул сызык өпкөнүн бөлүктөрүнүн ортосундагы кобул катуулаган жана өпкөнүн ичиндеги басымы жогорулаганда байкалат).

КЕРРА СИМПТОМ Керр симптому (жүлүндөн омурткаларды аралап чыккан нерв жипчелери мертинген тушунун төмөн жагында алар тейлеген чөйрөнүн териси эзилип кетиши).

КЕРТЕ СИМПТОМ Керте симптому (ичтин алды жактагы уйку бези тушунун сыйпап көргөн учурда катуурааk тартып турушу; уйку бездин сезгенгендиги күнөм туудуруучу белги).

КЕСАРЕВА СЕЧЕНИЕ Кесар кесүүсү (биринчи ирет жасаган Кесар деген хирургдун атынан аталган төрөй албай жаткан аялдын курсагы аркылуу жатынын жарып, баланы тону менен кошо алуу).

КЕСЕНБАУМА СИМПТОМ Кесенбаум симптому (көрүү нерви сооло баштагандыгын билдирүүчү көрүү нервинин тегерегиндеги тамырлардын саны азайышы).

КЕССОННАЯ БОЛЕЗНЬ Кессон оорусу (өтө терендикте иштегенде, басымдын өтө жогору болушунан пайда болуучу оору).

КЕТГУТ кетгут (майда малдын ичегисинин чел кабыгынан жасалган жип. Бул операция жасоодо колдонулат).

КЕТИ ПРОБА Кети баамдоосу (тканга куюлган радиоактивдүү заттын ткандан бөлүнүп чыгышына жараша ошол туштагы кан тамырдын капталынан суюктуктун бөлүнүп чыгуу мүмкүнчүлүгүн баамдоо).

КЕТИ-ШМИДТА МЕТОД Кети-Шмидт методу (азоттун закисин жыттатып туруп күрөөдөгү артериялык жана веналык тамырдан кан алып, анын ичиндеги азоттун закисинин айырмасын ажыратуу жолу).

КЕТОЗИС кетозис (кант оорусунда, денедеги канттын ченеми көбөйгөндө байкалуучу организмде кетон денечелеринин көбөйүшү).

КЕТТЕСИ ОПЕРАЦИЯ Кеттеси операциясы (улгайган адамдардын ылдыйкы көз жапкычы ажарылып калганда, көздүн тегерек булчуңунун көз жапкыч бөлүгүн кесип салуу менен көз жапкычты өз калыбына келтирүүчү операция).

КЕФАЛГЕМАТОМА Кефалгематома (жаңы төрөлгөн баланын башындагы сөөктүн кыртышына пайда болгон, төрөт убагында баш сөөгүнүн кан тамыры үзүлүп калуудан келип чыгуучу шишик).

КЕФАЛОМЕТРИЯ кефалометрия (атайын жасалган курал менен баштын көлөмүн өлчөө).

КЕФАЛОТРИБ кефалотриб (ичтен өлгөн баланы сыртка чыгарыш үчүн анын башын жалпайта талкалоого ылайыкталган күчтүү кычкач).

КЕФАЛОТРИПСИЯ кефалотрипсия (ичтеги өлгөн баланы сыртка чыгарыш үчүн анын башын жалпайтып, талкалоого ылайыкталган кычкач менен кыпчып, алып салуу операциясы).

КЕЯ РАЗРЕЗ Кея кесүүсү (сийдик куюлуучу түтүктүн төменкү бөлүгүнө жетиш үчүн алдыңкы жамбаш аштоосунун кошулган тушунун үстүнөн тик тилип, булчуңдарды кеспей, ага операция жасоо).

КАИРИ БОЛЕЗНЬ Каири оорусу (боордун вена - тамыры бөгөлүп же катуулашынан чүрүшүп, анын төмөн жагындагы тамырларда басым жогорулоо жана боордун ишинин начарлашы менен мүнөздөлгөн ооруксунуу).

КИАРИ-АВЦЫНА СИМПТОМ Киари-Авцын симптому (кара тумоо оорусу менен ооруган адамда байкалуучу көздүн жылтырак катмарындагы кызыл тактар. Мындай тактар риккетсиоз ооруларында да байкалат).

КИЕМАТОГЕНЕЗ киематогенез (ичтеги баланын жалпы өсүү процесси).

КИОМАТОПАТИЯ киоматопатия (ичтеги баланын өсүшүнүн жалпы бузулушу).

КИЛИНА БОЛЕЗНЬ Килин оорусу (15-16 жаштагы кыздардын азып, териси жукарып, шишик басып, чачы түшүп, экинчи жыныс белгилери өспөй, этеккири башталбай турган учуру. Мындай дарттын себеби белгисиз).

КИЛИНА СИНДРОМ Килин синдрому к.КИЛИНА БОЛЕЗНЬ

КИЛЛИАНА НЕПРЯМАЯ ЛАРИНГОСКОПИЯ Киллиан эңкейип тамак кароосу (жуткучтун арткы капталын көрүш үчүн оорулуу туруп-туруп эңкейет да, кароочу адам болсо, тизелеп туруп тамакты карайт).

КИЛЛИАНА ОПЕРАЦИЯ Киллиан операциясы (чеке сөөктөгү кобулдан сезгенчтин себебинен өзгөргөн эттерди, булганчтарды арылтуучу операция).

КИЛЛИАНА СРЕДА Киллиан тамак заты (илимий изилдөө жүргүзүүдө жугушсуз микробдорду өстүрүп алуу үчүн колдонулуучу атайын даярдалган микробдордун суюк тамак заты. Ал затка жашыл боёк окшош химиялык затты кошуп коюшат).

КИЛЛИАНА ТРИАДА Киллиан үчүлтүгү (кызыл өңгөчкө бир нерсе киргенде байкалуучу, тамак жутканда көкүрөк ооруу, кызыл өңгөч жараланган тушагы моюн шишүү жана температура көтөрүлүп, калтырак басуу).

КИМОГРАФИЯ кимография (рентген аркылуу көкүрөктөгү жана ичтеги органдардын кыймылын тартып алуу).

КИМОЦИСТОГРАФИЯ кимоцистография (заара кылып жаткан учурдагы табарсыктын кыймылын сүрөткө түшүрүш үчүн ага рентген нуру өтпөгөн зат куюп, кыймылын кимограф менен жаздырып алуу).

КИНА ПУНКЦИЯ Кин ийне саюусу (мээнин каптал карынчасынын ийри жерине ийне сайу үчүн Кин чекити деген тушtан ийне сайу жолу).

КИНА СИМПТОМ Кин симптому (таман шыйрак мууну мертингенин туюндуруучу белги анын сыртқы урчугунун тушунун тегерете жоон тартып шишип турушу).

КИНА ТОЧКА Кин чекити (кулак түптүн арт жагынан үч сантиметр тушу, мээнин каптал карынчасынын ийри жеринин тушу, Кин чекити деп эсептелет).

КИНАЗОГЕН киназоген (жоон ичегинин жогорку бөлүгүнүн былжырлуу катмары бөлүп чыгарган трипсиндин таасири менен энтерокиназага айланып кетүүчү зат).

КИНАЗЫ киназалар (гидролаз классында болуп, организмдеги кининдерди ылдамдатуучу ферменттердин жалпы саны).

КИНАНТРОПИЯ кинантропия (адам итке айландым деп деерүү).

КИНБЕКА БОЛЕЗНЬ Кинбек оорусу (бейбелчек сөөктөрдүн белгисиз себептен кумшап эзилип кетиши. Колдун каруу мууну ооруу менен мүнөздөлөт).

КИНЕЗИТЕРАПИЯ кинезитерапия (дарттын мүнөзүнө жараша оорулууну жай же тез кыймыл менен ченеп дарылоо. Көпчүлүгү ооруулууну дайыма кыймылдоого мажбурлоо).

КИНЕЗИГРАФИЯ кинезиграфия (хирургиялык операциянын убагында өт жолдоруна рентген нуру өтпөгөн зат куюп, анын ичиндеги басымын кимограф аркылуу жазып алуу).

КИНЕЗОГИДРОТЕРАПИЯ кинезогидротерапия (дарылоо үчүн физкультураны колдонуу менен катар ваннадагы суугa жана бассейнде сүзүүнү кошо дарылоо катары колдонуу).

КИНЕСТЕЗИЯ кинестезия (адамдын денесинин бөлүктөрү айлана чөйредегү мейкиндикте болгон абалын сезүү. Ал чет жактагы бир нече берген сигналдарына жараша болот).

КИНЕТОГРАММА кинетограмма (кээ бир мүчөлөрдүн бөлүгүнүн кыймылын жазып алуу жолу).

КИНЕТОЗ кинетоз (жол жүргөндө ынгайсыздыкты сезүүчү оору. М.: самолетто, пароходдо жүргөндө).

КИНОФОБИЯ кинофобия (ит кабат, өзгөчө кутурган ит кабат деп өтө коркуу).

КИПАРСКОГО ПОЛОВАЯ СТЕРИЛИЗАЦИЯ Кипарскилик жыныстык бычуу (аялдардын боюна бүтпөс үчүн жатындагы түтүктү туурасынан кесип таштоочу операция, тукумсуздандыруу максатына багытталган).

КИПРИДОФОБИЯ кипридофобия (жыныстык жугуштуу оорулар жугат деп өтө коркуу).

КИПШИДЗЕ СИМПТОМ Кипшидзе симптому (колду алды жакка сунганда, чыпалактын өзүнөн-өзү сыртка жайылуусу. Ал өзгөчө кара куш мээ дартка чалдыкканда байкалат).

КИРЛЕ БОЛЕЗНЬ Кирле оорусу (колу=буттун ача турган бетиндеги терисинде сары күрөң түстөгү катуу бүдүрчөлөр пайда болуп, ал айыккандан кийин түстүү тырыктарды калтырган оору).

КИРШНЕРА КОСТНАЯ ПЛАСТИКА Киршнерче сөөк жалгоо (чоң жото жилик сынганда аны бат бүтүрүү үчүн анын тушуна сыныk чамынды сөөктү эти менен кошо жабыштырып тигип коюучу операция).

КИРШНЕРА МЕТОД Киршнер методу (кашка жиликти барчалап сындырып, аны кердирип тартуу жолу менен сандын узундугун калыбына келтирүүчү операция. Ал жилик сынгандан кийин жасалат).

КИСЛОМОЛОЧНЫЕ ПРОДУКТЫ кычкыл сүттүү тамак (уйдун, бээнин сүтүн ачытуудан алынган тамак заттары).

КИСЛОРОД кислород (айлана чөйрөнүн, атмосферасынын катмарындагы өңсүз газ. Адамдардын жана дагы микроорганизмдердин жашашына зарыл, керек зат).

КИСЛОРОДНАЯ ПОДУШКА кислород жаздыгы (оорулууга жыттатып бериш үчүн ичи кислородго жана анын аралашмасына толгон жаздык формасындагы резина баштык).

КИСЛОРОДНЫЙ ЗАПАС кислород запасы (кандын ичиндеги газ алмашууга кошулбаган кислороддун саны).

КИСЛОРОДНЫЙ ПОТОЛОК кислороддун жогорку чеги (адам кислороддун аппараты жок жашай ала турган деңиз деңгээлинин эң жогорку чеги).

КИСЛОРОДНЫЙ ПРЕДЕЛ кислород ченеми (организм өз кызматын аткаруу үчүн керек болгон кислороддун төмөнкү чеги, ченеми).

КИССЕЛЬБАХОВО МЕСТО Киссельбах оорду (мурунду эки бөлгөн бөгөтүнү былжырлуу катмарынын, таноо тешигинин бир сантиметр аралыгындагы бөлүгү. Кан агууга ийкемдүү аймагы).

КИСТА барсылдак (капталы фиброз тканынан, көпчүлүгү эпителий же эндротелий тканынан турган, дарттан пайда болгон кобул, барсылдак).

КИСТА БЕДНАРА Беднар барсылдагы К. ДЮБУА АБСЦЕСС

КИСТОГРАНУЛЕМА кистогранулема (тиштин түбүнө өсүп чыккан, ичи коюу суюктукка толгон шишик).

КИСТОГРАФИЯ кистография (барсылдактын ичине ийне сайып, рентген нуру өтпөгөн зат куюп аны сүрөткө тартуу).

КИСТОМА кистома (без ткандарындагы, тыпы көпкөндөй болгон кобул, барсылдак).

КИСТОМА ЯИЧНИКА аялдын жумурткасынын шишиги (аялдардын жумурткасындагы ичи көңдөй же ичине коюу же суюк суу толгон шишик жеринин жалпы аты).

КИСТЬ АКУШЕРА акушер колу (колдун майда булчундары тырышуудан ал бир аз бүгүлүп, чогулуп, төрөт жолуна колун салганга ыңгайлуу окшоп калган колдун абалы).

КИСТЬ СКЛЕТА склет кол (колдун манчаларынын булчундары кургап, жокко эсе болуп турган учурундагы анын сөөктөрү даана билинип турган абалы).

КИТЛИ-ТОРЕКА-ГЕРЦЕНА ОПЕРАЦИЯ Китли-Торек-Герцен операциясы (эркек баланын калтасына куулугу түшпөй, ич жакта болгон учурда, аны ичтен ылдый түшүрүп, калтага тигип коюучу операция).

КИТТА-ТАРОЦДИ СРЕДА Китт-Торацци тамак заты (абасыз шартта өсө турган микроорганизмдерди өстүрүш үчүн колдонулуучу, аларга атайын даярдалган суюк азык заты).

КИФОЗ бүкүр (көкүрөктөгү омурткалар сыртына ийилүүдөн жону сыртына чыккан бүкүр адам. Көбүнчө туберкулез оорусунда байкалат).

КИФОЛОРДОЗ кифолордоз (омурткалардын көкүрөк жана көчүк түшү сыртына, бел кырчоо моюн түшү ичине ийилген абалы).

КИШЕЧНАЯ АРТЕРИЯ ичегинин кызыл кан тамыры (ичегини тамактандыруруну тейлөөчү кызыл кан тамыр).

КИШЕЧНАЯ ВОРСИНКА ичегинин чыбырчыктары (ичегинин былжырлуу катмарында былжырдан өөдө көтөрүлүп турган майда чекиттей жерлери).

КИШЕЧНИК ичеги (ашказандын бүткөн жеринен, арткы тешикке чейинки аралыктагы тамак сиңирүү жолу).

КИШЕЧНАЯ ОРОШЕНИЕ ичеги жуу (төшөктөгү оорулуунун ичегисин жуу. Ал үчүн жасалган зонд менен ичке суу жиберип, ошондой эле бир жагынан куюлуп тургудай кылып жуулат).

КИШЕЧНЫЕ ГАЗЫ ичеги газдары (тамак сиңирүү процессинен жана ичегидеги микрофлоранын таасиринен ичегиде пайда болгон газдардын кошундусу).

КИШЕЧНЫЙ СОК ичеги чыгарган маңыз (ичегилердин былжырлуу кабыкчасы чыгарган суюктук. Анын тукумунда тамак сиңирүүчү ферменттер болот).

КИШКА СЛЕПАЯ сокур ичеги (жоон ичегинин туюк уч болуп башталган жери).

КИЯШОВА СПОСОБИ Кияшов ыгы (хирургдун колун операциядан мурун тазартыш үчүн 3 % түү сульфат цинк менен жуу жолу).

КЛАДОСПОРИОЗ кладоспориоз (кладоспор грибогунан мээни ириң басуу менен мүнөздөлгөн оору. Алар айрыкча тропикалык зонадагыларда кездешет).

КЛАЗОМАНИЯ клазомания (эси менен туруп күч менен кыйкыруу же өтө катуу ырдоо. Ал мээнин негизги ядросу мертинтенде байкалат).

КЛАМИ МЕТОД Клами методу (бөйрөктөгү дартты табыш үчүн рентген нуру өтпөгөн эритмеге водороддун перекисин кошуп бөйрөкө жиберет. Бөйрөктө кан же ириң болгон жерде кислород бөлүнөт да, ал түш рентгендик кароодо ак тактуу жерлер болуп көрүнөт. Ал бөйрөктө шишик же туберкулез бар экендигин тактайт).

КЛАММЕР кламмер (жасалма тишти беките турган, дат баспас металлдан жасалган чеңгел).

КЛАППА МЕТОД Клаппа методу (денедеги көлөмдүү ириндөөнү жарып, аны агызгандан кийин, анын кобулунун ичиндегилерин ар дайым сордуруп туруу жолу).

КЛАППА СПОСОБ Клапп ыгы (алкымдагы жаратты жамаш үчүн көкүрөктүн же ийиндин этин териси менен кошо кесип алып, жамоочу операция).

КЛАРКА СИМПТОМ Кларка симптому (ичти кагып көргөндө боор туштун чеги белгисиз болуп калган учур. Ал ашказан же ичеги жарылганда байкалат).

КЛАРФЕЛЬДА МЕТОД Кларфельд методу (гистологиялык изилдөөдө кошуучу ткандарды боё жолу. Ал үчүн тканды танин менен күмүштүн аммиак эритмесине чылап коет).

КЛАССТРУМ класструм (мээнин ортосундагы боз бөлүгү).

КЛАТТОНА СУСТАВЫ Клаттон муундары (терелгендеп эле котон жаралууларда эки тизенин же чыканактын муундарынын дарты. Муундун кабы сезгенип андан дайыма суунун куюлушу).

КЛАУДИКАЦИЯ клаудикация (сылтып, аксап баскан учур).

КЛАУДИУСА-ГУВЕРОВА-СОЛОВОВО СПОСОБ - Клаудиус-Гуверов-Соловов ыгы (кетгутту микробдордон арылтыш үчүн аны I4 суткага I%,түү спиртин иодуна жана иодидуу калийдин формалин кошулган эритмесине чылап коюу жолу).

КЛАУСТРОМАНИЯ Клаустромания (эшик-терезеси жабылган үйдөн сыртка чыгуудан коркуу жана көңүлдөнбөө).

КЛАУСТРОФИЛИЯ клаустрофилия (эшик-терезе ачык үйдө калуудан коркуп, аны дайыма жаап алууну адат кылып алган адам).

КЛАУСТРОФОБИЯ клаустрофобия (адамдын бекемделген деп эсептелген үйдө жалгыз калуудан өтө коркуусу. М.: көбүнчө жин оорularында байкалат).

КЛЕЙДОТОМИЯ клейдотомия (кыйынчылык менен төрөлө турган баланын тулку боюн ичкертиш үчүн анын акырек сөөктөрүн бырчалап коюучу операция. Бул операция сейрек жасалат).

КЛЕЙНА ПРИЗНАК Клейн белгиси (төрөттөн кийин баланын тону жатындан ажырагандыгын белгилөөчү учур. Эгерде аял ыйнган учурда киндиктин учу узарбаса, ал жатындан толук ажырагандыгы).

КЛЕЙНА-ВАРДЕНБУРГА БОЛЕЗНЬ Клейн-Варденбург оорусу (туулгандан эле дудук, баштын ортосундагы чач ак кырлуу, көзүнүн түсү ар түрлүү түстөр менен белгиленген, тукум куучу оору).

КЛЕЙНЕ-ЛЕВИНА СИНДРОМ Клейне-Левин синдрому (капысынан эле өтө кыймылдуу болуу, карды ачууну сезүү, уйку басканда абалы кошул-ташыл болушу. Мээнин сезгеничинде байкалуучу учур).

КЛЕЙНШМИДТА РАЗРЕЗ Клейншмидт кесүүсү (эмчектин рак оорусунда аны толугу менен алып ташташ үчүн ийинден баштап сүбөгө чейин багытталган оюк кесүү).

КЛЕМПЕРЕРА МЕТОД Клемперер методу (ашказанга зонд аркылуу куюлган өсүмдүк жайы эки сааттан кийин канчалык ары жылаарын эсептеп, ашказандын тамак жылдыруу жөндөмдүүлүгүнө баа берүү).

КЛЕОЛ клеол, желим(майдаланган канифол менен күн караманын майын кошуп, спирт, эфир аралаштырылган, жаратты жабууга колдонулуучу тунук, жабышчаак желим).

КЛЕПТОМАНИЯ клептомания (дайыма бир нерсени уурдап алууну адат кылып алган адам; оору).

КЛЕПТОФОБИЯ клептофобия (уурудан өтө корко турган адамдын абалы).

КЛИЗМА клизма (ичегини тазалоо максатында көтөн=чучукка дарыны, суюктукту жиберүү).

КЛИМАКСОФОБИЯ климаксофобия (тепкичтен басуудан өтө эле коркуу).

КЛИМАКС климакс к.КЛИМАКТЕРИЧЕСКИЙ ПЕРИОД

КЛИМАКТЕРИЙ климактерий к.КЛИМАКТЕРИЧЕСКИЙ ПЕРИОД

КЛИМАКТЕРИЧЕСКИЙ ПЕРИОД климактериялык мезгил. (тукум берүүгө жөндөмсүз болуп калган жаштын чеги. Мындай чек эрте башталса аялдарда 45, эркектерде 50 жашында байкалат).

КЛИМАТОЛОГИЯ МЕДИЦИНСКАЯ медициналык климатология (жыл мезгилинин, аба ырайынын адамга тийгизген таасирин изилдеп, үйрөнө турган медицина илимининн бир тармагы).

КЛИМАТОТЕРАПИЯ климатотерапия (аба ырайынын өзгөрүү шарты жагуучу жерде оорулууну дарылоо; климаттын факторлорун дарылоо катары колдонуу).

КЛИНИКА клиника (медициналык жогорку окуу жайынын же илимий изилдөө институтунун тармагына кирген, атайын адистештирилген дарылоо жана профилактикалык иш жүргүзүүчү мекеме).

КЛИНИЧЕСКАЯ КАРТИНА клиникалык көрүнүш (оорунун көрүнүштөрүнүн бардык жыйынтыгы).

КЛИНИКО-АНАТОМИЧЕСКАЯ КОНФЕРЕНЦИЯ клиника-анатомиялык конференция (өлгөн адамдын оору баяндамасы боюнча оорунун пайда болушун аныктоо: дарылоонун адамдын тирүү кезинде кандай болгондугун талкуулоого арналып, атайын уюштурулган конференция. Өлгөн адамды тирүү кезде дарылоодо же оорунун атын аныктоодо кеткен, кийин аларды кайталабоо үчүн уюштурулган врачтык жыйын).

КЛИНОДАКТИЛИЯ клинодактилия (манчалардын кыйшык же ийри-буйру болуп калышы).

КЛИНОМАНИЯ клиномания (эч себепсиз эле төшөккө жатууга далалат кылган, жаны жер тартып турган адамдын абалы).

КЛИПИРОВАНИЕ СОСУДОВ кан тамырларды буроо (кээ бир органдарга операция жасалган учурда кан аккан кан тамырларды байлоого же тигүүгө мүмкүн болбогон кезде, аны кычкач аркылуу кысып туруп, толгоо жолу менен аккан канды токтотуу жолу).

КЛИППЕЛЯ-ВЕЙЛЯ СИМПТОМ Клиппел-Вейл симптому (сенек болгон колдун экинчи манчасынан бешинчи манчасына чейин акырын жуумп койсо, сөөмөйдүн өзүнөн-өзү жумулуп кетиши. Мындай учур жүлүндүн ичиндеги жипчелердин дартка чалдыккан учурунда байкалат).

КЛИППЕЛЯ-ТРЕНОНЕ СИНДРОМ Клиппел-Треноне синдрому (буттун тереңиндеги негизги вена тамыр жарым=жартылай бүтөлүп калган учурда, бут жооноюп, тамырлары көгөрүп көөп, көк жашыл түстө болушу).

КЛИППЕЛЯ-ФЕЙЛЯ БОЛЕЗНЬ Клиппел-Фейл оорусу (моюндун, кээде көкүрөктүн омурткалары жалпайып өсүп, кыска моюндуу болуу менен, ооруну кыймылдап, андан чыккан нервдерди сөөк кысуудан катуу оорунун сезилиши).

КЛИФФОРДА СИНДРОМ Клиффорд синдрому (төрөлүү мөөнөтү узарып кеткен бала төрөлгөндөн кийин, каканак азайганда байкалуучу көрүнүштөр; териден ак күп чыгуу, салмагы аздык, кээде өпкөсү дардайбай, куушурулушу).

КЛОЙБЕРА СИМПТОМ Клойбер симптому (өйдө туруп турган оорулуунун ичин рентгендик сүрөткө тарткан учурда ичинин суюктуктуу чейчекке окшош көрүнүшү. Мындай көрүнүш ичегиден суу жана газ чыкпай, эч нерсе өтпөй калган учурда байкалат).

КЛОЙБЕРА ЧАШИ Клойбер чейчегү к.КЛОЙБЕРА СИМПТОМ

КЛОНОГРАФ клонограф (колдун кыймылынын тездешинин атайын курал - кимограф менен каттап алуу жолу).

КЛОНОРХОЗ клонорхоз (өт чыгаруу жолдорунда жана карындын алдындагы бездин өткөөлүндө кезигүүчү мите курт оорусу. Бул илдет Ыраакы Чыгышта гана кездешет).

КЛОНУС клонус (бир же бир нече булчуңдардын тез аранын ичинде тырышып кеткен учуру).

КЛОУНИЗМ клоунизм (белгилүү максатка ылайык жасалган өтө татаал ар түрдүү кыймылдардын жыйынтыгы. Мындай кыймылдар өзгөчө истерияда, сезимин жоготкон учурда байкалат).

КЛОЭТТА ЖИДКОСТЬ Клоэтт суюктугу (суюктукту ачкан автордун атына коюлган, көтөн чучук аркылуу берилүүчү наркоздук касиети бар суюктук. Бул суюктуктун тутумунда өтө көп сандаган химиялык заттар кездешет).

КЛУБОЧЕК ПОЧЕЧНЫЙ бөйрөк түрмөгү (сийдик бөлүп чыгара турган кызмат аткаруучу, формасы түргөн жиптей болгон бөйрөктүн бөлүгү).

КЛУБОЧЕК МОЗЖЕЧКА каракуш түрмөгү (каракуш мээсинин сырт жактагы быдырала катмарындагы микроскоп менен көрүнгөн нерв жипчелеринин кошулган жериндеги түрмөк жиптей чокмороктошкон тушу).

КЛЫКИ акыл азуулар (маңдайкы тиштер менен азуулардын ортосуна, оң жана сол жакка орношкон бир тамырлуу узун тиштер).

КЛЮВОВИДНЫЙ ОТРОСТОК куш тумшук урчук (далы сөөгүнүн жогорку бөлүгүндөгү ийин муунуна бириккен жердеги куштун тумшугундай болуп, өтө бөлүнүп турган урчук).

КЛЮЧИЦА акырек сөөгү (бир жагы ийин муунуна бир жагы төш сөөгүнө туташкан көкүрөктүн жогорку тушундагы жумуру сөөк).

КОАГУЛОГРАММА коагулограмма (кандын уюу системасынын абалын лабораториялык изилдөөдө анын бардык жыйынтыгын туюндура турган жазуусу).

КОАГУЛОЛОГИЯ коагулология (кандын уюшунун бузулушун, физиологиясын, биохимиясын изилдөөгө багытталган гематология илиминин бөлүгү).

КОАГУЛОПАТИЯ коагулопатия (кандын уюу системасынын функциясынын жалпы бузулушу).

КОАГУЛОТОМИЯ коагулотомия (тканларды электр бычагы менен кескенде өтө жай кыймылда болуу менен, кан тамырды күйгүзүү аркылуу кан токтотуу).

КОАГУЛЯНТЫ коагулянттар (кан уюу процессин күчөтүп, кан агууну токтотуучу заттар; аларга: тромбин, фибриноген, викасол кирет).

КОАПТАЦИЯ коаптация (сөөктүн сынган сыныктарын өз ордуна жакындатуу аракети).

КОАПУЛЯЦИЯ коапуляция (суюк дарылардын коюлуп же уюп калышы).

КОАРКТАЦИЯ коарктация (ичи көндөй мүчөлөрдүн бир жеринин кууш тартып калышы).

КОБАЛЬТ кобальт (химиялык зат; медициналык, практикада аз кандуулукта кандын ичиндеги эритроциттердин өсүшүн жөнгө салууга көмөктөшөт).

КОББА СИНДРОМ Кобб синдрому (жүлүндүн жана төрөнин тамырларынан өсүп чыккан, туулгандан эле пайда болгон шишик).

КОБЕРА РЕАКЦИЯ Кобер реакциясы (сийдиктеги эстрогендердин күкүрт кислотасы менен түстүү реакция чыгарып, аныктоо жолу).

КОБРАКА СИМПТОМ Кобрак симптому (көтөн-чучукка же аялдардын жыныс кынына колду салып, оң жак капталын басууда, ооруңгандыкты сезген оорулууда аппендициттин өнөкөт түрү бардыгына күнөм саноо).

КОВАРСКОГО МЕТОД Коварский методу (кандагы же заарадагы мочевинаны өзгөчө аппарат менен гипобромиттин натрийи аркылуу химиялык реакция жасап бөлүп алып, анын санын аныктоо жолу).

КОДЕИН кодеин (негизинен жөтөлдү басууга колдонулуучу апийимден алынуучу зат. Кодейинди көп убакытка чейин иче берүүдөн көнүп кетип, ансыз жашай албачуудай сезилет. Кадимки эле наркомания башталат).

КОДЕИНИЗМ кодеинизм (такай кодеин ичкен, наркоман адам).

КОДЕИНОМАНИЯ кодеиномания к.КОДЕИНИЗМ

КОДМАНА ОПУХОЛЬ Кодман шишиги к. ХОНДРОБЛАСТОМА

КОЖА тери (денени сыртынан курчап, организмди коргоочу, зат алмашууну жүргүзүүчү жана жылуулукту тескө келтирүүчү орган).

КОЖЕВНИКОВСКАЯ ЭПИЛЕПСИЯ Кожевников талмасы (талманын башталышына денедеги булчуңдардын жекече тобу дайыма тырышып, дирилдөөсү себепкер болгон учурда кармаган талманын бир формасы).

КОЗИНСА-ДЮРЕ СИНДРОМ Козинс-Дюре синдрому (айланада башкалардын көңүлүн өзүнө буруу максатында өзүнө өзү көл салуу, өзө сезимди пайда кылуу үчүн өзүн өзү жарадар кылуу; бул ыктыярлык абалда аткарыла турган аракет).

КОИТОФОБИЯ коитофобия (жыныстык катнашуудан өтө коркуу сезими).

КОЙТУС койтус (жыныстык катнашуу).

КОКАИНИЗМ кокаинизм к.КОДЕИНИЗМ

КОКАИНОМАНИЯ кокаиномания к.КОКАИНИЗМ

КОКАНЦЕРОГЕНЕЗ коканцерогенез (шишикти күчөтүүчү заттарга экинчи бир шишик күчөтпөөчү заттардын таасири тийүүдөн, шишиктин андан да тез жана күчтүү өсүшү).

КОКИ ПРОБА Коки баамдоосу (тамактан пайда болгон аллергияны аныктоо методу. Аллергия пайда кылат деген тамакты изилдей турган адамга бергенде, жүрөгү дүкүлдөп бат какса, ошол тамак аллерген деп аталат).

КОКК кокк (формасы жагынан тоголок микробдор. Пневмония оорусунда пневмококк, гоноррея оорусунда гонококк микробу оорууга дуушар кылат).

КОККЕЙНА СИНДРОМ Коккейн синдрому (зат алмашуу процесси бузулуп, бою кичине болуу менен катар башы да кичине болуп, өтө арыктаган абалдагы тукум кууган, өзгөчөлүү дарт).

КОКК БАКТЕРИЯ кокк бактерия (жоон, мукур таякча формасындагы бактерия, созуңку келген тоголок формадагы бактерия).

КОКЛЮШ коклюш, көк жөтөл (жөтөлү күчөө менен чектелген балдардын жугуштуу оорусу).

КОКСАКИ ВИРУСЫ Коксаки вирустары к.ВИРУСЫ КОКСАКИ

КОКСАЛГИЯ коксалгия (көбүнчө жамбаштын аштоосу сезгенгенде байкалуучу жамбаштын тушунун катуу оорушу).

КОКСАРТРОЗ коксартроз (жамбаштын аштоосунун сегенч оорусу).

КОКСИТ коксит (жамбаштын аштоосунун муунунун сезгениши).

КОКСОДИНИЯ коксодиния (куймулчак сөөгүнүн тушунун сыздап оорушу).

КОКЦИГОДИНИЯ кокцигодиния (куймулчактын тушунун өтө катуу оорушу).

КОКЦИДИОИДОЗ кокцидиоидоз (милте грибок кокцидиоидоз себепкер болгон ээн талаа, чөлдүү жерде учуроочу теринин, өпкөнүн, ичеги-карындын өнөкөт грибок оорусу).

КОЛАЦИЯ колация (даки же без аркылуу дарыны чыпкалоо, сүзүү).

КОЛЕБЛЮЩИЕ РЕБРА кыймылдуу кабыргалар (II жана I2 төмөнкү кабыргалардын учу бош болгондуктан, алардын өтө кыймылда болушу).

КОЛЕННЫЙ СУСТАВ тизе муун (кашка жилик менен жото жиликтердин бириккен муун).

КОЛЕННО-ПЯТОЧНАЯ ПРОБА тизе-согончок баамдоосу (кыймылды теске келтирүүнү текшерүүчү метод. Муну текшерүү үчүн жаткан оорулуунун бир бутунун согончогу менен башка бутунун тизеден согончокко чейинки кырын сыдырат. Согончок кыр менен түз кетсе кыймылдын теске келиши жайында экендиги билинет).

КОЛЕНО тизе (сан менен шыйрактын, кашка жилик менен жото жиликтин кошулган тушу).

КОЛЕСОВА МЕТОД Колесов методу (ашказанды он эки эли ичегинин учун туюкташ үчүн аны жара тилүүдөн кийин капшыра тигүүчү операция).

КОЛИБАЦИЛЛЕЗ колибациллез (ичеги таякчаларынын микробунан пайда болгон оорулар. Буларга өт сезгенүү, сийдик жолдорунун жана ичеги карын сезгенч оорулары кирет).

КОЛИКА колика (ичтин мыжыгандай катуу оорушу. Бул оору бат башталып, кээде кустуруп, тердетүү менен бүтөт).

КОЛИ СЕПСИС коли сепсис (канга ириң аралашып оорунун себеби ичеги таякчасы бактериясынан болгон учур).

КОЛИТ колит (жоон ичегинин ички, былжырлуу катмарынын сезгениши).

КОЛИТ СПАСТИЧЕСКИЙ спазмдуу колит (жоон ичегинин жыйрылуу жөндөмдүүлүгү бузулганда, ич катуу ооруп, ич өтүү менен алмашылып, ич ооруганды сездирүүчү сезгенч).

КОЛЛАГЕНОЗ коллагеноз (кошуучу ткандардын челге айланып, көбөйө берүүсүнөн келип чыгып, адамдын бир мүчөсүнөн башталып, бардык жерине таралуучу оору).

КОЛИЦИНЫ колициндер (ар түрлүү кош бактериялардан бөлүнүп алынган антибиотиктик зат. Ошол эле группадагы бактериялардын өсүшүн токтото тургандыгы далилденген).

КОЛЛАПС коллапс (кандын жалпы көлөмү бат азайып, кан агууда байкалуучу кан тамырдын бош, шалаңкы болушу. Ушул учурда алсыздык сезилип, баш айлануурга дуушар болот).

КОЛЛАПСОТЕРАПИЯ коллапсотерапия (өпкөнүн тешигин, /каверносун/ жабуу үчүн өпкөнүн сырткы кобулуна ийне аркылуу жел киргизип, кысуу. Тешиктин бети капшырылып, бири бирине тийишүүдөн тешик бүтөлөт).

КОЛЛАПСОХИРУРГИЯ коллапсохирургия (өпкөнү куушуруш үчүн жасалуучу операциялардын тобу. Аларга кабыргаларды кесип алып таштоо, көкүрөк челин ич жакка копшоо жана боор эт нервине жасалган операциялар кирет).

КОЛЛАТЕРАЛЬ коллатераль (кан тамырдын негизги бутактан башка дагы бутактары өсүп, бири-бири менен кошулушу).

КОЛЛЕНА СИМПТОМ Коллен симптому (денени, колду же бутту ыңгайсыз абалда көпкө чейин кармоо, Бул акылынан адашкан адамдарда учурайт).

КОЛЛИЗИЯ БЛИЗНЕЦОВ коллизия эгиздик (төрөт убагында эгиз балдардын аялдын кичине жамбаш чарасына кире бергенде алардын денесинин кабелтең бөлүгүнүн бир убакта кириши).

КОЛЛИСА ПЕРЕЛОМ Коллис сыныгы (укурук кар жилик кол муун жактан сынган учурда сыныктын четки жагы арт жакка жылышы).

КОЛЛОДИЙ коллодий (хирургиялык практикада жараттарды таңбай эле, жараттын тегерегине коллодийди сыйпап туруп, ага даки жабыштырып, желимдеп коюуга керектелүүчү желим).

КОЛОБОМА колобома (адам туулгандан эле же кийинчирээк пайда болуучу көздүн көк жаа сымал тор, кан тамырлуу катмарларынын, чечекейдин кемдиги).

КОЛОН колон (жоон ичеги).

КОЛОННЫ ОПЕРАЦИЯ Колонна операциясы (жумуру жана узун сөөк сынгандан кийин жаңыдан пайда болгон муундагы сөөктүн башына эп кыйып алып келген сөөктүн сыртын бурама мык менен сыныктын башына бекитүүчү операция).

КОЛОНСКОП колонскоп (жоон ичегинин ичиндеги дартты карап көрүү үчүн жасалган атайын курал).

КОЛОНОСКОПИЯ колоноскопия (колонскоп аспабы менен жоон ичегинин ичин карап көрүү методу).

КОЛОПЕКСИЯ колопексия (өз ордунан өтө ылдый жылып кеткен жоон ичегини көтөрө тигип коюучу операция).

КОЛОПЛАСТИКА колопластика (жоон ичегинин белгилүү бир бөлүгүн башка нерселер менен алмаштырып, калыбына келтирүүчү операция).

КОЛОПРОКТЭКТОМИЯ колопроктэктомия (жоон ичегини көтөн чучук менен кошо алып таштоочу операция).

КОЛОПТОЗ колоптоз (жоон ичегинин төмөн жакка жылып, түшүп кетиши).

КОЛОРИМЕТР колориметр (кыргызча түс деген маанидеги сөз. Медицинада суюктуктардагы эриген заттардын түсүн салыштыруу менен анын санын табат. Колориметр түстү чөнөө дегенге жатат).

КОЛОСПАЗМ колоспазм (жоон ичегинин катуу жыйрылышы).

КОЛОСТОМА колостома (жоон ичегини тешип коё турган операция).

КОЛОСТОМИЯ колостомия (жоон ичегини тешип, жинин тышка чыгаруу. Ошондой эле эң же жел чыкпаган учурда жасалуучу операциялардын бир түрү).

КОЛОСТРУМ колострум (эмчек безинин чыгарган суюктугу, ууз. Кош бойлуулуктун экинчи жарымында эле эмчектен аз-аздан чыга баштоочу суюктук).

КОЛОТИФ колотиф (көбүнчө жоон ичегини гана дартка чалдыктыруучу ич келте оорусу).

КОЛОТОМИЯ колотомия (операциялык жол менен жоон ичегини тешүү. Ал айрыкча ичегиден эч нерсе өтпөй калган учурда байкалат).

КОЛЬПЕЙРИЗ кольпейриз (каканак эрте жарылбоо, баланын майда мүчөлөрү чыгып калбоо, төрөттү күчөтүү үчүн кольпейринтерди аялдын кынына 6-8 саат салып коюлушу).

КОЛЬПЕЙРИНТЕР кольпейринтер (төрөт убагында ичи сууга толтурулган резина баллон менен кольпейриз жасоочу аспап).

КОЛЬПИТ кольпит (аялдын жыныстык мүчөсүнүн кынынын сезгениши).

КОЛЬПОГИСТЕРОТОМИЯ кольпогистеротомия (төрөлүүчү баланы курсакты кеспей эле, өзү чыгуучу жакты, жатынды кесип, төрөтүп алуу; төрөтү кыйын аялдарга жасалуучу операциялардын бири).

КОЛЬПОГРАФИЯ кольпография (аялдын кынына рентген нуру өтпөгөн зат толтуруп аны сүрөткө тартуу жолу).

КОЛЬПОКЕРАТОЗ кольпокератоз (аялдын жыныстык мүчөсүнүн былжырлуу кабыкчасынын өзгөчө катууланып кетиши).

КОЛЬПОПЕКСИЯ кольпопексия к.ВАГИНОФИКСАЦИЯ

КОЛЬПОПЕРИНЕОПЛАСТИКА кольпоперинеопластика (жамбаш чарасынын кичи бөлүгүндөгү мүчөлөр ылдый түшүп кетпес үчүн кындын арткы каптальн, чаткаяк булчуңдарына тигип кое турган хирургиялык операция).

КОЛЬПОПЕРИНЕОРАФИЯ кольпоперинеорафия к.КОЛЬПОПЕРИНЕОПЛАСТИКА

КОЛЬПОПОРРЕКСИС кольпопоррексис (жатындын кындын түндүк тушунан үзүлүп кетиши).

КОЛЬПОПОЭЗ кольпопоэз (аялдын жасалма кынын жасоочу операция).

КОЛЬПОПТОЗ кольпоптоз (аялдын жыныстык кынынын өз ордунан бошоп, төмөн түшүп кетиши).

КОЛЬПОРРАФИЯ кольпоррафия (аялдын жыныстык мүчөсү төмөндөгөндө аны өөдөлөтүп көтөрүп тигүүчү операция).

КОЛЬПОРЕКСИС кольпорексис (аялдын кынынын капталы жарылып кетиши).

КОЛЬПОРРАГИЯ кольпоррагия (аялдын жыныстык кынынан кан агуу).

КОЛЬПОСКОП кольпоскоп (аялдын кынынын капталын жана жатындын кын жак бөлүгүнүн былжырдуу катмарын өтө чоңойтуп көрсөтө турган медициналык аспап).

КОЛЬПОСКОПИЯ кольпоскопия (аялдын кынын капталын жана жатындын кын жак бөлүгүн өтө чоңойтуп көрсөтө турган медициналык курал - кольпоскоп менен изилдөө катары кароо).

КОЛЬПОСПАЗМ кольпоспазм к.ВАГИНИЗМ

КОЛЬПОТОМИЯ кольпотомия (жатындын капталын жара турган хирургиялык операция).

КОЛЬПОЦИТОГРАММА кольпоцитограмма (аялдын кынынын суюктугун айнекке сыйпап алып, клеткаларынын составын жазып алуу жолу).

КОЛЭКТОМИЯ колэктомия (жоон ичегинин бардыгын формасындагы ичегиге чейин алып таштоочу операция).

КОМА кома (адамдын эс-учунан танып жаткандагы абалы. Бул абал айрыкча төрттөн кийин жана алкоголь менен ууланганда, өтө катуу ич өтүүдө байкалат).

КОМАТОЗНОЕ СОСТОЯНИЕ кома абалы к.КОМА

КОМБУСТИО комбустио (ысыкка күйүү).

КОМЕДОН комедон (чачтын түбүнүн жайылган тушунда: майдан, катуу жалпак катмардан, чандан турган кара чекиттей жер, кара безетки).

КОМИССУРА комиссура (ткандардын топтолгон чордону. I. тырык; 2. баш сөөгүнүн бири-бирине кошулган жиги).

КОМИССУРОТОМ комиссуротом (жүректүн ичиндеги бүктөмөлөр жабышып өскөн жерин жырта турган же ажырата турган курал).

КОМИССУРОТОМИЯ комиссуротомия (жүректүн ичиндеги бүктөмөлөрү жабышып өсүү, анын тешиги тарыган учурда ажырата турган хирургиялык операция).

КОММОЦИЯ коммоция (мээ козголгондогу, чайкалгандагы абал. Мында адам эс-учун билбей кусат жана үстүртөн дем алат).

КОМОЛЛИ СИМПТОМ Комолли симптому (далынын сынган тушунда анын сынган формасындай болуп демпейүп көөп турган жери).

КОМПЛИКАЦИЯ компликация (дарылоонун натыйжасыздыгынан өзгөрүп экинчи башка бир түрүнүн байкалышы).

КОМПРЕСС компресс (көп катталган даки же башка тканъ менен кебезди, кагазды денеге дарылоо катары таңып коюу).

КОМПРЕСС компресс (дары чыланган дакини дененин бир жерине такап, анын үстүнөн таңып коюу).

КОМПРЕССИЯ компрессия (басуу, кысуу деген сөзгө тете).

КОМПРЕССИЯ ГОЛОВНОГО МОЗГА баш мээсинин кысылышы (баш жарадар болгон мезгилде, сынган сөөктүн бөлүктөрү мээни кысып калган учуру).

КОНВЕРГЕНЦИЯ конвергенция (буюмду караганда, анын нак көрүнүшүн камсыз кылуу үчүн көздүн көрүү сызыгын жакындатуучу аракети).

КОНГЕЙМА ОПЫТ Конгейм тажрыйбасы (баканын чычыркайын микроскоп менен карап, сезгенч кандай боло тургандыгын көз көрүнөө байкоо).

КОНВУЛЬСИЯ конвульсия (буту-колдун же дененин бир бөлүгүнүн эрксизден тырышып, титиреши).

КОНГЕЙМА ТЕОРИЯ Конгейм теориясы (шишиктин,рактын өсүшү түйүлдүктүн ичинде кездеги клетканын туура эмес өсүшүнөн келип чыгат деген ойду ушул автордун билдириши).

КОНГЕЛЯЦИЯ конгеляция (дененин үшүгөн жери).

КОНГЕНИТАЛЬНО конгениталдуу (тубаса, туулгандан эле деген сөз).

КОНГЕСТИЯ конгестия (дарттын себебинен дененин кызарып турган жери).

КОНГО КРАСНЫЙ кызыл конго к.КОНГОРОТ

КОНГОРОТ конгорот (бензиндин боекторунун тобу. Медицинада ткандарды микроскопко карооо даярдаганда, кандын айланып жүргөн көлөмүн аныктоодо колдонулат).

КОНДИЛОМА кондилома (былжырдуу кабыкчалардын сезгенишинде пайда болгон, тегерек тарткан шишиктер. Көпчүлүгү жыныстык мүчөнүн былжырдуу кабыкчасында учурайт).

КОНДОЛЕАНА-ПАЙРА ОПЕРАЦИЯ Кондолеон-Пайр операциясы (бут өтө жооноюп кеткен учурда сандын жайык чарымын кесип алып таштоочу операция).

КОНКАТО БОЛЕЗНЬ Конкато оорусу (жүрөктүн кабынын, көкүрөк челдин жана ичтин жогору жак бөлүгүндөгү жылтырак челдерине суу толуу менен мүнөздөлгөн, себеби белгисиз сезгенч оорусу).

КОНКВАССАЦИЯ конквассация (буту-колдун сөөгүнүн жана этинин кокустуктан жанчылып эзилүүсү).

КОПЧИК чычан (эң аяккы төрт омуртка).

КОНСОЛИДАЦИЯ консолидация (сөөк сынган жердеги сыныктардын бүтүү процесси; өлүк ткандар сорулуп, анын ордуна жаңы ткандын пайда болушу).

КОНСТАНТИНОВОЙ ОПЕРАЦИЯ Константинова операциясы (ичтин алдыңкы бөлүгүнөн эт өөнөп кесип алып, табарсыктын алдыңкы бетин жана сийдик жолунун бүйрүлмөсүн калыбына келтирүү операциясы).

КОНСТИПАЦИЯ констипация (заң катып, заңдай албай калуу учуру).

КОНСТИТУЦИЯ конституция (адамдын организминин түзүлүшү, айлана чейрөгө ылайыкталган абалы).

КОНСТРУКЦИЯ конструкция (медицинада тартуу, тырыштыруу, кысуу деген маанидеги сөз).

КОНСУЛЬТАЦИЯ консультация (врачтын ооруга кеңеш берүүсү. Оорунуу алдын ала болтурбоого кеңеш берүүчү медициналык жай, аракет).

КОНСУМПСИЯ консумпсия (аныктоо).

КОНТАГИОЗНОСТЬ жугуштук (жугуштуу оорулардын адамдарга, жаныбарларга жугушу).

КОНТАМИНАЦИЯ контаминация (зыяндуу зат же жугуштуу оору жугуу).

КОНТАКТ контакт (жугуштуу оорулуу менен катнашууда болгон адамга колдонулуучу термин).

КОНТРАИНДУКЦИЯ контраиндукция (дарылоо методдорунун туура эместигин далилдөөчү учур).

КОНТРАКТИЛЬНО контрактуу (булчуңдун ийрилип-жыйрылууга жана бошоңдоого жөндөмдүүлүгү).

КОНТРАЛАТЕРИАЛЬНО контралатериалдуу (дененин карама=каршысынан орун алган, тескери орун алган жериндеги дартты белгилөөчү термин).

КОНТРАПЕРТУРА контрапертура (ириңди сыртка чыгаруу үчүн тешик жасагандан кийин, анын каршысынан экинчи тешик жасалуучу операция).

КОНТРАСТНЫЙ ЗАВТРАК нур өтпөс тамак (кызыл өңгөчтү, ашказанды, ичегилерди рентгендик изилдөө үчүн рентген нуру өтпөгөн заттарды ичирип туруп кароо жүргүзүү).

КОНТРАЦЕПСИЯ контрацепсия (боюна болтурбоого алдын ала сактануу чаралары. Боюна болтурбоо химиялык заттарды же ар башка нерселерди колдонуп да ишке ашырылат).

КОНТРИНСУЛЯРНЫЕ ФАКТОРЫ инсулинге каршы заттар (инсулиндин таасирин жоготуучу химиялык заттар. Аларга: мээ безинин алдыңкы жагы бөлүп чыгарган гормондор, кортикостериоддер, катехоламиндер кирет).

КОНТРОЛЬ ЛЕКАРСТВЕННЫХ СРЕДСТВ дары заттарын контролдоо (дарынын таасирдүүлүгүн камсыз кылуу үчүн, аны ичкенде коркунуч туудурбоо үчүн жана анын сапаттуулугун арттырууга багытталган мамлекеттик чаралар).

КОНТРОЛЬНАЯ КАРТА ДИСПАНСЕРНОГО НАБЛЮДЕНИЯ диспансердик байкалуучунун контролдоо картасы (оору деп эсепке алынган оорулууга амбулаторияда толтурулган карта. Анда оорулууга жүргүзүлгөн байкоонун эсеби жана анын сапаты жөнүндөгү маалыматтар жазылат).

КОНТРФОРСЫ контрфорсдор (тамакты тиштеп тарткандa жана чайнагандагы күч өйдөкү ээкке тарап, анан калган сөөктөргө тарагыдай түзүлгөн өйдөкү ээктин тыгыз катмары).

КОНТУЗИОННЫЙ ОЧАГ урунган жер (мээни тышынан урганда пайда болгон, ткандары жанчылган жери).

КОНТУЗИЯ контузия (тышкы сокку денөнүн бардык же көбүрөөк бөлүгүнө таасир тийгизгенде денөнүн бир жери жараланбай эле ооруксунуу абалда болуу).

КОНФИГУРАЦИЯ конфигурация (органдын тышкы көбөтөси, келбети).

КОНФРОНТАЦИЯ конфронтация (жугуштуу ооруну кимисинен кимисине жуккандыгын далилдөө үчүн эки адамдын бири-биринен суроосу).

КОНХОТОМИЯ конхотомия (кабылжаардын төмөнкү же ортоңку чемирчегин кесип алуу операциясы).

КОНЦЕНТРАЦИЯ концентрация (эритменин күчүнүн деңгээли. Дары аралаш суунун ичиндеги дарынын көптүгү жана аздыгы. Ошого жараша эритменин күчү эсептелет).

КОНЧАЛОВСКОГО РУМПЕЛЯ ЛЕЕДЕ СИМПТОМ Кончаловский-Румпел-Леде симптому (колду колтук туштан жгут же резина түтүк менен кысканда андан төмөн жакта теринин канталаган жерлери байкалуу. Ал кан тамырлардын капталы керилгендик белги).

КОНЬЮГАТА коньюгата (эки жамбаштын ортосундагы аралык. Жамбаш чарасынын кырынын аралыгы, чеги).

КОНЬЮГАЦИЯ коньюгация (эркек жана аялдын жыныстык клеткалары кошулуп, түйүлдүктү пайда кылышы).

КОНЬЮНКТИВА коньюнктива (көздү чырмап бириктирүүчү катмар. Ал көздүн сыртынан баштап кирпикке чейинки аралыкка созулат).

КОНЬЮНКТИВИТ коньюнктивит (көздүн сырткы катмарынын сезгенч оорусу).

КОПИОПИЯ копиопия (бир жерди көпкө чейин карап турганда, көз ачышып, көрүү чарчаганды, баш ооруганды сезүү. Ал неврастения оорусунда байкалат).

КОПОФОБИЯ копофобия (чарчайм деп өтө эле корко берүү).

КОППЕНА-ДЖОНСА ВОЛОКНА Коппен-Джонс талчалары (өпкөдө көпкө чейин тешик болгон учурда какырыктан табылган, өзгөчө өзгөрүлгөн ийилгич талчалар).

КОПРЕМЕЗИС копремезис (жин кусуу. Бул айрыкча ичеги түйүлгөндө байкалат).

КОПРОГРАММА копрограмма (заңды изилдөөнүн жыйынтыгын жазуу).

КОПРОЛАГНИЯ копролагния (жыныстык катнашууга башка жыныстагылардын бөлүп чыгаргандарын жыттоо же көрүү менен эле каниет алып, жыныстык катнашуу түрүнүн бузулушу).

КОПРОЛАМИЯ копроламия (эч себепсиз эле ооздо албаган сөздөрдү айта берүүгө жөндөмдүү адам. Бул көбүнчө психикасы бузулуп, шизофрения оорусунда байкалат).

КОПРОЛИТ копролит (заңдын таштай болуп катышы. Ал жалаң гана сүт менен тамактанганда көп учурайт).

КОРГЛИКОН коргликон (адамдын организмине киргенде жүрөктүн булчуңдарын күчтүү иштетүүчү дары. Бул өсүмдүктөрдүн жалбырагынан алынат).

КОРДИАМИН кордиамин (тийгизген таасири боюнча дем алууну, жүрөк жана көп тамыр системаларынын ишин жөнгө салууга жөндөмдүү зат).

КОРДИГИТ кордигит (тийгизген таасири негизинен, жүрөктүн кызматын жакшыртуу менен өпкөнүн ар түрлүү сезгенч оорусунда да колдонулуучу дарылардын катарына кирүүчү дары).

КОРДИОЛОБИЗ кордиолобиз к. МИАЗ АФРИКАНСКИЙ

КОРЕНЬ ВОЛОСА чачтын түбү (теринин тереңиндеги чачтын бөлүгү, түбү; КОРЕНЬ ЗУБА тиштин түбү- тиштин ээкке орношкон кобулдарынын тушу, тиштин бүткөн жери).

КОРЕНЬ ЛЕГКОГО өпкөнүн түбү (көкүрөктүн жылтырак чели менен капталган, өпкөгө кире берген жеринде ги ар кыл анатомиялык мүчөлөр. Анда:негизги бронх, артерия вена тамырлары, нервдик чачыштар, лимфа тамырлар бар).

КОРЕНЬ ЯЗЫКА тилдин түбү (тилдин жуткуч жакка караган арткы бөлүгү).

КОРЕШОК СПИННОМОЗГОВОГО НЕРВА жүлүндүн нерв чачылары (жүлүндүн тиги же бул бөлүгүнөн чыгып жана кирип, жүлүн нервин түзгөн нерв жипчелери).

КОРИНЕБАКТЕРИОЗ коринебактериоз (корин бактериум себепкер болгон адамдын жана жаныбарлардын жугуштуу оорусу. Адамда көздүн жылтырак кабыгынын жеңил сезгенүүсү менен бүтөт).

КОРИУМКАРЦИНОМА кориумкарцинома к. БАЗАЛИОМА

КОРКА карт (дененин бир бөлүгүндө суюктук бөлүнүп чыккан жараттардан кийин пайда болгон, катуу катмар карт).

КОРКОВАЯ ЗОНА тышкы зона (кандайдыр бир функция аткара турган мээнин сырткы катмары).

КОРКОВОЕ ВЕЩЕСТВА НАДПОЧЕЧНИКА бөйрөктүн үстүнкү без кыртышы (бөйрөктүн үстүндөгү без мезотелийден туруп, гормон бөлүп чыгара турган сырткы кыртышы).

КОРНЕА корнеа (көздүн мүйүз сымал, тунук, алдыңкы катмары).

КОРНЕВА АРТРОДЕЗ Корнев артродези (оорулуунун кабыргасынан кесип алып, тизенин муунуна көптөп, муунду беките турган операция. Ушул автордун наамында).

КОРНЕВА АРТРОТОМИЯ Корнев артротомиясы (тизенин муунуна ириң толуп кеткенде анын эки калталын тилип коюп, ириңин чыгаруучу операция).

КОРНЕВА-ШААКА ОПЕРАЦИЯ Корнев-Шаак операциясы (боордун бөлүгүн кесип таштагандан кийин, кесиктин ордуна чычыркай майды матап тигип, кан чыгарбоо далалатын кездеген операция).

КОРОНАРИТ коронарит (жүректүн булчуңун кан менен камсыз кылуучу кан тамырлардын сезгениши).

КОРОНАГРАФИЯ коронаграфия (жүректүн булчуңдарын тамактандыра турган кызыл кан тамырына рентген нуру өтпөгөн зат жиберип аны рентгендик сүрөткө тартып алуу).

КОРОНАРОТРОМБОЗ коронаротромбоз (жүректүн кан тамырына кан уюп, шыкалып калышы).

КОРОНКА ЗУБА тиштин тулку (тиштин эмкке бекиген оюкчасынан жогору чыгып турган, ооздун ичинде көрүнгөн бөлүгү).

КОРОТКОВА ОПЕРАЦИЯ Коротков операциясы (артериялык жана веналык кан тамырдын капталы өтө чоюлуп (аневризм) кеткен учурунда ага келген же кеткен тамырларын байлап таштоочу операция).

КОРОТКОГОЛОВОСТЬ жалпак баштуулук к.БРАХИЦЕФАЛИЯ

КОРОТКОНОГОСТЬ кыска буттуулук к.БРАХИСКЕЛИЯ

КОРСЕТ корсет (омурткалар мертингенде, аны кыймылдабагыдай кылып коюу үчүн көкүрөккө гипстен, кайыштан, металлдан калканч катары жасалуучу кеп).

КОРТИЗОН кортизон (бөйрөк үстүндөгү бездин чыгарган суюктугу - гормонунун бир түрү. Бул гормонду бездин тышкы катмары чыгарат).

КОРРИГЕНС корригенс (ачуу же жагымсыз жыттуу дарынын ачуусун жана жытын азайтуу максатында, ага кошууга колдонулуучу заттар).

КОРРОЗИОННО жегич (дарыны ичкенде, ал ичеги карынын былжырдуу бетин ылжыратып, сыйрып кетүүчүсү).

КОРРУГАТОР корругатор (булчуң жыйрылганда терининн чогулуп, жыйрылуусу. Ал кабак чытыганда да бөйкалат).

КОРТИКОИДЫ кортикоиддер к.КОРТИКОСТЕРИОДЫ

КОРТИКОСТЕРИОДЫ костикостероиддер (бөйрөк үстүндөгү бездин бөлүп чыгарган суюктугу, гормон. Зат алмашуу процессинде катышат).

КОРТИКОСТЕРОМА кортикостерома (бөйрөктүн үстүнкү безинин тышкы катмарынын шишиги. Ал глюкокортикоиддерди арбын бөлүп чыгаруу менен белгилүү).

КОРТИКОСТЕРОН кортикостерон (бөйрөктүн үстүнкү безинин сырткы катмары чыгарган, гидрокортизонго караганда күчү азыраак гормон).

КОРТИКОЭСТРОМА кортикоэстрома (эркектин бөйрөктүн үстүнкү безинин сырткы катмарынын шишиги. Эстрогендерди көп бөлүп чыгарып эркек, аялга окшоп кетиши байкалат).

КОРЭКТОПИЯ корэктопия (көздүн карегинин орто ченден бир жакка жылып кетиши, кыйшыктыгы).

КОСМЕТИКА косметика (адамдын денесиндеги сулуулукту, жоготпос үчүн багытталган дарылоочу, гигиеналык, көркөндүрүүчү каралардын комплекси).

КОСМЕТИЧЕСКОЕ ПРОЦЕДУРЫ косметикалык аракеттер (өздүк гигиенаны, тери ооруларын болтурбоо үчүн жана денедеги жетишсиздиктерди жоюу үчүн жасалган аракеттер. Аларга: массаж, таңуулар кирет).

КОСМЕТИЧЕСКОЕ СРЕДСТВА косметикалык каражаттар (өздүк гигиенаны, тери ооруларын болтурбас үчүн жана денедеги жетишсиздиктерди жоюп тышкы көрүнүштү жакшыртууга багытталган аракеттер).

КОСОГЛАЗИЕ кыйшык көз (бир жерди караган учурда бир көз көздөгөн тарапты карабай, бурулуп кетиши).

КОСОЙ чалыр, кыйшык көз (көз булчуңдарынын бир тарабы шал болуудан көз бир жагына тартылып калган учуру. Андай абал туулганда эле байкалышы ыктымал).

КОСОЛАПОСТЬ кыйшык тамандуу (шыйрак булчундары тырышууда буттун кетменинин бир жагына кыйшайып калышы).

КОСОРУКОСТЬ кыйшык колдуу (колу ийилген, ийри колдуу адам).

КОСТЕНА СИНДРОМ Костен синдрому (жаак муундун шалкылдап, карсылдашы менен эктин кыймылынын чектелиши, угуусу начарлашы, кулактын оорушу, тил кургап, баштын айланышы. Ушул абал көптөгөн тиштер жокто жана жаак муундун кысылган учурунда байкалат).

КОСТНАЯ ЛАКУНА сөөк чөнөгү (сөөктүн ичинде остеоцит клеткалары жайгашкан орду, чөнөгү).

КОСТНАЯ ЛОЖКА сөөктүн кашыгы (сөөктүн ичиндеги өлүк тканларды кырып, сууруп чыгарууга ыңгайланган аспап, кашык).

КОСТНЫЙ МОЗГ сөөктүн чүчүгү (чүчүктан кандын түзүлүшү-дагы клеткалар өсүп чыгып, аз кандуулукта өсүп жетилүүчү кан клеткалары).

КОСТНАЯ МОЗОЛЬ сөөк чору (сөөк сынган учурда сыныктын оордун толукташ үчүн өсө баштаган сөөк ткары).

КОСТНАЯ МУКА сөөктүн уну (сөөктүн оордун толтуруу үчүн колдонулуучу өтө майдаланып, укаланган сөөктүн ткары).

КОСТНАЯ ПЛАСТИКА сөөк шыкоо (бир жердин сөөгү жетишсиз болгондо, анын ордун толукташ үчүн башка сөөктөн кесип келип, эп кыйып жамап матырып коюу).

КОСТНАЯ СТРУЖКА сөөк чамындысы (сөөктүн жетишсиз жерин толтуруу үчүн колдонулуучу сөөктүн майдалап барчаланган түрү).

КОСТНОМОЗГОВАЯ ПОЛОСТЬ сөөктүн чүчүк көбүлү (жумуру сөөктүн ортосунда чүчүкка толгон жери).

КОСТНЫЕ КУСАЧКИ сөөк кыпчуурлар (сөөк ткандын кемиктеп алып таштоого ылайыкталган учу жалпак жана курч, дат баспас металдан жасалган хирургиялык аспап, кыпчуур).

КОСТОГРАФИЯ костография (эч бир даярдыксыз эле кабыргаларды рентгендик сүрөткө түшүрүү).

КОСТОЕДА желген сөөк к.ОСТЕОМИЕЛИТ

КОСТОТРАНСВЕРЗЭКТОМИЯ костотрансверзэктомия (көкүрөк ичин ачуу үчүн кабырганын арткы бөлүгүн омурткага бириккен жеринен кесип таштоо).

КОСТЫЛИ балдак (бир буту чолок адамдар басып жүрүш үчүн колдонулуучу атайын ылайыкталып жасалган таяк, балдак).

КОТИЛЕДОН котиледон (бала төрөлгөндөн кийинки, ичтен түшкөн баланын тонунун жипчелери).

КОСТЬ сөөк (сөөк ткандан, ошондой эле чемирчектен турган орган. Склетти түзөт).

КОТОВЩИКОВОЙ МЕТОД Котовщикова методу (кандын оксалат суюктугуна хлордуу кальцийдин эритмесин кошуп 30 минут тургандан кийин, анын уюу активдүүлүгүн көз менен карап туруп баа берүү жолу).

КОТОВЩИКОВОЙ ТРОМБОТЕСТ Котовщикова тромботести к.КОТОВЩИКОВОЙ МЕТОД

КОТУНЬО СИНДРОМ Котуньо синдром (отургуч нервдин ар түрдүү бузулушунун жалпы атынын эскиче аталышы).

КОУПА СИМПТОМ Коупа симптому (оң бутту жамбаш аштоодон бүккенде, ичтин төмөн жагынын оң жак бөлүгү ооругандыкты сезиши. Ушундай учур аппендицит оорусунун күбөсү).

КОФЕИН кофеин (организмге киргенде борбордук нерв системасына таасир берүү менен уйкуну келтирбей, жумушка жөндөмдүү келтирип, айлана-чөйрөгө сергектик мамиле кылууга көмөктөшүүчү дары. Ал чайда көп болот).

КОФЕИНИЗМ кофеинизм (кофеинге көнгөн адам. Чайчыл адамдар да ушуга кошулат).

КОФЕИНОГАФИЯ кофеиногафия к.КОФЕИНИЗМ

КОФЕРМЕНТ кофермент (жаныбарлардан алынган органикалык зат. Бир топ ферменттердин күчүн күчөтүүгө жөндөмдүү келет).

КОФМАНА ТЕНОПЛАСТИКА Кофманча тарамыш жылдыруу (чоң жотожиликтин бир булчуңунун тарамышын шыйылчак урчугунун алдынан өткөрүп буттун кетменине жамоо операциясы. Бул таман шалкылдап калган учурда жасалат).

КОФОТЕРАПИЯ кофо дарылоосу (кулагы катуу же дүлөй болуп жабыркаган адамдарды дарылоонун бардык аракеттери).

КОФОХИРУРГИЯ кофохирургия (кулагы катуу же дүлөй болуп жабыркаган адамдардын угуусун жакшыртуу максатында жүргүзүлгөн операциялардын бардыгы кирет).

КОФФИ ГАСТРОПЕКСИЯ Кофби гастропексия (ылдыйлап кеткен ашказанда ичтин алдынкы бетине чычыркай майды туурасынан топтоп тигип коюучу операция).

КОФФИ ОПЕРАЦИЯ Кофби операциясы (сийдик куюлуучу түтүкту сигма сымал жоон ичегиге жалгаштырып коюучу операция).

КОФФИ-МЕЙО ОПЕРАЦИЯ Кофби-Мейо операциясы (сийдик куюлуучу түтүктөрдүн экөөнү тең сигма сымал жоон ичегиге жалгаштырып кое турган операция. Ушул автордун наамында аталып калган).

КОХА ПРОБА Кох баамдоосу (туберкулез оорусун аныктоо үчүн алсызданган туберкулездун микробактериясын териге сайып, анын реакциясына жараша оору бар же жок экендигин аныктоо).

КОХЕРА ГРЫЖЕСЕЧЕНИЕ Кохер кирич жоюу (чурайдын киричи айрылганда кирич баштыкчасын кесип алып таштабай эле аны кайра кирич жакка кабырып, моюнчасын ейде жакка бүйрө тигүү менен бүтүрген операция).

КОХЕРА ДЕКОРТИКАЦИЯ Кохер кыналачтоосу (сынган сөөк кепке бүтпөгөндө же ал жерде жасалма муун пайда болгондо, сөөктүн учтарындагы чарымдарды сыйрып жыналачтоо жолу менен сыныкты бат бүтүрүү үчүн жасалган операция).

КОХЕРА МЕТОД Кохер методу (бут жамбаштан тайып кеткенде аны оордуна келтириш үчүн оорулууну жаткырып алып, бутту өйдө көтөрүү менен аны чоюу, андан кийин ич жакка жана сыртка бурсо).

КОХЕРА ОПЕРАЦИЯ Кохер операциясы (баштын ичиндеги басымды басыш үчүн мээнин борбордук ийри=муйру жылгасынын түшундагы сөөк менен жаак сөөктүн бөлүктөрүн чегүүчү операция).

КОХЕРА РАЗРЕЗ Кохер кесүүсү (далы сөөктөн кесип алыш үчүн анын түшунан дого сымал кесүү менен ага жетүү).

КОХЕРА РЕЗЕКЦИЯ ЖЕЛУДКА ашказандан Кохердей кесип алуу (ашказандан кесип алуунун бир түрү. Мында кесилген ашказандын учу такыр жамалат дагы ичке ичегини ашказандын капталына жалгап тигип коюу операциясы).

КОХЕРА РЕФЛЕКС Кохер рефлекси (эркектин жумурткасын тартып көргөндө, ошол тарткан жактагы ичтин булчундарынын жыйрылышы).

КОХЕРА СИМПТОМ Кохер симптому (аппендицит оорусунун башталышынын биринчи саатында сүбөнүн алдынын оорушу).

КОХЕРА ТОЧКА Кохер чекити (мээдеги карынчанын каптал муйуз түшуна ийне сайу үчүн ошого түшташ келген баш сөөктүн төбө тигишинин алды жагындагы бөлүгүнөн 2 сантиметр сырт жагындагы жери, чекити).

КОХЕРА-ЛЕКСЕРА ОПЕРАЦИЯ Кохер-Лексер операциясы (колдун алаканы ич жагына бүгүлүп калган учурда, алакандын жайык чарымын кесип таштоочу операция).

КОХЛЕОПАТИЯ кохлеопатия (ички кулактын бурама органы, үн кабыл алуучу бөлүгүнүн сезгенчисиз эле дартка чалдыккан ооруларынын жалпы аты).

КОХОВСКИЙ НЕФРОЦИРРОЗ Кох нефроцирроз (бөйрөктүн негизги ткани эпителий жана лимфоиддик клеткалары шишип, бирок дөмпөйбөй, тешилбей эле сезгенчке учураган өнөкөт туберкулез оорусу).

КОЧЕВА ОСТЕОТОМИЯ Кочев сөөк кесүүсү (жумуру сөөктөрдүн кыйшыгын түзөш үчүн сөөктүн орто ченинен көзөп, алардын ортосун кошуп, учу чыгып турган түшүн тешиктин оордуна кынап, жылдырып кыйшыкты түзөөчү операция).

КОШАЧЬЕ МУРЛЫКАНИЕ мышыкча кырылдоо (жүрөктүн бүктөмөлөрү ар кыл дартка чалдыккан адамдын жүрөк түшүн басып турган учурда угула турган, уктаган мышыктын үнүндөй чыккан добуш).

КОЭФФИЦИЕНТ БРАЧНЫЙ ПЛОДОВОСТИ никелеш түкумдаш коэффициенти (бир жылдын ичинде күйөөгө чыккан 15 тен 49 жашка чейинки аялдардын бала төрөш саны, жалпы эле төрөгөн аялдарга катнашы).

КОЭФФИЦИЕНТ ВЕНТИЛЯЦИИ желпүү коэффициенти (кадимкидей дем алганда өпкөнүн тереңи - альвеолго кирген абанын, альвеолдогу абанын жалпы көлөмүнө катнашы. Өпкөнүн желпүүсүн туюндурат).

КОЭФФИЦИЕНТ ВНЕБРАЧНОЙ ПЛОДОВОСТИ никесиз түкумдашуу коэффициенти (бир жылдын ичинде 15 тен 49 жашка чейинки күйөөсүз аялдардын бала төрөш саны, жалпы төрөгөн аялдарга катнашы).

КОЭФФИЦИЕНТ ВСАСЫВАНИЯ соруп алуу коэффициенти (тамак сиңирүү жолдорунан радиоактивдүү кошмолордун канга түшүү ылдамдыгынын көрсөткүчү).

КОЭФФИЦИЕНТ ДЕТСКОЙ СМЕРТНОСТИ балдар өлүмүнүн коэффициенти (бир жылдын ичиндеги бир жашка чейинки өлгөн балдардын саны, бир жылда төрөлгөн балдардын жалпы санына катнашы).

КОЭФФИЦИЕНТ СМЕРТНОСТИ өлүм коэффициенти (бир жылдын ичинде өлгөн адамдардын жалпы санынын элдердин жалпы санына катнашы).

КРАББЕ БОЛЕЗНЬ Краббе оорусу (төрөлгөндөн эле байкалуучу булчуң эттин өсүп жетилбестиги, ага байланыштуу дене шалакы болуп, көз бир кыймылды жасай албай калуу менен чектелген тукум куучу оору).

КРАВЗЕ-ТАРНОВСКОГО ШИНА Кравзе-Тарновский шакшагы (кашка жилиги сынган адамдарды ташуу үчүн, керек болсо бутту керүү үчүн ыңгайланып металлдан жасалган шакшак).

КРАЙЛА ГЕМОСТАЗ Крайл кан токтотуусу

КРАЙЛА ТИРОИДЭКТОМИЯ Крайл тироидэктомия (калкан бези рак оорусуна чалдыкканда, анын төгөрөгиндеги эттери менен кошо кесип алып таштоочу операция).

КРАМАРЕНКО РИНОПЛАСТИКА Крамаренко ринопластикасы (шаңырайган тешиктүү мурундун көзөнөгүн жабуу үчүн ичтен же ийинден эт кесип алып жамоочу операция).

КРАМЕРА СИМПТОМ Крамер симптому (көкүрөктүн үчтөн жетиге чейинки омуртка түшүн кагып көргөндө, үндүн өтө чыкпай калышы. Ал көөдөндөгү без чоңоюп кеткен учурда байкалат).

КРАМЕРА ШИНА Крамер шакшагы (сынган колу-бутту таңып оорулуу-ну жөнөтүш үчүн ылайыкталып, зымдан жасалган жалпак шакшак).

КРАМЕРА-ТИСДАЛЛА МЕТОД Крамер-Тисдалл методу (сийдиктеги калийди аныкташ үчүн ага натрийдин кобальтгекса нитриттин кошуп, андан түшкөн саркындыга жараша кыйыр аныктоо).

КРАМПИ крампи (капиллярдык кан айлануу бузулганда, кальций зат алмашуусу начарлаганда бел омурткаларынын калыңдашында кээде байкалуучу балтырдын балык этинин карышып турушу).

КРАНИАЛЬНО краниалдуу (баш сөөгүнө байланыштуу, баш жагынан орун алган бардык өзгөрүүлөр деген сөзгө барабар термин).

КРАНИОГРАФИЯ краниография (эч бир даярдалбай туруп эле баш сөөктү рентгендик сүрөткө түшүрүү жолу).

КРАНИОДИСПЛАЗИЯ краниодисплазия (баш сөөктүн ар түрдүү туура эмес өсүштөрүнүн жалпы аты).

КРАНИОКЛАСТ краниокласт (көптөгөн же жалгыз эле адамдын баш сөөгүнүн өзгөчөлүктөрүн биле турган антропология илиминин бөлүгү).

КРАНИОМЕТРИЯ краниометрия (баш сөөктүн ар кыл экендигин билиш үчүн аны ченөө).

КРАНИОПАГ краниопаг (эгиз балдардын бири-бири менен баштарынын кошулуп өсүп калышы. Мындай учур айрыкча түйүлдүктүн туура эмес өсүшүндө байкалат).

КРАНИОПЛАСТИКА краниопластика (баш сөөктүн кемтигин жоюш үчүн жасалган бардык операциялар).

КРАНИОРАХИСХИЗ краниорахисхиз (баштын жана омурткалардын кобулдарынын өсүп жетилбей ачык, кемтик калышы).

КРАНИОСТЕНОЗ краниостеноз (баш сөөктүн бири-бирине кошулган жиктери эрте биригүүдөн кийин пайда болгон баштын кебетесинин бузулушу).

КРАНИОТАБЕС краниотабес (баш сөөктүн эмгек тешигинин айланасы жана бири-бирине кошулган тигиши жумшап, жука сөөктөрдүн жукалана башташы. Бат кармаган итий оорусунда байкалат).

КРАНИОТОМИЯ краниотомия (төрөт убагында ичтеги өлгөн баланын башын кесип, аялды кыйналтпай төрөтүүчү акушердик операция).

КРАНИОФАРИНГИОМА краниофарингиома (туулганда эле пайда болгон мээнин шишиги. Шишик гипофез безинин жолунун калдыгынан өсүп чыгат).

КРАПИВНИЦА бөрүжатыш (териде капысынан пайда болгон кычышып, төгереги кызарган майда ыйлаакчалар. Анын пайда болуу себеби аллергиялык таасирден).

КРАПИВНИЦА МИЛТОНА Милтон бөрүжатышы к.КВИНКЕ ОТЕК

КРАПФА-КУРТИСА СИНДРОМ Крапф-Куртис синдрому (мээнин чокусунун арт жак. каптал бөлүгү дартка чалдыкканда, кээ бир кыймылды жасай албай, эсепке керек кыймылдарды да жасай албай калышы).

КРАСИНА СУХОЖИЛЬНЫЙ ШОВ Красин тарамыш тигиши (ийри-муйру кесилип калган тарамышты өз кебине келтириш үчүн тарамыштын сыртына тигиш салуу менен бүтүрүү).

КРАСКЕ ДОСТУП Краскече жол ачыш (көтөн-чучукка жетиш үчүн куймулчактын ортосунан тилип, чычак сөөктөрүн төртүнчү жана бешинчисин кесип алып таштап гана ага жетүү жолу. Операция автордун наамында аталып калган).

КРАСНОБАЕВА КОСТНЫЙ ШОВ Краснобаев сөөк тигиши (балдардын сөөгүнүн сыныгын бүтүрүш үчүн сынык сөөктү жоон жибек жип менен тигүү операциясы).

КРАСНОБАЕВА ПЕРИОСТОТОМИЯ Краснобаев сөөк чарымын тилүү (сөөк кулгунасынын башталгыч учурунда ошол туштагы этти, сөөктүн сыртқы катмар чарымы менен кошо жара тилип, андагы иринди тышка чыгаруучу операция).

КРАСНОБАЕВА СИМПТОМ Краснобаев симптому (жаңыдан төрөлгөн баланын киндиктин үстүнкү артериясы жана вена тамыры сезгенгенде ичтеги түз булчуңунун чыңалып, катуу тартып турушу).

КРАСНОВА ИСКУССТВЕННЫЙ ХРУСТАЛИК Краснов жасалма чечекейи (көздү көрсөтүш үчүн көздүн алдыңкы же арткы кобулуна коюла турган линза).

КРАСНОЕ КРОВЯНОЕ ТЕЛЬЦЕ кызыл кан денечелери к.ЭРИТРОЦИТ

КРАУЗЕ ДОСТУП Краузече жетиш жолу (мээнин жаак бөлүгүндөгү үчүлтүк нервдин түйүнүнө жетиш үчүн, шынаа сымал сөөктүн чоң канаты аркылуу өтүү операциясы).

КРАУЗЕ КОЛБА Краузе тоголок башы (тилдин булчуң жипчелеринин ортосу, эпидермистин алдындагы эң аякы сезгич нервдин тоголок форма менен бүткөн башы).

КРАУЗЕ КРАНИТОМИЯ Краузече баш сөөктү тешүү (каракуш мээнин бир бөлүгүнө жана анын жанындагыларга жетиш үчүн желке сөөктү чегип тешүүчү операция).

КРАУЗЕ ЛАМИНЭКТОМ Краузе ламинэктом (омурткалардын канатын кесүүгө ылайыкталган, кыскан учурда кесип кете турган кычкач).

КРАУЗЕ ПЕРЕСАДКА КОЖИ Краузе тери көчүрүү (жарасы бүтпөгөн терининн үстүнө, башка жерден тери калың кесип алып жамоочу операция).

КРАУЗЕ СТЕРИЛИЗАЦИЯ КЕТГУТА кетгутту Краузече стерилизациялоо (кетгутту жугуштан арылтыш үчүн иоддуу калийдин эритмеси менен андан кийин газ түрүндегү хлор менен иштетүү- ага чылап коюу).

КРЕАТОРИЯ креатория (заңда толугу менен эрий элек булчуң жана кошуучу ткандардын нормадан арбын болушу).

КРЕДА СПОСОБ Креда ыгы (баланын тону кечигип түшө турган абалда ичти басуу жолу менен ыкчамдата турган акушердик кол аракети).

КРЕЗОЛЫ крезолдор (бактерияларды ууландыруучу жана өлтүрүүчү таасири бар фенолдон чыгарылган жалпы кошундулардын аты).

КРЕЙЛИКА МЕТОД Крейлик методу (жүректү артериялык кан менен тамактануусун күчөтүш үчүн, толто тамырдын бутагынан кошумча кан тамыр жалгоо).

КРЕМАСТЕР кремастер (эркектин жумурткасын өйдө көтөрүүчү булчуң).

КРЕМАЦИЯ өлүктү өрттөө (өлүктү атайын жасалган меште күйгүзүү, өрттөө. Өлүктү жерге көмгөнгө караганда, өрттөө гигиеналык жактан артык).

КРЕМНИЙ кремний (организмдердеги ткандардын бир нече тобунун тутумуна кирген химиялык элемент).

КРЕНЛЕЙНА ОПЕРАЦИЯ Кренлейн операциясы (көз чуңкурунун сөөгүнүн сырткы капталын кесип, көздүн түбүнө жана анын аймагындагы ткандарда операция жүргүзүү үчүн жол ачуу).

КРЕНОТЕРАПИЯ кренотерапия (минералдык сууларды дарылоо жана профилактикалык максатка колдонуу жолдорунун методдорунун жыйынтыгы. Бул термин практикада аз колдонулат).

КРЕПЕЛИНА МЕТОД Крепелин методу (акыл эмгегинин жөндөмдүүлүгүн изилдей турган метод. Ал үчүн белгилүү санды белгиленген убакта коштуруп, анын кетирген катасына жараша акылынын абалы аныкталат).

КРЕПИТАЦИЯ кычыроо (кулак менен укканда же денени басып көргөндө, карды баскандай кычырагандай добуштун сезилиши).

КРЕСТЦОВАЯ ОБЛАСТЬ куймулчак чөйрөсү (эки куйрук булчуңунун ич жак бөлүгүндөгү сырты дөмпөк аймагы).

КРЕСТЦОВО-КОПЧИКОВОЕ СОЕДИНЕНИЕ куймулчак чычандын кошулушу (биринчи чычаң сөөгү менен бешинчи куймулчак сөөгү кошулган, толук эмес муундун жалгашкан жери).

КРЕТИНИЗМ эргежээл (адамдын туулгандан эле калкан безинин жетишсиздигинен боюнун кыска, кодо болушу).

КРЕТИНОИД кретиноид (тышкы формасы боюнча кретинизмдин белгилерине окшоп эсинен анчейин ажырабаган абал).

КРИАЛГЕЗИМЕТР криалгезиметр (адамдын сууктан ооруган сезиминин ченин өлчөй турган аспап).

КРИВИЗНА ЖЕЛУДКА БОЛЬШАЯ ашказандын чоң оюгу (ашказандын төменкү бөлүгүндөгү, сол жактагы сыртына чыгып турган урчугу).

КРИВИЗНА ЖЕЛУДКА МАЛАЯ ашказандын кичи оюгу (ашказандын жогорку бөлүгүндөгү, сол жактагы ич жакка маталып турган оюгу).

КРИЕСТЕЗИЯ криестезия (суукту өтө бат сезгич жана ага байымы жок адамдар).

КРИВОШЕЯ кыйшык моюн (моюн денеенин негизги огунан жылып кеткен учурда, баштын бир жагына кыйшайып турган абалы).

КРИЗ ВОЗРАСТНОЙ жаштын кризи (жаштын бир этаптан экинчи этапка өтүшүнүн мезгилинде байкалуучу психикалык өзгөрүштүн жалпы аты).

КРИЗИС кризис (оорулуунун абалынын өзгөрүшү. М.: температуранын жогортон нормага же андан да төмөн тез убакта түшүп кетиши).

КРИЗОДЕРМА кризодерма (алтындан жасалган дарыларды ичкенде же аны ийне менен денеге сайганда байкалуучу, теридеги ар кыл формадагы темгилдер).

КРИКОСТОМА крикостома (тамак бүтөлгөндө, дем алууну калыбына келтириш үчүн оймок сымал чемирчекти анын тегерегиндеги жумшак ткандары менен катар тешип, дем алдыруучу жасалма жол жасоо).

КРИКОТОМИЯ крикотомия (коконун кобулун ачыш үчүн шакек сымал чемирчекти тилүүчү хирургиялык операция).

КРИКОТРАХЕОТОМИЯ крикотрахеотомия (коконун төменкү трахеясынын жогорку бөлүгүнө жетиш үчүн оймок сымал чемирчекти жана трахеянын жогорку шакегин (чемирчегин) кесүү жолу).

КРИОЗОНД криозонд (ар түрдүү мүчөнүн тереңиндеги тканларына суукту жеткире турган аспап).

КРИОКАУТЕР криоаутер (тканды жоюш үчүн сууктун таасирин тийгизүүчү аспап. Бул теринин шишигин, рагын алып салуу үчүн колдонулат).

КРИОКОАГУЛЯЦИЯ криокоагуляция (тканды бүлүндүрүш үчүн аны муздатуу методу).

КРИОПЕКСИЯ криопексия (көздүн тор катмары менен тамырдуу катмарын муздатуу жолу менен кабаттап бириктирүүчү операция. Операциянын максаты аны бири-бири менен чапташтыруу).

КРИОТЕРАПИЯ криотерапия (ткандарды, органдарды, организди өте төмөнкү температура менен таасир берип дарылоонун жалпы аты).

КРИОХИРУРГИЯ криохирургия (дененин бир жерин муздатуу менен хирургиялык методду колдонуп дарылоо).

КРИОЭКСТРАКЦИЯ КАТАРАКТЫ бозоргон чечекейди муздатып сыгуу (чечекейдин алдыңкы бетин атайын аспап менен муздатып туруп, аны сыгып алып таштоочу операция).

КРИПТОГЕННО криптогендүү (жугуштуу оору дененин кайсы бөлүгүнөн баштап киргендигин аныктай албаган учур).

КРИПТОРХИЗМ крипторхизм (баланын калтасындагы жумурткасынын бирөө же экөөнүн тең жок болушу).

КРИПТОСКОП криптоскоп (рентген кабинетти карангылабай туруп эле рентгендик кароо өткөрүш үчүн,рентген аппаратына кошула турган кошумча аспап).

КРИПТОФТАЛЬМ криптофтальм (туулгандан эле байкалган көз, көз жапкыч, көздүн жылчыгы өсүп жетилбестик).

КРИПТОФТАЛЬМУС криптофтальмус (туулгандан эле көз жапкычынын такыр эле жокко эсе болуп, көздүн үстүнөн теринин тартылып турушу. Башкача айтканда, жаргак көз адам).

КРИСТАЛЛИНЫ кристалиндер (чечекейдеги эрий турган белок фракциясынын жалпы аты. Алар: альфа, бета жана гамма кристалиндер).

КРИСТЕЛЛЕРА МЕТОД Кристеллер методу (ткандардын турган ордун белгилеш үчүн органдарды муздатуу жолу менен чоң көлемде микроскопко даярдап карап көрүүгө ылайыктоо жолу).

КРИСТЕЛЛЕРА ПРИЕМ Кристеллер ыгы (төрөлүүчү баланын башы көрүнгөндө, ар бир толгоонун учурунда, ыйынган мөзгилде төрөттү ылдамдатыш үчүн ичти басуу менен чектелген акушердик ык).

КРИСТЕЛЛЕРА ПРОБКА Кристеллер тыгынчыгы (аялдын жыныстык кынынан, жатындын ичине жугуш кирип кетишине тоскоол болуучу былжыр).

КРИЧЛИ СИНДРОМ Кричли синдрому к.ЭПИЛЕПСИЯ МУЗЫКОГЕННАЯ

КРОВЕЗАМЕНИТЕЛИ кандын ордундагы заттар к.КРОВОЗАМЕЩАЮЩИЕ ЖИДКОСТИ

КРОВЕЗАМЕЩАЮЩИЕ ЖИДКОСТИ кандын кемтигин толуктоочу суюк дарылар (кансыраган адамдарга куюлуучу кандын ордунда жүрүүчү суюктуктарга: полиглюкин, аминопептид, гидролизин ж.б.у.с. бир топ суюктуктар кирет).

КРОВЕПАРАЗИТЫ кан мителери (кан денечелеринин ичинде жашай турган мителер. М.: безгек митеси, трипаносомдор).

КРОВЕТВОРЕНИЕ кан пайда болуу (кандагы кан клеткасынын өсүү, жетилүү процесси. Жаңы кан клеткасынын пайда болушу).

КРОВОИЗЛИЯНИЕ кан толуу (организмдин кобулдарына жана ткандарга кан тамырлардан чыккан кандын топтолуп калышы).

КРОВООБРАЩЕНИЕ кан айлануу (организмдин ткандарынын зат алмашуусун тейлее үчүн кандын, кан тамырлардан жылышы).

КРОВООСТАНОВЛИВАЮЩЕЕ СРЕДСТВА канды токтотуучу дарылар (аккан канды токтотуучу дарылар. Аларга хлордуу кальций, викасол жана кандан жасалган дарылар кирет).

КРОВОПОДТЕК канталоо (теринин тереңине жана былжырдуу катмарларга кандын уюп калышы).

КРОВОПОТЕРЯ кансыроо (канды агызганда же акканда организмдин кандын бөлүгүн жоготушу).

КРОВОПУСКАНИЕ кан агызуу (кандын тутумунда керексиз заттар тышка бөлүнүп чыкпай калган учурларда, бир заматта уу заттар менен ууланганда дарылоо катарында кан тамырдан канды чыгаруу).

КРОВОСНАБЖЕНИЕ кан менен камсыздоо (адамдын органдарына же дененин бөлүгүнө артериялык кандын келиши).

КРОВОТЕЧЕНИЕ кан агуу (кан тамырлардан кандын сыртка куюлушу. Кан агуунун себебине жараша ал бир топко бөлүнөт).

КРОВОТОК кандын жылышы(кан тамырлардын бир бөлүгүндөгү кандын жылуу багыты).

КРОВОТОЧИВОСТЬ кан токтобоо(кан уюу процесси бузулганда же кан тамырдын капталынан суюктук чыгуу күчөгөндө, аздыр-көптүр белгилүү бир убакытка кандын чыгып турушу).

КРОВОХАРКАНЬЕ кан түкүрүү (жөтөлгөндө дем алуу жолдору аркылуу кан же кан аралаш какырык чыгуу).

КРОВЬ кан (организмде көптөгөн заттарды ташуучу жана аны коргоочу, теске келтирүүчү функцияларды аткарган плазма суюктугунун ичиндеги ткань).

КРОВЬ ИСКУССТВЕННАЯ жасалма кан (кандын ордуна колдонулуучу, кан тамырга куюучу суюктуктар).

КРОВЯНАЯ ПЛАСТИКА кан пластикалары к.ТРОМБОЦИТ

КРОВЯНОЕ ДАВЛЕНИЕ кан басымы (кан тамырдын капталына жана жүрөктүн ичине кандын басым жасашы).

КРОГИУСА СПОСОБ Крогиус ыгы (томук муундан тайып кеткен учурда, муундун чарымын ти..ип, анын кобулун ачып, томукту чарымдын бөлүгү менен чулгап, матап тигип коюучу операция).

КРОЛЯ СИМПТОМ Кроль симптому (куяң оорусунда байкалуучу отургуч нерв тейлеген чөйрөдө шыйрактын терисиндеги кылдын аз же өтө эле көп болуп кетиши).

КРОСТИ-ДЖАНОТТИ БОЛЕЗНЬ Кросги Джанотти оорусу (белгисиз себептерден бат эле кол-бутка, куйрук тушка, сары, кызыл же кызыл түстөгү темгилдер пайда болуу менен температура бир аз көтөрүлүп, без чочуу байкалган оору. Бул айрыкча балдарда гана кезигет).

КРОСТИ-ДЖАНОТТИ СИНДРОМ Кросги-Джанотти синдрому к.КРОСТИ-ДЖАНОТТИ БОЛЕЗНЬ

КРУГЛОЕ ОТВЕРСТИЕ тегерек тешик (баш сөөктүн шынаа сымал бөлүгүндөгү тегерек тешик. Ал тешик аркылуу үчүлтүк нервдин өйдөкү ээк бутагы өтөт).

КРУГОВАЯ ЗОНА тегерек зона (кашка жиликтин моюн туштагы ичке жерин ич жактан курчап турган муундук талча жипчелери).

КРУГОВЫЕ СКЛАДКИ тегерек кырчалар (ичке ичегинин былжырдуу катмарындагы ичегини айланта курчаган кырчасы).

КРУКЕНБЕРГА АМПУТАЦИЯ Крукенберг ампутациясы (кашка жилик туштан бутту кесип салган учурда, таарылган жиликтин учуна жиликтин урчугунан кесип алып каптоо жолу менен аны таянч болгудай жасалуучу операция).

КРУП көптөөр (кээ бир жугуштуу ооруларда байкалуучу тез кармаган тамак оорусу. Мында алкым кысылып, дем кыстыгуу, үнү кырылдап, такылдаган жөтөл менен коштолот).

КРУРОТОМИЯ круротомия (кулак үзөңгүсүнүн склероз оорусундагы талчаларынын тарамын кесүү. Кулакка жасалуучу операциялардын бир бөлүгү).

КРЫМСКАЯ ГЕМОРРОГИЧЕСКАЯ ЛИХОРОДКА крымдык кан тамыр оорусу (1944=жылы крымда табылган бат таралуучу жугуштуу оору. Ооруга чалдыктыруучу вирус талемма деп аталат. Бул адегенде кенеде болуп, анан адамдарга жугат. Дарттын башталышында ички органдардагы кан тамырлар канга толуп, көпкөлөң тартат. Жүрөк кан тамыр системасы жана ички ткандар ага мүнөздүү өзгөрөт).

КРЮКОВА-ЗАУЭРБРУХА СИМПТОМ Крюков Зауэрбрух симптому (боор эттин алды, боор ириңдеп кеткен учурда, ириң чогулган туш - тогузунчу, он биринчи кабыргаларды басып көргөндө, анын өтө оорушу).

КСАНТЕЛАЗМА ксантелазма (холестеринэстер деген заттын териге жыйналышы. Бул зат алмашуу процессинин бузулгандыгын баяндайт. Айрыкча ооздун ичинде жана кулак калканчында учурайт).

КСАНТИНУРИЯ ксантинурия (кандын суюк бөлүгүндө жана сийдикте ксантин затынын көптүгү. Ал ксантиноксидаз ферменти жетишсиздиктен келип чыгат).

КСАНТОДЕРМИЯ ксантодермия (теринин бир жерине саргыч түстүн пайда болушу).

КСАНТАЛА ксантала (диабет оорулууда байкалуучу теринин шишик оорусу. Ал боор оорусунда да байкалуучу дарт).

КСАНГОМАТОЗ ксантомаз (липоиддик зат - май алмашуу бузулуудан пайда болгон жалпы оору).

КСАНТОПСИЯ ксантопсия (бардык буюмдардын кезге сарыдай көрүнүшү. Ал көбүнчө сарык оорусунда, сантонин дарысы жана пикрин кислотасы менен ууланганда байкалат).

КСАНТОФИБРОМА ксантофиброма к.ГИСТИОЦИТОМА

КСАНТОХРОМИЯ ксантохромия (теринин жана жүлүндүн ичиндеги суюктуктун саргыч түстө болушу).

КСЕНОДОХИИ ксенодохии (төртүнчү кылымдарда Византий империясында ооруп калган жолбундарды орноштура турган жайы).

КСЕНОКЕРАТОПЛАСТИКА ксенокератопластика (жаныбарлардын көзүнүн сырткы кабыгын адамдын көзүнүн сырткы кабыгы менен алмаштыруучу операция).

КСЕНОЛАЛИЯ ксенолалия (сөз сүйлөгөндө үндүн бурулуп чыгып башка улут сүйлөп жаткандай угулушу).

КСЕНОПЛАСТИКА ксенопластика (жаныбарлардын органдарын жана ткандарын жамаачы катары адамга колдонуу).

КСЕНОТРАНСПЛАНТАЦИЯ ксенотрансплантация (жаныбарлардын органдарын жана ткандарын жамаачы катары адамга колдонуу жана бир жаныбардан башка жаныбарга да колдонуу).

КСЕНОФОБИЯ ксенофобия (чоочун адамдан өтө эле корко берүү).

КСЕРОДЕРМА ксеродерма (теринин кургактыгы. Балыктын терисиндей, адамдын терисинен темгилдердин укаланып турушу).

КСЕРОЗ ксероз (май бездеринин иштебегендигинен пайда болгон теринин кургактыгы. Ал арыктатып көпкө ооруган ооруларда да байкалат).

КСЕРОСТОМИЯ ксеростомия (ооз кургоо. Диабет жана калтыратуучу ооруларда жана атропин дарысын ичкенде байкалат).

КСЕРОФТАЛЬМИЯ ксерофтальмия (тамак заттары жетишпегендиктен, көздүн кургагандай көрүнүшү. Ал витамин жетишсиздиктен, көздүн дифтерия оорусунда жана көпкө ачка болгондо байкалат).

КСИФОДИНИЯ ксифодиния (чемирчектин тушундагы ооруну дайма сезип туруу).

КСИФОПАГ ксифопаг (эки эгиз баланын, төштүн айбалкасынын тушунан бириги, бирге өсүп калышы).

КУББИНСА ОПЕРАЦИЯ Куббинс операциясы (тизе муундун ичиндеги кайчылаш байламтасын кесип алып таштап, анын оордун сандын жайык чарымы менен толуктоочу операция).

КУВЕЗ кувез (дарттуу же ара төрөлгөн балдарды багуу үчүн температураны бир калыпта кармап турган аппарат).

КУЗМИНСКОГО ШИНА Кузминский шакшагы (акырек сөөгү сынганда аны бүтүрүүгө ылайыкталган атайын шакшак).

КУЗНЕЦОВА-ПЕНСКОГО ШОВ Кузнецов-Пенский тигиши (боордун чет жакасы жараланганда салынуучу тигиш. Эки кетгут жипти каттап туруп мокок ийне аркылуу боордон өткөрө тигип, эки учун жараттын тушуна байлап коюу).

КУЗЬМИНСКОГО КОСТНЫЙ ШОВ Кузьминский сөөк тигиши (сыныкты бүтүрүш үчүн сынган сөөктөрдүн учуна эки-үч жерден зым менен тигип коюу жолу менен айыктыруу далалаты).

КУЙМОВА РЕФЛЕКС Куймов рефлекси (көздү басып көргөндө, жүз чейресүндөгү ооругандай сезүү реакциясы. Бул мээ кабы сезгенген учурда байкалат).

КУЙНО СХЕМА Куйно схемасы (боордун кан тамырлар, өт жана лимфа жылуу аймагына жараша чөнөктөргө бөлүнүшүнүн катталып алынына жараша жаралган оймо-чиймеси).

КУЛЕКС кулекс (безгек таратуучу чиркейдин түрү).

КУЛЕНКАМПФФА АНЕСТЕЗИЯ Куленкампфф анестезиясы (ийин туштагы ооруганлыкты сездирбөө үчүн нервдин жанын өлтүрүүчү заттарды акырек сөөктүн үстү жак ортосуна куюу).

КУЛИКОВСКОГО ИГЛА Куликовский ийнеси (ичине зым өткөрө турган, өөдөкү ээктин кобулун жууш үчүн ылайыкталып жасалган ийри ийне).

КУ-ЛИХОРАДКА ку-лихорадка (дарт биринчи жолу Австралияда байкалып, анын себепкери өтө майда жандык реккетсия экендиги аныкталган. Оорунун атын ар түрдүү аташат. Дарт туруп эле температурасы жогорулоо жана баш катуу оору менен мүнөздөлөт).

КУЛЬДОСКОП кульдоскоп (аялдын жамбаш чарасындагы органдарын изилдөө үчүн ич жактан же аялдын кынынын арткы капталын тешип жиберип карооо жасалган аспап).

КУЛЬТЯ мүчө калдыгы (органды же колду-бутту кесип таштагандан кийинки калган калдыгы, орду).

КУМОНА МЕТОД Кумон методу (индикан нингидрин менен кошулганда пайда болгон боегун өлчөп эсептөө жолу менен сийдиктеги индиканды аныктоо методу).

КУМУЛЯЦИЯ кумуляция (көп убакытка чейин дары ичкен ооруулардын денесине ал заттардын аз-аздан топтолушу. Өзгөчө дененин дарыны бөлүп чыгаруу кызматынын начарлашында байкалат).

КУНТА ОПЕРАЦИЯ Кунт операциясы (чеке мандай кобулунун алдыңкы капталын жана анын былжырдуу катмарын мурун коңулуна кошпой эле аларды алып салуучу операция).

КУПЕРА ГРЫЖА Купер кирички (туулгандан эле байкалган чурайдагы кыйшык кирич. Киричтин кабынын эки кат болуп бири-бирине капталып калышы).

КУПЕРА МЕТОД Купер методу (моюндагы кызыл күрөө кан тамырга, төш акырек упчу деген булчундун алдыңкы капталы аркылуу жетүүгө умтулган операциялык метод).

КУПЕРА ПРИЗНАК Купер белгиси (дем чыгаруу менен дем алуунун, дем чыгаруусунан кийин дем албай көпкө чейин чыдоо жөндөмдүүлүгү. Ал жүрөк кап сууга толгон учурда байкалат).

КУПРИЯНОВА-ЗАХАРОВА ОПЕРАЦИЯ Куприянов-Захаров операциясы (ашказандын бөлүгүн кесип алып таштагандан кийинки калган кесигин ичке ичегинин бөлүгү менен сыртынан бүтөп бүтүрүүчү операция).

КУРАБИЛЬНО курабилдүү (оорумуунуу айыктырууга мүмкүн болгон учур. Б.а. дарттын өтүшүп кете элек мезгили).

КУРАРЕ кураре (тийгизген таасири боюнча булчуңдарды шал кылуучу, өсүмдүктөрдөн алынган уу заттардын жалпы аты).

КУРАРЕПОДОБНЫЕ СРЕДСТВА кураргa окшош дарылар (тийгизген таасири боюнча кураргa окшош дарылар. Аларга: тубокурарин, хлорид, дитилин жана башкалар кирет).

КУРАЦИЯ курация (оорулууларга, балдарга, окуучуларга, мунжуларга кам көрүү).

КУРВУАЗЬЕ СИМПТОМ Курвуазье симптому (уйку безинин баш жагына жана он эки эли ичегинин ички үрпү турган жерине шишик пайда болгон учурда,жалпы өт өткөөлүнөн эч нерсе өтпөй, сарык билинип, өт баштыкчасы көпкөндүгү сүбөөдөн ачык көрүнүп, аны басканда оорушу).

КУРВУАЗЬЕ-ТЕРРЬЕ ПРИЗНАК к.КУРВУАЗЬЕ СИМПТОМУ

КУ-РИККЕТСИОЗ АВСТРАЛИЙСКИЙ австрия ку-риккетсиозу к.КУ-ЛИХОРАДКА

КУРОРТОЛОГИЯ курортология (табигаттын организмге тийгизген таасирин изилдеп, алар менен дарылоонун методун уюштуруп, колдоно билүү үчүн илимий талкуулоо жүргүзө турган клиникалык медицинанын бир бөлүгү).

КУРОРТОТЕРАПИЯ курорттук дарылоо (табигаттын дарылык өзгөчөлүктөрүн колдонуунун негизинде курорттук шартка дарылоо чаралары).

КУРТАДА ОПЫТ Куртад тажрыйбасы (бир жак кулагым укпайт деген адамдарды текшерүү үчүн атайылап жасалган эки ача резиналык түтүктү кулакка жиберип, шыбыр сез айтып сыноо).

КУРДУА СИМПТОМ Курдуа симптому (мээсине доо кетип, кыйын абалда жаткан адамдын башын аз гана кыймылдатып койсо, мээсине дарт кеткен жагындагы буту жамбаш жана тизе муундан баштап өзүнөн өзү эле бүгүлүп кетиши ушул симптомду билдирет).

КУРЦИУСА СИНДРОМ Курциус синдрому (тубаса эле бир жактин чоң болушу, арсак тиштүү, бетинде кал болушу, бутунун тамыры жоонорошу, бармактары биригип өсүшү, акылы кемдик менен мүнөздөлгөн туура эмес өсүш).

КУРШМАННА ПРОКОЛ Куршманна сайыш (автордун аты менен аталган жүрөк каптын ичине суу жыйналып калган учурда аны дарылоо же туура диагноз коюу үчүн сол жак эмчек туштагы, алтынчы же бешинчи кабырганын ортосуна ийне сайу жолу).

КУРШМАННА СПИРАЛИ Куршманна спирали (бронхиалдык астма кармагандан кийин какырыкты микроскоп менен караганда көрүнгөн бурамага окшош жумуру, ачык түстөгү жипчелер).

КУСКО ЗЕРКАЛО Куско күзгүсү (аялдардын жыныстык мүчөсүн көрүү үчүн жасалган, формасы өрдөк тумшукка окшош жыйрылып, керилип турган аспап).

КУСЛИКА ОПЕРАЦИЯ Куслик операциясы (далы сөөк жайык болуп өсүп, алдынкы тиштүү булчуң деп аталган булчуң шалбырап калган учурда далыны кабыргаларга матап тигип коюучу операция).

КУССМАУЛЯ СИМПТОМ Куссмаул симптому (катуу дем алганда күрөө тамырдын чоюлуп, көөп калышы. Мындай өзгөчөлүк жүрөк капка суюктук жыйналган учурда байкалат).

КУТИКУЛА кутикула (кээ бир эпителиалдык клеткалардын чыгарган суюктугунан анын сыртына катуу бүдүр пайда болушу).

КУТИРЕАКЦИЯ кутиреакция (териде болуучу бардык реакциялар; дарыдан жана башка заттардан келип чыккан теридеги өзгөрүүлөр, кызаруу, шишүү, ооруу).

КУЧЕРА ОПЕРАЦИЯ Кучера операциясы (сийдик чыгуучу түтүктүн жогору бөлүгү тарыганда аны кесип салып, жанындагы күлтүктөн эт кыйып алып, түтүктүн көзөнөгүн калыбына келтирүүчү операция).

КУШИНГА ДОСТУП Кушингче жетиш (мээ бези ипофизге жетиш үчүн төменкү каңылжаар жана шынаа сымал конулду кесип өтүү).

КУШИНГА ФЕНОМЕН Кушинг феномени (баштын ичиндеги басым жогорулашы менен, артериялык басымдын да жогорулашы).

КУШИНГА ЭЗОФАГИТ Кушинг кызыл өңгөч сезгенчи (борбордук нерв системасы, баш жараланганда кээде байкалуучу кызыл өңгөчтүн да сезгенип оорушу).

КУЭЙЗМ куэйзм ("оорум айыгат" деп ишендирүү жолу менен дарылоо).

КУЭЙНА ЛИНИЯ Куэйна сызыгы (сандын кызыл кан тамыры жайгашкан чурай байламтасы менен кашка жиликтин ички урчугун кошкон сызык).

КЪЕЛЬДАЛЯ МЕТОД Къельдал методу (кандагы азоттун санын эсептөө үчүн жасалган татаал химиялык реакция).

КЮММЕЛЛЯ БОЛЕЗНЬ Кюммелл оорусу (омуртка жаралангандан кийин шынаа окшош кемтик болуп, өзүнөн=өзү эле желинип калышы).

КЮММЕЛЛЯ ТОЧКА Кюммелл чекити к.КЮММЕЛЛЯ БОЛЕВАЯ ТОЧКА

КЮММЕЛЛЯ-ВЕРНЕЯ БОЛЕЗНЬ Кюммелл-Верней оорусу к.КЮММЕЛЛЯ БОЛЕЗНЬ

КЮНЧЕРА ОСТЕОСИНТЕЗ Кюнчер сөөк жалгоосу (сынган сөөктүн учтарын кюнчер мыгы менен бири бирине жакындатуу, жалгоо).

КЮРЕТАЖ кюретаж (тиштин түбүндөгү кобулду чукуп, кырып чыгарып таштоо жолу).

КЮРЕТКА кюретка (денедеги жараксыз нерселерди чукуп, кырып чыгарууга ыңгайланып жасалган учу чуңкур, курч курал).

КЮРИТЕРАПИЯ кюритерапия (оорулууну радий жана башка радиоактивдүү заттар менен дарылоо).

КЮСТЕРА ОПЕРАЦИЯ Кюстер операциясы (сийдик чыгаруучу түтүктүн жогорку бөлүгүнүн тешиги тарыган учурда, тешиктин тушун такыр кесип алып таштап, калган бөлүгүн жогору жактагы күлтүккө жалгаштыруу операциясы).

КЮТТНЕРА ОПЕРАЦИЯ Кюттнер операциясы (башка суу толуп кеткен учурда,аны мээнин кабыгынан түтүк жасап, баш тери жак ченге суу чыгаруучу операция).

Л

ЛАБГАРДТА ОПЕРАЦИЯ Лабгард операциясы (аялдын кынынын ооз жагын бүтөш үчүн,өзүнүн кичи эринининн арткы капталынан курак кесип алып, бүтөөчү операция. Мындай операция эркексиз жашаган курагындагы жатын түшкөн учурларда жасалат).

ЛАБИРИНТИТ лабиринтит (кулактын ортоңку бөлүгүнүн сезгениши).

ЛАГЕ СИМПТОМ Лаге симптому (куймулчак, жамбаш аштоосу дартка чалдыкканда бут сунулуп, бир аз сыртына кайрылып турган абалында согончокту басса куймулчак жамбаш аштоосунун оорушу).

ЛАГЛЕЙЗА ОПЕРАЦИЯ Лаглейз операциясы (көз жапкычта тырык пайда болгондо аны калыбына келтириш үчүн анын чемирчегин кесип, алып таштоочу операция).

ЛАГОФТАЛЬМ ПАРАЛИТИЧЕСКИЙ шал лагофтальмы (кездү курчаган булчуң шал болгондо,көз жапкычтын кездү толугу менен жаба албай калышы).

ЛАГОХИЛАСКАРИДОЗ лагохиласкаридоз(лагохиласкаридоз митесинин жумурткасынын көздүн чарасынын жумшак тканына, тамакка кирип, ошол жерге ирин пайда кылган тропикалык мите оорусу).

ЛАДДА СИНДРОМ Ладда синдрому (ичке ичегинин тышкы жылтырак катмары чогулуп өсүүдөн ичке ичеги түйүлүп, он эки эли ичегини кысып, өз ордунда болбогон сокур ичегини кыймылсыз калтырып, ичке ичегинин жогорку бөлүгүндө бөгөт бардай болуп көрүнүшү).

ЛАДИНГТОНА СИМПТОМ Ладингтон симптому (эки кол менен башты кулак туштан кысып турганда, ийиндеги эки баштуу булчундун жыйрылбай калышы. Мындай көрүнүш ошол булчуң үзүлгөндө же тарамышы чоюлганда байкалат).

ЛАЗЕРЕВА СИМПТОМ Лазерев симптому (эс-учун билбеген оорулуунун дөмпөк бет сөөгүн кагып көрсө, бет булчуңдарынын булчуңу жыйрылбайт. Бул мээнин ошол жак бөлүгүнүн дартка чалдыккандыгын билдирет).

ЛАЗЕРЕВИЧА ЩИПЦЫ Лазеревич кычкачы (төрөт убагында зарылдыкка жараша колдонулуучу, баланын башын тартып алууга ылайыкталып жасалган, басканда кайчылашпай турган кычкач).

ЛАЗЕРЕТ лазерет (аскер бөлүгүндө ачылган узак убакытка дарылоо талап кылбаган оорулууларды жана жарадарларды жаткыра турган дарылоочу медициналык жай).

ЛАЗЕРКОАГУЛЯЦИЯ лазеркоагуляция (лазердик нур менен ткандарды күйгүзүү, көздүн тор катмарын сыйруу).

ЛАЙТМОТОФОБИЯ лайтмотофобия (кемеде сүзүп бара жатканда башы тез айланып, суурга түшүп кетүүдөн корко берүү).

ЛАКИ-ЛОРАНДА БОЛЕЗНЬ Лаки-Лоранда оорусу (кан уюу факторлорунун жетишсиздигинен фибрин жок болгон учурда байкалуучу тукум куугуч кан агуу оорусу).

ЛАКМУС лакмус (химиялык реакциянын абалы кислоталуу же щелочтуу шартта өтүп жаткандыгын аныктоочу зат, кээ бир өсүмдүктөн алынуучу боек).

ЛАКОДАКРИОЦИСТОРИНОСТОМИЯ лакодакриоцисториностомия (жаш чыгуу жолдору бүтүп калган учурда, жаш жолу менен жаш баштыкчасынын өткөөлүн мурундун кобулуна жалгаштырып коюучу операция).

ЛАКРИМАЦИЯ лакримация (көздөн жаш агуу, чыгуу).

ЛАКТАТАЦИДОЗ лактатацидоз (кандын составында сүт кислотасы чогулуу менен мүнөздөлгөн ооруксунуу абалы).

ЛАКТАЦИДЕМИЯ лактацидемия к.ЛАКТАТ АЦИДОЗ

ЛАКТАЦИОДУРИЯ лактациодурия (сийдиктин составында сүт кислотасынын болушу).

ЛАКТАЦИЯ лактация (сүт безинен сүт чыгышы).

ЛАКТИМА лактима (көздүн жашы, жаш бези чыгарган суюктук).

ЛАКТИФУГА лактифуга (сүт чыгарууну азайтуучу заттар).

ЛАКТОГЕНЕЗ лактогенез (сүт безинин клеткалары бөлүп чыгаруучу, сүттү пайда кылуучу процесс).

ЛАКТОГОГИ лактогогдор (сүт чыгаруучу, ийдирүүчү дарылар).

ЛАКТОДЕНСИМЕТР лактоденсиметр (сүттүн майлуулугун өлчөй турган аспап).

ЛАКТОЗА лактоза (сүттүн составындагы галактоза менен глюкозанын кошундусу, дисахарид).

ЛАКТОЗУРИЯ лактозурия (лактозанын сийдик аркылуу чыгуусу, төрөт алдында же төрөттөн кийин аялдарда байкалуучу көрүнүш).

ЛАКТОТЕРАПИЯ сүт менен дарылоо (жугуштуулуктан арылтылган сүттү теринин алдына же булчуңга куюу менен кээ бир оорууну дарылоо жолу).

ЛАКТОЦИТ лактоцит (сүт безинин эң аяккы бөлүгүндөгү сүт чыгара турган эпителиялык клеткасы).

ЛАКУНА лакуна (денедеги анчейин чоң эмес чуңкурча оюк).

ЛАЛОПАТИЯ лалопатия (жалпы эле сөз сүйлөөнүн бузулушу; кийинки мезгилдерде сейрек колдонулуучу термин).

ЛАЛОФОБИЯ лалофобия (өзгөчө кекечтерде байкалуучу сүйлөөдөн коркуу сезими).

ЛАЛБДАЦИЗМ лалбдацизм (үндү туура эмес чыгаруу, "р" тыбышынын ордуна "л" тыбышын айтуу. Мындай сүйлөө өзгөчө жаңыдан тили чыгып келе жаткан балдарда байкалат).

ЛАМБЕРИ КИШЕЧНЫЙ ШОВ Ламберче ичеги тигиш (ичегини улаштырыш үчүн кесилген ичегинин эки учуна былжырлуу катмарды бир катар матап тигип, катмардын учун ичеги кобулунун ичине кайрып байлап коюучу операция).

ЛАМБИНА МЕТОД Ламбин методу (ашказандын маңызы чыклай калган учурда теринин алдына гистамин куюп, ашказанды дүүлүктүрүү жолу менен анын суюктук чыгаруу жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүү жолу).

ЛАМБЛИОЗ ламблиоз (ичегидеги мите оорусунун кесепетинен боордун, өттүн, ичегинин оорушу).

ЛАМБОТТА МЕТОД Ламботт методу (сыныкты дарылаш үчүн сыныкты бурама же мык колдонуу менен атайын жасалган пластинка аркылуу денекин сыртына бекитип коюу).

ЛАМБОТТА ПЛАСТИНКА Ламботта пластинкасы (жумуру сөөктөр сынганда, сыныкка колдонулган бураманы же мыкты денекин сыртына бекитүү үчүн пайдаланылуучу ар түрдүү тешиктүү жалпак темир).

ЛАМЕЛЛЫ ламеллдер (желатинге кошулган, формасы жалпак пластинкадай болгон дарылар).

ЛАМИНЭКТОМ ламинэктом (негизинен нейрохирургдар пайдалануучу, омурткалардын догосун кертүүгө керектөөчү кычкач аспап).

ЛАМИНЭКТОМИЯ ламинэктомия (омуртканын догосун кесип, жүлүн тешигине өтүү).

ЛАНГГАНСА КЛЕТКИ Лангганс клеткасы к.ЛАНГХАНСА КЛЕТКИ

ЛАНГЕ ПРОБА Ланг баамдоосу (сийдиктеги кетон денелерин татаал реакция менен аныктоо жолу).

ЛАНГЕНБЕКА АРТРОТОМИЯ Лангенбек муун ачуусу (жамбаштын ашоосуна жетиш үчүн жамбаштын арткы, жогорку кырынан кашка жиликтин чоң урчугуна чейин жумшак эттерди тилип, муунга Т сымал кесип салып, аны ачуучу операция).

ЛАНГЕНБЕКА ЗАЧЕЛЮСТНАЯ ОПУХОЛЬ Лангенбектин ээк арты шишиги (канат сымал сөөктүн негизинин сырткы чарымынан өсүп чыгып, көз, мурун кобулуна жана мурундун каңылжаарына тарап, тез өсүүчү шишик).

ЛАНГЕНБЕКА РИНОПЛАСТИКА Лангенбек ринопластикасы (чеке туштагы терини сөөк чарымы менен кошо кесип алып келип мурундун кемтигине жамоочу операция).

ЛАНГЕНБЕКА УРАНОПЛАСТИКА Лангенбек таңдай тигиши (таңдайы толук жетилбей, жараңка таңдайлуу оорулууну жараңканын тегерегиндеги былжырдуу катмарды сөөк чарымы менен кошо шылып, кемтикти жамоо операциясы).

ЛАНГХАНСА КЛЕТКИ Лангханс клеткасы (кызыл кан тамырдын капталынын ички бетинен ары, булчуң катмар жакта жайгашкан, өсүүгө негиз болуучу клетка).

ЛАНДОЛЬТА ОПЕРАЦИЯ Ландольт операциясы (көз жапкычтын териси ооруганда, башка көз жапкычтын алдынан эт кесип, анын кемтигин толтуруучу операция).

ЛАНДОЛЬТА ТАБЛИЦА Ландольт таблицасы (көздүн курчун аныктай турган тарабында толук кошулбаган ачык жерлери бар 10-12 катар тегерек алкактар).

ЛАНДОЛЬТА ТЕНОТОМИЯ Ландольтчо тарамыш кесиш (кыйшык көздүү адамдын көзүн оңдош үчүн, көздүн сырткы булчуңдарынын биреөнүн тарамышын кыркып коюучу операция).

ЛАНДОЛЬФИ ПРИЗНАК Ландольфи белгиси (көздүн карегинин жүрөк жыйрылганда кичирейип, жүрөк шалбырағанда чоңоюп турушу. Мындай көрүнүш толто (аорта) тамырдын бүктөмөлөрү кем болгондо байкалат).

ЛАНДЫ ОПЕРАЦИЯ Ланда операциясы (тизе муунундагы кошуу формасындай болгон байламтасы такыр үзүлүп кеткенде, аны сандын чарым тарамышынан эп кыйып бекитип, тизенин кыймылда болушун камсыз кылуучу операция).

ЛАННЕЛОНГ ОПЕРАЦИЯ Ланнелонг операциясы (кичине мээлүү адамдын башын баш сөөктүн мандай тигишинен узунунан тилип, эки жак сөөгүн алып таштап, көлөмүн кичирейтүүчү операция).

ЛАНУГО лануго (үчүнчү айдан кийин түйүлдүктүн бетине, ичине пайда болгон түк. Бул түк бала төрөлгөндөн кийин да сакталып кала берет).

ЛАНЦА ОПЕРАЦИЯ Ланц операциясы (буттун көлөмү чоңоюп кеткен учурда, үстүнкү жана терендеги лимфа тамырларды жалгаштыруу. Ал үчүн сандын жайык чарымынан кыйып алып, мурда тешилип койгон булчуң менен сөөктүн тешигине киргизип коюучу операция).

ЛАНЦА СИМПТОМ Ланц симптому (аппендицит оорусунда ланц точкасын басып көргөндө ооругандыкты сезиши).

ЛАНЦЕТ ланцет (хирургиялык бычак).

ЛАПОРОМЕТРИЯ лапорометрия (боюнда бар аялдардын курсагын өлчөөдө колдонулуучу курсактын көлөмүн киндик туштан курчап өлчөө).

ЛАПОРОСКОП лапароскоп (ичке сайып киргизүү жолу менен ичтеги органдарды карап көрө турган медициналык аспап).

ЛАПАРОТОМИЯ лапаротомия (ичти тилип, анын ичиндеги мүчелерге жете турган хирургиялык операция).

ЛАПАРОТОРАКОТОМИЯ лапароторакотомия (ич көндөйүн көкүрөк көндөйү менен кошо ачуучу операция).

ЛАПАРОЦЕНТЕЗ лапароцентез (ичтеги бузуктарды сыртка чыгарыш үчүн ичке троакар түтүгүн сайып киргизүү).

ЛАРИНГИЗМ ларингизм (тамактын булчуңдары өтө жыйрылуудан тамактан аба өтпөй, бүтө калуу учуру).

ЛАРИНГИТ ларингит (тамактын жеңекей сезгениши).

ЛАРИНГОГРАФИЯ ларингография (тамактын ичине рентген нуру өтпөгөн зат куюп, рентгендин жардамы менен аны сүрөткө тартуу).

ЛАРИНГОЛОГ ларинголог (тамак оорулары боюнча адис, врач).

ЛАРИНГОЛОГИЯ ларингология (кулактын, көмөкөйдүн түзүлүшүн жана тамак ооруларын изилдей турган медициналык илимдин тармагы).

ЛАРИНГОПЛАСТИКА ларингопластика (коконун капталындагы жыртыкты бүтөө үчүн жүргүзүлүүчү операциялардын чогуусу).

ЛАРИНГОРРАГИЯ ларингоррагия (тамактан кан агуу).

ЛАРИНГОРЕЯ ларингорея (өзгөчө ырчыларда байкалуучу эч себепсиз эле ооздон шилекей куюлуу).

ЛАРИНГОСКОП ларингоскоп (кокону түздөн түз кароого ылайыкталган курал-жабдыктар).

ЛАРИНГОСКОПИЯ ларингоскопия (атайын жасалган аспап менен тамактын ички бетин кароо).

ЛАРИНГОСПАЗМ ларингоспазм (бир заматтын ичинде эле тамактын булчуңдары тырышуудан дем ала албай, эстен танып калуу).

ЛАРИНГОСТЕНОЗ ларингостеноз (кандайдыр бир дарттын себебинен тамактын тешиги бүтүп калууга чейин куушурулушу).

ЛАРИНГОСТОМА ларингостома (тамактын кобулун башкалар менен байланыштырыш үчүн ага хирургиялык жол менен жасалган тешик).

ЛАРИНГОСТОМИЯ ларингостомия (дем алуу кыйындаган учурда дем алуу үчүн кекиртекти тешип коюу; кээ бир оорулардын кесепетинен тамактын бүтө калышы мүмкүн деп эсептелип, кекиртектин дарт турган жеринен төмөн жагына тешик жасап коюу).

ЛАРИНГОТОМИЯ ларинготомия (тамактагы чемирчекти алды жактан тигинен жара тилүү).

ЛАРИНГОТРАХЕИТ ларинготрахеит (тамактын коко менен кошо сезгенүүсү).

ЛАРИНГОТРАХЕОТОМИЯ ларинготрахеотомия (тамактын чемирчектерин коконун жогорку чемирчектери менен кошо кесе турган операция).

ЛАРИНГОФАРИНГИТ ларингофарингит (тамактын кулкун менен кошо сезгениши).

ЛАРИНГОЦЕЛЕ ларингоцеле (тамактын ички бетинен өсүп чыгуучу, ичи желге толгон барсылдак).

ЛАРИНГЭКТОМИЯ ларингэктомия (оорусуна байланыштуу тамакты операциялык жол менен алып таштоо).

ЛАРИНИКС лариникс (көмөкөй, тамак).

ЛАРРЕЯ ПРОКОЛ ПЕРИКАРДА Ларрей жүрөк кап сайуусу (жүрөк капка суу толуп кеткенде сүбөнүн алдынан, жетинчи кабырга төш сөөгүнө бекиген туштан ийне сайып, суу тарттырып алуу).

ЛАРРЕЯ СИМПТОМ Ларрей симптому (жамбаш сөөктүн капталындагы эки кырынан аны чоңойтуп кере тартканда кайсы туш ооруса, жамбаштын ошол бөлүгү сынгандыгын далилдөө).

ЛАРУАЙЕННА ОПЕРАЦИЯ Ларуайенна операциясы (кетөн-чучук менен жатындын кобулундагы ириңди тарттыруу үчүн аялдын кынынын арткы төбесүнө ийне сайуу операциясы).

ЛАРУСАН ларусан (туберкулез оорусун айыктырууда берилүүчү дарылардын бир түрү).

ЛАРЮЭЛЛЯ СИНДРОМ Ларюэлл синдрому (баш сөөктүн арткы бөлүгүнө өсүп чыккан шишик каракуш тешигине кептелип калса, тез баш ооруу биз аз убакытка диртилдеп, моюн булчуңдары карышып, көгөрүп-татарып, кызыл өңгөчү тырышып жана дем алуусу күчөө өндөнгөн көрүнүштөрдүн байкалышы).

ЛАСЕГА СИМПТОМ Ласега симптому (бутун сунуп жаткан оорулуунун бутун тизеден бүкпөй өөдө көтөрсө, бел кырчоосунун оорушу, ал эми тизеден бүксө оорунун басылышы. Мындай көрүнүш отургуч нервдин сезгенүүгө чалынгандыгын билдирет).

ЛАТА лата (корккондон кийин байкалуучу, бат эле өтүп кете турган психоз. Мындай абалда жулкунуу, элирүү, тегерегиндегилерди тууроо өндөнгөн терс адаттарды жасоо байкалат, өзгөчө Малайск аралдарындагы адамдардан байкалат).

ЛАТЕРОВЕРСИЯ МАТКИ жатындын ийилиши (жатындын ортоңку сызыктан оңго же солго ийилип, бурулуп турган абалы).

ЛАТЕРОПОЗИЦИЯ латеропозиция (мүчөнүн ортоңку чектен бир жакка, туурасына жылып кетүүсү).

ЛАТЕРОПУЛЬСИЯ латеропульсия (көбүнчө шал оорусунда байкалуучу капталынан кыймылдоого ийкемдүү мүчө).

ЛАТЕРОФЛЕКСИЯ латерофлексия (адамдын каптал жагына толгонуу абалы, кыйшаюусу).

ЛАТЕРОФОБИЯ латерофобия (көбүнчө көкүрөгү жараланган адамдарда байкалуучу адамдын жамбаштап жатуудан коркушу).

ЛАТИРИЗМ латиризм (чин буурчагы менен узак убакыт тамактанган адамдардын ичинен бирөөнүн гана ууланып калышы. Бул колу-буттун шал болушу менен мүнөздөлөт).

ЛАЦЕР лацер (ткандын жанчылып майдаланышы, тытылышы).

ЛАУРИ МЕТОД Лаури методу (химиялык татаал реакциядан кийин боелгон белок затын сан жагынан аныктоо методу).

ЛАУЭНШТЕЙНА МЕТОД Лауэнштейн методу (жамбаш муунун жана кашка жиликти ар түрлүү абалда коюу менен, аларды рентгөндик сүрөткө түшүрүү методу).

ЛАУЭНШТЕЙНА ПЕРЕЛОМ Лауэнштейн сыныгы (чоң жото жиликтин төменкү башы сынганда байкалуучу өзгөлөнгөн сынык).

ЛАЭННЕКА ШУМ Лаэннек добушу) (өпкө сезгенгөндин алгачкы мезгилинде альвеолдор бири-бири менен чапташып калган жери дем алганда чапташкан альвеололар ажыраган учурунда угулган добушу).

ЛЕБЕРА БОЛЕЗНЬ Лебер оорусу (көздүн ортоңку бөлүгү көрбей калуу менен чектелген, көрдүрүүчү нерв артка өсүүдөн пайда болгон тукум куучу оору).

ЛЕБШЕ ДОЛОТО Лебше кескичи (төш сөөгүн узунунан экиге тиле турган миздүү аспап).

ЛЕВА БОЛЕЗНЬ Лев оорусу (жүрөктүн сол бөлүгүндөгү булчуңдары катуулоо менен, анын нервдерин кысуу менен чектелген, пайда болуу себеби белгисиз оору).

ЛЕВЕНА БОЛЕЗНЬ Левен оорусу (томукту басып көргөндө же аны кыймылдатканда ооругандыкты сезүү; анын чемирчегинин сөөк менен кошо ар кандай дартка туруксуздугу).

ЛЕВЕНБЕРГА КАТЕТЕРИЗАЦИЯ СЛУХОВОЙ ТРУБЫ үгүү түтүгүнө Левенбергче түтүктөө (үгүү түтүгүнүн тешигине жетиш үчүн кулак (катетерин) резина түтүктү төменкү кеңилжээр аркылуу жуткуч тушка жиберип, учун анын каршы багытына багыттап, андан кийин аны 180^0 толгоо менен тешикке жетүү жолу).

ЛЕВИ СИМПТОМ Леви симптому (төмөн каратып турган ылдый түшүп турган муштумду жазылта албоо. Мындай көрүнүш мээнин экстрапирамида системасы дартка чалдыкканда байкалат).

ЛЕВИГАЦИЯ левигация (катуу дарыны талкалап, ундай кылуу).

ЛЕВИНА ОПЕРАЦИЯ Левин операциясы (кулактын арткы этин кесүү менен сыртку кулак өткөөлүнүн жогорку капталын кесип ташташ, кулактын ортоңку бөлүгүнө так операция жасоо ыгы).

ЛЕВИНСОНА СИМПТОМ Левинсон симптому (оорулуунун башы ылдыйлаганда оозу өзүнөн өзү ачылып кетиши; мээнин чел кабыгы сезгенгендигин билдирет).

ЛЕВКОВИЧА ЩИПЦЫ Левкович кычкачы (табарсыкты операциялык жол менен ачкандан кийин, анын ичиндеги таштарды чыгарууга ылайыкталып жасалган кычкач).

ЛЕВОЖЕЛУДОЧКОВАЯ НЕДОСТАТОЧНОСТЬ сол карынчанын жетишсиздиги (жүрөктүн сол жак карынчасына күч келүүдөн, кан айлануунун чоң айлантмасына көп кан бүркө албай калгандыктан болгон жүрөктөгү жетишсиздик).

ЛЕВОРИН леворин (леворис актинолискоз бөлүп чыгарган ачыткы грибокторуна таасир берүүчү антибиотик).

ЛЕВОРУКОСТЬ сологойлук (көпчүлүк кыймылды сол колу менен аткаруучу адамдар).

ЛЕВУЛЕЗА левулеза (таттуу мөмөлөрдө, балда көп болуучу мөмө канты; окумуштуулар муну глюкозадан да дурус деп болжолдошот).

ЛЕВУЛЕЗУРИЯ левулезурия (нерв оорулуу, тростник канты менен канттуу мөмөлөрдү ашык жеген адамдар менен боору жараланган адамдарда байкалуучу левулез затынын сийдик аркылуу чыгуусу).

ЛЕГАЛЯ ПРОБА Легал баамдоосу (балдардын психикалык жактан толук эмес өсүшү; акыл эси ордунда туруп эле окуганды жана жазганды өздөштүрө албастык).

ЛЕГЕНЧЕНКО МЕТОД Легенченко методу (төрөлгөндөн кийин, киндиги кесиле электе дем ала албай жаткан баланы жылуу суулуу идишке түшүрүп, жандандыруу аракеттери).

ЛЕГКИЕ БУЛЛЕЗНЫЕ барсылдактуу өпкө (өпкөнүн ичиндеги ар түрлүү көлөмдөгү ичи абага толгон, капталы жука бир нече барсылдактар).

ЛЕГКИЕ ЗАСТОЙНЫЕ саркындылуу өпкө (өпкөнүн вена тамырларына кан өтө толуп калуудан пайда болгон, жүрөктүн сол жак бөлүгүнүн жетишсиздиги).

ЛЕГКИЕ ИСКУССТВЕННЫЕ жасалма өпкөлөр (өпкөнү көптүрүп, желпий турган аппараттар).

ЛЕГКИЕ СОТОВЫЕ уюктуу өпкөлөр (өпкөнүн ичиндеги бронхдордун төшилишинин натыйжасында өпкөнүн ичинде ичи аарынын уясындагы чөнөктөрдөн, калбырдай төшиктердин пайда болушу).

ЛЕГКИЕ ПАНЦИРНЫЕ катыган өпкө (өпкөнүн сырткы катмары өсүп отуруп калындап кеткенде, өпкөнү кысып, ал желпүүдөн калып, кандын айланышына да таасирин тийгизиши).

ЛЕГОЧНАЯ ВЕНТИЛЯЦИЯ өпкө желпүүсү (дем алдыруу кыймылынын натыйжасында өпкөнүн айлана чейредөгү абаны алмаштырышы).

ЛЕГОЧНАЯ МЕМБРАНА өпкө тозмосу (капиллярдык кан тамыр менен өпкөнүн альвоелдордук жылчыгын бөлүп турган көшөгө).

ЛЕДДЕРХОЗЕ КОНТРАКТУРА леддерхоз сенеги (тамандын чарымынын сезгеничи өнөкөт мүнөзгө өткөндө буттун манчаларынын жумулган абалда тырышып калышы).

ЛЕДДЕРХОЗЕ СИНДРОМ леддерхоз синдрому к.ЛЕДДЕРХОЗЕ КОНТРАКТУРА

ЛЕДЕРЕРА-БРИЛЛА БОЛЕЗНЬ Ледерер-Брилл оорусу (башталышы жана саргаруусу тез билинип, заарада гемоглобин пайда болуп, кан кошулуу менен мүнөздөлгөн пайда болуу себеби белгисиз аз кандуулук).

ЛЕЖНЕВА СИМПТОМ Лежнев симптому (табарсыкты карап көргөндө сийдик куюлуучу түтүктүн табарсыкка ачылган жеринде туберкулездук өзгөрүүнүн далили болгон мөлтүрөгөндөй шишиктин көрүнүшү).

ЛЕЙБЧИКА ОПЕРАЦИЯ Лейбчик операциясы (баланы жатындан кесип алып чыгууда, жатындын алдыңкы бетин анын кууш жеринин жогорку же төмөнкү жагынан тилип, калканчын бузбай, баланы алып чыгуучу операция).

ЛЕЙДИГА ЖЕЛЕЗА Лейдиг бези (эркектин куулугунун кошуучу ткандарына өндөнгөн гармонун жарата турган гландулоцит клеткаларынын топтолуп калышы).

ЛЕЙДИГА СИНДРОМ Лейдиг синдрому (балдардын куулугунда клеткалардын түзүлүшү кадимкидей болуп, гландулоцит толук болбой, чачы анчейин чыкпай, эмчеги чоңою менен мүнөздөлгөн жыныстык өсүштүн бузулушу).

ЛЕЙКАФЕРЕЗ лейкаферез (дарылоо же лейкоциттерди топтоо катары кандын ичинен лейкоцит клеткаларын гана бөлүп чыгарып алуу).

ЛЕЙКЕМИЧЕСКОЕ ЗИЯНИЕ лейкемиялык ажыт (чет жактагы кандын ичинде жаш лейкоцит менен жетилген лейкоциттик форманын ажыты өзгөрүшү. Мындай көрүнүш тез башталган лейкоз оорусунда кезигет).

ЛЕЙКЕМИЯ лейкемия к.ЛЕЙКОЗ

ЛЕЙКЕМОИДНАЯ РЕАКЦИЯ лейкемоиддик реакция (лейкоз оорусундагыдай кандын өзгөрүшү айкын болсо да, өзгөрүү себеби такыр окшобогон кандагы өзгөрүүлөр).

ЛЕЙКИНЫ лейкиндер (лейкоциттер синтездеп чыгарган жылуулукка туруктуу бактерияларга өлтүргүч таасир берүүчү зат).

ЛЕЙКОГЕНЕЗ лейкогенез к.ЛЕЙКОПОЭЗ

ЛЕЙКОГРАММА лейкограмма (лейкоциттерди сан жана сапат жагынан текшерип, каттоо).

ЛЕЙКОДЕРМА ала (теринин боегу өзгөрүү менен кээ бир жерлерде ак тактардын пайда болушу).

ЛЕЙКОДИАПЕДЕЗ лейкодиапедез (майда кан тамыр капиллярлардын капталынан лейкоциттердин сыртына чыгышы, сезгенгендиктин негизги белгиси).

ЛЕЙКОЗ лейкоз (кан пайда кылуучу клеткалардан өсүп чыгуучу шишиктердин жалпы аты).

ЛЕЙКОЛИЗ лейколиз (лейкоциттердин жарылуу процесси).

ЛЕЙКОМА лейкома к.БЕЛЬМО

ЛЕЙКОМАЛАХИТОВАЯ ПРОБА Лейкомалахит баамдоосу (малахит жашылы менен тканга жуккан темгилден сперманы аныктап алуу жолу).

ЛЕЙКОМЕЛАНОДЕРМИЯ лейкомеланодермия (бир жеринде өтө кочкул боектуу болуп, бир жеринде боектун такыр эле жок болушу менен алмашкан теринин көрүнүшү).

ЛЕЙКОМИЕЛИТ лейкомиелит (жүлүндүн без бөлүгү көбүрөөк дартка дуушар болушу менен чектелген сезгенч оорусу).

ЛЕЙКОНИХИЯ лейконихия (тырмакта ак чекиттердин пайда болушу).

ЛЕЙКОПАТИЯ лейкопатия к.ЛЕЙКОДЕРМА

ЛЕЙКОПЕДЕЗ лейкопедез к.ЛЕЙКОДИАПЕДЕЗ

ЛЕЙКОПЕНИЯ лейкопения (кандагы лейкоциттердин санынын азайышы).

ЛЕЙКОПЛАКИЯ лейкоплакия (былжырлуу бездердин өнөкөт сезгенип оорушунан ооздун ичинде катуу темгилдердин пайда болуу).

ЛЕЙКОПОЭЗ лейкопоэз (лейкоциттердин өсүп жетилүү жолу).

ЛЕЙКОПОЭТИНЫ лейкопоэтиндер (лейкоциттердин өсүп жетилишине түртүү берүүчү, ичтен пайда болгон заттар).

ЛЕЙКОТАКСИН лейкотаксин (сезгенген жердеги суюктуктан алынган, денеге жибергенде капиллярлардын капталын керип, лейкоциттер сыртка чыгууну күчөткөн зат).

ЛЕЙКОТОКСИНЫ лейкотоксиндер (адамдын жана жаныбарлардын организминде болуучу микроорганизмдер бөлүп чыгарган, тийгизген таасири боюнча лейкоциттерди ууландыруучу зат).

ЛЕЙКОТОМИЯ лейкотомия (операциялык жол менен мээнин алдындагы ооруу жерге жетиш үчүн анын ак затын кесүү).

ЛЕЙКОТРИХИЯ лейкотрихия (боечу заты азайгандыктан чачтын агара башташы).

ЛЕЙКОЦИТ лейкоцит (кандагы денечелердин ичиндеги ядросу бар кан клеткаларынын бири).

ЛЕЙКОЦИТНАЯ ПЛЕНКА лейкоцит тосмосу (канды тундурганда эки бөлүнгөн, лейкоцит жана тромбоциттерден турган плазма менен эритроциттердин чегиндеги жука катмар).

ЛЕЙКОЦИТОГЕНЕЗ лейкоцитогенез (лейкоциттердин өсүп жетилүү жолдору).

ЛЕЙКОЦИТОДИЕРЕЗ лейкоцитодиерез к.ЛЕЙКОЛИЗ

ЛЕЙКОЦИТОЗ лейкоцитоз (дененин орто чениндеги мүчөлөрдүн канынын лейкоциттеринин саны чет жакы мүчөнүн лейкоциттеринин санынан аз болушу. Лейкоцити арбын болуп кетиш дененин бир жеринде кандайдыр бир сезгенич бар экендигин билдирет).

ЛЕЙКОЦИТОЛИЗ лейкоцитолиз к.ЛЕЙКОЛИЗ

ЛЕЙКОЦИТОПЕНИЯ лейкоцитопения к. ЛЕЙКОПЕНИЯ

ЛЕЙКОЦИТОПОЭЗ лейкоцитопоэз к. ЛЕЙКОПОЭЗ

ЛЕЙКОЦИТУРИЯ лейкоцитурия (лейкоциттердин заара аркылуу көп бөлүнүп чыгышы).

ЛЕЙКОЭНЦЕФАЛИТ лейкоэнцефалит (мээнин ак бөлүгү көбүрөөк дартка чалдыккан сезгенч оору).

ЛЕЙНА БОЛЕЗНЬ Лейн оорусу (колдун алаканынын же буттун таманынын терисинин эки жагы тең бирдей катуулаган, тукум куучу оору).

ЛЕЙНА ОПЕРАЦИЯ Лейн операциясы (жаңыдан төрөлгөн баланын таңдайы бирикпей калган учурда, таңдайдын жылтырак катмарынан жамачы кыйып, аны калыбына келтирүү аракети).

ЛЕЙОМИОМА лейомиома (тарамдары жалпак булчуңдан пайда болгон шишик).

ЛЕЙОМИОСАРКОМА лейомиосаркома (жалпак булчуң тканынан өсүп чыккан рак).

ЛЕЙШМАНА ОКРАСКА Лейшманча боёш (микроскоп менен айнекке сүйкөлгөн кандан, сөөктүн чучугунан безгектин митесин караш үчүн аны көк метилен, эозин жана метил спиртине боеп туруп кароо).

ЛЕЙШМАНИОЗ лейшманиоз (адамдардын жана айбандардын жугуштуу оорусу. Анын митеси клетканын ичинде жашайт да учуп жүргөн эң мейде чымындар аркылуу таркатылат).

ЛЕЙШМАНИОМА лейшманиома (лейшманиоз жуктура турган чиркей чеккан жердин териси кызарып, шишиңки тартып калган абалы).

ЛЕКА ОКРАСКА Лека боёш (гистологиялык препараттан жана айнекке сүйкөлгөн какырыктан туберкулездун микробактериясын табыш үчүн аларды малахит жашылы жана сафранин менен боео).

ЛЕКАРСТВЕННАЯ БОЛЕЗНЬ дары оорусу (ичкен дары жакпай, андан пайда болгон оору).

ЛЕКАРСТВЕННАЯ НЕПЕРЕНОСИМОСТЬ дарыны ала албоо (ар түрдүү сандагы дарыларды ичкенде организмде болгон өзгөчө реакция, өзгөчө сезгичтик абал).

ЛЕКАРСТВЕННЫЕ СРЕДСТВА дары заттары (дары үчүн же профилактикалык чараларга колдонулуучу бардык заттар).

ЛЕКАРСТВЕННОЕ СЫРЬЕ дары каражаттары (табигый жана жасалма нерселердин жана заттардын дары жасоого керектүүлөрү).

ЛЕКАРСТВЕННЫЕ ВОДЫ дары суулар (дарынын сыюк түрүнүн баары дары суулар деп аталат).

ЛЕКАРСТВЕННЫЕ РАСТЕНИЯ дары өсүмдүктөр (дары каражаттары катары колдонулуучу өсүмдүктөр).

ЛЕКСЕРА ДОСТУП Лексер ачышы (акырек алды артерияга жетиш үчүн анын алды жагындагы этин ойку кесүү жолу менен, ага жетүү операциясы).

ЛЕКСЕРА МЕТОД АЛЛОТРАНСПЛАНТАЦИЯ Лексер өз түр жамоосу (кесип алып таштаган кол-буттагы сөөктүн ордун, азыр эле кесилип ташталган башка кишинин сөөгү менен толуктап, жамоочу операция).

ЛЕКСЕРА ОПЕРАЦИЯ Лексер операциясы (мурундун кемтигин толтуруш үчүн ийиндин же билектин тушундагы териден эт кыйып, анын ичине үч кырдуу сөөк чаптап өстүрүп, мурунду жамоо операциясы).

ЛЕКСЕРА РИНОПЛАСТИКА Лексер мурун жамоосу к.ЛЕКСЕРА ОПЕРАЦИЯ

ЛЕКСЕРА ТЕОРИЯ Лексер теориясы (сөөктүн ортоңку белүгүндөгү кан тамырларга бактериялар топтолуп калуудан болот деп болжолдогон теория).

ЛЕЛЬЧИЦКОГО ЭКСПИРАТОР Лельчицкий экспиратору (өпкө тешилип, дем алган аба сыртка чыга албай,өпкөнү кыскан учурда көөдөнгө аба кайра кирбегендей кылып клапан менен жабдылган, көөдөндөгү абанын басымын теске келтирип турууч аппарат).

ЛЕМОСА-ТОРРЕСА-ДЕНЬТ ОПЕРАЦИЯ Лемос-Торрес-Деныт операциясы

ЛЕМПЕРТА ОПЕРАЦИЯ Лемперт операциясы (кулак склероз болгон учурда,добуш угууну жакшыртыш үчүн жарым тегерек каналдын капталынан тешик жасап, аны тышкы угуу өткөөлүнүн терисинен жана тарсылдактын белүгүнөн кесип бекитүүчү операция).

ЛЕМПЕРТА СИМПТОМ Лемперт симптому (склероз оорусу күчөгөндөн тарсылдактын чарым катмары кичирейиштен, тарсылдак жукарып жана өңү өзгөрүп кетиши).

ЛЕНДИСА ПРОБА Лендис баамдоосу (эң майда кан тамыр капиллярлардын капталынан суюктуктун сызылып чыгышын байкоо).

ЛЕНДОРФФА ГРАЦИАНСКОГО ПЕРЕЛОМ Лендорфф-Грацианский сынгы (столбняк оорусунда бир заматта түпкүчтөй катуу ийилген учурда омурткалардын сынып кетиши).

ЛЕНЕГРА БОЛЕЗНЬ Ленегр оорусу (жүрөктүн өткөргүч системасындагы тамырлар башка системалары өзгөрүлбөй туруп ар түрлүү өзгөрүү менен катар, склероздук өзгөрүү кошул-ташыл болгон, чыгуу себеби белгисиз оорусу).

ЛЕННАНДЕРА ОПЕРАЦИЯ Леннандер операциясы (бутка шишик оорусу пайда болгондо чурайдагы, жамбаш чарасындагы жана аорта тамыры эки белүнгөн тушундагы лимфа бездерин тазартып, алып таштоочу операция).

ЛЕННАНДЕРА РАЗРЕЗ Леннандер кесиши (автордун атынан аталган ичтин түз булчуңунун четки чегинен узатасынан кесүү).

ЛЕННАНДЕРА СИМПТОМ Леннандер симптому (кичи жамбаш чарасында сезгенч оору болсо, колтуктун жана көтөн-чучуктун жылуулугунун айырмалуулугу).

ЛЕНОТИВЫ ленотивдер (былжырлуу бездердин дүүлүктүрүүсүн азайтуучу дарылар).

ЛЕНТИГЛОБУС лентиглобус (чечекейдин алдыңкы же арткы бети сыртына тоголок болуп урчуюп чыгып калышы).

ЛЕНТИГО лентиго (туулгандан эле пайда болгон, чоңдугу тараудай кичине мең).

ЛЕНТИКОНУС лентиконус (чечекейдин алдынын жана артынын конустай болуп урчуюп чыгып калышы).

ЛЕНТОЧНЫЙ ГЛИСТ тасма курт (мите курттарынын бири).

"ЛЕОПАРДОВА ШКУРА" "илбирс терилүү" (кандагы тромбоциттер азайган учурда байкалуучу. теринин ар кайсы жерине кан куюлуп, алар бири-бири менен кошулушуп, илбирстин терисиндей тегил ала болуп калышы).

ЛЕОПОЛЬДА-ЧЕРНИ ОПЕРАЦИЯ Леопольд-Черни операциясы (өтө жылып кетүүчү жатындын түбүн ичтин алдыңкы бетине бир нече жибек жип менен тигип, кыймылдатпай коюучу операция).

ЛЕПЕНА СПОСОБ Лепен ыгы (ткандагы гемоглобинди татаал машакаттардан өткөрүп аныктоо жолу).

ЛЕПАРСКОГО МЕТОД Лепарский методу (ашказан маңызын изилдөө. Ал үчүн ачкарын карынга 300 миллиметр капуста маңызын куюп, 25 минуттан жана төрт жолу 15 минуттан кийин ашказандан суюктук сордуруп, көлөмүн өлчөп кычкылдуулугун аныктайт).

ЛЕПРА лепра (көп түрлүү, лепра таякчасынан пайда болуучу жугуштуу оору).

ЛЕПРИДЫ лепридлер (лепри оорусунда териге чыккан ар түрлүү темгилдердин бардыгынын жалпы аты).

ЛЕПРОЗНАЯ РЕАКЦИЯ лепралык реакция (температура көтөрүлүп, денеде кызарып, демпөйгөн нерселер пайда болуп, лепра оорусунун кезек кезеги менен кайталап жаңылашы).

ЛЕПРОЗОРИЙ лепрозорий (лепра оорулууларды жаткырып, амбулаториялык шартта дарылап, профилактикалык чараларды өткөрүп, ошондой эле аларга байкоо жүргүзө турган медициналык жай).

ЛЕПРОЛОГИЯ лепрология (лепра оорусун иликтей турган жана дарылоонун методдорун, оорунун атын далилдеп, профилактикалык чараларды издей турган жугуштуу ооруларды изилдөө тармагынын бир бөлүгү).

ЛЕПТОМА лептома (лепра оорусуна мүнөздүү, денеге чыккан ар кандай бүдүрчөлөрдүн жалпы аты).

ЛЕПТОФОБИЯ лепрофобия (лепра оорусу менен ооруп калуудан өтө коркуу).

ЛЕПТОМЕНИНГИТ лептоменингит (мээнин желелүү жана жумшак деп аталган кабыгынын сезгениши).

ЛЕПТОМЕНИНКС лептоменинкс (мээнин желелүү кабыгы менен жумшак кабыгынын кошунду сезгенүүсү).

ЛЕПТОПАХИМЕНИНГИТ лептопахименингит (мээнин катуу кабыгынын бардык катмарынын катуу, жумшак, желелүү сезгениши).

ЛЕПТОСОМ лептосом (дене түзүлүшү назик, алсыз адам).

ЛЕПТОСПИРОЗ лептоспироз (лептоспирлерден пайда болгон жугуштуу оору. Лептоспирохета көбүнчө бакма жапайы жаныбарларда болуп, андан адамдарга жугат).

ЛЕПТОТРИХОЗ лептотрихоз (чачтын өтө ичкерип кетиши, чачтын ооруларынын бири).

ЛЕРИ ПЛЕОНОСТЕОЗ Лери плеоностеоз (бою кыска, башы чоң, көптөгөн сөөктөрдүн муун жак башы урчуюп, муун кыймылдары чектелүү менен мүнөздөлүүчү сөөк өспөгөн тукум кууган оору).

ЛЕРИ-ВЕЙЛЛЯ ДИСХОНДРОСТЕОЗ Лери-Вейлл дисхондростеоз (узун, жумуру сөөктөр ийилип, жооноюп жана моюн омурткалардын формасы бузулуп, сөөктүн өсүшү бузулган тукум куучу оору).

ЛЕПТОЦЕФАЛ лептоцефал (сүйрү баштуу адам).

ЛЕРМИТТА СИМПТОМ Лермитт симптому (башты алды жакка ийгенде капысынан пайда болуп, бирок бат эле өтүп кетүүчү, жогортодон төмен жайылып, омурткалар аркылуу тарай турган ооруу сезими. Бул сезим жүлүндүн моюн түшу дартка чалдыккандa байкалат).

ЛЕРМИТТА-ИОНЬЕ-ВИНАРА-ТСОКАНАКИСА СИМПТОМ Лермитта-Ионье-Винара-Тсоканакиса синдром (тармактуу нервдин тамырын мээнин негизинен жана моюн туштан дарт дүүлүктүргөндө, булчундар карышуудан тамак жута албай калган учур).

ЛЕРМУАЙЕ СИНДРОМ Лермуайе синдрому (атеросклероздуу адамдардын меньер оорусунда кулагы шуулдап кыйнап, укпай дарылаганда деле натыйжасыз учур).

ЛЕСБИАНСТВО лесбиандай к.ЛЕСБИЙСКАЯ ЛЮБОВЬ

ЛЕСБИЙСКАЯ ЛЮБОВЬ Лесбий сүйүүсү (гректин Лесбос аралынан алынган сүйүүнүн аты; аялдардын бири-бири менен жыныстык катнашууга умтулуусу).

ЛЕСГАФТА МАССА Лесгафт массасы (кан тамырлардын кебин алыш үчүн алардын ичине кирө турган суюк зат куюп, тегерегиндегилерди эритип жиберүү. Бир нече кошундулардан топтолгон кан тамырга куюлуучу зат лесгафт массасы деп аталат).

ЛЕТАЛЬНОСТЬ өлүш (кээ бир оорудан өлгөндөрүнүн саны менен ооругандарынын санынын катышы).

ЛЕТАРГИЯ летаргия (жалган өлүм, аялдын кыйын төрөттөн кийин кара басып, уктаган абалын туюндуруучу учур, ошого окшош абал).

ЛЕФГРЕНА СИНДРОМ Лефгрен синдрому (өпкө менен бронхалардын бездеринин эки жагы тең чоңоюп, териде бүдүрлүү кызгылт түйүндөр коштоп, муундар ооруу менен катар титирөө да байкалышы. Дарттын себеби белгисиз).

ЛЕФОРА АМПУТАЦИЯ Лефорт кертүүсү (бутту кызыл ашыктан жогору кесип таштагандан кийин хото жиликтин сөөктөрүнүн учун, согончок сөөктү жара тилип каптап коюучу операция).

ЛЕФОРА НЕЙГЕБАУЭР ОПЕРАЦИЯ Лефорт-Нейгебауэр операция (жатын түшкөн учурда аны ылдыйлатпас үчүн аялдын кынынын алдыңкы жана арткы капталынан өөн кесип алып, анын ордун бири бирине каптай тигип коюу. Мындай операция улгайган жана жыныс катнашууга катышпаган аялдарга жасалат).

ЛЕЧЕБНАЯ КУЛИНАРИЯ дарылоо кулинариясы (тамак заттарынан дарылоо максатын көздөгөн тамактарды даярдоо аракеттеринин бардык системасы).

ЛЕЧЕБНАЯ ПЕДАГОГИКА дарылоо педагогикасы (дарылоочу жана педагогиялык мекемелерге психикалык жактан кем балдарды кабыл алып, тарбиялап жана окута турган аракеттердин жыйындысы).

ЛЕЧЕБНИЦА дарылоочу жай (атайын максат коюп дарылоо, профилактикалык чараларды өткөрө турган мекеменин жалпы аты).

ЛЕЧЕБНЫЙ БАССЕЙН дарылоо бассейни (дарылоо-профилактикалык мекемедеги дарылоочу гимнастиканы сууда өткөрүп, сууга сүздүрүп, суунун астынан муундарды кере турган жай, бассейн).

ЛЕЧЕНИЕ дарылоо (ден соолукту калыбына келтириш үчүн багытталган ар түрлүү аракеттердин жалпы аты).

ЛЕЧЕНИЕ ПО СИППИ Сиппидей дарылоо (ашказандын жарат оорусун дарылап, андан ары жарат чоңойбосун деген далалат менен үч айга чейин эки саатта бир стакан камкаймактуу жылуу сүткө күйгүзгөн магнезий менен сооданы кошуп ичирип дарылаган америкалык врачтын дарылоосу).

ЛЕШКЕ СИНДРОМ Лешке синдром (вегитативдүү нерв системасы менен кошо, гипофиздин, бөйрөк үстү безинин функциясы бузулуп, бою өспөй, териде кептеген темгилдер пайда болгон оору).

ЛЕЩЕНКО РЕФЛЕКС Лещенко рефлекси (ортондун учун уруп көргөндө бармак менен сеемөйдүн бүгүлө түшүшү . Мындай көрүнүш жүлүндүн пирамидалык жолу дартка чалдыкканда байкалат).

ЛЕЩЕНКО СИНКИНЕЗИЯ Лещенко синкинезиясы (бир көздүн үстүнкү жапкычын өөдө-ылдый жылдырганда экинчи көздүн көз жапкычынын да акырыраак өөдө-ылдый жылышы, вирустук энцефалит оорусунун белгиси).

ЛИ АМПУТАЦИЯ ГОЛЕНИ тизени Лидей кертүү (тизени кесип таштоодо жараттын оордун кесилип кете турган терининн курагы менен жаап коё турган операция).

ЛИАНА-СИГЬЕ-ВЕЛЬТИ СИНДРОМ Лиан-Сигье-Вельти синдрому (боор эттин киричи айрылып ал кызыл өңгөчтү кулгутуу жана кан тамырлардын кобулу бүтөлүп өзгөчө кол-буттун тамырлары өзгөчө бүтөлүп, аз кандуулук кошулушу. Дарттын себеби белгисиз).

ЛИБЕРМАННА-БУРХАРДА РЕАКЦИЯ Либерманн-Бурхард реакциясы (холестерин күкүрт кислотасына кошулуп, уксустуу ангидрит болсо жашыл боек пайда болгондугуна карап,холестеринди сан жагынан туюнуу реакциясы).

ЛИБЕСНИ РЕФЛЕКС Либесни рефлекс (бутту түп-түз кылып туруп жамбаш аштоодон бүккөндө, эркектин куулугунун өөдө жылышы. Ал отургуч нерви дартка чалдыкканда байкалат).

ЛИБМАНА ПРОБА Либман баамдоосу (кандагы карбоксигемоглобинди табыш үчүн ага формальдегид кошсо кан өңүн өзгөртпейт, ал эми карбоксигемоглобин болбосо кан кара көк түскө айланат).

ЛИВЕДО ливедо (адам суукта үшүгөндө теринин кызыл көк тартып кетиши).

ЛИГАМЕНТ лигамент (чарым ткани аркылуу сөөктүн бири-бири менен байланышы).

ЛИГАМЕНТИТ лигаментит (муундун сезгенчинде же муун жаранганда анын тегерегиндеги байламта чарымдарынын сезгениши).

ЛИГАМЕНТОГРАФИЯ лигаментография (чарымдарды, байламталарды рентген нуру өтпөгөн заттар менен сиңиртип сүрөткө тартуу).

ЛИГАТУРА байлоо (кан тамырларга жана башка жумуру мүчөлөргө курчап байлоо салуу).

ЛИДСКОГО-МИЛЛИНА АДЕНОЭКТОМИИ Лидский-Миллин аденомэктомиясы (эркектин жыныстык безин жамбаш кошулган түшунан жогору, ичти тилип, табарсыктын жаны менен өтүп, аны алып таштоочу операция).

ЛИЕН лиен (көк боор).

ЛИЕНОГРАФИЯ лиенография (көк боордун артериясын тандап сүрөткө тартып алуу).

ЛИКАНТРОПИЯ ликантропия (карышкыр болуп калдым деп деөрүү).

ЛИЗИНЫ лизиндер (денеде иммунитет пайда болгондо тыштан түшкөн бардык керексиз заттарды, микробдорду эритүүчү зат).

ЛИКВОР ликвор (суюктук).

ЛИКВОРЕЯ ликворея (узак убакытка чейин жүлүндүн суюктугу агуу. Көбүнчө омуртка жараланган учурда байкалат).

ЛИМБ лимб (көздүн кырчоо аркагы).

ЛИМБЕРГА ОПЕРАЦИЯ Лимберг операциясы (теридеги жараланган жерлерге анын жанындагы терилерден үч бурчтуу эп кыйып келип жамап бүтүрүү).

ЛИМБЕРГА ПЛАСТИКА Лимберг жамоосу (жогорку эрин туулгандан эле кемтик болгондо, эриндин сырткы тушунан эки жамоочу кыйып келип анын кемтигин бүтөөчү операция).

ЛИМБОРАФИЯ лимборафия (көздүн жогорку бөлүгүндөгү жылтырак катмары калындап кеткенде, ичке кетгут менен тигип коюу).

ЛИМБОСКЛЕРЭКТОМИЯ лимбосклерэктомия (көздүн глаукома (басымы жогорулоо) оорусунда көздүн кырчоосун, тышкы катмарын кесип алып таштоо. Операциянын максаты көздөгү басымда төмөндөтүү).

ЛИМОТЕРАПИЯ лимотерапия (оорулууну тамак бербей, ачка кылып дарылоо).

ЛИМФА лимфа (лимфа тамырлардын түйүндөрүнүн ичиндеги суюктугу. Ал ткандардын суюктугунан сызылып чыгуудан пайда болот).

ЛИМФАГОГИ лимфагоги (лимфа суюктугун көбөйтүүчү дарылар).

ЛИМФАДЕНИТ лимфаденит (лимфа бездеринин сезгениши).

ЛИМФАДЕНОГРАФИЯ лимфаденография (лимфа тамырларга рентген нуру өтпөгөн зат коюп анын тарамдарына чейин сүрөткө тартып алуу).

ЛИМФАДЕНОЗ лимфаденоз (лимфоид ткандарынын бардыгы көбөл калган учур. Лейкоз оорусунун белгиси).

ЛИМФАДЕНОМА лимфаденома (лимфа тамырлардын шишик оорусунун мурунку аты).

ЛИМФАМАТОЗ лимфаматоз (лимфа ткандарынан пайда болгон өтө көп майда шишикчелер. Бул мүчөлөрдүн бардык жериңде байкалат).

ЛИМФАНГИИТ лимфангиит (лимфа тамырлардын сезгенч оорусу).

ЛИМФАНГИИТ РАКОВЫЙ рак лимфангиити (рак оорусунун клеткалары лимфа тамырлар аркылуу таралышы).

ЛИМФАНГИОАДЕНОГРАФИЯ лимфангиоаденография (лимфа тамырды ошону менен катар анын аймагындагы лимфа түйүндөрүн рентген нуру өтпөгөн зат куюп сүрөткө тартып алуу).

ЛИМФАНГИОБЛАСТОМА лимфангиобластома к.ЛИМФАНГИОСАРКОМА.

ЛИМФАНГИОМА лимфангиома (лимфа тамырлардан өсүп чыккан зыянсыз шишик).

ЛИМФАНГИОМАТОЗ СИСТЕМНЫЙ жайылган лимфангиоматоз (дененин бардык жерине жайылган, көптөгөн шишик оорусу).

ЛИМФАНГИОМИОМА лимфангиомиома (лимфа жылчыгынын эндотелийин курчаган, жайык жылма булчуңдардын тарамдарынан турган зыянсыз шишик).

ЛИМФАНГИОСАРКОМА лимфангиосаркома (лимфа тамырлардын капталындагылардан өсүп чыккан зыяндуу шишиктердин жалпы аты).

ЛИМФАНГИОЭНДОТЕЛИОМА лимфангиоэндотелиома (лимфа тамырлардын ички бетиндеги эндотелий клеткалардан өсүп чыккан зыяндуу шишик).

ЛИМФАНГИТ лимфангит к.ЛИМФАНГИИТ.

ЛИМФАНГИЭКТАЗИЯ лимфангиэктазия (лимфа тамырлардын көлөмүнүн кеңейип калышы).

ЛИМФАТИЧЕСКИЕ РЕАКЦИЯ лимфа реакциясы (чет жакадагы канда лимфациттердин убактылуу арбындыгы. Ал кызамыкта, туберкулез жана башка дарттарда айкын билинет).

ЛИМФАТИЧЕСКИЙ ПРОТОК лимфа өткөөлү (чоң лимфа тамырлардын биригип келип жооное башташы. Алар бир тамырдын өткөөлүн түзүп, өзүлөрү вена тамырына кошулат. Ичиндеги суюктуктар венага куюлат).

ЛИМФАТИЧЕСКОЕ ГЛОТОЧНОЕ КОЛЬЦО жуткучтун лимфа алкагы (ооз көңдөйү жуткучка өткөн чегинде орун алып, көмөкөйдү курчаган лимфа быдырларынын тобу).

ЛИМФАТИЧЕСКОЕ КОЛЬЦО ВАЛЬДЕЙЕРОВО Вальдейера лимфа аркагы к.ЛИМФАТИЧЕСКОЕ ГЛОТОЧНОЕ КОЛЬЦО

ЛИМФАДЕМА лимфадема (лимфа суюктугу топтолуудан пайда болгон шишик жер).

ЛИМФОБЛАСТ лимфобласт (лимфоцит клеткасы өсүп жүрүп отуруп эң аякы стадиясы лимфобласт, андан кийин кадимки жетилген лимфоцит).

ЛИМФОБЛАСТОЗ лимфобластоз (чет жаккы кандын тутумунда лимфобласттардын болушу).

ЛИМФОБЛАСТОМА лимфобластома к.ЛИМФОСАРКОМА

ЛИМФОГАНГЛИОГРАФИЯ лимфоганглиография к.ЛИМФАДЕНОГРАФИЯ

ЛИМФОГРАНУЛЕМАТОЗ лимфогранулематоз (лимфа бездеринин чоңоюп, өмүргө коркунучтуу өнөкөт оору. Канда лейкоцит-тер арбыйт).

ЛИМФОГРАНУЛИДЫ лимфогранулиддер (лимфогранулематоз оорусунда териге чыккан кычышуучу төмгилдер).

ЛИМФОГРАФИЯ лимфография (лимфа системасындагы мүчөлөрдүн сүрөтүн рентгендин жардамы менен сүрөткө тартып алуу).

ЛИМФОДИАЛИЗ лимфодиализ (денедеги ууландыруучу заттарды кетирүү максатында лимфа суюктугу өтө турган көкүрөктөгү өткөөлүнө тешик жасап ичиндеги суюктукту сырткы чыгаруучу операциялык).

ЛИМФОИДНОЕ КОЛЬЦО лимфа аркагы к.ЛИМФАТИЧЕСКОЕ ГЛОТОЧНОЕ КОЛЬЦО

ЛИМФОЛЕЙКОЗ лимфолейкоз (лимфа клеткалары өсүп жетилүү учурундагы жаш клеткалардан пайда болгон шишик оорусу, лейкоз).

ЛИМФОЛОГИЯ лимфология (лимфа системаларын окуй турган анатомиялык илимдин бир бөлүгү).

ЛИМФОМА лимфома (өзүнүн түзүлүшү жагынан лимфа ткандарынан өсүп чыккан рак, шишик).

ЛИМФООБРАЗОВАНИЕ лимфа пайда болуу (ткандын суюктугу лимфа капиллярларына сорулуп өтүшү).

ЛИМФООБРАЩЕНИЕ лимфа айлануу (лимфа тамырлары аркылуу лимфанын жылышы. Ал лимфа тамырларынын капталы куушурулуудан кыймылга келет).

ЛИМФООТТОК лимфоотток (лимфа тамырлар аркылуу лимфа вена агымына кошулушу).

ЛИМФОПЕНИЯ лимфопения (лимфоцит клеткаларынын азайышы. Ал жугуштуу ооруга чалдыккан адамдарда, өзгөчө жайылган туберкулез оорусунда байкалат. Андан башка лимфа бездери дартка чалдыкканда да лимфоцит азаят).

ЛИМФОПЛЕТОРА лимфоплетора (лимфа тамырларында лимфанын сан жагынан көптүгү).

ЛИМФОПОЭЗ лимфопоэз (лимфоциттердин өсүп жетилүү процесси).

ЛИМФОРЕНТГЕНОГРАФИЯ лимфорентгенография к.ЛИМФОГРАФИЯ

ЛИМФОРЕЯ лимфорея (лимфа суюктугунун сыртка же ичке куюлушу).

ЛИМФОСАРКОМА лимфосаркома (өсүп жетиле элек лимфоретикулярдуу ткандардан пайда болгон өмүргө коркунучтуу шишик, рак).

ЛИМФОСТАЗ лимфостаз (лимфа суюктугу жылбай калып, бир жердин күпчөк болуп шишип кетиши).

ЛИМФОСОРБЦИЯ лимфосорбция (денедеги ууну сыртка чыгаруу максатында лимфа өткөөлүнүн кеедөндөгү бөлүгүн тешип, андагы суюктукту сыртка сордуруп алуу жолу).

ЛИМФОФЛЕБОГРАФИЯ лимфофлебография (дененин бөлүгүндөгү лимфа тамыры менен кошо вена тамырын да рентгендик сүрөткө тартып алуу).

ЛИМФОЦИТ лимфоцит (көк боор менен лимфа түйүнүнөн пайда болгон анчейин чоң эмес чекитсиз лейкоцит иммунитет пайда болууга катышат).

ЛИМФОЦИТОЗ лимфоцитоз (канда лимфоциттердин санынын өзгөчө көбөйүп кетиши).

ЛИМФОЦИТОМА КОЖИ теринин лимфоцитомасы (лимфоциттерден жана гистиоциттерден турган теринин зыянсыз шишиги).

ЛИМФОЭПИТЕЛИОМА лимфоэпителиома (кулкундагы, тамактагы лимфоиддик ткандардан өсүп чыккан зыяндуу шишик).

ЛИМФУРИЯ лимфурия к.ХИЛУРИЯ

ЛИНБЕРГА ЗАМОК Линберг аштоосу (сынган сөөктөрдүн бир жагына урчук, бир жагына оюк жасап, аларды кептөө жолу менен сыныктар жылбагандай кылып сөөктөр бүтүүгө көмөктөшүү).

ЛИНДЕНБРАТЕНА ЛИНИИ Линденбратен сызыгы (көкүрөктү рентгендик сүрөткө тартканда өпкөнүн төменкү бөлүгүндө тик же кыйгач кеткен ичке узун көлөкө. Ал өпкө кеберленип сезгенгенде байкалат).

ЛИНИМЕНТ линимент (денеге сыйпоочу, дары кошулган кочкул суюктук).

ЛИНИЯ ДАМУАЗО Дамуазо сызыгы (француздук врач; көкүрөктүн кеңдейүндө плевра сезгенгеде пайда болгон суюктуктун (экссудат) үстү белгилүү бир чекте орун алып өзүнчө мүнөздүү сызыкты түзүшү).

ЛИНИЯ РОЗЕР НЕЛАТОН Розер-Нелатон сызыгы (адамдын жамбашынын алдыңкы урчугунун кыры менен кашка жиликтин томпогу жана жамбаштын көчүк жак урчугун кошкон сызыгы. Бул сызыктан так ортосунда кашка жиликтин жамбашка ашташкан башы жайгашат. Анын башы ушул сызыктардын чегинен чыгып калса, бир ооруга күнөм санооо болот).

ЛИНКОМИЦИН линкомицин (көпчүлүгү грамон кокк, кэ- бир грамм оң таякча микробдоруна таасир бере турган антибиотик).

ЛИНТОНА ОПЕРАЦИЯ Линтон операциясы (шыйрактын ички жана сырткы вена тамырларынын жалгашкан жеринен жайык чарымдын алды туштан байлап коюучу операциясы. Буттун кан тамырлары урчуп чоюлуп кеткенде жасалат).

ЛИОДЕРМИЯ лиодермия (нервдин функциясы бузулуудан пайда болгон, тери жукарып, көлөмү жагынан кичирейип оорушу).

ЛИОФИЛИЗАЦИЯ лиофилизация (кандын плазмасын, тамак заттарын бардык сапаты менен узак убакытка чейин сакташ үчүн оболу тоңдуруп, андан кийин абасыз шартта кургатуу аракеттери).

ЛИПАЗА липаза (майды эритүүчү, химиялык жактан майдалоочу фермент. Аны уйку бези бөлүп чыгарат).

ЛИПЕМИЯ липемия (кандагы май затынын көптүгү. Кандагы май заты өтө майлуу тамак жегенден кийин, боордун өнөкөт оорусунда, бөйректүн кээ бир ооруларында жана фосфор менен ууланганда байкалат).

ЛИПИДЕМИЯ липидемия (кандын тутумунда липид заттарынын көп болушу).

ЛИПИДОГРАММА липидограмма (кандын тутумундагы липидо протеиддерди сандык жана сапаттык жактан аныктап сүрөттөп жазып чыгуу).

ЛИПИДОЗ липидоз (туулгандан же кийинчирээк белгиленген липид зат алмашуу бузулуу менен мүнөздөлгөн оору).

ЛИПИДЫ липиддер (органикалык эритмелерде эриген, сууда эрибеген бардык тирүү клеткалардын тутумунда болуучу заттардын тобу).

ЛИПОГРАНУЛЕМА липогранулема (өнөкөт сезгенчтин чордонундагы шишиңки тарткан жеринде ичи абалуу чөнөкчө тутумунда май болгон көп ядролуу чоң клеткалар).

ЛИПОГРАНУЛЕМА ИНЪЕКЦИОННАЯ ийне липогранулемасы (дары заттарынын майлуу эритмесин денеге ийне аркылуу жиберген жериндеги гранулемасы).

ЛИПОДИСТРОФИЯ липодистрофия (организмдеги май алмашуу процессинин бузулушу. Теринин алдына май аз жыйналган абал).

ЛИПОЗИТОЛ липозитол (борбордук нерв ткандарынын составындагы фосфолипид. Соя майында болот).

ЛИПОИДЕМИЯ липоидемия (кандын тутумунда липоид заттарынын көптүгү).

ЛИПОИДОЗ липоидоз (липоид заты алмашуудан келип чыккан оору).

ЛИПОИДЫ липоиддер (химиялык, физикалык жагынан майга окшош заттар).

ЛИПОКАИН липокаин (бодо малдын карын алды безинин тканынан (уйку бези) инсулин затын чыгарып таштагандан кийин чыгарылып алынган сыгынды. Бул боорду май басуудан арылтат).

ЛИПОКАЛЬЦИНОГРАНУЛЕМАТОЗ липокальциногранулематоз (май жана кальций заты алмашууда жумшак ткандарга кальций туздары жыйналуу менен мүнөздөлгөн себеби белгисиз ооруксунуу абалы).

ЛИПОМА липома (май тканынан чыккан зыянсыз шишик).

ЛИПОМА ЗЛОКАЧЕСТВЕННАЯ зыяндуу липома к.ЛИПОСАРКОМА

ЛИПОМАТОЗ липоматоз (дененин кээ бир жерлерине май чогулуп, демпейүп көрүнүшү, шишиктердин пайда болушу).

ЛИПОСАРКОМА липосаркома (май тканынан өсүп чыккан зыяндуу шишик).

ЛИПОТИМИЯ липотимия (адамдын кыска мөөнөткө, көз ачып жумганча эстен тануусу).

ЛИПОФУСЦИН липофусцин (бардык мүчөнүн жана ткандардын цитоплазмасындагы майда сары чаңыттар. Улгайган адамдарда алар көбүрөөк кезигет).

ЛИПОХРОМАТОЗ липохроматоз (теринин, анын алдындагы чарымдын, сөөктүн сары түскө боелушу. Ал кант диабет оорусунда кротиноиддер жыйналуудан).

ЛИПОЦЕЛЕ липоцеле (ичтин орто сызыгынан сүбөнүн алды тушунан ич май сыртка чы ып калышы).

ЛИПОЦИТ липоцит (өсүп жетиле элек көпшөк кошуучу ткандын ичиндеги суюктукта майлашкан суюктуктун арбын болушу).

ЛИПУРИЯ липурия (сийдикте май заттарынын пайда болушу. Бул көбүнчө майды өтө көп жеген учурда байкалат).

ЛИПЭКТОМИЯ липэктомия (денедеги майдан аздыр-көптүр алып таштоочу операция).

ЛИССАУЭРА ЗОНА Лиссауэр зонасы (арка ганглий клеткаларынын жипчелери жүлүнгө кире турган тушу).

ЛИССОТРИХИЯ лиссотрихия (чачы тармал болбой, түз чачтуу адамдар).

ЛИССОФОБИЯ лиссофобия (адамдын кутурма оору менен ооруп калам деп өтө коркуусу).

ЛИСТЕРА МЕТОД Листер методу (жаратты ириндетпес үчүн хирургдун колун карбол кислотасынын эритмеси менен жууш. Же кислота менен куралдарды, тануучу чүпүрөктөрдү, операция жасоочу комнаталарды дезинфекциялоо).

ЛИСТЕРА ПОВЯЗКА Листер таңуусу (жараттын үстүнө карбол кислотасы чыланган даки коюп, таңып коюу).

ЛИСТЕРЕЛЛЕЗ листереллез (жаныбарлардын кемирүүчүлөрүнөн жана үй канаттууларынан адамга таралуучу оору).

ЛИСТЕРИОМА листериома (тегереги лимфоид, ретикул клеткалары менен курчалган, ортосу чирип гистиоцит толгон, ичинде листерин таякчасы бар дөмпөкчө).

ЛИСТОНА КОСТНЫЕ КУСОЧКИ Листон сөөк кыпчууру (учу курч жана жайгында оюгу бар, сөөктү кыпчуу менен майдалап керте турган темир кычкач).

ЛИСТОК НЕТРУДОСПОСОБНОСТИ жумушка жараксыздыктын барагы (оорунун, төрөттүн, жарадардын себебинен убактылуу жумушка жарабастыгын күбөлөндүрүүчү СССРдеги юридикалык, финансылык эсеп-статисттик документ. Ал көптөгөн себептерге жараша врачтар тарабынан берилет).

ЛИСКУНОВА ВЫТЯЖЕНИЕ Лискунов тартуусу (жүлүн нервинин бутактарынын сезгенч оорусунда оорулууну баш жагын жогору көтөрө жаткырып, көөдөн жакты беките таңып жамбаштан төмөн жагына жүк тарттырып, ылдый жакка тартуу. Бул ваннанын ичинде жасалат).

ЛИСФРАНКА АМПУТАЦИЯ Лисфранк ампутациясы (буттун кетменинен кесип ташташ үчүн, бейбелчек сөөктөр түшунан кесип ташталып, жараттын оордун таман жак тери сыртына кыстара тигип коюучу операция).

ЛИСФРАНКА НОЖ Лисфранк бычагы (буту-колду кесип таштоодо колдонула турган учу учтуу бир миздүү бычак).

ЛИТЕЙНАЯ ЛИХОРАДКА темир эритүүчүлөр калтырагы (металл эритүүчүлөрдө байкалуучу калтырап титирөө. Калтыроо үч саатка чейин созулуп, денеңин температурасы 38-40 градуска чейин жетет. Калтыроонун себеби металлдардан бөлүнүп чыккан бууну дем алганда байкалат).

ЛИТИАЗ литиаз (денеңин бир жерине таштын пайда болушу. Организмде зат алмашуу процесси бузулганда байкалат).

ЛИТИОТЕРАПИЯ литио дарылоо (кээ бир психикалык ооруларды дарылоодо литий заттарынын туздарын колдонуу).

ЛИТОГОГИ литогогдор (организмден таш заттарын сыртка чыгаруучу дарылар).

ЛИТОКЕЛИФОЗ литокелифоз (ичтен өлгөн баланын тонунун өзү менен кошо жабышып катып калышы).

ЛИТОЛАПАКСИЯ литолапаксия (табарсыктагы ташты майдалаган-дан кийинки күкүмдөрүн операциянын убагында жуун алуу).

ЛИТОПЕДИОН литопедион (жатындын жанына бүткөн баланын таштай болуп катып калышы).

ЛИТОТОМ литотом (табарсыктагы таштарды талкалоого ылайыкталып жасалган аспап).

ЛИТОТОМИЯ литотомия (ичиндеги ташты алуу максатында операциялык жол менен табарсыкты кесүү).

ЛИТОТРИПСИЯ литотрипсия (атайын аспап менен табарсыктагы ташты талкалоо).

ЛИТТРЕ ГРЫЖА Литтре кириси (ичтин так ортосунда байкалуучу дөмпөйгөн шишик. Анын ичинде ичке жагы тышка кайрылып, урчуюп калган бөлүгүнүн болушу).

ЛИТТРЕ ЖЕЛЕЗЫ Литтре бези (сийдик бөлүнүп чыккан түтүктүн ичиндеги өзгөчө формадагы без).

ЛИТТРЕИТ литтреит (сийдик чыгаруучу түтүктүн былжырдуу катмарындагы бездин сезгенч оорусу. Ал көпчүлүк учурда гонорреа оорусунда байкалат).

ЛИХЕН лихен (теринин чакалай оорусу).

ЛИХОРАДКА калтыроо (дарттын таасирине жооп катары организмдин температурасы көтөрүлүү).

ЛИХОРАДКА АПЕУ Апеу калтырамасы (тропикалык чиркейлөр калтыратмасынын группасындагы жугуштуу ооруларынын бирөө. Ал температура жогорулоо, жалпы алы кетүү жана муундар ооруу менен айырмаланат. Дартка себепкер арбовирус).

ЛИХОРАДКА БУХАРСКАЯ Бухара калтыратмасы к.ЛИХОРАДКА ФЛЕБОТОМНАЯ

ЛИХОРАДКА ВЕССЕЛСБРОН весселсброн калтыратмасы (арбовирус дартка себепкер болуп башталган тропикалык чиркей калтыратмасы. Оорулуу баш ооруну, бир аз убакытка чейин калтыроону сезет. Боор жана көк боор чоңоет).

ЛИХОРАДКА ГАВЕРХИЛЬСКАЯ Гаверхиль калтыратмасы к.ЛИХОРАДКА ХЕЙВЕРХИЛЛСКАЯ

ЛИХОРАДКА ГЕМОРРОГИЧЕСКАЯ геморрогиялуу калтыратма (адамдын бат кармаган вирустук жугуштуу оорулары калтыратуу менен бирге, бир жеринде канталоо менен мүнөздөлгөн оорусунун жалпы аты).

ЛИХОРАДКА ГИБРАЛТАРСКАЯ гибралтар калтыратмасы к.БРУЦЕЛЛЕЗ

ЛИХОРАДКА ГУАМА Гуама калтыратмасы (тропикалык чиркей калтыратмасынын группасындагы арбовирус себепкер болуп башталган жугуштуу оору. Бул бат өтүп кетиши менен айырмаланат. Айрыкча Бразилияда жана Тринидал аралында кезигет).

ЛИХОРАДКА ДЕНГЕ Денге калтыратмасы (чиркейлер аркылуу жугуучу дартка себепкер арбовирус болуп, чектелген аймактын жугуштуу оорусу. Бул айрыкча тропикалык жана субтропикалык жайларда кезигет).

ЛИХОРАДКА ЖЕЛТАЯ сары калтыратмасы (арбовирус себепкер болгон, чектелген гана жерге жайылган, чиркейден жуга турган жугуштуу оору. Бат башталат, калтырайт, эттерде көк алалар пайда болуп, оорулуу саргарып боору чоңоет. Жүрөккө, бөйрөккө таасирин тийгизет. Бул карантиндик оорулар катарына кирет).

ЛИХОРАДКА КЛЕЩОВАЯ кене калтыратмасы (дарттын тарашына кененин денесиндеги ар кандай микробдор таасир берип пайда болгон жугуштуу оорулардын жалпы аты).

ЛИХОРАДКА КРЫМСКАЯ Крым калтыратмасы к.КУ ЛИХОРАДКА

ЛИХОРАДКА ЛАССА Ласса калтыратмасы (дартка себепкер вирус болуп, денеде канталоолор байкалып, жугуштуулугу күчтүү, дене ысуу өтө жогору болуу менен боорго залал келген жугуштуу оору).

ЛИХОРАДКА МАЙЯРО Майяро калтыратмасы (тропикалык безгек калтыратмасынын арбовирус пайда кылган бат кармаган жугуштуу оорусу. Ал дене бүтүндөй ооруп, калтырап-титиреп, бир аз саргарып, жарыкты сүйбөө менен мүнөздөлөт).

ЛИХОРАДКА МАРСЕЛЬСКАЯ Марсел калтыратмасы (кене чаккандан кийинки риккетсин адамга жугуп, дене бат ысып титиреген жугуштуу оору. Кене чаккан жер оюлуп, үстүн карттын басышы. Дарт жер ортолук, кара, каспий деңиздердин боюнда кезигет).

ЛИХОРАДКА ПАППАТАЧИ Паппатачи калтыратмасы (негизинен чиркейлердеги вирустардан адамга жугуучу калтыратма оору. Бул жай айларында байкалат. Ооруган адамдын денеси ысып, тамакка көңүлү тартпай, алы кетүү менен мүнөздөлөт дагы бат эле айыгат).

ЛИХОРАДКА СИНДБИС Синдбис калтыратмасы (тропикалык чиркей калтыратмасындагы жугуштуу оору. Дартка себепкер арбовирус. Бир аз эле калтырап, баш ооруйт жана булчундардын алы кетет).

ЛИХОРАДКА СКОТОБЕН Скотобен калтыратмасы к.КУ ЛИХОРАДКА

ЛИХОРАДКА СРЕДНОАЗИАТСКАЯ Орто Азия калтыратмасы к.КУ ЛИХОРАДКА

ЛИХОРАДКА ТРОПИЧЕСКАЯ КОМАРИНАЯ тропикалык чиркей калтыратмасы (тропикалык зонага анчейин деле жайылбаган, чектелген гана жердин жугуштуу ооруларынын жалпы аты. Дартка арбовирус себепкер болгон ар түрдүү чиркейлер жуктурган адамдардын жана жаныбарлардын жугуштуу оорусу).

ЛИХОРАДКА ОТ УКУСА КРЫС келемиш тиштөөдөгү калтыратма (содоку жана хейвирхилл калтыратмасынын кошулгандагы жалпы аты. Дарт келемиш жана башка жандыктар адамды тиштеп алгандан кийин жугат).

ЛИХОРАДКА УРЕТРАЛЬНАЯ уретралык калтыратма (сийдик чыгаруучу түтүккө буж (түтүк) салып жаткан учурда айрылган туштан жугуш кирип, канга өткөндө байкалуучу калтыратма).

ЛИХОРАДКА ФЛЕБОТОМНАЯ флеботом калтыратмасы (кээ бир арбовирус себепкер болуп, чиркей аркылуу жугуучу бат башталган жугуштуу оору. Ооруга мүнөздүү үч-төрт күнгө чейин калтыроо, баш ооруу менен булчундардын оорушу, жарыкты сүйбөө, көзү кызаруу).

ЛИХОРАДКА ХЕЙВЕРХИЛЛСКАЯ Хейверхилл калтыратмасы (келемиш тиштөөдөн пайда болгон жугуштуу оорулардын группасындагы оору. Ал бат-бат кайталаган калтыратма, тиш өткен туштун бези чоңоюу, анын тегереги эзилип, муундардын сезгеничи менен мүнөздөлөт).

ЛИХОРАДКА ЧАНГИНОЛА чангинола калтыратмасы (бардык жагынан флеботом калтыратмасына окшош жугуштуу оору. Ал борбордук Америкада гана кезигет).

ЛИШАЙ чакалай (теринин ооруларынын жалпы аты. Теринин бети өөдө көтөрүлүп, темгилдер пайда болуп, ак кебер күрпөр түшүү).

ЛИШАЙ ОТРУБОВИДНЫЙ кебек чакалайы (теринин грибок оорусунда мөөнөдө, ийинде жана денеде аз гана ак күптөр бөлүнүп, бир аз кычышкан кызыл сары же күрөң түстөгү темгилдер менен айырмаланган оору).

ЛИШАЙ СТРИГУЩИЙ кертилчүү чакалай к.ТРИХОФИТИЯ

ЛИЭНТЕРИЯ лиэнтерия (жеген тамак сиңбестен ич өтүү. Ичеги өтө күчтүү кыймылга келип ичегинин ичиндегилерди тышка бат чыгарууда байкалат).

ЛОБ ОЛИМПИЙСКИЙ томпок чеке (чеке алды жакка өтө чыгып туруусу. Айрыкча итий оорусунда байкалат).

ЛОБ ПОЛИРОВАННЫЙ жылма чеке (чекедеги булчундардын оорусунан анын териси тастайып, кабак чытууга мүмкүн болбой калган учуру).

ЛОБАРНЫЙ СКЛЕРОЗ лобардуу склероз (мээнин кээ бир оорularында байкалуучу мээнин майда бөлүкчөлөрүнүн катуулашы).

ЛОБИТЦА-КЕМПБЕЛЛА ФЕНОМЕН Лобитц-Кемпбелл феномени (тери-ге ацетилхолин сайганда ал жерде кызаруунун ордуна, анын тескерисинче бозоруунун байкалышы).

ЛОБНАЯ ПАЗУХА мандай кобулу (баш сөөктүн мандай жагында ортосу тозулган оң жана сол жак деп аталган көндөйү, кобулу).

ЛОБНЫЙ РЕФЛЕКТОР мандай рефлектору (кулактын ичине чагылдырып шоола бере турган аспап. Формасы тегерек ортосунда көзөнөгү болуп, сызма менен башка кийиле турган күзгү).

ЛОБОТОМИЯ лоботомия (мээнин мандай бөлүгү менен көрүү дөмпөгүнүн өткөргүч жипчелерин кыркып салуу. Бул кээ бир жин оорусун айыктыруу максатына ылайыкталган операция).

ЛОБРИ-ПЕЩДИ СИНДРОМ Лобри-Пещди синдрому (жүрөктүн карынчаларынын ортосундагы тоскокто тешик болуу менен катар, аорта бүктөмөсүнүн туулгандан эле жетишсиздиги).

ЛОБРИ-СУЛЛЯ СИНДРОМ Лобри-Сулля синдрому (жүрөккө кан аз барууда тамак жолдору аз кыймылдоодон ашказанда аба көбүрөөк болуп ич көбүү менен катар, боор эттин оң жак чокусунун жогору турушу).

ЛОБЭКТОМИЯ лобэктомия (бир мүчөнүн бөлүгүн же өпкөнүн бөлүктөрүнүн бирөөнү алып таштагандагы операциянын аты).

ЛОГАНА ШТИФТОВОЙ ЗУБ Логан тиш шынаалоосу (ичи көндөй болуп калган тишке, фарфордон шынаа жасалып, аны түбүнө чейин уруп коюп көндөйдө жоюу. Ал тиштин түбү таптаза болгон учурда ишке ашырылат).

ЛОГАСТЕНИЯ логастения (борбордук нерв системасынын функциясы бузулганда, туура эмес сүйлөп алам деп коркуудан, сүйлөөгө дарманы келбөөдөн сүйлөө бузулуу. Жаш балдарда сүйлөөгө үйрөтүү эрежеси бузулганда да байкалат).

ЛОГЕГРАФИЯ логеграфия (атайын электрондук жасалга менен рентгенге тартылган сүрөттүн ачык же күңүрт бөлүктөрүн ажыратуу үчүн кайра сүрөткө түшүрүү).

ЛОГЕТРОНОГРАФИЯ логетронография к.ЛОГЕГРАФИЯ

ЛОГОКЛОНИЯ логоклония (булчуңдардын өздө=ылдый жыйрылышынан кээ бир муунду, сөздү айта албай тыныш кайталап кекечтенүү).

ЛОГОПАТИЯ логопатия (речь түзүлүшүнүн бузулушунун жалпы аты).

ЛОГОПЕДИЯ логопедия (сөздү туура сүйлөй албагандарды врачтардын катышуусу менен изилдеп, аны калыбына келтирүүнүн чараларын таап, профилактикалык жумуштарды өткөрө турган педагогика илиминин бөлүгү).

ЛОГОРЕЯ логорея (бат-бат жана көпкө чейин өзүн=өзү токтото албай сүйлөй берүү).

ЛОГОФОБИЯ логофобия (керектүү сөздү сүйлөй албай калам деп өтө коркуу).

ЛОЖНЫЙ КРУП жалган круп (тамактын кошуучу ткандарынын үн чыгаруучу калканчтарынын алды жагы сезгенүүдөн, тамак бүтүп калгандай сезүү учуру. Ал сезүү кезек=кезеги менен байкалып бат эле жанып кетет).

ЛОЗОНОВА ОПЕРАЦИЯ Лозонов операциясы (кулактын сырткы тешиги бүтөлүп калган учурда, анын тегерегиндеги сөөктүн арткы жогору жагын кеңите турган хирургиялык операция).

ЛОЗИНСКОГО СИМПТОМ "ЗАДНЕГО ХОДА" Лозинский "артка басуу" симптому (жамбаш сөөктүн алдыңкы жогорку бөлүгү үзүлүп кеткен учурда, жамбаш муун бүгүлгөндө оорубас үчүн оорулуу бутун кетен-чиктетип сүйрөп басканды артык көрүүсү).

ЛОКАЛИЗАЦИЯ локализация (оорунун бир жерден орун алуусу жана мүчөнүн кайсы бөлүгү дартка чалдыккандыгын тактоодо колдонулуучу термин).

ЛОКТЕВАЯ ОБЛАСТЬ чыканак туш (каржилик менен күң жилик кошулган муундун аймагы. Ал алдыңкы, арткы дэп бөлүнөт).

ЛОКУС локус (дарттын орун алган жери).

ЛОКХАРТ-МАММЕРИ СПОСОБ Локхарт-Маммери ыгы (кетен=чучуктун кек баш оорусунун кан агуусунда аны токтотуш үчүн кетен=чучуктун ичин тыгынчыктоо).

ЛОМБАРА ОПЫТ Ломбар тажрыйбасы (кулактын угушун аныктоо үчүн колдонулуучу тажрыйба. Текшерилген адамга белгилүү добуш менен үн чыгарып окуп жаткан учурда, кулагына катуу добуш укту-рат. Калп эле укпаган адамдар андан кийин добушун кетере окуй баштайт).

ЛОМБАРА-БАРАНИ ОПЫТ Ломбара-Барани тажрыйбасы к.ЛОМБАРИ ОПЫТ

ЛОНГМАЙЕРА ОПЕРАЦИЯ Лонгмайер операциясы (боордун бөлүгүн кескенде, боордун ичинде кесилген өт жолдорун ичке ичеги менен жалгаштырып коюу. Ичегини боордун кесигинин ичине кептей тигип коюучу операция).

ЛОНГМАЙЕРА-ДОЛЬОТТИ ОПЕРАЦИЯ Лонгмайер-Дольотти операциясы (боордун бөлүгүн кескенде, боордун ичиндеги кесилген өт жолдорун ашказан менен жалгаштырып коюу. Ашказандын капталын боордун кесигинин ичине кептей тигип коюучу операция).

ЛООЗЕРА ЗОНА ПЕРЕСТРОЙКИ Лоозера кубулуш зонасы к.ЛООЗЕРА ЗОНА ПРОСВЕТЛЕНИЯ

ЛООЗЕРА ЗОНА ПРОСВЕТЛЕНИЯ Лоозера агаруу зонасы (сөөктү рентгендик сүрөткө тартканда, көрүнүшү таза туруп эле анын боюнан туура кеткен булуттанган шоола. Мындай көрүнүш сөөкке өтө күчтүү жүк басканда байкалат).

ЛОРАНА СПОСОБ Лоран ыгы (кулактын артындагы ириң жарылып анын оордунда бүтпөгөн тешик калганда, анын тегерегиндеги эттен эп кыйып тешикти бүтүрүүчү операция).

ЛОРДОЗ лордоз (омурткалардын көкүрөк бөлүгүнүн ичин көздөй ийилиши. Бул көбүнчө омурткалардын туберкулез оорусунда байкалат).

ЛОРДОСКОЛИОЗ лордосколиоз (омурткалардын капталына жана алдына да ийилүүсү. Бул сөөктүн туберкулез оорусунда байкалат).

ЛОРЕНЦА СПОСОБ Лоренц ыгы (жамбаш муунунан кашка жилик чыгып кеткенде, оорулууга наркоз берип, аны оордуна келтирип, гипске салып бутун сыртка керген абалда кармоо).

ЛОРИНА ЭПШТЕЙНА БЛОКАДА Лорин-Эпштейн бөгөтү (бейректүн өтө катуу ооруусунда эркектин урук жолун чурай түшүнөн, аялдын жатынын тегерек байламтасын деле ошол түштан новокаин куюп бөгөп коюучу операция).

ЛОРИНА-ЭПШТЕЙНА СИМПТОМУ Лорин-Эпштейн симптомдору (оорулуунун оозу бир аз ачылган абалда алдыңкы ээкти каккылап көргөндө, чайноого катышуучу булчуңдун жыйрылып калышы. Бутту катуу массаж жасаганда, булчуң катуулап ооругандыкты сезиши. Бул столбняк оорусунун башталгыч учуру деп эсептелет).

ЛОСИЦКОЙ ШОВ Лосицкая тигиши (төөттөн кийин шалбыраган жатындын булчуңдарын чыңалтыш үчүн анын мойнунун артына жибек жиптен тигиш салуу).

ЛОССЕНА ОПЕРАЦИЯ Лоссен операциясы (өөдөкү ээктин катуу оорушунда анын нервин чайнатуучу булчуңдарды кеспей туруп кыйып таштоочу операция).

ЛОУ СИНДРОМ Лоу синдрому (көзүндө басым күчөп, чечекейи агарган, акылы кем жана заарасы аркылуу органикалык кислоталар арбын бөлүнүп чыккан тукум куучу оору).

ЛОУСЛИ НЕФРОПЕКСИЯ Лоусли бөйрөк матоосу (бөйрөгү төмөн түшүп кеткен оорулуунун бөйрөгүнүн урчуюп турган бөлүгүндөгү челин сыйрып кабыргалардын ортосуна же төрт бурчтуу бел кырчоо булчуңуна матап тигип коюучу операция).

ЛОУСЛИ ОРХОПЕКСИЯ Лоусли орхопексия (эркектин жумурткасы калтага түшпөй ич жакта болгондо урук жолун бошотуп, жумуртканы калтага матап тигип коюу жолу менен ылдый түшүрүүчү операция).

ЛОХИЙ лохии (төөттөн кийин 3-6 жумага чейинки жатындан чыгуучу кан аралашкан былжыр суюктук жана өлүк клеткалар).

ЛОХИОМЕТРА лохиометра (төөттөн кийин жатындан чыгуучу суюктугунун көчүгип чыгышы. Ал температура көтөрүлүү, ичтин төмөн жагы ооруу менен коштолот).

ЛОХИОРЕЯ лохиорея (төөттөн кийинки жатындан чыгуучу суюктуктун көбүрөөк бөлүнүп чыгышы).

ЛУКАШЕВИЧА-ОБЕРСТ АНЕСТЕЗИЯ Лукашевич-Оберст анестезиясы (колдун бармактарына операция жасаш үчүн, аны жгут менен муунта таңып, андан төмөнүрөөк бармактын эки капталына новокаин эритмесин куюп жанын өлтүрүү, сездирбөө).

ЛУКИНА-ЛИБМАНА ПРИЗНАК Лукин-Либман белгиси (көздүн алдыңкы жапкычына кан куюлган учур. Ал жүректүн булчуңу сезгенгенде байкалат).

ЛУНДА ОПЕРАЦИЯ Лунд операциясы (буттун майпагын түздөш үчүн бакай сөөктү алып таштоочу операция).

ЛУЧЕВАЯ РЕАКЦИЯ нур реакциясы (иондук нур таасир берген учурда жана кийин организмде боло турган дарттык өзгөрүүлөрдүн жалпы абалы).

ЛУШКИ ВИЛКА Лушка айрысы (кабыргалардын алдыңкы бөлүгүнүн эки ачаланып, бөлүнүп кетиши).

ЛУШКИ-ПФАУНДЛЕРА ВАЛИКИ Лушка-Пфаундлер бөктөрмөсү (жаңыдан төрөлгөн баланын өзөрдинин ичинде туурасынан кеткен бөктөрмөсү былжырлуу бездөн өзөө чыгып турган жери. Ал баланын өзөрдү эмчек эмгенде эмчекке тыгыз капталып үчүн ыңгайланган).

ЛЬЮИСА ПРОБА Льюис баамдоосу (жаткан оорулууну отургузуп койгондон бир минуттан кийин буту көгөрүп кетсе, буттун тамырларындагы ички бети сезгенгендигинин далили болот).

ЛЮГОЛЯ РАСТВОР Люголь эритмеси (медициналык практикада кеңири колдонулуучу иод менен иоддуу калийдин кошулган эритмеси).

ЛЮДВИГА АНГИНА Людвиг ангинасы (ооздун ичиндеги жуткучтун жанындагы жана моюндагы боşпоң чарымга тараган ириң кабылдоо).

ЛЮЗИТ люзит (1918=жылы америкалык химик Льюиса тапкан эң уулуу зат. Бул айрыкча согуш убагында элди кыруу үчүн колдонулган).

ЛЮКА-ШАМПИОННЬЕРА МЕТОД Люка-Шампионнер методу (колу-бут сынганда,дайыма тарттыруу менен эрте зордоп кыймылдоону колдонуп, сыныкты дарылоо методу).

ЛЮКСАЦИЯ люксация (сөөктөрдүн муундан чыгып кетиши).

ЛЮМБАГО люмбаго (белдин омурткаларынын кошулган тушундагы чемирчектер сезгенчинен бел кырчоо кыймылдабай, кыймылдаса ооругандыкты сезүүсү).

ЛЮМБАЛГИЯ люмбалгия (бел кырчоодогу, сегиз кечүктөгү көпкө созулган катуу ооруу. Ал омурткалардын арасындагы нерв жипчелери сезген учурда байкалат).

ЛЮМБАЛЬНО люмбалдуу (бел кырчоо белдин тушуна байланыштуу бардык өзгөрүүлөр).

ЛЮМБОТОМИЯ люмботомия (ич челинин арткы жайгына челди жарбай эле жете турган хирургиялык операция).

ЛЮМИНАЛ люминал (адамды уктатуучу дарылардын бири).

ЛЮПОЗОРИЙ люпозорий (теринин туберкулез оорусун айыктыруугa атайын ылайыкталган дарылоо профилактикалык жай).

ЛЮПОМА люпома (көптөгөн туберкулездун майда бүдүрчөлөрүнөн турган күрөң кызыл түстөгү теринин туберкулезунун биринчи белгилери).

ЛЮПУС люпус (тери айрылып, анан бүткөндөн кийинки бырыктырыгы).

ЛЮПУС АРТРИТ люпус артрит (теринин туберкулез оорусунда манчалардын майда муундарынын көпчүлүгүнүн сезгениши).

ЛЮСТА СИМПТОМ Люста симптому (кичи жото жиликтин башын балка менен ургулап койгондо, бут өзүнөн-өзү эле сырт жакка бурулуп, тамандын өөдө кайкалап кетиши.Бул столбняк оорусунда байкалып калышы ыктымал).

ЛЮТЕОМА лютеома (аялдардын жумурткасына чыккан шишикте прогестерон жана эстроген гормондорун чыгаруу менен этеккиринин токтоп калуусу).

МААСА-КЕНИГИ СПОСОБ Маас-Кениг ыгы(төш сөөк менен жүрөктүн учунун орто ченин бир калыпта кысуу жолу менен жүрөккө сыртынан массаж жасоо жолу).

МАГАРШАКА МЕТОД Магаршак методу (сийдиктин кычкылдуулугун ага индикатор куюп, андан кийин гүсүн салыштыруу жолу менен өлчөө методу).

МАГНИТОТЕРАПИЯ магнитотерапия (оорулуунун денесине магниттин талаасы менен таасир берип, физиотерапиялык дарылоонун бир бөлүгү).

МАГРАССИ-ЛЕОНАРДИ СИНДРОМ Маграсси-Леонарди синдрому (жугуштардан, аллергиядан келип чыккан өпкөнүн бөлүгү бронх менен кошулуп сезгенгендеги эозинофил жана моноциттер көп болгон сезгенч оорусу).

МАДАРОЗ мадароз (көздүн кирпиктүү жапкычынын кирпиги түшүп, сезгенген оорусу).

МАДЕЛУНГА БОЛЕЗНЬ Маделунг оорусу (еспүрүмдөрдө байкалуучу каржылык сөөгүнүн өсүшү жетилбей кол ич жагына кайрылып, кар жилактин учу урчуюп чыгып турган учуру).

МАДЕЛУНГА ДЕФОРМАЦИЯ Маделунг деформациясы к. МАДЕЛУНГА БОЛЕЗНЬ

МАДЕЛУНГА ОПЕРАЦИЯ Маделунг операциясы (буттун урчуюп кеткен кан тамыр венасы бутту узунунан кесип алып таштоочу операция).

МАДЕЛУНГА СИНДРОМ Маделунг синдрому (моюнга өзүнөн-өзү эле белгисиз себептер менен май чогула берип кабейүп кеткен оору).

МАДУРОМИКОЗ мадуромикоз к.МАДУРОКАЯ СТОПА

МАДУРСКАЯ СТОПА Мадур таманы (мадуромикоз деген грибок менен буттун кетменин, таманынын ооруга чалдыгышы. Оору көпчүлүк учурда өнөкөт катары өтөт).

МАЖБИЦА ОПЕРАЦИЯ Мажбил операциясы (аялдардын сийдик чыгаруучу түтүгүнө шишик пайда болгондо заарасын токтото албаган аялдарга, табарсыктын мойнуна жана сийдик түтүгүнө тигиш салуу операциясы).

МАЗУРА МЕТОД Мазур методу (какырыктагы туберкулездун микробактериясын издеш үчүн ага күчсүз күкүрт кислотасынын эритмесин күп көбүк болгуча чайкап, центрефугга салуу жолу менен издөө).

МАЗУРЕНКО ВИРУС Мазуренко вирусу (чычкандарга тажрыйба жасаган учурда жасалма жол менен бат башталган лейкоз жана ретикулез оорусуна чалдыктыруучу вирус).

МАЗЬ ВИШНЕВСКОГО Вишневскийдин майы (ириндеген жараттарды дарылоочу ар түрдүү дарылардан турган май).

МАЙДЛЯ ОПЕРАЦИЯ Майдл операциясы (табарсыктын сийдик куюлуучу түтүгүнүн тегерегиндеги эти менен кошо сигма сымал жоон ичегиге көчүрүп алып барып жамап кокуучу операция).

МАЙЕРА ЛОЖНАЯ ГЕМОГЛОБИНУРИЯ Майер жалган гемоглобинурия (эритроциттер бейректун кан тамырынын ичинде жарылуудан сийдикте гемоглобин болуп, канда гемоглобиндин (жок болушу).

МАЙЕРА СПОСОБ Майер ыгы (кулак чыкый сөөгүнүн пирамидалдык бөлүгү тарабына рентгендик нур жиберип тарсылдактын кобулун толугу менен рентгендик сүретке түшүрүү жолу).

МАКАРА ОПЕРАЦИЯ Макар операциясы (уруктук жолдун ичине ыйлаак толгон шишик пайда болгондо, урук жолдун сыртқы кабыгынан аны курчаган жеңче кесап кое турган операция).

МАКАРИНИ-ОЛИВЫ МЕТОД Макарини-Олива методу (ич челдин артқы кобулуна аба жиберип туруп, уйку безди каптал жагынан кертилгендей рентгендик сүретке тартуу менен аны изилдөө).

МАК-БЕРНЕЯ ОПЕРАЦИЯ Мак-Бернея операциясы (ичке ичегинин боор-уйку без кецейиши деп аталган бөлүгүндөгү катуу нерселерди он эки али ичегини тилип алып ташгоочу операция).

МАК-БЕРНЕЯ РАЗРЕЗ Мак-Бернея тилүүсү (аппендицит оорусун операциялык жол менен айыктируу үчүн оң жамбаш сөөктүн алдынкы жогорку кырынан киндик жакка кеткен сызыктын сырты үчтөн бир бөлүгүнүн тушунан кесип операция жасоо).

МАК БЕРНЕЯ Мак-Бернея симптому (ичти басып көргөндө Мак-Бернея точкасында ооругандыкты сезүү. Ал айрыкча аппендицит оорусунда байкалат).

МАК-БЕРНЕЯ ТОЧКА Мак-Бернея точкасы (жамбаш сөөктүн алдыкы жогорку кырынан киндикке чейинки жүргүзүлгөн сызыктын үчтөн бир бөлүгүнүн сыртқы бөлүгү туштагы чекит автордун атында аталган).

МАК-БЕРНЕЯ-ВОЛКОВИЧА-ДЬЯКОНОВА РАЗРЕЗ Мак-Бернея-Волкович-Дьяконов кесими к. МАК БЕРНЕЯ РАЗРЕЗ

МАККАСА-ПЛАСТИЧЕСКАЯ ОПЕРАЦИЯ Маккас пластикалык операциясы (соокур ичегеден табарсык кысоочу операция).

МАК-КЕНЗИ СИМПТОМ Мак-Кензи симптому (ичтин ичинде сөзгенч пайда болгондо, ошол туштагы терининн ооругандыкты өзгөчө күчтүү сезиши).

МАК-КЕНЗИ СИНДРОМ Мак-Кензи синдрому (термактуу нервдин жипчелери же таңдын алдындагы нервдин ядросу дартка чалдыкканда, үн конусу, таңдай жана тил селейип, ага үн чыкпастык, кырылдап сүйлөө, тил кыймылга келбөөлөрдүн да кошулушу).

МАК-КЛЮРА-ОЛДРИЧА ПРОБА Мак-Клюр-Олдрич баамдоосу (хлорид натрийдин таза эритмесин териге сайу жолу менен ал жерде пайда болгон ийлаактын сиңип кетишинин убакытына жараша денеде суу жыналып шишип кеткендигин баамдоо).

МАКЛАКОВА ТОНОМЕТР Маклаков тонометри (көздүн ичиндеги басымды өлчөй турган прибор).

МАКРОГАМЕТА макрогамета (безгек митесинин ургаачы жыныстуусу).

МАКРОГЕЛЬМИНТОСКОПИЯ макрогельминтоскопия (заңды, сийдикти, какырыкты, кусундуну жана өлүктү сойгондо бардык органдарында гельминтер бар бекен деп карап көрүү).

МАКРОГЕМАТУРИЯ макрогематурия (сийдикте кандын пайда болушун жеңекей эле карап көрүү).

МАКРОГЕНИТОСОМИЯ макрогенитосомия (эрте өсүүнүн залдарынан балдардын денесинин жана жыныстык мүчелөрүнүн дагы өзгөчө өлчөмдө өсүшү).

МАКРОГЕНИЯ макрогения (алдынкы өзектин өзгөчө чоңоюп кетиши менен мүнөздөлгөн туура эмес өсүш).

МАКРОГИРИЯ макрогирия (мээнин бырларынын көлөмү чоңоюу менен алардын санынын да көмдиги).

МАКРОГЛОССИЯ макроглоссия (төрөлгөндөн же кийин тилдин чоңоюп кетиши).

МАКРОДАКТИЛИЯ макродактилия (колдун же буттун манчаларынын шишүү болушу).

МАКРОКАРДИЯ макрокардия (өтө чоң көлөмдөгү жүрөк. Бул термин-ди рентгенология илиминде колдонушат).

МАКРОКЕФАЛИЯ макрокефалия к. МАКРОЦЕФАЛИЯ

МАКРОМАСТИЯ макромастия (чоң эмчектүү, албарсты эмчектүү ара).

МАКРОМЕЛИЯ макромелия (колдун же буттун өтө эле узун болуп кетиши менен мүнөздөлгөн туура эмес өсүш).

МАКРОПОДИЯ макроподия (буттун өтө эле узундугу).

МАКРОПСИЯ макропсия (көз көргөн нерселер өз көлөмүнөн чоңураак көрүнгөндөй кабыл алынышы. Ал айрыкча мээ дартка чалдыкканда жана истерияда байкалат).

МАКРОСКОПИЯ макроскопия (адам бир нерсени лупа же микроскопсуз көрүүсү. Кадимки жеңекей көрүү).

МАКРОСОМИЯ макросомия (адамдын денесинин өтө чоң өсүшү б.а. олоурлуу, алп адам).

МАКРОСТОМИЯ алжак сөз (ооздун эни нормадан башкача кецири болушу).

МАКРОТОМИЯ макротомия (кулак калканчынын өтө чоң өлчөмдө болушу).

МАКРОМБОЦИТ макротромбоцит (нормадан 2-3 эсе чоң көлемдегү тромбицит. Ал кан уюу системасы бузулганда чучуктан чыгат).

МАКРОФАГ макрофаг (тыштан түшкөндөрдү курчап ала турган, мезенхима клеткасынан өсүп чыккан клетка).

МАКРОФАЛЛОС макрофаллос (өтө өзгөчө чоң жыныстык мүчө).

МАКРОФОНИЯ макрофония (кулагы каңырыш адамдардын үнүн катуу чыгарып сүйлөшү).

МАКРОХЕЙЛИЯ макрохейлия (эриндин өзгөчө чоңоюп кетиши. Ага бириктирүүчү ткандар көп жыйналганда байкалат).

МАКРОХЕЙРИЯ макрохейрия (колдун өзгөчө узун болушу).

МАКРОЦЕФАЛИЯ макроцефалия (чоң баш адам, баштын опсуз чоңоюшу).

МАКРОЦИТ макроцит (көлөмү чоң эритроцит).

МАКРОЭНЦЕФАЛИЯ макроэнцефалия (мээнин өтө чондугу).

МАКСИЛЛА максилла (үстүңкү жаак).

МАКСИЛЛИТ максиллит к. ГАЙМОРИТ

МАКУЛА макула (теридеги ар түрдүү көлөмдөгү темгил тактар).

МАКУЛИТ макулит (көздөгү сары тактын тегерегиндеги тор катмары менен тамырдуу катмарынын сезгенч оорусу).

МАКУЛОПАТИЯ макулопатия (көздөгү сары тактын ооруларынын жалпы аты).

МАКФАРЛЕНА СХЕМА макфарлен схема (кандын уюу системасын түшүндүрө турган схема).

МАЛАКОПЛАКИЯ малакоплакия (сийдик жолдорунун былжырдуу катмарына сары түстегү жалпак бүдүрчөлөр пайда болуу менен мүнөздөлгөн себеби белгисиз оору).

МАЛАКСАЦИЯ малаксация (дарыны тегерек топчудай формага келтирип ийлөө).

МАЛАХИТОВЫЙ ЗЕЛЕНЫЙ малахит жашыл (клеткалардын ядросун боёй турган боек).

МАЛЕРА ПРИЗНАК Малер белгиси (жаңы төрөгөн аялдын температурасы көтөрүлбөсө деле жүрөгүнүн кагышынын тездиги.. Бул вена тамырлар кээде сезгенген учурда байкалат).

МАЛЕРБА ЭПИТЕЛИОМА КОЖИ теринин Малерба эпителиомасы (теринин чириген эпидермиси каттанып катуулаган, клеткалуу реакция менен мүнөздөлгөн зыянсыз шишик оорусу).

МАЛИГНИЗАЦИЯ малигнизация жөнөкөй эле ткандын клеткалары зыяндуу шишик (рак) клеткаларына айланышы).

МАЛИГНИЗАЦИЯ ЛУЧЕВАЯ нурдан малигнизация (нурдан жабыркаган жерде зыяндуу шишиктин пайда болушу).

МАЛИГНУС малигнус (клетканын зыяндуу болуп өсүшү. Бул көбүнчө рак клеткаларынын өсүшүнө таандык).

МАЛЛИГЕНА ЗАЖИМ Маллиген кычкачы (вена тамырын учкай кысуу үчүн жасалган кычкач).

МАЛЛОРИ ВЕЙССА СИНДРОМ Маллори Вейсс синдрому (дайнма катуу куса берүүдөн ашказандын ички былжырлуу катмары жарылып ашказандын жогорку бөлүгүнөн кан агуу).

МАЛОБЕРЦОВАЯ КОСТЬ шийрак жилинчиги (шийрак сөөгү эки сөөктөн: анын кичирээги жилинчик, экинчиси жото жилик делинет).

МАЛОБЕРЦОВЫЕ ВЕНЫ жилинчик веналары (шийрак сөөктүн кичине жилинчик сөөгүнүн түшүндагы көк кан тамырлар).

МАЛОВОДИЕ каканагы аз (бала убакты жетилип төрөлгөндө, какадактан чыккан суу 500 миллилитрден аз болсо, аз суулуулукка жатат. Бул учурда ичтеги баланын да бир мандеми байкалат).

МАЛОКРОВИЕ аз кандуулук к. АНЕМИЯ

МАЛОУМИЕ кем акылдуулук к. ОЛИГОФРЕНИЯ

МАЛЫЙ КРУГ КРОВООБРАЩЕНИЯ кичи алкактагы кан айлануу (жүрөктүн оң жак карынчасынан башталып, жүрөктүн сол жак жогорку бөлүгүнө куюлган кан, кан тамырлардын жылышынын бөлүгү).

МАЛЫЙ СОСОЧЕК ДВЕНАДЦАТИПЕРСТНОЙ КИШКИ (он эки эли ичегинин кичи үрпү (он эки эли ичегинин былжырдуу катмарынын, уйку безинин кошумча өткөөлү ачыла турган дөмпөк жери, упчусу).

МАЛЫЙ ТАЗ жамбаштын кичине чарасы (жамбаш сөөгү бириги, ич жагынан кобулду пайда кылат. Кобул эки бөлүккө бөлүнүп, бирөө экинчисинен кенири. Кууш бөлүгү жамбаштын кичине чарасы делет).

МАЛЫШЕВА ОПЕРАЦИЯ Малышев операциясы (кетөн-чучук түшкөн учурда аны бешинчи бел омуртканын алдыңкы бетине лавсандан жасалган сызма менен бекитип коюучу операция).

МАЛЬГЕНЯ РАЗРЕЗ Мальген тилүүсү (колдун баш бармагын кесип таштоодо, бармактардын биринчи ортоңку жилгасынан арт жакка сөөмөйдүн негизги муунуна чейин тилүү).

МАЛЬГЕНЯ-ПАНАСА ОПЕРАЦИЯ Мальген-Панас операциясы (ичеги төшилгенде, сыртка чыгуучу өткөлүн бүтөш үчүн өткөөлдүн былжырдуу жаба булчуң катмарын ажыратып кесип :: таштайт дагы өткөөлдүн учуна эки кабат тигиш салуу операциясы).

МАЛЬТОЗА мальтоза (эки молекуладан турган глюкоза).

МАЛЬФОРМАЦИЯ мальформация (формасы туура эмес майып, кемтик).

МАЛЯРИЯЛЫК КОМАР безгек чиркейи (безгек оорусун тарата турган чиркей. Ал башка чиркейлерден айырмаланат).

МАЛЯРИЯЛЫК ПАРАЗИТ безгек митеси (кан денелеринин ичине жашоо менен катар, безгек оорусуна дуушар келтирүүчү мите жандык).

МАЛЯРИЯ безгек, безгек оорусу (митеден пайда болгон оору)

МАЛЯРИЯ ЛАВЕРАНИА лаверания безгеги (тропикалык безгек оорусун козголтуучу жандык).

МАЛЯРИЯ-ТЕРАПИЯ безгек дарылоо (безгекти жугузуш үчүн дененин бир жерин ысытуу жолу. Бул метод менен өтө күчтүү шал оорусун да дарылайт).

МАЛЮЦИЯ жумшоо (дененин бир жери чирүүден жумшашы).

МАММА мамма (аялдын эмчеги).

МАММОГРАФИЯ маммография (эмчек безин рентген нуру өтпөгөн зат бербей эле рентгендик сүретке тартып алуу).

МАММОФИЗИН маммофизин (уйдун эмчегинен сыгып алган жана гипофиз безинин артқы бөлүгүнөн кошулуп жасалган дары. Катындын булчуңу бир калыпта жыйрылып турушуна көмөктешет).

МАНГАНОКОНИОЗ марганокониоз (дайыма эле марганец чаңы бар абаны дем алуудан пайда болгон өпкөнүн пневмокониоз оорусу).

МАНГАНОТТИ ХЕЙЛИТ марганотти желке (эриңге чыгып айыкпаган жарат жер, желке).

МАНДЕЛЬШТАММА ОПЕРАЦИЯ Мандельштамм операциясы (жатындын түтүгү бүтөлүп калганда, аны жатындын жанындагы түбүнөн керте кесип, ичине көзөнөк жасап туруп, кайра тигип коюучу операция).

МАНДИБУЛА мандибула (алдыңкы эек).

МАНИОФОБИЯ маниофобия (психикалык жактан бузулам деп коркуу).

МАНИПУЛЯЦИЯ манипуляция (колдун чебер кыймылы. М.: Бала төрөттүүдөгү жана операция жасагандагы кыймыл-аракет).

МАНИЯ мания (психикалык ооруда байкалуучу оорулуунун мүнөзү. Көпчүлүк учурларда мактаанчактык мүнөздө сүйлөп, туруксуздук абалы).

МАЙНА МЕТОД Манна методу (клетканын курулушундагы өтө назик көрүнүштөрүн дааналоо үчүн аларды метилен жана эозин менен боо).

МАНРО МИКРОАБЦЕСС Манро микроабцесси (теринин төрөнүндө нейтрофилдик гранулоциттердин кыйналып оорушу).

МАНСОНЕЛЛЕЗ мансонеллез (мансенелла себепкер болгон кантыратып, аллергиялык темгилдер териде пайда болуп, муундар ооруп, канда эозинофилдер көбөйгөн мите оору. Алар түндүк жана борбордук Америкада жана Индияда кезигет).

МАНТУ ПРОБА Манту баамдоо (теринин терөнүнө туберкулин куюп, анын аллергиялык реакциясына жараша туберкулез оорусун аныктоо).

МАНЬЯНА СИМПТОМ Маньян симптому (кокаин менен ууланганда, терининн алдында майда бүдүрчөлөр бар деп же майда жандыктар кымылдап жатат деп жалган сезүү).

МАНЬЯНА ХРОНИЧЕСКИЙ БРЕД Маньян өнөкөт дөөрүүсү (дөөрүтчү психоз оорусу. Мында тынчсыздануу, анын артынан бирөөлөр түшүп алгандай добуш угулгандай болуп, мактангандык өкүм сүрөт).

МАРАЗМ маразм (карылыктан ал кетип, мүчөлөр кичирейип калышы).

МАРАЗМ СТАРЧЕСКИЙ карылык маразмы (маразмдын жетишине узак жашоонун себепкер болушу).

МАРВЕДЕЛЯ РАЗРЕЗ Марведел кесиш (ашказандын жогорку бөлүгүнө жана кызыл өңгөчтүн уч жак бөлүгүнө жетиш үчүн сол жак сүбөнүн учун тилип, эки уч кабырганын чемирчегин кошо тилүү жолу менен аларга жетүүчү операция).

МАРВЕДЕЛЯ-ВЕНДЕЛЯ КАРДИОПЛАСТИКА Марведел-Вендал кардиопластика (ашказандын жогорку бөлүгү өтө эле карыша беришинде ал бөлүктү узунунан шара тилип, туурасынан тигип коюучу операция).

МАРЕОТИТ мареотит (сууга түшкөндө, сууга секирүү спортунда байкалуучу суу себепкер болгон кулактын оорусу).

МАРИ СИМПТОМ Мари симптому (адамда колу-буту шалкылдоо башталаар алдындагы көз жапкычынын анда санда ирмеп калышы).

МАРИ-БАМБЕРГА СИНДРОМ Мари-Бамберг синдрому (жумуру узун сөөктөрдүн склероз болуп калыңдашы, бармактардын учунун кеңейиши. Булар көбүнчө ички мүчөлөрдүн өнөкөт орусунда байкалат).

МАРИ-БОВЕРИ БОЛЕЗНЬ Мари-Бовери оорусу (бир үй-бүлөнүн бардыгында байкалуучу нерв тамырларынын жоонюп оорушу. Бул оору укумдан-тукумга көчөт).

МАРИ-ГИЙЕНА СИМПТОМ Мари-Гийен симптому (колдун манчаларынын биринчи экинчиси бир аз, калгандары толугу менен бүгүлүп калышы. Жүлүн дартка чалдыкканда булчуңдар кургап калууда байкалат).

МАРИ-ЛЕРИ СИНДРОМ Мари-Лери синдрому к. АКРОМЕГАЛИЯ

МАРИН-АМАТА СИНДРОМ Марин-Амат синдрому (бет нервинин сезгенчи айнгаар алдында оозду ачканда жана чайнаганда көздүн жабылып калышы).

МАРИНЕСКУ-ГИРШБЕРГА СИМПТОМ Маринеску-Гиршберг симптому (тамандын ички жээгин бир нерсе менен сызып өтсө, тамандын ич жагына кайрылып кайкалоосу. Бул жүлүндүн пирамид жолу бузулганда байкалат).

МАРИНЕСКУ-ШЕГРЕНА СИНДРОМ Маринеску-Шегрена синдрому (каракуштун функциясы бузулуу менен кадамдоо да бузулуп, чечекей бозоруп жана кем акылдуулук кошулган тукум куучу оору).

МАРИНЕСКУ-ШЕГРЕНА-ГАРЛЕНДА СИНДРОМ МАРИНЕСКУ-Шегрен-Гарленд синдрому к. МАРИНЕСКУ ШЕГРЕНА СИНДРОМ

МАРИОНА БОЛЕЗНЬ Марион оорусу (туулгандан эле табарсыктын моюну калың болуудан күч менен заара кылуу).

МАРИОНА ОПЕРАЦИЯ Марион операциясы (марион оорусунда табарсыктын моюнчасынын тушундагы жалтырак чел менен булчуң катмарын шара тилип коюучу операция).

МАРИОНА СИМПТОМ Марион симптому (табарсыкты карап көргөндө ашын үч бурчтук тушунда моюнча көтөрүңкү болуу менен сийдик куюлуучу тешикке, туш келиши. Ал өзгөчө эркектерд.л жыныстык бези шишигенде байкалат).

МАРИОНА-ХОЛЬЦОВА ОПЕРАЦИЯ Марион-Хольцев операциясы (сийдик чыгаруучу түтүктүн куйрук бөлүгүндө тырык пайда болуудан ичкерген жерин кесип алып таштап, эки учун улап коюучу операция).

МАРКЕЗАНИ СИНДРОМ Маркезани синдрому (бою пас, чечекейи кичирейип, колу-буту өсүп жетиле албаган тукум куучу оору).

МАРКОВА СИМПТОМ Марков симптому (борбордук шал оорусунда буттун шал болгон жакы санын же шыйрак тушун какыласа буттун бармактарынын бүгүлүшү).

МАРКСА СИМПТОМ Маркс симптому (жаңы төрөлгөн баланын бутун тизеден жана жамбаштын аштоосунан бүгүп сыртына бир аз кайрыса, жамбаш муунунан кыро деген дабыштын угулушу. Бул баланын буту төрөлгөндөн эле муундан чыгып жетишин далилдейт).

МАРКСЕРА ОПЕРАЦИЯ Марксер операциясы (акырек сөөктүн төш сөөгүнө бириккен учунан чыгып кеткенде, сандын жайык чарымынан сызмадай кесип келип, сөөктөрдүн эки башындагы жасалган тешикке ички байламта жасоо менен бекитүү).

МАРРИ ОПЕРАЦИЯ Марри операциясы (жүрөктүн кан тамыры жүрөктү кан менен камсыз кыла албай турган учурунда, ага кан тамырдуу эт кечүрүп келип жамоочу операция).

МАРТЕДЖАНИ ОБЛАСТЬ Мартеджани область (көрүү нервинин дискасы менен айнек сымал дененин артынын ортосундагы жайык. Айнек сымал каналдын башталган жери).

МАРТИНА ОПЕРАЦИЯ Мартин операциясы (сийдик кыкылуучу түтүктү ичегиге жалгаштырып тигип, учуна ичтегилер кирип кетпегидей бүйрүме жасап коюучу операция).

МАРТИНА САЛЬПИНГОСТОМИЯ Мартин сальпингостомиясы (жатындын түтүгү бүтүп калганда, ич чел жактагы көөп калган жерин тилип ич жактагы чарымга антара тигип коюу менен өткөөлдү калыбына келтирүү операциясы).

МАРТОРЕЛЯ СИНДРОМ Марторел синдрому (гипертония оорулуулардда артериол тамырлардын ичи бүтүп калуусунда байкалуучу шыйрактын төмөнкү бөлүгүнүн алдындагы жарасы. Булар көбүнчө аялдарда кезигет).

МАРТЫНОВА ГРЫЖЕСЕЧЕНИЕ Мартынов кирич жаруусу к. МАРТЫНОВА ОПЕРАЦИЯ

МАРТЫНОВА ОПЕРАЦИЯ Мартынов операциясы (чурайдын кыйшык киричинде чурайдын каналынын алдыңкы бетин бекемдеш үчүн ичтин сырткы кыйшык булчуңунун чарымын чурай байламтасына матап тигип коюу. Чарымдын төмөнкү бөлүгүн анын үстүнө жаба тигүү).

МАРТЫНОВА-РОВСИНГ СИМПТОМ Мартынов-Ровсинг симптому (така сымал бөйрөктүн ичкерген тушу аортанын нервдик чачылышкан жерин кысуудан ич ооругандыкты сезүү).

МАРФАНА ПРОКОЛ ПЕРИКАРДА жүрөк капты Марфанча сакоо (жүрөк капка суу толуп кеткен учурда төштүн сүбөсүнүн алдынан ийне сайып тарттырып алуу операциясы).

МАРФАНА СИМПТОМ Марфан симптому (ич келте оорусунда оорулуунун тилинин учунда үч бурч жеринин кызарып турушу).

МАРША МЕТОД Марш методу (сот медицинасында мышыкты аныктоо үчүн жүргүзүлгөн татаал реакция)

МАРША-ЛИБИХА-БЕРЦЕЛИУСА МЕТОД Марш-Либих-Берцелиус методу к. МАРША МЕТОД

МАРШАЛЛА-МАРЧЕТТИ ОПЕРАЦИЯ Маршалл-Марчетти операциясы (аялдардын заарасын кармай албай калган оорусунда, заара чыгаруучу түтүгүн жамбаш сөөктүн алдыңкы бетине, ичтин түз булчуңунун жука чарымынан тилке тигип алып капшыра тигип коюучу операция).